Жусуп Баласагын

# КУТТУУ БИЛИМ

*Туулганынын 975 жылдыгына арналат*

**Жусуп Баласагын**

# КУТТУУ БИЛИМ

**дастан**

Москва
«НИК»
1993

ББК 84 О 4
Б 20

Байыркы түрк тилинен которгон — *Т. Козубеков*
Сүрөтчүсү — *А. Акматов*

Б 20 Куттуу билим: Дастан /Байыркы түрк тилинен котор. Т. Козубеков; Сүрөтчүсү А. Акматов. М., 1993.— 496 б.: сүр.

ISBN 5-839-80109-7

Мындан тогуз кылым мурда жазылган «Куттуу билимдин» өзөгүн төрт негиз түзөт. «Куттуу билимден» таалим алгандар адамзаттын асыл дүйнө сүнө жакшылыктын үрөнүн өндүрөт.

ББК 84 (О)4
Б 20

ISBN 5-839-80109-7 © «НИК» фирмасы, 1993.



## КУТ БЕЛГИСИ БИЛИК

Бирди билген — тирик,
Миңди билген — билик.
Эл макалы

1919-жылдын эрте жазы.

Топон аралашкан ылай уютуп, андан момо-томолок жасап дубал уруп жаткан кишилерге акылдуу көздөрү кыбыңдай карап, ойлуу олтурган Жыгаччы Сатай аке:

Бирди билген — тирик,

Миңди билген — билик,— дечү экен байыркылар. Эзелки боз үйүбүздүн ордуна эми минтип там үй курганыңар жаңылык дегенде, кудай акы «тирик» менен «биликтин» маанисин ал жолу мен туюна алган эмесмин. Адатымча момурай түшүп: Ии, байыркылар бизден башкача айтышчу экен го деп ойлопмун.

Көрсө, бирди билген — тирик — алдындагы ашка каниет кылып, айтканды өтөгөн жөн эле киши экен. Миңди билген — билик — калк басып өткөн өмүрлөргө даана ой жүгүртүп, ар заманда албан түрдүү бай, мазмуну терең окуяларга катышып, өз тажрыйбасын, соңкуларга үлгү даанышман сөзмөрлөрдүн айткандарын, көрөгөч көсөмдөрдүн билгилигин, өтөгөн жакшы иштерин, эр жүрөк эрен колбашчылардын жортуулда, айкашта, эл-жерди коргоодогу эрдик ыкмаларын көрөгөчтүгүн, айкөлдүгүн, чебер устаттардын, зергерлердин, ажалга айла тапкан табыптардын эмин коюңуз, деги адамдагы бардык билгиликти, дурус касиеттерди таалим кылып, жаман терс иштерден сактануу менен алдыңкы басаар жолго жарык берээр кутту, илим-билимдин касиеттүү шам-чырагын өзүнө жол көрсөтөр жобо туткан адам-билик. Ал куттуу илим-билимге ээ экен.

Сиңээр жерге суу төк,
Иштээр кишиге кеп айт.
Жакшынын сөзү көзүңдү ачат,
Жамандын сөзүнөн кутуң качат.

Ушул накыл сөздөрдү энемден эшиткенимде: Ии, бардык жакшылык, илим-билим куттуулукта болот тура. Кут качканы — бактысыздык экен го, деген ой эс тарткан сайын жадымдан чыкпады. Кут касиети кеп-сөздө, илим-билимде деген ишенимге биротоло ынанган сайын сөзмөр адамдар жай олтурган маекте жандуу кепсөздү шурудай чубуртуп, албан-албан окуяларды көз алдыга келтире сүрөттөгөндө сөз күчү небаккы өткөн өмүр-тарыхты кадимкидей көз алдыга элестетчү болду.

Адилет атка мингизет.
Ач көздүк көргө киргизет.
Ырыс, дөөлөт — төрдө ойногон эгиз уул.
Касиет карын тойгузат.
Анан касиеттүү чапан жабат.

Биздин ата-бабалар дал ушундай куттуу, касиеттүү сөздөрдөн тарбияланып, таалим алганды, ал жагымдуу жана таасирдүү таалимдин жибек учугу урпактан урпакка уланып, биздин күнгө жеткендигине окуучум, мына бүгүн өзүң окуп жаткан акылман акын бабабыз Жусуп Баласагындын: «Куттуу билим» дастаны айкын күбө!

Мындан тогуз кылым мурда жаралган бул дастандын автору Жусуп Баласагын өзү аныктагандай: Төрт өзөк бул китепти түзгөн негиз:

1. Адилет — Күнтууду өкүм бийликти ак өтөөгө милдеттүү, ак жолду жаза баспас адил, өкүмдар аким ысмы.

2. Айтолду — өкүмдар акимге ырыс, дөөлөт берээр башкы вазир ысмы.

3. Акдилмиш — ак караны айра билген, дили ак таза адам.

4. Өткүрмүш — байлыкка, мансапка кызыкпас, кумарга алданбас каниет ысмы.

Ар күнү агарып аткан таң менен бирге Ааламга айныбай нурун сепкен Күн сымак адам рухундагы адилдикти, асылдыкты, тазалыкты, касиетти, дегеле адамды өзүнө да, урпагына да, жан-жаныбарга, жерге, сууга жаратылыш энчилеген шыбагасына, кубулуштарына болгон адамдык асыл мамилелер айкөлдүк, билгичтик жолунда бийик болушун уламдан улам таасын баяндай келип, илим-билимдин миң бир карымын айтылмыш төрт өзөктүн тунук башаты: Кут — куттуулукта жатканын баяндаган бул «Куттуу билик» — «Куттуу билим» китебин жараткан Жусуп Баласагын өзү: «Түрк сөзүнүн көркүнө нак тунарсың...» деп эскертүү менен эл-журтка кайрылды:

Эске тут, бул китепти жазып койгон,
Атактуу сыпаа сөзмөр адам болгон.
«Күзөрдө» анын туулуп өскөн жери,
Жатык тил, учкул сөздүү туугап эли.

Бул азиз китеп — билик терeңдик негизинде билим деңизи болуп берсе каниет деген акын тилегине, бүгүн мына тогуз кылым күбө болуп отурат.

Ошол тогуз кылым мурда эле бул асыл китепти акылдуу туюнуп баалар, Куттуу биликтен таалим алгандар өз рухуна, өзүнүн адамдык асыл дүйнөсүнө жакшылыктын үрөөнүн өндүрөр. Караңгылыктын туткунунда камалып, кут билимин туюна албагандар өз рухун, ички асыл дүйнөсүн кеңите албай, жарды бойдон калтыраар. Малга, дүнүйөгө жардылык кемтик эмес, рухий жардылык адам баласын пас, шордууга айлантып, катардан калтыраар, деген Жусуп Баласагын баамы да ошол өзүнө чейинки оозеки түрүндө адам рухуна жугум күч, жан азыгы, дилге уюп, кишини жакшылыкка чакырган сөз көркүнүн дааналыгына даанышман акынды ынангандыгы болучу.

Баса, адамдын адамдык асыл касиетин бөпөлөп көрктөп, анын ой сезимин ойготуп, аны улам өрдөтүп байытып, жаңы сапатты алдына тартуулаган эң таасирдүү куралы — анын өз тили. Өз тилине кам көрүп, аны байытып, улам өнүктүрүп турган адам жагымдуу ширин сөздү таруудай чубуртуп өз оюн, уккан-билгендерин угумдуу жагымдуу айткан адам, мейли, деле сырт кейпи көзгө толумдуу болбосо да акылга акыл ширеп, дилди жибиткен кеп-сөзү аны төрдө олтурган акылман; билги адам катары көтөрөөрү бышык.

Сырт келбети келишкен адамдын кеби жагымсыз, тантык, айткан ою тайкы болсо, ал — тек, жандуу дарактай көркү кызыктырса кызыктыраар. Бирок, акыл-ою ачылбай туңгуюкка кептелээр. Шаксыз дарак жемишсиз болгондой — Руху өнүкпөгөн адамда чыныгы адамдык касиет, сапат болбос. Ал өзүнө да, башкага да жакшылыгы ченемдүү экендигин «Куттуу билимдин» каармандары: бири-чынчылдык, акыйкат, айкөлдүктүн; бири — акыл, апрасат, кара кылды как жарган бийликтин; бири — кут, ырыс, дөөлөттүн; бири — сабыр, ынсап, канагаттын касиетин айкын ачкан сөз образдарынан көрүңүздөр!

Караңгыга жарык чачкан сөз касиети,
Чөлдөгөндүн суусунун кандырган да сөз кубаты.
Өлгөндү тирилткен да сөз таасири, сөз күчү!

Эмесе, Сөз курган имарат — бардык имараттардын жарыгы, таасирдүүсү, өлбөсү тура!

Акылман хан менен бектин, аларды тоюндурган ашпозчунун, баатыр жол башчы менен катардагы жоокердин, дегеле дыйкан менен малчынын, өнөрман менен соодагердин, сугатчы менен суу, багбан менен жемиш дарагына чейин эрди-катын, ата-баланын мамилелерине чейин, адеп-ахлактын ар бир тамырын, үлгүсүн, таалимин, таасирин; коомдук түзүлүштүн мийзамын, тартип эрежесинин калк аралык мамилелерин, ал тургай кайсы чөйрөдө тамак-ашты ичишти, адам өз боюн кандай алып жүрүштү — бакылдап сүйлөбөй какырынып-түкүрүнбөскө чейин насаат айтып, адептүүлүктүн жибек учугун ынандырганга чейин баяндаган соң Жусуп Баласагын «Куттуу билимин» бийликтин бийлигине тартуулады.

Ошентип, сөз касиети ачылды. Сөз күчү баш бийликти жибитти, ынындырды.

Даанышман акын өзү айткандай ак иш, ак-адил бааланды.

Баш бийлик тарабынан Жусуп Баласагынга Хасс хажиб наамы берилди. Акын Сарайдын баш акылчысы болуп калды.

Азаматты эки нерсе багыттайт —
Адал сөзү, ак эмгеги карытпайт.

Адам өлсө — сөзү калат артында,
Жакшы атагы унутулбайт калкында.

Түбөлүккө өлбөйм десең сен эгер,
Ачык сүйлөп, ак ишиңди улай бер.

Ошо ар заманда ачык сүйлөп, ак иш өтөгөн бабалардын таалимин улай келип, Жусуп Баласагын өз сөзүн айтты:

Акылман өкүмдарлар баары баштан,
Элине адил мийзам тартуулаган.

Акылчы акындан ушундай акыл алып, адөөлөттүк менен калк камын көргөн айкөл башкаруучу ак өтөр мүдөөсүн жүзөгө ашырып, акыйкаттыкты дайыма өнүктүрүп турганда калайык марыды. Өкүмпастыктын уругу сынды. Зордук-зомбулук тыйылды. Муң бөксөрдү. Калайыктын көңүлү көтөрүлүп, күлкүсү чыкты. Калк казаны толо кайнап, журт дасторкону кешиктүү болду. Жетим-жесирдин, кедей-кембагалдын ырысын кескен жокчулуктун учугу кыскарды.

Чечими адил, өзү айкөл, билги бектин калк алдында жүзү жарык, иши үлгү, буйругу ак болду. Даңкы алыска жетти. Улустун абасы бийиктеп, кыйыры тынч, эли кубанды.

Кут илиминде айтылгандай: «Эрдин тилегин эли тиледи. Элдин тилегин эри тиледи». Баш бийлик жамагаттын камын жалпы көрдү. Мээрим бакты бизге да тиер. Ынтымак бар элде ырыс да бар, деп калайык ошо дөөлөт бийликке ынады.

Ак, адил иштин алдында ою арам, дили каранын тизеси бүгүлдү. Кылычы кыйрады. Жакшылыкты көрө албас арамдыгы күч бузуку кишилердин өз башына кайгынын кара казаны көмкөрүлдү.

Адөөлөт бийликтин өстөнү кенендеди. Агыны мол мөлтүр суу тереңдеди. Өрүшү жашарды. Жайыты оттуу, малы семиз, өркөнү өстү. Бул учурду Жусуп мындайча сүрөттөдү:

Аалам көрдү, куту ташып көктөдү,
Козу, улакка бирге өрүдү көк бөрү.

Адилет, айкөл бийликке ак кызмат өтөгөн ырыс, дөөлөттүн ысмы Айтолду айныбай ак жолдо бийиктеген сайын, толгон Ай жер жүзүнө нурун сепкендей, адилеттиктин тамырын жайылтуу тилегинде Айтолду бийиктен караган нурдуу көркүнө жараша күмүш шыңгырындай угумдуу кеп-сөзү бийликке акыл кошту. Ак, адил ишке аны чакырды. Адилет Күнтууду Айтолдудай ак дил, акылманга ыраазы болуу менен адил бийликти жүргүзүш үчүн өз билгендерине чектелип калбастан, илим-билимдин миң бир учугун алымсабак улашты.

Бири күндүз нур мээримин, бири түндө ак жарыгын Ааламга серпкен Күн менен Айдын касиетине жуурулушкандай асыл жана эң таза ыйык максаттары алдыда турган замандар бою адам баласы

Жерден да, Көктөн да тилеп жете албай келаткан адилдик, акыйкат, ырыс, дөөлөт, каниеттикке жеткизээр илим-билим булагын табуучу алтын учукту улагандыктан, «Миңди билген-билик» деген байыркы макалды Айтолду өзүнө сабак кыла алдыбы? Не Айтолдунун акылман сабагы калкыбызда оздон оозго айтылып бизге жеттиби? Таң. Неси болсо да көпкө үлгү бул баба сөзүн «Куттуу билик» сабагы да, адилеттиктин учугун бизге жеткирген оозеки маалымат да эриш-аркак, мазмундаш болуп бизге жеткени чоң кубаныч, кымбат мурас.

Баса, пейлин тарытаар ар кандай залалдуу, кумарлуу терс жаман иштерди, адамдагы пас сапатты, орой кыял-жорукту, жалпы жарык ишке зыян келтирип көлөкө түшүрөөр нарксыз жорук-жосунду, өтрүктү, алдамчылыкты, көз кызарткан ач көздүктү, кара таруу айланбас ичи тардыкты, эки жүздүүлүктү, жутунган озбурлукту, мансапкордукту, чектелген наадандыкты коюңуз. Деле жалпы эле жаратылыштын ченеминен чыккан салакалуу көрүнүштөрдөн адамдын ички дүйнөсү тазарганда гана ал, өзүнүн Адам атаган бийик ысмын таза сактаарын, адилеттикке, ырыс-дөөлөткө, каниетке кенен жол ачаарын, ага өзү шериктеш, насиптеш болоорун — бардык асыл иштерди жараткыч катары адамдын ээлей турган орду бийикте экендигин «Куттуу билик» мындай дейт.

Акыл кайда болсо — улуулук толоор,
Билим кимде болсо — билик болоор.

Акылы болсо, пайдасын эл көп көрөөр,
Билим билсе, азиз тириликти өткөрөөр.

Адамдагы бийиктик, касиет биликте болоорун кут китеби айткандай, элибиз оозеки сактап келаткан: «Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат» деген накылдардын өзөгү бир.

Төрдөн орун тийген болсо нааданга
Улагада калганыңа арданба.

А акылман улагада болсо эгер,
Анда улага ардактуу деп биле бер.

Көрсө, кут бийиктикте, не пастыкта эмес, ал жакшылыктын бардык тармагын камтыган даана касиет-адилдик, айкөлдүк, чындык, ырыс, дөөлөт, ынсап, каниеттин башатынан жаралгандыктан-Куттуу адам — акылман, боорукер, кечиримдүү, айкөл, ак дилдүү, бактылуу.

Куттуу үй — жарык, жылуу, ырыс-кешиктүү. Ата-эне күлүп жыргап, уул-кыз ойноп — ирегеден төрүнө чейин кут толо берекелүү.

Куттуу улус — беги адил, эли тынч, ынтымактуу. Асабасы бийиктеп, эли ишмер, бүйрө, билги, өнөрман. Кыйыры чеп.

Куттуу Жер-суу — күнү мээлүн, абасы серүүн, суусу тунук, өрүшү менен айдоосу түшүмдүү, ой-тоосу гүлзардуу. Зоосунда улары ышкырып, тоо — түзүндө токою жыш. Кайберени малга аралаш жайылып, жан-жаныбарга ырыстуу!

Замандар бою калкыбыз куттуу — куттуулукту ушундай даңазалап, ар дайым жакшылыкты тилеген адам баласынын көксөгөнү

ушул бардык жакшылыктын уюткусу — кут касиетин көз алдыга ушундай элестетти. Өз турагы, жер-суусу, өзү куттуу болуш үчүн жамандыктан оолактады. Жакшылыкты даңазалады. Куттуу билимди көксөдү.

Бардык жакшылыктын уюткусун асыроо кыйын экендигин Жусуп Баласагын өз дастанында мындайча эскерди:

Кары сөзүн айтылган капка сакта,
Кары сөзү алтын да сырын ачса.

Кут бир келет — бакпасаң кетип калат,
Бак — бир конот, үйлөсөң өчүп калат.

Не деген накыл, көрсө бабалар калтырган акыл-насааттын кут илими катары бизге жеткенин көрүңүздөр. Ушундан улам: «Бактысыздан кут качат», «Жашында мээнет, карыганда дөөлөт», «Куттуу үйдө шам жанат», «Кут илимге эшик ачат» деген накыл сөздөр жаралып отурат.

Күнү бүгүн эл оозунда айтылган макал-лакаптардын бул түрмөгү да дал ушул «Куттуу билик» менен сабакташтыгы абзел иш. Демек, калкыбыздын баамында кут образы жандуу, касиеттүү.

Аны асырай алсаң токтойт, анте албасаң кетип калат. Албетте адамда жетилбегендик — кут качыраар кырсыгы, кемтиги кыйла болгондуктан, ал касиеттүү куттуулукту өзүнө токтотуп калтыруу үчүн албан сабак кут сөздөрдү өзү айтты. Ага өзү ынады: «Алыбай акенин түндүгүнөн кут түшүптүр. Жылкысы миңге жетти», «Бир замандан Коро-Карагайдын төрүнө кут түшкөн экен. Не ууру албай, не бөрү чаппай, ал төрдөгү мал аман багылат», «Санчы акенин этегине кут түшкөн экен. Кайда тизгин кармаса, сапары оң. Канга, бекке, кара калкка айтканы эм болуптур».

Жусуп Баласагын соңку урпактарга түбөлүк белек катары арнаган өлбөс дастанын «Куттуу билим» деп тагаиы да түрк калкынын ишениминдеги бардык жакшылыктын жышаанасы ушул КУТ — Куттуулуктун сыйкыры, даарышы, касиети аны ынандырды. Неге дегенде, бул — бийик жышаана, деле калктын байыркыдан бери жалпы эле калайыктын дилине уюп калган бардык жакшылыктын сыпаты. Айрыкча өмүр-тиричилиги жаратылыш менен ар тараптан кеңири түрдө эриш-аркак өткөн көчмөн каблалардын, калктардын баамындагы жандуу сөз сыпаты.

Махмуд Кашкари түрк тилин кенен изилдеп, бул узакка жашай турган тилди ошол мезгилдеги түрк каблаларынын кимиси канчалык нак сүйлөөрүн иликтеп келип: уйгур, татар, йябаку, кай, басмыл башкур, булгар, субар ж. б. түркчө да сүйлөшөөрүн, өздөрүнчө да сөзү, диалектиси бар экендигин белгилейт.

Ал эми өзүнүн «Түрк сөздөрү жыйнагында» накта түрк тилинде сүйлөгөн: кыргыз, кыпчак, огуз, тукси, йагма, чигил, йарук каблалары экендигин жазган.

Аталган калктардын бул мезгилде кыргыздан башкалары өздүк атын жоюп коюшту. Алар не азыркы казак, өзбек, кыргыз, түркмөн, түрк сыяктуу түрк калктарына сиңди. Айрымдары тарыхый ааламат кесепетинен кыргын табышты.

Ошентсе да, бул кездери аталбай калган калктардын кийинки муундарга калтырышкан рухий мурастары азыркы учурда жашап жатат. Неге дегенде, жадаса таштан курулган мунара кыйраса кыйрайт, насили сөз жараткан мунара — ошол көркөм, касиеттүү түрүндө сакталып, жалпы, калайыкка сиңип, доор сүрө берет!

Эмесе акылман акын Жусуп Баласагын, чоң тилчи окумуштуу Махмуд Кашкари, деле Орхон-Энесай, Талас жазмалары сыяктуу бабалардан калган мурастарга деле азыркы мезгилде аттары аталбай калган каблалардын ортоктош экендигин айта кеткенибиз абзел.

Эгерде чыгаан тилчи — окумуштуу Махмуд Кашкари өзү айткандай, Урумдан чин аралыгындагы түрк каблаларын кеңири зерикпей аралап, бардык ана калктарынын уруу-урууларына чейин үрп-адатын, нарк-салтын, ырым жөрөлгөсүн, тилин кеңири изилдеп, кылдат баамдап, өзү айткандай, ошол түрк тилинин чыгаан билгиси, ар бир сөздүн жибек учугуна чейин так билген «найзачанынан» экендигине карабастан, ар бир кеп-сөздөгү көмүскө, тунгуюк туюнмаларын ачып, соңкуларга маданий мурас болсун деген ак тилекте «Девонун сөздүгүн» жараткан болсо, даанышман акын Жусуп Баласагын «Кут билимин» окуганыңда түрк тилинин көркүнө нак тунаарсың деп ынандырды, окурманды.

Түрк тилчиси Р. Р. Араtанын (1900-1964) эсебинде «Куттуу билим» дастанын аяктаганда анын автору элүү төрт жашта экени анык болсо, Жусуп 1015-1016-жылдары дүйнөгө келген. Түрктүн экинчи бир тилчиси Дилачар, Жусуп 1018-жылы төрөлгөнүн айтат.

Неси болсо да хижра боюнча 462-жыл — биздин доор боюнча 1069-1070-жылдары өзүнүн «Куттуу билик» дастанын жараткан даанышман акын Жусуп Баласагын сары өзөн Чүй жазыгынын алкымы, Чүй дайрасынын боюна жайгашкан байыркы Токмок калаасынын түштүк-батышыраак тарабындагы — азыркы Бурана аталган — Баласагын калаасынын перзенти.

Учурунда Бухарадан кенен жерди ээлеген көркөм имараттуу, бийик мунаралуу, мечит-медреселүү, сепилдүү, гүлдөгөн Баласагын калаасында төрөлгөн Жусуптун балалык чагы, жигиттик курагы калкы негизинен түрк жана согду тилдеринде сүйлөп, өз заманында рухий маданияты менен өнүккөн чөйрөдө өскөнү, жаратылышы кооз аймакты жердеп, сөз өнөрүн өнүктүрүп, сөз чеберчилигин кеңири изилдеп, жатка окулган улуу сөз сабактарын кулакка куя канык баамдап, жедеп бышып-жетилген кезде колго алгандыгына өзүнүн «Куттуу билимин» он сегиз айда жаратканы күбө.

Кантсе да, байыркыдан оозеки жат окулган дастандар, икаялар, накыл сөз, макал-лакаптар Жусуп акындын ихламын чакырганы байкалат. Чытырман токойдогу отун — отунчунун аяк астында белен жаткан сыяктуу, калк рухунун казнасында кылымдап сакталган сөз куту акындын дилин тынчытпастан шыгын ойготкондугу, кемеңгерлигин тереңдетип, чеберлигин жетилткендигин анын дастаны күнү бүгүнкүдөй баяндайт.

Балким жашынан китептен таалим-тарбия алган адам, мейли ал сергек окумуштуу болсун, мүмкүн биздин бул баамыбызга ынанбас,

жазма адабияттан таалим алмайынча чеберчиликке жетүү, көркөм өнүгүү, жетилүү кыйын, чыгарма жазма адабияттын таасирисиз өнүкпөйт, деп айтаар.

Албетте, жазма адабияттын таалимисиз чыгарма жалаң кабат. Ал чын. Бирок талантты эргиткен жандуу сөз өзүнүн тубаса касиети аркылуу чыгармадагы ал жалаңкабаттыкты жетилтип коерун биз, ушул сөз болуп жаткан дастандан тогуз кылымдан кийин кандайдыр бир деңгээлде ошол өткөн заманга үндөш тажрыйбаны өз башыбыздан кечиргенибизден улам, баарыдан мурда кеп тубаса талантта жана ал таланттуу акындын адам жанынын дүйнөсүн бардык жагынан кеңири көрүшүндө. Тек, билип-көрүп тим калбастан, сөз казынасына ушунчалык берилип үйрөнүп, ак чабак сууда сүзгөндөй, ар бир кеп-сөздү кооз имараттын жандуу куралы катары өз-өз ордуна кое билгенде анын чеберчилиги өзүнөн өзү өнүгөөрүн, чыгармачылык деми улам артыла бергенин күбө тартабыз.

Дегеле жазма адабияттын башаты ага дем берип, көркөмдүк касиетин жетилтип, аны түбөлүккө түптөөр куралы да ошол — кадимки жандуу сөз — элдеги куттуу билимде.

Эмесе ошол элдеги куттуу билимдин эркин калпып, таза жоруптап кырман толо дан кызылын сузган дыйкандай, оозеки айтылган, накыл сөз баяндаган кеменгердик кызылын чебер өздөштүрүп, талантты эргип-толкуп иштегендиктен «Куттуу билик» дастанын Жусуп Баласагын тез жаратты. Элдин рухий дүйнөсүнө ширешкендиктен, акындын бул куттуу чыгармасы кылымдарды карытты, бизге жана урпактарга кут берген мурас болуп калды.

Ошондой эле акындын замандашы, аймакташ жерде төрөлгөн түрк элинин кулуну, алгачкы тилчи окумуштуу Махмуд Кашкари илими жетилген чагында жамы түрк каблаларын кезип, алардын тилин, дилин, кеп-сөзүн, көзгө илишпес учугун улай дыкан, кылдат изилдеп, соңкуларга маданий мурас болсун деп тилеп, көп жылдык өмүрүн арнап, билимин, күчүн зарптап, 1072-1083-жылдары жазып бүтүргөн «Девону лугатит түрк» — «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» ошол замандагы түрк тилинин угумдуу, көрктүү сөз байлыгын күбөлөшү — бүгүн бизге айрыкча баалуу.

Бир мезгилде бир тилде жаралган бул эки асыл мурас — Махмуддун «Лугати» менен Жусуптун «Куттуу билими» атайылап эле биринин ажарын бири ачып, эриш-аркак өнүккөндүгү — тарыхый-маданий кырдаалда пайда болгон мыйзамдуу көрүнүш. «Мына биз тарыхый чындыкты так ачышка ак дилден күбөбүз» дегендей, бирин бири тактап, толуктап, аныктап турганы абзел иш.

Эгерде биз Энесай, Орхон, Талас жазмаларына салыштыра карасак, алардан көп кийин жаралган Жусуптун дастаны менен Махмуддун «Лугатинин» рун эстеликтери менен тектештиги ачык-айкын болгондой эле, бүгүнкү кездеги калкыбыздын рухий дүйнөсү, жандуу кеп-сөзү өзөктөш, көп учурда бипбирдей.

Замандан заманга өтүп, ооздон оозго айтылып келаткан «Улуу сөз», «Улама» түрмөктөрү, көркөм сөзгө айланып, бир бүтүн, зор көп пландуу дастанга ширелишкен «Манас» үчилтиги ошол байыртан айтылып келаткан макал-лакаптарыбыз жогоруда аталган улуу

маданий эстеликтер менен тектеш гана болбостон, көп учурларда мазмундаш, сабакташ.

Академик түркологВ. В. Радлов Орхон рун жазмасын иликтегенден кийин «Куттуу билик» уйгур тилинде деген өзүнүн алгачкы аныкташынан баш тартып мындай дейт: «1891-жылы мен Бамбердин көз карашы менен толук макул болуп, «Куттуу билик» байыркы уйгур тилинде жазылган деген пикирде элем. «Куттуу биликте» уйгур деген сөз бир дагы жолу кездешпейт...» деп белгилеп келип: «Менин «Куттуу билик» уйгур тилинде эмес деген пикирге келишиме да бир нерсе... өз эне тилинде биринчи китеп экенин көрсөткөн автордун сөзү негиз болуп отурат...»[1]

Байыркы эстеликтерди салыштыруу менен, ал эстеликтер түрк элдерине тийиштүү экендигин айтат. Өз ишине жоопкерчилик менен мамиле жасаган бул чоң окумуштуунун илимий тажрыйбасын улап биз, бүгүн сөзгө алынып жаткан Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастанын кечигип болсо да окурмандарга тартуулап жатышыбыз, албетте, кубаттаарлык иш.

Деле кубаттоо менен бирге окурмандарга эскертээрибиз:

Бул мурастарга бабаларыбыздын кошкон салымы бай жана баалуу. Деле ташка тамгаланган рун жазмалары, деле «Кут билими» менен «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» болсун, бабаларыбыздын бизге аманат калтырган маданий мурастары экендигин анча элес албай келгенибизден да болгонун моюнга алып, бул маселе боюнча өз байкоолорун бөлүшкөн окумуштууларга, тарыхты кенен иликтеген жазуучуларга, ал тургай чыгыш элдеринин макал-лакаптарын, Жусуп Баласагындын «Кут билимин» орус тилине которгон котормочулар да биз үчүн күйөрман болушту.

Маселен, Орто Азия элдеринин элдик поэзияларын жана «Кут билимин» орус тилине которгон акын Наум Гребнев биз менен болгон бир маегинде: «Куттуу билим» силерге көбүрөөк тийиштүү. Жеке эле анын мекени силердин жер болгондон эмес, анын мүнөзү да, дүйнөсү да силерге жакын», деп айткан эле.

Ал эми «Самаркан асманындагы жылдыздар» деген көп томдуу романдын автору, СССР Мамлекеттик сыйлыгынын жана Өзбек ССРинин Хамза атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаттары, Орто кылымдагы Орто Азияны жерлеген калктардын тарыхын жакшы билген тарыхчы окумуштуу, чоң жазуучу Сергей Петрович Бородин: Силер, кыргыздар, эң эле камырабассыңар. Жадаса өзүңөргө тийиштүү маданий энчини алуудан да жалтайлайсыңар! Деги байыркы адабий мурастарда силердин энчиңер чоң экенин билесиңерби? Кыргыз түрк элдеринин ичинен байыркыларынан, «Манас» сыяктуу улуу баянды силердин бабаңар жаратканы бекер эмес! Өз мурасыңардан куру жалак калбагыла!» дегени али эсимде.

Мына ушинтип, өзүбүздөн мурда бизге таандык адабий мурастарыбызга кам көрүшкөн ак дил чыгармачыл ишмерлердин кеңешинен кийин да камырабастыктын кедергиси бөгөт болду.

Маселен, Махмуд Кашкаринин «Сөздүгүнө» топтолгон байыркы

---

[1] В. В. Радлов. «Куттуу биликке» акыркы сөз. «Кыргызстан маданияты» 14 1969.

түрк сөздөрүнүн жүздөн сексени бүгүнкү күндө элибиз сүйлөгөн жандуу сөздөр экендигин ким тана алат!

Акырында тарых бардыгын өз-өз ордуна коёт деген аныктама бул жолу да өз чындыгын билдирди. Кечигип болсо да өткөндөгү маданий мурастарыбызга көңүл буруубуздун башталышы, кадырлуу окурмандар ушул колуңарга алган «Куттуу билимдин» байыркы тилибизден бүгүнкү тилге өткөндөгүсү.

Тарых мүнөзү анын көркөмдүгү кандайдыр бир деңгээлде мүчүлүш калган учурлар жок эместир. Тактап айтканда, байыркы тилибизден бүгүнкү өз тилибиздин туюнма ажырымы, ал тургай көркөм кабыл алуу, сөздүн бир мааниден экинчи бир карама-каршы мааниге өтүшү, көп сөздөрдүн бул мезгилге чейин көөнөп түшүнүксүз болуп кетиши, албетте, котормонун сапатына таасир тийгизгендиги байкалат.

Эмесе, «Карынын сөзүн капка сал» деген ошо баба сөзүн урматтап, мындан тогуз кылым мурдакы жандуу кеп-сөзүбүздү, ошол замандагы мүнөздү айкын-ачык элестете бергидей баалуу дүнүйө, улуу мурасыбыз «Куттуу билим» аркылуу улуу акын бабабыз Жусуп Баласагын менен маектеше берели!

*ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ*
Академик.

## КВИЕТИЗМДЕН[1] — ГУМАНИЗМГЕ

Элибиз эзелтен сөз баркын баалай билип, тунук акыл-эстен жаралып, асыл кенчке айланган «рухий азыктарды» урпактарга улуу сабак болсун деп муундан муунга мурас кылып калтырып келген. Билгенибизден билбегенибиз көп, кылымдарды карытып, бирде куунак, бирде куурап өмүр сүрүп, бешенесине жазып, тагдыр тартуулаган ырыскысын көрүп, жашоонун кыл көпүрөсүнөн өтүп келген үркөрдөй элибиздин баштан кечиргендеринин көбү карт тарыхка катылып, биз өңдүү урпактар үчүн табышмак болуп келет. Ошентсе да түптүү журтубуздун өткөнү, азыркысы, келечеги жалпыланган эпикалык чыгармалары менен даңкталган, турмуштун татаал кубулуштарын акыл-эстин элегинен өткөрүп, табият табышмактарынын жандырмагын иликтеп, терең ойго сиңирилген кыска, бирок нуска улуу сөздөрдү тартуулаган сөз зергерлери Жээренче-чечен, Санчысынчы, Асан-Кайгы, Толубай-сынчы, Жусуп, Махмуд өңдүү даанышман ойчулдар мээнеттенген Кыргыз жери — тектүү жер.

Колуңуздардагы «Куттуу билим» аталган асыл мурас өз мезгилин артта калтырып, келечегин утурлаган чыгаан, ойчул акын Жусуп Баласагындын эмгеги. Бул китеп, же анын автору тууралуу кеп айтуудан мурун ал жашаган доордун айрым өзгөчөлүгүнө азыноолак токтоло кетели. Анткени кандай гана ойчул болбосун ал өз мезгилинин алкагы менен чектелип, ошол мезгилдин уулу катары кала берет. Бул, албетте, өз учурунан озуп кеткен ойчулдардын беделине шек келтиргендик эмес, тескерисинче өткөн замандын акылмандары жараткан эмгектерде кездеше турган айрым мүчүлүштөрдүн ошол мезгил, учур, доордун өзгөчөлүгү менен шартталгандыгын белгилөө болуп эсептелет.

Жусуп илим-билим кенен арым таштап, маданият гүлдөп өнүгүп турган орто кылымдагы Күнчыгыш ренессансысынын өкүлү. Орто кылым чыгыш эли үчүн өзгөчө мезгил: ар башка элдин ар кыл маданиятты, рухий мурастары тогошкон ошол учурда улуу ойчулдар, философтор аль-Кинди, аль-Фараби, Бируни, Ибн-Сина, Ибн Рушдун, таланты тамшандырган алп акындар Рудаки, Фирдоси, Жусуп Баласагын, Омор Хайям, Низами, Навои, Насилинин чыгармалары жаралган мезгил. Аталган инсандардын чыгармалары дүйнө түшүнүгүнүн

[1] Квиетизм — Жан-дүйнөнүн эрксиз пассивдүүлүгүнө, кудайга толук баш ийүүгө, тиричиликке кайдыгер кароого ж. б. үндөгөн мистикалык диний окуу.

өзгөчө системасы болгон философиялык багыт Чыгыш перипатетизми (аристотелизм) менен тыкыс байланышта. Бул багыттын өкүлдөрү, жогоруда аталган философтор, байыркы грек философиясынын эң ири өкүлү — Аристотелдин окуусун өз мезгилининин өзгөчөлүгүнө жараша улантышкан. Бекеринен Күнчыгышта Аристотель (Стагирит) биринчи устат, ал эми аль-Фараби экинчи устат катары белгилүү эмес чыгар. Кептин ыңгайы келгенде айта кетүүчү нерсе, Күнчыгыш элдерин чыгармачылыкка жөндөмү жок эл катары мүнөздөгөн чындыкка коошпогон көз караштар (евроцентризм) да бар. Мындай калпыс пикирди эш туткандар Батышты Чыгыштан жогору коюуга умтулуп, чыгыш элинин мурастарын көңүлгө албай келишкен. Буга бир эсе араб тилин билбегендик, чыгышта жаралган эмгектердин түп нускасы менен тааныш эместик негиз болгон десек да болот. Ал эми араб тили орто кылымда илим-билимдин тили болгондугу бизге маалым. Албетте, орто кылымда илимий чыгармалар жеке эле араб тилинде эмес, фарсы, түрк тилдеринде да жазылган.

Орто кылымда Күнчыгышта табигый илимдер да өнүгүп, жалпы маданияттын деңгээлин ошол мезгилдеги Батышка караганда өтө жогору болгон. Аль-Ферганинин «Астрономиянын башталмасы» аль-Хорезминин «Астрономиялык таблицалары» аттуу чыгармалары же аль-Фараби, Бируни, Ибн-Сина табыят таануу тармагы боюнча эмгектери орто кылымдагы өнүккөн маданияттан айкын кабар берет. Ибн-Сананын «Медицина канондору» деген көп томдуу эмгеги күнү бүгүнкүгө чейин өз маанисин жогото элек.

Күнчыгыш Ренессансы араб, фарсы жана түрк элдеринин орток мурасы. Ушундан улам улуу ойчулдарды тигил же бул эл менен гана байланыштырып кароо калпыстык, диалектикалык логиканын негизги жобосу объективдүүлүктү тануу болуп саналат. Ырас, тарыхый шарт кырдаалга жараша көпчүлүк эмгектер араб тилинде жазылган, бирок фарсы же түрк тилдеринде жазылган боюнча энциклопедиялык маани-маңыздагы эмгектер да жок эмес. Аль-Фараби, Бируни, Махмуд Кашкар, Жусуп Баласагындын түрк тилиндеги эмгектери, тарыхты иликтөөдө гана эмес, бүгүнкү күндүн өзгөчөлүктөрүн түшүнүү үчүн да баалуу мурас.

Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» эмгеги түрк тилиндеги алгачкы энциклопедиялык чыгармалардын бири. Бул эмгектин ойчулдун эне тилинде жазылышы түрк тилинин ички мүмкүнчүлүгүн, анын али белгисиз ажарын ачып берди. Деги эле эл менен тилдин тагдыры тутумдаш, тил, анын түзүлүшү элдин ой жүгүртүү өзгөчөлүгү менен тыкыс байланышта. Тил жандуу кубулуш катары өсүп-өнүгүп, акыл-эси улам жогорулаган сайын тил да татаалданып, анын мүмкүнчүлүктөрү арта берет. Демек, «Куттуу билим» түрк элдеринин тили, акыл-эси жөндөмдүүлүгүнүн өсүшүнө дем берип, түрткү болгон баалуу мурас экендиги талашсыз.

«Куттуу билимдин» бири-биринен аздыр-көптүр айырмаланган үч варианты бар: герат, каир жана Наманганда табылган ташкент кол жазмалары. Герат кол жазмасы Г. Вамбери тарабынан алгач ирет Венада жарык көрүп аны кийинчирек академик В. В. Радлов немец тилине которгон.

Жусуптун турмуш жолу, чыгармачылыгы жөнүндө үстүрт гана маалыматтар бар. Ал Токмок шаарынан анча алыс эмес жерде жайгашкан Баласагын шаарында жашаган. Биз сөз кылып жаткан эмгегин 1069-жылы Кашкарды бийлеген Табгач-Богра Кара-Хакан-Абу Али Хасанга арнап жазган. Ушундан улам ага Хас Хажиб — улуу хандын атайын кеңешчиси деген ардактуу наам ыйгарылган. Ырасын айтсак эмгектин жаралышынын негизги себептеринин бири — эне тилге карата ойчулдун назик сезими, патриоттуулугу. Китеп исламда официалдуу идеология катары кызмат өтөп турганда, араб тилинин грамматикасын, укуктаануусун жана Куранды, Хадистерди үйрөнүү илимдин эң негизги милдети катары белгиленип турганда жазылган. Мына ушундай шартта Эс-акыл, Калыс, Бакыт аллегориялары аркылуу гуманизмдин бийик жоболорун, дүйнө түзүлүштүн, жашоо-турмуш жагдайларынын айрым негиздери тууралуу эмгек жазуу талантты гана эмес эрк-эрдикти да талап кылган. Акылэстин азыгы болгон чыгармалардын көпчүлүгү араб, фарсы тилдеринде жазылган. Ал эми бул эмгек аркылуу түрк эли алгачкы ирет өз тили менен таанышат деп, ойчул өз чыгармасын жогору баалаган.

Эмгектин жаралыш таржымалын белгилөөдө анын социалдык саясий жагдайын айтпай коюуга болбойт. Өз учурунун өзгөчөлүгүн аңдай билген ойчул катары Жусуп Баласагын санат-насият түрүндө жазылган чыгармасы аркылуу теги көчмөн Караханиддер династиясын өлкөнү башкарууга үйрөтүү максатын да көздөгөн. Мавераннахр, Чыгыш Түркия өңдүү өнүккөн чөлкөмдөрдү башкаруу үчүн билимдердин атайын системасы талап кылынган. Ал эми мындай билим түрк төбөлдөрүнө жеткиликтүү болуш үчүн түрк тилинде жазылган энциклопедиялык эмгек зарыл эле. Ырас «Куттуу билимди» саясий трактат деп чектеп коюу мүмкүн эмес, анткени анда жашоо-турмуштун тереңинде жаткан мыйзам ченемдерди аң-анализге алган материалдар арбын. Башкасын айтпаганда, эмгекте козголгон жашоонун маани-маңызы, адам баласынын турпаты, анын коомдогу орду жөнүндөгү ой-жоруулар китепке философиялык маани берип турат. Бир сөз менен айтканда бул чыгармада философиялык мүнөздөгү же жашоо турмуштун айрым жагдайларын (этикалык, эстетикалык) чагылдырган орчун-орчун проблемалар арбын. Деги эле философиялык жалпылоолорго, энциклопедиялуулукка, универсалдуулукка умтулуу ошол мезгил үчүн мүнөздүү көрүнүш болгон. Баса, белгилей кетүүчү бир жагдай, орто кылымдагы чыгыш философиясы христиан философиясына караганда турмушка жакыныраак болуп, жашоо койгон суроо-талаптарга негизделген жана ушундан улам схоластикадан, ыгы жок жалпылоолордон, жөнсүз абстракциядан алысыраак болгон.

Жогоруда учкай белгиленген «Куттуу билимдин» үч кол жазмасынын экөө (Каир, Наманган) араб тамгасы менен, ал эми бири (Герат) уйгур тамгасы менен жазылган. Окумуштуулар дурус деп эсептеген Намангандан 1913-жылы табылган кол жазма мезгил сыноосуна туруштук берип бурмаланган эмес десек да болот.

Чыгарма менен терең таанышып, анын маңызына көз чаптырсак, андан көпчүлүк ойчул-философтордун пикири менен үндөш саптарды

байкайбыз. Платон, Аристотель, Эвклид ошондой эле аль-Фараби, Ибн Сина, Бируни өңдүү ойчулдардын таасири даана сезилет. Жусуп Баласагын көркөм образдар аркылуу аллегориялык ыкманы пайдалануу менен терең философиялык маселелерди козгоп, рухий дүйнөнүн негизги болумуштун маңызы тууралуу ырааттуу ой жүгүртөт. Орто кылымдарды, ислам идеологиясы өкүм сүрүп турган кырдаалда, аллегориялык жол менен диний алкактан бошонуп чыгууга далалат жасоо көпчүлүк ойчулдар үчүн мүнөздүү көрүнүш болгон. Өз учурунда Ибн Сина да аллегориялык чыгармаларды («Хайе Ибн Екзане», «Саламан жана Абсал» ж. б.) жаратып, аны тынчсыздандырып, ойлондуруп, келген маселелерди каймана иретинде билдирип, ушундай жол менен диний төбөлдөрдүн каарына кабылбоого аракеттенгендиги белгилүү. Жусуп да Ибн Сина сымал художник жана ойчулдук — эки өнөрдү тең тизгиндеп, поэзиянын көркөм каражаттары аркылуу татаал философиялык маселелерди туюндурган. Белгилей кетүүчү нерсе, чыныгы поэзия өзүнүн табияты боюнча философияга өтө жакын. Философиялык ой жүгүртүүлөр көркөм поэзияга мүнөздүү эмоционалдык толкундануу, илхам менен тыкыс байланышта, ал эми поэзия болсо көркөм каражаттар аркылуу рационалдуулукка умтулуп дүйнө түзүлүштүн татаал сырларын туюндурат. Философия да, поэзия да турмуштук аңыздан азыктанып, турмуштук көрүнүш-кубулуштарды жалпылоолорго негизденет. Албетте, философия менен поэзия кандайдыр жалпылыктарга ээ коомдук аңсезимдин эки башка формалары экендигин унутпашыбыз керек. Ушундан улам философиянын тарыхын иликтөөдө тигил же бул доордун философиялык аң-сезимин туюндурган поэтикалык чыгармаларды да эске тутуу абзел.

Жогоруда Жусуп ойчулдун залкар чыгармасы жаралган мезгил, анын айрым өзгөчөлүгү жөнүндө кеп козгодук. Эми сөз учугун акындын дүйнөгө көз карашына же анын чыгармасынын философиялык негизине бурсак. Анткени, автордун дүйнө түшүнүгү, философиялык көз карашы чыгарманын жалпы турпат-табиятын, маңыз-мазмунун аныктап турат. Ойчул турмуштук кубулуштарды эс-акылдын элегинен өткөрүп, анын урунттуу учурларын жалпылап, анан мындай жалпылыктардын теги, пайдубалы жөнүндө өзүнүн билимине, илимий даярдыгына, дүйнө түшүнүүсүнүн масштабына жараша ой толготуп, көйгөйлүү маселелердин тегерегинде акыл тегеретет. Арийне, орто кылымдагы Күнчыгыш акындары өз чыгармаларында көркөм образ-каражаттары аркылуу дүйнө түзүлүш же тактап айтканда макро же микро дүйнө алардын карым-катнашын туюндурууга аракеттенишкен. Көркөм чыгарма кай бир деңгээлде философиялык каражатка айланган десек болот.

Жусуп Баласагындын чыгармасында кандайдыр ырааттуу философиялык маанидеги концептуалдуу система атайлап түзүлгөн эмес. Бул албетте, залкар чыгарманын беделине шек келтирүү эмес, тек гана көркөм чыгарма дүйнө түзүлүштүн түпкү негизи тууралуу маселелерди туюндурууда айрым чектелүүлөргө эгедер экендигин астейдил белгилөө. Албетте, акын Жусуп ойчул катары адам баласын курчап турган дүйнө, табият кубулуштары тууралуу терең ойлонуп,

алардын себептерин аңдап-билүүгө аракеттенген. Мында ал өз мезгилинин уулу катары Күнчыгыш перипатетиктеринин мыкты традицияларын көркөм каражаттар аркылуу уланткан.

Жусуп Баласагын адам турмушу, жашоонун маңызы жөнүндө ой-толгоодо жалпы эле дүйнө, аалам түзүлүшүн сүрөттөп, өзүнүн космологиялык түшүнүмдөрүн көркөм ыкма менен туюндурат. Айлана-чөйрө, аалам дүйнө анын пикири боюнча бири-биринен татаалдыгы боюнча айрымаланган катмарлардан турат: үч-үчтөн бириккен Зодиактын он эки белгисинен төрт үчүлүк (триада) түзүлөт; булардын биринчисинен **От**, экинчисинен **Суу**, үчүнчүсүнөн **Аба**, ал эми акыркы төртүнчүсүнөн **Жер** жаралат. Демек дүйнө түзүлүштүн пайдубалын жогоруда белгиленген төрт башталма түзөт. Бул ой-пикирдин түбү антик философторунун окуусуна барып такалат. Айталы, Эмпедокл (кийинчирээк орто кылымда аль-Фараби, Ибн Сина, Бируни ж. б.) дүйнөнүн түзүлүшүн, объективдүү кубулуштарды ушул төрт башталмалардын кошулмасы катары түшүндүргөн. Бул башталмалар өзгөрбөйт, бири-бирине айланып кетпейт, тек гана тутумдашып макро жана микро аалам-дүйнөнү жаратышат. Адам баласынын турпаты, табияты, анын коомдук турмуштагы орду жөнүндө ой толгогон ойчулдардын көбү аалам түзүлүшүн түшүндүрүүдө мына ушундай ыкма-пикирди пайдаланышкан. Төгөрөктүн түп-тегин башталма менен байланыштырып кароо кыргыз элинин рухий эстеликтеринде да кездешет. Бул түшүнүктүү, анткени кандай гана эл болбосун дүйнөлүк цивилизациядан обочолонуп жашабайт, элдик маданиятта жалпы адамзатка мүнөздүү көрүнүш-кубулуштар арбын кездешет. Ушундан улам антик коомунун улуу ойчулдары Платон, Аристотель, Эвклиддин, ошондой эле Күнчыгыш ренессансынын негизги идеялары дүйнөнүн бүлүң-бурчтарында өтө кеңири тараган.

Төрт башталманын кошулмасы Жусуптун пикири боюнча бири-биринен кескин айырмаланат, башкача айтканда мындай кошулмалар сапаты (анын түзгөн башталмалардын сандык катышы) боюнча айырмаланып айлана-чөйрөдөгү ар кыл предмет-буюмдарды жаратат. Демек, дүйнө түзүлүш, кубулуштардын негизинде жалпы мыйзам ченемдүүлүк жатат. Ойчулдун мындай пикири анын аалам гармониясы жөнүндөгү ой-жорууларында даана сезилет. Мындан тышкары Жусуптун космологиясында карама-каршы элементтер жөнүндөгү ой-пикирлер да кездешет. Мындай элементтердин кошулмаларынан аалам гармониясы түзүлөт деген божомолдор ойчулдар арасында кеңири белгилүү көз караштардан болгон. Негизинен Жусуп-ойчулдун космос түзүлүшү жөнүндөгү ойлору ошол мезгилде ойлом-тааным жаатында үстөмдүк кылып келген Птолемейдин геоцентр теориясынын алкагынан чыккан эмес. Бул системанын ток этери — Жер аалам борбору, анын тегерегинде аны айланып жүргөн жети планета борбор, андан ары болсо кыймылсыз жылдыздар жайгашкан. Антик ойчулунун мындай пикири Жусупка да таасир тийгизген, б. а. геоцентрдик теориянын жалпы картинасынын маңызы анын чыгармасынан да орун алган. Түрк ойчулунун бир өзгөчөлүгү жети планетага түрк тилинде наам берген: Сатурн-Секантир, Юпитер-Онай, Марс-Коруд, Күн-Иашик, Венера-Сэвит, Меркурий-Арзу, Ай-Иалчик.



2—2190

Акыркы ай планетасы ай астындагы (подлунный), ай үстүндөгү (надлунный) деп экиге бөлүнөт. Бул өзгөчөлүктү атайлап эскерип жатканыбыздын жөнү — көпчүлүк Күнчыгыш ойчулдары ай астындагы дүйнөнүн табиятын объективдүү мыйзам ченемдердин негизинде түшүндүрүүгө аракеттенишкен.

Дүйнөтүзүлүштүн модели (сөлөкөтү) жалпы-жонунан эки дүйнүнөн (макро жана микро) карым-катнашынан турат. Мындай түшүнүк түбү барып адам баласын аны курчап турган айлана-чөйрө, табиятка карата мамилесин кабарлайт. Төгөрөктүн адам аң-сезими аркылуу чагылышы, анын өзгөчөлүгү жогоруда белгиленген космологиялык түшүнүм-түшүнүктөрдөн ачык байкалат. Өткөндүн көпчүлүк ойчулдарынын рухий мурасында космос түзүлүшүн адам турмушу аркылуу же ага окшоштуруп түшүндүрүү басымдуулук кылып, төгөрөк чөйрө да адамзат сымал элестетилген. Акыл-эс үчүн белгисиз кубулуштарды белгилүү нерселер менен ченеп, түшүндүрүү ошол мезгилдин коомдук өнүгүшү менен шартталган өтө кеңири тааным ыкмасы болуп эсептелген. Белгилей кетүүчү нерсе Жусуп да Күнчыгыш перипатетиктеринин Пифагордун белгилүү окуусуна негизделген традициясын улантып, космостук түзүлүштү жылдыз-планеталардын толуккандуу гармониясы катары элестеткен. Төрт башталмадан турган чөйрө кубулуштарынын чен-өлчөмү тең салмак тартып, карама-каршы элементтердин бирдей карым-катнашынан турган аалам гармониясынын тереңинде жалпы мыйзам-ченеми турат.

Жогоруда белгиленген Жусуп-ойчулдун космологиялык түшүнүмү (космос түзүлүшү жөнүндөгү концепциясы) же анын жалпы дүйнөтүшүнүгү, философиялык көз карашы анын чыгармасында көтөрүлгөн көптөгөн көйгөйлүү маселелерди аныктап турат. Коомдук түзүлүш, социалдык өнүгүш тууралуу ойчулдун ойлору да жалпы жонунан анын космологиясы менен үндөшүп, адамзат коому жалпы табияттын бир бөлүгү катары каралат. Деги эле орто кылымдагы Күнчыгыш ойчулдарынын көбү коомдук түзүлүштү анын өзгөчөлүгүн түшүндүрүү үчүн адеп аалам (дүйнө) картинасын түзүүгө, андан соң өздөрүнүн космологиясына таянып адам турмушу, коом жөнүндөгү түшүнүмдөрүн астейдил туюнтушкан. Ушундан улам алар адам баласын жалпы эле коомдук турмушту жаратылыш, табият мыйзамдары менен карым-катышта карашкан. Кийинки мезгилге чейин кеңири тарап келген, ал тургай азыр да жанданып жаткан астрология же адам турмушун космостук кубулуштар менен байланыштырып түшүндүрүүнүн түпкү теги да ушунда жатат. Анча алаксыбай, бирок белгилей кетүүчү нерсе, коом менен космостук түзүлүштүн карым-катышы жөнүндөгү татаал маселени өтө эле жөнөкөйлөштүрүп, же бирин экинчисинин көчүрмөсү, толук чагылышы катары кароо, же болбосо экөөнү тең бири-бири менен байланышпаган эки башка нерсе катары карап бир жактуулукка берилүү туура эмес чыгар. Бул эки феномен — космос менен коомдун татаал диалектикасын жөнөкөйлөштүрүп жиберүү Аалам түзүлүшүнүн толук кандуу картинасын түзүүгө кедерги болот.

Жусуп Баласагындын философиялык түшүнүмүнүн пайдулабын

дүйнөтүзүлүшүнүн негизи болгон төрт башталма жөнүндөгү окуу түзөөрүн жогоруда белгиледик. Коомдук турмушта төрт башталманын мааниси зор, тактап айтканда социалдык чөйрө да негиз-башталма катары бааланган төрт касиеттен — **Адилдик, Эс-акыл, Бакыт жана Токпейилдиктен** турат. Адамзат коомунун мындай жол менен түшүндүрүлүшү — үстүртөдөн белгилеп кеткен Ай астындагы дүйнө менен Ай үстүндөгү дүйнөнү ажырагыс биримдикте кароо болуп эсептелет. Аалам, Коом, Адам үч бирдигинин карым-катнашы төрт элементтин жана төрт этикалык башталманын жалпылыгы менен түшүндүрүлөт. Ай үстүндөгү дүйнөтүзүлүш, жети планета чөйрөлөрү жөнүндөгү түшүнүм жер үстүндөгү (ай астындагы) кубулуштарды, ошондой эле адам турпатын аңдай билүү үчүн да пайдаланылат. Адам тулкусун, дене түзүлүшүн түшүндүрүүдө да «гармония», «жети» аттуу түшүнүктөр абдан кеңири пайдаланылат.

Ошентип Жусуп Баласагындын же башка ойчулдардын эмгектеринде адатта космология концепциясы белгиленип, андан кийин анын негизинде жер үстүндөгү же алардын сөзү менен айтканда «ай астындагы дүйнө» кубулуш-көрүнүштөрү түшүндүрүлөөрүн байкадык. Ушундан улам да окумуштуулар ойчулдардын концепция-түшүнүмдөрүн аныктоодо алардын космологиясына көңүл буруп келишет. Бир караганда дал ушундай сезилет, бирок алар түзгөн дүйнөтүзүлүштүн моделин (сөлөкөтүн) эс-акылдын элегинен өткөрүп, тереңирек баамдай келсек, чындыгында эки нерсенин (космос менен коом) орду алмашып калгандыгын байкоого болот. Ырасында ойчулдар коом, адам турмушун космос түзүлүшү менен эмес, тескерисинче космосту адам турпат-турмушу менен аныктап келгендиги маалым. Демек, адам, анын тулкусунун бөлүктөрүн жалпы дүйнөтүзүлүштү аңдай билүү үчүн пайдаланып, адам баласынын өзү жөнүндөгү түшүнүмү космостук түзүлүштү аныктоонун чен-өлчөмүнө айланган. Айтор бул жерден да мындай бир өтө татаал маселени — адамдаштырылган космос менен космостоштурулган адам проблемасын өтө эле жөнөкөйлөштүрүп жибергенден сак болуу керек. Кылдат мамилени, көп тараптуу терең анализди талап кылган мындай карама-каршылыктарга кошул-ташыл маселе урпактар үчүн да табышмак. Алдын-ала эскертип, аяр мамилеге чакырып жатканыбыздын жөнү бар. Табият таануу илимдер тармагында «Адамзат — Жер — Аалам» системасы өзгөчө маселеге айланган азыркы учурда Күнчыгыш ойчулдарынын макро жана микро дүйнөнүн же космос менен коомдун (адам) биримдиги жөнүндөгү ой-толгоолору айрыкча чоң мааниге ээ болуп олтурат. Эс-акылдын кубаттуу дүрмөтү бар кылдат интуициянын натыйжасында Күнчыгыш ойчулдары азыр да толук аңдай билүүгө мүмкүн болбогон алда канча татаал маселе тууралуу ой-жүгүртүп, жаратылыш, аалам кубулуштарын, алардын тереңинде катылган сырларды сезе билгендей туюлат.

Жусуп Баласагындын дүйнөтүшүнүүсү, философиялык көз карашы анын космологиясы менен социалдык идеяларынан көрүнүп тургандай, Аристотелдин мурастарынан азыктангандай. Ал эми Аристотель Байыркы Чыгыш (Кытай, Индия, Египет ж. б.) маданиятынан башат алган антик коомунун философиялык системаларын

жалпылап, дүйнөтүзүлүштүн жалпы негизин иликтөөгө арналган адамзат ой-акылын жаңы баскычка, өзүнчө сапаттык деңгээлге көтөргөнү белгилүү. Бирок мындай деп белгилөө Күнчыгыш ойчулдарынын, анын ичинде Жусуп Баласагындын оригиналдуу ой-толгоолоруна шек келтиргендик эмес. Күнчыгыш ойчулдары башка тарыхый кырдаал, жаңы мезгил бүктөмүнө жараша философиялык түшүнүмдөр системасын өнүктүрүп, байыткандыгы белгилүү. Жусуп Баласагындын космос же дүйнөтүзүлүш жөнүндөгү ой-пикири анын көз карашы менен Аристотелдин окуусунун ортосунда жалпылыктар бар экендигин айгинелейт. Бул, албетте, ойчулдун аль-Фараби, Ибн Сина, Бируни өңдүү илимпоздордун эмгеги менен жакшы тааныш экендиги менен түшүндүрүлөт. Дагы бир айта кетүүчү нерсе, акын-ойчул Куран, Хадистердин талабынан четтеп, Аалам кубулуштарын дайыма өзгөрүп, өнүгүп туруучу нерсе катары карайт.

Жусуп Баласагындын адам табияты, нарк-насили тууралуу ой-жоруу түшүнүмдөрү анын **Эс-акыл** жөнүндөгү концепциясы менен түздөн түз байланыштуу. Акыл-эстин дүйнө таануудагы же болмушту аңдай билүүдөгү орду жөнүндө ой-жоруп, ар кыл татаал кубулуштардын сырларын аңтарып, бабалардан окуп-үйрөнгөнүн, өзүнүн учкул кыялынан жаралган асыл ойлорун ортого салып, адам акыл-эсин арттырууга өз үлүшүн кошуу акын ойчулдун бийик максаты болгон. Исламдын катаал идеологиясынын алкагынан чыгууга умтулуп, адам эркиндигин жактаган мутазилиттерден башат алган. Акыл-эсти өзгөчө баалаган гуманисттик идеялар аль-Фараби, Ибн Сина, Бируни, Ибн Рушддун эмгектери аркылуу Жусуп Баласагынга өткөн. Диний ишеним күч алып, коомдук аң-сезим анын жетегинде турган орто кылымдарда адам тагдыры «жараткан» тарабынан алдын ала аныкталганбы же ал эркиндикке ээби деген негизги собол жаралып, дүйнөтүзүлүштүн башталма-пайдубалын иликтөөгө алган ойчулдар арасы жикке бөлүнгөн. Официалдуу диний идеология пенденин тагдыры кудай тарабынан алдын ала толук аныкталгандыгын белгилеп, буга коошпогон ой пикирлерди куугунтукка алган катаал мезгилде агымга каршы туруу, албетте өтө кыйын эле. Бирок, ушуга карабастан айрым прогрессивдүү маанайдагы ойчулдар адам тагдыры өз алдынчалуулукка ээ экендигин далилдөөгө аракеттенишкен. Мындай официалдуу идеологиядан обочолонгон ой-пикирди эш тутуп, андан бөлүнүп чыккандардын башатында мутазилиттер турат. Адам тагдырын бийик тутуп ошол мезгилдеги оор турмушка кайдигер карабаган орто кылымдагы алгачкы гуманисттердин алдыңкы традициясын кийинки муундардын мыкты өкүлдөрү улантышты. Тагдырдын эркиндигин айгинелеп, адам акыл-эсинин бийиктигин белгиленген ойчулдардын арасында Жусуп Баласагындын да татыктуу орду бар экендиги талашсыз.

Жогоруда мутазилиттер (мутазилизм агымынын өкүлдөрү) башатында турган тагдырдын толук түрдө алдын ала аныкталбагандыгын жактаган көз карашты атайын белгилегенибиздин жөнү бар. Анткени Жусуп ойчул даңазалаган акыл-эс жөнүндөгү маңыздуу ойлордун тамыры ошол мезгилдеги тагдыр жөнүндөгү талашта жатат. Мутазилиттер баштаган бул талаш философиялык ой жүгүртүүнүн мас-

штабын кеңейтип, аналитикалык маанайдагы акыл-эстин өнүгүшүнө шарт түздү. Тагдырдын же башка кубулуштардын алдын ала аныкталбагандыгын далилдөө аркылуу ойчулдар аларды аңдай билүүгө жол ачышты. Кандай гана кубулуш болбосун, эгерде ал адын ала аныкталса, анда аны окуп-үйрөнүүнүн кажети жок, анткени чөйрөдөгү бардык нерселер кудуреттүү күч тарабынан жаралган жана аларды өзгөртүү мүмкүн эмес. Бул орто кылымдагы официалдуу тезис чыгармачылык ой жүгүртүүгө кедерги болуп, айлана-чөйрө, адам турмушун таанып билүүгө бөгөт койгон. Чыгармачылыкка, аң-сезим менен акыл-эстин эркиндигине умтулган даанышман ойчулдар куугунтукка алынып турган каардуу кырдаалда дүйнөтүзүлүштүн негиз-субстанциясын иликтөө токтоп калган жок. Ачык же каймана иретинде турмуш койгон курч маселелер козголуп, илимий түшүнүктөр же көркөм образдар аркылуу ошол мезгилдин мүмкүнчүлүгүнө жараша дүйнө картинасы түзүлгөн. Айрым-айрым кубулуш-көрүнүштөрдү жалпылоонун негизинде, алардын тереңинде жаткан жалпы мыйзам-ченемдерди табууга бир кыйла жемиштүү аракеттер болгон. Албетте коомдук өнүгүштүн ошол мезгилдеги этабында татаал турмуш кубулуштарынын чыныгы негизин толук аңдоого мүмкүн болгон эмес. Бирок ошентсе да көп маңыздуу маселелер терең каралган Күнчыгыш ойчулдарынын эмгектери окурмандарды, окумуштууларды күнү бүгүн да суктандырып келет. Айталы, Жусуп Баласагындын акыл-насаат дидактикалык маанидеги бул чыгармасында адеп-ахлак, нарк-насил проблемалары иликтөөгө алынып, адам баласынын тулку-турпаты менен рухий жан-дүйнөсүнүн, айткан кеп-сөзү менен кылган ишинин дал келиши коомдук өнүгүштүн зарыл шарты катары көрсөтүлгөн. Жүрүш-туруш, жан-дүйнөнүн төп келип, өзүнчө гармонияга ээ болушу эстетикалык гана эмес этикалык мааниге ээ. Билим, акыл-эс адам баласынын жан-дүйнөсүн байытып, турмуш-жашоодон өз ордун табууга, табийгый, коомдук кубулуштарды туура аңдай билүүгө мүмкүндүк берет. Максат — бакыт, ал эми ага жетүүнүн сыналган ишенимдүү жолу билим экендиги жөнүндөгү ой Жусуп-ойчулдун чыгармасынын лейтмотиви, квинтессенциясы. Андагы көркөм кейипкер-каармандар — терең философиялык мааниге сугарылган этикалык көз караш-концепциялардын символикалары б. а. көркөм абстракциялар конкреттүү маңыз-мазмунга ээ. Эгерде көркөм конструкцияны (чыгарманы) реконструкциялай турган болсок, анда философиялык-этикалык мазмунга эгедер насааттардан адам турмушун туура уюштуруунун негизги жоболорун, бийик адеп-ахлак, нарк-насилге ээ болуунун жолдорун көрөбүз. Бул айрыкча китептин баш каарманы Акдилмиштин ой жүгүртүүлөрүндө ачык чагылдырылган, ал акын-ойчул үчүн Акыл-эстин символу же б. а. бул көркөм жалпылоодон жаралган каармандын маңыз-мазмуну аркылуу ал өзүнүн Акыл-эс жөнүндөгү ырааттуу концепциясын тартуулайт.

Демек, жогоруда белгиленип кеткендей, билим турмуш куту. Китептин аты да кокусунан «Куттуу билим» деп аталбаса керек. Бул кыска сөз айкаш, китептин аталышынын эки маанисине учкай токтоло кетели. Кут, бакытка, гармониялуу турмушка жетүүнүн

бирден-бир жолу — билимдердин зарыл системасына ээ болуу керек. Китептин аталышынын бул мааниси тууралуу жогоруда да айтып өттүк. Экинчиден, кылымдарды карыткан көптөгөн муундардын акыл-эсинен ныкталган билимдердин системасын өзүнүн табияты, маңыз-мазмуну боюнча Кут, Бакыт болуп эсептелет. Билим кут-бакытка жетүүнүн каражаты гана эмес, ал өзү да чоң кут, чоң бакыт. Чыгарманын чордонунда турган борбордук маселе. Кут-бакыт менен билимдин өз-ара карым-катышы, диалектикасы болуп эсептелет да, ал аталган китепте жогоруда учкай белгилегендей чечилет. Эмгектин өзү да, ойчулдун мүдөөсү боюнча билимдүү адамдарга арналган, анын тереңинде катылган маңыз мазмун, ой-пикирлерге түркөй адам түшүнбөйт.

Адам баласы төрөлүп, жаңы жаралгандан эле акыл-эске ээби, же акыл-эс кандайдыр аракеттин берекетиби? Бул собол кылымдар бою ойчулдарды кызыктырып келген. Аль-Фараби акыл-эсти зарыл негиз же аалам дүйнөтүзүлүштүн башатында турган субстанция-пайдубалдын мыйзам ченеми катары, ошондой эле мүлдө адамзатка мүнөздүү жалпылык катары карайт да, аны бардык пендеге бирдей тиешеси бар деп эсептейт. Жусуп да жалпы жонунан өз устатынын оюна кошулуп, акыл эс жөндөмдүүлүк катары ар бир адамга берилген, бирок ошол шыбагасына бүткөн жөндөмдүүлүктү ар ким өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша пайдаланаарын белгилейт. Демек, бул жерден байкалгандай, акыл табийгый жөндөмдүүлүк катары бардык пендеде бар, бирок ага ээ болуу үчүн талбай билим алып, окуп үйрөнүү зарыл. Ойчулдардын оюн онго бөлүп келген үстүртөдөгү соболго Жусуп Баласагындын жообу мына ушундай. Ал аль-Фарабинин адам рухунун өлбөстүгү, түбөлүктүүлүгү жөнүндөгү окуусун улантып, Баласагын илим-билимге, эл кадырына ээ болгон жакшы адамдардын ысмы түбөлүк калат деп эсептейт.

Ошентип ойчулдар, анын ичинде Жусуп Баласагын да, адам рухунун түбөлүктүүлүгүнө өздөрүнчө маани берет. Бир караганда алардын мындай ою бардыгын, ааламды жана андагы кубулуштарды жандандырып турган бир гана рух бар, ал түбөлүк белгилүү диний догма менен үндөш, окшош сезилет. Бирок ойчулдар диний догматтардан айырмаланып, үстүртөдө айтып кеткендей, адам рухунун (жанынын) түбөлүктүүлүгүн акыл-эс менен байланыштырып карашат. Акыл-эске ширелген рух, жандүйнө түбөлүктүү, анткени адамдагы жакшы сапаттар, анын эс-акылынан эленип, турмуш сыноосунан өткөн учкул ой-пикирлери, насааттары муундан муунга өтүп урпактар тарабынан улантылат.

Өмүр эмне, өлүм эмне? Кайдан келип, кайда барабыз? Өлүм ак болсо, жалган дүйнөнүн кереги не? Түбү барып бир өлүм болсо, кубанычтын зарылдыгы барбы? Дүйнөдө өлүмдөн аянычтуу, коркунучтуу эмне бар? Мына ушул аянычтуу соболдор кылымдар бою ойчулдардын оюн онго бөлүп, тынчын алып, акыл тегеретип жооп издеткен. Алар өткөндүн тажрыйбасына, өздөрүнүн байкоолоруна, илимий ой-жоруу, иликтөөлөрүнө таянып, тирүүлүктүн, жашоонун маңызын акыл-эстен көрүшкөн. Күнчыгыш ойчулдары аль-Фараби, Ибн Рушд ж. б. акыл-эстин эки түрүн белгилешип, анын бири, тактап

айтканда ишкер (деятельный) акыл-эс, сырттан келип түбөлүктүү, бардыгына бирдей (универсалдуу) нерсе катары мүнөздөлүп, экинчиси, азаптуу (страдательный) акыл-эс, ар бир пенде менен бирге жаралып, бирге жок болоору таасындалат. Жусуптун жашоонун маңызы жөнүндөгү түшүнүмдөрү негизинен ушул концепциянын алкагында. Ойчулдар жеке адамдын шыбагасына бүткөн акыл-эс менен жалпы адамзатка тиешелүү акыл-эс жөнүндө, алардын карым-катнашы тууралуу ой жүгүртүшүп, адам баласынын жан дүйнөсү жана өлүмү жөнүндөгү татаал маселени өз алдынча чечишет. Жашоо менен өлүмдүн өз ара карым-катнашынын жеке адам, пенденин өмүрү аркылуу көрүнүшүн, жалпы эле чектүүлүк менен чексиздиктин, убактылуулук менен түбөлүктүүлүктүн диалектикасын айгинелеш максатында акыл-эсти (жогоруда белгилегендей) экиге бөлүшөт. Акыл-эс, анын табиятына карата мындай мамиленин негизин баамдоодо, айрыкча көңүл токтотуп айта кетүүчү нерсе, акыл-эсти эки түргө бөлүштүрүү аркылуу ойчулдар чектүү менен чексиздин же өмүр менен өлүмдүн татаал диалектикасын туюндурууга аракеттенишкен. Жеке адамдын акыл-эси менен жалпы адамзатка тиешелүү жалпыланган акыл-эстин карым-катышын, биримдигин, карама-каршылыгын ачып берүүгө далалат кылышкан.

Жашоонун маңызын акыл-эстүүлүк менен тыкыс байланыштыра караган Жусуп-ойчул жашоо-турмуштун акылга сыярлык түзүлүшүн, адилеттүүлүктү кайра-кайра баса белгилеп, өз окуусун эл-журт башкарган акимдерге арнап-багыттайт. Адамзат коомун, жашоо-турмуш деңгээлин жалпы жонунан акимдердин эс-акылга канчалык эгедер болушуна байланыштыра карап, ойчул ак-ниет, адил, эстүү аким өз эл-журту үчүн кам көрүп, аларды зордук-зомбулуктан калкалап, мекенине мыйзамга негизделген турмушту орнотууга тийиш деп эсептейт. Ал эгерде бек айылы жөнүндө кам көрсө, журту жашайт, эгерде эл-журттун оокаты тың болсо, анда бектин мүдөөсү орундалат деп жазат. Акыл-эс менен адилдикке негизделген өлкөнүн иши алга жылып, эли-журту бактылуу турмушта жашайт, ошондуктан ийгиликти көздөгөн ар бир өлкөнүн бардык калкы, акими — нарк насил, адеп-ахлак жагынан жогорку даражада, жеткилең болуш керек. Акылы тунук, билимдүү аким карамагындагыларды өргө жетелейт, зордук-зомбулукка жол бербейт. Мындай өлкөдө жашаган элдин өз ара мамилеси жалпы адамзатка тиешелүү адеп-ахлактын, атап айтканда чынчылдык, адилеттүүлүк, берилгендик, ак ниеттүүлүк, сүйүү, достук ж. б. өңдүү жалпы жоболоруна негизделет. Ойчул ар бир адам өз ордуна туруп, өз милдетин так өтөгөн төгөрөгү төп жетекчи жөнүндө кыялданат. Ошентип Жусуп Баласагын, аль-Фараби, Бируни, Ибн Сина өңдүү Күнчыгыш ойчулдары сымал коомдук турмуштун өнүгүүсүн аны башкарган акимдин адеп-ахлагы, билим деңгээли менен байланыштырып карайт. Ал жогорку деңгээлдеги жалпы сабаттуулук коомдун наркын, адебин жогорулатат деп эсептейт. Канчалык билими тереңдеп, даражасы өскөн сайын ошончолук жөнөкөй, жупуну болуу керек, анткени адам баласы жөнөкөйлүгү, жупунулугу менен, акпейил эмгеги менен гана өзүнүн бийик адамдык милдетин өтөй алат деп эсептейт.

Байлыкка чиренүү, ичкиликке берилүү сыяктуу коомдук турмушта кездешүүчү терс көрүнүштөр, алардын себебин аныктаган саптар да бар. Илим-билимге же ал аркылуу орундала турган кут, бакытка карама-каршы коюлган терс сапаттардан арылуу акимдерге байланыштуу, ошондуктан алар өздөрү андай терс сапаттардан алыс болуш керек. Демек, жалпылап айтканда ойчул акындын коомдук турмуш концепциясынын түпкү негизин идеалисттик көз-караш түзөт, анткени социалдык өнүгүштүн пайдубалын, негизи идеалдык көрүнүштөр менен байланыштырылат деп кесе айтып, Жусуп Баласагындын чыгармасын тарыхый дөөлөт катары карап тим болуу, албетте жетишсиз. Өз мезгилинин уулу катары Жусуп тарыхты материалисттик аңыздан түшүндүрүү деңгээлине көтөрүлө алган жок. Бирок ал акылы тунук, кылдат ойчул катары аң-сезим чөйрөсүндөгү айрым көрүнүштөр коомдук турмушка зор таасир тийгизгенин сезе билип, коомдук болмуш (бытие) менен коомдук аң-сезимдин карым-катнашындагы маанилүү маселе болуп эсептелген аң-сезимдин өз алдынчалуулугун учурдун ыңгайына жараша чече алган десек аша чапкандык болбос. Анткени, бийик аң сезим, терең акыл-эс турмуш-жайды, анын түпкү негизин туура аңдай билүүгө өбөлгө түзүп, коомдук турмуштун өнүгүшүнө түздөн-түз же кыйыр түрдө таасир берүүчү фактор экендиги талашсыз.

Жусуп Баласагындын сөз болуп жаткан чыгармасында таанып-билүү жагдайында да бир топ алгылыктуу идеялар бар. Ырас, жогоруда таасын белгилегендей, чыгармада илимий жактан төп келген таанным теориясы жокко эсе, бирок таанып билүүнүн маңызы, келип чыгышын мүнөздөгөн ой-пикирлер арбын. Андагы ойлорду жалпылаштырып, эмгекте айлана-чөйрөнү таанып-билүүдөгү акыл-эстин орду, илим-билимдин өнүгүшүндөгү адамдын — субъектинин активдүүлүгү айрыкча баса белгиленет десек болот.

Орто кылымдарда официалдуу идеология катары дин үстөмдүк кылып, адам жалпы эле аалам-дүйнө кудай тарабынан жаралып, жараткандын амирисиз эч нерсе болбойт деген ой-пикир коомдук аң-сезимди бийлеп турган чакта, акыл-эс жөнүндө же анын табиятты таанный билүүдөгү орду жөнүндө ой айтуу абдан кыйын эле. Мындай догмага айланган жоболордун алкагына сыйбаган пикирдеги адамдар «еретик» катары куугунтукка алынган. Албетте, ошол мезгилди мүнөздөп, диний ишенимдин терс жагдайларын белгилөө менен биз диндин рухий эстелик катары жалпы адамзат үчүн алгылыктуу жагдайларга да эгедер экендигин танбайбыз, пенденин жан-дүйнөсү, жүрүм-туруму, нарк-насили жөнүндөгү жоболору азыр да өз маанисин жоготпогон дүрмөткө ээ экендиги шексиз. Бул өзүнчө чоң сөз кылууга арзыйт. Ошондуктан биз бул кызык, нары татаал маселеге алаксыбай тек гана орто кылымдарда коомдук аң-сезимден орун-очок алган, официалдуу идеологиянын деңгээлиндеги диний догмалар залкар акыл-эске эгедер чоң таланттарды тизгиндеп бир кыйла думуктуруп келгендиги тарыхый чындык экендигин астейдил айта кетели. Жусуп акындын кемеңгерлиги, башка чыгаан Күн чыгыш ойчулдарындай эле, заман-учурдун катаалдыгына карабай, диний мыйзам менен коомдук аң-сезимди чырмап турган идеологиянын

торун жарып чыгып, анын сакчылары — төбөлдөрдөн тартынбай, өз алдынча ой айткандыгында, болгондо да өз мезгилинен озуп, өзү төрөлүп-торолгон заманын артта калтырган терең ойлорду айтып калтырганында.

Баласагындын пикири боюнча акыл-эсти өркүндөтүүнүн ишенимдүү жолу — билим алуу. Акыл-эске ээ адам — накта адам, ал эми билимге эгедер адам — эл бийлейт деп, ойчул билим адам баласынын жан-дүйнөсүнүн бийиктигин, руханий маңызын аныктаган маанилүү компонент экендигин таасын белгилейт. Бирок, эгерде акыл-эс табийгый жөндөмдүүлүк катары адам менен жарык дүйнөгө кошо келсе, билим аракет-эмгекти, окуп-үйрөнүүнү талап кылаарын баяндайт. Акыл-эс билим алуунун адам табияты менен кошо жаралган зарыл шарты, ал эми билим болсо акыл-эстин өнүгүшү, толук-таасын, көрүнүшүнүн зарыл шарты. Акыл-эс, жан дүйнөнү түбөлүк калтыруунун жолу да билим алууда. Билимге эгедер акыл-эс адам баласынын айлана-чөйрөнү, өзүнүн инсандык маңызын аңдай билүүгө, табиятты таанып билүүгө мүмкүнчүлүк берет, ал эми билимдүү акыл-эс жеткен бийиктик урпактар үчүн үлгү болот, алардын турмуш жолунун улам илгерилешине түрткү болот.

Ушундай жол менен улуу ойчулдар жараткан улуу иш, учкул сөз, терең ойго сиңирилген тарыхый мурастар жалпы дүйнөлүк маданияттын бир бөлүгү катары түбөлүк жашап калат. Ойчулдун «акыл-эс», «билим», түшүнүк-түшүнүмдөрү, алардын түбөлүктүүлүгү жөнүндөгү ой-пикиринин логикасы мына ушундай. Демек жан-дүйнө, адам рухунун (духунун) өлбөстүгү жөнүндөгү чыгармадагы тезис оболу муундан муунга калып келген рухий, маданий, илимий дөөлөттөрдүн өчпөстүгү менен тыкыс байланышта каралат. Акыл-эс, жан-дүйнө бийик, терең дөөлөттөрдү жаратып, таанып-билүүнүн алкагын кеңейтип нечендеген учкул замандарды тизгиндеп келген карт тарыхтан татыктуу ордун алат да, мүлдө адамзат маданиятына шыкак-көмөк берген фактор катары да, өткөн менен келечекти жалгаштырып турган мурас катары да кала берет.

Адам баласынын шыбагасына бүткөн жашоонун маңызы эмнеде? Опасыз дүйнөдөн олжо күтүп, катаал турмуш нары-бери калчаса ага кайыл болуп, не күйүгүп-чаалыксак да жакшылыктан күдөр үзбөй жашоонун максаты эмне? Далай ойчулдар ой тегеретип, акыл салып жооп издеген бул соболдорго Жусуп Баласагын да ынтаа коюп, кыял чабытынан жаралып, терең ойго жуурулган асыл саптарын жазат. Көкүрөгүнө түйүп жүргөн көйгөйлүү маселе — адамдын «адамдыгын» аныктаган, жашоонун сыры жөнүндө ой чаргытат. Ал көңүлүнүн тереңинде пенденин шыбагасына бүткөн жашоонун максаты чыныгы турмуштан четтеп, жаратканды сезип-туюга умтулууда деген диний түшүнүмгө макул боло бербейт. Адамдын байлыгы, дөөлөтү, бактысы же жашоонун маңызы бу «жалган» дүйнөдөн безип-качууда эмес, тескерисинче дүйнөнү аңдай билүүгө, аны менен көп кырдуу карым-катыш түзүүгө, кынап гармонияга, сонундукка умтулууда. Албетте турмуш сыдыргыга салгыдай эмес, жашоодо даңгыр жол жок, анын «кыл көпүрөсүндө» не ачуу, не таттуу же куйкаланган ысыгы, чыкылдаган кара суугу, айтор ООШ-КЫЙЫШ

оор сыноолор, чыдап-чыдабай турган бел ашуулары жатат. Бирок ошого карабастан, бардыгына — жашоонун «жакшысына», «жаманына» кайыл болуп, түлку-бой менен рухий жан-дүйнөнүн ширелген гармониясына жете билип, «кара кылды как жарган» адилдикти бекем тутуп, жан-дүйнөнүн тунуктугуна таянып гана чыныгы бакытка жетүүгө болот. Демек ойчулдун пикири боюнча жашоонун маңызы — бактылуу жашоодо, ал эми адамдын бактысы анын колунда, жан дүйнөнүн бийиктигине умтулуп, адамча жашай билүүдө. Ойчул аль-Фарабинин соңунан болмуштун маңызына сүңгүп кирмейин бактылуу жашоо мүмкүн эмес деп эсептейт. «Сонундук бизге таандык болгондо гана бакытка жете алабыз, ал эми сонундук бизге философиянын искусствосу аркылуу гана таандык, демек философиянын аркасы менен гана ага жете алабыз» (Фараби). Философиянын бийик милдети — адам баласын дүйнө менен гармонияда жашай билүүгө ынандыруу. Демек, күнчыгыш ойчулдары дүйнө түзүлүштүн жалпы негизин тааный билүүгө умтулган билимдердин өзгөчө жыйындысы философияны өтө жогору баалашып, ал адам баласына турмуш-жайды туура аңдай билүүгө багыт берет деп эсептешкен.

Ошентип чакан макалабызда Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» чыгармасынын философиялык негиз-маанисин, анын поэтикалык табиятынын тереңинде жаткан, көркөм образ-окуялардан жалпы ой тутумун иликтөөгө умтулуп, рухий өнүгүштүн белгилүү деңгээлинен мезгил алкагына сарасеп салып, дүйнө түзүлүштүн жандуу картинасын түзүүгө ниеттенген акын-ойчулдун орошон ойлоруна токтолдук. Албетте, акындын поэтикалык чыгармасын шарттуу түрдө «теориялаштырып», болмуш-турмуш жөнүндөгү жалпыланган ойлордун тутумунан дүйнөтүзүлүш, андагы адамдын орду жөнүндөгү ыраттуу концептуалдык системаны концтрукцияладык. Демек айрым учурда ыр саптарынын катылган сырларды ачып берүү ниетинде жалпы Күнчыгыш ойчулдарына мүнөздүү философиялык сентенцияларды, жоболорду, философиялык концепцияларды пайдаландык.

Жусуп Баласагындын «философиясы» тууралуу пикирибизди жыйынтыктап, ойчулдун акыл тегеретип, кыял чабыттаткан орошон ойлорунун чордону макро жана микро космос (адам жашоосу менен аалам түзүлүшүнүн) биримдиги аркылуу пешенеге жазган жашоонун маңызын туюндурууга умутулууда экендигин белгилейбиз.

Залкар чыгармасы менен Жусуп Баласагындын ысмы карт тарыхтын барагына өчпөс болуп жазылып калды. Ойчул өзү нускалуу айткан жан-дүйнө, акыл-эстин түбөлүктүү табияты, шык-жөндөм талант — эмгектен ширелип жаралган нака тарыхый дөөлөткө айланган чыгармалар менен түшүндүрүлөт. Демек улуу чыгарма да, аны жараткан улуу ойчул да түбөлүктүү. Ырас, Жусуптун урпактарга арнаган улуу эмгеги унутулгус тарыхый, рухий дөөлөт экендиги шексиз. Анын ойлору бүгүнкү катаал мезгил койгон көйгөйлүү маселелер менен үндөш. Адамдын пейли, ыйманы, жарык дүйнөдөгү жашоосу жөнүндөгү мазмундуу сөздөр менен шөкөттөлгөн маңыздуу ойлору азыркы, кийинки урпактар үчүн улуу сабак.

Тарыхтын улуу сабагы болгон чоң чыгарма учурдун удулу менен мураскорлорго тартууланып турат. Буга да шүгүрчүлүк, болбосо

канчалаган залкар дөөлөттөр татаал турмуш толкунуна туттугуп, көлөкө-көмүскөдө жатат. Өткөндүн мурастарын кылдат баалай албай, ага кайдигер мамиле кылып келдик. Кечээкибиз менен эртеңкибиз тутумдаш экендигин түшүнбөй, же түшүнгүбүз келбей түркөйлүк, билбестик кылган күндөр болду. Кылымдардын далдаасында жаткан мурастардын эмне себептен көмүскөдө калып келгендиги өзүнчө кеп кылууга арзый турган чоң маселе. Биз тек гана учурубуз улуу өзгөрүштөрдүн алдында турат деп белгилеп, Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» сыяктуу өткөндүн залкар мурастары урпактар үчүн тартууланып, коом турмушунан өз ордуна алып жаткандыгын кубаттайбыз.

Азыркы, өзгөчө динамикалуу кырдаалда бөгөттө бугуп жаткан аң-сезим кутула жадаган ыгы жок идеологиянын торунан бошонуп, өткөндүн рухий дөөлөттөрүнө кызыгуу күчөдү. Бул — мезгилдин, келечекке умтулган элдин талабы.

Улуу бабабыз Жусуп Баласагын өз чыгармасы аркылуу «макрокосмос» менен «микрокосмостун» данакери катары, «айың менен күнүңдүн ширөөсүнөн бүткөн» улуу инсан катары улуу турмуш жолунда саякатын уланта берет. Анткени, ал өткөн менен келечектин шайкештигин данакерлеген даанышман ойчул.

Сөзүбүздүн соңунда ойчул-акын Жусуптун философиялык кредосун кыскача квиетизмден — гуманизмге деп туюндурсак болот, анткени ал өзүнүн окуусунда замандаштарын, кийинки урпактарын бүтүндөй адамзатты поэтикалык формадагы сыйкырдуу саптары менен орто кылымдагы официалдуу диний идеологиянын негизги жоболорунун биринен б. а. жашоо-турмуштун ачуу-таттуусуна кайыл, кайдигер карап, жараткандын гана ырайымына ишенип, анын эркине баш ийип тиричилик кылууну талап кылган квиетизмден четтеп, өмүрдү жашоону, инсанды кадырлай-барктай, сүйө билүүгө үндөгөн гуманизмге чакырат.

*АСКАР АБДЫКАДЫР БЕКБО,*
философиянын илимдеринин кандидаты,
Кыргызстан Ленин комсомолунун
сыйлыгынын лауреаты



*Бисмилла рахман рахим!*

*Кудурети күчтүү улуу Теңирге урмат жана даңк, ал улуулардын улуусу, бүткүл ааламдын падышасы; жерди-көктү жараткан, кыбыр эткен жан-жаныбарларга жан салган да өзү, тилегендин тилегин берген, бардык каалаганын өтөгөн да өзү, көңүлүнө келгени ишке ашкан, каалаганы кабыл болгон, ойлогону орундалган да бир кудайымдын өзү. Бардык жан-жаныбарлардын улугу, теңиримдин тиреги Мухаммед пайгамбарга миң мертебе алкыш, анын жолун жолдоочуларды бир кудайым өзү колдосун.*

*Бул китептин атагы артык. Чин*[1] *акылмандарынын санат сөздөрү менен Мачин*[2] *даанышмандарынын ырларына сугарылып жаратылган бул китепти окуган жана урматтаган адамдын өзү урмат-сыйга ээ болуп, зоболосу көтөрүлсүн. Мачиндин акылман жана окумуштуу билермандары Чыгыш тараптагы Түркстандын элдеринде, бograхан тилинде жана түрк сөзү менен мындан жакшыраак ыр жыйнагын эч ким түзбөгөндүгүн ырастап жатышат.*

*Бул китеп кайсы падышага же кай тарапка жетпесин өзүнүн өзгөчө жатыктыгы жана чексиз көркөмдүгү аркылуу, андагы акылмандар менен окумуштуулардын купулдарына толуп, алардын ар кимисинин ар түрдүүчө наам берүүсүнө татыктуу болду. Чиндин төрөлөрү бул китепти «Такывалык жыйнак» деп аташты, Мачиндин өкүмдарларынын мурасчылары «Мамлекет түркүгү» дешти, Чыгыш өлкөлөрүнүн акимдери «Өкүмдарлар зыйнаты» деген ат беришти, ирандыктар — түрктөрдүн «Шах китеби» деп коюшту, айрымдар болсо — «Өкүмдарларга осуят китеп» дешип; турандыктар муну «Куттуу билим» деп аташты.*

*Бул китепти жазган Баласагындык такыва сыпаа киши. Ал китебин Кашкарда бүтүрүп, чыгыштын өкүмдары Тавгач-хандын ордосуна тартуу кылды, өкүмдар ага зор урмат-сый көрсөтүп, хас-хажиб наамын берип, анын зоболосун көтөрдү, ошондон анын Улуу хас-хажиб Жусуп аты оздон түшпөй даңкталып келет.*

---

[1] Чин-Түндүк Кытай.
[2] Мачин — Түштүк Кытай

*Бул китептин өзөгү — айрым өзгөрбөс, түбөлүктүү түшүнүктөрдөн турат: биринчиси — адилет, экинчиси — дөөлөт, үчүнчүсү — акыл, төртүнчүсү — каниет делип, алардын ар бирине түркчө өз аттары берилген; Адилетти — Күн тууду Элик атаган, бул өкүмдар; Дөөлөттүн аты — Айтолду, ал — увазир, Акылга — Акдилмиш деген ат берилген, ал увазирдин уулу, а Каниет болсо — Өткүрмүш аталып, анын иниси делген. Мына ушулардын ортосунда өз ара сүйлөшүүлөр, суроо-жооптор аркылуу санжыра чечмеленет.*

*Бул китепти окугандын көңүлү көкөлөп, кудай жол берсе, китепти жазган адамдын ысмына дуба окуп койсун.*



Тирүүлөрдүн баарынан кудай улуу,
Бир өзүнө татыктуу урмат кылуу.

Ал улук да, күчтүү дагы ченемсиз,
Агаруу да, көгөрүү да жок ансыз.

Жерде, көктө күн көргөндүн эгеси,
Сага жашоо, өмүр берген дагы өзү!

Бардык жанга ичерине аш берди,
Баары тойлойт, өзү билбейт ичкенди.

Тирүүлөргө ач койбостон кам көрөт,
Жээрине аш, ичерине суу берет.

Тилегендин ой-тилегин болтурат,
Мээри түшсө — зоболосун зор кылат.

Кудайымдын элчисине ырахмат,[1]
Жолун жолдоп жүргөндөргө урмат-даңк!!

Калктын башы ал Мухаммед пайгамбар,
Көптүн жүзү көрө турган көзү ал.

Ушул китеп улуу күндөр жемиши,
Билимдүүгө — терең билим деңизи.

Чексиз баалуу билимдердин ширеси,
Аны окуп каниет табар ким өзү?

[1] Сөз курандагы Мухаммед пайгамбар тууралында бара жатат.

Жалаң акыл-насаат сөздөн түзүлгөн,
Шуру сымал жибек жипке тизилген.

Чыгыштын да, Мачиндин да бектери,
Жана толгон акылмандар бүт эми,

Бул китепти менчик мүлк деп эсептеп,
Казнасында бек сакташты шекөттөп.

Мурас кылып бир-бирине беришти,
Наадандарга карматпады өз мүлктү.

Эң пайдалуу, эң керектүү, а бирок,
Көп түрктөргө түшүнүгү жогураак.

Уккан жанга жетет мунун мааниси,
А жазуусун — окуй албайт көп киши.

Ким китепти окуй билсе күтүнө,
Эки дүйнө жарык берер ишине.

Акимдери Мачин менен Чиндин да,
Бир оздон жактырышты чынында.

Чыгыш жакта, жамы түрктүн элинде,
Буга тете китеп жок дейт эч кимде.

Бул китептин баркын билет окуган,
Билимсиздин эмне келет колунан!

Билимсиздер баркын билбес, андайга,—
Кыйбас тууган болсо дагы карматпа!

Билимсиздер кантип окуп, түшүнөт?
А билимдүү окуйт, барктайт, күтүнөт.

Китеп сөзү — Бохрахан[1] заң-зили,
Маңызы да, өзөгү да хан тили.

Мындан артык мурун китеп бар беле?
Жаралабы кийин буга тең, тете?

Эгер чыкса андай белдүү азамат,
Даңктаганга мен даярмын кубаттап.

Бардык жерде, бардык жеткен ордодо,
Бул китепке түрдүү наам жолдоду.

[1] Тавтач Кара Бограхан — Жусуптун заманында Караханиддердин мамлекетинин ханы, ордосу Кашкарда болгон. Кыргыздар аны Кара Буура хан деп да аташкан.

Ар бир элдин улуктары чыгарып,
Ат бериштн өз заңына ылайык.

«Такывалык жыйнак» дешти бүт Чинде,
«Мамлекет түркүгү» дейт Мачинде.

А Чыгыштын улуктары атактуу,
«Өкүмдарлар зыйнаты» деп аташты.

«Шах китеби» — деп коюшту ирандар,
«Куттуу билим» деп аташты турандар.

Ар тилде китеп аты башка-башка,
Бирок да түшүнүктүү бардык жакта.

Улуктур, бул китепке ат бергендер,
Жараткан ал пенденин тилегин бер.

Китепти окуй турган окурманым,
Көркүнө түрк сөзүнүн нак тунарсың.

Билерсиң пайдасы көп, көпкө мунун,
Бийликтүү өкүмдарга керек мунум.

Китепте акылмандар насааты бар,
Башкаруу ыкмалары эсте тутар.

Падыша өз өлкөсүн сактоо жөнү,
Кандай шарт, кандай тартип керектиги,

Өлкөнү не ойрондоп, неден топтойт,
Бийликти эмне сактап, эмне жоктойт.

Черүүнү кантип топтоп, кандай жолго,
Жүрүштө баштоо керек жол болгондо.

Баарына бул китепте түшүнүк бар,
Такталып орду-ордуна келген алар.

Өлкөнүн камын көрчү мыкты улук,
Иш берет иштерманга тандап туруп.

Ал болсо терең ойлуу, акылга бай,
Анда ал — түнкү чырак, көктөгү Ай.

Укук бар өкүмдарда: ал — журт ээси,
Журтта да милдет — укук бар го дечи.

Ардактоо падышасын элдин наркы,
А элин сактоо, коргоо — анын парзы.

Башкарса ким өлкөнү — ал согушчан,
Кол курап, уруш жолун жолдоп ыкчам.

Канткенде душман колун жеңип алар,
Китепте кеп-сөз болот айла-амал.

Канткенде бек каарман болуу керек,
Канткенде элге бейпил жашоо берет.

Эл баалайт, колдойт андай өкүмдарды,
Көксөшөт көңүлүнөн баш урганды.

Беделдүү белин чечип кызмат кылсын,
Беделсиз урмат-сыйдан алыс турсун.

Мында бар жакшыларды баалай билүү,
Жана да жамандардан алыс жүрүү.

Бири ушу — бузуктардын башын алуу,
Экинчи — жакындарды коргоп калуу.

Билимдүү, жөндүү жана баатыр жүрөк,
Казнаны бөксөртпөстөн кармоо керек.

Бар болсо бардык элдин ынтымагы,
Ишиңдин артып турар ырахаты.

Бул акыл-насаатарым айткан сага,
Дуба кыл унутпастан өзүң мага.

Эске тут, бул китепти жазган адам,
Атактуу, сыпаа, сөзмөр болгон абдан.

Акылдуу, түркүн-түркүн билим билип,
Жүрүптүр эл ичинде ойноп-күлүп,

Ал жетип журт ичинде урмат-баркка,
Бай экен калыс сөзгө, акыл-наркка,

Күз-Ордо[1] — анын туулуп-өскөн жери,
Жатык тил, учкул сөздүү тууган эли!

Шык айдап тууган жерден чыгып кетти,
Бүткөрдү бөтөн жерде бул китепти.

---

[1] Балким байыркы Бурананын (Баласагындын) бир аты Күз Ордо же Күз Ордөө болсо керек. Кыргыздар күз айында жайлоодон түшүп, кайра кыштоого көчкөнчө турук алчу жайы болгон окшобойбу. Ошон үчүн Күз Ордо же Күз Өрдөө деп атаганго деп ойлойбуз.



3—2190

Багыштап бардык дитин жазып накта,
Эмгегин аяктады Кашкар жакта.

Алдында падышанын окуйт муну,
Ал — Тавгач Кара Буура хандар ханы.

Белекке эсеп жеткис берди дүйнө,
Калам акы, ак пейли көңүлүнө.

Анан да Хас-Хажибдик наамын берип,
Өзүнө кызматка алды жакын көрүп.

Кадырлап ага берген ушул наамын,
Хас Хажиб Жусуп дешчү — унутпагын!

Баянын кабар этти, түшүнөбүз:
Төрт өзөк — бул китепти түзгөн негиз.

Адилет — анын бири, чындык жолу,
Дөлөт — дейт экинчиси, бакыт оюю.

Негизи үчүнчүнүн — акыл, ойлук.
Төртүнчү — каниет делет, кылуу топук.

Орундуу ар бирине ат берилет,
Айтууга анын баарын кезек келет.

Күнтууду элик деди — адилетти,
Өкүмдарлык милдети адилеттүү.

Айтолду — деп атады дөөлөт ысмын,
Увазир, өкүмдарга, даана уккун.

Акидилмиш — акыл аты, оюу терең,
Уулу увазирдин болгон экен.

Өткүрмүш — деп атады каниетти,
Ини экен увазирге билген көптү.

Билим ал: ушул төрттө маани — ой бар,
Китеп бүттү,— тизилди керек ырлар.

Китеп көп арап, тажик тилдеринде,
Бул китеп эң биринчи биздин тилде.

Билимдүү бул китептин баркын билет.
Окуган акыл-оюн эске түйөт.

Сен үчүн түркчө ырлар тартуу кылдым,
Окуурда мага арнап дуба кылгын.

Өтөрмүн бул дүйнөдөн, уккун өзүң,
Акыл тут айткандарды ачып көзүң.

О, кудай, ак пейлиңди арттыра көр,
Жамы журт, момундарга кеңчилик бер!



## МАЗМУНУ

### *КУТ БИЛИМИ*

*Бисмилла рахман рахим*


1. Жараткан кудайымдын урматына, анын улуулугу да, урматы да арта берсин . . . . . . . . . . 1—33
2. Пайгамбардын жакшы сапаттары тууралында, анын ырайымы арта берсин . . . . . . . . . . 34—48
3. Пайгамбардын төрт шакиртинин сапаттары тууралында, анын ырайымы арта берсин . . . . . . . . . . 49—62
4. Арстан хандын небереси, Али-Хасандын уулу, акыйкат менен диндин таянычы, улуу жеңгер, ашкан айкөл, ардактуу өкүмдар Тавгач-Буура-Кара-хандын жаркын жаздай маанайын урматтоо менен, анын башынан кудайымдын ырайымы кетпесин . . . . 63—123
5. Асман курунун он эки белгиси менен жети планетасы тууралында . . . . . . . . . . 124—147
6. Адам баласынын эң жакшы сапаттары билим менен акылында экендиги баяндалат . . . . . . . . . . 148—161
7. Тилдин асыл сапаттары жана пайда-зыяны тууралында баяндалат . . . . . . . . . . 162—191
8. Китеп ээси кечирим сурайт . . . . . . . . . . 192—229
9. Жакшы иштердин сонун сапаттары жана пайдасы тууралында айтылат . . . . . . . . . . 230—286
10. Окуу менен билимдин пайдасы жана өзгөчөлүктөрү баяндалат . . . . . . . . . . 287—349
11. Бул китептин атынын берилиши жана карылык тууралында баяндалат . . . . . . . . . . 350—397
12. Баяндын башкы каарманы, жеткен адилет Күнтууду Элик тууралында айтылат . . . . . . . . . . 398—461

13. Айтолдунун Күнтуудуга кызматка өткөнү тууралуу ай-
тылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 462—580
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 462—580
Хас-хажибдин Күсөмүшкө айткан жообу . . . . . . . . 509—510
Күсөмүштүн Айтолдуга айткан сөзү . . . . . . . . . . 511—518
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 519—522
Хажибдин Айтолдуга берген суроосу . . . . . . . . . 523—525
Айтолдунун хажибге айткан жообу . . . . . . . . . . 526—529
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 530—537
Хажибдин Айтолдуга айткан жообу . . . . . . . . . . 538—541
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 542—552
Хажибдин Айтолдуга айткан жообу . . . . . . . . . . 553—557
Айтолдунун хажибге айткан жообу . . . . . . . . . . 558—560
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 561
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 562—569
Эликтин хажибге айткан жообу . . . . . . . . . . . 570—573
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 574—580
14. айтолдунун Күнтууду Эликтин алдына келиши тууралуу
айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 581—619
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 581—588
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . 589—592
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 593
Эликтин Айтолдуга айткан жообу . . . . . . . . . . . 594—597
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . 598—600
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 601—619
15. Айтолдунун өзү Дөөлөт экендиги тууралуу айтылат . . . . . 620—656
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 620—636
Айтолдунун Эликке берген суроосу . . . . . . . . . . 637—542
Эликтин Айтолдуга айткан жообу . . . . . . . . . . . 643—656
16. Айтолду Эликке Дөөлөттүн сапаттары тууралуу айтат . . . . 657—764
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 657—670
Эликтин Айтолдуга берген суроосу . . . . . . . . . . 671—672
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . 673—682
Эликтин Айтолдуга берген суроосу . . . . . . . . . . 683
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . 684—696
Эликтин Айтолдуга берген суроосу . . . . . . . . . . 697
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . 698—700
Эликтин Айтолдуга берген суроосу . . . . . . . . . . 701
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . 702—713
Эликтин Айтолдуга айткан жообу . . . . . . . . . . . 714—719
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . 720—727
Эликтин Айтолдуга берген суроосу . . . . . . . . . . 728—729
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . 730—750
Эликтин Айтолдуга айткан жообу . . . . . . . . . . . 751—764
17. Күнтууду Элик Айтолдуга Адилеттин сапаттары тууралуу
айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 765—719
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 765—773
Эликтин Айтолдуга берген суроосу . . . . . . . . . . 774—775
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . 776—784

Эликтин Айтолдуга берген суроосу . . . . . . . . . . . . 785
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . . 786—791
18. Күнтууду Элик Айтолдуга адилеттин сапаттарынын мааниси
туурасында айтып берет . . . . . . . . . . . . . . . 792—954
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 792—822
Айтолдунун Эликке берген суроосу . . . . . . . . . . . . 823
Эликтин Айтолдуга айткан жообу . . . . . . . . . . . . 824—835
Айтолдунун Эликке берген суроосу . . . . . . . . . . . . 836—845
Эликтин Айтолдуга айткан жообу . . . . . . . . . . . . 846—853
Айтолдунун Эликке берген суроосу . . . . . . . . . . . . 854—855
Эликтин Айтолдуга айткан жообу . . . . . . . . . . . . 856—858
Эликтин Айтолдуга берген суроосу . . . . . . . . . . . . 859—861
Эликтин Айтолдуга айткан жообу . . . . . . . . . . . . 862—869
Айтолдунун Эликке берген суроосу . . . . . . . . . . . . 870—871
Эликтин Айтолдуга айткан жообу . . . . . . . . . . . . 872—895
Айтолдунун Эликке берген суроосу . . . . . . . . . . . . 896—898
Эликтин Айтолдуга айткан жообу . . . . . . . . . . . . 899—906
Айтолдунун Эликке берген суроосу . . . . . . . . . . . . 907—908
Эликтин Айтолдуга айткан жообу . . . . . . . . . . . . 909—938
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . . 939—950
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 951—954
19. Айтолду Эликке тилдин жакшы сапаттары жана
сөздүн пайдасы туурасында айтат . . . . . . . . . . . 955—1044
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 955—956
Эликтин Айтолдуга берген суроосу . . . . . . . . . . . . 957
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . . 958—967
Эликтин Айтолдуга берген суроосу . . . . . . . . . . . . 968—975
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . . 976—980
Эликтин Айтоолдуга берген суроосу . . . . . . . . . . . . 981—983
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . . 984—994
Эликтин Айтолдуга берген суроосу . . . . . . . . . . . . 995—997
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . . 998—999
Эликтин Айтолдуга берген суроосу . . . . . . . . . . . . 1000
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . . 1001—1003
Эликтин Айтолдуга берген суроосу . . . . . . . . . . . . 1004
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . . 1005—1009
Эликтин Айтолдуга берген суроосу . . . . . . . . . . . . 1010—1011
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . . 1012—1016
Эликтин Айтолдуга берген суроосу . . . . . . . . . . . . 1017—1018
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . . 1019—1028
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1029—1044
20. Куттун кубулмагы жана Дөөлөттүн туруксуздугу
туурасына айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . 1045—1157
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1045—1068
Эликтин Айтолдуга берген суроосу . . . . . . . . . . . . 1069
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . . 1070—1079
Эликтин Айтолдуга айткан жообу . . . . . . . . . . . . 1080—1084
Айтолдунун Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . . 1085—1106
Эликтин Айтолдуга айткан жообу . . . . . . . . . . . . 1107—1109

. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1110—1157
21. Айтолду уулу Акдилмишке акыл-насааттарын айтат . . . . . . 1158—1277
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1158—1183
Акдилмиштин Айтолдуга берген суроосу . . . . . . . . . . 1184—1194
Айтолдунун Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . 1195—1202
Акдилмиштин Айтолдуга айткан жообу . . . . . . . . . . 1203—1207
Айтолдунун Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . 1208—1228
Акдилмиштин Айтолдуга айткан жообу . . . . . . . . . . 1229—1248
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1249—1250
Айтолдунун Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . 1251—1264
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1265—1277
22. Айтолдунун уулу Акдилмишке айткан осуяттары туурасында баяндалат . . . . . . . . . . . . . . . . . 1278—1341
23. Айтолдунун Күнтууду Эликке жазып калтырган керээзи туурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . 1242—1547
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1242.1495
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1496—1547
24. Күнтууду Элик Акдилмишти өзүнө чакырткань тууралуу айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1548—1580
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1548—1552
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 1553—1555
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1556—1580
25. Акдилмиштин Эликке киргени туурасында айтылат . . . . . 1581—1590
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1581
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 1582—1584
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 1585—1590
26. Акдилмиштин Күнтууду Эликке кызматка киргендиги тууралуу айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1591—1849
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1591—1600
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 1601—1603
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1604—1654
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 1655—1657
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 1658—1664
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 1665
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 1666—1676
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 1677—1678
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 1679—1683
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1684—1691
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1692—1715
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1716—1750
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1751—1763
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1764—1790
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 1791—1795
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 1796—1814
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 1815—1816
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 1817—1831
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 1832—1834
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 1835—1846
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 1847—1849

27. Акдилмиш Эликке акылдын маанисин айтат . . . . . . . . . 1850—1920
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1850—1871
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . . 1872—1885
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1886—1888
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 1889—1891
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . 1892—1893
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 1894—1895
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . 1896—1902
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 1903—1904
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . 1905—1908
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . . 1909—1910
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . 1911—1916
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . . 1917
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . 1918—1920
28. Бектикке ылайыктуу бектин кандай болушу . . . . . . . . 1920—1925
керектиги туурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . 1921—1929
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1921—1929
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . 1930—1936
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . . 1937—1947
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . 1948—2145
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2146—2174
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 2175—2180
29. Акдилмиш Эликке увазирликке жарактуу адамдын
кандай болушу керектигин айтат . . . . . . . . . . . . 2181—2268
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2181—2264
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 2265—2268
30. Акдилмиш Эликке аскербашы кандай болушу
керектигин айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2269—2434
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2260—2416
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2417—2428
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2229
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 2430—2434
31. Акдилмиш Эликке улуу хажибдик кызматка кимдер
татыктуу экенин айтат . . . . . . . . . . . . . . . . 2435—2527
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2435—2525
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 2526—2527
32. Акдилмиш Эликке кандай киши ордо башы боло
ала тургандыгын айтат . . . . . . . . . . . . . . . . 2528—2595
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2528—2591
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 2592—2595
33. Акдилмиш Эликке элчиликке барчу адам кандай
болордугун айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2596—2671
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2596—2668
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 2669—2671
34. Акдилмиш Эликке катчы киши кандай болушу
керектигин айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2672—2742
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2672—2710
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2711—2739
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 2740—2742

35. Акдилмиш Эликке казыначылык милдет аткарчу
адам кандай болушу керектигин айтат . . . . . . . . . . . 2743—2827
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . . 2823—2827
36. Акдилмиш Эликке башкы ашпозчу кандай адам
болушу керектигин айтат . . . . . . . . . . . . . 2828—2882
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2883—2876
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2877—2879
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 2880—2882
37. Акдилмиш Эликке суусун башы адам кандай болушу
керектигин айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2883—2956
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2883—2926
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2927—2932
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2933—2943
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2944—2947
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 2948—2949
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 2950—2955
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 2956
38. Акдилмиш Эликке бектер кызматчыларына кандай
мамиле кылышы керектигин айтат . . . . . . . . . . . 2957—3186
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 2957—3014
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 3015—3024
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 3025—3049
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3050
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . 3051—3060
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3061—3066
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3067—3092
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3093—3096
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 3097—3101
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 3102—3115
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3116—3119
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 3120—3136
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 3137—3152
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 3153—3156
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 3157—3156
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . 3161—3174
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 3175—3184
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . 3185—3186
39. Күн тууду Элик Өткүрмүшкө кат жазып, аны кантип
жөнөткөнү тууралы айтылат . . . . . . . . . . . . 3187—3286
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3187—3218
Эликтин Өткүрмүшкө айткан насааты . . . . . . . . . 3219—3274
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3275—3280
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3281—3288
40. Акдилмиштин Өткүрмүшкө аттанганы туурасында айтылат . . . 3289—3317
Өткүрмүштүн Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . 3302—3305
Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . 3306—3317
41. Өткүрмүш менен Акдилмиштин маеги туурасында
баяндалат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3218—3511
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3318—3320

Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . 3321—3333
Өткүрмүштүн Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . 3334—3366
Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . . 3367—3375
Өткүрмүштүн Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . 3376—3402
Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . . 3403—3450
Өткүрмүштүн Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . 3451—3453
Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . . 3454—3471
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3472
Өткүрмүштүн Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . 3473—3475
Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . . 3476—3481
Өткүрмүштүн Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . 3482—3486
Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . 3487—3511
42. Өткүрмүш Акдилмишке бул дүйнөнүн көйүн айтат . . . . . . 3512—3645
43. Акдилмиш Өткүрмүшкө бүгүн кызмат өтөө менен
эртеңкиге ээ болуу жолу айтат . . . . . . . . . . . 3646—3712
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3646—3681
Өткүрмүштүн Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . 3682—3706
Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . . 3707—3712
44. Өткүрмүштүн Эликке жооп кат жазып жөнөткөн-
дүгү туурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . 3713—3825
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3713—3810
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3811—3820
Акдилмиштин Өткүрмүшкө аткан жообу . . . . . . . . . 3821—3825
Өткүрмүштүн Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . 3826—3832
Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . . 3833
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3834—3841
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . 3842—3843
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3844—3848
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . 3849—3857
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . . 3858—3861
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . 3862—3865
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . . 3866—3874
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . 3875—3887
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . . 3888—3889
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . . 3890—3892
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . . 3893—3895
45. Күнтууду Элик Өткүрмүшкө экинчи катты жөнөткөн-
дүгү туурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . 3896—3970
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3896—3940
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3941—3945
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3946—3959
Өткүрмүштүн Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . 3960—3964
Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . . 3965—3968
Өткүрмүштүн Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . 3969—3970
46. Акдилмиш менен Өткүрмүштүн экинчи маеги
туурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . 3971—3994
Өткүрмүштүн Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . 3995—4004
Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . . 4005—4006
Өткүрмүштүн Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . 4007—4016

Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . . . 4017—4022
Өткүрмүштүн Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . 4023—4026
Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . . . 4027—4030
47. Акдилмиш Өткүрмүшкө бектерге кызмат кылуунун жол-жобосун айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4031—4164
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4031—4154
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4155—4158
Өткүрмүштүн Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . 4159—4164
48. Акдилмиш ордо кызматчыларына кандай мамиле керектигин айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4165—4319
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4165—4313
Өткүрмүштүн Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . 4318—4319
49. Акдилмиш Өткүрмүшкө караман элге кылчу мамиле туурасында айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4320—4335
50. Теги мыкты адамдарга кандай мамиле керектигин айтат . . . . 4336—4340
51. Даанышман, илимдүү адамдарга кандай мамиле керектигин айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4341—4354
52. Дарыгерлерге кандай мамиле керектигин айтат . . . . . . . 1355—1360
53. Эмчилерге кандай мамиле керектигин айтат . . . . . . . . 4361—4365
54. Түш жоручуларга кандай мамиле керектигин айтат . . . . . 4366—4375
55. Жылдыз саноочуларга кандай мамиле керектигин айтат . . . . 4376—4391
56. Акындарга кандай мамиле керектигин айтат . . . . . . . . 4392—4399
57. Дыйкандарга кандай мамиле керектигин айтат . . . . . . . 4400—4418
58. Соодагерлерге кандай мамиле керектигин айтат . . . . . 4419—4438
59. Малчыларга кандай мамиле керектигин айтат . . . . . . . 4439—4455
60. Усталарга кандай мамиле керектигин айтат . . . . . . . . 4456—4468
61. Кедей-кембагалдарга кандай мамиле керектигин айтат . . . . 4469—4474
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4469—4471
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4472—4474
62. Өзүнө аялды кантип тандоо керектиги туурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4475—4503
63. Уул менен кыздарды кандай тарбиялоо керектиги айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4504—4526
64. Кол астындагыларды кандайча татыктуу кармоо керектигин айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4527—4532
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4527—4564
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4565—4566
Өткүрмүштүн Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . 4567—4572
65. Акдилмиш Өткүрмүшкө конокко баруунун жол-жобосун айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4573—4643
66. Акдилмиш Өткүрмүшкө конокко чакыруунун жол-жобосун айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4644—4679
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4644—4676
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4677—4679
67. Өткүрмүш Акдилмишке бул дүйнөнүн көйүн унутуп, болгонго каниет кылууну айтат . . . . . . . . . . 4680—4933
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4680—4873
Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . . 4874—4880
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4881—4897

| | |
|---|---|
| Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . | 4898—4899 |
| Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . | 4900—4902 |
| Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . | 4903—4918 |
| Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . | 4919—4931 |
| . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . | 4932—4933 |
| 68. Күнтууду Элик Өткүрмүштү үчүнчү жолу чакыртканы туурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . | 4934—5030 |
| . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . | 4934—4940 |
| Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . | 4941—4944 |
| Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . | 4945—4954 |
| Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . | 4955—4957 |
| . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . | 4958—4972 |
| Өткүрмүштүн Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . | 4973—4976 |
| Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . | 4977—4989 |
| Өткүрмүштүн Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . | 4990—5009 |
| . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . | 5010—5015 |
| Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . . | 5016—5017 |
| Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . | 5018—5019 |
| Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . | 5020—5026 |
| . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . | 5027—5030 |
| 69. Өткүрмүштүн Акдилмишке келиши туурасында айтылат . . . . | 5031—5034 |
| 70. Күнтууду Эликтин Өткүрмүш менен жолукканы туурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . | 5035—5039 |
| Өткүрмүштүн Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . | 5040—5049 |
| Эликтин Өткүрмүшкө берген суроосу . . . . . . . . . . | 5050—5053 |
| Өткүрмүштүн Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . | 5054—5071 |
| Эликтин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . . . | 5072—5080 |
| Өткүрмүштүн Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . | 5081—5091 |
| Эликтин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . . . | 5092—5103 |
| Өткүрмүштүн Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . | 5104—5113 |
| Эликтин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . . . | 5114—5117 |
| Өткүрмүштүн Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . | 5118—5125 |
| Эликтин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . . . | 5126—5131 |
| 71. Өткүрмүштүн Эликке айткан акыл-кеңеши туурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . | 5132—5466 |
| . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . | 5132—5390 |
| . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . | 5391—5396 |
| Эликтин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . . . | 5397—5401 |
| Өткүрмүштүн Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . | 5402—5438 |
| . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . | 5439—5454 |
| Эликтин Өткүрмүшкө берген суроосу . . . . . . . . . . | 5455—5466 |
| 72. Акдилмиш Эликке эл башкаруунун жол-жоболосун айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . | 5467—5631 |
| . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . | 5467—5492 |
| Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . | 5493—5499 |
| Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . | 5500—5608 |
| . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . | 5609 |
| Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . | 5610—5621 |
| . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . | 5622—5631 |

73. Акдилмиштин өткөн өмүргө кейип, тобо кылышы
туурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . 5632—5720
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5632—5662
Акдилмиштин Эликке берген суроосу . . . . . . . . . 5663—5664
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . 5665—5667
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5668—5684
Өткүрмүштүн Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . 5685—5687
Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . 5688—5720
74. Өткүрмүштүн Акдилмишке берген кеңеши туурасында
айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5721—5761
75. Адилетке — адиеттик, адамгерчиликке — адамгерчилик кылуу туурасында айтылат . . . . . . . . . . 5762—5952
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5762—5815
Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . 5816—5821
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5822—5830
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . 5831—5834
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . 5835—5845
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . 5846—5853
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . 5854—5878
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . 5879—5893
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . 5894—5933
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . 5934—5937
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5938—5949
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5950—5952
76. Өткүрмүш ооруп калып, Акдилмишти чакыртканы
туурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . 5953—5992
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5953—5954
Кызматчысынын Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . 5955
Акдилмиштин кызматчыга берген суроосу . . . . . . . 5956
Кызматчысынын чабарманга берген суроосу . . . . . . 5967
Чабармандын кызматчыга айткан жообу . . . . . . . . 5958
Кызматчысынын Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . 5959
Акдилмиштин чабарманга берген суроосу . . . . . . . 5960—5961
Чабармандын Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . 5962—5963
Акдилмиштин чабарманга айткан жообу . . . . . . . . 5964
Чабармандын Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . 5965—5966
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5967—5972
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5973—5974
Акдилмиштин Өткүрмүшкө берген суроосу . . . . . . . 5975
Өткүрмүштүн Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . 5976—5977
Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . 5978—5985
Өткүрмүштүн Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . 5986—5988
Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . 5989—5992
77. Акдилмиш Өткүрмүшкө түш жоруу туурасында айтат . . . . 5993—6031
78. Өткүрмүш Акдилмишке кандай түш көргөнүн айтып
берет . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6032—6036
Акдилмиш Өткүрмүштүн түшүн кандайча жоруу
керектигин айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6037—6046
80. Өткүрмүш ошол эле түштүн башкача жорулушун айтат . . . . 6047—6086

81. Өткүрмүштүн Акдилмишке калтырган керээзи тууурасында айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6087—6285
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6087—6185
Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу . . . . . . . . 6186—6187
Өткүрмүштүн Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . 6188—6195
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6196—6209
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6210—6226
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . 6227—6235
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 6236—6237
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . 6238—6242
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 6243—6244
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . 6245—6264
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 6265—6272
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . 6273
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6274—6278
Акдилмиштин Эликке берген суроосу . . . . . . . . . 6279—6280
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . 6281—6282
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6283—6285
82. Өткүрмүштүн шакирти Акдилмишке Өткүрмүштүн өлүмүн угузат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6286—6292
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6286—6291
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6292
83. Өткүрмүштүн шакирти Акдилмишке кантип көңүл айтканы тууурасында айтылат . . . . . . . . . . . . 6293—6298
84. Акдилмиш Өткүрмүштүн өлүмүнө кайгырышы тууурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . 6299—6303
85. Эликтин Акдилмишке көңүл айткан тууурасында айтылат . . . . 6304—6520
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6304—6319
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6320
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 6321—6324
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . 6325—6327
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6328—6337
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6338—6346
Эликтин Акдилмишке берген суроосу . . . . . . . . . 6347—6350
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 6351
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 6352—6357
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . 6358
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 6359—6378
Эликтин Акдилмишке айткан жообу . . . . . . . . . . 6379—6386
Акдилмиштин Эликке айткан жообу . . . . . . . . . . 6387—6409
I Өткөн жаштыкка өкүнүп, карылык тууурасында айтат . . . . . 6521—6564
II Мезгилдин катаалдыгы, достордун мерездиги тууурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . 6565—6606
III Бул китепти жаратуучу Жусуп улуу хажиб өзүнө керээз айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6505—6645
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6410—6419
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6420—6455
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6426—6450
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6451—6494



*Бисмиллахи-рахмани-рахим*

## 1

## ЖАРАТКАН КУДАЙДЫН УРМАТЫНА, АНЫН УЛУУЛУГУ ДА, ДАҢКЫ ДА АРТА БЕРСИН!

1 Мен сөзүмдү баштадым кудайым деп,
Жараткандын жалгаса амири көп.

Даңкына, урматына санак жетпес,
Кудайым түбөлүктүү, өлбөс — өчпөс.

Жаратты жерди, көктү, Күн, Ай, түндү,
Жашоону жан-жаныбар жасап түрдүү.

Каалады тирчиликти жаратканды,
Болтурду, «бол» дегени болуп калды.

5 Жаралгандын бардыгы муңдуу дечи,
Муң билбес жаратканым жалгыз өзү.

Бир болсо түбөлүктүү кудай муңсуз,
Башкага мындай ысым ылайыксыз.

Улуулук — сенин гана улуу белгиң,
Теңдеш жок, бир өзүңө, болбойт эч ким.

Сага эч ким кошула албайт, сен — бүтүнсүң,
Аягы, башы да сен — бардык иштин!

Бул сенин бүтүндүгүң ченем болбойт,
Дүйнөдө баарын сенин эркиң колдойт.

Чынында түбөлүктүү бир өзүңсүң —
Бирөөсүң, кошулбайсың өзүңө-өзүң!

Сен өзүң ичте-тышта дайым барсың,
Көрбөйбүз, көңүлдөсүң дайым — ал чын.

Сен барсың бардык жерде Күн, Ай сымал,
Мааниңди жашыргансың көрүп турар.

Бул сенин бүтүндүгүң — тирилик эмес,
Тирликти өзүң бердиң жалган дебес.

Бардыгын сен жараттың, жанды, денди,
Баары өлөт, сенсиң жалгыз түбөлүктүү!

Жараткан — бардыгына өзүң дабаа,
Экинин[1] ар биринде белгиң даана.

Жок сага окшош дагы, теңдеш дагы,
Акылга сыйбас анын маңыздары.

Ал — жолдо, үйдө эмес, уктабайт да,
Бирок да баарын көрөт жандан башка.

Оңдон да, солдон дагы, азыр, анан —
Астынан, үстүнөн да жай жок аган.

Баарына орун берип, өзү жайсыз,
Билип ал: эч бир нерсе болбойт ансыз!

Жүрөк сыры, сырдашы көңүлдөрдүн,
Чексиз дүйнө баарында сенин белгиң,

Сен жараттың сандаган тирүүлөрдү,
Түздү, тоону, деңизди, өрөөндөрдү.

Сен асманга жылдыз чачтың көп эле,
Түндү кууп, Күн чыгардың төбөгө.

Учкан, баскан макулуктар сансыз көп,
Бир өзүңдөн ырыс табат ичип-жеп.

Кыйналганда бардык жандар топурап,
Сенин гана таманыңа баш урат.

---

[1] Эки дүйнө жөнүндө деген мааниде айтылат.



Аалам ээси бир кудай деп таанып бил,
Тобоо кылгын, ак дилиңден билип жүр!

Ойлобо анын сырын түшүнөм деп,
Ишенип ойго топук кылганың эп.

Ал кандай, кайда экен деп сурай көрбө,
Сөздү тый, кудай деген бардык жерде.

Кулуңмун — кайгысы көп, — муңсуз Теңир,
Кулуңдун күнөөлөрүн өзүң кечир!

Сыйындым бир өзүңө, мен үмүткөр,
Жыгылсам муңга батып, колуңду бер.

Пайгамбардын үммөтүн жолдой көргүн,
Кыяматта ыйман берип, колдой көргүн.

Төрт шакиртин көтөрүп даңктай бергин,
А мени, пайгамбарым, сактай көргүн!

Кыяматта жүзүн көрсөт, кудайым,
Дубаларын жанга топук кылайын!

Сага теңдеш мактоо сөздү таппадым,
Сөзүм бүттү. Өзүңдү өзүң даңктагын.

---

## 2

## ПАЙГАМБАРДЫН ЖАКШЫ САПАТТАРЫ ТУУРАСЫНДА, АНЫН ЫРАЙЫМЫ АРТА БЕРСИН!

Кудай колдоп жиберген пайгамбарым,
Эл асылы, адамда жакшы жаным.

Ошондо караңгы түн жарык болуп,
Ал жарык сага түштү куттай конуп.

Ал эле кудайымдын кабарчысы,
Ошондон ыйык жолго кирдиң ушу!

Унутуп атасын да, энесин да,
Улантты ак кызматын мусулманга.

Күндүз ичпей, түндө жатпай ак урду,
Бир сен үчүн жаратканга жалынды.

Азап чекти ал сен үчүн сыйынып,
Сенде милдет,— өтө ишти тик туруп.

Ал дайым үммөтүм деп азапты жеп,
Тиледи тозок отун кечпесе деп.

Ал элге кудай берген ырайымы,
Иши да, өзү дагы ыйык чыны.

Жөнөкөй, сыпаа, бирок иши улуу:
Боорукер, пейили ак, жоомарт ушу.

Ал ыйык — жерде, көктө тегиз бирдей,
Кудайым баарын берген чачпай-төкпөй.

Абалтан башчыларга башчы болуп,
Пайгамбар мөөрүн алды бакыт конуп.

Көңүл бурдум өзүм анын жолуна,
Кабыл туттум айткандарын оюма.

Пейил — оюм бузулгандан оңдой көр,
Сурагыңда пайгамбарым жолдой көр!

Кыяматта бура көрбө жүзүңдү,
Жол көрсөтүп сакта мендей кишиңди!

---

3

## ПАЙГАМБАРДЫН ТӨРТ ШАКИРТИНИН САПАТТАРЫ ТУУРАСЫНДА, КУДАЙЫМ АЛАРГА ЫРАЙЫМЫН ТҮШҮРСҮН!

Төрт шакирти өзүнүн ишенимдүү,
Кеңешип бардык иште бирге жүрдү,

Экиси — кайнатасы, экөө — күйөө,
Баары тең мыкты адамдар асыл бүлө.

Баарынан эң мыктысы, биринчи — Атык[1].
Киши эле кудай деген акылы артык.

---

[1] Атык — куткаруучу деген сөз. Абу-Бекир пайгамбардын бир ысмы.

Мал-жанын, өз жыргалын көздөбөдү,
Кудайымдын ак жолу беттегени.

Да бири теңдеши жок Фарук[1] болду,
Сөзгө бек, ишке тыкан, асыл ойлуу.

Арттырып ак дин үчүн сунган колун
Кеңейтти шариаттын ыйык жолун.

Андан соң — Осмон эле. Акылы мол,
Жоомарттык, кеңдик жактан бербеген жол.

Баарына колу жетти иши менен,
Пайгамбар эки кызды ага берген.

Мураскордун баарынан Аалы[2] күчтүү.
Акылы, баатырдыгы ашып түштү.

Колу ачык, пейили да болгон жакшы,
Акылдан, айкөлдүктөн атак тапты.

Дин, шариат түркүгү мына ушулар,
Динсиздерди жазалап, жайлап турар.

Мага — төрт түркүк сымал төртөө жолу,
Түркүк турса тирлик бар өмүр бою.

Аларга миң мертебе менден салам,
Жеткизгин, колдоп-сүйөп өзүң анан.

Сүйүнсүн арбактары дуба кылсам,
Колдосун кыяматта күнөө кылсам.

---

[1] Омор — пайгамбардын арабча аты, акты караны ачык тааныган адам дегенди билдирет.

[2] Азирет-алы пайгамбар жөнүндө сөз болуп жатат, ал Мухаммет пайгамбардын кызы Айшага үйлөнгөн.

## АРСТАН ХАНДЫН НЕБЕРЕСИ АЛИ-ХАСАНДЫН УУЛУ, АКЫЙКАТ МЕНЕН ДИНДИН ТАЯНЫЧЫ, УЛУУ ЖЕҢГЕР, АШКАН АЙКӨЛ, АРДАКТУУ УЛУУ ӨКҮМДАР

## ТАВГАЧ-БОГРА-КАРА ХАНДЫН ЖАРКЫН ЖАЗДАЙ МААНАЙЫН УРМАТТОО МЕНЕН, АНЫН БАШЫНАН КУДАЙЫМДЫН ЫРАЙЫМЫ КЕТПЕСИН

Чыгыштан жаздын атыр жыты келди,
Бейиштин жыргалындай мээрим берди.

Жер бети кары эрип жыпар чачты,
Бүт дүйнө сулуулукта көркүн ачты.

Жашыл жаз кыш өмүрүн сүрүп салды,
Бакыттын түркүн гүлүн үйүп салды.

Күн кайтты өз жолунан кайрып улам,
Кой жылдызга Балыктын куйругунан.

Бактар кийди окшошуп жашыл көйнөк,
Кызыл, күрөң, кара, көк саймасы көп.

Жапканда жер бетине жашыл торко,
Өкүмдар кербен салды Кытай жолго.

Тоолор да боенгонсуп осмо, басма,
Алоолоп кочкул жашыл ушул чакта.

Түркүн гүлдөр турду миңдеп ачылып,
Айланага ажайып жыт чачылып.

Жакшы жыт коштоп кетти керимселди,
Чулгады аңкыган жыт көктү, жерди.

Каз өрдөк, канаттуулар чууга толуп,
Каркылдап, чурулдашат учуп-конуп.

Талаада уч-кыйры жок самсып учат,
Тоо аралап, чаңкаса көлдөн жутат,

Кыйкуулап көктө турна тизилишкен,
Баратат кербендердей жолго түшкөн.

Улар куш обон созот арзып-арзып,
Сулуу кыз көңүлдөшүн чакыргансып.

Кекилик жанын сабайт, какылыктап,
Кара каш, кызыл тамак, жашыл алкак.

Кара кузгун салаңдатып тумшугун,
Чыгаргансыйт чырлуу кыздай өз муңун.

Булбул сайрайт кубулжутуп гүлзарда,
Күнү-түнү издегенсип бир арга.

Элик ойнойт гүлдүн терип баригин,
Марал ойнойт сая кууп шеригин.

Күн бүркөлсө, булут ыйлап басылаар,
Гүлдөр күлүп, күн тийгенде чачыраар.

Мындай кезде дүйнө өзүнө суктанып,
Турат сүйүү, кубанычка мактанып.

Мага ошондо Аалам өзү үн салды:
«Көрдүңөрбү хакан жүзүн ажардуу?[1]

Ач көзүңдү силкип ташта уйкуну,
Укпадыңбы? Тыңша менде сөз куну.

Жетим элем, жесил элем миң жылдап,
Тарпты таштап, кийим кийдим жаңылап.

Мен жасандым, мага хакан өкүмдар,
Башымды ийип кызмат кылар оюм бар!»

Анан көктөн тарс-тарс этип чагылган,
Хакан кылыч суурургансыйт кынынан.

Албарс кылыч кындан чыгып дүңгүрөп,
Аалам онтойт, элдер чочуйт күңгүрөп.

Аалам ээси, улуу жеңгер Буура-хан,
Эки дүйнө куттуу болсун кыйладан.

Динге таянч, сен — өлкөгө тирексиң,
Элге — таажы, динге — устундай керексиң!

Не тилесең, кабыл болду кудайдан,
Калканч болду, көмөк болду ал саган.

Аалам көркү, сен дасыккан өкүмчүл,
Өлкөгө — Ай, душманына — айбат, сүр!

---

[2] Богра-хан туурасында айтып жатат.

Тагдыр сага өлкө менен так берди,
Теңир сага бийлик менен бак берди.

Бул дүйнөгө бейпил заман орноду,
Бийик алып хакан хакан болгону.

Келгин куштар учуп келди жабылып[1],
Рум менен Ындыстандан агылып.

Хакан ысмын ырга салып ырдашат,
Айлананы кубанч коштоп жыргатат.

Гүлдөр жайнап дүйнө көркүн ашырды,
Асман, жер, тоо жамынышты жашылды.

Өкүмдарга бардык чөп-чар бүгүлүп,
Атыр жытын чачып турду жүгүнүп.

Жыпар жыттуу чылым сунат миң колдор,
Атыр жытка аңкып турат оң-солдор.

Чыгыш жактан белек келет сан жетпей,
Батыш жактан келип иштейт, жок дешпей.

Бакыт өзү босогодон баш багат,
Баш баккандар бакыт жолдоор иш табат.

Бүтүн дүйнө кызматына дапдаяр,
Хан даңкталып, душман тарпы таш жаяр!

Хакандын добулбасы аалам жарып,
Сокур да көзүн ачты тура калып.

Дүйнө тынч, жакшы заңга башын ийип,
Өкүмдар заңдан, тапты даңкты бийик.

Кимде ким акыйкатты келсе самап,
Мынакей өкүмдарды көрсүн карап.

Эгерде бакыт жүзүн көргүң келсе,
Карап ал өкүмдарды миң бир эсе.

Эгер сен ага таалай каалайм десең,
Ак дилден кызмат өтө көңүл менен.

Сен кээде ак жүрөктү аңдаарыңда,
Карап ал акыл чачкан маңдайына!

---

[1] Ар тараптан алдына эл агылып келип жатканы туурасында айтып жатат.

О, даңктуу, адам туну асыл иштүү,
Эч өлбө — эл билбесин жетимдикти!

Кудай сага бийлик, даңкты ыйгарды,
Тобо кылып, тилөө керек ыйманды.

Эл ичинде бир макал бардыгы ырас:
«Уулуна — ата абийири, ысмы мурас!».

А уулу мураска алып жакшы атын,
Арттырат миң бир эсе кубанч затын.

Тартуунун алгандырсың жүзүн, миңин,
Тартуум сага берер «Куттуу билим».

Белектин баары бүтөт, жок да арга,
Мен берген түтөт, турат кылымдарга!

Чогулткан байлык кетер суудай агып,
Жазуунун өмүрү узун күндөй жарык!

Бул китепке хакан аты жазылды,
Өчпөйт атың «Түрк куту» дейт атыңды.

О, кудай, аткара көр кылса — тилек,
Боло көр иштериңде арка, жөлөк!

Досторун алкулум деп, кастарын сой,
Кубанч бер, керектерин таптыра кой!

Баарыга өмүр берер жамгыр төксүн,
Кууураган дарак бүрдөп, токой өссүн.

Мейли аалам тыным албай тегеренип,
Хакан жыргап, душманы болсун өлүк!

Ушул жер астын-үстүн кыйраганча,
Жашыл гүл чөпкө айланып кууураганча.

Түрк кутунун көкөлөп даңкы өссүн,
Көралбастын көздөрүн октор тешсин!

Анан да өкүмдардын максат, тилек —
Баарында кудай болсун арка, жөлөк.

Жыргалын күлкү, кубанч эли көрсүн,
Өзүнө Улукмандын жашын берсин!

5

## АСМАН КУРУНУН ОН ЭКИ БЕЛГИСИ МЕНЕН ЖЕТИ ПЛАНЕТАСЫ ТУУРАСЫНДА

Сөз баштадым Кудайдын аты менен,
Жараткан бар күнөөмдү кечирсе экен.

Жаратты эрки менен аалам, жерди,
Ааламга жарыктыкка Күн, Ай берди.

Тегеренме асманды жасап койду,
Түбөлүк тынымы жок, айлампалуу.

Көк асманга чачып койду жылдызды,
Кара түнгө каршы койду күндүздү.

Айрым жылдыз түнкү көктүн саймасы,
Да бирлери — көктү коргоп айланчу.

Кээ бири — адамдарга сабак турмуш,
Кээ бирин — жасап койду жолчу жылдыз.

Жылдыз оту — бири бийик, бири пас,
Сан жылдыздын бири жарык, бири аз.

Баарынын эң үстүндө Сатурн — ал,
Эки жыл сегиз айлык мөөнөтү бар.

Юпитер — экинчиси. Жерди карап,
Асман курун он эки ай айланат.

Үчүнчүсү — опурталдуу Марс болот,
Ал караса жашоо, өмүр токтолот.

Төртүнчү — Күн болуптур эсебинде,
Жылуулук, жарык чачат бүт дүйнөгө.

Бешинчи — көркү артык Чолпон жылдыз,
Көргөндө кайгы-муңду унутарсыз.

Койчуман жылдыз турат андан ары,
Ой-тилек аткарылат көрсөң аны.

Баарынан эң жапысы-Айдын өзү,
Күнгө каршы турганда толор кези!

Он эки топ жылдыз бар түнкү чакта,
Баарынын оруну бир жана башка.

Кой жылдыз Үркөр менен катар келет,
Эгиздер Чаян менен жакын жүрөт.

Артында Арстан, Буудай, Тараза бар,
Жаа менен Чаян жылдыз кошуналар.

Андан соң — Теке, Көнөк, Балык келет,
Чыкканда түнкү асманга жарык берет.

Үч белги жазга төбөл, үчү — жайга,
Үчү — күз, үчү — келет кышкы айга.

Жер, суугa, отко, желге — үчтөн тийди,
Баарына энчи болду үчтөн белги.

Бир-бирине булар каршы теңдешсиз,
Бир-бирине булар — душман элдешкис.

Жолукпайт, айлампада тегеренет,
Көрүшпөйт, бирин бири ээрчип жүрөт.

Кудайым аны ошентип жасап койгон,
Алмашып жүрүп келет ошол бойдон.

Мен мында көп нерсени айтып бүттүм,
Билим, акыл негизи — бардык иштин.

---

## 6

## АДАМ БАЛАСЫНЫН ЭҢ ЖАКШЫ САПАТТАРЫ — БИЛИМИ МЕНЕН АКЫЛЫНДА ЭКИНДИГИ БАЯНДАЛАТ

Адамзатты жаратты жандан артык,
Акыл, билим, өнөрдү берди калпып.

Ак пейил тилди, ойду кошо берди,
Жаркын жүз, жакшынакай келбет, өңдү.

Билим берди — адамзат улуу болду,
Окуу менен көп ачты сырдуу жолду.

Кудайым акыл, билим кимге берсе,
Ак жолун ачып тураар миң-сан эсе.

Билим бийик түгөнбөс окуу — улук,
Адамда ушул эки артыкчылык.

Бул сөздүн тактыгына өтөм күбө,
Акылдан каалашыңча алгын, үрө.

Окугандар акылдуу, улук болоор,
Билимдүүгө түгөнбөс байлык коноор.

Окуу — билим, акылдуу — акыл курап,
Билимдүү ойдогусун кабыл кылат.

Билимдин маанисин бил, айтканын ук,
Акыл ал, ар балээден кутулуп чык.

Түркөйгө оору, кырсык жакын болот,
Дарылан — ансыз өлүм алат тороп.

Түркөйүм, тилге кирип дарылангын,
Ойгонгун, колго тийер бактыңды алгын.

Билим тизгин — сүрөгөн алга карай,
Адымда максат-тилек ойду самай.

Окуган жан өзү көрөөр жемишин,
Тоскоолдук жок акыл-эстүү эр үчүн!

Билим менен эмгек ишти бүткөрөт,
Илим бекти муратына жеткирет.

## 7

## ТИЛДИН АСЫЛ САПАТТАРЫ ЖАНА ПАЙДА-ЗЫЯНЫ ТУУРАСЫНДА БАЯНДАЛАТ

Илим менен билимге көпүрө — тил,
Көкөлөткөн адамды тили деп бил.

Тил адамды бакытка бөлөп салат,
Тил адамды шорлотот, башын алат.

Тил арыстан босогондо комдонгон,
Бошоп кетсе — өзүңдү да жеп койгон.

Эсиңе түй — тили заардын айтканын,
Болсун сенин сабырдуулук адатың;

«Заар тилим салды далай азапка!
Тилди кесем, башты сактоо максатта.

Сөздү карма, башың кесип салбасын,
Тилди карма, тишиң сынып калбасын!»

Кудай сага сүйлөөрүңө берди тил —
Башың коргоп, сөздөрүңдү тескей бил!

Тагдыр катаал болбойт десең өзүңө.
Тилиң тиштеп, сак болгунуң сөзүңө.

Орундуу сөз акыл-эстен от алат,
Орунсуз сөз ийиниңден баш алат.

Маңыз сөздүн көрө албадым пайдасын,
Көп сүйлөсөң чалынасың сен бачым.

Көп сүйлөбө, а керекче так сүйлө,
Түмөн сөздүн — оң мааниси бир сөздө.

Бийлик, атак адамдарга тил берет,
А ашык сөз — уят кылат, өлтүрөт.

Көп сүйлөсөң «Кур бабырак»-деп коет,
Унчукпасаң «дудук» деген ат конот.

Сен анда так ортосун бекем туткун,
Түбү бир — каармандык, токтоолуктун.

Тил такта башың аман болору чын,
Сөздөрүң накыл болсо — өмүр узун,

Чыгаша, киреше да тилден делет,
Андыктан тилди мактап, тилди сөгөт.

Дайыма сөздү ойлоп айтуу керек,
Жакшы сөз сокур үчүн көздөй делет.

Билбегенди сокур дешет, ал ырас,
Түркөйлөрүм билим алып, көзүңдү ач!

Өмүр кыска, туулган соң өлмөк бар,
Жакшы сөздөр түбөлүктүү, өлбөйт ал.

Азаматты эки сапат багыттайт:
Чындык сөзү, ак эмгеги карытпайт.

Адам өлсө, сөзү калат артында,
Жакшы атагы жашай берет калкында.

Түбөлүккө өлбөйм десең сен эгер,
Ачык сүйлөп, ак ишиңди улай бер.

Сөздүн баарын кармап калуу эң кыйын,
Керектүүсүн эске тутуп, так урун.

Эр уулума акыл айттым эң кымбат,
Маанисине жетсе болду ал тыңдап.

Сөздөрүмдү созуп айттым, о уулум,
Кеңешимди кабыл алгын, кулунум!

Билим ал менден калар — алтын, күмүш,
Аларды сөзгө болбойт теңештириш.

Күмүштү ишке салсаң бүтүп калат,
Сөзүмдү ишке салсаң күмүш табат.

Адамга сөз калтыруу болгон адат,
Ал андан миң мертебе пайда алат.

Бүркөбө кабагыңды билерманым,
Кечиргин, таппай айтсам сөздүн дайнын!

---

## 8

## КИТЕП ЭЭСИ КЕЧИРИМ СУРАЙТ

О акылман, сөз асылы кармаганым,
Анымды урпактарга арнагамын.

Байкагын, сөз айтарда ойлоп сүйлө,
Кордукту орой сөздөн тартып жүрбө.

Ашык сөзүң — атак-даңкты пас кылат,
Көрө албастык өз башыңды жеп тынат.

Байкап көрсөм, менин жүгүм жеңилдей,
Менде — милдет — сөзүм чууруп төгүлмөй.

Неге десең, сага айтаарым мына бул,
Айтам сөздү, чындык кепке топук кыл.

Күнөкор деп айтышат «адам-затты»,
Күнөөлүү «адам» өзү жана «заты».

Жаңылбас адам барбы, айтчы мага,
Жаңылган миң-сан жанды айтам сага.

200 Билимдүү — аз, эң арбын — билимсиздер,
Акмактар көп, эң эле аз илимдүүлөр.

Акмактар акылдуута душман келет,
Акмактар акылдууну бузуп жүрөт.

Адамдарда айрыма көп билинген,
Эң башкысы — илим менен билимден.

Сөзүмдү айтып билимдүүгө кайрылам,
Сөздү билбес акмактарды не кылам.

Акылсызга айтар сөздү таппаймын,
О, акылман, кызматыңа мен дайын.

205 Сага гана арнап сөздүн үзүрүн,
Ыйбаа кылып, сурап турам кечирим.

Жок эмес кээде сөздөн ката кетет,
Түшүнгөн — алат аны оңдоп-түзөп!

Сөз деген — төөгө окшош буйлаланган,
Жетелесең моюнун толгоп турган.

Адам көп сөздү тактап сүйлөй билген,
Мыктысын көкүрөккө таасын илген.

Баарысын бул жашоодо билим табар,
«Илим-көккө чыгарат» -деген сөз бар.

210 Сөзүңдү акыл менен ченеп билгин,
Илимдүү адамдарды сыйлап жүргүн.

Сөз бизге кудай буйруп көктөн түшкөн,
Адамдын артыктыгы ушул сөздөн.

Киши көөнү түпсүз деңиз ашынган,
Билим — бермет эң түбүнө катылган.

Колу жетип ала албастар берметти,
Бермет, таштын айрымасын билмекпи?!

Алтын гана жер түбүнөн алынган,
Өкүмдардын тажысына тагылган.

215 Акылдуу эр айтар сөзүн билбесе,
Андай акыл болот жайсыз таш десе!

Укмуштардын эң укмушу — билим, ой,
Аны ээрчисең көккө учасың токтобой:

Эске түй өкүмдардын айткан кебин,
Билимдүү, илимдүү да билсең жөнүн:

«Өкүмдарлык акылдуунун энчиси,
Элин — баатыр, ойчул кылат ал киши.

Башкаргандар билимдүү да акылман,
Жалпы журтту жолго салат жакшы зaң!»

Мына ошондон биздин ата-бабалар,
Жакшы заңды жандооч кылып келди алар.

Ал мыйзам мурун дагы, кийин дагы,
Даража илимдүүнүн энчи, багы.

Илим менен кырсык, кемтик түзөлөт,
Билим менен — эл кыйыры бүтөлөт.

Бул экөөнөн эч бир майнап чыкпаса,
Кылыч карма, жол жок андан башкача.

Мыкты өкүмдар акыл менен башкарат,
Тартипсизге — кылыч мизи жол салат.

Эгер болсо өкүмдарың кеменгер,
Акыл менен эл башкарат андай эр.

Ага ушул эки сапат баш ийсе,
Ал өкүмдар — бардык жерге, бүт элге.

Эки дүйнө калам деген азамат,
Ак иш менен өзүнө жол ача алат.

Сен өзүңө курам десең жыргал күн,
Сөздү коюп, эмгектенгин күнү-түн.

Баары өтөт, түбөлүктүү — жакшы атак,
Жакшы адамдын ишин айтып мактайт.

Сен да өтөсүң, калтыр жакшы атыңды,
Атың калса, сактаганың даңкыңды.

## 9

## ЖАКШЫ ИШТЕРДИН СОНУН САПАТТАРЫ ЖАНА ПАЙДАСЫ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Эл үстүнөн бийлик кылчу кишинин,
Тагы жакшы сөзү менен ишинин.

Жаштык өтөт, өмүр бүтөт элирген,
Бу дүйнө — түш, сен да өтөсүң өмүрдөн.

Өмүрүңдү Ата-журтка арнасаң,
Жыргап-куунап кор болбойсуң эч качан.

Эстүүлөрдүн айткандарын билгин сен,
«Эч ким качып кутула албайт өлүмдөн».

Бул дүйнөгө далай эрлер келишкен,
Жашап, өнүп, кез келгенде өлүшкөн.

Бек болсоң да, кул болсоң да,— бүт баары,
Өлөт бир күн, артта калат аттары,

Эми келди сенин дагы кезегиң,
Моюн сунуп, жакшы ишиңди өтөгүн.

Тирүү өлөт кара жерди төшөнүп,
Аты жашайт, калса дагы өзү өлүп.

Өлгөнүңдө эки собол сураган,
«Жакшы беле», «Жаман беле» — бул адам?

Жакшыны алкап, жамандарды каргашат,
Кайсынысы сага ылайык — өзүң айт?

Жакшы болсоң — мактап, ыйлап узатат,
Жаман болсоң — энчиң каргыш, жаман ат.

Байка, Заххак[1], алды неге каргышты,
А Фаридун[2] кантип алды алкышты?

Бири эле ардактуу жан — алкыш алды,
Бирөөсү жаман эле — каргыш алды.

---

[1] Заххак — Ирандагы легендарлуу өкүмдар, ал өтө каардуу, жеткен мерез болгон.

[2] Фарудин — Заххакты тактан кулатып, элге жеңилдик берген.

Карап көр: асыл менен жаман атты,
Тандап ал: алкышпы, же каргыш жакшы?

Тандагын бул экөөнүн жаккан бирин,
Артынан аттиң ай деп өкүнбөгүн.

Угуп алгын сынчы адам айткан макал,
Сынчынын айта турган акысы бар:

«Жакшы адам тирүүсүндө алкыш алат,
Жамандар — өлсө дагы каргыш табат!»

Зулумдуктун залалын жакшы билем,
Өлгөндөн соң — күчү өлөт өзү менен!

Айрымдар качанкы осол иши менен,
Өмүр бою азап жейт, көрүп жүрөм!

Жамандык — өрт сыяктуу тутанган соң,
Туш келгенин калтырбай мойсоп койгон.

Байкачы, бизден мурун өткөндөрдү,
Жөн адам же болбосо баатыр, эрби?—

Кимиси кызмат кылса акыл менен,
Өлкөсүнө, элине барктуу экен.

Акылман өкүмдарлар — баары баштан,
Элине жакшы мыйзам тартуулашкан.

Азыр деле элдин камын жегендер,
Жакшы ат алып — эл башкарчу эрендер.

Элин сүйүп, жакын болсо билимге,
Жакшыларды жакын кылар түбүндө.

Бардык ишин шашпай иштеп ойлонуп,
Эл башкарат илим, билим колдонуп.

Баарын колдоп, кедейлерге көз салат,
Оңго жолдоп, заңдан чыкпоо анда адат.

Жакшы адамдар иши менен даңк алат,
Даңктуу өлсө — артында ызат, сый калат.

Өлөм го деп, бирок иштен качпаган,
Урпактарга аты калар жакшы адам.



5—2190

Окугандар унутушпайт жазганды,
Сурагандар жакшы жолго — баштанды.

Артык жок го бу дүйнөдө илимден,
Түркөй адам — чыкпайт жеме, сөгүүдөн.

Укчу сөзүн көзү ачык адамдын,
Көптү көргөн, көп жашаган абаңдын:

«Төрдөн орун тийген болсо нааданга,
Улагада калганыңа арданба.

А акылман улагада калса эгер,
Анда ал жер — ардактуу деп биле бер.

Акылына жараша да сый-урмат,
Ага төр да, улага да жарашат!»

Эки түрлүү адам баалуу башынан:
Бири — бек да, бири — акылман деп угам,

Башкасы көптүн бири, жылкы саны,
Карап көр же мунусун, же бир аны.

Айтчы, сен — кимисиң бул экинин:
Бири бол, тандабагын үчүнчүсүн.

Кылыч менен элди жөнгө саласың,
Калем менен жарык жолду табасың.

Бабалардан калган бизге жакшы адат,
Ал мурастан эл-журт өсүп, куралат.

Өлгөндөрдөн тирүүлөргө сөз калат,
Аны уккан чексиз пайда, сый табат.

Наадан көрбөйт, сокур анда көкүрөк,
Ач көзүңдү, билимге умтул тезирээк.

Киши көркү сөз дешет, сөздү баала,
Адам сөзүн даңктаймын тилим барда.

Түрктөрдө бир макал бар ушул өңдүү,
Айтууга мына ошону кезек келди:

«Кеп көркү — тил, ойдун көркү — сөз болот,
Кишиде — жүз, жүздүн көркү — көз болот!»

Адам ою айтылат го сөз менен,
Сөзү жакшы — сүймөнчүктүү жүзгө тең.

Түрк бектерде даңктуулары көп болгон,
Кадыр, баркы артык болгон көптөрдөн.

Арасында Алп Тонгадай баатыр бар[1],
Бардык жерге анын даңкы таанымал.

Улуу болчу, баатыр болчу-даңкы ашкан,
Акылга бай, ак жол, айкөл, даанышман.

Канча күчтүү, өкүм, айкөл баатырды,
Жалган дүйнө үнсүз моло таш кылды!

Аны тажик Афрасиаб[2] аташат,
Ал өз элин алга баштап, жол салат.

Акыл менен баатырдыгы айкашып,
Баш ийдирди нечен өлкө, эл басып.

Тажиктерде ал китепке жазылган,
А болбосо билет элек биз кайдан?

Баатыр эрден калган экен жакшы кеп:
«Чийме түйүн — чечкиндүүлөр чечет»-деп.

Өкүмдарга дайым керек миң айла,
Куланды алат күчтүү арстан кумайда.

Өкүмдарга миң сан эрдик, күч керек,
Анда өкүмдар элге бейпил, кут берет.

Душманына өткүр болсун кылычы,
Тууган элин сактап турар эр ушу.

## 10

## ОКУУ МЕНЕН БИЛИМДИН ПАЙДАСЫ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ БАЯНДАЛАТ

Айткым келди, о акылман, сөз жайын,—
Окуу, билим пайдасынан баштайын.

Окуу — түндө, алдыңдагы шам чырак,
Билим алсаң маңдай ачык жаркырап.

---

[1] Байыркы түрк элинин эпикалык баатыры.

[2] Афрасиаб — Фирдоусинин Шах Намесинде бардык түрк элдеринин өкүмдары делинет.

Окуу, билим . көп нерсеге жеткирет,
Бул экөөнөн урмат-сыйды көп көрөт.

Сокур дешет билимсизди — жөн дебе,
Окуу гана жарык чачат дүйнөгө.

Заң бар жерде, элде бейпил жашоо бар,
Анын аты кылымдарга даңкталар.

«Билим менен-деп айтыптыр акылман,—
Күнөкөр да тозокто оттон кутулган!»

Мыйзам жүрүп, эл байыды абыдан,
Жакшы ат алып, доорон сүрдү ал улам.

Ана бөбөк жашы толук жете элек,
Окуш үчүн кантип калам көтөрөт.

Болсо эгер, ал билимдүү — кары чал,
Унут болоор алган билим, дени шал.

Кеңкелести ким эсепке алуучу,
Өлүм болот андайлардын дарысы.

Сен сурасаң түркөй кандай жандар деп,
Айтаар элем: оозго алып не керек?

Билимдүүнүн иши дагы салмактуу,
А түркөйлөр — майда, жеңил, камгак бу.

Бул тууралуу эл ичинде деп коет:
«Ойсуз наадан — намыздан да кур болот».

Байкап көрсөң калети жок бул сөз ак,
Илим-билим алган адам акыйкат.

Кимде ким окуй билсе, олжо табар,
Кимде ким билим алса — бек аталаар.

Акылы бар адамдар асыл делет,
Билим күчү бектерге өтө керек.

Адамдар ар нерсеге жетиш үчүн,
Жумшаган колдун күчүн, илим күчүн.

Акылдуу, илимдүүлөр асыл жандар,
Билим менен бек күчү ишке ашар.

Жеткирди миң-миңдеген ачылышка,
Сага даңк илим күчү — урмат сага!

Өнөргө ээ болосуң окуу менен,
Аз болсо да, билимде пайда кенен.

Төрт нерсе бар көлөмү аз, күчү көп,
Даанышмандар алданба дейт,— азго деп.

Алардын бири — жалын, бири — душман,
Үчүнчүсү — көр тирлик сени туткан.

Мындан башка дагы бири, ал — билим,
Алалаба бул төртөөнүн эч бирин.

Буларда эки жактуу натыйжа бар:
Белгисиз — жакшылык же кайгыбы алар.

Даңк, байлыкка жеткирет илим деген,
А билим байлык каткан казнага тең,

Билимдин жыпар менен мааниси окшош,
Экөөнү өзгөлөрдөн катып болбос.

Жыпарды канча катсаң жыты чыгат,
Билимди айткан сөзүң дайын кылат.

Билим — байлык, четин эмес кыпынын,
Эң айлакер ууру алалбайт, мунум чын,

Акыл, билим окшош болот кишенге,
Түшсөң эгер чыгамын деп ишенбе.

Жанга жакын күлүк атты минерде,
Жатка бербей кармап турат чидерде.

Тушоолуу ат алыс кетпейт жаныңда,
Ээсин күтөт, эркин өтөйт маалында.

Билим болсо — жан кыйышпас дос саган,
Илим болсо — кесиптешиң, кошунаң.

Илим, билим — түркөй жанга алыс, жат,
Соо жүрсө да эки кырсык жабышат!

Бул тууралуу түрк элинде макал бар,
Аны угуп, көкүрөккө түйүп ал:

«Илимдүүгө окуу жолдош, бир тууган,
Түркөй айдайт кулагынын сыртынан.

Билимдүүгө окуу — кийим, аш болот,
Билимсиздер — ушак менен дос болот!».

О, билимдүү! Ачууңа сен жеңдирбе!
О, акылдуу! Сыймыгыңды бүлдүрбө!

Каар менен, ачуу менен иш кылба,
Майнабы жок, өкүнүч ал — миң жылга.

Ачуулуу жан кийин кейийт, кыйналат,
Кызуу кандуу — дайым калат кур жалак.

Бекке керек ашып-ташкан күч кайрат,
Туруу керек Күндөй, Айдай нур жайнап.

Ага керек боорукердик, токтоолук,
Жана билим, илим керек төп болуп.

Окуу болсо — билим үчүн жол салат,
Билим болсо — иштин көзүн ал табат.

Жакшыны алып, жараксызды көрө алаар,
Керектүүнү керексизден бөлө алаар.

Бардык ишке зирек болгун барыктап,
Ала билгин керегиңди аныктап.

Мына ошондо иш оңолот карагын,
Билимдүүлөр чийки жебейт тамагын,

Андай адам каалаганын аткарат,
Эки дүйнө өзүнө кең жол салат.

Кек менен өч — эркек үчүн кемчилик,
Экөө жеңсе — качат сенден теңчилик.

Акылмандын айтканына акыл кош,
Аткар аны абийирдүү жан кур болбос:

«Ачуу жеңсе, акыл качат өзүңдөн,
Ачуулуу жан акылы кем көргө тең,

Ачуу — душман, акыл — дос да адамга,
Ачуулансаң орой, осол сен анда!»

Сөздөрүн билермандын унутпагын,
Жакшы сөз — жанжыргалы болот дайым:



«Адамдын адаштырар көп душманы,
Аларга жакындаса бузат аны.

Бир душман — тили болот, айтаар ушак,
Да бири — кур убада тарткан тузак.

Үчүнчү — ичимдикке берилгендик,
Белгилүү анын арты: тирүү өлүк.

Өжөрдүк — ушул дагы жаман адат,
Өжөрдөн сыймык менен урмат качат.

Дагы бир жаман сапат — оройлугуң,
Бүтүндөй жүргөн жери — чатак мунун.

Да бири — заар сөзүң — көңүл калат,
Жаныңдан адамдарды кууп салат.

Болсо эгер пендесинде мунун баары:
Анда анын өмүр бою куураганы!

Андайга тагдыр берер жаза катаал,
Бузуктан адам четтеп, алыс качаар!»

Ук муну, оң жолго сал эстүү киши,
Адамды сыйга бөлөйт жакшы иши.

Угуп ал жакшы адамдын айткандарын,
Ал билет адам көйүн, адам жанын:

«Жакшы адам жылдар өтсө карып койбойт,
Мактоо менен жаманды түзөп болбойт.

Жамандар — өкүнүчтө калат карып,
Жакшынын өмүрү узун: ою жарык!

Жакшынын ой-тилегин кудай берет,
Кайгы-муң жамандарды коштоп жүрөт!»

---

## 11

## БУЛ КИТЕПТИН АТЫНЫН БЕРИЛИШИ ЖАНА КАРЫЛЫК ТУУРАСЫНДА БАЯНДАЛАТ

Китеп атын «Куттуу билим» деп койдум,
Кутун алсын окуган — терең ойдун.

Китепке өз оюмду жазуу менен,
Эки дүйнө кыябын айтсам дегем.

Эки дүйнө кур болбосун бакыттан,
Бул сөздөрдүн сырын чечип окушкан.

Эң алгач Күнтуудуну мактап жаздым,
Сөздөрүм адилеттин жолун ачсын.

Андан соң Айтолдуну даңктап жаздым,
Ырлардан Дөөлөт жарык нурун чачсын.

Күнтууду — Адилеттин улуу заңы,
Айтолду — Дөөлөт атап койдум аны.

Артынан Акдилмишти баян кылдым,
Барынан акыл-ою артык анын.

Акыры Өткүрмүшкө кезек жетти,
Ал өзү Каниет делет, албас көптү.

Төрт касиет туурасында баяным,
Оку, түшүн маанисине сен анын.

Эй жигит, көкүрөгүн үмүт тепкен,
Ук мени көңүл менен, ак дил менен!

Терс кетпей адилеттин жолун жолдо,
Жаштыкты кор тутпагын турса колдо.

Жаштык өтөт көз ирмемде — баалай бил,
Кармасаң да өмүр бүтөт — билип жүр.

Жаштыгыңды болбос ишке коротпо,
Тобоо кылып, жаман ойду жолотпо.

Кайда жаштык! Кээде катуу өкүнөм,
Пайдасы эмне, сөздү бүттүм эми мен.

Кимдин жашы кырктан өтсө болжолу,
Жаштык менен кош айтышып койгону.

Карып калдым, элүүдө менин жашым,
Кап-кара кузгун эле, аккуу башым...

Алтымыш «кел бери» деп үндөп турат,
Барармын жыгылбасам жолдон сулап!

А кийин, алтымыштан ашкан адам,
Жай өтүп, суук кышка кирет анан.

Отузда чогултканың — элүүдө жок,
Алтымышта не калып, эмне болот!

Элүү жашым — сага барбы жазганым?
Кай күнөөмө кырсык айдап баштадың?

Жаш кезимде баары кубанч, күлкү эле,
Эми ичкеним — уудай ачуу бир неме!

Ийилбес жебе элем, жаадай болдум,
Жүрөгүм учкан жебе, толбойт ордум.

Жаш кетти карылыкка берип кезек,
Бул үлүш менден өтүп, сага жетет.

Жардам бер акыйкатчым, көңүл бушман —
Карыдым, жылдар мага болду душман!

Чидерсиз түз басалбай чалыштаймын,
Байкушмун, көз начарлап көрбөй калдым.

Күлкү жок, көкүрөктөн жалын өчтү,
Чакырба, күтпө эми — жаштык өттү.

Көзүңдү ач, эй кексе чал, өлүмүң ак,
Жоктогун өткөнүңдү ыйлап, муңдап...

Көп күнүн өмүрүңдүн өзүң жедиң,
Өлгөнчө көп жалынып, кечир дегин.

Жараткан түбөлүктүү, муң билбеген,
Тирүүгө — өлүм буйруп койгон белең!

Сага айтып, жалгыз гана тилейм сенден,
Көрөр күн, өмүрдү узун кылсаң экен.

Тобоо кылып, баянымды баштайын,
Жол бере көр, толук бүтүп таштайын!

Тилим макта, жараткандын кубатын,
Себеп болуп — ак ишимди уласын.

Мени жасап, көп ичинен башкача,
Өмүр жолум ачык жана таптаза,

Караңгы эле, жарык чачты алдыма,
Түнт зынданга шамды койду жандыра.

Жолго салды адашканды кайрадан,
Тозок отун кечмек элем кайнаган!

Мени бөлүп мыктылардан бөпөлөп,
Бузук жолдон алып чыкты жетелеп.

Жүрөгүмө атак отун жандырды,
Сөздөрүмө акыл отун шам кылды.

Мага берди жанды, көздү, акылды.
Баарын  айтаар сөздү ичиме батырды.

Бардык жерде пайгамбарым жол салып,
Колдоп келет, ак жолуна алпарып.

Мунун баары — кудурети кудайдын,
Бир кулуна берген көмөк, ырайым,

Даңкташ үчүн кандай сөздү таба алам,
Эгер дагы өмүр берсең сен маган!

О, жараткан, мен алсызмын — билесиң,
Жашым төгүп, кайгымды айтам мен өзүм.

Келбейт колдон сени даңктоо, колдой көр,
Андай сөздү табышыма жардам бер!

Түз басайын, ак жолду кесе көрбө,
Топук тонум үстүмөн чече көрбө!

Чыккан кезде менин жаным денемден,
Ыйман, оюм сени менен болсо экен!

Жаткан кезде, чым жамынып кара жер,
Ырайым кыл, рахымың бере көр,

Күнөөсү арбын сенин шордуу кулунуң,
Кечип көйгун, о боорукер, улугум!

Момундардын кече көргүн күнөөсүн,
Ак жолунан адаштырбас бир өзүң.

## 12

# БАЯНДЫН БАШКЫ КААРМАНЫ, ЖЕТКЕН АДИЛЕТ КҮНТУУДУ ЭЛИК ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Илим сенин — акылыңды арттырат,
Жарык дүйнө түркүн сырын жат кылат.

Бул дүйнө сулуу сымал карып калган,
Кыялы кыз бойдон да — жашы картаң.

Кээде ал — кудум кыздай кыял күтөт,
Кылт берип, бир көрүнүп качып кетет.

Өзүнө жармашканга — жапайы элик,
А качса, бутка оролот өзү келип.

Азгырып кээде карап, кээде качат,
Кээде ал көрбөгөнсүп ойлуу басат.

Кээде ал бир карайт да, жүзүн буруп,
Көз кысып, кызыктырат оюн куруп.

Картайбай, карытты го далай бекти,
Чубуртуп, төгүп турду түркүн кепти.

Бир бек болду дүйнөдө өзү баатыр,
Сөз — ишинен тамырдай тарады акыл.

Ал Күнтууду — дүйнөгө атагы ашкан,
Бактылуу, бардык жакта даңкы дастан.

Адилет, түз сүйлөгөн, сурай билип,
Калпы жок, сөзү, ою көктөй бийик.

Ал болчу акыл-ойлуу, ишке чапчаң,
Бузукка — күйгөн жалын, каска — капкан.

Тартынбай, ишти адилет чече билди,
Күн санап анын даңкы арта берди.

Эң жакшы сапаты эле ошол бектин,
Өз оюн багындыруу эркине иштин.

Бийликти саясатка байлап жүрдү,
Саясатты бийликке кынай билди.

Ага бар төп келгендей акын сөзү,
Окугандын ачылып — жеткен көзү:

«Эр адамга аракет, кайрат керек,
Кек, кастыкты алыска айдаш керек.

Керек болсо кайрат, ынтаа экөө тең,
Ал экөөнүн тең болгону эрде жөн»

Күнтууду үлгү эле ушул жактан,
Күн менен Айдай болуп нурун чачкан.

Илимдүүнүн бардыгын колуна алды,
Билимдүүнү чакырып ишке салды.

Келишти көп жерлердин акылманы,
Акылы артык жандар анын баары.

Коңшулаш өлкөлөргө кеңдик берди,
Жан тартып жакшыларын ишке бөлдү.

Өз ишине көмөккө чегип салды,
Колу узарып, көңүлү тынып калды.

Бир жолу кейип калды ойлоп өзү:
«Бийликтин иши татаал, ачуу сөзү.

Түйшүктүн көптүгүнөн баш адашат,
Акылдуу адам керек — жөндөөчү бат.

Мен үчүн иш башкаруу барат оорлоп,
Акылдуу адам болсо, көмөк болмок.

Акылы терең болсо ал адамдын,
Башкарып кетчү болсо элдин баарын.

Адилет, ак көңүл да — керек ушул,
Өзүмө — көөнү, сөзү болсо чынчыл.

Так кылып буйругумду орун кылса,
Айттырбай ичти, тышты билип турса».

Укчу эми көптү көргөн сынчы сөзүн,
Көп жашап, көп өткөргөн баштан ишин:

«Акылдуу жардамчылар керек ишке,
Иш үчүн жанын таштаар талап этсе.

Таба алчу адам болсо иштин көзүн,
Акыл менен максатка тез жетесиң.

Көп болсо берер көмөк, кубаттуу бек,
Мыйзам так, өлкө бейпил ишиң да төп.

Ар бир ишке жардамчы керек делет,
Айрыкча бек ишинде — өтө керек.

Болбосо жардамчысы өкүмдардын,
Өзү аткарат аргасыз, иштин баарын.

Андайда артат түйшүк, күндө толгон,
Кырсыктарга батасың жалгыз болсоң!»

Бул тууралуу айтылган чындык сөз бар,
Акылмандын айтканын түшүнүп ал:

«Жыргалыңдын артынан кырсык кирет,
Кубанычты кубалап кайгы жүрөт.

Даңкың канча чоңойсо, ошончо жүк,
Баш чоң болсо — а кийген бөркүң түйшүк!

Өкүмдарга белгисиз болбойт нерсе,
Көзү да, кулагы да болсо элде».

Жарамсызды өз колунан жазалап,
Эси жокту — элден койду тазалап.

Бийлик кылды, элин камкор башкарып,
Бактысы артты күндөн күнгө даңкталып.

Кыраакылык — ар бир ишке дем берет,
А бийликте — көрөгөчтүк эң керек.

Сен болсоң көрөгөч да, сак да, калыс,
Бейпилсиң, кырсык сенден болот алыс.

Бир акын айткан сөз бар бул тууралуу,
Ал сөздөр ушуга төп, мааниси улуу:

«Сыймыкка, даңкка тете — кыраакылык,
Куруткан далайларды — шалакылык!»

Ишиңде болсун тактык, кыраакы эсеп,
Көңдөйлүк эки дүйнө зыян дешет.

Дардаңдык адамдагы жаман адат,
Капыстан душманынан өлүм табат.

Билип ал жеңишчил эр айткан кепти,
Так эсеп, амал менен жеңген көптү:

«Өкүмдар — ойчул, сак бол миң бир эсе,
Сак бол дейт шариат да колдон келсе.

Шалакы — жалкоолукка чөккөн туткун,
Кубаттуум, жалкоо болбо, сак бол, мыктым!»

Өкүмдар жакшы болсо өлкө гүлдөйт,
Жыргалда баары жашап, кырсык билбейт.

Күнтууду башкарганда эли байып,
Калыптыр кой, бөрүнү кошо жайып.

Жашады мактоо менен ойноп-күлүп,
Душманы келип турду башын ийип.

Айрымдар ага келчү маанек издеп,
Айрымын үмүт кууп келчү күчтөп.

Кубанат акылмандын сөзүн уккан,
Ал сөздөр — жердин гүлү жазда чыккан:

«Бийлик менен улуулук урматталат,
Чындык менен укукту жүрсө кармап.

Бийлиги жакшы бектин — мактоого тең,
Андан да — заңы артык элге берген.

Адилеттүү болуп турса бек иши,
Ошончолук жыргал болот эл ичи.

Эл бактысы — болсо эрдин кесиби,
Өмүр бою куттуу болот эшиги.

Бактылуу, элге ардактуу өкүмдарлар,
Эгерде кишиликтүү болсо алар».

Ал элин адилетке баштап койду,
Дүйнөгө атагы ашкан улуу болду.

Даңкы артып, өмүр тилеп дүйнө мүлдө,
Бактысы арта берди күндөн — күнгө.

Дүйнө эли келип турду колун сунуп,
Жоомарттык, байлыгына улам тунуп.

Бакыттын куру менен курчанды эл,
Козу менен жайылды көк бөрүлөр.

## 13

## АЙТОЛДУНУН КҮНТУУДУГА КЫЗМАТКА ӨТКӨНҮ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Акылман Айтолду угуп ошол кепти,
Эмгегин элге арноону макул чечти.

Жаш болчу, басмырт жана сыпаа эле,
Акылдуу, көптү билген, ойчул неме.

Адам эле жүзү жарык, жылдыздуу,
Сөзү балдай, таамай айткан чындыкты.

Үйрөнбөгөн өнөрлөрү калган жок,
Ал өнөрүн ишке ашырып талган жок,

Ал өзүнчө күңгүрөндү, айтып чын:
«Өнөрүм көп, бирок элден алысмын!

Неге минтип бул жерде ишсиз жүрөм,
Өзүм барып Эликке ишке кирем!

Иш кылам өкүмдарга, пайда аган,
Бекерпостун чепкенин силкип салам.

Айтышат акыл-эстүү өкүмдар деп,
Өз түйшүгүн оорлоп жүрсө керек!

Илимдүү илимдүүнү тааный билет,
Акылдуу акыл баркын баалап жүрөт».

Мындайды акын айткан ырга салып,
Ал ырда асыл чындык бардыгы анык:

«Түшүнөт билим баркын акылмандар,
Билимди сыйлай билет окугандар.

Билчүбү акылсыздар билим баркын,
Билимди тааный билет эстүү жандар!»

Айтолду аты-тонун даярдатты —
Кызмат издеп, сапарга жолун бакты.

Өзүнө керектүүнү камдап алып,
Жөнөдү Элик беттеп, жолго салып.

«Даярмын,— деди өзүнчө — жакка бөтөн,
Өкүмдар Элигиме кызмат этем».

Бөтөн жер оор келет көнгөнүңчө,
Акылман да мындайдан болбойт четте.

Алтынды, күмүштү да жыйна арбын,
Пайдасын көрөм десең сен алардын.

Улуу акылман, деңиздей терең билим,
Адамдын айтканын ук, о өспүрүм:

«Кызматка өтөм деген адам үчүн,
Эки нерсе эң керек, ага бул чын:

Эң алгач кулагдан соо, өргө чапсын,
Анан ал ак эмгектен баар тапсын.

Жана да алтын керек кармай барар,
Ак иште алтындын да кереги бар.

Ошондо иште болот тартип, тактык,
Билгенге бардык жерде эшик ачык!»

Анан ал алтын-күмүш салды жанга,
Болоор деп кыйындыкта жанга пайда.

Андан соң узак жолго кетти жөнөп,
Жол катар далай конуп, далай түнөп.

Акыры жетти Эликтин ордосуна,
Көңүл көксөп, арзыган жайың мына.

Кыйналып, арып-азып кирди шаарга,
Жатарга орун чыкпайт, кенен шаарда!

Түнөдү мусапырлар жатчу жайга,
Муңайды, капа болду, барбы арга.

Акылдуу адам айткан сөздү тыңда,
Акылдын уюткусу жатат мында:

«Жашоосу кыйын болот таанышы жок,
Жапжалгыз, досу жоктун — жолдошу жок.

Бөтөн элге келгенде эң көп азап,
Жалгызды жабыркатып кайгы басат.

Жалгыз жан — сокур сымал билбейт жолду,
Адашса — жемелебей сунгун колду!

Жолоочу чоочун элде унутулуп,
Унчукпас келин болор — тилсиз дудук.

Акылдуум, жолоочуга боорукер бол,
Эс алдыр, ичип-жегиз, көрсөткүн жол.

Конок тоссоң кабагың жарык болот,
Конок түшсө — үйүңө бакыт конот.

Адамга керек дайым борукердик,
Көмөк барда — тоскоолдун баарын жеңдик!»

Айтолдунун бөтөн жерди басканы,
Кыйналуудан өңү тартты керсары.

Элдер менен тил табышып достошту,
Түндүк тапты жашоосу элге окшошту.

Дос, таанышты жакындатып көбөйттү,
Кары, жашка бирдей болду, сөзү өттү.

Ошол жерден бир белгилүү дос тапты,
Аны менен баарлашып, кеп бакты.

Айтолдунун ал досу — акыл-эстүү,
Көпкө сүйкүм — Күсөмүш аты дешчү.

Ага ачылып Айтолду айтты кебин,
Максатын жана өзүнүн ким экенин.

Аттанып тууган жерден келгендигин,—
Сүйлөдү төкпөй-чачпай билгендерин.

Эликтин хас — хажиби болор эле,
Эрсиг аттуу ханына жакын неме.

Күсөмүш бир күндөрү ага келди,
Укканын, көргөндөрүн айтып берди.

Хас — хажиб анын сөзүн кайра сурап,
Толуктап бүт максатын тактап угат.

Күсөмүш кайра баштан айтып баарын,
Туюнтту ким экенин, максаттарын.

*Хас-Хажибдин Күсөмүшкө*
*айткан жообу*

«Ал киши,— деди хажиб,— мага келсин,
Бетме-бет баарлашып жүзүм көрсүн.

Өкүмдарга билдирем баарын тактап,
Кабыл алчу күндү ал өзү айтат».

*Күсөмүштүн Айтолдуга*
*айткан сөзү*

Күсөмүш андан чыгып келди жаркып:
«Айтолду, сенин күнүң тууду чалкып!

Баргының, хас — хажибке өзүң киргин,
Оюңду, максатыңды айтып бергин.

Ал даяр сени көрүп, угуш үчүн,
Баарын айт, ачык, тактап — ал түшүнсүн.

Мен ага айтып бердим айткан сөзүң,
Айтаарсың менден жакшы аны өзүң».

Акыйкатчыл бир адам айткан экен,
Түз кеңешти түшүнүп алгын терең:

«Бирөөнүн сөзүн айтып сүйлөгөн бар,
Өз ишин ар ким сүйүп болот кумар.

Адам бар ой-тилеги сага жакын,
А бирок, бир өзүңдөй боло албайсың.

Эгер сен өзүңө ак болом десең,
Үндөбө — өздөн өткөн болот бекен?»

Айтолду тонун кийип, эшикти аттап,
Күсөмүш алып чыкты жолду баштап.

Жакындап дарбазаны ачып салды,
Хажибдин кызматкери тосуп алды.

Күсөмүш кирип кетип, чыкты кайра,
Мейманды чакырышты кирчү жайга.

Отургузуп төрүнө, Хажиб аны
Сый көрсөтүп, кебине кулак салды.

*Хажибдин айтолдуга*
*берген суроосу*

Аман-эсен жеттиңби?— деп сурады,
Жаткан жериң жайлуубу?— деп сурады.

Барбы дейт — биздин жерде дос-тууганың
Көз болчу жакындарың, ичер ашың.

Сурады ой-максатын, кылар ишин,
Өзүнөн кандай жардам керектигин.

*Айтолдунун хажибке
берген жообу*

«Урматтуу хажиб,— деди кепке келе,—
Күнтууду деген хан бар дешкен эле.

Алыстан уккам даңкын дүңгүрөгөн,
Акылы, билим, сөзү бийик деген.

Максатым эшигине эптеп жетүү,
Алымча ак дилимден кызмат этүү.

Хажибке сөзүм өөн болбос бекен,
Элик даңкын чыгаруу оюм десем».

Хажиб дароо Айтолдуну жактады,
Тил жеткенче касиетин мактады.

Жүзү жарык адамдардан түңүлбө,
Акниеттик — деди Хажиб,— түрүндө.

Жактырды жүрөгүнөн, дити менен:
Эликке кызмат өтөөр адам экен.

Эстеп ал: сүйүү жолун кылган сабак,
Сүйүүнүн көзү сокур дешип калат.

«Сүйгөнүң кылган күнөө аз көрүнөт,
Кас кылса кылдай күнөө — тоо деп билет».

Буга бир далил сөз бар эл ичинде,
Угуп ал, адептүү жан, болгун күбө:

«Сүйгөн соң баары сонун болуп чыгат,
Заматта бүт күнөөсү унутулат.

Сүйгөндө баары ордунда, сонун сапат,
Көздөрүң кемчилигин көрбөй калат».

*Хажибдин Айтолдуга
айткан жообу*

Хажиб айтты Айтолдуга: «Күт эми,
Ишен мага ийгилик көп келери.

Эликке айтып барам сөздөрүңдү,
Өзү айтат кабыл алчу саат, күндү.

Алгач угуп ал билсин, өзү — анан,
Чакырат, атак-даңкты берет саган.

Керегим тийсе, дагы мен даярмын,
А түгүл, жан дилимден аткарамын!»

Анан да көпкө сүйлөп жакшы кептен,
Көмөккө, белин бууп туруп кеткен.

Элде бар кандай укмуш азаматтар,
Эл тиреги, эл үчүн тайманбастар!

Тыңшачы, эч калетсиз айтканы чын,
Эл башкарып, сөз билген азаматтын:

«Бак конуп, эгер бирөө так алган соң,
Жакшы мыйзам, тартипте башкаруу оң.

Бирөөгө тийген болсо бийлик күчү,
Боорукердик дайыма болсун иши!

Ал болсо эл талабын жазбай тапчу,
Сөзү токтоо, иши оң болгон жакшы.

Айныма бакыт өзү: бир көрсөң жок,
Бир көтөрүп, бир кайра таштама шок.

Айкөл бол, бакыт деген айныма азап,
Бүгүн турса жаныңда, эртең качат!

Ишенбе өз бактыңа! Болбо ынак,
Эшиктен өзү кирген, өзү чыгат!

Бактылуум! Дайым жолдуу жашайм десең,
Жакшы иштерди жаратып жүргөнүң жөн!

Эгерде бийлигиң күч, болсоң да улук,
Кулаш бат, көз ирмемде колдон чыгып!»

*Хажибдин айтолдуга*
*айткан жообу*

«Жөнө эми,— деди хажиб айтып жообун —
Бак даарып, бакыт куруң куттуу болсун!

Шашпагын, бардыгына келет кезек,
Кулпусу каалганын кулап түшөт!

Буга бар орду менен айтылган кеп,
Акыл сөз — шайыдагы саймадай көрк:

«Шашкан иш чала болот — ушул чындык,
Шашылыш бүткөн иштен чыгар кырсык.

Шашылбай мөөнөтүн күт, болбо чабал:
Баарынын кези келсе, жайын табар!»

*Айтолдунун хажибке*
*айткан жообу*

Аны угуп, Айтолду мындай деди:
«Чыдамкайлык терс жолдон сактайт мени.

Хажиб мени кабыл алып сүйлөштү,
Өзү коер келе турган мөөнөттү.

Хас — хажиб иши чыгып чакырганда,
Даярмын, ошол замат келем анда!».

Айтолду кетти андан, келип үйгө,
Чечинди, жатып калды бейпил түндө.

Хажиб көрдү, Айтолду асыл экен,
Эч кимге окшобогон, билинбеген,

Көрбөгөм,— деди,— мындай акылдууну,
Акылман, ою терең жана сырлуу.

Мындай жан кыздай сүйкүм, билгин баркын,
Кыз эмес, бирок сүйкүм жүзү жаркын.

Колдо жокту көксөйсүң көзүң артып,
Таппасаң — кыйналасың түйшүк тартып!

Мындай жан Элик үчүн керек, демек,
Эликке жаккан болсо — элге керек.

Мындай эр бардык иште керек болот,
Бардыгын, эмне ойлосо бүтүп коет!

Кезек келип Эликке айтты бүтүн,
Айтолдунун асылын, так, түздүгүн.

Акылын да, кыялын да, билимдүү,
Атак — даңкын, эр-кайратын билдирди.

*Эликтин хажибке*
*берген жообу*

«Чакыр,— деп Элик айтты.— Кана келтир,
Ал кайда? Аны мага көргөзгүн бир!

Издегем, мен кишини акыл кошчу,
Элиме адилеттүү болоор башчы.

Баарына колум жетти, айтам чынын:
Бирок да аңдай адам таппагамын.

Бар эми чакырып кел, айттым сага,
Андай эр ак кызматын кылсын мага!»

Хажиб чыгып жакыңдап, дарбазага,
Кызматчысын чуркатты жет деп ага.

Кызматчы Айтолдуга учуп жетти,
А анын кубанычы көктү серпти.

Аттанып дарбазага дароо жетти,
Алдын тосуп кездешти Хажиб өзү.

Урматтап хажиб берди төрдөн орун,
Айтолду көчүк басты сактап боюн.

Хажиб кирип өкүмдарга өзүнүн,
Урмат менен айтты иштин жөн — жөнүн,

«Кирсин,— деп Элик буйрук сөзүн айтты,—
Жүздөшүп, көңүл отун билген жакшы».

«Кир, Айтолду,— деди хажиб,— Эликке,
Белиңдеги бакыт курун түшүрбө!»

## 14

## АЙТОЛДУНУН КҮНТУУДУ ЭЛИКТИН АЛДЫНА КЕЛИШИ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Кирди Айтолду таасим кылып ийилди,
А өкүмдар жүзүн көрүп сүйүндү.

Урмат менен конок сөзүн баштады,
Акыл сөздү, асыл сөздү таштады.

Аты-жөнүн жана өкүмдар сурады,
Келген иши, ой-максаты тууралуу.

Айтты Айтолду ашык сөз жок жайма-жай,
Анын сөзү жатык чыкты айныбай.

Сөз тазасы, акылдуулук белгиси,
Акылсыз жан айбан менен тең киши.

Бул тууралуу ыр жазып мыкты акын,
Айтыптыр: «Токтоо болуп шашылбагын.

Шашпай иште, иштей турган ишиңди,
Шашмалыктын арты кырсык, өкүнүү.

Чыдамкай бол, ак иш менен аракет,
Кулду дагы даражага жеткирет!»

### *Айтолдунун Эликке*<br>*Айткан жообу*

Айтолду айтты: «Элигим, көрдүм сени,
Кулуңмун, кубандырды көркүң мени.

Кулуңмун эшигиңде кызматчыңмын,
Буйрусаң ак кызматың кылмакчымын.

Өзүңө узак жолду басып келдим,
Тилегим кабыл болду, толду көөнүм.

Тилегим: мени куубай көңүл бөлүп,
Жаныңа жакын карма, ишке чегип!».

Кубанып бүтүм кылды ошол замат,
«Дал өзү, ушул адам мага жагат!».

### *Эликтин Айтолдуга*<br>*Айткан жообу*

«Көңүлүмө төп болду,— деди Элик,—
Айтолду ачык жүзүң, мага дээрлик.

Берилип өз ишиңе, ак да болгун,
Жакын бол эшигимде, так да болгун.

Ак кызматтан артат сенин кешигиң,
Аракетчил ачат бакыт эшигин!

Кызмат кыл ачык пейил, дитиң менен,
Чынчылга бектин дайым колу кенен!»

### *Айтолдунун Эликке*<br>*айткан жообу*

Айтолду анан тооп кылды жүгүнүп,
Элик турду дөөлөт, сыны билинип.

Үйдү таштап кызматыңа сабындым,
Жол арытып, медер тутуп табындым.

Кубат берип, кудайым колдоп турсун,
Кызматыңды өтөөгө аман кылсын!»

Айтолду тура калып көңүлү ачык,
Жөнөдү жарык чачып, бакыт чачып.

Эстегин жолу шыдыр бактуу жандын,
Чыгарып көңүлүнөн айткандарын:

«Кайрымдуу болсо беги кызматкерге,
Кыймыл так, көңүл ачык кызматкерде.

Жаркырап күлүп турса күндө беги,
Көзү ачык, сөздөрү так кызматкери.

Кимди бектер жакын тутса жанына,
Жыргайт, алар жашай берет табына.

Бек деген — кут, жакын болсоң сен кутка,
Ийгиликти кармаганың, унутпа!».

Андан ары Айтолду кылат кызмат,
Таңдан кеч, чарчабастан иштеп турат.

Күндүз иштеп, түндө аткарып күзөттү,
Эч кынтыксыз, ак кызматта күн өттү.

Ал эликке кирген сайын иш менен,
Элик ага ишенимдүү тиктеген.

Күндөн күнгө ак кызматын сиңирди,
Кадыры артып, бек көзүнө илинди.

Ак иштесе бек да кулдай кулуна,
Кичи адамды иши теңейт улууга.

Кызмат кылса, кул иш менен бек болор,
А жамандар шылдың болуп, кеп болор.

Билип ал акылмандын айткан оюн,
Сөзүнө ал кыстарган маани сонун:

«Тексиз да иши менен төргө өтөт,
Жарамсыз ак иш менен жагып кетет.

Кызматкер эч кынтыксыз ишин кылса,
Ошондо оңой жетет максатына!»

Айтолду эмгектенди баш көтөрбөй,
Өкүмдар мээрим төктү чеНем билбей.

Үйрөндү иштин көзүн улам билип,
Жүзүнөн кайгы кетип, кубанч кирип.

Айтолду ак кызматтан тапты байлык,
Колунан Элигинин көп сый алып.

Көп иштен сынап көрдү элик аны,
Жактырды, ушул деди оюмдагы.

---

15

## АЙТОЛДУНУН ӨЗҮ ДӨӨЛӨТ ЭКЕНДИГИ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Бир күнү Элик өзү жалгыз калып,
Айтолдуну чакыртты, келди шашып.

Айтолду күлө кирип туруп калды,
Отургузуп жанына кабыл алды.

Айтолду бутун жыйып, мандаш уруп,
Отуруп тыңшап калды кулак түрүп.

Элик сурайт имерип түркүн жактан,
Айтолду жооп берди сылык, чапчаң.

Эликтин кабагы ачык, жайдары эле,
Айтолду кабак чытты өзүнчө эле.

Таң калып Элик сөзүн кесип салды,
Айтолду кабак чытты кайра дагы.

Элик кайра баштады үзгөн сөзүн,
Айтолду жооп берди кармап өзүн.

Таңданып Элик аны карап калды,
Акылдуу, эстүү жан го, бир сыр барбы?

Элик ага караса жүзү жибип,
Айтолду терс бурулду жүзүн үйрүп.

Элик айтты кабак чытып анда суз:
«Адамдардын чийки иши жагымсыз.

Шашкан экем, билбей туруп сырыңды,
Кызматка алдым байкап көрбөй сыныңды.

Кандай бек болсо дагы кулун колдоп,
Иш менен сынагандан артыгы жок.

Текшергин, иш жүзүндө сынап көргүн,
Андан соң туура баалап, сыйлай бергин!

*Айтолдунун Эликке*
*берген суроосу*

Айтолду айтты: «О, урматтуу Элигим,—
Жакпадым эминемден түшүнбөдүм?

Жазыгым не — түшүнбөйм, айтчы мага,
Андан соң жообун айтам өзүм сага.

Жазала күнөөм болсо, катуу кыйна,
Ак болсом көңүлүңдү кара кылба!»

Сөзүн ук акылмандын буга мисал,
Сөзү анын — көпкө үлгү, ойго тутар:

Кызматчың жаңылышса, айтып оңдо,
Билгиниң, эмне түрттү мындай жолго.

Жазала аябастан — кылса кылмыш,
Ак болсо — анда тете урматка ошо!»

*Эликтин Айтолдуга*
*айткан жообу*

Кайрадан Элик сөзү катуу чыкты:
«Түркөйлөрдүн түркөйү сенсиң ушу!

Өтө ишенип, иш кылгам го жакпаган,
Эл алдында эми кантип актанам?»

Акылга бай бир адам минтип коет:
«Шашкандыктын аягы — кейиш болот».

Шашып бүткөн иш дагы саз болобу?
Чала бышкан аш жесе аш болобу?

Шашмалык — иш билбестин бир белгиси,
Токтоолук — эстүү жандын зор мүнөзү.

Ойлочу сага ызат-сый кимден тийген,
Атактуу бул даражаң кайдан келген!

Ак иштеп, актадыңбы? — Кичине да!
Ишке көмөк бердиңби? — Кичине да!

Мен өзүм көтөрдүм го даражаңды,
Орун бердим, угаарым ушуларбы?!

Бутту сунуп, чиренесиң эмнеге,
Айтчы, бул жер сен отурар жер беле?

Сөз сүйлөдүм, анан сени тыңдадым,
Шылдыңыңбы: мага көздү жумганың.?

Кечирдим аныңды да, сөз баштадым,
Чыртыйдың сен кайрадан, неге аның?

Сага эмне — сөз мааниси жеткен жокпу?
Сыйга — сый, ызат кылып жүргөн жакшы!

Айтпаганбы эскертип ата-энең,
Бекке өзүңдү бир коюп теңебегин

Сени барктап сыйлаган мен эмеспи?
Байкагын, текебердик бербейт көптү?

Бек деген — от, отко жакын барбагын,
Күйүп бекер, күлгө айланып калбагын.

Осолдук — жакшы эмес, бектер жалын.
Бир тийсең — өрттөнөсүң, кабылбагын!

Бектер — өрт, каарлары турат кайнап,
Баш алат, кан чачырап калат жайнап.

Көп карасаң, ошончо сүрү жаман,
Коркпос да кайратынан ажыраган.»

16

## АЙТОЛДУ ЭЛИККЕ ДӨӨЛӨТТҮН САПАТТАРЫ ТУУРАСЫНДА АЙТАТ

Күлдү Айтолду: — Уктум айткан сөзүңдү,
Сурап калдың эми тыңша сөзүмдү.

Иштин жайын уктум баарын талдадым,
Пайда болот сөзүмдү угуп алганың.

Алдыңа келип турам, кечир мени,
Топтолук мүнөзүмдү көрдүң эми.

Орун бердиң,— анда мен отурбадым,
«Мага орун жок» — дегеним болчу аным.

Бутумду суна отурдум, аны менен,
Мына мен кимге окшошмун — көрчү дегем.

Эки бут шилтенбейт го экөө бирдей,
Мен — Дөөлөт, келем токтоор жайды билбей.

Сен карасаң, көзүмдү жумдум бекем,
Дагы да ким экеним билсин дегем.

Мен өзүм дөөлөт болом, сокур келем,
Ким тартса ошону ээрчип кете берем.

Сөз баштадың, мен дагы сүйлөп саган,
Ак жүзүңдөн жүзүмдү буруп алгам.

Түшүнтүп мунум менен сага айткам;
Өзгөрмө менде мүнөз, кыял чапчаң.

Түрк тили эң акылман макалга бай,
Түшүнгүн кары сөзүн айткан мындай:

«Бактылуум, дөөлөтүңө чиренбегин,
Балаадан алыс болуп жүрсөм дегин.

Аккан суу, жүргөн желдей — бакыт турбайт,
Эч качан айлампасы анын тынбайт.

Бакыт — кут, өзгөрүлмө, бапа болбойт,
Жылмышып жерге түшүп, учса — конбойт!»

*Эликтин Айтолдуга*
*берген суроосу*

Түшүндүм,— деди Элик, айткандарың,
Ак сүйлөп, сыймыгыңды сактап калдың.

Айтчы эми, өзүң кимсиң, тегиң кандай,
Өктөм тилиң көп сүйлөйт жөн туралбай.

*Айтолдунун Эликке*
*айткан жообу*

«Менде көп,— деди Айтолду,— баалуу белек,
Мээрими жанга байлык, кубаныч берет.

Жаш болсом да эң бийик ишти өтөп,
Байлык менен бийликке болом өзөк.

Дил таза, түз карарга жүзүм жарык,
Келатам тилегендин баарын алып.

Кайда болсом, бир жүрөт максат — тилек,
Каалаганым дайыма кабыл келет.

Ырахат, жыргал — баары мени менен,
Түйшүктөр өтөт башка жолу менен.

Мага пейли бузуктар — өлүп тынат,
Мага ынанган кишилер — баарын табат.

Урам деген өзү көргө урулат,
Басам деген өзү жерге басылат.

Жакшы сөздүн келди эми кезеги,
Уккан жанга толгон акыл өзөгү:

«Кут менен табыштыңбы — бекем карма,
Бакытты бага албасаң — кырсык анда.

Башыңа бакыт консо, баары болот,
Каалаганың төп болуп, келет сага».

*Эликтин Айтолдуга*
*берген суроосу*

Элик айтты: Бийиксиң, эми билдим,
Барбы сенин кыпындай кемчилигиң?

*Айтолдунун Эликке*
*айткан жообу*

Айтолду айтты:— Ар кандай адамдар бар,
Менде жок жамандыкты жармаштырар.

Айтышат — өзгөрүлмө, туруксуз — деп,
Алардын айткандары ушундай кеп.

Касиет өзгөрүлөт — анда жок өөн,
О, бегим, түрдү гана мен өзгөртөм.

Эскилер — жадап калган көндүм нерсе,
Андайдын зыяны көп миң бир эсе.

Тапсаң жаңы — эскини жогот айдап,
Жаманды — ыргыт, жакшыны бекем кармап!

Жаныңда даам жаңы, эскиде жок,
Айбала: даамдуулар — уулуу болот!

Сөгүшөт бат өзгөрмө мүнөзүмдү,
Калпыс дейт, жалган доомат ушул өңдүү.

Бул тууралуу алп адам айткан эле,
Мааниси төп келген соң тартам күбө:

«Төрөлгөндүн баарында — өлүм да бар,
Жараткан жазгандан соң жолун табар.

Шамалдай токтолбостон өмүр өтөт,
Кандай күч токтотууга алы жетет!

Бактым бар деп кубанба: келет — кетет,
Дөөлөт бар деп ынанба: толот — бүтөт.

Бакыттын болсо көрөр бой-келбети,
Канчалык көз кумары канмак дечи!

Кетпес болуп калса келген Дөөлөтүң,
Түнөрбөй жарык болуп турмак Күнүң!»

*Эликтин Айтолдуга*
*берген суроосу*

«Ооба сен,— деди Элик,— Өзгөрүлмө,
Туруктуу болосуңбу көз ирмемге?»

*Айтолдунун Эликке*
*айткан жообу*

Айтолду айтты: «Тездикте менин сырым,
Кийик сымал ылдаммын ушул чыным!

Эң кыйын мени кармоо: мен күлүкмүн,
Кармаса — токтото албай мени эч ким.

Кармоочу шамдагай да, ылдам болсо,
Чыгарбайт анда мени — кармайт колдо!»

*Эликтин Айтолдуга*
*берген суроосу*

Элик сурайт: «Канчалык сенин күчүң,
Кандай чалма ылайык кармаш үчүн?»

*Айтолдунун Эликке*
*айткан жообу*

Айтолду айтат: «Бар андай толгон кишен,—
Айтайын белгилерин өзүң түшүн.

Мени издеген ынсаптуу болсун адам,
Бой көтөрбөс жылуу сөз жаркылдаган.

Андайдан текебердик алыс болсо,
Жамандык, көөдөндүктү таштап койсо.

Өзүнө тең адамды чогуу тутса,
Мүнөзү, иши менен бийик чыкса.

Улууну ак дилинен урматтаса,
Кичүүнү орду менен сыйлап турса.

Кишини кордобосо төмөн көрүп,
Басынтпаса кичүүнү бой көтөрүп.

Ичимдикке өмүрдө жолошпосо,
Өз байлыгын максатсыз коротпосо!

Кол, бутун оюн-шооктон алыс кылса,
Бар күчүн жакшылыкка жумшап турса.

Дөөлөттү кармай турган ушул чалма,
Ошондо качышына калбайт арга.

Ушул ой акын айткан сөздө да бар,
Сөзгө — сөз кураштырып ырды табар:

«Ооба дөөлөт, күлүк кийик жапайы,
Кармаган соң бекем байла сен аны.

Бек кармасаң — ал качалбайт эч жакка,
Бир бошонсо — кайра илинбейт тузакка!»

*Эликтин Айтолдуга*
*айткан жообу*

«Түшүндүм,— деди Элик,— сен бакытсың,
Ынакмын, бирок башың ала качтың.

Болбосо эки жүздүү өзгөрмөлүк,
Турмакмын анда дайым жүзүң көрүп.

Аттиң ай, туруктуулук жокко сенде,
Бу сенин сыртың — жоомарт, ичиң — балээ.

Атадан, энеден да ашып түшүп,
Балаңдай терметесиң, мээрим түзүп.

А кайра мурдуң чүйрүп кетип калган,
Көрүнөт: ишиң, сөзүң бүтүн жалган.

Чогултканды турасың чачып салып,
Чакырып барып калсам эшик жабык!»

*Айтолдунун Эликке
айткан жообу*

Айтолду айтты: «О, Элик, атагы ашкан,
Жаман, жакшы жагымды айттым баштан.

Мени алдап кармоо жолун айтып бердим —
Чалмасын даярлашып кармап көрсүн.

Жүгөндү ката албаса тосчу немең,
Кийиктей так секирип качып кетем!»

Кары сөзүн айтылган капка сакта,
Кары сөзү алтын го, сырын ачса:

«Кут бир келет — бакпасаң кетип калат,
Бак бир конот — үйлөсөң өчүп калат.

Бакытка колуң жетсе карма бекем,
Бошотсоң, сага экинчи келбейт, ишен!»

Бактылуу — өз бактысын баалай билсин,
Ар кандай жаман иштен алыс жүрсүн!

Бакыт шарты: дайыма таза жүрүү,
Чалынбастан күнөөгө өмүр сүрүү».

*Эликтин Айтолдуга
берген суроосу*

«Сапатың бийик да пас,— билдим эми,
«Айтолду» деген аттын кандай жөнү?

Айтчы анын,— деди Элик,— өзөк жерин,
Андан соң сага толук ишенейин!»



7—2190

### *Айтолдунун Эликке айткан жообу*

Айтолду айтты: «Бул атты жалган дебе,
Акылман Айга окшошсуң деген эле.

Ай дагы жаңырганда ичке болот,
Аз-аздан улам өсүп, улам толот.

Толгондо бүт Ааламды жарык кылат,
Ал нурун адам үчүн чачып турат.

Төбөдөн нурун төгүп турат анда,
Көркөмү өчө баштайт батар чакта.

Азайып, анан барып өчүп тынат,
Кайрадан түндү жарып шоола чыгат.

Мага да дал ушундай өзгөрүү ак,
Көрүнүп же жоголуп турамын бат.

Карыпты карап койсом — анын өзүн,
Бакыт берип бай кылам -- бүттү сөзүм.

Даңкы артып, көтөрүлүп сыйга батат,
Мен кетсем — мурунку түр кайра басат.

Чачылат жыйган-терген мүлкү күлдөй,
Мурунку таз кейпине түшөт мүлдө.

Акын айткан бир сөз бар бул тууралуу,
Жаманга жакшы кеңеш, кошо угалы:

«Бактылуу даңкы менен өсүп толот,
Даңк нуру — ай нуруна окшош болот.

Бакытка сен ишенбе, ал алмашат,
Көрүнөт, бирок дароо бат жоголот».

Бул жөнүндө маани айтайын дагы бир,
Таасын угуп, таң калбастан туна бил.

Айдын да ар башкача оруну бар,
Бир жайы дайым ошо көктө турар.

Топ жылдызын Чаяндын араласа,
Бир болот — ал топ жылдыз кайда жылса.

Жаңыдан орун алса, кайра өтөт,
Жаңы эле чыгар замат батып кетет.

Менде да касиеттер дал ушундай,
Бир түшүп, кайра көккө чыгып турмай.

Келем-кетем, жер жүзүн айланамын,
Дүйнө кезем, таппаймын токтоор жайым.

Ошон үчүн ат койгон! «Айтолду» деп,
Бул сөздүн акыл жортсо мааниси көп.

Дөөлөтмүн — мына ушунда толук-кемим,
Бир менде ооруң да, дарың сенин.

Ишенгин, болгон чындык ушул менде,
Кармап же кууйсуңбу — эрк өзүңдө!»

*Эликтин Айтолдуга*
*айткан жообу*

Элик деди: «Толук уктум сөзүңдү,
Кулак канды дилиң жакын сезилди.

Керек ишке бир жардамчы өзүмө,
Кудай буйруп — туш болупмун өзүңө.

Берген кезде тилегиңди жараткан,
Каниет кылуу сенин жообуң ага айткан.

Ушул күндөн өлгөнүмчө чарчабай,
Тобо кылып, жаратканды алкамай!

Түшүнгүн, бир кеменгер алтын сөзүн,
Китеп кылып калтырган биздер үчүн:

«Тобо кыл жаратканга, момун адам,
Жүз эсе пайда аласың өзүң андан.

Барк албайт түшкөн мээрди көбүнесе,
Тооп кылган, бактылуу миң бир эсе.

Азга да миң кайталап алкыш айткын,
Чоң алкыш — Чоңго, демек билгин баркын!

Шүкүр кылсаң, анда бириң он болот,
Он болгон соң, үйдө байлык мол болот!»

Элик айтат Айтолдуну жактыра:
«Күнү-түнү сен болосуң кашымда».

Сырын ачып, сыйлык берип тең көрдү,
Алтын, күмүш, дүйнө мүлктү мол берди.

Чечилип аны менен — кеңешкени,
Ишине көмөк болду, жардам берди.

Айтолду эң көп алды баалуу алкыш,
Кызматын ак өтөдү чынчыл, калыс.

Элик аны сынады иште, тескеп,
Түшүндү: ушул адам теңдешсиз деп.

## 17

## КҮНТУУДУ ЭЛИК АЙТОЛДУГА АДИЛЕТТИН САПАТТАРЫ ТУУРАСЫНДА АЙТАТ

765 Олтурду бир күнү Элик жалгыз өзү,
Мемиреп түйшүк, иш жок бейпил кези.

Чакырды Айтолдуну «Келсин!» деди,
Кол куушуруп келип ал, салам берди.

Ал турду чакырган соң үн катпастан,
Элик да тура берди сөз айтпастан.

А Элик сүйлөбөстөн көз ирмеди,
Жаңсады отургун деп, сүйлөшөлү.

Айтолду этияттап көчүк басты,
Жер тиктеп сабыр кылып көңүл тартты.

770 Астыртан Элик жакты карап койду,
Бүркөө кабак, отурат терең ойлуу.

Отурган Элик жайы — күмүш такты,—
Үч бутка бекитилген абдан жакшы.

Колдо бычак, көргөндүн жүрөгү шуу,
Эки идиш, оңунда — бал, солунда — уу.

Айтолду көз жиберип аң-таң калды,
Коркқондон деми чыкпай антандады.

*Эликтин Айтолдуга*
*берген суроосу*

Тынчтыкты Элик бузуп, өйдө карап,
Бурулду Айтолдуга: «Тилди сайрат!

Дудуктай үн катпайсың,— деди өкүмдар —
Эмне үчүн? Жок го бизден бөтөн жандар!»

*Айтолдунун Эликке*
*айткан жообу*

Айтолду мындай деди:— Өкүмдарым,
Сүйлөөгө келбей жатат дарман-алым.

Сен азыр байкашымча бөлөкчөсүң,
Ийменип, тилден калып турам өзүм.

Акылман үйрөтүптүр түркөй жанга:
«Ачуулуу бек алдына жакын барба!»

Андан да жакшы айтыптыр бир акылман:
«Бектин каары от менен удан жаман.

Момунум! Ачуулубу сенин бегиң,
Бөөдө кааргa каласың, эч кирбегин!»

Бегиңдин каары келсе — айтаар акыл,
Алыс бол — кутуласың чырдан азыр!

Макал бар мааниси так жана таасын,
Түшүнсөң — ар балээден кутуласың:

«Алыс кач алууланып турган бектен,
Кемсинтип кууп салат кокус келсең,

Бек деген арыстан да — жакындаба,
Жакындасаң баш кетет, аны бил сен!»

*Эликтин Айтолдуга*
*берген суроосу*

Элик айтты: «Муну кандай түшүнөм,
Неге иймендиң, суруң качып жүзүңдөн?!

*Айтолдунун Эликке*
*айткан жообу*

«Таң калганым себеби,— Айтолду айтты: —
Эмне үчүн отурганың күмүш такты?

Эмне үчүн күмүш такка отурдуң сен,
Мунуңдун максаты эмне? — уксам экен!

Экинчи, бычагыңчы? — кандай сыр бар?
Муну да түшүнсөм дейм, о өкүмдар.

Үчүнчү ууң менен таттуу шире,
Кеседе — оңдо, солдо, турат неге?

Карасам ачуулусуң, каардуусуң,
Түшүнбөйм, мындай түрүң эмне үчүн?

Ушундан жүрөкзаада болуп турам,
Батынбай сыр маанисин сурагандан!»

## 18

## КҮНТУУДУ ЭЛИК АЙТОЛДУГА АДИЛЕТТИН САПАТЫНЫН МААНИСИ ТУУРАСЫНДА АЙТАТ

«Түшүндүм, — деди Элик — баары дайын,
Түшүнгүн, баарын сага туюнтайын.

Чакырдым, сени түйшүк, ишке тарттым,
Ардактап сени өзүмө жакындаттым.

Жакшы иштедиң аракетиң ашырып,
Ачууланттың бирок сырың жашырып.

Ачуулансам — кайрадан жемеледиң,
Каардансам — кабак бүркөп кенебедиң.

Дөөлөтмүн, — дедиң мага, — маңызын бил,
Айтып бердим баарысын, түшүнүп жүр!»

Өзүңдүн ким экениң ачып айттың,
Сөзмө — сөз бүт түшүнүп алдым баарын.

Ынанып айтканыңа кечип салдым,
Сандаган урмат сыйды менден алдың.

Айтам азыр, жүргөн турган салтымды,
Билип жүргүн менин кайрат даңкымды.

Мына мен — Адилеттин өзү болом,
Адил заңдын аярлар көзү болом.

Мына так — мен олтурган бийлик кылып,
Үч буту бек кармаган турат тутуп.

Үч буттуу буюм бекем болот экен,
Туруктуу болсо үч буту — орун бекем.

Кокустан үчтөн бири кыйшайганда,
Экөөсү кошо кетет, кулайт анда.

Таянчы үчөө болсо, буюм бекем,
Төрт болсо, бири кыйшык болот экен.

Бири түзбү, түзөлөт калгандары,
Адилетби, оңолот элдин баары.

Кыйшайган — түшүп кетет ийри жолго,
Бузук бар, кайсы жерде кыйшык болсо.

Түз нерсе кыйшайган соң кулап калат,
Пейли түз — былк этпестен ордун табат.

Бери мени карачы: Адилет — мен,
Чындык, калптын жолдору ичке экен.

Чындык менен иш кылам, көндүм ага,
Бексиңби же кулсуңбу — бирдей мага.

А бычак өзүң көргөн колумдагы,
Ушундай курчтук керек, билгин аны.

Бычактай иштеримди шарт-шарт кесем,
Нааданды жазалаймын тездик менен!

Таттуу шире эмнеге?— азап чегип,
Жүргөндөр чындык табат менден келип.

Анан ал — шире татып сый-урматтан,
Күн болуп күлүп турат, жайнап чыккан.

А ууну — бузуктугун өзү туюп,
Чындыктан качкандарга берем куюп.

Аларга менин заңым катуу — ачык,
Уу даамын таттырамын, кетпейт качып.

А менин кабак ачпай түнөргөнүм,
Алсызды кулдай туткан көөдөк үчүн.

Уулумбу, бөтөн жанбы, тууган же дос,
Жолоочубу жолдогу, күтпөс жолдош,—

Заң алдында бардыгын бирдей баалайм,
Жөнү жок, каралабайм, же актабайм.

Бийликтин эң негизи — адилеттик,
Чындык барда козголбой турат бийлик.

Бул тууралуу акылдуу адам айткан,
Акылдуу сөз — ийгилик жолун ачкан:

«Бектик күчтүү, адилет жолу менен,
Бектин жолу — чындыкта жүрүү кенен.

Заң менен адилеттүү башкарган бек,
Каалаган максатына жетет деген!»

### *Айтолдунун Эликке берген суроосу*

Урматтуум,— деди Айтолду айтчы эми,
Кандайча «Күнтууду» аттуу ысым жөнү?»

### *Эликтин Айтолдуга айткан жообу*

Элик айтты: «Эстүүлөр мага айтты,
Менин мааним, ишимди билип тапты.

Күндү көр эч кемибей толуп турат,
Жарык оту түгөнбөй күйүп турат.

Менин да сапаттарым күнгө окшош,
Адилет иш бөксөрбөйт, кемип койбос.

Экинчи — Күн ааламга жарык чачат,
Адамга нурун төгүп, турат жайнап!

Ошондой менин заңым жана өзүм,
Элге тартуу — ак ишим, адил сөзүм.

Үчүнчү — Күн асмандан ысык айдайт,
Жер бетине миң түркүн гүлдөр жайнайт.

Бийлигим жеткен жерге өмүр берет,
Жакшы заңдан эл жыргап, чөл көгөрөт!

Күн нурун бардыгына бирдей төгөт,
Жакшыга, жаманга да бирдей бөлөт.

Иштеримде менин да күндөй сапат,
Баары бирдей өзүмдөн чындык табат.

Өзгөрбөйт күндүн орду көк асманда,
Туруктуу алган жайы ааламда да.

Тобунда Арстан жылдыз, андан кетпейт:
Топ жылдыз эч козголбойт, Күн да өчпөйт.

Күн сыяктуу кебелбес менде негиз:—
Өзгөрбөйм, көпкө бирдей мендеги иш!»

### *Айтолдунун Эликке берген суроосу*

Айтолду айтты: «Ал туура, кутман Элик,
Башкардың бүт дүйнөнү, даңкың жетип.

Мен өзүм арып-азып узак жолдо,
Алдыңа тооп кылдым бак конгондо.

Таш жарган даңкың айдап, өзүң беттеп,
Көксөдүм кызматыңа жарасам деп.

Айтчы өзүң, кандай ишим сага пайда?
Аткарам бардык ишти күчүм барда!

Өкүмдарга кылган ишиң жакпаса,
Кир болосуң, жүрсөң дагы тап-таза.

Ылалык[1] бир кишинин айтканын ук
Баар тапкан ишинен аты чыгып:

«Эгер сен өз бегиңе кызмат кылсаң,
Айттырбай ойлогонун тапкын ылдам.

Тартибин бек ишинин билгин ачып,
Жакса ишиң — сага эшиктин баары ачык.

Иштин көзүн тапкандар — төргө отурат,
Иш билбес — улагадан кайра чыгат.

Ким бекти кубандырса иши менен,
Андайга кадыр-барктын жолу кенен!»

### *Эликтин Айтолдуга айткан жообу*

Элик айтты: «Түшүндүм сөздөрүңдү,
Түз жүрүп, ак кызматты көздөдүңбү.

[1] Ыла — ошол доордогу уруунун же жердин аты. Балким, Иле болушу да мүмкүн.

Баяндайм мен жараксыз сапаттардан,
Жолобо, алыс болгун андайлардан,

Жактырбайм, жанталашкан жалгандарды,
Зордуктап, кара күчкө салгандарды.

Ач көздүк, уятсыздык жана дагы,
Чорт кыял токтоно албас адамдарды.

Өктөмдүк, жаалдуулук жаман мазак,
Тажаалдар, ичкичтер да болот азап.

Ушулар мага жакпас кемчиликтер,
Санадым, өзүң эми салмактап көр.

Эгер сен ак кызматкер болом десең,
Алыс болуп булардан, жолобо сен.

Ошондо кучак жайып тосуп алам,
Байлык, даңк болот дайым энчи саган!»

*Айтолдунун Эликке*
*берген суроосу*

Айтолду айтты: «Мен уктум айткан кепти,
Дагы бир соболум бар жооп берчи.

Жакшы киши ким болот, кандай өзү,
Өзгөчөбү адамдан кулк-мүнөзү?»

*Эликтин Айтолдуга*
*айткан жообу*

Элик айтат: «Ал адам жакшы анда,
Ишинен жалпы элге болсо пайда,

Эл ишин баштап турса жакшы жолго,
Ал кызматын кылбаса элге колко.

Жакшылык жасап, кайра тилебесе,
Пайдасы болот ага миң бир эсе».

*Айтолдунун Эликке*
*берген суроосу*

«Түшүндүм,— деди Айтолду,— сөздөрүңө,
Суроо бар бере турган дагы өзүңө.

Мага айтчы: адилеттик — кандай өзү?
Адамзат аны менен мыкты дечи!

Кайда экен ага барчу түз, даңгыр жол?
Кайда экен адилеттин куру ошол?»

*Эликтин Айтолдуга*
*айткан жообу*

«Адилет — деди Элик,— ак дил киши,
Төп келген сөзү дагы, дили — иши.

Дайыма бирдей болсо сырты, ичи,
Анда ал адилеттүү ошол киши.

Ал даяр жүрөгүн да сууруганга,
Жүзүм жарык болсун деп эл алдында.

Адилеттик, урмат-сый, даңкты берет,
Адамдык да чынында буга кирет.

Пенде көп, бирок азыр адамдар аз,
Адилет адам азыр көп табылбас.

Бул тууралуу акын да сөзүн айткан,
Маанисин ошол сөздүн өзүңө айтам:

«Кишилер чыйрак, эпчил четтен чыгат,
А мага адилет, ак адам жагат.

Адам эмес, кымбат да кишилигиң,
Пейли ак кишилердин көөнү кымбат!»

*Айтолдунун Эликке*
*берген суроосу*

Айтолду сурап калды: Кутман Элик,
Түшүндүр мага ачык жооп берип:

Жакшы адамда болор бекен кемчилик,
Жамандар оңолобу өзү жүрүп?»

*Эликтин Айтолдуга*
*айткан жообу*

Элик айтты: «Жакшы адам эки түрлүү,
Адилет жолду тандайт анын бири.

Да бири төрөлгөндөн адилет жан,
Чындыкты эмчек менен кошо оозанган.

Ээрчиме жан келишет үчүнчүлөр,
Жаманга жолдош болсо — зыян тийер.

Болушат жамандын да эки түрү,
Жарабайт экөөн тең бирдей көрүү.

Биринде жаман адат такыр калбайт,
Жармашкан, өлмөйүнчө кутула албайт.

Анчалык бузук эмес айрымдары,
Кээде алар ээрчип кетет жакшыларды.

Жакшылык кыла келген жакшы адамдар,
Алардын адамзатка мээри тамар.

Жаманга дабаа жок — дейт байыркылар,
Коомго — жат, элге — жут жан ушулар.

Илгертен түрк ичинде бир макал бар,
Акыл бар анда терең — түшүнүп ал:

«Адилет, чындык менен оозангандар,
Өлгөнчө жакшылыкты жандоочулар.

Адамга мүнөз дагы кошо бүтөт,
Ал өлсө, өзү менен кошо кетет.

Карында кошо бүткөн кебетең да,
Катылат кара жердин карынына!»

Жамандар жакшы менен дос болгондо,
Жаманга теңелгени жакшы ошондо.

А жакшы жаман менен катарлашса,
Жакшы атынан айрылат — жол жок башка!

Бул жаман, тигил жаман деген болбос,
Алардын басканы окшош, жүргөнү окшош.

Башкарса беги жакшы, эли жайлуу,
Жашоосу адилеттүү, казан майлуу.

Бектери жакшыларды турса баалап,
Жаман да жакшыларды ээрчип калат.

А эгер жамандарды кылсаң жакын,
Жамандын таягынан кутулбассың.

Жамандар ардакталса, жакшы кор де,
Бузук жок — жакшы бийлик кылган жерде.

Дөөлөттүү болсо беги, бакыт басып,
Эли ток, жери гүлдөйт ырыс чачып.

Элинин беги болсо — адилет, түз,
Бузукка андай жерде табылбайт иш.

Эгерде бектер берсе жакшы заңды,
Дей бергин бузуктар бүт абакталды.

Адамдарга жакшы киши баш болсо,
Кызматчы да андай жерде оң жолдо.

Жакшы адамга бийлик тийсе оңолот,
Эли жыргап, жери гүлгө оронот.

*Айтолдунун Эликке*
*берген суроосу*

«Түшүндүм, — деди Айтолду ага кайра, —
Айтылган Элик сөзү жанга пайда.

Боорукердик, жакшы иштин жөрөлгөсү,
Эл үчүн жакшылыгы пайда дечи.

Баары эле байлыгым көп болсо дешет,
Байлыкка эмне алпарат, кантип жетет?»

*Эликтин Айтолдуга*
*айткан жообу*

«Боорукердик, — деди Элик — жакшы сапат,
Асылды жакшы адамдар жараталат.

Жакшылык — өзү жакшы, баасы кымбат,
Андан да аны жасоо кымбатыраак.

Бузук — жаман, Жаман да ага барган,
Эң жаман — жамандыкты кылган адам.

Арзан буюм чачылып жерде жатат,
Парча, шайы кымбат да — төрдө жатат.

Жакшылык кылган жанды көкөлөтөт,
Жамандык — кылган адам көргө түшөт.

Бул тууралуу бир сөз бар жакшы айтылган,
Жакшы сөзгө муюган жакшы адам:

«Жакшы иштин жолу татаал, тайгалак,
Дилгир жетет, а жалкоолор кур калат.

Жакшы иш жасоо өтө кымбат абыдан,
А наадандар жакшы иштен кур жалак».

*Айтолдунун Эликке*
*берген суроосу*

Айтолду дагы сурайт: «Элик кутман,
Жакшылык кылган адам атак тапкан.

Жакшы иште болор бекен майда кынтык,
Андайды болгон болсо, кантип таптык?»

*Эликтин Айтолдуга*
*айткан жообу*

«Жакшылыкты,— деди Элик — алкоо керек,
Жакшылыкты жактырбайт жаман көөдөк.

Абийирдүүлөр дос күтөт жакшылардан,
Тапсам дейт акылы бар чынчыл адам.

Жамандар болбос ишке кегин сактайт,
Жакшынын атын булгап ушак таштайт.

Жакшылык жасап көнгөн жасай берет,
Таарынчты унутуп, мээрим төгөт.

Жасаса бир жаман иш кокусунан,
Өмүр бою өкүнүп жүрөт анан.

Жакшы адамдын уккунуң бир айтканын:
«Жакшылык кылчу жолдон түк кайтпагын!—

Жакшылык оор эмес иштөө сага,
А эртең кайрымжысы жүз эсе да.

Түркөйдү бүгүн кырсык четтеп өтөр,
А эртең очорултуп тепсеп кетер.

Жашоонун оң — солу бар, жакшы жаман,
Оңдо бейиш, а солдо тозок саган.

Жамандар көтөрүлсө кыял бүтүп,
Өкүнүч аны дайым жүрөт күтүп.

Жакшылар басынтса да кээде душман,
Өкүнүү азабынан кутулушкан!»

Бул акыйкат — эй Айтолду билгин сен,
Өкүнбөйсүң жакшы иш жасап үлгүрсөң,

Чындык сөздү кулак салып угалык.
Чындык сөздүн түп атасы тууралык:

«Жамандык көрсө дагы — ою жакшы,
Адамды, достошоюн мага тапчы.

Жакшы адам, жакшы ишиңе тойгон барбы?
Кел мага, мени ачкалык кыйнап салды!

Жакшы адам — болсо дагы жамандалган,
Мен ага ынак досмун, эч танбаган!»

Бектиктин мага такыр кереги жок,
Башкалар ала берсин жыйнап-топтоп.

Адамдын көрүп турам, алкы жаман,
Жакшылык аз, жамандык миң-сандаган.

Акындын сөзүн укчу айтып өтөт,
Түшүнүп көп сырларга көзүң жетет:

«Жакшылык кылган жандан кейиш качты,
Жамандык кылгандарды өкүнүч басты.

Жамандыктын аягы өкүнч болот,
Жамандыкка — жакшылык кылган жакшы!»

Жамандыкты мактоого эч жөнүм жок,
Зыяндуу жаман ишке өткөнүм жок!

Калп айтуу, өжөрлүгүң жана оройлук,
Жамандарга тийиштүү сапат толук.

Ар дайым күйүт, көз жаш, кекээр, уят,
Алдыда жамандарды күтүп турат.

Мактабай коё аламбы жакшыларды,
Жактырбай жакшы ишин коё аламбы?

Белгилүү: ак иш, абийир, жана акыл,
Акылдуу адамдардын сапаты ушул.

Жакшы адамдын дайыма жакшы иши,
Жакшы ишке алкоо айтуу парыз дечи.

Жакшы менен көкөлөйсүң учасың,
Көңүлүн тап жакшы достун сен бачым.

Байлык, даңк, түркүн белек жана атак,
Жакшыны кубандырып күтүп алат.

Айтолду,— деди Элик,— түшүнүп ал,
Жообум соболуңа мына ушулар!»

*Айтолдунун Эликке*
*айткан жообу*

Айтолду этегине тооп кылып:
«Адилет, кылган ишиң баары улук.

Эл бийлээр, узун болсун өмүр-жашың,
Эл үчүн эсен болсун асыл башың!

Бектердин улуулугу өөрчүп мыкты,
Жакшылыгы ээрчитсин — жакшылыкты!

Алардын бийлик, күчү арта берсин.
Кубаты аскар тоодой өсүп-өнсүн!

Бүтпөсүн жоомарттыгы артып турсун!
Дөөлөтү босогосун түнөк кылсын!

Бакытың соолбостон ашып-ташсын,
Душманың соолуп, куурап өлүм тапсын.

Жакшыларга кызмат бер жакындатып,
Эл бактысын табышсын эшик ачып».

Ойлочу, айткан сөзүн билермандын,
Кызматтын көзүн таап биле алгандын:—

«Баш уруп кызмат кылгын татыктууга,
Татыктуу сый аябайт кызматыңа!

Кызмат кыл жоомарттарга — үйү анын,
Жайнаган алтын-күмүш болот дайым.

Сараңга өмүрүндө кызмат кылба,
Уятка чөмүлөсүң, таппай арга.

Өзүнөн өзү аяйт сараң адам,
Бирөөгө бир күкүм нан арттырбаган»

Айтолду бүттү сүйлөп, туруп кетти,
Ыраазы сүйлөшкөнгө, үйгө жетти.

Ак кызмат кыла берди күндөн күнгө,
Күндүзү кызмат кылып, түндө үйдө.

Аткарды өз милдетин абдан жакшы,—
Эликтен түбөлүктүү достук тапты.

Арадан мезгил өтүп, иш аткарып,
Ак иштен Айтолдунун жүзү жарык.

---

## 19

## АЙТОЛДУ ЭЛИККЕ ТИЛДИН ЖАКШЫ САПАТТАРЫ ЖАНА СӨЗДҮН ПАЙДАСЫ ТУУРАСЫНДА АЙТАТ

Бир жолу Элик кайра көңүл бөлдү,
Чакыртты Айтолдуну, орун берди.

Айтолду жерди карап үн катпады,
Кысылып, тынч отурду, унчукпады.

*Эликтин Айтолдуга*
*берген суроосу*

Элик ага кайрадан суроо койду,
«Сен неге унчукпайсың, эмне болду?»

*Айтолдунун Эликке*
*айткан жообу*

Айтолду айтты: «О, кутман, бектин беги,
Бегин көргөн кулуна сөз келеби?

Мен сөздү уруксат жок баштайм кантип,
Мен биринчи сөзүмдү таштайм кантип?

Бир акылман айтыптыр, эске сакта:
«Бербесе сага суроо,— оозуңду ачпа».

Чакырса — керектирмин, кезек келет,
Ким чакырса, сөздү ошо баштоо керек.

Сурабаса жулкунба, болот жаман,
Адеби жок мал тура дешет анан!

Бегине орунсуз сөз айткандарды,
Акылсыз дөдөй дешет элдин баары.

Кызыл тил — өмүрүңдү кыска кылат,
Жашайм десең жакшылап оозуңду жап.

Оозу бек бир адамдын айткан сөзү,
Бектиктен көп нерсеге жеткен өзү:

«Кара баштын кас душманы кызыл тил,
Канча башты жутту, дагы жутат — бил.

Болсун десең баш аман, тилди карма,
Болбосо — башың кетет, түшүнүп жүр!»

*Эликтин Айтолдуга*
*айткан жообу*

Элик айтты: «Айткан сөзүң түшүндүм,
«Тилсиз — өлүк» — дегенди эске түшүргүн.

Тилсиз киши эки — түрлүү — билерсиз,
Бири дудук, бири — наадан, жигерсиз.

Дудук байкуш үн чыгарбас моло таш,
Билимсиздин сөзү адамды жарытпас.

Билимсиздин тилин тыйган ылайык,
Акылмандын айткан сөзүн угалык.

Билимдүүнүн сөздөрү суудай аккан,
Жер ичип, шалбаа көктөп гүлүн ачкан.

Билимдүүнүн жакшы сөзү арыбайт,
Булак суусу эч тартылбайт, карыбайт.

Билимдүү — сазда сууга окшоп турат,
Басканда — изиң сууга толуп чыгат.

Билимсиздин көңүлү — чөлдүн куму,
Каптаса да ным калбайт көлдүн суусу!

*Айтолдунун Эликке*
*айткан жообу*

Айтолду айтты: — «Элигим акыл, көзсүз,
Өмүрдү заардуу тил кыят сөзсүз

Тирүү адам сүйлөбөй коё алабы?
Ичтеги ою жайына койбойт аны.

Суроо берсе жашырбай баарын айткын,
Сурабайбы — оозуңду бекем жапкын.

Суроо — эркек, ойлоп көрсөм Элигим,
Жооп — катын танат экен аны ким.

Аялдын бир күйөөсү эркек келет,
Жемиши ал экөөнүн эгиз делет!

*Эликтин Айтолдуга*
*берген суроосу*

«Түшүндүм, баары чындык,— деди Элик,
Бир суроо оозума турат келип.

Сен айттың азыр эле тил зыянын,—
Айтчы эми, а пайдасы барбы анын?

Зыянынан чочулап унчукпасаң,
Жакшы сөздөр жарыкка чыгат качан!»

*Айтолдунун Эликке*
*айткан жообу*

Айтолду айтты: «Сөздөрдүн пайдасы чоң,
Орду менен жигердүү айтылган соң.

Жаман сөз билими жок тилден чыгат,
Билимдүү журт нааданды — мал деп турат.

Негизсиз сөз — акылсыздын айгагы,
Ойсуз башка түшөт каңгып кайдагы.

Көп сүйлөсөң ойлонбой — кырсык келет,
Акылдуу сөз ар дайым пайда берет.

Түркөйлөр тоюп алса — жаткан өгүз,
Себепсиз мөөрөй берет, кыш-пыш, семиз.

Тоюп алса оонап жаткан мал, демек,
Ошондуктан малдын баары мал делет.

Акылмандар — карын эмес, ой багар,
Билим менен акыл табар, ой табар...

Ден семиртер тамак ооздон сиңет да,
Жан семиртер — сөз кулактан кирет да.

Билимдүүнүн болот эки белгиси —
Жүзү жарык, аны билген эр киши.

Бири напси, бири тили — тыйса аны,
Бакыт ага дайра болуп куйганы.

Билимдүү жан тыят дайым кулкунун,
Тыя алган кадырманы журтунун».

*Эликтин Айтолдуга*
*берген суроосу*

Түшүндүм мунун баарын,— деди Элик,
Сөз асылын, пайдасын калдым билип.

Сөз жолу кайдан чыгып, кайда кетет,
Жооп айтуу ушуга келди кезек.

Канча сүйлөп, качан токтоо жөн экен,
Бул тууралуу акылмандар не деген?

*Айтолдунун Эликке*
*айткан жообу*

«Сөз маанисин,— деди Айтолду,— билбейбиз:
Онун ойлоп, бирин гана сүйлөйбүз.

Бирин айтып, тогузун тый — керексиз,
Кажетсиз сөз — капта калсын демекпиз!»

*Эликтин Айтолдуга*
*берген суроосу*

«Сөздүн пайда, зыяндарын — мыктылап,
Түшүндүрчү мага, Айтолду, жакшыраак?»

*Айтолдунун Эликке*
*айткан жообу*

Айтолду айтты: «Жүйөлүү сөз — зор атак,
Орундуу сөз кулду көккө чыгарат.

Сөзү орундуу адамдар кандай сонун,
Урматталып берилет төрдөн орун.

А эгер сөзүң болсо орой, түркөк,
Асмандан алып түшүп, көргө түртөт!»

*Эликтин Айтолдуга*
*берген суроосу*

Дагы сурайт: «Айтчы сөздүн өлчөмүн,
Азы кайсы, көбү кайсы? Айт чегин?»

*Айтолдунун Эликке*
*айткан жообу*

Айтты Айтолду: Көп сөздүү — маңыз делет,
Мааниси жок, жадатып сүйлөй берет.

А сөзүң берген суроонун жообу болсо,
Так болсо — барктуу болот ал ошончо.

Бул тууралуу бир акын ачык айткан,
Ал сөзү өтө баалуу тактык жактан:

«Ойлоп сүйлө сөзүңдү, айта турган,
Сураса жообуң болсун таамай, ылдам.

Көп тыңшап, аз сүйлөгүн — орду менен —
Кемибейт акыл-ойду арка кылган».

*Эликтин Айтолдуга*
*берген суроосу*

Дагы бар,— деди Элик,— суроо сага,
Түшүндүр, жооп берчи ачык мага.

Кимди тыңшайм? Айт мага — кимде сөз ак?
Кимге айтамын сөзүмдү кайра тактап?!

*Айтолдунун Эликке*
*айткан жообу*

«Сөзүн ук — деди Айтолду,— акылдуунун,
А анан түркөйлөргө айтып чыккан.

Улуунун сөзүн уксаң, оюн анын,
Кичүүгө жеткирүүнү унутпагын!

Көп тыңшап, аз сүйлөгүн — акылдуулар,
Ушинтип мага айткан баалуу сөз бар.

Көп сүйлөгөн маңыз да, акылы аз,
Көп тыңшаган акылдуу, сөзүнө баш.

Тилин кармай билгендер билим алар,
Маңыз жандар билимди кайдан табар!»

*Эликтин Айтолдуга*
*берген суроосу*

Түшүндүм,— деди Элик,— баарын билдим,
Дагы бир суроом бар, жооп бергин.

Ичте сырды чыгарбай жашырсакпы,
Же айтсакпы калтырбай, кайсы жакшы?

### *Айтолдунун Эликке айткан жообу*

«Сөзүмдү ук,— деди Айтолду,— кутман Элик,
Сөз чыкпаган жерлерде — билим өлүк.

Сөздү сөгөөр, тилди сөгүү жарабас,
Сөздө жакшы, жамандары аралаш.

Адамдарды курчайт сансыз макулук,
Өз тилинде кудайлашат ак уруп.

Миң-сан калкты теңир өзү жаратты,
Тилдүү — сүйлөп, тилсиз — үнсүз караштьı.

Тирүү жанга эки нерсе керектир,
Бири — тили, бири — дили ак көңүл.

Сөздү, дилди жаратты адилет деп,
Жалганчылар — жалынга күйгөнү эп.

Туура сөздөн чексиз пайда табарсың,
Жалган сөздөн каргыш-сөгүш аларсың.

Туура сөздү — сүйлөй билгин тартынбай,
Кыйшык, калптан — качкын, өчүк касыңдай.

Үндөбөсөң — «дудук го» — деп айтышат,
Көп сүйлөсөң — «маңыз» наамы жабышат.

Адамдардын эң начары — былжырлар,
А жакшылар — көңүлү түз, сыйлуулар».

* * *

Бул сөздөргө Элик чексиз кубанды,
Көктү карап бата кылды, кол жайды.

Алкыш айтып жаратканга жалынды:
«О, кудайым, боорукерим, кайрымдуу!

Ырайымын көрдүм төккөн нуруңдун,
Кайрымы жок, мен күнөкөр кулуңмун.

Тилегимди бердиң түгөл калтырбай,
Дүр дүнүйө, дөөлөт, байлык, шайма-шай.

Сенин бул марттыгыңды кантип актайм?
Кудайым — өзүң кубат, дайым мактайм!»

Деди да казынасын ачып салды,
Бей-бечара, кедейге чачып салды.

Айтолдунун кадыр-баркын ашырды,
Жылуу сөзү, сан байлыгы чачылды.

Ал ага увазирлик наам берди,
Мөөр, түпөк, идиш, соот кошо келди.

Баарынан күчтүү кылып берди бийлик,
Душмандар жүгүндү ага башын ийип.

Айтолду кызмат кылды күлүк аттай,
Бактылуу сезип өзүн, үмүт актай.

Калкы байып, элинин бактысы артты,
Эли болсо Элигин даңктап жатты.

Кут даарыды, өстү калктын өрүшү,
Бир жайылды козу менен бөрүсү.

Заң түзүлүп акыйкат, бекемделип,
Жыргал күндө жашады куттуу Элик.

Мына ошентип айлар — жылдар жаңырды,
Жыргап эли, издегени табылды.

Жаңы калаа, жаңы жайлар салынды.
Алтын-күмүш казынага агылды.

Кубанды Элик, алыс айдап санааны,
Бүт дүйнөгө атак-даңкы тарады.

---

20

## КУТТУН КУБУЛМАЛЫГЫ МЕНЕН ДӨӨЛӨТТҮН ТУРУКСУЗДУГУ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Түгөл болду Айтолдунун тилеги,
Арзан бактың бирок көпкө жүрөбү.

Акылдуулар ачык айткан сөз чынын:
«Мал табылар, аны багыш эң кыйын»

Угуп ал, эске алуучу кеменгер сөз:
«Табарсың байлык, дөөлөт — өмүр күтпөс».

Төп айтылган билимдүүнүн кеп-сөзү,
Түркөйлөргө көрө турган көз дечи:

«Жаткан — турар, турган кайра — жыгылар,
Жанган — өчөр, чарчагандар — тыныгар.

Не иштесең: баарын толук бүтүргүн,
Жакшы бүткөн ар ишинде үзүр бар!»

Айтолдунун баарына колу жетти,
Баары бар, бирок учуп өмүр өттү.

Толук Ай, мына кемип батып барат,
Жай өтүп, суук кышка калды карап.

Дененин төрт кубаты тил табышпайт,
Бири — соо, калган үчөө бир кырсыктайт.

Карын да жайында эмес, тамак сиңбейт,
Кырсык басып, кошулуп көңүл кирдейт.

Күчтөн тайып, баш көтөрбөй үңүлдү,
Айла барбы шыңга бою бүгүлдү.

Келген кесел чалып жерге кулатты,
Муңга батып, төшөгүндө ал жатты.

Эмчи-домчу тамыр кармап келишти,
Кеселдүүнүн жайын айтып беришти.

Бири айтты: кан чыңалган жайы бар,
Кан алдырса, куландан соо айыгар.

Бири айтат: заң катыптыр ичине,
Жакшы болот ич өткөрүү кичине.

Ар кандай таттуу шире, муздак сууну,
Дары-дармек, эритме көп ичирди.

Баарын жасап, кылбаганы калбады,
Эм болоор деп көптүн башын кармады.

Тамак ичпей, күндө күчөп кесели,
Алдан тайып жөөлүйт, сууп төшөгү.

Билип ал акыл-эстүү бир адамдын,
Ак жолго алпарат деп айткандарын:

«Дары да, чөптөр дагы, ачуу уулар,
Уу дары жана кошмо таттуу суулар,

Эмчи да, бүбү дагы — байыртадан,
Ажалга эч бир дабаа боло албаган.

Эй тирүүлөр, туталанып буулукпа,
Тирүү жүрүп, өлүм барын унутпа!»

Айтолдунун кеселин Элик укту,
Алчу ажал тооруптур ал байкушту.

Көрөйүн деп абалын Айтолдунун,
Келди Элик, жатат ал, алы кыйын.

*Эликтин Айтолдуга*
*берген суроосу*

Элик сурайт: «Табитиң, алың кандай?
Эмнең ооруйт, көңүлүң, жайың кандай?»

*Айтолдунун Эликке*
*айткан жообу*

Айтолду айтты: «Элик, кыйын кеселим,
Кутултпайт го, таба албадым эч эмин.

Толгон Айым бара жатат кетилип,
Күнүм батар, жакшы үмүттөр кесилип.

Толуп турган Айдай эле сүрүлдүм,
Күнүм батты, мен жашоодон түңүлдүм.

Кубанчым, өмүрүм да качып барат,
Жарык дүйнө жүз буруп шашып барат.

Жыргал, бакыт бүт артымда калабы,
Кайгы-мээнет мага сугун кадады.

Айрылып бара жатам мен өзүңдөн,
Ажал, өкүнч алдыдагы энчим экен.

Угуп ал бир жакшы адам айткан кептен,
Эл ичине кадыры, даңкы өткөн:

«Кандай жыргал, бактың айнып кетпесе,
Жүрсө бирге, чык деп сыртка теппесе.

Бек бийлиги дайым өргө өрдөсө,
Жакшы болмок ажал бөөдө келбесе.

Кандай сонун, жаш адам картайбаса,
Чачы агарбай, чарчабай, түп-түз басса!»

### *Эликтин Айтолдуга айткан жообу*

Элик айтты: «Айтолду андай дебе,
Мындай сөздү сүйлөбө, болот күнөө.

Эми болот ар бир дарттын тооруган,
Жалгыз эле сен эмессиң ооруган.

Жаман сөздү неге оозго аласың,
Айтчы андан кандай пайда табасың?

Мен өзүңдү жүрүүчү элем дем кылып,
Жаман сөздү айттың неге кем кылып?

Жардамынан кур койбос жаратканым,
Көңүлүмдү сыздатып оорутпагын!»

### *Айтолдунун Эликке айткан жообу*

«Кутман Элик,— дейт Айтолду,— сөзүн козгоп,
Бул ооруга билемин, эч дабаа жок.

Белгилүү да, төрөлгөнгө — өлүм бар,
Тике турган — акыр бир күн куланар.

Асмандагы күндө дайым батуу бар,
Сүйүү — күйүт, таттуусуна — ачуу бар.

Мен өзүңө айткан элем акыл кеп,
Бул дүйнөнүн жалгандыгын билгин деп.

Аяп мен алдын-ала камың жегем,
Мен өлгөндө кайгырбай жүрсүн дегем.

Кайгырба, кейибегин — мен кетемин,
«Төрөлгөн — өлбөйт» — десе ишенбегин!

Ынанбайт деп айыптап сөкпө мени,
Жалган дүйнө жазгырып алдайт сени.

Уяткарба таш боор деп, бул сөзүм ак,
Сени кыйнаар шум дүйнө катуураак.

Көзүңдү ач, менден кийин сенде кезек,
Шум дүйнөнүн алдоосу, жалганы көп!

Сен мага ченеми жок жоомарт элең,
Өтөй албай баратам кеселимден.

Аргасыз өлүмгө мен моюн сунам,
Буйрукту өзгөртө албайм, кандай кылам.

Өлүмгө арга жок да, чыдайм эми,
Кутулууга чара жок, аттиң деги...

Жок нерседен жаралып, өсүп келдим,
Бала элем, мына улгайдым өзүң көрдүң.

Айдай жүздү саксайтып сакал басты,
Кузгундай кара элем, болдум ак куу.

Жебедей түптүз элем, бүктөп белди,
Өмүрүм бүттү менин, өлүм келди.

Айтыптыр бир акылман — окумуштуу,
Жылдыздуум, ал карынын сөзүн укчу:

«Аккуудай карасы жок болсо чачың,
Анда эле жарык нурдай жан тазарсын.

Мурдагы түптүз бели ийилсе анын,
Түзөткөнү калганы эми жанын!

Кара чачты агартып басса кыроо,
Буктурмада өлүмүң турганы ошо!»

Бул тууралуу акын да жакшы айтыптыр,
Эстүү киши, аны угуп тобокел кыл:

«Агарса кара чачың — өлүм жакын,
Ансайын ардактагын жашоо баркын.—

Түгөтөөр ашка кошо өмүрүңдү,
Өлүм алаар сени да, болгон дайын».

*Эликтин Айтолдуга*
*айткан жообу*

Элик айтты: «Чыда Айтолду сабыр эт,
Ooру — күнөөң, алыс сага акырет.

Ооруган ар бир адам өлө берсе,
Жер үстүндө жан адам калбайт эле.

Баарына жардам берер, кудай өзү,
Тынч жаткын, көңүлүңдү чөгөрбөчү!»

* * *

«Сактай көр» — деп элик дуба табынды,
Колун жайып, жаратканга жалынды.

Ордунан, анан туруп көңүл чөгүп,
Кайра келди ордого кайгы жеңип.

Кем-кедейге мал таратты, сүйөр деп,
Үмүт кылып, сообу акыры тийер деп.

Күмүш жанды сактай алса ажалдан,
Колдо барын чачып салмак далай жан!

Дүйнө берип өлбөс болсо адамдар,
Өлбөс болуп калмак анда жакшылар.

Айтолдунун күндө кыйын абалы,
Өчүп барат ак жүзүнүн жамалы.

Деди өкүнүп: «Ашып-ташты зар-муңум,
Капарга албай өткөзүпмүн бардыгын.

Жанталашып иштедим, осол болуп,
Жаштык кетти камгактай тоголонуп.

Өтөм десем секирип жолтоолордон,
Ажал мени алыптыр бекем колдон!

Чогулттум мал-мүлкүмдү суктук кылып,
Баары калат — мен өзүм кетем жылып!

Көз караш, сөзүм менен барктуу элем,
Ажал мени алыптыр кекиртектен!»

Өкүнүп тагдырына ал ыйлады,
Өлүмүм — өкүнч ыйын барк кылбады.

Канчалык шорго бүткөн адам колу,
Каалаганга жеткирбейт турмуш жолу!

Тилек арбын, а жетээр — өмүр кыска,
Көксөгөндүн баарына жетүү жок да.

Текебердик кесепет, азга топук,
Кыласың жаратканга колуң созуп.

Даңкың артса корсоюп текеберсиң,
Ажал келсе, калтырап өкүнөрсүң.

Карды токтор буурадай бурк-бурк этет,
Ачса карды ылгабай баарын жешет.

Токтукту көтөрбөйбүз, ага таңбыз.
Жашоо баркын билбеген байкуш жанбыз.

Күрсүнүп Айтолду анан сөзүн коштойт:
«Аттиң ай, ак жолумдан тайдым окшойт.

Пайдасы не, жыйган күмүш, алтындын,
Таратпадым, сообун алып жардынын.

Унутупмун элден соопту алганды,
Неге сөктүм жазыгы жок жандарды?

Жакшылыкты жасасам улам кайра,
Болмок экен жүз эсе жанга пайда!

А эми кейигенден пайда барбы?
Ажал кысып сүйлөтпөйт сууруп жанды!

Акыйкатчыл бир адам айтканын ук,
Чындык десе күйчү экен сызгырылып:

«Ажал — бул тирүүлөргө ачык эшик,
Тирүүлөр кутулган жок качып өтүп!»

Өмүр эмне, өлүм эмне — ойлочу —
Кайдан келдим, кайда барам — болжочу?

Неге туулдум — акыры өлөр болгон соң?
Неге күлдүм?— Кайгы күтүп турган соң?

Коркунучтуу эч нерсе жок ажалдан,
Төрөлгөн соң — өлөт экен ар адам.

Бул тууралуу бар экен акын сөзү,
Уккандардын ачылсын эми көзү:—

«Өлүмдөн ашып түшкөн каргыш барбы,
Ойлосоң өлүмүңдү жашоо кайгы!

Өлүм деген уч-кыйры жок көк деңиз,
Түбү терең чыгарбас түшкөн жанды!»

Бул жашоодо, өлбөйм дебе түшүнгүн,
Ажал келсе таш — талканы — ишиңдин.

Байлыгыңа чиренбегин алданып,
Ажал келсе, күнүң бүттү, сен карып.

Ач көздүккө азгырылган пенделер,
Ажал келсе, эч ким чыкпайт дем берер.

О, силер, кур кыялга алдангандар,
Денеңер чирип жерде жатып калар.

Дөгүрсүп көтөрбөгүн сен башыңды,
Өлгөндө көлдөтөрсүң көз жашыңды.

Билимдүү жан айткан сөзгө сал кулак,
Эсиңе түй, калган сөздөр — сандырак:

«Келечекте болом десең таптаза,
Эки дүйнө күнөө кылбай ак жаша.

Жамандыкка баспагын эстүү адам,
Дайым түз бол — сөзүңдө да, иште да!»

Айтолду көп өкүндү, жашын төктү,
Өкүнчү өтүп кеткен кимге жетти?

Кедейлерге алтын-күмүш таратты,
Тууган, доско белек берип каратты.

«Жараткан!— деп көз кадады асманга,—
Эгем сенсиң! Адилет да, адал да!

Сен мени жараткансың, өстүргөнсүң,
Ырайымың арттырып көп бергенсиң!

Өзүңдөн ак кызматым аябадым,
Ажал келди, калбады дарман-алым.

Кутулуш жок ажалдан, мейли өлсөм,
Дитим сенде — өзүңдөн мээрим көрсөм!

Суранам, күнөөм да көп, болсо эгер,
О кудай, райым, кыл кечире көр!

Убактым, өмүрүм да бошко кетти,
Бийликтен жаман сөзүм көпкө өттү!»

Токтотту алдан тайып айтар сөздү,
Уулун карап, көлдөтүп жашын төктү.

## 21

## АЙТОЛДУ УУЛУ АКДИЛМИШКЕ АКЫЛ-НАСААТЫН АЙТАТ

Бар эле Айтолдунун бир баласы,
Балтыр эти ката элек, жаш чамасы.

Аты — Акдилмиш, сүттөн ак дили таза,
Жүзү жарык, мүнөзү андан аша.

Чакырды уулун, өзүнө алып жакын,
Кучактап, мончоктотту көздөн жашын.

«О уулум,— деди Айтолду,— мен да өтөм,
Сага калды — орунум, жыйган дүйнөм.

Мен үчүн сен көзүмдүн кареги элең,
Мен өлөм — сен өмүр сүр аман-эсен.

Бир түрктүн урпактарга насааты ушул:
«Көрөр көздүн жарыгы — кыз да уул.

Уул-кыздын түйшүгү түптүз деңиз,
Кызыл жүздү саргайтар дагы эсепсиз!

Болсо анын үйдө аялы, уул-кызы,
Ал байкуштун келе койбос уйкусу.

Уул-кыз деп ата тынчып жаталбас,
Ата затын уул — кызы барк албас!»

О, уулум,— деди Айтолду,— кулак салгын,
Сөзүмдү көңүлүңө түйүп алгын.

Мен атаңмын — Айтолду атым менин,
Эске түй, али алдыда — насаат кебим.

Айтолду арманы жок жашап келди,
Шум ажалдан кутулбайт ашып белди.

Өмүр — таттуу, ачуусу — шумпай ажал,
Чалындым жайган торго таппай амал.

Бул жашоого дитим берип табындым,
Жалт бурулуп, ала качты, жаңылдым.

Ээликтирип жалган дүйнө арбады,
Көңүл бурсам, сыртын салып алдады.

Капа кылып, дүйнө алды кутумду,
Байкагын сен, аксатпасын бутуңду.

Керектүү иштин баарын актабадым,
Керексизин четтетип таштабадым.

Бороон болуп токтобой өмүр өттү,
Отурам пайдасы жок өкүнүчтүү.

Пара берип, оңолуучу ишим жок,
Колдон кармап сүйөп коёр кишим жок.

Угуп ал бир адамдын — эстүү, билгир,
Өлүмдүн маңыз-жайын айтканын бир:

«Ажал келсе — эстүү жан да жаңылар,
Билимдүү да айла таппай тарыгар!

Кандай катуу шум ажалдын чеңгели,
Бир чеңгелдеп ким болсо да жеңгени!

Ак сарайды ажал бузуп сапырат,
Бар байлыктын кутун алып качырат!»

Бул тууралуу жакшы айтылган бир ырда,
Маанисин бил, билимдүүлөр сөз тыңда:

«Нерсе барбы бул дүйнөдө дабаасыз?
Ар нерсенин өз дабаасын табабыз.

Ар нерсенин тапса болот амалын,
Бир өлүмгө жетпейт биздин чамабыз!»

### *Акдилмиштин Айтолдуга берген суроосу*

Угуп уулу айткан ата сөздөрүн,
Жооп берди, буруп нурлуу көздөрүн.

«Атаке, бир сөзүм бар айтар сага,
Аны угуп, өз оюңду айтсаң мага.

Атаке, жашадыңыз жаман эмес,
Билим, кайрат — бардыгы болду теңдеш.

Тыңшап, сурап, көп нерсени болжодуң,
Баарын баамдап, тереңдеди ойлоруң.

Ажалга да табылаар дейм ылаажы,
Пайдаланып көрсөк кантет биз аны.

Эгерде башка арга таппай койсоң,
Чачалык казынаны колдо болгон.

Казына ачып, жараса — тарат үлүш,
Эсен болсоң табылаар алтын-күмүш.

Уксаңыз жоомарт адам айткан сөзүн,
Тараткан койбой чачып дүнүйөсүн:

«Жеп, ичир — адамдарга ырахат бер,
Чач байлыкты — а байлык өзү келер!

Алтын башың соо болсо казна качпайт,
Кушка салган данындан байлык азбайт,

Тирүү болсоң — тилек-ой сени менен,
Башың барда — максат жок жеңилбеген!»

*Айтолдунун Акдилмишке*
*айткан жообу*

Айтолду айтат: — «Асыл уулум түшүнгүн,
Сөзүмдү угуп, үмүт үзүп түңүлгүн.

Өлүмгө дабаа болбойт алтын-күмүш,
Өлүмдү токтото албайт билим же күч.

Өлүмдү байлык чачып токтото алса,
Өлбөс болуп алышмак бектер анда.

Акылдууга акылы жардам бербейт,
Эстүүлөр эс-оюнан пайда көрбөйт.

Өлүмгө дабаа болсо дары-дармек,
Эмчилер өлүм билбей жүрө бермек!

А ажал мансаптууну албайт десе,
Пайгамбарлар алиге жүрбөйт беле!

Төрөлгөн соң — тирүүлөргө бар өлүм,
А ажалга баш ийбеген барбы, ким?

Бул дүйнө — аялдама, келип — кетер,
Ажыдаарды сорбойт деп айткан бекер!»

*Акдилмиштин Айтолдуга*
*айткан жообу*

Айтты Акдилмиш: «Уктум, ата, бардыгын, —
Өлүм барда бул дүйнөнүн тардыгын.



9—2190

Ак жашап, кара иштерден алыс качтың,
Эмнеге азап чегип, кыйналасың?

Артта калар, эмне үчүн дүйнө жыйдың,
Бербейсиңби таратып анын баарын?

Эгерде оюн-зоокто өтсө күнүң,
Күнөөсүнө ылайык — өч демекмин.

Кой ата, кейигенден чыкпайт пайда —
Канчалык кыйналсаң да болбойт арга!»

*Айтолдунун Акдилмишке*
*айткан жообу*

Айтолду айтты: «Э, уулум, тыңда, мени,
Түйшүгү келечектин күтөт сени.

Мен акылсыз, түркөй экем, куладым,
Кайталаба осол болуп чырагым!

Төрөлгөн соң, адамга өлмөк да бар:
Качсаң да, кууп жетип ажал алар!

Туткунбуз биз — ажалга, күнүң бүтсө,
Чалмасынан чыгарбайт бутуң түшсө,

Бул тууралу акындын бар айтканы,
Дал келет мына ушуга анын баары.

«Дүйнөдө ар нерсенин чеги болот,
Тирүү жан бул дүйнөгө келген конок.

Өткөндөй күн, ай, жылдар — өмүр өтөт,
Өткөн күндөр өмүргө эсеп коёт».

Абайла уулум,— деди, көргүн мени,
Мен көргөн кырсыгымды сен көрбө эми!

Өкүнөмүн, сенсиң кайгы-арманым,
Кичинеңден жетим болуп калганың.

Менсиз уулум, көргөн күнүң не болот,
Аны ойлосом эки көзгө жаш толот.

Ата жолун көрсө бала тегинде,
Көнүп кетет оорго да жеңилге.

Бала өссө ар тараптуу таалим алып,
Ата-эненин андайда жүзү жарык.

А уулуң өскөн болсо эрке-талтаң,
Үмүт үз — адам чыкпайт андайлардан.

Уулум толсун десең акыл-эске,
Билим бер, жаштайынан көндүр ишке.

Билип ал, жолун айткан тарбиянын,
Көп жашап, көп балалуу бир атанын:

«Эрке өстүбү балдарың — жаман адат,
Өмүр бою кайгыда — жашың агат.

Эрке өстүрсөң балаңды корсуң анда,
Күнөө атада, бирөөгө доомат кылба,

Балдары орой болсо сөз укпаган,
Күнөөнү издөө керек эне-атадан.

Таалим берип өстүрсөң уул-кызды,
Арылтасың кырсыктан асыл башты,

Балдарды жакшы карма таалим менен,
Анда ата ар кырсыктан алыс экен.

Уул-кызың билимди алса — терең,
Кор болушпай, көңүлдүү жашайт деген!»

### *Акдилмиштин Айтолдуга айткан жообу*

Жооп кылып Акдилмиш айтты: «Ата,
Кайгың тартып, мен күйдүм болуп капа.

Сенсиз мен тирүү калып жашай албайм,
Азабың көрүп туруп кантип чыдайм!

Жараткан азабыңды мага берсин,
Башка түшкөн кырсыкты ала көрсүн!

Ажал келсе дабаа жок, алаар жанды,
Пешенеге жазылса, айла барбы.

Кайгы менен ыйыңдан чыкпайт пайда,
Жаратканды буйругу — жок да айла!

Бул жашоону, дүнүйөсүн кыя албай,
Көптөр өткөн, ачуу жашын тыя албай.

Кыйналба сен, өмүр — өлүм арбашсын,
Тирүүлүктү күчтөп кармай албассың.

Миң-сан адам кабыргасы сөгүлүп,
Сага чейин өткөн жашы төгүлүп.

Бул дүйнөнүн опосузун түшүндүң,
Ал — алдамчы, аны эске түшүргүн.

Канча байлык жыйган менен көз толор,
Алар энчиң эки кулач бөз болор.

Эскерип тирүүлүктү кайгырасың —
Кайгыр, ыйла — көз жашың кургабасын.

Өткон күндөр кайра келбейт кашыңа,
Өткөн — өттү, түнүң түштү башыңа.

Бир мен болсом бар кайгыңдын себеби,
Коюңузчу, анын эмне кереги!

Төрөлгөнбүз — тирүүгө өлүм ак да,
Түбөлүктүү — бир кудай, жок да башка.

Ата болуп, кам көрдүң, кылбадың кор,
Бир кудайдын ырайымы андан да зор.

Ал жаратып берди ырыс, кут өзүңө,
Мени андан кур калтырсын несине?

Байкушту барктуу кылуу — кудай эрки,
Кичүүгө, улууга да берет энчи.

Акылмандын айткан сөзү, сал кулак,
Сокур үчүн түндө күйгөн шам чырак:

«Бир кудай өзү даңктуу, атак берет,
Кааласа урмат-сыйга салат бөлөп.

Ал кубат алсыздарга, азга — айбат,
Жакшыга урмат-сый да, жөнгө — жөлөк!»

Айтолду даана түйду уул сөзүн,
Бата кылды көтөрүп көккө көзүн.

Жалынды бир кудайга алкыш айтып,
Акыл берген уулуна жандан артык.

*Айтолдунун Акдилмишке*
*айткан жообу*

«Бар тура уулумда да мендеги акыл,
Бакыт берсин кудайым, өлсөм макул.

Акыл сөздү сен окуп эсиңе түй,
Көзүңдү ачат, маанисин жаныңдай сүй!

Кудай кимге берсе акыл, билимди,
Колдоп жүрөт бардык жерде ишиңди.

А кимдин кулк-мүнөзү болсо жарык,
Күн менен Ай нур төгүп, жолу ачык.

Жакшыга — жакшы иштери байлык берет,
Боорукерге сан байлык өзү келет!»

Айтолду кайра көккө созду колун,
Жаадырды жаратканга алкоолорун:

«О кудай,— деди Айтолду,— бүт жараттың,
Өмүр бердиң, жээр ашын тараттың.

Жараткан мага бакыт, атак бердиң,
Күнөөкөр кулуң элем кечиргиниң!

Акыл берип, мени дайым колдодуң,
Бакыт бердиң, ишке ашты ойлорум.

Баарын бердиң, ыраазымын тагдырга,
О жараткан, карыздармын алдыңда.

Келди өкүмүң, мен аттанып барамын,
Калды артымда жалгыз уулум, карагым!

Ата элем ажал мени алып барат,
Кут берип өмүрүнө, бакыт жарат.

Кырсыктан алыс кылып кутка бөлө,
Эки дүйнө эш болуп өзүң жөлө.

Эстүү кылгын, бурба жаман адатка,
Муктаж былба кийер кийим, тамакка!»

* * *

Дили менен берилип дуба кылды,—
Ал дубадан ар кырсык алыс турду!

Акылдуу бир адамдын сөзүн укчу,
Ал экен элге башчы, чынчыл, мыкты:

«Кудайым алкулум деп мээрим төккөн,
Эки дүйнө ырахат сүрөт экен.

Кайсы кулга тийсе кудай жөлөгү,
Эки дүйнө болуп турар тилеги.

Кудай пейлин төксө ишиң оң болор,
Итиң чөп жеп, бардык ишиң оңдолор!»

Айтыптыр да бир адам акылы артык,
Акылдуу сөздү туткан — табар бакыт:

«Колдосо кудай кимди — жолу болот,
Тилеги кабыл болсо — колу толот.

Кул пейли жаратканга болсо аппак,
Андайга кайгы-кырсык койбойт жолоп!»

Айтолду уулуна айтат: — «Сөз тыңшачы,
Акыры баары өлөрүн унутпачы.

Ишенбе тирүүлүккө — өтөт-кетет,
Бу дүйнө унут калат, желдей көчөт!

Тапшырдым бир кудайга уулум сени,
Өзүңө жөлөк, көмөк болсун эми.

Мына эми мен өзүңдөн айрыламын,
Өкүнүч ыйга эзилип кайгырамын.

Менсиз өтөр өмүрүңдүн сыры арбын,
Айтайын, баарын түгөл угуп алгын».

---

## 22

## АЙТОЛДУНУН ӨЗҮНҮН УУЛУ АКДИЛМИШКЕ АЙТКАН НАСААТТАРЫ ТУУРАСЫНДА БАЯНДАЛАТ

Тил, көңүлдү кудайга туура тутуп,
Эртеңди ойлоп иш кыл, болбой бузук.

Бардык ишти кудайдын буйругу де,
Ага ишенип, ак кызмат ишин өтө.

Керегиңди теңирден сурап алгын,
Жардамы сага тийет бир гана анын.

Кабыл тутуп, аткар теңир буйругун,
Сага берээр бүгүн же эртең сыйлыгын.

Жалган эмес, чындыктын жолун жолдо,
Чынчыл, түз бол — сен асты кежир болбо.

Мен өлөм, өмүрүмдү жашап бүттүм,
Не берди мага турмуш, ой жүгүрткүн!

Өзүңдү отко салба байлык үчүн,
Бирөөнүн жибин алба, салба күчүң.

Дүйнө жыйдым, жанталашып тердедим,
Күнүм бүттү, эч пайдасын көрбөдүм.

Байлыктар сеники эми, ала кетпейм,
Пайдалан, бактылуу бол, артыңды эстейм!

Мен жыйган дүнүйөнү кармай билсең,
Эки дүйнө кемибес болосуң сен.

Кармабасаң чачаарсың, түтпөйт байлык,
Саргаясың, узарат жолуң айнып.

Ишиңде адилет бол, түз жүргүнүң,
Бактылуу чынчыл киши сен билгиниң!

Адилет бир адамдын ук айтканын,
Эки дүйнө ак жолду тапкан жандын:

«Өмүр сүрөм дегендер бейпил, момун,
Калыстыктан издесин анын жолун!

Эгер сен бек болууну калсаң самап,
Адилеттик — байлыкты өзү табат.

Эгерде уулум, элди бийлейм десең,
Адилет бол, эл камын дайым жегин.

Адам пейли калыс, түз, таза болсо,
Эки дүйнө жыргалда жашайт ошо!»

Айтолду дагы айтты:— уулум, уккун,
Жакшылыкты туу кылгын атың чыксын.

Жакшылык кыл — алыс бол жамандыктан,
Анда олтурган орунуң болот кутман.

Ачуу — душман, алдырба ага деги,
Жаман иш — уулуу жылан чагар сени.

Жойпуларга ишенбе, келсе кезек,
Жойпулар кылчаңдабай сатып кетет.

Ушакчыны жолотпо жан-чөйрөңө,
Сырыңды жайып салат бардык элге.

Жолдош бол, жакшы менен, адил менен,
Байлыгың ашып-ташып болот кенен.

Баарын ук, бирок шашпа тыянакка,
Сырыңды өз ичинде бекем сакта.

Бирөөгө көз артпагын, шарап ичпе,
Бул экөө — алып барат жаман ишке.

Чыгарба аялыңды үйдөн алыс,
Төкпөсүн кокусунан абийир-намыс.

Бөтөнгө эшик ачпа, арың кетет,
Акылдуу досту тандап, сынап күтөт,

Топук кыл күнүмдүккө алдырбагын,
Адилдик сан байлыктын табат баарын.

Буга окшош бир макал бар, аны билгин,
Эсиңе эрежедей тутуп жүргүн:

«Жакшыларга ылайык асыл сапат,
Керектүүсүн калтырбай дароо табат

Жаманга — байлык, малдын пайдасы жок,
Колдо барын коротуп, чачып салат!»

Уятсызга жолобой алыс болгун,
Уяттууга миң алкыш — менден болсун.

Сабырлуу бол, бар ишти ойлоп иште,
Сабырдуулар аткарат ишин мүлдө.

Баарында, бардык иште — токтоо, түз бол,
Токтоолук — бакыт тапчу ырыстуу жол.

Тилди тыйып, жөнү жок жаман айтпа,
Аз ичкин, арам ашка көзүң артпа.

Бузулган адамдарга жолобогун,
Азгырма адамдардан алыс болгун.

Уга бербе сөздөрүн жалаң бектин,—
Жакшы сөздү туу тутуп көкөлөткүн.

1315 Ойлобо зыян ишти, кылба залал,
Напсиңди тый дайыма жүргүн адал.

Кирчү болсоң, байкагын чыкчу жерин,
Кор болорсуң чыга албай калсаң өзүң.

Ачуу келсе, токтоткун акыл менен,
Чыдамкайлык — бакыттын жолу деген.

Айтканын ук, чыдамкай баатыр эрдин:
«Сабыр кылсаң — ийри ишти түзөтөөрсүң.

Чыдамдуу бак-дөөлөттөн куру калбайт,
Чыдамкайлар көктөгү кууну кармайт!»

1320 Энчиңе туура келип азап тартсаң,
Чыдагын, кубанч сага келет арттан.

Алдыңдан бакыт жапса дарбазасын,
Чыда, күт: аны акыры сен ачасың.

Сабыр кыл, сабырдуулук жакшы сапат,
Сабырдуулар асманга шаты салат.

Алдыда өлүм барын эсте дайым,
Унутпа абалыңды болсун дайын.

Эл ичинде токтоо болгун, эсирбе,
Ач көздөнүп, абийириңди кетирбе.

1325 Кирериңде чыкчу жерди билип ал,
Ойлоп сүйлө, шашмалыктын чыры бар.

Жалган сөздү жашоодо айта көрбө,
Жалганчы шылдың болот калың элге.

Дос-тууганды ала жүр жакын кылып,
Кичүүгө, улууга да болгун сылык.

Туз, даамың кенен болсун адамдарга,
Күнөөсүн кечирип кой, уяткарба.

Кудай деп кызматыңды аткар калыс,
Түз болуп, күнөө иштен качкын алыс.

1330 Бак ачылса буркан-шаркан ташыба,
Жакшылык кыл, жыйылсын эл кашыңа.

Кубанба байлыгыңа оомал-төкмөл,
Ишенбе дөөлөтүңө, а да бекер.

Өмүрүң — көргөн түштөй заматта өтөт,
Кур бакыт — жапайы куш, учуп кетет.

Жасагын жакшылыкты, кыйналбагын,
Энчиңди, тек кетирбей, алып калгын.

Шарапка берилбегин, күнөөдөн кач,
Бузуктук, жаман иштен табарың аз.

Кырсыктан ушул эки — бакыт качат,
Кедейлик, жокчулуктун жолун ачат.

Айтыптыр бир акылман, сынчы киши,
Сынчынын дайым келет айткан иши:

«Бузулба, арак ичпе: бузук, арак —
Бул экөө жакырдыкка алып барат.

Арак сени жүз эсе кылса уят,
Бузуктук бакытыңды айдап чыгат!»

Уулум,— деди Айтолду,— акырында,
Унутпай сакта сөздү акылыңа.

Түгөл айттым өзүңө чындык сөздү,
Тута алсаң кубанч болот сага энчи!

Аталык насаатымдын баарын айттым,
Бек түйгүн жүрөгүңө унутпагын!

---

## 23

## АЙТОЛДУНУН КҮНТУУДУ ЭЛИККЕ ЖАЗЫП КАЛТЫРГАН КЕРЭЭЗИ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Алдырды өзү сурап кагаз, калам,
Кудай атын кут атап баштады анан.

Кудай деп баштап кирди: «О жараткан,
Козголбос, кудурети күчтүү абдан!

Калың эл, миң-сан жандык жасап салдың,
Ырыс берип баарына, ооруңа алдың!

Бардыгын кабыл кылган кылса тилек,
Бул иште керек эмес ага көмөк.

Ойлогонун орундап, ишке ашырган,
Жасаган бардык кубат кудайымдан.

Өмүр кыска, а өлүм ак — жок амал,
Баары өлөт, бир кудайга жок ажал.

Пайгамбарга миң-сан урмат кыламын,
Үммөтүмүн дайым кулдук урамын.

Шакирттери кудай жолун жолдогон.
Тилегимди кабыл алсын ойлогон.

Кутман Элик, өмүрүң узун болсун,
Эл тизгинин кармаган бекем колсуң.

Айтолдумун, толгон Айдай бүтүн элем,
Кемидим, жолугуштум ажал менен.

Кармады капканына ажал мени,
Кутулбайм, дарманым жок бүттүм эми.

Мени сыйлап, мээримиң аябадың,
Кызматыңды өтөөгө жарабадым.

Карызым көп, эстен тайып кайгырдым,
Ак кагазга арман-дартым калтырдым.

Байлык кууп, кызыгына түшпөдүм,
Бүт ишиңди тактык менен иштедим.

Мына эми, урмат менен өзүңө арнап,
Керээзимди калтырдым, оку кармап.

Мээрман бир адамдын айтканын ук,
Сапаттын эң кымбаты — мээрмандык:

«Мээримдүүнүн сөзү майдай жагымдуу,
Кут даарытып, сылап-сыйпайт жаныңды.

Мээрмандын ак оюндай ой барбы,
Адил сөзү асмандатат адамды!»

Мээрим төгүп дитимден берилгенмин,
Кутман Элик, кеңешимди уккун менин! —

Өлөрүмдө өкүндүм тобо кылып,
Өкүнгөнүм — пайдасыз алдамчылык!

Көңүлдү алаксытуу мага керек —
Өтүндүм өткөн күнөө кече көр деп.

Бапасыз өзүм тапкан алтын-күмүш,
Жоготуунун салмагы — тийген үлүш.

Өкүнүп өлүп барам, кайсы пайдам?
Үзүлдү бар үмүтүм, кечтим жандан!

Бүгүн мен кош айтышам дүйнө менен,
Артымдан эртең эле келерсиң сен.

Келгенче өлүм сага, кутман Элик,
Ишиңди акыл менен аткар билип.

Адилет бол, катаалдыкка кабылба,
Элди кубант, эмгектенип жаңылба.

Эсендикте элиңе жакшылык кыл,
Колдогуңду кедейге таратып тур.

Адилет бир адамдын айткандары,
Жөнөкөйлүк жеткирген көпкө аны:

Тирүү кезде — өлүмдү ойлой жүргүн,
Тобо кылып, момундук жолун билгин.

Өлүм келсе — өкүнүү пайда бербейт,
Көр ичинен онтосоң келбейт эч ким».

Мен өлгөн соң, эй Элик, тетик болгун,
Бош өткөрүп мезгилди кордобогун.

Көр дүйнөнүн артынан түшүп кетпе,
Адилдикти ар кылган иштен изде.

Элиңе эркин, кенен мыйзам жарат,
Анда күнүң жыргалда, ырыс табат,

Көр дүйнө үчүн өзүңдү отко салба,
Шорго батпай, напсиңди бекем карма.

Сен — бексиң, дүнүйөнүн кулу болбо,
Сен анын каарын күтпөй, түшкүн жолго.

Текебердик сезимге алданбагын,
Ишенбе бул дүйнөгө — жалган аның,

Жүрөгү акты эш туткун, жакын консун,
Эси жоктор өзүңдөн алыс болсун.

Ач көздөргө алданып иш бербегин,
Эки жүздүү адамга аш бербегин.

Күнөө кылба, кудайга сыйына жүр,
Андан ашкан пайда жок, ушуну бил.

Өлүмүңдү унутпа, ойло дайым,
Буктурмадан чыккандай чыгат аның.

Ажал табар, куткарбай качсаң дагы,
Өлүм алаар, дайрадай ташсаң дагы.

Жаша, бирок эсте дайым өлүм чын,
Көп жыл жаша — жастанарың кара чым!

Ажалдан качып кеткен адам барбы?
Жашоодо өлбөй тирүү кимдер калды?

Бир сөз бар сыр мааниси өтө терең,
Жакшы сөз — жарым ырыс болот деген:

«Адам өзү кербен сымал жолдогу,
Токтоп турбайт, тынымы жок болжолу.

Бала атадан көз ирмемде байланат,
Эне ичинде бир канча ай айланат.

Көз жарып, ат койгон соң балага адат,
Жолго чыккан мусапыр болуп калат.

Күнү-түнү ал жүрүштү эч ким бузбайт,
Ажал гана такымдап, жүрөк сыздайт.

Жаткан жер, жашоо — эки аялдама,
Келдиңби — жолго чыккан эми кайра.

Бул жашоо эки жолду бас деп ачты.
Бирине тизгин буруп түшкөн жакшы.

Оң баштанса — ишиң дагы оңолор,
Сол баштанса — алтын башың жоголор!»

Кутман Элик! Бул жашоо — айдоо талаа,
Түшүмүн жыйнап алат сепкен гана.

Эмне эксең — жериңе ошол өнөт,
Эмне берсең — ошону төлөп берет.

Өзгөнүн кылын алба, канын төкпө —
Чоң күнөө адам үчүн ушул экөө!

Өмүрүң көргөн түштөй, өтөт чургап,
Кулсуңбу же бексиңби — койбойт ылгап.

Эмине өткөн күнүң?— Кыял түшү!
Алдыда келеричи?— Өкүнүчтүү!

Насааттап бизге айтыптыр эстүү адам,
Өкүнүч, кайгы сезим тааныш аган:

«Өмүрүң көргөн түштөй кайра качты
Зуулдап өтүп кетти, пайдаң кайсы?

Кесир менен өткөздүң өмүрүңдү,
Алдыда эмне күтөт?— Жалаң кайгы!»

Эсиңе ал өмүрүңдүн тез өтөрүн,
Төрөлүү, өлүү жолу кыска экенин.

Кутман Элик, өмүрүң болсун өрнөк,
Жакшы атың түбөлүккө кала бермек!

Ишенбе аскерге да, алтынга да,
Экөө тең өтөт-кетет, келбейт кайра.

Өзгө үчүн курман болбо, көңүл бургун,
Өрттөбөй өзүңдү өзүң, сабыр кылгын.

Ойлочу: мурун далай бектер өткөн,
Жок алар баары көргө кирип кеткен!

Артыңдан ажал жүрөт такыр калбай,
Акмалап дайым тооруйт көзүн албай!

Бул дүйнөнүн күнөөсүн тарткан адам,
Айтыптыр, кайталайын аны саган:

«Байлык деген — туздуу суу тазарбаган,
Тил катып суусаганда кандырбаган!

Азгырык — көлөкөдөй ойноп берет,
Жакындасаң — ал качат, кетсең — келет.

Жердеги иш — ал кадимки чөлдө закым,
Кармайм десең — карматпайт туруп жакын!»

Бекем бол, кутман Элик, катуу карма —
Жакшы бекте, жарамдуу адамдар да.

Адамдар жайылган кой, бек — чабаны,
Малчыга сапат керек багуу аны.

Дарбазаңдын алдында — ач бөрү көп,
Сак болуп, койду түгөл багуу керек.

Каарданба, кызуулук бекке уят,
Ачуулуу бек бектигин бузуп тынат.

Эл менен сүйлөшө бил токтоо, аяр,
Оройлук — казылган ор, отко салар!

Ак көңүл, жумшак болуп, салтанаттуу,
Алга тарт ар ишиңди бүтөп жакшы.

Алдыда басаар жолуң узун сапар,
Акылдуу мындай жолду камдуу басаар!—

Кутман Элик курбагын сарай, тамды,
Жатар жайың кара жер, чымдын алды.

Сарайлар тура берет, өзүң жоксуң,
Ача албайсың, көмүлгөн көрдүн оозун.

Сен неге алтын-күмүш жыйып-тердиң,
Эки кез бөз кепиниң — алар энчиң!

Бул тууралуу бир акын айткан сөзүн,
Ал сөздө — ачык айткан ой негизин:

«Жаман адам — байлыкты жыя берет,
Кереги эмне? Ойлобойт издеп себеп.

Чогултат, байый берет — максаты ошол,
Келсе ажал баары калып, өзү өлөт!»

Күнүмдүккө кубанба кутман бегим,
Баары кетет сен бөөдө өкүнбөгүн.

Жашоонун жыргалына коротпо өмүр,
Тез өтөт андай жыргал, чөгөт көңүл.

Шайы менен баркытты кийсе денең,
Кара жерде жатасың өлөөр менен.

Жүрөсүң шаттык менен өмүр сүрүп,
Барар жериң — жер асты, жатчу кирип!

Жакында сен түшөсүң мезгил-аттан,
Минер атың — табытың өзүң жаткан.

Унутпа өлүмүңдү, ойлой жүргүн,—
Өз көрүңө өкүнбөс болуп киргин!

Ишиңде бир кудайым болот жөлөк,
Күч берсе сага кудай — берет көмөк.

Көтөр келсе — кубаныч да, кайгы да,
Моюн сунгун, чындык иштен айныба.

Эки дүйнө жыргалда жүрөм десең
Беш кемчилик жолотпо, болуп бекем.

Зордук менен арам иш жасай көрбө,
Кек сактап күнөөсүздүн канын төкпө.

Шарап ичип, жаманга созбогун кол—
Мунун баары бектикке болот тоскоол.

Жыл сайын бийлигим бек болсун десең,
Элди башкар, күч эмес, мыйзам менен

Кутман Элик, сен өзүң элге башчы —
Элди сакта, коргогун ойлоп жакшы.

Кутман Элик, көтөргөн жүгүң улук —
Көрө бил, жакшыларды тандап туруп.

Кесирликке берилип чалдырбагын,
Эсиңе кел, кырсыкка алдырбагын!

Шамал болуп өмүрүң учуп өтөөр,
Калгандардан опаа жок — а да кетээр.

Күнөө менен кемчилик алыс кетсин,
Күндөрүңдү акыркы тактап өткүн,

Бул дүйнө туруксуз да пайдасы жок,
Байкагын, өкүнбөгүн мага окшоп!

Айтыптыр сопу киши, анын сөзү,
Сопулар — бул дүйнөгө калыс дечи:

«Бул өмүр — аялдама, сен — кербенчи,
Убакыт канча болот тыным берчү?

Бул дүйнө — убактылуу токтоочу жай,
Эмне тапсаң ала кет ары карай.

Көчөсүң, мурун жөнөт, кетсин көчүң,
Керегин ал, калтыргын керексизин!»

Мен өлөм, сен турбассың ушул бойдон,
Жакшы атыңды калтыруу жагын ойлон.

Өлөрүңдө бирөөнүн айтканын ук,
Ажал кыстап турганда насаат кылып,

Тирүүлөрдү үйрөтөт өлүп жатып,
Калтырган кеңешин ук көңүлдү ачып.

Айтыптыр: «Кутула албас кырсыкты эсте,
Кыйналып өтүп барам, өкүнүчтө!»

Кутман Элик, чыңалсын бийлик, ишин,
Болор ишти — болтуруп, мурда күтүн.

Адилет бол, зулумдук кыла көрбө,
Топук кылып, кудай деп, ишиң жөндө.

Экинчи: осол болбо, сак боло жүр,
Жаман иштен алыстап кутула бил:

Ишиңди көпкө созбой — бүтүргүн сен,
Ачууңу токтото бил — чыдам менен.

Кеңештерим аткарсаң — болдуң түптүү,
Баары болот, бийлигиң болот күчтүү.

Жакшыларды сыйлагын жайып кучак,
Жамандардан жүргүнүң дайым ыраак.

Мыйзамды бекемдегин — кырсык качаар,
Күнүң жаркып, бакытың ашып-ташаар.

Сөзүн ук бир белгилүү акылмандын,
Пайдалан сөзгө каткан акылдарын:

«Өкүмдар! Адилеттүү болсун жазаң,
Саясатың жаманбы — ишиң жаман!

Ким жүргүзсө өз ишин ак жол менен,
Ал өз атын түбөлүк сактайт экен!

Ким эгер салып кетсе тескери жол,
Жаман атак өлгөндө алат ошол.

Ким берсе жакшы тартип, туура заңды,
Түбөлүк кала берет атак-даңкы!»

Алданба сен өзүңө, кутман Элик,
Ойлоно жүр өзүңө көңүл бөлүп.

Жамандыкка жанашсаң айдан анык,
Эки дүйнө каласың каргыш алып.

Эл үстүнөн бийикке колду создуң,
Кетпесин өмүр текке, байка достум!

Бул өмүр өтүп кетет, ишен дагы,
Ажалың алыс эмес,— ойлон аны!

Мени көрүп, өмүрүмдөн алгын сабак,
Өкүнбөс бол, тирүүлүктү жакшы улап.

Өлгөндөн тирүүлөргө — нуска калган,
Ал нускам — осуятым ушул жазган.

Кутман Элик, таянар тоом сенсиң,
Тилегим — осуятым пайда берсин!

Осуятты уккандар акыл алат,
Жакшы сөздөн жайнаган пайда табат.

Жалаң чындык жазылган ушул катта,
Мени унутпа, кеңешти четке какпа.

Канча жыл жашабагын дагы, бирок,
Куткарбайт өлүм деген — атылган ок.

Баарыга бир күн келет өлчү учур,
Тирүүлөргө катаал күн мына ушул.

Шум ажалдан кайыр жок, укпайт сени,
Даяр тургун кетүүчү жолуңа эми.

Айла жок, шум ажалдан кимдер качат,
Камың көр, күйүккөнүң ошол басат,

Түшүнгүн көптү билген адам сөзүн,
Өлөрүндө ошонун эмне дешин:

«Кезек келсе курчалар өлүм куру,
Өлүмгө парыз болот моюн сунуу.

Жалаң алтын болсо да белде куруң,
Ажал кысса,— үзүлөт, ушул чыны!»

Кызмат кылдым дилимден Элик сага,
Мээримиңди актадым күйүп-жана.

Жакшылыгың үчүн кудай колдосун,
Кутун төгүп, бакыт болсун жолдошуң.

Миң жыл жаша, төрт тарабың шай болуп,
Бектик кылгын башыңа ай, күн конуп!

Артымда менин сыйлуу сөзүм калат,
Боло көр, кутман Элик, сак-саламат!

Кутман Элик! Дүйнөдөн өтүп барам,
Бир кайгым — артта калган жалгыз балам.

Тапшырдым бир кудайга жалбарынып,
От-суудан сактай жүрсүн колун сунуп.

Сала жүр көз кырыңды суранарым.
Караан кылып жаныңа алгын дайым.

Теңирим — бардыгына түркөк, негиз,
Жакшылык, жамандыкка эрки тегиз.

Ата-эне — балдарына болот үлгү,
Жашоодо,— жаманбы же жакшы жүрүү.

Мен да атамын, ажалым турат арбап,
А уулум, энеси жок — жетим калмак.

Эгерде мени сыйлап, көңүл бөлсөң,
Уулумду тарбиялап, камын көрсөң.

Колго алып, жакшылыктын жолуна сал,
Үйрөнсө, элге таянч болуп калаар.

Ак дил болсун, үйрөнбөсүн куулукту,
Кызмат өтөп, адам болсун туруктуу.

Катуу бол, бекем карма бийлик менен,
Бек кармоо — жолго салат бакыт деген.

Айтыптыр бир абышка, чачы куудай,
Айтканы акыл-насаат анын мындай:

«Балаңды жаштайынан билимге үйрөт,
Билимдүүнүн колунан баары келет.

Чыбык менен сабап тур кээде аны,
Акылга тез келтирет таяк даамы.

Жаш кезинде өнөрдү алса күрөп,
Унутпай өмүр бою алып жүрөт!»

* * *

Жазып бүтүп, жибек тасма алды да,
Катты байлап, бек карматты уулуна.

«Балам,— деди — тийгиз Элик колуна,
Бул аманат, бердим бата жолуңа.

Окуп чыкса, ой артынан ой чыгар,
Ажалды эстеп, сөзүм болор бой тумар!»

Үшкүрүнүп уулуна дагы айтат:
«Билип ал, чынчыл, кайрат — жакшы сапат!»

Кучактады, уулум бери кел деди,
Өпкүлөдү, көздөн жашы селдеди.

Атакең кантип өлөт көрүп калгын,
Агызганын арманда көздөн жашын.

Башыңа келет сенин ушундай күн,
Осол болбой өлүмгө азыр күтүн.

Бир сөз айтам керектүү мен өзүңө,
Үйрөнсөң — дуба окуурсуң кээде өзүмө.

Эгер Элик эмгегиңди кааласа,
Ак дилиңден аткарып бер жараса.

Жалкоолонбо, ишиңди таштап койбо,
Сөз, ишиң бирдей болсун жарык жолдо.

Эрте туруп, кеч жаткын, илең болбо,
Эрте турган — бакытты алат колго!

Кудай эркин талыкпай аткара бер,
Эликтин айткандарын бүткөрө көр.

Жамандарга жолобо, болор күнөө,
Жакшылык кыл дайыма,— жолуң түзө.

Бекем бол өз сөзүңө, ден соолук күт,
Так жүргүн — колуң жетет оюңа бүт!»

Атасы, кучактады уулун ыйлап,
Кайрадан боздоп кирди өзүн кыйнап.

«О, шумпай,— деди да ал,— катаал дүйнө,
Мынчалык азабыңды бердиң неге?

Ушунчалык боору таш болосуңбу,
Муздай болгон койнуңа соросуңбу!?

Энеден төрөлгөндөй жылаңачмын,—
Баарын берип,— өкүнүч, кайгы таптым!

Айтканын угуп алчы өлөр адам,
Ажалга моюн сунуп ыйлап турган:

«Бир карындан чыгып, кирем карынга,—
Куттуу элем, жем боломун жыланга.

Талкаланды таштай кулап, талабым,
Күйүтүм көп, көргө кирип барамда!»

Жашын тыйды Айтолду, эс келгенде,
Чачтырды дүнүйөсүн кедейлерге.

Коштошту тууган менен, алдан тайып,
Кудайым кетсин деди жанымды алып.

Келме айтып, анан көктү тиктеп калды,
Тилден калды, колдору шалактады.

Жарык өчүп, курчады караңгылык,
Кудай деп жатып калды ал суналып.

Денеден жан көкөлөп учуп кетти,
Кыймылсыз дене калды сезбей көптү.

Кандай адам болсо да бекем жандуу.
Жер үстүндө өзү жок, аты калды.

Билимдүү бир адамдын сөзүн тыңша,
Көз ачып эс келгенде айткан тура:

«Денеңдин токтоор жери салган тамың,
Жаныңдын жашаар үйү — денең дайым.

Денеңден чыгып кетсе сенин жаның,
Кайда экенин бир билет чоң кудайым!»

Тагдыры анын жакшы тирүү кезде,
Эң катаал анын энчи — көргө түшсө.

Албетте, болор жазмыш эки түрлүү,
Баары бир жан өлбөйт да, түбөлүктүү.

Тирүү адам тагдыры өтө катаал:
Жаны өлсө, сөзү дагы кошо жатаар!

Кайдан келди? Эми кайда барат ал?
Кайда жашайт? Кайдан жайды табат ал?

Акылман эмне билет? Эмне айтат?
Эстүүлөр түшүнүшөр, жообун уксак?

Буларды жалгыз гана кудай билет,
Жараткан өзү жөлөк — өзү тирек!

Көрүнбөйт жан көзүнө,— бүт жерде бар,
Көз алдында турса да — көрүнбөйт ал.

Болсо да өмүр кыска жана кереӊ,
Ою бийик адамдын, сөзү тереӊ.

Эрки жок жамандыкка өзү барат,
Акыры текебердик тепсеп салат!

Эки күндүк бул өмүрүӊ каш кагым,
Көөдөн керип, жарабастыр басканыӊ.

Ойлонуп айтылган бир сөздү уксаӊ,
Өлөөрүн баамдаган адам айткан:

«О, ажал, сени катаал тагдыр айдайт,
Миӊдеген арга сени токтото албайт!

Куткарбайсыӊ жердин жүзү өрүшүӊ,
Жаман-жакшы тандабаган бөрүсүӊ,

Узак өмүр берсе акылман адамга,
Кыска өмүрдү берип койсо нааданга!

Бирок ажал ылгабайт — жакшы, жаман,
Улуусу, кичүүсү да бирдей аган.

Тирүүлөр! Баарыӊарга ажал келет,
Көп жашаган адам да акыры өлөт".

Туура айткан колунда бар эстүү адам,
Жакшылыкты адамга көп жасаган:

«Жашоодо өлүм келбес болсо гана!
Жашоодо адам өлбөс болсо гана!

Бирок өлүм колдорун сунуп турат;
Баарын бузуп, ыӊ-жыӊсыз тынчтык кылат.

Төрөлдүӊбү — өлөсүӊ, ошол адат,
Жерден чыккан жаралып — жерге барат.

Адам эмес, аяймын кишиликти,
Аларды эмес, аяймын адилетти.

Мейли сен тентек болгун, жоош болгун,
Буза албайсыӊ байыркы өмүр жолун!»

## 24

# КҮНТУУДУ ЭЛИК АКДИЛМИШТИ ӨЗҮНӨ ЧАКЫРТКАНЫ ТУУРАЛУУ АЙТЫЛАТ

Келди Элик, бата кылып акырын,
Айтолдунун уулуна айтты акылын.

«Кой эми,— деди Элик,— көп ыйлаба,
Кайгың тарап, шаттык күн келет сага.

Кайгырып жалгыз гана жаткан жоксуң,
Мен дагы ый-кайгыңа ортоктошмун.

Ыйлаба, өзүңдү көп кыйнай бербе,
Мага кел,— жанымда жүр, бардык жерде.

Атаң өлсө, мени атаңдай санагын,
Уул болгун; өз уулумдай, карагым!»

*Акдилмиштин Эликке айткан жообу*

Акдилмиш чөгөлөдү, жерди өптү,
«Кутман Элик өмүрдөн сүргүн көптү,

Мен кулуңмун кызмат кылган жолуңда,
Мына эми бүт өмүрүм колуңда.

Сизге атам кызмат кылды өмүр бою,
Буюрсун уулуна да ата жолу!»

Атасы жазган катты суурул чыгып,
Эликке сунуп калды таасим кылып.

Элик катты окуп алып кейиди,
«Аттиң өмүр! Деңиз эле пейили!

Эмне кылам, андай адам табамбы?
Эми ал жок, үйдө төрүм караңгы.

Тирүү кезде кызматыңды сиңирдиң,
Өлүп жатып камым көрүп бүлүндүң.

Өтөлбөдү ак эмгегиң мен жактан,
Кайрын берер миң эселеп Жараткан!

Аны өтөбөй жаным кантип жай табат,
Эмгегиңди бир кудайым кайтарат!»

Ый менен айтар сөзүн токтотту Элик.
Чыгып кетти, кайгыга катуу чөгүп.

Түнөрүп кирди үйүнө, бир сөз айтпай
Кайгырды кечке чейин эшик ачпай.

Аза күтүү күндөрүн өтөп уулу,
Кедейлерге көп күмүш чачып турду.

Өткөрүп ата азасын тынчып калды,
Жакын кылды өзүнө жакшыларды.

Ак жашап, ата сөзүн тутуп келди,
Бактысы күндөй жайнап арта берди.

Сөзүн ук акыл-эстүү бир адамдын,
Адам пейлин артыкча билген жандын:

«Ата сөзүн ардакта, ыйык карма,
Кут тууп, бактың артат күндө анда.

Ата-энеңди кубантсаң угуп сөзүн,
Жүз эселеп аласың өзүң кайра!»

Элик күчү, бийлиги дагы бекип,
Күн санап бекемделди заңы өөрчүп.

Эл байып, өлкө гүлдөп жайнап турду,
Бардык жерде Эликке урмат кылды.

Бир күнү үйдө олтурду Элик жалгыз,
Китепти четке коюп, карады алсыз.

Кабак бүркөп, жүзүн кайгы каптады,
Сырдын четин айтчу адам таппады.

Оюна Айтолдуну алып анан,
Айтыптыр: «Адам эле бак даарыган!

Ордонун көркү эле, кайран киши,
Жакшылык дайым болчу кылган иши.

Өзү жок, орду турат, бош аңгырап,
Ким анын ордун басат, ишин кылат?»

Анан алды эсине Акдилмишти:
«Унутканым досумду жакшы ишпи!

Өлөрүндө Айтолду уулун мага,
Тапшырган, тарс чыкканын эстен кара.

Ата өлсө — мураскери бала болот,
Бири өлсө, бири менен орду толот!»

Жөнөттү адамдарын, аны тапты,
Киргизип Акдилмишти, эшик жапты.

## 25

## АКДИЛМИШТИН ЭЛИККЕ КИРГЕНИ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Акдилмиш кирип келди, урмат кылып,
Кубанчы жүзүн чайып, көөнү тынып.

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

Көрүшүп болгондон соң Элик сурайт:
«Тартынбай тагдырыңдын болгонун айт?

Эңсегенге жеттиби, сунган колуң,
Түз бекен же ийриби баскан жолуң?

Атаң өлүп, не берди сага тагдыр,
Көңүл жайбы, же толгон түйшүк бардыр?»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

Акдилмиш «Ооба — деди,— Элик кутман,
Атагыңа эл ыраазы, эчак уккан.

Алыс болуп элик ишин этпедим,
Тагдыр айдап, кабак түйүп четтедим.

Көптөн бери көрбөдүм Элик жүзүн —
Кайгырдым, күлкү качты, солгун ишим.

Чакырдың бүгүн мени эсиңе алып,
Шашылдым Дөөлөт курун курчай салып.

Чакырган соң октой учуп шашылдым,
Күнүм күлүп, маанай жазып ачылдым!»

Элик ага түркүн, түркүн суроо койду,
Акдилмиш жооп берди ачык, ойлуу.

## 26

# АКДИЛМИШТИН КҮНТУУДУ ЭЛИККЕ КЫЗМАТКА КИРГЕНДИГИ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Элик айтты: «Кызмат кылгын жан бала,
Капа болбо, пейилиңди бер мага.

Атаң артык эмгек кылган билемин,
Ал эмгегин актай албай жүрөмүн.

Ата акысын эми сага төлөйүн,
Ушак укпай кулагым тынч жүрөйүн».

Үч ордонун бегинин айтканы экен,
Акылман ошол сөздү айтып берем:

«Бирөө сага ак кызматын сиңирсе,
Өтөөсүн тап, өлүк адам дедирбе.

Адамсыңбы, калгының адам бойдон,
Чыкпасын кишиликтүү болуу ойдон.

Бирөө сага кастык кылса эгер ким,
Катыгын бер дал ошого жүрбө тим.

Адамдыгың асмандатат атыңды,
Адамдыгың жаркыратат затыңды.

Адам болгун, асты айбан атанба,
Абийир болбойт кыпындай да нааданда.

Улуу күч кишиликтүү боло билүү,
Урмат, даңк кишиликтен табат киши!»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

Баш уруп этегине Акдилмиш дейт: —
«О, Элик! Оң карашың — бакыт берет.

Сен — менин өкүмдарым, болом кулуң,
Кул кызматын кадырлоо — бектик жолуң.

Мейли — айда, мейли — сыйла, — өзүң болжо,
Өмүр бою кулуңмун босогоңдо!»

Анан туруп ордунан, секин чыгып,
Үйүнө багыт алды, кетти тынып.

Мына ошондон Акдилмиш белди байлап,
Кыйыктанбай иштеди жылдап-айлап.

Чарчабай кызмат кылды таңдан-кечке,
Түн күзөттө, тамагын ичип иште.

Ак кызматын баалады Элик анын,
Бак-дөөлөттүн эшигин ачты дайым.

Сөзүн ук, бир адамдын иштей билип,
Оор ишти үйрөнгөн өздөштүрүп:

«Эгер бек көңүлү жай болсун десең,
Аткаргын айткан ишин дароо, бекем.

Жакпай калса кылганың териң төгүп,
Кор болосуң, бир өзүң көңүл чөгүп.

Кылган иши ордуна төп келбесе,
Өмүр бою кылганың кетет текке!»

Элик анда чакырып Акдилмишти,
Тапшырды аткаруучу бардык ишти.

Да бир күнү Элик, айтты чыдабай:
«Андай эрди табалбайм го кудай-ай.

Ордомдо кызматкерлер толуп жүрү,
Бычак сапка жарарлык барбы — бири?

Иш билги жок, бардык иш барат чөгүп,
Канакей иш бүтүрчү, тартип берип?

Тыңдачы, сынчы киши сөзүн айткан,
Жамандык, жакшылыктын көзүн ачкан:

«Каалаганың — табаарсың издей берсең,
Таба албайсың жакшы адам издөө менен.

Ача буттуу, кара чачтуу кишилер көп
Ишенип ишти берер бир адам жок».

Ал эле эң керектүү, эң жакшы адам,
Оор ишти оң иштеп ноюбаган.

Дагы бир акын жазган жакшы ой бар,
Кыналган ойдо сөзү — орун табаар:

«Келгендердин ичинде, барктуусу жок
Курч бычакка сап болоор нарктуусу жок.

Карабашыл калың эл, ийет башын,
Арасынан аңтарсаң кармаары жок!»

Дагы бир макал сөз бар ордун табат:
«Тектүү өлөт — артында туяк калат.

Ким эмне эксе жерине ошону орот,
Жакшы уул атасынын өзү болот!»

Айтолду — уулу атанын тукуму да,
Ордун басар мезгили келди буга.

Ата орду бош турат — ишенем мен,
Бош орунду толтурчу уулсуң сен.

Тарбиялайм — адамдан тарбия алган,
Адам болсо пайдасы тийет абдан.

Көрүп турам, кызматты өтөп кетет,
Бир айыбы — жаштыгы, жаш жетилет!

Жакшы айтыптыр кайсы бир даңктуу адам,
Тагдырдан тийчү энчинин баарын алган:

«Бектер кимди тартса колдоп кашына,—
Бектен кийин, ал турар иш башына.

Бек кимди көтөрмөлөп кылса жакын,
Бак-дөөлөттү барынча табат аныц.

Бек кимди ылымсырап койсо карап,
Калың эл карап калаар бүт жадырап!»

Эмне экен,— деди Элик,— бир көрөйүн,
Мен буга билим берип, өстүрөйүн.

Атасынын акысын мен берейин.
Бүт сүйүүмдү буга арнап бапестейин.

Айтолду ак кызматын актап кеткен.
Акыбетин кайтарам, таштап кеткен.

Адамдык — өтөлөбү орду толбой,
Өстүрөйүн, чоңойсун кем-карч билбей.

Боорукердик жасашат чыныгы адам,
Жакшылык унутулбайт элде калган.

Угуп ал айткан сөзүн абышканын,
Баба сөзү эсиңде бек сакталсын:

«Боорукер бол дайыма. эстүү адам,
Жакшы сапат түбөлүк карыбаган!

Жакшылык картайбастан жап-жаш калат,
Өмүрү узун болуп, даңкы чыгат!»

Баалады Акдилмишти Элик анан,
Тапшырып ар кыл жумуш берип аган.

Эликтин камкордугу артып дилгир,
Иш башкаруу жагынан болду билгир.

Бийлик, заңды бекемдеп иши менен
Билимдин бүт эшигин ачты кенен.

Жөн билбес түркөй эле, билгир болду,
Таалим алып Эликтен бакыт конду.

Түшүндү Элик: «Жайында бардык иштер,
Ички да, сырткы дагы түзүлүштөр.

Ийгиликтин бул жакшы негизи бир —
Өстүрдүң, таалим бердиң — мына үзүр.

Ойдогудай кишини таптым эми,
Акыл толсо, мындан да артат жөнү.

Бала кезден кайраттуу болот улук,
Бул сапат бала чактан турчу чыгып.

Бул тууралуу ыр да бар окуп көргүн,
Айтылган ар бир сөзгө маани бергин;

«Ар нерсенин өзүнчө белгиси бар,
Өзгөрбөйт ал белгилер чоңойсо алар.

Жемиштин даамын баала гүлүн көрүп,
Ички маани, маңызы өңүн табаар!»

Акдилмиш кызмат кылат, күндө калбайт,
Эртеден кечке чейин тыным албайт.

Жаман ишти жактырбай басып турду,
Жакшы ишке көмөк берип пайда кылды.

Элик да жеңилденип, боюн керип,
Эл дагы эркин жашайт, күнүн көрүп.

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

Чакырып Акдилмишти бир күнү Элик,
Таанышты бүт иш менен сурап, көрүп.

«О, уулум,— деди Элик,— ойлонуп көр,
Жүрөктөн чыккан таза жообуңду бер.

Иш кайсы элдер андан пайда көрчү,
Ал пайданын үзүрүн айтып берчи?»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

«Кутман бегим!— деп Акдилмиш жүгүндү,—
Эл журтуңдун тирегисиң, билимдүү.

Эки дүйнө элге тийет керегиң,
Элге пайда өтө баалуу иштериң.

Экинчи — абийир, үчүнчү — чындык болот.
Бул үч сапат бар жанга бакыт конот.

Кимдин иши так болсо эли сүйөт,
Адилетке атак, даңк толук тиет.

Уят, намыс, абыроюн бек сактайт,
Уятсыздар өрткө күйөт жөн жатпайт.

Ким иште айкөл жана чынчыл болсо,
Эки дүйнө жыргалда жүрөт ошо.

Адилет, абийир жана жакшы иштериң,
Бириксе — эң жогорку бакыт энчиң!»

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

«Түшүндүм,— деди Элик,— айтканыңды,
Түркөй, наадан, жамандан зыян барбы?

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

«Кулак сал,— деди Акдилмиш,— кутман Элик,
Түшүнтөйүн тереңдеп айтып берип.

Адамда сапаттар бар кара мүртөз,
Санайын мен үчөөн, күнөө бүтпөс.

Биринчиден — мактанчаактык, жаман иш,
Экинчиден — алдамчылык арам иш.

Үчүнчүсү — алып — сатар, сараңдык,
Акмактарга ушул үчөө бүт таандык!

Адамда болсо ушундай жаман адат,
Асандан баары менен чыры уланат.

Калпычы же болбосо алдамчылар,
Өмүр бою каргышка калат булар.

Ач көздүктөн ашкан да арам барбы?
Жыйнады — пайда көрбөй, баары калды!

Арналган акылман сөз сараңдарга:
«Өзүн-өзү уурдаган алдамчы да!

Алтынды жыя берди, үзүр көрбөй,
Жашады башкаларга тыйын бербей!

Бүт байлыкты жыйсам дешет сараңдар,
Дагы болсо дешип, алар жалаңдар.

Үч жакшы сапаты бар бакыт табат,
Үч жаман сапаттуулар алат наалат!»

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

«Түшүндүм», деди Элик,— айтканыңды,
Жооп бер менде дагы суроо калды:

Энеден эстүү болуп төрөлөбү,
Болбосо жаш жетилип үйрөнөбү?»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

Акдилмиш жообун берет: «Кутман Элик,
Угуп ал, акыл, билим айтам бөлүп.

Билимсиз төрөлгөн жан, окуп — демек,
Акыл менен үйрөнүп көпкө жетет.

Энеден көзүн жарган наристе жан,
Бир гана окуу менен баарын алган.

Акылды карызга эч ким бербейт колго,
Акыл — бул, жараткандан алган олжо.

Адамзат бир акылдан башкаларды,
Үйрөнүп окуу менен билип алды!»

* * *

Элик курсант мындай сөз укканына,
«Бул адам акыл-ойго бышкан тура.

Атанын орду толду уулу менен,
Жакшы жолго бет буруп калган экен.

Кудайга шүгүр дешим мага абзел,
Жакшы заң алат экен эңсеген эл.

Сыйга татыйт ак киши — Акдилмиштин
Көзүн табат тапшырган бардык иштин.

Жакшылыкка — жакшылык кылуу милдет,
Жакшы иштин сыйы да арбын келет!

Ук сөзүн, бир адамдын кадыры бар,
Кадырлуу — эл баалаган адам алар:

«Адам болсо ал сага — сен да адам бол,
Татыктуунун көрүүчү сыйы ошол.

Жакшылыкка — жакшылык жасай жүргүн,
Ак жүргөндөр атак-даңк табышат мол!».

Элик аны кадырлап, барктап жүрдү,
Атак-даңкын бүтүндөй эли билди.

Эл оозунда, жакты жакшы мүнөзү,
Бүт ааламды жалт каратты бир өзү.

Курбулары урматташып табынды,
Бек ишинде акыл менен таанылды.

Көңүл тили жөнөкөй баары менен,
Тил табышып, сый-сыпат иштей билген.

Көңүлчөөк, тили таттуу сүйлөгөндө,
Тартип түздү ичке, тышка — бардык жерге.

Арттырды чөйрөсүнө дос-тууганын,
Пайдаланды өз ишинде анын баарын.

Көп болсо кимдин тууган-дос, жөлөгү,
Ал күчтүү — бекем тоодой бар тиреги.

Белгиси кубат-күчтүн — тирек-жөлөк,
Күчтүүгө — көп байлыктар өзү келет.

Бактылууга момундук — чоң табылга,
Акылдуууга — жөнөкөйлүк алтын сырга!

Акылдуу адам алтын сөз айтыптыр,
Акылдуу кеңеш берсе — ачылат сыр:—

«Күттүрбөй дөөлөт сени калса басып,
Жөнөкөй жана адилет болгун жатык.

Эгер сага дөөлөтүң келсе күлүп,
Момун болуп, унчукпай карма билип.

Бакыттын тамыры көп, тарам-тарам,
Тамыры бекем болот момун адам.

Жөнөкөй, момундарга — алкыш, урмат,
Жөнөкөйдө жакшы иштер бүчүр алат!»

Керкейгендин түбүндө жөнү жаман,
Кесир тилейт өзүнө андай адам.

Жакшылыктан табышкан бакыт, байлык,
Андайлар акылдуулар билип калдык.

Бул тууралуу ыр жазылган, оку адам,
Эске тутуп, өмүрүңө пайдалан:

«Акылдуууга жүз эсе керек бакты,
Дөөлөт консо башына — наадан жакшы.

Нааданга дөөлөт консо — зыян болот,
Эстүүгө дөөлөт консо — өсөт, толот,

Дөөлөт консо — акылсыз наадан барктуу,
Эстүүгө — жүз эсе да дөөлөт наркы.

Эссизге — дөөлөт консо кокус аган,
Кармай албайт көпкө аны наадан адам!»

Бул сөзгө дагы бир сөз кошумча бар,
Түшүнгүн маанисине, жакшы адамдар:

«Эстүүгө бакыт менен атак келет,
Өмүрү урмат-сыйда өтө берет.

Болумсузга кут консо кармай албайт,
Бир күн турбайт! Таптырбай учуп кетет».

Сындады Акдилмишти, билди Элик,
Адилет иш бүткөрөт, калган көнүп.

Көкөлөтүп көккө да сынап көрдү,
Карабады көңүлүнө: жемеледи.

Анда ал, мактадса да ишин тактайт,
А кийин жеме укса да ишсиз жатпайт.

Элик баалап, күнөөсүн өзү сезип,
Казна башчы койдурду болсун дешип.

Аманат иш тапшырды аткара алчу,
Аманат иш кылганга жаным тартуу!

Акдилмиш — дили да ак, иши жакшы,
Аны Элик күндө өзүнө жакындатты.

Түшүнүп өз ишине, так аткарды,
Тизмелеп бөлөк-бөлөк жазып салды.

Өтө сак, кыраакы да, этияттап,
Иштеп жүрдү милдетин өтө тактап.

Сөзүн ук, бир адамдын карып калган,
Өз милдетин так өтөп алкыш алган:

«Киши үчүн алтын-күмүш кымбат буюм,
А адам өзүн тыйган андан кыйын.

Адам болсо байлык деп жулкунбаган,
Андайга бүт ааламды тартуу кылам!»

Акылдуу бизди үйрөткөн акыл менен:
«Сөзүн ук сен — адамдын дили кенен!»

Мындан да артыгыраак бир макал бар;
«Ишеним, сыймык үчүн жаным даяр!»

Адилет деп кимди айтат чыны менен?
Адамды ак чындыктан ийилбеген!

Кайраттуу эр киши деп кимди айтабыз?
Адилеттүү адамды кайра жангыз!

Кимдерди оозго алып алкайбыз биз?
Мартты — мактап, саранды — жемелейбиз!

Ойлосоң — адамдарга катаал тагдыр:
Мүлк жыят — бирок көрбөйт пайда такыр!

Байыйм деп бирөө жүрөт — дүйнө кесип,
Башкалар ажал издейт — деңиз кечип.

Айрымдар — казат тоонун аска бетин,
Кыдырып чарчабастан жердин жүзүн.

Бири чыгат бийикке, кечүү табат,
Бири казып кудукту — сууну алат.

Бири — шилтеп кылычын жоодо жүрөт,
Бири — чыкпай үйүндө карып өлөт.

Бирөөлөр калпты айтат, кылат куулук,
Да бири — талап-тонойт, жасайт шумдук.

Бардык азап — тамагың, кийим үчүн,
Чогултсаң — пайдасы жок, бүтсө күнүң!

Акылсыз — жан түйшүгү — мунун баары,
Акылсыздар — болушат мал катары!

Адамга акылы бар, кудай деген,
Кичине наны жетет өзү жеген.

Угуп ал бир акылман айткан сөзүн,
Өткөргөн бейкут жашап бүт өмүрүн:

«Мейли жат, мейли жүгүр — баары бекер,
Тагдырдын сага жазган өкүмү өтөөр!»

Көңүл менен сөзүңдү туура карма,
Ырыскың түк кемибейт дайым анда.

Ким өмүрдөн издесе байлык, бакыт,
Кишиликтен чыкпасын туура басып.

Эгерде бүт дүйнөнү алам десең,
Адилет, ак жашагын дайыма сен.

Жакшы айткан эс-акылдуу, чынчыл адам,
Чындык менен дүйнөнү колуна алган:

«Жетем десе байлыкка ченебеген,
Иши, сөзү адилет болгону эм.

А эгер бүт дүйнөнү алам десең,
Чынчыл бол дилиң менен ишиң менен.

Өкүмдар, өз элиңе акыйкат бол,
Акыйкатта жыргалдуу турмуш ошол.

Адилет, туура чечкин бардык ишти,
Жан жолдош кыл дайыма, кишиликти.

Акдилмиштин артты кадыр-бедели,
Элден чыкпай, мен кыйынмын дебеди.

Сынады Элик аны иште түрлүү,
Жактырып ар сапатын, ийди көөнү.

Акдилмиштин эмгегин баалап Элик,
Жактырды чынчылдыгын ал тен берип.

Бул сөздү бир акылман адам айткан,
Нааданым, чөк түшүп ук муну абдан.

«Кулдарын бектер сынап көргөн жакшы,
Сыноо бүтпөй кызматка албоо — парзы!

Карап көрүп, кызматы жакса анан,
Жакшы болот кызматка дайындаган.

Бек кызматка, оюна толсо алчу,
Кулга — байлык, бектин го артат даңкы!»

Жакшы айтыптыр бир беги Ягмалардын,[1]
Сөз мааниси — бүтүндөй акыл анын:

«О, бегим, ишти аткарат жөндөмдүүлөр,
Ишенип иштин көзүн билгенге бер!

Ишиңди жараксызга берсең эгер,
Күнөөнү жалгыз гана өзүңдөн көр.

Кудай берсе кутуң жанып жадырар,
Кызматчылар эстүү жандан табылар.

А эгер кырсык сага болсо энчи,
Кызматчың ишке чоркок болот дечи.

Жамандар иштин баарын булгап, бузат,
Өрт каптап өрүшүңдү, түтүн учат!»

Көтөрдү Акдилмишти Элик сыйлап,
Увазирлик иш берди, ага арнап[2].

---

[1] Ошол доордо Кыргызстандын аймагында жашаган түрк уруусу.

[2] Кол жазманын 1733-бейтинде Акдилмишке увазирлик мансап берилгендиги айтылат. Орусча котормодо мындай учур көрсөтүлбөгөн.

Бардык элди бийледи колу узарып,
Айтканы айткан болду, тилин алып.

Элик ага тапшырды чепкен, мөөрүн,
Ат берди, аяк берди — ачты көөнүн.

Багыттап иши менен, сөзү менен,
Элик ага бийликти берди кенен.

Ордонун улуу, кичүү адамдары,
Жүгүнүп, урмат кылат эми баары!

Сандаган кызматкерлер таазим кылып,
Алдына жүгүнүшөт башын уруп.

Акдилмиш адилеттик иш жүргүздү,
Көңүлүн көптүн алып, сый бергизди.

Кайгы, кырсык арылтты эл башынан,
Жамандыкты башынан кууп салган.—

Заң бекип, өлкө гүлдөп эл байыды.
Өлкө бек, эми Эликтин көөнү жайлуу.

Дос көбөйүп, азайды улам душман,
Кол узарып душмандын туусун жыккан.

Тынчтыкта, молчулукта жашайт Элик,
Жыргалды эли менен кошо көрүп!

Мындай жакшы үзүрдү билим берет,
Билимдүү — ишмер, адил киши делет.

Акылдуунун дайыма иши өрдө,
Акылсыздын ар дайым иши көрдө.

Акылдууга бакыт да төп келишет,
Адамга алган билим — бакытка эсеп.

Ыланын бир бегинин айтканын ук,
Анын сөзү нааданга көз да толук:

«Акылсызга кокустан тийсе бийлик,
Өлкө онтоп, элге-журтка бөөдө түйшүк.

А эгер өкүмдарың болсо акылдуу,
Өлкө гүлдөйт — башына конуп куту!».

Эликтин жашоосу тынч, күнү жарык,
Жалынат кудайына алкыш айтып.

Сыйынат көккө сунуп эки колун:
«О, кудай, сен бересиң билим жолун!

Сен мага билим бердиң, кубат бердиң,
Көзүмдү эми менин ача көргүн!

Сен гана ак жолдогу жөлөгүмсүң,
Кубат бер, оор жүктү тартуу үчүн!»

Кедейлерге таратты дүйнө, малын,
Кудайына түздөдү пейли, арын.

Ушинтип күндөр өттү бакыт чачкан,
Кедей эл тегиз жыргап, байлыгы арткан.

Мындай бакыт жакшыга энчи болот,
Кейиштүүсү аны да ажал сорот!

Беги болсо адилет — эл бактылуу,
Эл бактысы — бек үчүн кубаныч бу.

Жаман, жакшы — бараары көр, топурак,
Айланат топуракка — аты калат.

### *Эликтин Акдилмишке берген суроосу*

Акдилмишти чакыртты бир күнү Элик,
Сөзгө алды керектүү суроо берип.

«Укчу, Акдилмиш - деди ал,— азыр токсуң,
Ата көрдүң, таалимин алган жоксуң.

Атадан жаштайыңда жетим калып,
Жаштарга жолу үлгү улуулардын.

Атаң сага окуу, билим бере албады,
Мен дагы үйрөтпөдүм билем аны.

Мынчалык даражага жеттиң кайдан,
Түшүндүрүп, жооп бер өзүң маган?»

### *Акдилмиштин Эликке айткан жообу*

«О, өкүмдар,— деди Акдилмиш,— Элиң да,
Узак жашап, даңкың чыксын сенин да!

Кудай буйруп, кулуна берем десе,
Ал көздөгөн жеткирет тилегине.

Бул тууралуу укканмын түркчө макал,
Айтыптыр көптү көргөн бир аксакал:

«Адам болуу кудайдын эрки менен,
Кудай берсе энчиңди табасың сен.

Кудай кылса — адамзат кантип оңдойт,
Мындайда асман, жерден жардам болбойт.

Кудайым бардык жанга мээрим төксүн,
Ошондо тилегиңе сен жетесиң!»

Анан да ата алкышы болот жөлөк,
Уулуна дайым колдоп, мээрим төгөт.

Ата арбагы ар дайым таяп, жөлөп,
Даражага азыркы жетсем керек.

Жараткан жалгыз өзү кубат болду,
Байлыкты, акылды да берип койду!

Элик колдоп, кырсыктан коргоп турду,
Көтөрдү, жакшы жолго мени бурду.

Бек кимге көңүл бөлүп, кылса ишеним,
Андайды — бактысы артык, жолдуу дегин.

Киши көөнү бак тура — суу да жаны,
Бектин сөзү гүлдөтөт суудай аны!

Мол болсо суугa — бактар, гүлдөр өсөт,
Жыпар жытын аңкытып арбын төгөт.

Өкүмдар сөзү менен кул көңүлүн
Көтөрсө, кул аябайт бүт өмүрүн.

Өкүмдар кур жемеге алса сөгүп,
Ачылган гүлдөй куурайт жашын төгүп.

Кулдарга кудай мээрин күтүү керек,
Кудайым — аччу эшикти ачып берет.

Бул тууралуу акындын айтканы бар,
Маанисин ошол сөздүн түшүнүп ал:

«Кулдарга кудай мээрим, сыйын төксө,
Адилетти аркалап жол көрсөтсө.

Бактылуу күндөр билим үйүн тиксе,
Кичине да чыга алат бийиктикке!»

### *Эликтин Акдилмишке берген суроосу*

1815 Кайрадан Акдилмиштен сурады Элик:
«Билимдүү өз билимин алды кантип?

Окуу менен акылын өстүрдүбү,
Болбосо төрөлгөнбү ал билимдүү?»

### *Акдилмиштин Эликке айткан жообу*

Айтты Акдилмиш ойлонуп жообун тактап,
«Айтууга умтулайын баарын баштап.

Кудайым төрөлгөндө берсе сезим,
Окугандан ал ачаар билим көзүн.

Окуганда, жакшы ойлор болсо жөлөк:
Зээни болсо — үйрөнөт, окуйт — билет.

1820 Окуу — бул көп билимге кепил келет,
Жакшы кызмат элдерге — илим берет.

Тагдыр акыл бербесе төрөлгөндө —
Тилегине жете албайт андай пенде.

Да бир сөз: уулум зирек болсун десең,
Жаштайынан окуткун тажабай сен.

Ким жашынан көп окуп билим алат,
Бойго жетсе тилеги орундалат.

Окууда тырышчаактык берет жемиш,
Илим, билим — дөөлөткө кенен өрүш.

1825 Илим, эрдик — күчтүү да окуу менен,
Акыл оюң — бир болот төрөлгөндөн.

Бул тууралуу бар экен түркчө макал,
Пайда тиер, ошону эсиңе ал:

«Окуу сага билимди берет экен,
Акыл-эсти кошо албайт анткен менен.

А акыл, кудай өзү сага берген,
Күч алат, тазаланат окуу менен!»

Акыл — сөзсүз энчиси кудайымдын,
Билим көптү адамга берери чын!

Акылдуу бардыгынан бийик турат,
Көп сапаттын үстүнө акыл чыгат.

Наадандарды адам деп айтып болбойт,
Айткандары көңүлгө такыр толбойт!»

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

«Түшүндүм,— деди Элик,— айтканыңды,
Жооп бер, дагы менде суроо калды.

Акылды сен окуудан айрып бердиң,
Айтчы, акылдын милдети кайсы экенин?

Акыл кайдан башталып, кайдан чыгат?
Акыл качан жетилет? Кайда тынат?

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

«Акыл — чоң баа,— деди ал,— кудай колдойт,
Мындан артык энчини эңсеп болбойт.

Адамдын бар акылы мээде болот,
Асыл нерсе ар дайым башка конот.

Акылы адамзаттын бекем кишен,
Чындык менен адепти кармап жүргөн.

Кудайым кулдарына тандап алган,
Билимден — тил, оюна кишен салган.

Билимдүү — тирүү, өлүк — билимсиздер,
Билимсиз — билимдүүгө теңелип көр.

Түшүнгүн: караңгы үй — адам деген,
Жарык күн ага келет билим менен.

Жакшылыкты бир гана акыл берет,
Билимден — урмат, атак кошо келет.

Ушул эки сапатта — улуу маани,
Жакшылыкка алпарчу багыт дагы.

Акылы адамзатты малдан бөлөт,
Дүйнөдө — акылга эмне туура келет?

Бул сөзүмө бир макал келгенсийт эп,
Акылдуу макалдардын пайдасы көп:

«Адамды айбандардан айрыйт акыл,
Билими артык болсо — ошол асыл.

Акылдуу бол, теңелбе айбандарга,
Акыл-эске — сөз болсун кошул-ташыл!»

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

Элик угуп бул жоопту, айтты дагы:
«Жооп берчи бир сөзгө эми жаңы.

Акылдын сапаттарын толук айтчы,
Бул сөздө негиз кайсы, маани кайсы?

Маңызы мунун эмне, баркы кандай,
Жашы канча, жана да, наркы кандай?»

---

## 27

## АКДИЛМИШ ЭЛИККЕ АКЫЛДЫН МААНИСИН АЙТАТ

Айтты Акдилмиш: «Акыл-сезим негизи,
Акылдуу — адилет да байлык ээси.

Жаш болсо да, жакшы иши андайдын,
Иши менен жакшы атанат ал дайым.

Жоомарттын дили да ак, токтоо дагы
Эл менен мамилеси орундалуу.

Кайрылса, кайда болсо — иши бүтөт,
Сүйлөсө сөзү орундуу — ойго жетет.

Маңдайы жарыктардын — иши жарык,
Сүйлөшкөндөр калышат курсант алып.

Акылдуу жакшы жолду таба билет,
Керегине тартынбай таамай кирет.

Түшүнбөстү тез эле түшүндүрөт,
Кандай түйүн болсо да чече билет.

Оңду, солду, алды, артын — таамай көрөт,
Баарын билип, баарына мөөнөт берет.

Учканды — илип, куткарбайт — качкандарды,
Кыйшыкты оңдоп, тез жалгайт сыныктарды.

Акмак жандар акылды эңсеп айтат кеп:
«Акмак башка акыл качан токтойт?» деп.

Койбопсуң кешигиңден чымчым берип,
Акыл жокто, чынында жүрөк өлүк!

Акыл — чырак түндөсү сокурга — көз.
Денеге — жан, үндөбөс дудукка — сөз!»

Акылдуу ага арнаптыр мактоо сөзүн:
«Досумдун, бардыгына — негиз өзүң.

Чынчыл акыл ийилбей, дайым түптүз,
Түз болот да ошондой адилет иш!»

Акылдуунун эң таанымал мөөрү бар:
Илим, билим токтотпой илет алар.

Акылда жакшылыктын башталышы,
Өзүндө баары түгөл, баары жакшы.

Шашылбайт, салмак менен ишин баштайт,
Эң алгач баарын ойдо бүтөйт, тактайт!

Жаштар да, ишин билсе, баалап аны,
Айтышат бүт арманын элдин баары.

Сен дагы бул сөздөрдү ойлонуп көр,
Түшүнсөң — жакшы ойлору көмөк берер:

«Жигиттен да терең акыл-ой чыгат,
Акыл-билим кайда болсо — издеп тап!

Жашта — сүйүү, карысында — мархабат,
Жүргөн жакшы акыл жүгүн аркалап!»

*Эликтин Акдилмишке*
*айткан жообу*

Кубанды бул сөздөрдү Элик угуп:
«Акылдуу, билимдүүсүң, дилиң улук.

Кудайым сага мээрин аябаптыр,
Өзүңдү бир кудайым мага арнаптыр.

Түйшүк оор, эл жүгү ырыс туум,
Ден соолугу чың болсун жардамчымын.

Жакшылык деп жүргөндүн,— жүгү кыйын,
Көтөргөндүн колунда — жакшы жыйым.

Жүгүмдү алсаң мендеги — дөөлөт келет,
Ишиң менен көмөктөш, байлык берет.

Кудай берсе өзүмө кубат-күчтү,
Кайрырмын үч эселеп кылган ишти.

Мен билем кызматыңда ак дил, таксың,
Аракетиң жасаган — мага урматың.

Адал иштин бар болушу иш менен
Өзү эмес, бек пайдасын көздөгөн.

Кызматкер айткан сөзүн баамдачы,
«Кызматкер жакшы болсо — беги барктуу!»

Бек кубанаар жүзү жарык, шаттанып,
Кызматкери ишин турса аткарып.

Эстүү кулу бектин оюн так билет,
Бек ошондо жыргал доорун шат сүрөт.

Кызматкери салмагын жүктүн алат,
Бегине жакшылыктын жолун чабат.

Мындай кулду бек өзү тапкан болсо,
Кудай ага ак жолун бергени ошо.

Бектери бүт дүйнөнүн мурда өткөн,
Андай кулду эңсешип өтүп кеткен!»

* * *

Аалам калкы бактылуу жашап бүтүн,
Эликке дуба кылат арнап кутун.

Алыскы, башка жактын элдери да,
Көрсөк дешип самашып келди буга.

Жылдар жылга, күндөр күнгө алмашты,
Элик бийлеп адилет, бак жалгашты.

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

Бир жолу Акдилмишке Элик айтты:
«Ойлонуп, берээр жоопту билип айтчы:

Белгилүү денеде бар жети мүчө,
Ар биринде милдет бар өз-өзүнчө.

Эмне экен көңүл-кубанч, көз-кубанчы,
Экөөнөн мага керек үлгү кайсы!

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

Айтты Акдилмиш: «Жүрөктүн кубанычы,—
Кол жетпеген дүйнөгө болот арзуу.

Арзыганын бир көрсө — көз кубанат,
Көксөгөнүн колго алса — кумар канат!»

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

Элик деди: «Акдилмиш, айтчы мага,
Сүйүүнүн белгилерин бирден сана.

Сүйөмүн деп далайлар төшүн урат,
Мындай иштин артында эмне турат?»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

Айтты Акдилмиш: «Урматтуу, кутман Элик!
Сүйгөндөр дароо тааныйт жүзүн көрүп.

Бардык нерсе көзгө жакшы көрүнөт,
Сүйүнгөнүңдү жүрөк сезет, билинет.

Билгиң келсе сүйөөрүн же сүйбөсүн,
Сурап көргүн жүрөгүңдөн сен өзүңүн.

Сүйүшкөндүн жүзүндө белги болот,
Көздөр көзгө чагылса билип коет.

Бул тууралуу бир акын сөзүн айткан,
Окуп билгин маанисин, акылдуу жан:

«Сүйүшкөндөр кимдигин — жүздөрү айтат,
Сүйлөшсө, жашыра албайт — сөздөрү айтат!

Сүйөрүн же сүйбөсүн келсе билгиң,
Билесиң, бир тигилип жүздөн байкап!»

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

«Түшүндүм,— деди Элик,— эми баарын,
Жооп бер, башка собол мен таштаймын.

Керектүү сөз сурайын дагы сенден,
Айтып бер, акылдуусуң сөзгө кенен.

*Акдилмиштин Эликке*
*берген жообу*

Деди Акдилмиш: «Ардактуу, кутман Элик,
Бектерди билимдери даңктайт бийик.

Бектин өзү акыл, билим кени да,
Кулдун сөзү — кургак сөздүн жели да.

Суроо оңой, жооп табуу кыйын да,
Куду Эликтей билим керек чынында.

Эликке оңой болду, мага — татаал,
Ырайым кыл, Элигим, болбо катаал!»

*Эликтин Акдилмишке*
*айткан жообу*

«Сураганга,— деди Элик оор болот,
Билбегенин сурашат боолголоп.

Демек, мен сурап жатам,— айып көрбөң,
Мен сурайм, бере турган жооп сенден!»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

Айтты Акдилмиш: «О, Элигим, тирегим!
Сүйлөгөндөн тыңшоо жеңил билемин.

Сүйлөгөн — өзүн кыйнап отко салат,
Уккандар — жаны жыргап сергип калат.

Баалачы, айткан сөзүн сынчы адамдын;
«Сөздү азайтып, көп болсун тыңдаганың!»

Тыңшагандар — жакшы ойдон акыл табат,
Сүйлөгөндөр — сөз издеп куру калат.

Жакшы сөздөн бир сүйүнөөр кулагың,
Куру сөздөн билбейм пайда чыгаарын.



Көңүлдө сөз катылган алтын болот,
Көп сүйлөсө жез сымал баркы оңот.

*Эликтин Акдилмишке*
*айткан жообу*

Элик айтты: «Эң туура айткан жообуң,
Бакыт аттуу байланган курдуу болдуң!»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

Айтты Акдилмиш: «Урматтуу Элик кутман,
Мага жагат кулдук ат өзүм туткан.

Бегине кызмат кылуу кулдун иши,
Жеткенче аркети, кубат-күчү.

Билгенимди айтайын — эгер уксаң,
Билбегеним — кечиргин, Элик утман!»

---

## 28

## БЕКТИККЕ ЫЛАЙЫКТУУ БЕКТИН КАНДАЙ БОЛУШУ КЕРЕКТИГИ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Элик айтты: — Көңүлүңдү бурайын,
Сенден азыр бул суроону сурайын:

Кудайым жаратыптыр элдин баарын,
Улуу, кичүү, жакшы да жамандарын.

Акылдуу, акмактары, бай, кедей бар,
Илимдүү, билимсиз, момун, куулар.

Баарысын башкарчу бек кандай болот,
Даңкы артып — хан ордосу кантип толот?

Өлкө гүлдөп, эли жыргап байыса,
Даңкы чыгып, өссө адам саны да.

Казынасы күмүшкө толуп турса,
Күчүнө душмандары кулдук урса.

Чындык менен заңы төп келсе дайым,
Черигн күчтүү болуп турса дайын.

Бүт ааламга тараса, бектин даңкы
Күндөн күнгө мөмөлөп артса баркы.

Өлгөнүнчө жашаса жыргап күлүп,
Бийлик кылса бир гана өзү билип?»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

«Түшүнчү, кутман Элик,— деди Акдилмиш,—
Кыйын суроо, оор го айтып бериш.

Бектин ишин дайыма бектер билет,
Заң жакшысын жаратып, алар берет.

Энеден бектик үчүн төрөлүшкөн,
Бул ишти алар окуп үйрөнүшкөн,

Кудай кимге башында берсе бектик,
Жүрөгүнө жаратат адилеттик.

Бек кылып жараткан соң кудай аны,
Акыл, билим андайга кошот дагы.

Бектин жолун — дайыма бектер билет,
Бек болуучу адамдар тез үйрөнөт.

Мен эмес мындай ишти Элик билет,
Атасы бек болучу, өзү да бек!»

*Эликтин Акдилмишке*
*айткан жообу*

Деди Элик: Баары чындык саналуу,
Туура сөздөн жыпардай ой тарады.

Иш кылган, дайым иште сүңгүп жүрөт,
Жаман, жакшы экенин — көргөн билет.

Мен иштедим — өзүң көрдүң натыйжасын,
Билишет башкалардан иш пайдасын.

Кудай сага акыл-эсти берди арбын,
Билимди да үйрөнүп жакшы алдың.

Кызматыма киргенде кичине элең,
Ак, караны тааныдың иш үстүнөн.

Бардык ишти аткарып жетти колуң,
Берилген жалгыз мага ишиң, оюң.

Ишенгенге жан сырын айтат адам,
Ишенгендер баш уруп иштейт анан.

Дил-оюң ак, ишенемин сырдаштым,
Сен да ишенип, үнсүз карап турбассың.

Ишенимдүү киши айткан сөздү унутпа,
Ишеним — адамдарда эң ыйык да:

«Акылдуулар макташып иштегенин,
Ачык туткан андайга ойдо кебин.

Жакшы достон айрылба, карма бекем,
Мени ушинтип үйрөткөн, ушул-жөнүм!»

### *Акдилмиштин Эликке айткан жообу*

Акдилмиш дейт: — Элге өкүмдар, дабасың,
Узак жаша, даңкың ташып тарасын!

Бек болушка татыктуу адам керек,
Күчтүү, өткүр, сабырдуу, баатыр жүрөк.

Атасы бек болгондун — уулу да бек,
Теги бектер — бек болот өзү демек.

Андайга акыл менен билим керек,
Жакшы мүнөз, жылдыздай жанып кетет.

Эл башкарган бек болсо билими мол,
Ишин иштейт ой менен — орундуу, зор.

Бектердин өзү да бек, билими бек!
Бектердин көп нерсени билгени эп!

Акылдуу, эстүү болуу — эң чоң көмөк,
Билимдүү, эстүүнүн да душманы көп.

Айтканын акылмандын тыңшап укчу,
Көптү көргөн адамдын ою мыкты:

«Бек болсун акылдуу да, кыраакы да,
Бөөдө кырсык кокустан баспайт анда.

Сандаган жакшы сапат ага лаазым,
Ошондо атак-урмат келет ага!»

Улуу адамдын баарысы дүйнөдөгү,
Акыл менен даңк алган, билгин эми!

Тукуму жакшы болсо уулу жакшы,
Жакшылар дайым төрдөн орун алчу.

Бек, даража ыйык да — абийир менен
Бектин наамын жакшылап тутканы жөн.

Баатыр — башчы дайыма элге керек,
Ыйык иште — иши да улуу делет.

Өтүкендин[1] бегинин айтканын ук,
Көптөр анын баалаган сөзүн угуп:

«Эл үчүн адилеттүү башчы керек,
Калкына көңүл, сөзү болсун жөлөк.

Элге жак, акыл-эстүү, жоомарт болгун,
Ардактуу айкөл деген атка конгун.

Ар ишиң жакшылыкты жетелесин,
Ак мыйзам, абийир, чындык көкөлөсүн!»

Мындай бектер — элине болот башчы,
Уругу анын тектүү — жолу жакшы.

Ар иштин көзүн билип баштоо керек,
Андай иш натыйжалуу, оңой бүтөт.

Элди да билим менен башкаруу жөн,
Билимсизди эл тыңшап угат бекен?

Бек жаңылса, анда анын куту качат,
Бийлиги кулай баштайт,— дарыла бат.

Ал кеселди дарылайт илим, билим,
Акыл табат айыкпас кесел жигин.

Бек болсо — акылдуу да, билимдүү да,
Кесел кетип, жайына келет анда.

Эгер бек билимдүү да, эстүү болсо,
Эки дүйнө даңкы ашат дал ошончо!

Эки дүйнө даңк алган эстүү адам,
Даңкы да, бакыты да татыйт аган.

[1] Монголиядагы жердин аты.

Бул тууралу акындын таамай сөзү,
Айтылган, түркөйлөрдүн — кулак, көзү:

«Бакыт издеп тайгак жол жүрбөгөн ким,
Кутка, тунуп кырсыкты билбеген ким?

Ким март болсо, аябай колдогусун,
О дүйнөдө бейиштин ээлер төрүн!»

Бек болсо пейли түз да, чынчыл дагы,
Өмүр бою бейпилдик коштойт аны.

Бирөөгө кудай берсе асыл мүнөз,
Жакшы сапат жана да чоң акыл-эс.

Андайга байлык келет көтөргүс жер —
Өзүң алгын, кааласаң бөлүшө бер!

Кудай берсе кулуна — байлык, бакыт,
Бардык иши жарашат ашып-ташып.

Миң-миңдеген сапаттар керек бүтүн,
Бүт дүйнөнүн элдерин бийлеш үчүн.

Жакшы иш жасап адамга болгун ийги,
Ал анын — ичер ашы, кийер кийми.

Кудай берсе кулуна мүнөз осол,
Жебе менен тешилип өлгөнү ошол!

Эгер бекте бар болсо жаман адат,
Андайдын иши чала, арам — тамак!

Бек болсун такыбаа да, сарамжал да,
Камкор да,— келечекки урпактарга.

Сак кишилер дайыма коркок келет.
Жүрөк коркcо — иштеген иш адилет.

А эгер боло албаса бек адилет,
Калайыкка пайдасы жок да демек.

Сак болсо башкарган бек, сонун экен,
Ал тизгинин бийликтин кармайт бекем.

Кыйындыктан чыгарган акыл иши,
Өкүмдарга эң керек билим күчү.

Ишти аткаруу — энчиси акылдуунун,
Наадандарды жумуштан алыс куугун.

Билип ал: ташбоор адам сокурга тең,
Ташбоорлукта — акыл-ой болот бекен?!

Сөзүн ук эл башкарган өкүмдардын,
Көп көргөн, токтоо, сылык ою алтын:

«Кимде эгер акыл болсо, таасын билим,
Ошону адам дегин, мактап жүргүн.

Кимдерде болсо акыл илим-билим,
Кичисин — зор, жаманын — жакшы дегин!»

Акылдан элге жыргал — бакыт келет,
Акылдууну даанышман атоо керек.

Шашмалык, акылсыздык, текебердик —
Буларды акмак, наадан жандан көрдүк.

Шашмалык — бышпаган иш, чийки талап,
Бышпаган аш адамды оору кылат!

Ар ишти акыл-ойдо тактап жүргүн,
Тактап алсаң иштөөгө шаша билгин.

Ач көз болбо, абийирди бийик карма,
Сөздө, иште адилет болгун жанга.

Тойбос болот өмүрдө ач көз киши,
Ач көзгө аздык кылат дүйнө жүзү.

Ач көздүк — кесел болот айыкпаган,
Дүйнөдө эмчи күчү жетпейт аган.

Ач калганга аш берсең — карды тоет,
Ач көздөрдү тойгузар өлүм болот!

Ач көздөрдүн ичинде байы болбойт,
Дүйнөнү бүт жесе да карды толбойт!

А бектер абийир менен болот бийик,
Абийирдүү иш — ар дайым турат жүрүп!

Абийири бар адамдар таза сүттөй,
Уятсыздын иши да калат бүтпөй.

Жараткан кимге абийир, берсе уят,
Андайга сансыз байлык сыйлык кылат.

Жаман иштен сактаса — абийир сактайт,
Жакшы ишке баштаса — абийир баштайт.

Адамды абийир-ою сүрөп турат,
Жасоого жакшы иштерди көмөк кылат.

Ак болсун жүрөгүң да, сөзүң дагы,
Эл байлыгы, түркүгү мунун баары!

Эгер болсо өкүмдар кыянат жан,
Эл тагдыры анда эле оор абдан.

Бегинин иши, сөзү болсо кургак,
Ал элдин куту качат, болбойт куунак.

Сөзгө турбас бегиңден үмүт этпе,
Өмүрүң коркунучта, кырсык — бетте.

Бек сак болсун — жана да токтоо, кайрат,
Шалаакылык — кырсыкка такап салат.

Бектерде эки нерсе болсун дагы:
Бири — заң, бири — сактык — өлкө камы.

Бек сак болсо, бийлиги анын күчтүү,
Душманы башын ийип, тизгинделүү.

Эгер бек жакшы тартип түзсө колдоп,
Ал жерде өлкө гүлдөп бейиш болмок.

Эки нерсе мына ушул бийликке тең,
Эки нерсе тең болсо бектик бекем.

Сактык менен жоонун мизин кайтарган,
Угуп көрчү баатыр кандай айта алган:

«О, бектер! Эгер жакса Элик камы,
Кошулуп күчөткүлө силер да аны.

Бектердин иши менен бийлик турат,
Бек жалкообу — бийлиги калат кулап!»

Сак болгун,— баш көтөртпө душманыңды,
Тартиптүү, бейпил кылгын турагыңды.

Бек күчүнө эки нерсе зыяндуу,
Ийри жолго түз жолуңдан бурат бу.

Эки нерсе — шалаакылык жана эзүү,
Экөө менен бек элин бузат дечү.

Душманыңды бек кармап турам десең,
Көз, кулакты дайыма сак карма сен.

Камкор бектер душманын жексен кылат,
Шалакылар — өлкөсүн жоюп тынат.

Шалакы бек бир дагы жакшы иш кылбайт,
Шалакы бек — бек болуп көпкө турбайт.

Шалакыга — сак болуу жайылган тор,
Бейгам болсоң — тосулат жеңишке жол!

Душманы кол көтөрбөйт, сак болсо бек,
Кол көтөрсө — акыл-билим болот жөлөк.

Бийликти, зомбу, эзүү кармай албайт,
Күчтүүнүн зордугуна эл чыдабайт.

Угуп ал акылмандын айткан сөзүн:
«Башкара албайт узакка элин залим!»

Зомбулук — өрттөп кетчү кызыл жалын,
Заң болсо — жер көгөртчү суусу анын!

Эгерде көпкө бийлик кылам десең,—
Тартип чыңоо — биринчи милдет де сен.

Заң болсо — өлкө гүлдөйт, дүйнө гүлдөйт,
Зордукта — өлкө, эркиндик жашоо билбейт.

Залим күчү далай ордо, шаар бузду,
Антсе да ачкалыкта өмүрү учту.

А бектер — тартип билген, көңүлү ак,
Байыртан бийлик менен келе жатат.

Кутман Элик! Баарынан да уят ушу,
Бектердин эң жаманы — жалганчысы.

Бек болсун иште дагы, сөздө да түз,
Андайга эл ишенет, оңолот иш.

Калпычынын иштеген иши калпыс,
Жалганчылар — алдамчы, жүрбөйт ансыз.

Угуп ал, айкөл жандын айтканы ушу,
Айкөлдүк — ар сапаттын туу чокусу:

«Жалганчынын ниети кара болот,
Кара ниет жандарды мал деп коет.

Алдамчыдан ишеним күтпөй жүргүн,
Андайдарды жаныңдан алыс жогот!»

Адам болсо — тайманбас, баатыр болсун,
Кайрат менен кыйратып жеңсин жоосун.

Баатыр болсун тартынбас аскер башы,
Суу жүрөктө кайдагы кайрат, айтчы.

Коркокторго тайманбас болсо башчы,
Коркок дагы тайманбас кайрат тапчу.

Буга бир төмөнкүдөй далил сөз бар,
Бул сөздүн түп маанисин түшүнүп ал:

«Иттерге башчы болсо баатыр арстан,
Иттер да арстан болот андан ашкан.

Арстандарга ит башчы болор замат,
Арстандар итке айланат арсылдашкан!»

Бек дайыма ак көңүл болгон жакшы,
Пейли актын иши да салабаттуу.

Бек март болсо, анда даңкы зор болот,
Даңкы зорбу — өлкө бекип, кут конот.

Анда анын улам толуп аскери ашат,
Аскери күчтүү болсо баарын басат.

Эсиңе тут жеңгердин не дегенин:
«Олжо тапсаң — сыйлыкты арбын бергин!

Жегиз, ичир мансабын талдабастан,
Олжо бүтсө — чапкының кайра баштан.

Март баатырдын олжо-мүлкү жолунда,
Ылаачындын алар жеми колунда.

Колдо курал турганда адам баатыр,
Олжосуз каламын деп коркпойт такыр!»

Жеңишчил акылман бек байлык табат,
Аскер болсо — олжону өзү алат!

Эл коргоого жер майышкан кол керек,
Кол кармоого — дүйнө, курал мол керек.

Элиң байбы, эл кошкон киреше көп,
Эл баюуга жакшы заң, тартип керек!

Таянычтын бири кетсе, баары кетет,
Төрт таяныч тең куласа, бийлик бүтөт.

Бектерге алыс болор беш нерсе бар.
Аларсыз бектин даңкы кайдан жанар.

Бири — шашма, экинчиси — сараңдык,
Үчүнчүсү — залимдик да, наадандык.

Төртүнчүсү — бузуктук, кежир болуу,
Бешинчиси — калп айтуу, чоң уят бу!

Бектерге бузуктуктан качуу керек,
Атак-даңкы ошондо өсүп-өнөт.

Эң жаманы баарынан — өжөр делет,
Өжөрлүктүн аягы абийир төгөт.

Акын айткан буларды бир аз бөлөк,
Түшүнгүн — акын сөзү таамай келет:

«Өжөрлүк — оор жүктөй артка тарткан
Өжөрдү ит деп коет үрүп жаткан.

Душман кылбас ишти да өжөр кылат,
Айрымасы барбы анда өжөр — душман!»

Эгер Элик көп жерди ээлейм десең,
Үч нерсени так аткар дайыма сен:

Оң кол менен душманды алсаң талап,
Сол кол менен олжону кенен тарат.

Бардыгын ширин сөзгө алгын анан,
Улуу, кичүү — муюшат баары саган.

Мунун баары бектикте керек, Элик,
Ардактайт эли төрдөн орун берип!

Анан да жумшак болсун, ырайымдуу,
Бардык жерде кармасын так ушуну!

Дили ак, болсун дайым колу ачык,
Сый берсең ченебестен салгын чачып.

Эгерде бекте болсо бул сапаттар,
Жолобой арамдыктар алыс качаар.

Мындайга эли берет даражаны,
Эл тандаган адамда кемтик барбы.

Анда ага аалам эли башын ийет,
Андай бек баарын бийлеп доорон сүрөт,

Кууп чыгат текебер, зулумдарды,
Экинчи келбес кылып мындан ары!

Акылсыз, уятсыздык, шашмалыктар,
Жакшы адамда түк болбойт бул сапаттар.

Жаман менен бек адам дос болбосун,
Жакындатсаң — кырсыктан оңолбойсуң,

Бекти — ак, кул-кутанды — кара дешет,
Ак-кара жакындашпайт, алыс өтөт.

Эгерде жакшы өкүмдар болом десең —
Бек карма жол-жобоңду дайыма сен!

А эгер бектин иши кара болсо,
Жамандардын ичинен жаманы ошо.

Бек болсун өзү сылык, турсун күлүп,
Орто бойлуу — анан да ою күлүк.

Жылдыздуу адамдарды баары сүйөт,
Баары карап, көз тоет, бүт жүгүнөт.

Душманын тартынбастан катуу согот,
Көзү менен от чачкан алып коет!

Зуңкуюп узун болсо ал да болбос,
Корто болсо, анда да көзгө толбос.

Бойлордун эң жакшысы — орто бойлуу,
Андайлар көзгө толум, терең ойлуу.

Көптү көргөн адамдын айтканын ук,
Башынан көп өткөргөн ошончолук:

«Кортолор, сымбаты жок, туталангыч,
Туталануу — кырсыктын жолу жалгыз.

Орто болсун бардыгы — дене, боюң,
Ишиңди орто карма, болбойт ансыз!»

Бек качсын шарап менен бузуктуктан,
Бул экөө — бакытыңды кууп чыккан.

Ичимдикке — өкүмдар жакын болсо,
Анда элине эң кыйын — азап ошо.

Өкүмдар кумар ойноп кетсе дайым,
Элин бузуп, тилемчи болгону анын.

Өткөрсөң бектик ишти — кайрып болбойт,
Учуп кеткен чымчык да кайра конбойт.

Акылдуунун сөзүн ук нааданга айткан,
Жемелеген кайткын деп ичкич аттан:

«Аракеч — кулкунуңдун кулу болдуң,
Мойнуңа тилемчилик минет, койгун!»

Кедей ичсе түгөтөт өз тапканын,
Бектер ичсе — ач кылат элдин баарын.

Байлыкты шарап жутат — кайтпас душман,
Ичкенди чырдаштырып, мушташтырган.

Ичип алган ажырайт акылынан,
Акылсыздар — акылман болот кайдан?

Жакшы адамдын айтканын угуп алгын,
Пайдасы көп, ичкичтер, сага анын:

«Ичип алсаң — адамдык унутулат,
Айбандыгың ачылып тышка чыгат!»

Ичимдик канча жаман ишти баштайт,
Канчалык жакшылыкты кууп таштайт!

Эгерде бек баштаса кумар, шарап,
Өлкө иши өөрчүбөй артта калат!

Бузуктуктун чуусунан — бакыт качат,
Бек бузулса — өзүнө өлүм, уят!

Бакытты түзүп турган негиз ушу;
Жакшы иштер — жакшылыктын таянычы.

Бек болсо — бузук жана ичкич, куйту,
Эли анын бүт шалаакы, ыйкы-тыйкы.

Кемчиликти четтетип бек күрөшөт,
Бекте болсо кемчилик — ким кой демек?!

Таза суу — кир кетирет жууса, бул чын,
Чыла менен эмнени тазалайсың?

Эмчи сага оорусаң дары берет,
Эмчи ооруса, анда аны кимдер көрөт?

Бекте болсун, татыктуу эң көп сапат,
Анда эли — бек артынан сапар тартат.

Эгер бектер заң, тартипти турса тутуп,
Анда элинде сакталат салмактуулук.

Бул сөздү төмөнкү ыр коштоп турат,
Түшүнгүн, түп маанисин ойлоп, сурап:

«Өкүмдар тандап алса кандай жолду,
Элдин да ошол болот баскан жолу.

Өкүмдар жакшы жолго түшкөн болсо,
Элдин жетет бакытка сунган колу!»

Дагы айтаарым, эң жаман текебердик,
Текеберлер — ак жолдон алыс дедик.

Аты чыгып даңкталган бектин баары,
Бой көтөрбөй башкарган, элин жакшы.

Сөзүн ук, көптү билген бир адамдын,
Түшүнгөн көптү көрүп, билген баарын:

«Бектин баары, текебер, бой көтөргөн,
Акыр түбү элине жек көрүнгөн!»

Жөнөкөйдүн энчиси дайым колдо,
Текебердик калтырар ара жолдо.

Текебер, бой көтөрмө — жүрөгү муз,
Жөнөкөйлүк көңүлдү көтөрөт жүз.

Бек болсун жөнөкөй да, жүрөгү ак,
Ташта оюңду болбосо — мындай сапат!

Бек болсун эң жөнөкөй, ачык мүнөз,
Кечиримдүү, сактабас ичке кек эч.

Ишенимдүү — ишке да эң жөндөмдүү,
Боорукерлер дайыма ишенимдүү.

Башчы бек элге болсун дайым камкор,
Боорукер өз элине болсун ошол.

Камкордук, адилеттен атак алат,
Каалаган максатына түп-түз барат.

Камкордукту билбеген өлүккө тең,
Эки дүйнө алкоосуз өтөт экен.

Элине камкор болуу, бийлик камы,
Чечкиндүүлүк — чынында бийлик жаны.

Бийлик менен тартипти түзөт бектер,
Бийликтин күчү менен корголот эл.

Бул сөзүмө бир далил мына бул ыр,
Далил деген бүт иштин өзөгүдүр:

«Келишкен ордо-сарай — бийлик көркү,
Күчтүү бийлик — ал улуу элдин эрки.

Бийликтин күчү менен кемтик толот,
Баш-аламан, козголоң болбойт дечи!»

Түркүгү өлкөнүн да, сөздү уккун,
Эки нерсе, эки тамыр, эки устун:

Ак саясат — бул анын биринчиси,
Экинчиси — тартиптүү аскер иши.

Анда эл саясатка башын урат,
Аскер да камкордукка дайым тунат.

Ушул экөө катар болсо бегинде,
Эркин жашоо бейпил турмуш элинде.

Өлкөдө заң болбосо адилеттүү,
Эл чүнчүп, а душманың болот күчтүү.

Жакырланса өз элиң кайыр сурап,
Бийлигиңдин тиреги кулайт урап.

Бек аскерин турбаса таптап, сынап,
Дат басып, кылычтары иштен чыгат.

Күчтүү болсо куралы — өкүмдар бек,
Курал кетсе бийлигиң колдон кетет.

Кылыч менен айбалта өлкө чеби,
Бийлик күчтүү — куралдуу болсо беги.

Укчу айтканын дүйнөдө жээңгердин,
Курч кылычы душманын жеңген эрдин:

«О, өкүмдар, эл бийлеп, эл сактаган,
Ашка ууккан адепсиз соргок жаман.

Айбалта, кылычтарды бек кармагын,
Кылыч колдо турганда — бейпил жаның.

Кылыч чыкса, касың сезип — жазганаар,
Кынга кирсе, сени карай аттанаар.

О, бегим, кылычыңды жакын карма,
Кайгы жок, баары ордунда — болот анда!»

Анан айтты Акдилмиш: «Кутман Элик,
Бийлик жүгү өтө оор жана улук.

Эл башкаруу — оңойбу, кыйын жумуш,
Тентектерин тартипке салып туруш.

Кубанчы аз, кууратып өтөөрү көп,
Алкышы аз, ар дайым кекээри көп.

Кай тарапка караба — коркунуч бар,
Күтсөң да чанда болот — кубанычтар!

Душманың — көп, тилектеш, тууганың — аз,
Коогасы көп, кол сунуп турганың аз.

Алдамчы, абийирсиздер — жүрөт шимшип,
Абийирсиз адам сага — катуу түйшүк.

Карасаң кай тарапты — кооп күчөйт,
Коркунуч кайда болсо — ишиң бүтпөйт!

Акылдуунун сөздөрү ак берметтей,
Угуп алгын жакшылап аны беттей:

«Ээ Элигим, мойнуң кылдай башың чара,
Бул турпат, көрктү бербейт такыр сага.

Өкүмдарда түйшүк деген толуп жатат,
Миңдеген арамза-айла — катар басат!

Бийлик кылат өкүмдар камкор болуп,
Жаңылдыңбы, баш кетээр тоголонуп.

Камтыйм десең бүгүндү, эртеңди да,
Буларды дайым туткун көңүлгө анда:

Кудай де, сөздө, ойдо болсун чындык,
Ар иште кудайыңа ургун кулдук.

Буйругуна кудайдын моюн сунгун,
Кызмат кылуу — милдети ар бир кулдун.

Эл менен жумшак болгун, көңүл ачык,
Себебин өзүң тапкын, калбай шашып.

Жакшылык кыл адамга, зулум болбо,
Боорукер бол, ташбоорлукка жолобо.

Ошондо, сенде байлык бүт биригип,
Жашай бер, каалаганча ойноп-күлүп!

Ажал келсе — болгунуң үмүткө бай,
Жакшылыкка — жакшылык берет кудай!

Сөздү бүттүм. Элик өзүң тыңдадың,
Мына ушул, бек жөнүндө сырларым.

Адамды — бул иштерди так аткарган,
Эл башкартып, бүт жерде бек аташкан.

Андай адам жалпы элге жакшы башчы,
Жалпы эли — жакшылык, мээрим тапчу.

Көңүл бур акылмандын айтканына,
Көпкө таалим, көрөгөч айтканы да:

«Бек билимдүү, адилеттүү, ак болсун,
Даңкы чыгат, ар бир ишке так болсун!

А дагы болсо — жоомарт, акыл-эстүү,
Бийлиги жакшы болот, сүймөнчүктүү.

Бек болсун эң жөнөкөй токтоо кыял,
Жакынга кечиримдүү муюп турар!»

Эгер ал бул иштерди көңүлгө алса
Адилет заң жаратат адамдарга.

Кайсы жерде өкүмдар болсо акылман,
Кырсык качып, өлкөсү гүлдөйт абдан.

Ал жерде бакыт кушу уялайт ээ!
Өкүнөрү — өлүмдөн кутулбайт, ээ!

Билгендерим ушулар, кутман Элик,
Ой жеткенди кутулдум айтып берип!»

### *Эликтин Акдилмишке берген суроосу*

«Ооба,— дейт Элик анда,— жообуң чындык,
Баарын айттың, калтырбай угуп турдук.

Бирок менде туулду дагы бир ой,
Жооп берип, ошону мага айтып кой.

Мага айтчы; мындай улуу болсо беги,
Кандай болот ал бектин увазири?

Ал казнага мол жыйнаса алтын, күмүш,
Элге, жерге, шаарга керек бул иш

Тартип сактап, баарына баш-көз болот,
Жоокерлери шамдагай күчкө толот.

Элдин самап кырсыксыз күн көрүшүн,
Бектин көздөйт байлыгы, даңкы өсүшүн?»

---

## 29

## АКДИЛМИШ ЭЛИККЕ УВАЗИРЛИККЕ ЖАРАКТУУ АДАМДЫН КАНДАЙ БОЛУШУ КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

Акдилмиш жооп берди так да зирек:
«Увазир өкүмдарга таянч-тирек.

Бекке керек увазир, ишке башчы,
Увазир — жакшы, бекте — уйку жакшы.

Увазир — бектин жүгүн бүт көтөрөт,
Увазир — өлкөгө заң, тартип берет.

Ал киши эң жигерлүү болуп анда,
Ишке арнасын пейилин, жүрөгүн да.

Болсун акыл, билими терең деңиз,
Аткарган мөөнөтүндө ишти тегиз.

Абийир менен адилет анда болсун,
Ар бир күнү күрдөөлдүү ишке толсун.

Чоң ишке акылдуулар гана жетээр,
Абийири анын болсо — андан бетер.

Андайга акыл-эс да, билим керек,
Тетиктик, токтоо-сылык жүрүм керек.

Акылдуунун уругу — жакшы урук,
Кайда болсо кур болбой өнөт чыгып.

Ыймандуу, дин жолуна такыбаа да,
Эл ишенчин бүт ээлейт ошол анда.

Такыбалар — адамдын жакшылары,
Бечараны сакайтып болот дары.

Такыбалар ишке да сак келишет,
Жараксыз ишке барбай тек жүрүшөт.

Бектен кийин — экинчи элге башчы,
Увазир — Элик көзү, сөзү айтчу.

Теги жок, уругу жок киши жаман,
Жаман кантип увазир болот анан.

Теги жакшы кишилер ишенимдүү,
Теги жоктор болушат эки жүздүү.

Сөзүн ук бир адамдын акыйкатчыл,
Акыйкатчыл, элге — баш болчу уул:

«Тектүү жандар белгилүү теги менен,
Ишеними — элине түркүк бекем.

Тексиздерге берсең да шекер, жилик,
Мерездиги билинип турат экен!»

Абийир, актык эң керек увазирге,
Уятсыздык — баарынан эң чоң күнөө.

Болгонго топук кылып, токтоо болгун,
Ач көз, сараң билишпейт тойгондугун.

Эл ичинде барктуусу уяттуулар,
Уяты бар кишилер — эл башкарар.

Андайга бардык ишти тапшыра бер,
Калпыс ишке жол бербейт — абийирдүүлөр.

Уятсыздар — адамдын жеткен касы,
Тилинен чындык сөзү чыкпайт асты.

Эске түй, уяттуу жан айткан өзү,
Чын жүрөктөн каалаган кеңеш сөзү:

«Уятсызга жолобой, болгун ыраак,
Андайдын көз карашы айтып турат.

Уятсыздар — чучуксуз көңдөй жилик,
Ичине — көрө албастык алат кирип!»

Уяттуунун өзүнө — урмат, атак,
Абийирдүүнү — урмат-сый, даңк да басат.

Адам болсун жылдыздуу, жүзү жарык,
Элге керек чындыкты жүрсүн алып.

Ал адам адилет да, сылык болсо,
Эмгеги элге керек дал ошончо.

Ишиңди алып барчу болсо арамза,
Бектин иши кыйшаят, кырсык анда.

Кызматкер көңүлү ак, чынчыл болсун,
Ошондойду бек тандап ишке койсун.

Өңдүү-түстүү адамдар ишке жакшы,
Мүнөзү жумшак адам элге жакшы.

Өңү да, иши дагы жакшы адамдын,
Ошондой ич мааниси жакшы анын.

Көптү көргөн адамдын ою акыл,
Жакшы менен жамандык билген асыл:

«Адамдын жүзү, ичи бирдей делет,
Чырайлууга эң жакшы мүнөз берет.

Адамдын кейпин карап, өзүн баала,
Кейпи — өзүнө, өзү — кейпке туура келет!»

Сымбаттуу, көрктүү болсун увазириң,
Ишиң жөндүү — анда эле дайым сенин.

Ал болсун терең ойлуу жана да сак,
Илим менен жазууну билсин эң так.

Этиятсыз увазир жакшы болбойт,
Эсеп-чоту болбосо — иш оңолбойт.

Эсеп менен адамдар иш алпарат,
Эсептелет күнү, айы, жылы тап-так.

«Эсеп» деген өзү эле «тактык» дегин,
Эсеп-чотун так болсо, болбойт кемиң!

Ишке тыкан болбосоң иш оңолбойт,
Тыкан болсоң ийгилик болбой койбойт.

Билгенин адам толук жазып коет,
Жазган соң — не кылганың дайын болот.

Жаза билген акылдын бир белгиси,
Жаза билген акылдуу билгир киши.

Жазганды биле албаган адам уулу —
Өтүп жаткан жыл, айын билбейт ушу.

Акылмандар жазбаса жакшы китеп,
Өмүр чотун биз кантип билмек элек?

Кудайым бул ааламды жаратканда,
Адамга такта, калам берген тура.

Периштеге буйруптур кудай анан,
Бардык ишин жазгын деп адам кылган.

Ал болсун жоош мүнөз, жумшак көңүл,
Анда эле адамдардын жолу жеңил.

Момун болсо, достору жакшы көрөт,
Сүйлөшкөндүн баарына көңүл бөлөт.

Айтканын ук ойлонуп момун жандын,
Момундук — чоң сапаты адамдардын:

«Момунду — элдин баары жакшы көрөт,
Зулумдан — эл жолобой качып берет.

Такыба, токтоо жандар атак табат,
Тоң моюн, кежир адам четте калат!»

Увазир боло алат көптү билген,
Илим, билим эң жакшы өздөштүргөн.

Ал болсун такыба да, адилеттүү,
Ак көңүл, акыйкатчыл, кереметтүү.

Бардык ишти ойлонуп жасай билсин,
Жамандык, жакшылыкты айрып жүрсүн.

Кыңк этпей кызмат кылуу жагын билсин,
Ак болсун, так аткарсын өз милдетин.

Бул сапаттар бар болсо кимде түгөл,
Увазирге жарайт ал, чакыра бер.

Болсо ушундай бектердин увазири,
Анда беги, эли да бейпил жүрү.

Анда Эликтин иштери оңго тартат,
Өлкөнүн, элдин дагы байлыгы артат.

Увазири начарбы — эл бузулат,
Байлар зордоп, кедейлери ыйлап турат.

Жакшы увазир жакшылык элге берет,
Элде болсо жакшылык — Элик көрөт.

Сөзүнө билимдүүнүн маани бергин,
Билиминен эң бийик үзүр көргүн:

«Бектин дили, сөзү да, болсо чындык,
Нөөкөрлөрү ак жүрөт кызмат кылып.

А эгер беги болсо зулум, катаал,
Кызматкери ак иштен тетир басаар».

Жакшы бектин малайы болсо калыс,
Жамандыкты жолотпой, айдайт алыс.

Болбосо зулум, катаал бектин өзү,
Жамандарды жанына жыйбайт дечи.

Жаманды кайдан болсо жаман табат,
Өзгө ылайык жакшыны тапкын карап.

Жаман менен жакшы адам дос болушпайт,
Түптүз менен кыйшыктар — жуп болушпайт.

Кара түн — жарык күнгө жолоп койбойт,
Көп-көк суу кызыл отко конок болбойт.

Кимдин жаман, жакшысын билем десең,
Жакынын таап — сурасаң, билесиң сен.

Ар ким барат табити тарткан жакка,
Сен түз бол — кыйшак жакка асты баспа!

Буга далил эң сонун төмөнкү ыр:
Аны окуп табитиңди ыраазы кыл:

«Баскан, учкан жандардын көргүн жолун,
Бардыгы бузбай жүрөт өз-өз тобун.

Жакшыны кошо албайсың, жаман менен,
Ар кимдин өз теңи бар — сунаар колун!»

Увазир, бектин болот кеңешчиси,
Кеңешсе, демек ага катар киши.

Жакшы кедей жамандан алыс качат,
Жамандык — оор жүк да, кантип тартат?

Эгер бек жакшыларды кылса жакын,
Өлкө байып, бек алат — атак-даңкын.

Эгер бек жамандарды кылса жакын,
Сөзү өтпөй, булгап алат жакшы атын.

О, Элик, эгер тапсаң жакшы увазир,
Бек жыргап, элден кетет коогалуу чыр.

Ал бектин ой-тилеги түгөл болот,
Ар иши орундалып орду толот.

Эл байып, өлкө гүлдөп жайнап турат,
Казынаң ашып-ташып көңүл тынат.

Өкүмдардын даңкы артат, болуп жаңы,
Бийлигин козгой албайт жылдар дагы.

Анда бек эки дүйнө жайын табат,
Бактылуу узак жашап жатып калат!»

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

«Түшүндүм,— деди Элик,— өзүм байкап,
Сөздөрүң танбай турган чындыкты айтат.

Эми айтчы; аскер башчы кандай болот,
Аскер ишин кандайча жолго коет?

Аскерди кантип баштап жүрүштөрдө,
Катасыз жеткире алат жеңиштерге?

Мага айтчы, мындай ишке кимдер керек,
Кимдер жоону талкалап, жеңип берет?»

---

## 30

## АКДИЛМИШ ЭЛИККЕ АСКЕРБАШЫ КАНДАЙ БОЛУШУ КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

Жооп берди Акдилмиш: «Кутман Элик,
Катуу бол душманыңа күчүң өнүп:

Бекке керек кол башчы жолборс жүрөк,
Тургандай тынчы кетип жоо титиреп.

Бул ишке адам керек күчтүү, алдуу,
Башынан көп өткөргөн чабыштарды.

Кол башкаруу — эң кыйын, улуу жумуш,
Чабуулга баштап кирип, жоону жыгыш.

Ал болсун өтө сак да, көрөгөч да,
Аскерлери кор болбойт баратканда.

Ал болсун өзү баатыр жана мерген,
Дасторкону кең болсун — ак көңүлдөн.

Ооба, ал жоомарт болсун аскербашы,
Ошондо анын иши болот жакшы,

Колдогусун калтырбай чачып турса,
Көп болот, шакирт, жолдош, достору анда.

Өзүндө болсун курал, тону, бир ат,
Даңк жолуна ушулар алып барат.

Байлыкты уул-кызга жыйнабасын,
Үй-жайым, бак-шагым деп буйдалбасын.

Иши менен укугун жеңип алса,
Алганын бүт таратып,— даңкы калса,

Март болсун кийиндирип, ичиндирип,
Аттарды, алган кулду бүтүн берип.

Ошондо ал чогултат көп эрлерди,
Ал үчүн башын саят жоокерлери!

Ал болсун баатыр жана көптү билген,
Туруктуу, чабыштарда жеңип жүргөн.

Чабышта коркоктордун кереги жок,
Андай жоокер үй күчүк катынга окшоп.

Коркоктор корко берип, колду бузат,
Баатырлар да басынып, сыймыгы учат!

Чабышта тартынбас да, токтоо болсун,
Жоо ат койсо, — бек туруп чапсын жоосун.

Ар кимге суусу бүтсө ажал келет,
Ажалсыз баатыр өлбөйт, чаба берет!

Сөзүн ук бир адамдын жоосун жеңген,
Өлүмдү оюна албай, жоону сүргөн:

«Ажалы жок кишиден өлүм кетээр,
Жоону көрсөң коркпогун куру бекер!

Тартынба, жалын болуп жоону капта,
Ажал жетпей өлүм жок кайсап өтөөр».

Ал болсун ар-намыстуу, намыс үчүн,
Жоону жеңип кетирбейт каска өчсүн!

Намыстуу баатыр жигит жоону басат,
Бир гана уятсыздар жоодон качат.

Намыстанса коркок да баатыр болот,
Жан аяса шериң да өлүк болот.

Ар-намысы күчтүүлөр баатыр келет,
Өлүп жатып, душманын уруп өтөт.

Адилет, ак жүрөктүү, баатыр адам,
Бардык элге сүймөнчүк болот абдан.

Жөнөкөйгө адамдын жылыйт ичи,
Жоокерге кур мактаныч жийиркеничтүү.

Аскербашы — текебер болсо эгер,
Куланды душманынан аны дей бер.

Ал болсо текебер да, мактанчаак да,
Оңой олжо душманга болот анда.

А эгер болсо бекем, сүрдүү, баатыр,
Тараса — жамы журтка аты асыл.

Ал болсун болоттой бек — душманга сүр,
Боорукер жакшыларга баарына бир.

Аскербашы — болсо эгер билгиликтүү,
Тартип болот аскерде — бийлик күчтүү.

Чоң саясат бар жерде — аскери бар,
Аскер башы бар жерде — черик даяр.

А жок болсо аскердин жолбашчысы,
Анда, Элик, аскер дагы жок де ушу!

Жамандарды — тескөөгө тартип керек,
Жакшыларга — урмат-сый өзү келет.

Жакшыларга татыктуу сый көрсөткүн,
Кысым кылба эч кандай, көңүлү өссүн!

Сыйлоо жакшы, баарысы сүйүп турат,
Жакшылыкка — жалпы журт кызмат кылат.

Пейли түздүн айтканын угуп алгын,
Ырды окуп, жүрөгүңө шаттык жансын:

«Боорукер бол — эркин жан кулуң болот,
Адамдык ак жолдогу күткөн конок.

Киши менен сен дагы киши болгун,
Адамдыкты ар адам бийик коет!»

Кол башчынын жеңиштерин эл көрсүн,
Жоого аттанса эли-жери дем берсин!

Урушта арстан сымал жүрөк керек,
Чабышка кабыландай билек керек.

Доңуздай — көктүк дагы, бөрүдөй күч,
Аюунун жаалы менен бугу жүрүш.

Аскербашы түлкүдөн ашып кетсин,
Кирген буура өңдөнүп албуут келсин.

Сагызгандай сак болсун анын өзү,
Кузгун сымал курч болсун көрчү көзү!

Каарланса арстандай жаалы чыксын,
Үкү болуп түнкүсүн уктабасын.

А кимде мына ушундй сапат болсо,
Чыныгы аскербашы, жоокер ошо.

Жоокер салты башынан так ушундай —
Душманынан кек алып, талкан кылмай.

Жоокердин дайын болсун тамак-ашы,
Кийими, курал-жарак жана аты.

Курсагы ток жоокерлер — катуу чабат,
Аш, суусун — жоокер үчүн өмүр-канат.

Ылалык бир адамдын айтканы экен:
«Туз, даамы кенен жанга — кулдук этем!

Чыксын десең атагым — казаның ас,
Молчулукту кааласаң — тамак-аш чач!»

Абийири, адамдыгы артык делет,
Жоокерлерге ким кенен тамак берет.

Абийирди алгың келсе тойгуз төгүл,
Дал ошондо узарат сендеги өмүр.

Аскербашы алчу көп сапаттар бар,
Согушта ийгиликти берет алар.

Биринчи адилеттүү болгун акыр,
Калпычыга ишенбейт элиң такыр.

Экинчи — жоомарт болуп, олжо тарат,
Шарт ошол, ач көз башчы колсуз калат.

Үчүнчү — баатыр болсун, жолборс сымак,
Жүрөксүз жоону көрсө коркуп турат,

Төртүнчү — айла-амалдуу болсун абдан,
Амалдуу арстанды да торго салган.

Чекти бузат айла-амал, көктүк менен,
Чабуулга колду баштоо — эрдикке тең.

Колбашчыда ушундай болсо сапат,
Душманын талкан кылат, туусун жыгат!

Мындай эр жоого чыкса колун баштап,
Бет келди душман качат жанын сактап.

Ал баатыр көзүн салып койсо карап,
Душмандан уйку кетип, тынчы качат.

Кошунга көптүк эмес, сапат керек,
Сапатты — мыкты курал-жарак берет.

Көп черикте болбосо жакшы башчы,
Ыркы жок топур болот, жок чамасы.

Айтыптыр көптү көргөн: «Согушта мен,
Он эки миң кол болсо жеңээр элем!»

Айтыптыр дагы бирөө жеңип жүргөн:
«Болгону төрт миң аскер алар элем.

Калың кол жыйылган кой башсыз кетээр,
Баарын жыйнап, чогултуу — түйшүк бекер!»

Дагы бир алп айтыптыр: «Жеңем десең,
Күчтүү аскер, көп курал даярда сен!»

Угуп ал даңктуу жоокер айткан экен,
Сен үчүн кеңеш, сабак болот десең:

«Аскердин саны эмес, күчү керек,
А күчү жакшы курал-жарак, демек!

Тартиптүү аскер артык — колдон сансыз,
Чачылган кол — жардамсыз, алсыз келет;

Аскербашы, аскерин баштап жүрсүн,
Милдети — баатырларды тандай билсин.

Жиберсин чалгындоочу дайым алга,
Көзү ачык кулагы сак болот анда.

Чалгын тобун жиберсе алга карап,
Душман колун, чоо-жайын билип алат.

Ар дайым өз ордунда болуп, демек,
Аскерде күзөтчү топ болуу керек.

Жашыруун кароолдукка киши койсун,
Душмандын ар кадамы дайын болсун.

Так билсин туу башчысы жердин жайын,
Көрүнүп туусу турсун колго дайын.

Аскер кошу ыңгайлуу жерде турсун,
Сак болуп, бардык колду анда жыйсын.

Дайым сак, камдуу болуп туруу керек,
Душманы бейгамдарды оңой жеңет.

Кароолун душмандардын жайлап таштап,
Катарын бузуп киргин селдей каптап.

Сак болгун, алдырбагын жоого, «тилди»
Билбесин канча экенин аскериңди.

Душмандын «тили» берет алгын жардам,
Так сурап жоонун колун билгин андан.

Билген соң чабуулуңду баштай бергин,
Кармашта талкалансын касың сенин!

Көрөгөч мунун баары сактык иши,
Кармашта ким сак болсо — ал жеңиштүү!

Акылдуу бектин сөзү сабак саган,
«Камчылан кылыч менен минсең арстан».

Эки нерсе жеңишке болот негиз,
Экөө тең касың үчүн катуу кейиш,

Эң башкысы алардын — иле, амал,
Айла тап, анда душман тез байланаар.

Экинчиси этияттык жана сактык,
Сак болсоң, кас-душманың камчы саптык.

Эгер сен кыраакы да, сак да болсоң,
Душманың ошол замат болот ойрон.

А эгер душман колу болсо күчтүү,
Шашылба кармашууга, топто күчтү.

Элдешкин, мүмкүн болсо жарашып ал,
Болбосо — жоо кийимин үстүңө сал.

Даярдан, алдап туруп түндө башта —
Ким билет караңгыда колуң канча!

А эгер талкалоого ал келбесе,
Тил тапкын элдешүүгө жибер элчи.

Сөзүңдү даярдап ал, амалдуу бол,
Унчукпа, ашык сөзгө бербегин жол.

А кокус бул ишиңден жол болбосо,
Душманың кармашууга кадам койсо,

Токтолбой, аскериңди жоого тапта,
Чакыртып ураанынды колду башта.

Чабуулду созуп койсоң — сезет душман,
Тартынбас болуп кетет касың анан.

Угуп ал айткан сөзүн жоону жеңген,
Адам экен көп көрүп, көптү билген:

«Көрбөсөң — биле албайсың душманың ким,
Көргөн соң — оюң токтоп, тынат көөнүң.

Чагылгандай тез тийгин топтоп күчтү,
Кечиксең анда сенин жеңилгениң».

Жашыр жарымын колуңун буктурмага,
Жаачыларды баштасаң — жүр алдыда.

Мыктыларды баш кылып колду башта,
Үлгү болсун кошунга — кирген чакта

Көптү көргөн кайраттуу чабыштарда,
Тартынбастар тартипти сактайт анда.

А жаштар жаштык кылып кетет күчөп,
Кичине шык кетсе эле шылк дей түшөт.

Алдыда, астыда да турсун эрлер,
Калганын оңго, солго калтыра бер.

Аралашып эки жоо, алышканда,
Эки жак төш тирешип чабышканда,

Ошондо буктурмадан жебе жаадыр,
Жакындан найза сунуп,— сайып качыр.

Айбалта, кылыч менен таамай чапкын,
Тиште, тыт душман денин, турбай качсын,

Тартынба,— ай далыңды жоо көрбөсүн,
Кармашкын, ал жетпесе, кулап өлгүн!

Угуп ал жоодо баатыр эмне демек:
«Өжөр бол! Өжөр адам жоону жеңет!»

Колуктуга жыргал да биринчи түн,
Эрлер баатыр — чабышат өлчөй күчүн,

Баатырлар жоосун чабат, сайат касын,
Шумкардай тытмалашат каршылашын.

Баатыр көрсө душманын — күчөп кетет,
Башка ишти — баамдап бербейт эсеп.

Жоону көрсө — кызарат эрдин көзү,
Жоого кирсе — кызарат жердин жүзү.

Көздөрүнөн кып-кызыл кан куюлат,
Аккан канга аттар баспай тыгылат!

Ат жабдыктар, курал канга боелот,
Чаалыгып кызыл өңүң купкуу болот.

А эгер душман колу келсе бузуп,
Тик кара, жеңмейинче бекем туруп.

А кокус жоо солк этсе — тезде, күтпө,
Кубала, артынан түш, салгын күчкө!

Кууп жет, ат үстүнөн жыга сай да,
Байкагын кулатпасын сени кайра.

Алабарман кууганды катарга сал,
Улантсын жоо кууганды кайталап ал.

Жоо жеңилсе — кайткынын жарым жолдон,
Болбосо, бут чыдабайт чарчап болгон.

Жеңилген жоо — өлүмдүн тонун кийет,
А кимдер мындай жүккө чыдап жүрөт!

Билишсин, жаш жоокерлер керек тартип,
Болбосо, өлүм оозу алат тартып!

Шалакыны жылдырбай өлүм күтөт,
Сактардын ойдогу ишке колу жетет.

Мага бир сынчы киши мындай деди,
Сынчы сөзү — билимдин нак өзөгү:

«Качкан жоону жөн эле кууй бербе,
Кайрылган душманыңдан сокку көрбө.

Жеңилген жоо кол курап кайра келбейт,
Сууланып өчкөн от да кайра күйбөйт.

Жеңилген жоо өлүмгө моюн сунат,
Ажалдуулар өлүмдү эстеп турат!»

Баатырлардын баарына олжо тарат,
Жүздөрү кубанычтан күйүп-жанат!

Ким көрсөтсө эрдикти — олжо бергин,
Олжо алса оттой күйөөр өңү эрдин.

Жаманды жакшы кылат мактаганың,
Жакшыны көккө учурат жактаганың.

Мактоодон жоокер күчөп арстан алат,
А түгүл учкан кушту сермеп салат.

Жарадарды — дарылап айыктыргын,
Колго түшсө жоокериң — кайрып алгын.

Көмдүргүн набыттарды ардак менен,
Балдарына олжо бер арбын, кенен.

Аны көргөн жоокерлер сендик болот,
Сен үчүн өз баштарын сайып коет.

Жылуу сөз, ачык көңүл, март да болгун —
Бул үч сапат керектүү, эң бир сонун.

Эркин жан да ак ишке кул боло алат,
Андан соң ар ишиңе тик турушат.

Ушуга бир жакшы сөз болот далил,
Чындык бар ошол сөздө, маанисин бил:

«Жайдары, ачык мүнөз, марттык сапат,
Эркин жанды бул үчөө байлап салат.

Алтын күмүш, акчага кулду албайт,
Бакытты ушул үчөө өзү табат!»

Аскербашы адамга ушул керек,
Аскери бүт дүйнөдө жакшы делет!

Алтын, күмүш, малыңды чачкын күрөп,
А баары жоокер болуп кайра кирет!

Ушул үч сапат үчүн кулдар күлүк,
Бардык бектер тутушсун муну билип!

Эгерде аскербашы болсо ушундай,
Ийгилик аны ээрчийт карыш жылбай.

Эгер бек дал ушундай адам тапса,
Ал бактылуу, түйшүксүз болот анда.

Увазир болсо булар даңкы тарайт,
Аскербашы ишине дагы жарайт.

Бек ага түрлү кызмат бере берсин,
Каалаганы ишке ашып убай көрсүн!»

* * *

Айтты Акдилмиш: «О, Элик, мындай делет:
Эки иштин маани-жөнү эң чоң келет.

Увазир, аскербашы экөө экен,
Кармашат бири — кылыч, бири — калем

Экөөндө бардык түйүн турганы чын,
Ким үзөт бириксе экөө ич арасын?

Бул экөө бардыгынан бийик келет,
Толгосо бекке мойнун — башы кетет.

Пайдалуу экөө болсо — бир сөз, бир кеп,
Тартышса — бүт өлкөгө бүлүк түшөт.

Бек өзү — татыктуунун татыктуусу,
Бул экөө — кызматкердин эң мыктысы.

Кызматынан булардын элге пайда,
Эл байыса — бегинде көңүл жай да!

Акылдуу бир өкүмдар айткан экен,
Акылдуу сөз — алдында тамакка тең:

«Кылыч менен багынтып элди аласың,
Калем менен бийликке жол саласың.

Кылыч элди багынтат күчү менен,
Калемсиз бийлик кылуу болбойт экен.

Кылыч сүрөт, коркутат, согот, тескейт,
Күч бийлиги чыдабайт, көпкө түтпөйт.

Эгер калем багынтса шаарларды,
Анда жолу жыргалдын ачылганы!

Билгенимди, Элигим айтып бердим,
Соболуңа жоопту жалгап көрдүм!»

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

«Түшүндүм,— деди Элик,— сөздөрүңө,
Эми бир суроом бар дагы өзүңө.

Жооп бер дагы ойлонуп акыл үрөп,
Улуу хажиб ишине кимдер керек?

Ким жарайт хажибдерге баш болгонго?
Ким басат көөнүн буруп ушул жолго?

Ким болот өз бегине таянч-жөлөк,
Андайды ак батадан алкоо керек!

Айт мага,— деди Элик,— ойлоп жакшы,
Сөзүң менен өзүмдүн көзүмдү аччы!»

---

31

## АКДИЛМИШ ЭЛИККЕ УЛУУ ХАЖИБДИК КЫЗМАТКА КИМДЕР ТАТЫКТУУ ЭКЕНИН АЙТАТ

Акдилмиш өкүмдарга айтты жообун:
«Миң жашап, бүт өмүрүң жыргал болсун!

Улуу хажиб адилет болуш керек,
Чынчыл, момун, такыба динге, демек.

Тектүү болсун, мүнөзү жумшак келип,
Иштесин жалпы журттун камын көрүп.

Түбү жакшы адамдар эстүү делет,
Эстүү адам — элине камкор келет.

Жакшы адам — молчулуктун булагы экен,
Күнүмдүк керектүүсүн ичип, жеген.

Ак пейил, боорукердин сөзү эмдүү,
Сөзү жакшы кишинин иши жөндүү.

Ток пейил, абийири бар, март да эстүү,
Илимдүү, билим алып билген көптү.

Ток пейилдер параны албайт сурап,
Хажиби пара алса — бекке уят.

Бүткөн ишти бүлдүрүп — пара бузат,
Пара болсо — ак ишти арам кылат.

Уяттуу, сылык болсо, мүнөзү ачык,
Сөздө да, иште да анын пайдасы анык.

Уяттуу пас иштерге кадам баспайт,
Жараксызды жандабайт кагып таштайт.

Татыктууга дөөлөтү жугуп турат,
Татыктууну бакыты даңктуу кылат.

Тетик адам жол бербейт ач көздүккө,
Акылдууга жаңылуу болбойт иште.

Билимдүү адам мындай айткан экен,
Көп билгендер түшүнүп айтат белем:

«Бек болушка — эң улуу билим керек,
А жаман — бардык ишти буза берет.

Түшүнүк жок наадандар көөдөк келип,
Көргөнгө тирүү жандай, чынында — өлүк!

Даана билим — урмат, даңкка бөлөнтөт,
Иши оңолуп, көшөгөсүн көгөртөт.

Билимсиз — адам кейпин алган кийип,
Билимдүүнүн оруну көктөн бийик!»

Ар иште акыл-эстүү болуу керек,
Акылдуу өз ишинен убай көрөт.

Акыл-эстин пайдасы артык болот,
Акылдууга — сан байлык кетпес конок.

Наадандар — мөмөсү жок дарак сымал,
Ач жанга анын кандай пайдасы бар?

Илимдүү эки дүйнө нурун чачат,
Өз баркы, өз атагы даңкын ачат,

Акылдуу, билимдүүдө — адам баркы,
Барктуу адам түбүндө калктын башы,

Ал адам кабагы ачык, көзгө толсун,
Сөзү орундуу, жагымдуу үнү болсун.

Келишкен жүзү жарык, салабаттуу,
Жарашсын кирсе, чыкса бой сымбаты.

Жакшы адамдар болушат салмактуу да,
Салмактуулар жетишет атак-даңкка.

Ал болсун акылы артык, кудай деген,
Такыбанын иши да ордунда экен.

Такыбалар, сопу да динди сактап,
Боорукердик кылышат дайым актап.

Боорукер жан — адам муңун бөлүшөөр,
Колдогу ашын ачтар менен тең ичээр.

Хажиб дайым болот элдин ичинде,
Элди тартып төгүлсүн нур жүзүндө.

Сымбатын анын көрүп көз кубансын,
Көңүлдөрү ачылып, кеңип калсын.

Бул туралуу акылман айтканы бар,
Аны угуп көкүрөккө кыт кылып ал:

«Сулуу жүздү көргөндө көңүл жанат,
Жүздү көрсөң ич жылып көзүң таят.

Сулуулук — жакшы белги тартып турар,
Ишти жөндө, ашык сөз башты жарат!»

Боорукердик, акыл экөө төп болсун,
Момун болуп, токтоо мүнөз түз болсун.

Боорукер — айткан сөзүн так аткарат,
Мерездер — эки жүздүү сүйлөп турат.

Мерезге көрүнгөндүн баары бирдей,
Жакшы менен жамандын жөнүн билбей.

Мерезде — маңыз болбойт — тышкы сөөлөт,
Боорукер — ар бир ишке жанын берет.

Акыл менен иш кылып бардык жерде,
Камкор бол жетим менен жесирлерге.

Ойлуу болуп, тартипти, заңды сакта,
Бардык жакшы нерселер — акылдууда.

Ким жөнөкөй, баарыга мээрим төгөр,
Андайдын оозу — асел, сөзү — шекер.

Адам деген жайдары, болсун сүйкүм,
Адам баркы — абийири, аны билгин.

Момун киши эмне дейт айтканын ук,
Эр кыпчак, көңүл, ойду жөнөкөй тут:[1]

«Жылдыздуу ак дил адам бакыт табат,
Жакшы сөзгө ийинден жылан чыгат.

Ачык жүз, жылуу сөзгө — эл токтолоор,
Ынанган эл кул болуп кулдук урат!»

Өзүңдү кармай билип, ишке так бол,
Сылык болуп ар дайым, сөзгө сак бол.

Кулагы сак, болсунчу билими кеңч,
Төп келсин кылган иши сөзү менен.

Баарын билип, жазганга мыкты болсун,
Билимин ишке салып актап койсун.

Камкор болуп баарыга, көптү билип,
Баш көтөрбөй иштесин улуу хажиб.

Ойлоп көрсөң бардыгын таразалап,
Хажиб иши — баарынан кымбатыраак.

Хажибсиңби — булардын баарын билгин,
Керек жакка эл-журтту баштап жүргүн.

Бул жайда акын айткан бир терең сөз,
Акын сөзү билбеске — көрөгөч көз:

«Он нерсе хажибдикке керек деген:
Көзү курч, кулагы сак, жүрөгү кең.

Акылдуу, келишимдүү, сулуу чечен,
Билимдүү, эстүү, токтоо ишке бекем!»

---

[1] Түп нусканын 2439-бейтинде ушундай кайрылуу бар. Орусча котормодо бул көрсөтүлбөгөн.

Бийликте канча турса Элик өзү,
Улуу хажиб — Эликтин көрөр көзү.

Эгер хажиб иш кылса баарын сезип,
Алар үчүн дайыма ачык эшик.

Бул тууралуу айтылган акылман, сөз,
Аны угуп, жолун жолдоп, маанисин сез:

«Түйшүгү хажибдердин — улуу жумуш,
Жакшы адамдын колунан келет бул иш.

Хажибсиңби, бексиңби — чачтан көп иш,
Чоң ишпи, кичине ишпи — аткарган түз!»

Кабыл ал, келсе — катчы, казнабашы,
Тончубу, өтүкчүбү — сүйлөш жакшы.

Бөтөнбү, элчи бекен — иште талап,
Сый кылып белек бергин, ичир тамак.

Жаратына жай камда, азык бөлүп,
Жайлуунун, жайсыздын да камын көрүп,

Конокту жолдо күтүп турчу — ошол,
Заңды сактап, ак кызмат кылчу — ошол.

Бечара, жетим-жесир — ошол коргойт,
Баарын угуп, бардыгын — ошол жолдойт.

Суранганда болсо эгер оор кайгы,
Жардам кылып, жакшылап узат аны.

Ичте же тыш тарапта — кыйшык барбы,
Түзөткүн, ыркы кетсе — баскын аны.

Ушул түйшүк, бул иштер аны күтөт,
Улуу хажиб баарына өзү түтөт.

Баары бүтөт ошонун колу менен,
Ката кетсе — ал ката күнөөгө тең.

Хажибиң, о, Элигим, сак болсо экен,
Дайыма — ишенимдүү болгону жөн.

Биринчи — бегин угуп, урмат кылсын,
Экинчи — өз напсисин өзү тыйсын.

Үчүнчүдөн — ал өзүн кармай билсин,
Орду менен ар сөзүн жалгай билсин.

Жүгүнсө да параларды албасын,
Жакшыларды өз бегине тандасын.

Адамда болсо эки жаман сапат,
Андайды, кутман Элик, тез алыстат.

Биринчи — калп сүйлөсө, иши арам,
Экинчи — митаам болсо, кылтыңдаган.

Болсо эгер ушул эки сапат кимде,
Андайды алыс айдап, жакын жүрбө.

Кызматкерде дагы үч түйшүк болот,
Сактанбаган адамга кырсык конот.

Бирөөнүн сөзүн уксаң — болгонуң тым,
Бирөөнүн ишин көрсөң — көзүңдү жум.

Үчүнчү — ыйык кызмат чынчыл делет,
Ошондо сенин жаның жыргал көрөт.

Тыңшагын, акылман сөз көңүл бургун,
Ал сөздөр — ак жолуңду ачып турсун:

«Бек сөзүн сүйлөбөгүн — болуп бекем,
Ашыкбаш оозуңду ачпа — өлбөйм десең!»

Элге жайсаң бек сырын — башыңды алат,
Тил тыйбасаң тиштериң талкаланат!

Көп көрдүм далай наадан, былжырларды,
Ушак сөздү сүйлөшүп өлүп калды.

Канча уктум: маңызданып сүйлөй берип,
Сыр чыгып,— айткан адам калган өлүп.

Акылдуу бир адамдын сөзүн уккун:
«Жеңил киши өз башын жутат бир күн!»

Хажиб да өзүн бекем тыйып жүрсүн,
Көптү көрүп, сөздөрүн сактай билсин!

Өкүмдар чакырбаса кирбөө керек,
Сурабаса ал өзү — айтпа, демек.

Сөзүн угуп эстүүнүн ойлонуп көр,
Эстүү сөзү мааниге жетүүчү жол:

«Өкүмдар чакырганда дароо келгин,
Буйруган соң не билсең айтып бергин.

Баарынын бышып бүтөр мезгили бар,
Учурунда көздү ачып, тааныбай көр!»

Даана билим, асыл сапат, бүт ушулар,
Улуу, хажиб ишинде керек булар!

Мен сага билгенимдин баарын айттым,
Жооп бердим жашырбай баарын айкын!»

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

«Түшүндүм,— деди Элик,— эми ага,
Суроо бар, жооп берчи дагы мага.

Кандай адам боло алат ордо башчы,
Бул милдетти аткарчу адам кайсы?»

---

## 32
## АКДИЛМИШ ЭЛИККЕ КАНДАЙ КИШИ ОРДО БАШЫ БОЛО АЛА ТУРГАНДЫГЫН АЙТАТ

Жооп берет Акдилмиш жайнап күлүп:
«Жашай бер бейпилдикте өмүр сүрүп!

Ордо башы берилген киши болсун,
Кызматына жан-дилин бүтүн койсун.

Ордодо түндө болсун, күн чыкканда,
Күн батырсын ордодо кечте кайра.

Жакшы билсин ордонун салт-санаасын,
Пейли түз, бардык ишти так жасасын.

Март болсун, дасторкону кенен болсун.
Арттырсын, жоомарт келип, дос-жолдошун.

Жатканча коюп чыксын түнкү күзөт,
Баарына кызмат берип, ордун түзөп.

Аскан-тоскон адамды сураштырса,
Идиректүү жан болсо жакын кылса.

Бекитсе дарбазаны, күзөт тосор,
Ал күнкү иши түгөл болгону ошол.

Баштаса кайра таңда — ордо ишин,
Түндө коюп күзөтүн тактап бүтүн.

Кабыл алуу башталса — өзү барат,
Күткөнгө кезек коет баркын карап,

Кабылдоого даярдап, өзү чыгат,
Баары менен кошулуп карап турат.

Жоокерлерди киргизсе тандап, бирден,
Байкап турса ким жакшы, кимиси кем.

Кабыл алуу бүткөндө — өзү баштап,
Кире албаган жандарды — тескеп, каттап,

Өтүнүч, таарынычын тактап анан,
Жардам сурап келгенге — берет жардам.

Бирине алтын-күмүш белек берет,
Башкасын орун таап, ишке бөлөт.

Ким ишине берилген жан-дилинен,
Ким начар, кызматында эптеп жүргөн,

Ким ишке эң жарактуу, пайдасы бар,
А кимдин жакшы экенин майнап чыгаар,

Ал бекке баарын айтып түшүндүрөт,
Бүт тактап, бөлөт, сыйлайт, ишке чегет.

Анан чыгып бегинен ак көңүлдөн,
Келгендерди кубантат орду менен.

Көрсөтөт кайда туруп, кайда отурат,
Бардыгын эч кынтыксыз тындым кылат.

Бөтөн жактан келгенди — таанып билет,
Баарына ак көңүлдөн салам берет.

Тамак алып келгенде карап турат,
Чаласын көрүп калса толуктатат.

Ичимдик берилгенде — аны тескейт,
Жаман колдун тийбесин катуу көздөйт.

Дасторкон жыйналганда — кайра тескейт,
Бек кешигин таркатат, баштап-көздөйт.

Тамак-ашты таратып бардыгына,
Ички-тышкы элдерден калтырбаса!

Бектин баркын көтөрөт эки нерсе:
Сайган туу босогодо, ашы төрдө,

Ушул экөө ордонун даңкын кошуп,
Бек бактысын узартып турат созуп.

Бири хажиб бардык ишин карай турган,
Экинчи ордо башы — тартип курган.

Бул экөө тең — ордонун даңк, сыймыгы,
Ордо даңкын чыгарар экөө ушу.

Идишчи, төшөкчүлөр, ашпозчулар,
Баарына көз салышат мына ушулар.

Кушчу, жаачы, капканчы — бардыгына,
Сөзүң менен багытты бергин туура.

А түгүл кетсең дагы өз үйүңө,
Конокко досторуңдан ала жөнө!

Каалаганча коноктор ичип-жесин,
Кеткенде белек берип жөнөтөрсүң!

Өзүңдүн болсо болду атың, тонуң,
Калганы досторуңа белек болсун.

Ордого бөтөн киши өзү келсе,
Кабылдап, жай таап берип, чегер ишке.

Көз салса кызматчыга көбүн эсе,
Аш берет, ат да берсе, кийиндирсе!

Баарынын алы-жайын билген жакшы,
Ачпы, токпу, кийими бүтүн же айрыкпы.

Бирөөнү турган болсо кырсык басып,
Толтургун жоготконун ажат ачып!

А бирөө кабылдоого келбей кетсе,
Билгиниң сураштырып, айткын бекке.

Сыркоонун алын билип, кирип чыккын,
Тентекти териштирип — катуу туткун.

Кызмат кыл өкүмдарга — ак дил менен,
Кубанса өкүмдарың, жолуң кенен.

Сөзүн ук, ак кызматын кылган жандын,
Ак кызматтан барк алган бир адамдын:

«Кызматчынын бегине адал иши,
Кызмат десе ак дилден жансын жүзү.

Болсо эгер кызматкери ишенимдүү,
Анда бектин бийлиги түбөлүктүү!»

Ким эгер ач көз болбой ак иштесе,
Бегине пайда тилейт жүз, миң эсе.

Пайдабы коко тикен — башымды ийем,
Пайдасыз, гүл болсо да — түбүн үзөм!

Ишенимдүү кызматчыга көңүл бөлөм,
Аны мен жаман уулдан артык көрөм.

Тууганың кастык кылса — тууган кылба,
Пайдалуу досуң болсо баалап сыйла!

Тилиң жумшак, сөздөрүң ширин болсун,
Пейлиң ак, чырайың нурга толсун.

Бүркөө кабак, ачуу сөз — салат жарат,
Өмүр бою жүрөктө уусу калат.

Бул тууралуу жакшы ыр бар, унутпагын,
Пайдалуу жаттап алгын ар бир сабын:

«Жаман сөз, сөгүп кирсе эпсиз боктоп,
Жүрөккө ысык жалын, денеге ок.

Эң катуу жараттан да айыгарсың,
Тилден алган жараттан айыгуу жок!»

Кээде бек атка минип, жоого чыкса,
Куш салып, чавган[1] ойноп, эл кыдырса.

Мындайда бекти өзгөчө сактоо керек,
Ар кандай кырсык четте болсун демек!

Ар түрлүү кырсык болот, алдын алгын,
Ат үстүндө — куш салып, чабышкандын.

Ишенимсиз адамды — жакындатпа,
Аларды алыс карма, жакын жатпа.

Ишенимдүү, тартынбас адамдарды,
Бек жанынан кетирбе — сен аларды.

Кошуундун алдында да — болсун сакчы,
Артына койдургунуң баатырларды.

---

[1] Улуттук ат оюну

Болобу кичине топ же чоң кошуун,
Алыскы, жакында да тартип болсун.

Ордодо турчу, отурчу орундар бар,
Кошуун да, болсун дайым, ордун табар.

Ишенимдүү, тартиптүү болгон жакшы,
Ушундай болуу керек, элге башчы.

Ордо башы ушундай адам болот,
Бектин ишин тууралап жолго коет.

Мен айттым, өзүң уктуң, кутман Элик,
Таап ал ушундай жан тандап көрүп!»

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

«Түшүндүм,— деди Элик,— көңүлүм жай,
Жаңы собол дагы бар мына мындай.

Сен билесиң, албетте, бардык бектер.
Башка элдерге жиберет көп элчилер.

Айтып берчи, билгениңди сен демек,
Кандай адам элчиликке төп келет?

Бек ишенип жөнөтөөр ошол элчи,
Кандай болот сен мага айтып берчи?»

---

## 33

## АКДИЛМИШ ЭЛИККЕ ЭЛЧИЛИККЕ БАРЧУ АДАМ КАНДАЙ БОЛОРЛУГУН АЙТАТ

Жооп берди Акдилмиш: «Кутман Элик,
Бул ишке да билимди жумша билип.

Элчиге өзгөчө бир сапат керек,
Билими, илими артык болгону эп.

Кудайдын кулдарынын арасынан,
Элчи болот мыктысы баарысынан.

Элчи менен бүтөрү чын көп иштер,
Элчи болот жакшы иштерге себепкер.

Элчи деген баарынан эстүү болсун,
Сөзгө чечен, билимдүү, эптүү болсун.

Сөздүн билсин ич-тышын болуп жолдуу,
Үзүлгөн иш улансын элчи колдуу.

Ук сөзүн бүт дүйнөнү бийлегендин,
Акылман эл башчысы делингендин:

«Эстүү адам дайыма эл камында,
Билимдүүнү көтөргүн эл алдында!

Акыл менен башталган ар бир ишиң,
Баарынан мыкты бүтөт, муну түшүн!

Кол тийгизсе кайсы ишке билимдүү эр.
Кулпунат, гүлгө айланып ошондой жер.

Ар ишти баштап алсаң акыл менен,
Ал иштин натыйжасы болот экен!»

Элчи болсун ак жүрөк, ишенимдүү,
Иш билги, адилет да, көтөрүмдүү.

Өкүмдардын жыргалын көздөйт алар,
Берилгендик бегине жолун салаар.

Билип ал: ишенимдүү, так кызматкер,
Кубангын андай кулду тапсаң эгер.

Көңүлү ак кызматкер — жакын сага,
Жүрөк каның, кеңешчиң сенин жана!

Ач көз адам напсисин башкара албайт,
Ач көздөр элчиликке түк жарабайт.

Токпейил кедей дагы бай делинет,
Сабыр менен баарына колу жетет.

Сараң уят, ач көздөр — сараң делген.
Сараңды уятсыз дейт илгертеден.

Токпейилдин айтканын түшүнүп көр,
Токпейил байдын — байы дешет элдер:

«Сараңдар — көзү тойбой ач көз келет,
Бүт дүйнөнү сорсо да тойдум дебейт.

Көрө албастык — айыкпас оору, жарат,
Ал оорунун дабасын өлүм табат!»

Ач көздөрдү айырмалап бермекке,
Акыл айткан бир акылман ал бекке:

«Байыйм десең — ач көздүк ойду ташта,
Дил байлыгын чогултуп, жыйып башта.

Кул пейли ток, ачкөз пейлин карартып,
Сараң байдан көңүлү ток кул артык!

Ач көз бектер — кедейдин эң кедейи,
Токпейил кул — байлардан артык пейли!»

Момун бол, эгер болсоң токтоо сылык,
Көп билимди аласың өзүң жыйып.

Көөдөк жандар — көптөргө жек көрүнөт.
Абийир гана чындыкка алып келет.

Ким токтоо, жоош болсо — сыйга жетет,
Жумшактык — эл жүрөгүн ийиктирет.

Билимдүү, эстүү болсо, эгерде ал,
Акыл менен ар иштин жолун табар.

Окугун төмөнкү ырды, маанисин бил,
Билгениңди ишиңде колдоно жүр:

«Билим менен ойлоп жаса бүтүмдү,
Мына ошондо бакыт чаят жүзүңдү!

Ойдогуңа акыл гана жеткирет,
Билип, байкап, анан башта ишиңди!»

Акыл менен жазганды үйрөнөсүң,
Китеп окуп акылды өөрчүтөсүң.

Ким жүрсө сөздү угуп, жазып, окуп,
Ал өзү алганы ошо билим токуп.

Ушулардын бардыгын билген адам,
Бакыт нуру жүзүнөн жанат анан.

Окуса ким китепти — сөздү казат,
Түшүнөт көңүлдө ырды, өзү жазат.

Ал өзү жылдар санап, жоруса түш,
Айткан сөзү ар дайым төп келет туш.

Санакты, жер ченемин жакшы билсин,
Санактан тамыр алып, жер ченесин.

Нард, чатыраш[1] оюнун жакшы баксын,
Каршысын кармашканда жыга чапсын.

Чавганды мыкты ойноп, болсун мерген,
Адис болсун мүнүшкөрдүк жакшы билген.

Жана да эң көп тилде сүйлөй билсин,
Түрлүү жазуу бүт окуп, өздөштүрсүн.

Билип ал: мунун баарын билген элчи,
Каалаганын орундап алат энчи.

Элчи болсо көрөгөч жана чыйрак,
Анда беги — жашамак ойноп, жыргап.

Элчи болсо жолу жок кыпчак кулу[2]
Бегинен дөөлөт четтеп кетээр куну.

Элчи болсун жакшы ишке дайым көмөк,
Ошондо иши илгери жыла берет.

Элчини канча жерде күтөт тузак,
Чалынбай өтүп кетсе — ага атак!

Айтса сөздү досу дагы, касы да,
Угуп, билип, түйүп алса башына.

Эгерде элчи бардык ишти билсе,
Бегинин даңкы жетет анда көпкө.

Ак чачтуу акылмандын айтканын ук,
Маанисин түшүнбөгөн — түркөй анык:

«Аты калаар кимде эгер болсо акыл,
Акылсыздар өмүрүндө ойго жакыр.

Жакшы адам эл ичинде атак алат,
Акылман ал атактан табат канат!»

Ким болсо колу жеңил акылы мол,
Улуу тоону багынтып ийчү ошол.

Ар суроого токтолбой жооп тапсын,
Ар сүйлөштө кармасын сөздүн башын.

---

[1] Улуттук оюндар, чатыраш — шахмат оюну.

[2] Кол жазманын 2600-бейтинде ушундай сап бар, орусча котормодо көрсөтүлбөгөн.



Башкара алган өздөрүн — бакыт табат,
Өзүн сактап, ичпесин арак-шарап.

Мас болсо акылдуу да — алжып калат,
Акылсыз мас болгондо — жеткен азап.

Арак бул — акыл билим душманы да,
Бардык чырдын, чатактын бучкагы да.

Акыл-эстүү жүз эсе — болсо да адам,
Ичкич болсо, ишине жарабас жан.

Канчалык уят — сыйлуу болсо да адам.
Ичкен соң уятсыз иш кылат анан.

Аттиң ай, акылсызга адат болгон,
Шарапка абийир-сыйын сатып койгон.

Ичпегин — бакытыңды качырасың.
Ичкендин тентек дешээр мундуз атын!

Арак ичсең — арылдап тилиң чыгат,
Ачык тил акыр сени көргө тыгат.

Жакшы ырга, жандап өтпөй, көңүл бургун,
Андан баарын билесиң — толгон сырдын:

«Ичүү да, мас болуу да — жаман адат,
Ички сырың заматта чыгып калат.

Билимдүү ичип алса, акыл качат,
Наадан ичсе аракты жүз эсе азап!»

Пейлиң да, сөзүң дагы болсун аппак,
Тилиң менен акылды сакта барктап!

Аз сүйлөгөн адамдар асыл келет,
Сөз жакшыда, иш жакшы болот делет!

Эмне десе — эске түй, ичте сакта,
Уктуңбу — сөз чыгарба, эч кимге айтпа.

Жүзү жарык, сымбаттуу болсун өзү,
Башкалардан бөлүнүп турсун элчи.

[1] Кол жазманын 2655-бейтинде «Бор ичсе болур телвэ мундуз «аты» деген түшүнүк бар. Көп котормолордо «адам» деп которулган, биз «мундуз» деген түшүнүктү калтырууну туура көрдүк.

Кайраттуу бол, ишиңди ыйык карма,
Эң баалуу эки сапат адамдарда.

Үнү коңур, сөздөрү болсун ширин,
Улуу, кичүү сөзүңө тен беришсин.

Зор болсо сөз мааниси элчи ишинде,
Жакшы сөз — жарым ырыс — дешет элде.

Кутман Элик, таптыңбы мындай адам,
Элчилик ишти тапшыр дароо аган.

Жөнөтө бер алыска тартынбагын,
Чоочун жер — жакын эмес, элчи — жакын!»

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

«Түшүндүм,— деди Элик,— сөздөрүңдү,—
Дагы бир суроом бар, айтып берчи.

Эмне десең сөзүңдү тек угайын,
Акысына кайрымжы мен кылайын.

Катчы киши кандай жан болуу керек,
Бек берсе ага ишенип ишти, демек?»

---

## 34

## АКДИЛМИШ ЭЛИККЕ КАТЧЫ КИШИ КАНДАЙ БОЛУШУ КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

«Элигим,— деди Акдилмиш,— ишке демек,
Акыл менен иш кылчу адам керек.

О бегим айтып берем өзүңө мен,
Бул туралуу не билип, не түшүнсөм.

Бек өзү канча акылдуу болсо дагы,
Катчы керек түшүрөөр кагазга аны.

Катчыңыз — бардык сырды ката билсин,
Аз, көптү, жик чыгарбай сактап жүрсүн.

Чынчыл гана сырларды сактай билет,
Ишенимди — кудайчыл адам сүйөт.

Катчы өзү убадага бек болбосо,
Сырды ачып, уят кылат бекти кошо.

Өкүмдар сөзгө канча бек болбосун,
Эки адамга ишенип айтаары чын.

Алардын бири увазир, бири катчы,
Бул экөөнө сырды айтуу болоор жакшы.

Бул экөөнө сөз айтуу абзел демек,
Сыр ачкан соң, ошончо сыйлоо керек.

Эки адамга ишенип сырды ачасың,
Кокус бузса — өз ишин бузганы анын.

Өтүкендин бегинин жакшы айтканы:
«Тилин тыйсын, жакшылап карма аны!»

Бек ишенсе — сырга бек болгон жакшы,
Жаңылгандын жалп этип кетер башы!

Сенин оозуң үңкүрдөй ачык турган,
А сөзүң — чыккан шоола араң-араң.

Бат эле шоола өсүп жайнап чыгат,
Бирге айтсаң, ал сөзүңдү — бүт эл угат.

Оздон от да чыгат, суу да чыгат,
Бири өрттөп, бири каптап, мойсоп турат,

Айтылган керексиз сөз — күйгөн от да,
Сүйлөйм деп, ошол отко күйүп калба!

Жакшы сөз агып турган булак болот,
Кайда жетсе, ошол жер гүлгө толот.

О, өзүң көптү билген жакшы адам,
Сырыңды ачпа, аягы анын жаман!

Окугун, түшүнүп ал ушул ырды,
Жамандарга ачпагын ички сырды:

«Көңүл сырын ачпагын, тилди тиште,
Айтып койсоң — каласың өкүнүчкө!

Кызыл тил жоосу болот кара баштын,
Жан үчүн тилди карма, отко түшпө!»

Катчы болсун билимдүү жана акылдуу,
Жакшы билсин жазууну, жазсын ырды.

Кооз жазса — карасаң көз кубанат,
Окуганда жакшы да, көңүлдү ачат.

Эгерде жазган жазуу болсо сулуу,
Кат да көрктүү жана да сөзү жылуу.

Сырга жакын Ылалык адам айткан,
Жакшы жазуу, эң жакшы өнөр абдан:

«Акылман жакшы сөздөр катта калат,
Түбөлүк унутулбай жашап барат.

Калбаса катка түшүп сөздөр, демек,
Билимди азыр кайдан алат элек?

Акылмандар жазбаса урпакка деп,
Өткөн тарых дайынын кимдер билмек?

Эгерде адам уулу кат билбесе,
Кур сөзгө ишенүүлөр болот беле?

Элден элге уланып кабар кетет,
Жазылбаса ал сөздөр кантип жетет?

Жазуу өтө маанилүү, жазуу керек —
Жазуу менен өкүмдар иши жүрөт!»

Бектерге иш жүзүндө пайда берер,
Өлкөдө болуу керек үч түрдүү эр:

Биринчи — илимдүүлөр, акылмандар,
Экинчи — сөздү жазчу ал — катчылар.

Үчүнчү — эл коргоочу баатыр — эрлер,
Жоо, душманды чабышып, жеңип келээр.

Иш тууралуу, акылдуу, билимдүүлөр,
Кеңешип, ыңгай жагын айтып берер.

Ар түрлүү иштин баарын билип эми,
Жазып алып эсептейт кирешени.

Жоокерлер кылыч алып колдоруна,
Чыгышса четки коргоп жоо жолунда

Бул үчөө бир болушса бардык иште,
Алардын беги жетет тилегине.

Мындан башка дагы көп көмөктөр бар,
Бул үчөөнө — жардамдаш болсун алар.

Кылыч болсо жеңиштин жолун колдойт,
Калем менен — башкаруу жолун жолдойт.

Акыл менен билимдүү эл башкарат,
Бириксе ушул экөө — дүйнөнү алат.

Билим менен өкүмдар тартип түзөт,
Акыл менен ар түрлүү иштер бүтөт.

Кылыч элге, өлкөгө бүлүк салат,
Калем казна көбөйтүп байлык табат.

Кылыч чапса кан төгүлүп агылат,
Калем жазса, алтын күмүш табылат.

Дүйнөдө эки тирек, кезектелет:
Бири — өткөн, бири — алдыда келчү кезек.

Бул экөө тең улуу иш эсте тутар,
Дайыма ойлой жүрсүн өкүмдарлар.

Бул тууралуу бир ырда түз айтылат,
Пайда болот, тыңдагын сен жакшылап:

«Билимдүүлөр чыгарат элдин даңкын,
А кылыч — коргой билсин элдин баркын.

Кылыч менен жаңы жер жеңип алат,
Калем менен ишке ашат санаа-салтың!»

Катчы адам сараңдыктан болсун алыс,
Берилген, чынчыл жана иште калыс.

Токпейил буюмдарга көзүн артпайт,
Көр оокаттын салмагы аны баспайт.

Ач көздөр — сараңдыктын кулу болот,
Сараң болбо, өкүмдар тарат, жогот!

Эгер бек сараң болсо — кемтиги анын,
Сараңдык — эң жаманы кырсыктардын.

Ач көз катчы өз сөзүн бузуп коет,
Сараңдыктан жазганы ката болот.

Алтынга азгырылгыч болсо эгер,
Бекти да, өзүн дагы жеди дей бер.

Ишенимдүү кызматкер ишке тыкан,
Дайыма өз ордунда, издеп калсаң.

Бегинин таламында болот дайым,
Бегине арнап коет малын-жанын.

Ичкиликке берилбейт, таза пейил,
Алдаганга жолобойт ачык көңүл.

Арак ичсе, билимден айрылат ал,
Айрылса билиминен ката жазар.

Катчы деген күн-түнү иште болот,
Дайым даяр — издесе, чыга коет.

Эки адам кызмат үчүн тандап алгын,
Тапкан соң — эки ишке чегип салгын.

Бири — катчы, жазганды жакшы билсин,
Бири — элчи сөзүнөн бал төгүлсүн.

Жакындан, же алыстан ыр-чыр чыкса,
Билип кой, ушул экөө себепчи ага.

Артка кетсе иштериң — экөө себеп,
Алга жылса иштериң — экөө берет.

Бири айтса кокустан орунсуз сөз,
Экинчиси — жымсалдап түзөтөт тез.

Ушундай, болсун Элик, катчы кишиң,
Ошондо ага толук ишенесиң,

Мындай жанга ишенгин, толук ишти,
Иштин баарын аткарат кишиликтүү.

Кутман Элик, ушулар билгендерим,
Милдетимди аткарып, жооп бердим!»

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

«Түшүндүм, айтканыңды,— деди Элик,
Жооп бер, бир суроого дагы көнүп.

Кандай жан казыначы болуш керек?
Казынанын ачкычын кимге берсек?

Ал деген алтын-күмүш сакчысы да,
Кармаган эл байлыгын өз колуна!»

## 35

## АКДИЛМИШ ЭЛИККЕ КАЗНАЧЫ МИЛДЕТИН АТКАРЧУ АДАМ КАНДАЙ БОЛУШУ КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

«Элик,— деди Акдилмиш,— белгилүү иш,
Баарыга кумар болгон алтын-күмүш.

Ар ким баалайт, адилет, чынчыл жанды,
Ак пейилдер боло алат казначы.

Аалам кесип, байлыктан тапкан көптү,
Бир соодагер айтыптыр мындай кепти:

«Баарыга — өмүрдөн да, байлык кымбат,
Жашоодо алтын-күмүш жанга урмат.

Мерезди да жумшартчу күмүш келет,
Ийилбести ийилтер — күмүш делет.

Күмүш көрсө — бузулуп берилбесе,
Андай жанды теңей бер периштеге.

Алтын көргөн адамдар ийип кетет,
Орой адам болсо да «биз» «сизге» өтөт!»

Казыначы токпейил, чынчыл болсун,
Бакытка күндө марып колу толсун.

Кетпесе көп байлыкка азгырылып,
Калбаса кудай каары унутулуп.

Адал менен арамды айрып билсе,
Жакшы менен жаманды тааный жүрсө.

Токпейилдер байлыкка кызыгышпайт,
Адилеттер ар дайым оюн бузбайт.

Жашында көрүп жүрсө алтын-күмүш,
Андай жанда эч болбойт ач көздүк иш.

Ал корксун тобо кылып кудайынан,
Чындыкка чыкчу жолду табат анан.

Пейил түзү адамга ашкан байлык,
Анда ал — жолдуу болот бактысы артып.

Чынчыл болсо, адамдын жолу таза,
Бекем болот түбөлүк бактысы да.

Угуп ал айткан сөзүн боорукердин,
Аны сен, эсиңе алып, ойлой жүргүн:

«Иште да, сөздө дагы адилет бол,
Түбөлүк кетпей турган дөөлөт конор.

Ал бактылуу — адилет адам болсо,
Жүзү жарык, дени сак, сергек ошол».

Абийирдүү, момун дагы болуу керек,
Уятсыздан алыста, болбо — өнөк.

Уятың — жамандыкка, тосмол сымак.
Абийириң — жаман иштен коргоп турат.

Ичкиликке берилбей, болсоң бекем,
Бакытка барчу жолуң ушул экен.

Аракеч өз ырысын иче берет,
Куту качып, мүшкүлгө түшө берет.

Казыначы болсунчу сараңыраак,
Сараңдар сан байлыкка карагыраак.

Кызматына берилсин дити менен,
Берилгендер байлыкты түптөйт терең.

Берилгендер — ишеним, үмүт барлар,
О өкүмдар, ишенгенди кызматка ал!

Аракетчил казначы — ишти бузбайт,
Бардыгын эсепке алып, жыйып, тактайт.

Так адамдар унутпайт, эч нерсени,
Саны тактар жаңылбайт, так эсеби.

Унутчаактык — кайдыгер адам иши,
Казнаны жөндөй албайт андай киши.

Тетик киши — ишине тыкан болот,
Тетиксиз эмне иштеп, эмне коет?

Эсеп-чотту китепке жазган жакшы,
Эсеп сүйөт жазганды, өтө такты.

Жазып жүрсө — киреше, чыгаша так.
Жазуу гана баарысын коет тактап.

Жыл, айын жана күнүн жазсын даана,
Бардык саны ордунда болот анда.

Жазып гана так эсеп кылса болот.
Эсептеп, эске алганда — иш оңолот!

Ойчулдун сөзү турат эске түшүп:
«Ар дайым эсепке так болгон түзүк!

Жазылбаса бардыгы эсте калбайт,
Бардыгын акылман да эстей албайт.

Жазылган — унутулбайт, эстөө кыйын,
Эсебиң так болбосо — ишиң тыйын.

Ким жазып, тактай жүрсө эсеп-чотун,
Иши дайым шар болот дал ошонун.

Кызматкер эсеп чотко так болбосо,
Эсептеше келгенде — уят ошо!

Эликтин эсептерин тактап эми,
Сактай жүрсө эсиңде көп нерсени!

Эликтин эсеп ишин билгениң жөн,
Анан да барын тактап жүргөнүң жөн.

Ушундай жүргүзгөндө эсептерди,
Санашат бардык ишти, көктү, жерди!»

Кулак түр, билерманым, келип жөнгө,
Акылдуу сөз — чоң олжо билгендерге:

«Жер ченеште так эсеп өтө керек,
Андайга акылдуу жан жарайт демек.

Андайлар жети кабат көктү бөлөт,
Баарын тактап, эсептеп, санап берет!»

Билимдүү, акылдуу да, болсун чынчыл,
Акылдуу жан адилет ишке умтул.

Иш билгендин иштери дайыма ак,
Актык барда — алоолоп чындык жанат.

Акылсыз өзүн дагы кармай албайт,
Билимсиздин алдыга иши жылбайт.

Ордонун ишин тейлейт казыначы,
Андыктан өтө тыкат болгон жакшы.

Түз болсо сөзүндө да, ишинде да,
Түтүн жукпай абийири таза анда.

Көзүңдү, сөзүңдү да тууралай бил,
Акыл менен напсиңди жүгөндөй жүр.

Көзүң түшсө — көңүлүң ооп кетет,
Көңүл оосо — түбүңө ошо жетет.

Көңүл деген бүт денени башкарат,
Бек баштаса кул-кутаны бүт барат.

Акылдуу адам айткан ойлоп-ойлоп:
«Көңүл менен көзүңдү сакта коргоп!

Көңүлүң бүт денеңди жүрсүн тескеп,
Оор жүк ал көтөрөөр эң эле көп.

Мерез адам түбүндө жаман болот,
Акылдууну уятка салып коет!»

Эсеп менен жик чыгарбайт сак адам,
Казынаны коротпостон кармаган.

Жоомартсыңбы — сага урмат, сага даңк,
Бирөө эмес, өз марттыгың даңк табат!

Ар түрлүү товарлардын баркын чакта,
Баарынын баасын билүү — милдет сага.

Бааны билген — алданбайт эч убакта,
Соодада ала алышпайт ашык акча.

Сооданы сылык карма көтөрүлбөй,
Улуу-кичүү баарысын жайкап койсо.

Алыш-бериш ишине эң так болсо,
Улуу-кичүү баарысын жайкап койсо

Алганын берип турса учурунда,
Сураганы табылат дайым ага.

Өкүмдар өз черигин сыйлап турса,
Чыр-чатак, талаш-тартыш болбойт анда.

Казыначы сараңбы — аскер жүдөйт,
Аскер аны ар дайым бектен көрөт.

Айткан экен кайсы бир жоомарт адам,
Насаатын ук, бечарам, болсун пайдаң:

«Ким өзү ишенимден кетем десе,
Айткан сөзүн аткарбай кылсын эки.

Иш болсо колдон келбес, бербе убада,
Айттыңбы, аткарганың не болсо да.

Сөзгө турбас бектерге — ишеним жок,
Ишеним кеткен жерде, ийгилик жок!»

Так болсун, илең-салаң болбосун жан,
Колунан эч иш чыкпайт андай кулдан.

Ким иштесе бегине жанын сабап,
Андайдын түйшүгү көп, катуу талап.

Кол жетпей, кызматчысы калса туруп,
Бек толтурар андайда жарлык кылып.

Казыначы бербестен созсо көпкө,
Уу алгандай өкүнүч калар эсте.

Керегиңди маалында сурап алсаң,
Пилдей болор аз нерсе ажат ачкан.

Угуп ал аксакалдын айткан кебин,
Сурагандын, э, баатыр, тапкын жөнүн:

«Учурунда төп болсо өтүнүчүң,
Аябайсың жаныңды ошол үчүн.

Андайда тырнактай иш пил көрүнөт,
Дайыма маалым адат ушул ишиң!»

Ушундай адам тапсаң, кутман Элик,
Акылы, билими артык, сыйлуу келип.

Боло алат казыначы андай адам,
Ишенип тапшыра бер ишиңди аган!»

### *Эликтин Акдилмишке берген суроосу*

«Түшүндүм, — деди Элик, — айтканыңды,
Суроо бар, жооп бергин кайра дагы.

Кызматкер, тамак-ашка баш-көз болор,
Кантип өтөйт кызматын мына ошол?

Тартынбай тамак ичсе беги андан,
Ишенчү, дити менен коркпой, абдан?

Тамак ичип-жегендик — назик нерсе,
Сезимдүүдөн тамак ич колдон келсе.

Жооп берип оюңду аңтар эми,
Билгим келет баарысын эрдин эри!»

---

## 36

## АКДИЛМИШ ЭЛИККЕ БАШКЫ АШПОЗЧУ КАНДАЙ АДАМ БОЛУШУ КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

Жооп айтты Акдилмиш: «Кутман Элик,
Ал адам асыл болсун, дили бийик.

Адамдан, эң адилет, ишеничтүү,
Колунан тамак ичсе болот беги.

Мындай ишке жарашат чынчыл адам,
Абийирдүү, чын берилген, аянбаган.

Ишенимдүү, адилет, болсун чынчыл,
Арналсын дили, дени бегине ушул.

Коркунуч бекке келет тамак менен,
Ашпозчунун амалын билчү белең?

Бардык жерде бектерге сактык керек,
Жеп — ичкенде өзгөчө болсун, демек.

Өкүмдарда боло келген миң душман,
Алар дайым аңдып арттан ор казган.

Ашпозчу болсо душман, ишенимсиз,
Коркунуч өкүмдарга болот чексиз.

Ал болсун кызматынан көптү көргөн,
Ачуу, таттуу ашынын даамын билген,

Эгер ал чынчыл, тыкан болсо иштен,
Беги ишенет, сый алат эмгегинен.

Сөзүн ук, сүйлөп кеткен кутман адам,
Акылына андайдын алкыш айтам:

«Бир нерсеге көп эмгек калсаң жумшап,
Ошол нерсе сүйкүмдүү, сага кымбат.

Бир ишке бүт өмүрүн адам берсе,
Ал кымбат өмүрүнө жүз миң эсе.

Жашоо эмес, өмүрдө оор эмгек,
Эмгексиз өткөн өмүр, текке кетмек,

Өмүр өтсө кайгырбайт адам өзү,
Бошко кеткен өмүрүң өкүнүчтүү!»

Токпейил көңүлү бай адам керек,
Толумдуу — көрүнүшү, көрктүү — демек.

Так билсин шариятты, болсун эстүү,
Жакшылардын мурасы — ишеними.

Бектердин табияты назик келет,
Жакпаган тамактарды кантип жемек?

Ашпозчу жакшы болсо — тамак жакшы.
Даамдуу тамак дайым болот таттуу.

Ач көз адам тамакка сук да болот,
Колун салып тамакты булгап коет!

Ачкөздөрдүн кылганы дайым арам,
Арам колдуу — кеселдер айыкпаган.

Болсо да эң боорукер бирөө үчүн,
Өзүңө өзүң гана — күйүмдүүсүң.

Адамдарга ишенгин, бирок бол сак,
Абайлап жүр, ишиңе болгунуң так.

Бир сөзгө буга ылайык, келди кезек,
Эстүү адам, насаатка бергин эсеп:

«Баарына ишен, бирок сак бол өзүң,
Сага жакын баарынан бир өз көзүң,

Азиз жаның баарынан кымбат келет,
Азиз жанды сактай жүр, бүтсүн сөзүң!»

Адептүү ишине так, тыкан болсун,
Көңүлү түз, эң сылык көзгө толсун.

Баары барктайт тазалык, сулуулукту,
Тамак өтпөйт — кир болсо ашпозчусу!

Тазалыкты кудай да жакшы көрөт,
Таза адамга татыктуу атак келет.

Тазалык адамдарга зарыл экен,
Таза болсун тамагың ичип-жеген.

Кир адамды алыс тут тамак-аштан,
Андайлардын жасаган ашы да арам.

Түз көңүл ак дил менен ишти өтө,
Дили кара ак иштей алмак беле?

Башкы ашпозчу эгерде жаман болсо,
Ал башкарган адамдын — баары ошо.

Казанды ачкөз, суктар курчап алса,
Дасторкону бегинин жайсыз анда!

Адамга адилеттик, тактык керек,
Ошондо тилегениң баары келет.

Угуп ал, пейли жакшы бир адамдын.
Пейли түздөр турмуштан алат баарын:

«Чынчыл жанды жылоолоп бакыт коштойт,
Чынчыл үчүн күн бетин булут тоспойт.

А кокус кыянатчыл келсе тооруп,
Жакшылыктын булагы калат соолуп,

Колун созсо кыянат кокус эле,
Деңиз соолуп, чөп куурап — болот балээ!»

Бегине чын берилген адам жакшы,
Токтоо да, абийири бар жана уяттуу.

Өз ишин тыкан өтөп даана билсин,
Тамагын тез бышырып, даяр кылсын!

Кызматтын шартын бузбай өтөп жүрсүн,
Кирчү, чыкчу мезгилди жакшы билсин.

Кырсыктан сактап калат акыл-сезим,
Билим менен иш кылсаң, чыкпайт көзүң.

Бегиңе ак эмгектен атак берсең,
Атактуу дал ошончо болосуң сен!

Жакшы адамдар көздөшөт жакшылыкты,
Эстүүнүн — топук кылар максаты ушу.

Эстүүнүн бир белгиси — кишичилик,
Билимдүү — мыкты адам алгын билип.

Акылдуунун айтканын бек туталы,
Акылдуу — адамдарга чоң насаатчы:

«Акылдуу, жакшы адамда асыл сезим,
Адам үчүн азапка салат өзүн.

Арамзада иш бузук, орой кыял,
Өтөсүнө чыгарбайт айткан сөзүн!»

* * *

Айтып бердим, кандайын ашпозчунун,
Кутман Элик, ашпозчу болсун сонун.

Дасторконду башкарып жолго койсун,
Колунан бек тартынбай ишчү болсун.

Кутман Элик, мен айттым белгенимди,
Акыл жетип, жүрөктөн сезгенимди».

*Эликтин Акдилмишке
берген суроосу*

«Түшүндүм,— деди Элик,— билдим аны,
Суроо бар, жооп күтөм сенден дагы.

Айтчы эми: кандай болот суусун берчү,
Кандай иштеп, кандайча болот өзү?

Бек ишенчин кандайча аткара алат,
Канткенде бек тартынбай ичет тамак?

---

## 37

## АКДИЛМИШ ЭЛИККЕ СУУСУН БАШЫ АДАМ КАНДАЙ БОЛУШУ КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

Акдилмиш жооп айтты: Элик кутман,
Ишенимдүү адамды жакшы тапсаң.

Үйрөнсүң, ошол адам көздөп ишин,
Маш болсун кызматына берип дитин.

Ак болсун пейли сага, ач көз эмес,
Түз болсун жебе сындуу, кайтуу билбес.

Эгерде суусун башы — болсо ушундай,
Бул ишти аткара алат токтоп турбай.

Анда болот ар түрлүү дары-дармек,—
Ичирер ич ооруса, болсо түйнөк.

Суюк, коюу дарылар анда болот,
Сүйкөр, сорор, ичүүчү — бөлөк-бөлөк.

Бүт ширелер, суу жемиш, кургаткан да,
Ичип-жечү бардыгы болот анда.—

Коркунуч бекке келет тамагынан,
Ашпозчу, суусун сунчу сактайт андан.

Эгерде экөө бирдей — жаман болсо,
Бек үчүн — эң чоң түйшүк балээ ошо.

Эшиткин, сөз маанисин даана сактап,
Тамакты тарта ичип, бол этият:

«Тамакты тарта жесең — башың аман,
Аш болсо ичкен тамак — пайда саган.

Көп көрдүм өзүнө өзү кылгандарды,
Тамагынан чалынды анын баары.

Кекиртегиң өзүңдү кесел кылат,
Дары-дармек кекиртек кайра куят.

Бирдей болсун адамдын акыл-эси,
Кылган иши эстүүнүн кишиликтүү.

Эстүү жан жамандыктан качып өтөт,
Билимдүүнүн бар иши аппак дешет.

Ийри жыгач — отун да, отко күйөт,
Пейли бузук — туткундай боздоп жүрөт.

О, бегим бардык иште адилет бол,
Сага айтар, чын жүрөктөн кеңеш ошол!»

Суусун башы адилет болуш керек,
Ак пейил, акылы артык, таза жүрөк.

Эгер ал таза болсо, пейли түзүк,
Андайдан алыс болот түрлүү кырсык.

Ичимдикти өзү ичип, даяр кылсын,
Бөтөн колду тийгизбей, тамга урсун.

Иччү, жечү дарынын баары-жогун,
Өз колунан чыгарып, тутса сонун.

Жемишти кургак, жаңы, бал ширени,
Сактасын шарапты да бекем эми.

Ачуу, таттуу баарысын кылып белен,
Идишти таза кармап, болсун кенен.

Бегине өтөсө ал — ак кызматын,
Эмгегинин үзүрүн көрөрү чын.

Жумшаса киши эмгегин бир нерсеге,
Жанына сиңип калат ошол нерсе.

Ушуга ылайыктуу жакшы сөз бар,
Жакшы сөз жандан артык, сен билип ал:

«Бир эмгекке жумшаса дитин адам,
Ал нерсе — жандан артык болот аган.

Бүт өмүрүн арнаса ишке киши,
Андай жүк жеңил болот байкалбаган!»

Андай адам табылса — болду анда,
Өз тизгинин токтотпой кармат ага.

Мындай ишке жакшы адам өтө керек,
Жүрөктөн гүлдөй жайнап үмүт өнөт.

Жардамчылар жабыла көмөк берсин,
Баары жаш, сакалы жок, сулуу келсин.

Жүзү жарык, жайдары кабактары,
Шыңга бой, кара каштуу, көрктүү дагы.

Кең далы, ичке белдүү, болсун назик,
Ак жүздүү, бети нурдуу жана ачык.

Кийими кызыл, көпкөк, жашыл болсун,
Киргенде тамак алып,— көз ачылсын.

Болбосун арасында сакалдуусу,
Чач түшүп, арам болор кармаган суу!

Бир түк түшсө — куюлган идиш арам,
Кыл чыкса тамагыңан — андан жаман!

Бул туралуу — айтылган акылдуу сөз,
Идиш туткан сакалдуу болбосун эч:

«Идишчи шыңга келсин жүзү жарык,
Тамакты табит менен ичет алып.

Жылдызы артып ак жүзү жаркып турса,
Табитиң тартып турар көңүл каныл!»

О, адам, сөздү казып ой издеген,
Окугун, айткан ойду ырлар менен:

«Сүйкүмдүү, жакшы болсо көрүнүшү,
Сунганы адал болот — андай киши;

Ачтарга тамактан да пейил жагат —
Чаңкаган канбай турат, тартып көркү!»

Суусун башы ушундай жакшы болсун,
Кызматы андан артык ойго толсун.

Ошондо бектер ага иш беришет—
Ишенип, ак эмгектен сый көрүшөт.

* * *

Көрчү Элик, канча түрдүү адам керек,
Пейли түз, ишенимдүү, кызматка элпек.

Бири — элчи, катчы болот — экинчилер,
Ашпозчу, суусун башы — кошо жүрөөр.

Тандаганда буларды этият бол,
Болбосо кырсык сени жалмап коер.

Элчи менен катчылар жаман болсо,
Өлкөгө толгон кырсык кирет кошо.

Ашпозчу, суусун башы болсо начар,
Азабын жалгыз сенин башың тартар.

Тандап туруп, буларды, кутман Элик,
Ишенчүнү кабыл ал, ишти берип!»

* * *

Акдилмиш дагы айтты: «Кутман Элик,
Өкүмдардын бийлиги, иши бийик.

Түйшүктүн көптүгүнөн баш айланат,
Оңдобосоң башыңды сыймык качат.

Сен эми акылдуунун кеңешин ук,
Сөзүнөн бермет нуру турат чыгып:

«О, бегим; жыргал эмес, мээнет изде,
Жыргал-мээнет бир жүрөт бардык кезде.

Бек иштесе, элине байлык келээр,
Эл байыса бегине бакыт берээр.

Жыргадыңбы, бактыңа ишенбей жүр,
Жыргалды коштоп жүрөт кырсык, кесир!

Ашпозчу, суусун башы болсо да бек,
Аларда ойт бермелик ошончо көп.

Өзүңдү так сактайсың өзүң гана,
Башкалар өздөй болбойт, ашык айтпа!»

* * *

Угуп ал акылдуунун кеңеши ушу,
Эске түй, жазып алып, дайым оку:

«Сактаганды сактайм дейт, сак бол өзүң,
Өзүңдөн артык күйөр болбойт эч ким.

Өз жаныңды сактай бил өзүң гана,
А жаңылсаң — дабасын издебегин!»

* * *

Кутман Элик, мына ушул айтаар жообум,
Кырсыктан алыстоонун айттым жолун.

Ушундайлар көтөрөт зоболоңду,
Касыңды чөк түшүрүп, ачат жолду.

Баарын айттым, жадымда калгандарды,
Көкүрөктө дагы бир сөзүм калды.

Каалаcа, Элик, аны айтып берем,
Болбосо — сөздү тыйдым, оозум бекем.

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

Элик айтты: «Мээримдүү, кутман адам,
Кандай сөз калып калды айтылбаган?

Сөздөрүңө суусагандын биримин,
Акыл — дайра, терең деңиз — билимиң!»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

«Кутман Элик, — дейт Акдилмиш жооп кыла,
Эл үчүн Элик — билим булагы да.

Мен айттым түрлүү иштин жол-жобосун,
Кызматчынын иш өтөөр жолдомосун.

Бектерге кандай кулдун керектигин,
Даамын татаар бектери ак эмгектин.

Болсо эгер бекте укук кызматчыга,
Бар да укук эмгеги үчүн кызматчыда.

Бектерге кул эмгеги — берсе рахат,
Беги да кул укугун жүрсүн сактап.

Кулдарга көрөр күнүн иши берет,
Иш акысы аз болсо кыйын келет!»

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

«Жооп бер, — деди Элик, — баарын ачкын,
Кызматчынын акысын толук айткын?»

---

## 38

## АКДИЛМИШ ЭЛИККЕ БЕКТЕР КЫЗМАТЧЫЛАРЫНА КАНДАЙ БОЛУШУ КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

«Бүт бектер, — дейт Акдилмиш, — кызматына,
Жараша акы төлөйт кызматчыга.

Эң алгач, ага кийим, тамак берет,
Милдетин жакшы өтөөнүн камын көрөт.

Кызмат өтөө эң татаал, түйшүк кымбат,
Бек болсо түшүнүктүү, кул кубанат.

Бегинин кубанганы кымбат болсо,
Кызматчы жанын таштайт ишке ошончо.

Ысыкта, суукта да, ачпы, токпу,
Кылычка төшүн тосоор, болсо сокку.

Оңго, солго, болбосо — алга, артка,
Беги үчүн башын саят ал азапка.

Кол салса кас душманы, ал калкалап,
Өзү өлүп, бек өмүрүн сактап калат.

Бегинин таламы үчүн жанын үрөп,
Күн-түнү жаны тынбай иштеп жүрөт.

Бек ага ишин баалап акы берет,
Бегинин урмат менен сыйын көрөт,

Үч-Ордонун ханы айткан тыңша сөздү,
Уруунун ардагы эле абдан эстүү:

«О, бегим, элиң үчүн бийлигиң зор,
Жакшы кулду жаркытып, адилет бол.

Бектин күчү — ак дилдүү кызматчылар,
Бүт аймакты бек кармар шаар курар.

Бек улук, атагы бар төрөлгөндөн,
Кызматчы — атак алар иши менен!»

Дилдин агы — адамдын маңызы ошол,
Дилдин агы — чыныгы адилет жол!

Чындыктын жетчү жолу — эрдик делет,
Ак иш кылган адамга өзү келет.

Кызматчы эмгектенет үмүт менен,
Үзүлсө ал үмүтү — өлүмгө тең.

Бектери кызматкерин даана билсин,
Пайдалуу, пайдасызын талдай жүрсүн.

Кызматына жараша сыйлык берсин,
Акыны — ишке тете ченеп бөлсүн.

Адам деген жылкыдай айбан эмес,
Аны билсең — ар ишиң артка кетпес.

Жылкыны адам алгач жемге коет,
Андан соң ашык пайда алсаң болот.

Бектери кызматчысын турса мактап,
Анда алар эмгектенет жанын таштап.

Ак пейил, абийири бар кызматчылар,
Беги үчүн башын сайып тике турар.

Көп илим окуп билген адам айткан,
Билим менен күчтүү да адам баштан:

«Жакшылыкка жанын таштайт адамдар,
Бир ишиңди — он эселеп кайтарар!

Жоомарт болсоң кулдук урат жүгүрүп,
Түйшүгүңдү түп көтөрөт бүт алар!»

Мээримдүү бол, кызматчыңдын жайын бил,
Ачты — тоюндур, жылаңачты — кийиндир.

Кутман Элик, жаман болот мындайда,
Кулдун мойну окшоп турса ыргайга!

Сөзүн ук бир акылман абышканын,
Жаштарга кары сөзү — акыл дайым:

«Адам үчүн адамдар иш өтөсө,
Өзүнө майнап берет ошончо эсе,

Киши эмгегин баалабас болсо адам,
Андайлар адам эмес малдан жаман!

Кызматчынын болушат эки түрү,
Кул болуп бири иштейт, антпейт бири.

Кул болуп иштеген жан көз каранды:
Иштей албас жөнсүз кул — таяк жандуу!

Өзү иштеген — иш кылат эрки менен,
Ал кызматын баалагын баркы менен.

Эркин кулдар — жакшылык жандоочулар,
Жакшылыктын жолуна түшсүн булар.

Эркин жандар кул менен тең болбосун:
Эркинге — сый, кулдарга — катуу болгун.

Ордосу өкүмдардын — жыргал ордо,
Жыргалды сактоо турсун — бекем колдо,

Кызматчың байып кетсе — бекке атак,
Келмесинде атышар атыңды атап.

Кутман Элик! Бек менен кызматчы да,
Окшоп кетет соодагер адамдарга.

Соодагер алуучуга буюм сатат,
Анысы — ары улантып андан ашат.

Жыл, ай, күн өтсө артат кирешеси,
Малын сатып бөлөккө — байыйт өзү.

Кызматчы да ушундай беги менен,
Байланган бир арканга эсеп деген.

Кулуна беги баарын берип турат,
А кулу жанын таштап эмгек кылат.

Кызматкер жанын таштап чабат кылыч,
Максаты душмандарын басыш, жыгыш.

Душман бүксө тизесин казна толот,
Ишке ашат ой-максаты, бакыт конот.

Мунун баары — жакшылык берет бегим,
Жакшылык жасаганды сыйлайт бегим.

Сөзүн ук айтып кеткен сарттар![1] башы,
Пайда үчүн ага адат көп жол басуу:

«Пайдалуу кул — балаңдан артык келет,
Жаман уул — душмандан жаман делет..

Пайда издөө бардык жанга бирдей адат,
Тузакчы үйдө отурса жүдөп калат»

Өкүмдарга аскери куйрук, канат,
Канатсыз куш, эй бегим кайда барат.

Аскери бар бектердин — күчү да бар,
Күчтүү бектер көп түйүн чечип алар.

Куралат аскер күчү жакшы колдон,
Жакшы колдуу дүйнөгө түркүк болгон!

Эгерде бекте бардык сапат болсо,
Каалаганын кармайт ал кол толгончо.

Миң түрлүү жакшы сапат тапкан адам,
Эр болот бүт дүйнөнү калтыраткан.

Жакшы сапат жактырып үйрөн уулум,
Аккудай асманга учар канат ал чын!

[1] Бул жерде сөз соодагерлер жөнүндө болуп жатат.

Жакшы сапат — аккудай канаттуу да,
Куш менен жакшы адамдар — бирдей тура!»

Угуп ал кары сөзүн, куудай чачы,
Көп жашап, көптү көргөн жалгыз башы:

«Билим менен акылды бийик баала,
Жеткирер атак-даңкка ошол гана.

Мезгилди бош кетирбе, оку күн-түн,
Күнүң тууп, максат — ойго жеткин сен да!»

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

Ачык жоопту айтылган макул көрүп:
«Урматтуу кеменгерим,— деди Элик.—

Түшүндүрдүң маанисин адамдыктын,
Адилет, чынчыл болуу жолун уктум.

Эл башкарам, баарысы баш ийишет,
Колум узун, айтканым дароо бүтөт.

Бийликтен кубанбадым, ушул жайдан,
Бейпил күндү каалаймын, табам кайдан.

Бир тилегим, сунса колун ким келип,
Кубат алып, байып кетсе демденип.

Бек өмүрү бийликтен гүлдөп барат,
Мактоо менен дубадан эмне табат.

Казынага жыйнадым алтын-күмүш.
Эл үчүн, кошуун үчүн чогулткан иш.

Жакшы атагы — мен үчүн, байлык — элге,
Жетет мага кудайым кулум десе!

Ким келсе, кызматыма кубанч тапсын,
Мен өткөнчө дүйнөдөн байлыгы артсын.

Көзүм өтсө, артымда калган элим,
Дуба кылсын атымды айтып менин!»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

Акдилмиш жооп берди: «Кутман Элик,
Акыл менен иш жайын айттың билип.

Бул турмуштан адамдар эмне көрөт,
Кыялдагы атак-даңк ойдон бөлөк.

Өтөсөң бул жыргалга күмүш төлөп,
Келечек ошончолук кайрып берет.

Алтын менен күмүштү тарат, Элик,
Эли-жериң артылат улам кеңип!

Сөзүн ук бектин айткан, акылы айкын,
Чыгарган өлкөсүнүн атак-даңкын:

«Баарын чачып, топтогун аскер күчүн,
Анда душман ийилип келет бүтүн.

Казына эмес — аскер-курал көп болсун,
Бек бай эмес, эли-журтуң ток болсун!

Аскер болсо, бөксөрбөйт элдин ичи,
Аскер жокто — чамасыз бектин күчү.

Бек аскери кубаттуу болсо — демек,
Кайсы эл болсун жүгүнүп келип берет.

Ачык болсо элине бектин колу!
Эки дүйнө ачылат анын жолу!»

Угуп ал билимдүүнүн айткан кебин,
Сараң бек башкара албайт эптеп элин:

«Эки каршы кошулуп жакын болбойт,
Ач көздү алыс кармап, мартты колдойт.

Сараңдан жакшы адамдар алыс болот,
Марттардын айланасы элге толот.

Бектик менен сараңдык — бирикпес кас,
Сараң иши — ызы-чуу, сараңдан кач!»

Эки күч элдин кыйрын сактайт тыныч,
Сары алтын анын бири, бири кылыч,

Жоомарттык өлкө чыңдап кубат берет,
Жоомарт бектин атагы артык келет!

Баатыр алп шилтегенде өткүр кылыч —
Баш ийет кас душманы, батыш-чыгыш.

Алтын кармап бек сунса алаканын,
Кылычсыз, сөзү менен алат баарын.

Эки күч мына ушул элди бийлейт,
Ээ болгон бек экөөнө кемүү билбейт.

Бүркөлгөн кабак болсо, алтын түзөйт,
Бузулган ишти дагы алтын бүтөйт,

Кылыч кайда шилтенсе, күмүш чыгар,
Күмүш чыккан жер болсо, кылыч турар.

Аяба күмүшүңдү — аскер топто,
Бекитсең тып чыгарбай — аскер жок де.

Күмүш чачсаң — жакшы адамдар жыйылат,
Күмүш катсаң — жакындарың суюлат.

Сараң бек бар байлыгын катат тереңң,
А баатыр байлык табат кылыч менен.

Жаралгандан бул дүйнө койгон матап:
Сараңга — каргыш дагы, мартка — атак!»

Сөзүн бүтүп Акдилмиш кулдук урду,
Жерди өөп, кудайына дуба кылды.

*Эликтин Акдилмишке*
*берген жообу*

Суроого алган жообун жактырды Элик,
Кудайга дуба кылды кол көтөрүп:

«О, кудай, жашоо отун чачып турган,
Башым ийип, дилимди сага бургам.

Жөлөк жок, бир өзүңдөн башка менде,
Кубанчым, үмүтүм да — жалгыз сенде.

Жакшылыгың калдыбы мен көрбөгөн,
Арзуу — тилек калдыбы сен бербеген?!

Сыйынганда айтарга алкыш сөз эп,
Муңсуз дейбиз — бир өзүң, менде — муң көп.

Колдой жүргүн — сураймын бир өзүңдөн,
Жол көрсөт, жөлөк болуп тайып кетсем.

Ар кандай мээримиңдин түк чеги жок,
Акдилмишим жанымда, көңүлүм ток.

Бергениңе бул сыйды кыйып мага,
Миң мертебе өзүмдөн алкыш сага!

Мен үчүн таштап иштейт жанын-дилин,
Арттырды алкыш сөзүн калың элдин.

Анысын өтөгөнгө мага күч бер,
Агарсын менден көөнү, сүйүнтө көр!»

* * *

Улантты Элик сөзүн: «Илимдүү калк,
Акдилмиш, атыңды атап мактанышат.

Илимдүү адам десе, илимдүүсүң,
Бүткөрүп, так аткарып бардык ишти,

Ишенимдүү, адилет, кайраттуусуң,
Бийлигинде ак жолдо болгонуң чын.

Ак кызматың акыңдан ашып түштү,
Бүткөрүп, так аткаргын бардык ишти,

Эми мен карызымдан кутулайын,
Тилегиң айт, аткарып тынсын жаным,

Кубанткан, ойдогудай кызматкерсиң,
Кудайым сага дагы, кубанч берсин!»

* * *

Сөзүн бүтүп ордунан Элик турду,
Чөгөлөп кызматчысы тооп кылды.

Кубанчы жүзүн чайып чыгып кетти,
Атка минип үйүнө дароо жетти.

Күн-түнү кызмат кылды башын сайып,
Үйүнө дөөлөт кирди кучак жайып,

Билими артып, акылы тереңдеди,
Колу узарып, бийлиги бекемделди.

Дөөлөттүү бир адамдын айтканын ук,
Дөөлөтүнөн таралган даңкы чыгып:

«Жарашса кимге дөөлөт болуп жөлөк,
Андайдын төбөлөрү көккө жетет.

Дөөлөт кирсе үйүнө, байлык кирет,
Жүзү жаркып, көңүлү көтөрүлөт».

Кары адам багыштап айткан сага,
Баатыр адам токтолуп сөздү тыңда:

«Ким дөөлөттүү, ошолор жолдуу келет,
Тескериси оң болуп, сөзү жөлөк.

Колунда жок акылман байкуш болор,
Тилин тиштейт, баркы жок сөздөн бөлөк!»

Ушундай теңсиз дүйнө берекети,
Байлыкка башын ийет даңктын өзү.

Байлык болсо нааданда — барктуу ошол,
Кичинелер байыса — чоңго кошор.

Дөөлөт келсе биреөгө колун созуп,
Ичи-тышы түзөлөт бүт окшошуп!

Оомат келсе — кол жетет тилегине,
Таш жарат атак-даңкы бүт дүйнөгө.

А кетсе — баары калбай кошо кетет,
Бийиктен кара жерге кулап түшөт,

Ой токтот акылдуум, түшүнө жүр,
Алданып күнүмдүккө, кылба кесир!

Кереги эмне караңгы, сокур түндүн?
Алдыга, келечекке беттеп жүргүн!

Бул дүйнө — күнүмдүк жай кызыкпа ага,
Чоң максат, ойду беттеп алга кара.

Сөзүн ук акылдуунун, ак — жүрөгүм,
Арнаган адилетке ой-тилегин:

«О, адам, келечекти ойлоп иште,
Ошондо чексиз бакыт болот күтсө

Бүгүнкүнү көздөбө, эртеңди ойло,
Кечирбейт кемчиликти — түркөй болбо.

Бул турмуш көз карама, ишенбе сен,
Баш ийет андан өзүң ашып түшсөң.

Баш уруп азгырылба күнүмдүккө,
Адашпа түз жолуңдан, көргө түшпө.

Бир түшкөн сормо сазга, чыкпайт кайра,
Жыргалдан колду жууп, чөгүп калба.

Өйдөлө, караңгынын көрүнөн кач,
Тобо кыл, кудайды эстеп оң жолго бас.

Ак жолго түш, тилегиң кабыл болот,
Сөзүңдү оңдо, түбөлүк бакыт конот!»

* * *

Эми Элик адилдикти колуна алып,
Элине берди жакшы заң чыгарып.

Эл бейпил, иши оңолуп, семирди — арык,
Баары ишенип, душманы калды азайып.

Бактылуу жашай берди кубанычта,
Жайылды атак-даңкы төрт тарапка.

Бейпилде күндөр күнгө алмашылып,
Бир жүрдү бөрү-козу тең жайылып.

### *Эликтин Акдилмишке берген суросу*

Элик бир күн Акдилмишти сындады,
Өткөн күнүн кылган ишин сурады:

«Күндөр кандай, Акдилмиш, айтчы кепти,
Кедей көппү, болбосо байлар көппү?

Кара өзгөйлөр бар бекен, бери келчи,
Жашырбай элдин жайын айтып берчи.

Эл ичинде айтылган кандай сөз бар,—
Ушакпы, мактоо сөзбү — кандай алар?

Жамандайбы өзүмдү, же мактайбы?
Айтып бер, ойлоп туруп иш жасайлы!»

### *Акдилмиштин Эликке айткан жообу*

«Элик,— деди Акдилмиш,— бу жалганбы,
Тилегиң кабыл болду, кол узарды!

Гүлзар болду жергебиз дөөлөтүңдөн,
Кырсык аз, журт карк болду бакытка кең.

Эл байып, жокчулуктан алыс болду,
Жүрөк эргип, шаарлар гүлгө оронду.

Жыргалда бардык элдин өтөт күнү,
Бакытка толуп турат ар бир түнү.

Бардыгы атыңды атап мактап кирет,
Кудайдан амандыгың тилеп жүрөт.

Адилеттик — суу сымал, жалын — зулум,
Суу куйсаң оңой эле өчөт мунуң.

Заңды түзөп, аймакты бекемдедиң,
Зомбулукту өлкөдөн эч көрбөдүм.

Зулумдукту жараткан үч балаа бар,
Анын бири — жалкоолук болот залал.

Экинчиси — кесел бек, алсыз жаны,
Үчүнчүсү — ач көздүк, жетпейт баары.

Сенде жок бул үчөөнүн бири дагы,
Кайдан болсун зомбулук, кырсык каары?

Сен— бексиң адилеттүү абийири бар,
Акыл, билим кудайым берген катар.

Ак жолдо баратасың кудай колдоп,
Элиңдин кийими бүтүн, курсагы ток.

Кудай деп тобо кылгын жаратканга,
Болосуң ар балээден алыс анда!

А четтен бөөдө кырсык чыгып калса,
Мен бармын, сенин кулуң, ишен мага!»

* * *

Топук кылып Элик абдан кубанды,
Колун жайып, алкоо сөзү уланды:

«Улуусуң, о жараткан, мен — алсызмын,
Алсызды эркиң менен улук кылдың;

Сен мага кайрымыңды төктүң арбын,
Мойнума бүт карызыңды жүктөп алдым.

Мээримди сен төккөн актаар бекем?
Суранам өзүң жообун тапсаң экен!»

## *Эликтин Акдилмишке берген суроосу*

Улантты Элик сөзүн: «Акдилмишим,
Кудай берген өзүмө адил кишим.

Жакшы иштердин барынын себеби сен,
Зомбулукту жоготуп, теңдик берген.

Кудай мага көп көмөк бергени чын,
Он эсе кымбат олжо — сенин өзүң.

Канчалык бектер күчүн үрөбөсүн,
Кулдар көмөк кылбаса жылбайт ишиң!

Бек башкарат ичтеги ишти өзү,
Кызматкери ич-тышта көзү-сөзү.

Көзүм да, тилим да, колум да сен,
Даңкым чыкты түптөнүп сени менен...

Угуп ал айткан сөзүн күчтүү хакан,
Көп элди көп өлкөнү багындырган:

«Эгер бек жакшы кулду тапса бачым.
Алдына алтын, күмүш чачып салсын.

Эгерде ишенимдүү адам тапсаң,
Бактылуусуң өзүңдөн кырсык качкан.

Берилген ишенимдүү адам жакшы
Андайды кайдан издеп, кантип тапты?

Болбосо ишенимдүү кызматчылар,
Кишиликтүү адамды кантип табар?»

Мен кейийм Акдилмишим, күйүп, сезим,
Атаңдан мага калган жалгыз өзүң.

Дагы бир сенден башка адам болсо,
Артыңдан сенин калбай жүрмөк кошо.

Бир сенсиң дили таза, асыл адам,
Айрылсам башка жанды кантип табам?

Жалгыздыгың ойлосом болом жүдөө,
Болсочу сага жөлөк дагы бирөө!

Болбойт эле өзүңө артык түйшүк,
Деп ойлоп мен, отурам ойго түшүп.

Кана айтчы, жардам берер досуң барбы,
Түйшүгүңдү тең көрүп бөлүп алчу!

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

«Кутман Элик,— Акдилмиш айтты жообун,—
Кул иштейт, бек өмүрү узун болсун!

Элик көөнү өмүрдөн кубанч тапсын,
Тилеги түгөл келип, бейпил жатсын!

Элик көөнү мен үчүн буйдалбасын,
Оор деп түйшүгүмдү кыйналбасын!

Жеңил эмес — эмгегим, тынуу кемдир,
Жыргал — мээнет жүрүшөт жанаша бир.

А эгер киши издесең пайдасы бар,
Өлкөнүн түйшүгүнө чыдаар, жараар,

Угуп ал акылмандын айткан сөзүн,
Акыл берет бийликтин берекесин:

«Бектердин жардамчысы болсо күчтүү,
Өлкө гүлдөп, жеңилдейт бек түйшүгү.

Көп болсо кереги бар, эстүү адам,
Бекке тийер пайдасы иши үзүрү!»

Жок эмес, билими артык — ишке жараар,
Туугандардын ичинде бир киши бар.

Акылдуу, көптү билген, ойлуу, бышык,
Көзүн тапкан көп иштин туура бычып.

Өткүрмүш анын аты. Чынчыл, ачык,
Көп иштин көзүн тапкан, жолун ачып.

Бирок ал бул дүйнөдөн жүзүн буруп,
Сыйынып, кеткен эле тоого чыгып.

Тооп кылып кудайга кулдук уруп,
Күнөөсүн жууп жатат дуба кылып.

Ал менден артык болчу жүз эсеге,
Эл ичинен эң кыйыны ошол эле.

Ал агам мени менен болсо бирге!
Акыл менен баш болмок бардык иште!

Ал келсе сен да бейпил жашайт элең,
Имерип бүт дүйнөнү кубанч менен!

*Эликтин Акдилмишке*
*берген жообу*

«Кааладым,— деди Элик,— азыр эле,
Тапсаңар, көңүлгө эм болот беле.

Тилегиме тилек кошуп, шерик бол,
Көрүшүүгө өзүң издеп тапкын жол!

Кандай кылсам, чулгап турат ой мени,
Чабарманга жиберемин кимди эми?

Ат чаптырып, кат жазсамбы өзүң чеч,
Убакыт аз, шашылгының, болгун тез!»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

Жооп айтты Акдилмиш: «Суроого өзүң,
Кутман Элик, айттырбай жооп бердиң.

Жашырбай өз агамды айттым сага,
Келери же келбеси — белгисиз да.

Чакырыгың бааласа, анда келет,
Буйрукту укпай койсо эмне делет?

Албас бекен, Элигим, көңүлүнө,
Болбос бекен келбесе мага күнөө!»

*Эликтин Акдилмишке*
*айткан жообу*

Элик айтты: «Мен өзүммүн сураган,
Жооп бердиң оюңду айтып ынаган.

Чакыр, келсин, а кокус келбей койсо,
Кимде күнөө?— Убада-сөз жок болсо.

Мактадың жакшы жагын саймедиреп,
Жакшы адам ойлуу, токтоо мага керек.

Аны сен эстүү, билгир деген үчүн,
Келсе деп арзып калдым эми өзүм.

Адамдын артык жери — акыл, билим,
Жок болсо андай сапат — мал деп билгин.

Ишти билет — билимдүү, илимдүүлөр,
Билимдүү, эстүү адам жөндү билер.

Ылайыктуу ушуга бир мисал бар,
Аны угуп, ардактуум, түшүнүп ал:

«Билим — түрлүү түйүнгө ачкыч делет,
Баарын билип, түшүнүп — окуу керек.

Билимди орду менен пайдаланып,
Болбосо аралашпай, жүргөнүң эп!»

Пайдасы жалгыз эле мага бекен,
Агаңдын пайда-сообу — сага да тең.

Тууган болсо аны менен туугандаш,
Ал болбосо, досту таап — бол сырдаш.

Жакшы айтыптыр бир сөздү өкүмдар бек,
Тууганы көп адамдын күчү да көп:

«Тууган барбы — кадырың, даңкың артар,
Досуң барбы — даңк дагы, атак да бар.

Тууган жокто таап алгын эр жолдош,
Жакшы жолдош бир тууган кем болбос!»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

«Айтты Акдилмиш:— О, Элик, бактыярым,
Аткарам айтканыңдын толук баарын.

Буйрусаң, тартынбаймын, барам өзүм,
Чакырып, ачык айтып, көндүрөйүн.

Түшүндүрүп миң түрлүү иштин жайын,
Акыл менен айлантып сөзгө алайын.

А Элик жазып берсе оюн катка,
Элик оюн окуса иш да башка.

Анда окуп, ишенмек, менден көрбөй,
Катты окуса, ал кантип койсун көнбөй!

Мен айтсам — андай сөздүн баркы канча,
Элик жазган буйруктун күчү башка!

Кутманым, акылмандын сөзү ушу:
«Көңүлдүн кирин жууйт бек буйругу!»

Баркы зор билимдүүлөр айткан өзү:
«Капалуу көңүлдү ачат бектин сөзү!

Бегинин жылуу сөзү кулга кубат,
Кул аны өмүр бою эстеп турат.

А бектин жылуу, жумшак болсо өзү,
Эл колдоп, сүйүп угар улуу — кичүү!»

*Эликтин Акдилмишке*
*айткан жообу*

«Болуптур,— деди Элик,— керек болсо,
Кат жазайын,— алгының аны кошо!

Даярдан, барчу жакка шаша жөнө,
Кат жазууга киришем азыр эле».

---

## 39

## КҮНТУУДУ ЭЛИК ӨТКҮРМҮШКӨ КАТ ЖАЗЫП, АНЫ КАНТИП ЖӨНӨТКӨНҮ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Алдырып токтолбостон кагаз, калам,
Кат жазууга киришти дароо анан.

Арнады алгач сөзүн жаратканга,
Бир өзү өмүр берген, жашаткан да:

«Баштадым мен катымды кудайым деп,
Ар түрлүү кырсык болсо жардамы көп.

Алкыш айтам теңирге миң мертебе,
Кулдугум кудайыма түбөлүк де.

Бул ааламда, жаратты баарын өзү,
Жашоо үчүн тамагын берди жечү.

Жараткан бир өзүңө кулдук этем,
Баарын жасап, баарына кубат берген.

Жашыл көктү жараттың Күн, Ай менен
Караңгы түн, жарык күн, кезектешкен.

Ааламды тегеренген түздү болжоп,
Кудурети кудайдын — тагдыр болмок.

Эң алгач күчтү койдуң тагдыр аттуу —
Тагдырга моюн сунуу адам парзы!

Кудайым каалаганын кабыл кылды,
Ойдогусун орундап, жасап турду.

Эң обол саламымды айтам саган,
Жүрүшүңдү тилеймин эсен-аман.

Дениңиз соо, жашооңуз болуп бүтүн,
Жүрөсүзбү көтөрүп турмуш жүгүн?

Укканмын, сен тууралуу жакшы сөз көп,
Акыл-ою адамга теңдешсиз деп.

Кудайым сага аябай берген экен,
Акыл эсти айрыкча, ченебеген.

Сен тууралуу көп угуп мактоо кепти,
Ак жүзүңдү эңседим, көргүм келди.

Бул кабарды Акдилмиш барат алып,
Айта турган — сөзүмдү ук кулак салып!

Мен уксам, тууган-достон алыстапсың,
Жолобой элге, жерге неге качтың?

Кетипсиң тоо ичине жалгыз өзүң,
Соопчулук ишинин жолу узун.

Эмне кылды өзүңө туугандарың,
Туугандан ак жүзүңдү неге бурдуң?

Тийдиби зулумдугу, жаман сөзү,
Мага келип себебин айтып берчи.

Мен сага акыйкат да, күч да берем,
Жашай бер эл ичинде кубанч менен.

Тууганга пайда тиер тууганынан,
Пайда жакшы баарыга ийип турган,

Тууган менен бир болгун кирип-чыгып,
Достор менен ымала болсун ыйык.

Эл ичинде ынтымак болсо дайым,
Ишенгин, жыргал, шаттык болот жайың.

Жакшы ырдан жарды көңүл топук табат,
Экинин ынтымагы бирди табат:

«Суу берсе кара жерге жакшылап бир,
Ортодон жайнап чыгат миңдеген гүл.

Ынтымактуу болушса тууган, достор,
Узак жылдар биригип сүрөт өмүр!»

Эгер өзүң соопчулук издесең,
Эң биринчи — эл кызматын иште сен.

Шаардан, айылдан да сооп табат,
Баарын таштоо — жакшы эмес, калпыс адат.

Сыйынуу үчүн дагы билим керек,
Билимсиз сыйынганың — бекер эмгек.

Эки түрлүү адамды — дейбиз адам:
Өзү окуп же башканы өзү окуткан.

Экиден башкалары жылкы саны,
Тандагын же мунусун, же бир «аны!»

*Эликтин Өткүрмүшкө*
*айткан насааты*

Эки жолдун тандайсың кайсы бирин,
Ачык айт, тандабагын үчүнчүсүн.

Үйрөнсөң илим жолун билим менен,
Пайдалан билгениңди эмгектен сен.

А болбосо билимиң — окуп үйрөн,
Кызматка даярдангын эмитеден.

Билим берчү эмне дейт угуп алгын,
Билим менен иш өтөө кызматы анын:

«Кудай деп сыйындыңбы — алгын билим,
Илим ачат дүйнөнүн эшиктерин.

Билим менен иштесең пайда берер,
Билимсиздин эмгеги — түйшүк бекер.

Наадандар жүгүнсө да болбойт топук,
Акылдуу түшүндө да келет улук!»

Шаарда да кудайга сыйынган көп,
Ошон үчүн чөл кескен болобу эп?

Анда кылган бир ишиң намаз окуу,
Дагы бири орозо кармоо — ушу!

Мындан башка ал жерде не кыласың,
Түшүндүрчү, өзүмө айтып бачым!

Зияратчы атадың — өзүңдү өзүң,
Кур убара кармандың мунун несин?

Алданып өзүңө өзүң жүрөсүң сен,
Бул ишиң — кур убара болор бекен,

Сенин кылган ишиңди эл көрбөдү,
Сен канчалык көп иште — аз дейт эми!

Жакшы киши зиярат кылчу болсо,
Жашырат эл көзүнөн, аны ошончо.

Бул тууралуу угуп ал, жакшы сөз бар,
Эсиңе тут, маанисин сиңирип ал:

«Жакшы адам ички сырын катып жүрөт,
Жүз жыл кылса зиярат аз деп билет.

Табынып жүргөнүңдү билбесин эл,
Айтылган акыл сөзүм — чындык келет!»

Келгиниң, зияратты шаардан кыл,
Ачылат кубанычтын эшиги ушул.

Элге пайда тийгизгин, жаркып көрүш,
Тууганга жакын болуп, муңун бөлүш.

Кайрыла жүр жетимге, жесирлерге,
Сокурга, чолокторго, бечелдерге.

Намазга көптөр менен бирге жыгыл,
Жума намаз үзбөй жүр, милдет ушул.

Тапканыңды тараткын кедейлерге,
Боорукер бол, алсызды таяп жөлө.

Мунун баары өзүңө соop болот,
Рахатта жан жыргап, көңүл толот.

Тоодо тентип жашайсың жалгыз өзүң,
Жалаң намаз, орозо билген ишиң.

Намаз менен орозо өзүң үчүн,
Жалгыз башың көздөсөң, мээримсизсиң!

Жакшы айтыптыр бир сөздү тектүү адам,
Боорукер, өзгө жанын аябаган:

«Өз пайдасын ойлобойт асыл адам,
Эл кызматын аткаруу адат аган.

Ак дил менен, адамга боору ооруса,
Эч бөлбө адамдарды: жакшы-жаман!»

Келтиргин элге пайда — кубан көрүп,
Пайдасыз өткөн өмүр — жансыз өлүк!

Жакшы адамдар журтуна пайда берет,
Токчулук, жыргал турмуш алып келет.

Кул өзү зиярат деп жалгыз калган,
Адашкан, кудай жолун таба албаган.

Тилесең кудайымдын кубанычын,
Мусулмандын мүдөөсүн орундаткын.

Кулдугуна кудайым муктаж эмес,
Ак дил менен кулдук ур, сыйынып тез.

Кулдун иши,— кыңк этпей кулдук уруу,
Пенделикти бек сактап көңүл буруу.

Сыйынуу — пенде парзы, иште тынбай,
Уланткын ак жолуңду дайым чыңдай.

Көптү билген адамга кулак салчы,—
Сөзүн угуп ак оюн эсиңе алчы:

«Ак өтө кызматыңды, кесирден кайт,
Кудай де, кудай деген куру калбайт.

Кудай десең ал сенин кулдук парсың,
Табындым деп эсирбе, акыл танбайт!»

Өткүрмүш, айтканыма кулак түргүн,
Өз пайдамды көздөбөйм, аны билгин.

Мында келсең өзүңө пайда — арты,
Келбесең — зарылдыгы мага кайсы.

Чакырганым — эл көйүн көздөгөнүм,
Талкалап эл үмүтүн четтебегин.



Мен айткан сөздөрүмдү — ойлоп баккын,
Чын десең, токтоп турбай келгин бачым.

Бирге тур, мага көмөк болгун иште,
Бей-бечара байкуштун камын көздө!

Сага — сыйлык, мага — атак, даңкы калсын,
Эки дүйнө кудайым жолуңду ачсын,

Ак жолго мени жолдо, көмөкчү бол,
Жакшынын шарапаты — ал баскан жол.

Үлгү бол жакшы иштерди жасай турган,
Ырайым сага тийсин кудайымдан.

Акылдуу тажик айткан тыңша сөздү,
Тажиктердин акылы жеткиликтүү:

«Бек — элге жакшы болсо бардык жактан,
Анда эли — жыргал күндө, бакыт тапкан,

Өз пайдаңды ойлобо, бекти көздө,
Бек — жакшыбы, жакшылык болот — элде,

Кул жакшыбы — пайдасы өзү үчүн,
Бек жакшыбы — кут табат жалпы журтуң!»

Киши дешет — кимди деп сурап калса,
Ким көп пайда келтирсе адамзатка.

Жакшылыкты жактырат бардык адам,
Чын мааниси анын да жагат маган.

Элге пайда бергендин баары жакшы,
А пайда — ар адамда жүргөн арзуу.

Жакшы адам жалпы журтка камкор келет,
Камкор адам элине — жакшы демек.

Мунун баарын мен сага катка жаздым,
Каламымды токтотуп катты жаптым.

Албетте бардык сөздү айта албадым,
Тууганың айтып берер калгандарын!

Катты бүтүп четине мөөрүн басты,
Тапшырып Акдилмишке, аны узатты,

«Жөнө,— деди,— ак пейил акылманым,
Өзүң айтып толукта кемчил жагын.

Жол болуп, аны мында ээрчитип кел,
Куру келчү болбогун даанышман эр!

Акылмандын эске алар накыл сөзү:
«Сөздүн баркын кетирбейт, эстүү элчи!»

Айта турган ашык сөз менде барбы?
Акылманым бардык сөз, сенде калды!

Керектүү сөздү таап өзүң айткын,
Иштин жөнүн оңдоочу жагдай тапкын!»

* * *

«Жарайт» — деди Акдилмиш жөнөй берип,
Өскөн неме тарбия, таалим көрүп.

Атын минип жөнөдү үйүн карай,
Үйгө келип чечинди, эс алды жай.

Күн батып, жаздыгына койду башын,
Жарык дүйнө жамынды түн пардасын.

Асман жүзүн айлантып булут басты,
Көшөгөсүн түшүрүп жерди жапты.

Даарат алып, окуду куптан намаз,
Төшөк салып, уйкуга жатты бир аз.

Чочуп кетип, ойгонуп баш көтөрдү,
Түрүлүптүр кара түн көшөгөсү.

Даарат алып окуду багымдатты,
Теспесин тарта берип, күттү таңды.

Көшөгөсүн көтөрдү таңкы асман,
Жадырап жарык дүйнө көзүн ачкан.

---

## 40

## АКДИЛМИШТИН ӨТКҮРМҮШКӨ АТТАНГАНЫ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Аттанып, чыгып кетти ал үйүнөн,
Бет алып агасына тоодо жүргөн.

Алыскы тоого жетип ал жашаган,
Аттан түшүп, түз эле барды аган.

Жетер менен акырын эшик какты,
Тура калып Өткүрмүш эшик ачты.

Бет келди ачар менен тууганына,
Өбүшүп, бекем кысты кучагына.

Колдон алып төрүнө олтургузду,
Катарлаша жанына тизе бүктү,

Жүзүн көрүп бөлөндү кубанычка,
Тобо кылды, шүгүр деп жаратканга.

Көрө элек боордошун көптөн бери,
Чоң кубанч аман-эсен көрүшкөнү.

Туугандар алыс болуп, көрбөй көп күн,
Кайрадан табышканга эмне жетсин!

Жакшы көргөн тууганга турса келип,
Кучакташып жүз көрүшсө дене эрип!

Биртууганга, чынында кубаныч да,
Чын көңүлдөн кучагын жайып турса.

Тууганчыл адам айткан сөздү уккун,
Тууганыңдын көңүлүн жакын туткун:

«Бөлүнгөндөр табышса кайра баштан,
Бакыт таап, кубанчын узартышкан.

Кандай сонун, ажырап капысынан,
Сак-саламат кайрадан кол алышкан!»

### *Өткүрмүштүн Акдилмишке берген суроосу*

«Туугандар эсен-сообу!» — деди Өткүрмүш,
«Эсен-соо» жооп айтты ага Акдилмиш.

Өткүрмүш кайра сурайт: «Кандай келдиң,
Сапар-жолуң шыр бекен, ачык көөнүң?

Уккан элем бирге деп элик менен,
Адил эмгек өтөйт деп элине сен.

Таштадың кызматыңды, элди кантип,
Кызмат жүгүн жүрөрсүң ийниңе артып!»

*Акдилмиштин Өткүрмүшкө*
*айткан жообу*

«Бир сенин — деп Акдилмиш жооп берди, —
Жакындан ак жүзүңдү көргүм келди!

Токтолбостон өзүңө жетсем дедим,
Кайгынын түйүндөрүн чечсем дедим.

Эңсечүмүн көрсөм деп көптөн бери,
Мүмкүндүк жүргөм күтүп, эми келди.

Көп жыл болду көрбөдүм сени эңсеп,
Ой жетсе да кол жетпей жүрдүк көксөп.

Эңсеп жүргөн максатым ишке ашты,
Аябаймын кудайга миң алкышты.

Алтын башы соо болсо — адам деген,
Тилеген мүдөөсүнө жетет экен!

Максатына умтулган адамды ук,
Мезгилдин өйдө-ылдыйын билген анык:

«Тирүү адам тилегин ишке ашырат,
Эсен жүрсө эңсеген көңүл тынат.

Тирүүдө — каалаганга колуң жетет,
Эгер болсоң беттеген максатка бек.

Тилекти эмес — өмүрдү тилөө керек,
Тилегиңе жетүүгө өмүр жөлөк».

Тилегимди кудайым берди мага,
Жүз көрүштүм эсен-соо мына сага!

Сөзүм бар, мындан башка сага деген,
Мен айтсам, кулак төшөп, угар белең?»

## 41

## ӨТКҮРМҮШ МЕНЕН АКДИЛМИШТИН МАЕГИ ТУУРАСЫНДА БАЯНДАМА

«Сенин, — деди өткүрмүш, — сөзүңдү уктум,
Түшүндүм, эми менин жообумду уккун.

Келген үчүн унутпай, туугандыкты,
Миң эсе тийсин кудай ырайымы!

Сен мага дагы бир сөз айтчудайсың,
Жашырбай, азыр эле айткын бачым».

*Акдилмиштин Өткүрмүшкө*
*айткан жообу*

Жооп берди Акдилмиш: «Сөзүм менин,
Карашыңдан жалындап жанды сенин!

Адам өзү өз жолун тандап алса,
Азап чекпейт ал жолдо жүрсө канча.

Бул тууралуу сынчы адам көптү көргөн,
Айтыптыр, жакшылап, ук акыл менен:

«Бир ишти бүтүрүүгө кылсаң тилек,
Баштап койсоң, бат эле келет көмөк.

Жакшы тилек ыраакты жакын кылат,
Жакын үчүн жакшы адам жанын берет!»

Айтты Акдилмиш: күйүнүп өзүң үчүн,
Айтаар сөздү үзө албайм аны түшүн.

Айыл-кыштак, туугандан кечип кеттиң,
Алыстасың, көз көргүс — жалгыз өзүң.

Кандай оор, бул жүгүң көтөрө алгыс,
Жылаңачсың, ачкасың, жапа-жалгыз!

Боору ачышат өзүңө тууган-урук,
Кантип чыдайт ушуну көрүп туруп!

Жалгыздык — адамдарга оор келет,
Ар кандай кырсык-түйшүк баса берет!

Бул кайгы менин үйгө жаткырбады,
Куса менен сагыныч курчап алды!

Тозокту теңир сага жаратыппы,
Сенин гана энчиңби азап ушу?

Ачык айтчы түрөйүн кулагымды
Сүйлөчү, баамдайын чын сырыңды?»

### *Өткүрмүштүн Акдилмишке айткан жообу*

Өткүрмүш жооп кылып айтты сөзүн:
«Сени уктум, жообумду уккун өзүң!

Жакшы сөзүң, жылуу жүзүң — ал өзү,
Тууганлыктын, жакындыктын белгиси.

Тууганы тууганына кайгырбаса,
Бөлөктүн бирөө менен иши канча!

Эмнеликтен дос-туугандан алыстап,
Билсем дээрсиң жүргөн жерим алыс жак?—

Байкагам ишенимим аз экенин,
Ойлогом ушул жерде бекемдеймин.

Ошон үчүн келгемин ээн жерге,
Жалгыз жашап кудайга дит бермекке.

Эл ичинде байланып жүргөн киши,
Кудай жолун тутушка келбейт күчү.

Элдер үчүн эшигин жаппас адам,
Сыйынганы кудайга — анын жалган.

Напсиң менен көөнүңдү катуу кармап,
Турмуштун жыргалынан кечкениң ак!

Дурус айткан өз сөзүн ойлуу киши,
Арылуу азгырыктан — диндин иши:

«Сенин бар эки касың — көңүл, напси,
Жакшы адам да чалынат билбей көптү.

Көңүлдү эрчип кетсең — байлап тынат,
Напсиң ашса, өзүңдү туткун кылат.

Көңүл менен пейлиңди кесүү керек,
Акыл менен напсисин тыйган жеңет!»

Күнүмдүктүн көйүнөн кечип коюп,
Түйшүгүмдү келатам тарткан болуп.

Алыста, бардыгынан четте калып,
Койдум сөздүн күнөөсүн унуткарып.

Сен менин абалымды жалгыз дедиң,
Кудайымдын ысымы — кубат, демим.

Туугандардан азыр мен алыстамын,
Ач-тогумдуң түйшүгүн тарттырбадым.

Эл көңүлү эң назик, табыш кыйын,
Көңүл калса, бир кудай табар сырын.

Болбосо бул ишимден элге пайда,
Менден да эч зыян жок бир да кайра!

Пайда-зыян, жакшы-жаман болуу өзү,
Бир гана жаратkандын күчтүү эрки!

Көктөн тартып, терең суу түпкүрүнөн
Бардык нерсе кудайдын эрки менен.

Элдин баары, ааламда канча болсо,
Жакшылык, жамандык да дал ошончо.

Сен сурадың — сыйынууң кимге пайда?
Кудай деген чыгат да бейиш жайга!

Кудайымдын кулубуз, кул дейт бизди,
Күнү-түнү милдет да өтөө ишти.

Жаратса, жаратпаса кудай билет,
Мен «минттим, тигинттим» деп айтпоо керек.

Жалгыздыктан зыянды тапканым жок,
Пенделиктин көйүнөн калдым бошоп.

Бул ырдын не дегенин угуп көрчү.
Сыртына эмес, мааниге көңүл бөлчү:

«Жалгыз үйгө жашынып башың каткын,
Бой болуп, өз сөзүңдөн баар тапкын.

Сыйынууну өзүңчө жалгыз жаса,
Жалгыз адам күнөөгө кантип батсын!»

Эл менен бир болууну мактадың сен,
Бир жашап, достошууга кантип жетем!

Акыры мени таап мында келдиң,
Жайма-жай сыйынуудан калдым бүгүн.

Бир гана өзүң менен сүйлөшүүдөн,
Канчалык зыян таптым, түшүнчү сен.

А кокус эл-журт менен аралашсам,
Ойлочу, неге үлгүрүп, кайда батам!»

*Акдилмиштин Өткүрмүшкө*
*айткан жообу*

«Сени уктум,— дейт Акдилмиш,— ачууланба,
Дагы бир суроом бар, айтчы мага.

Тыңшап турсам сөзүңдө жүйөө бардай,
Чындыгында бул шылтоо, калуу барбай.

Элиңе пайда келтир тирүүлүктө,
Көтөрөт атак-даңкын Элик көккө.

Айтчы сен, адамдыктын пайдасы эмне,
Натыйжасын өмүрдө эл көрбөсө?

Үйлөнүп, өстүргүнүң уул-кызды,
Куу баш деп эл жактырбайт баласызды.

Сөзүн ук, кулак төшөп, адам момун,
Үйлөнүп, улант деген өмүр жолун:

«Баласыз адам өлсө айтат аны:
Артында жалгыз туяк калтырбады!»

Уул калса атадан өмүр улайт,
Ата ысмы өмүрдө унутулбайт!

Баласыз өзү өлсө, тукум өлөт,
Артында атаары жок — аты да өчөт!»

*Өткүрмүштүн Акдилмишке*
*айткан жообу*

«Туура сөз,— дейт Өткүрмүш жооп кыла,—
Башкача мындан дагы болот тура.

Уул-кыз жакшы чыкса токтоо, сылык,
Сен айткандай баарысы болот толук.

А кокус уул-кызың начар чыкса,
Өлөөр замат атасын унутат да,

Чыр-чатагы алардын кылат уят,
Жатың көрүп артыңдан шылдың кылат,

Уул-кызың жоо болор — кереги эмне?
Душмансыз жашоо жакшы андан көрө!

Жоолашуу бизге кандай пайда берет?
«Жоолашуу» «жоо» экөө тең үндөш келет!

Макалда маани жатат эң бир терең;
«Ата аты уланат уулу менен».

Бул тууралуу насыйкат сөздү тыңда,
Ак жүрөк адам ачык айткан тура:

«Бала деп сан түйшүккө түшөсүң сен,
Уул-кызың эмгегиң баалар бекен!?

Жыйып-терген дүнүйөң артта калат,
Сен өтөсүң — пайдасы аларга экен!»

Аял алган, кемеге түшкөн сымал,
Айланада көк деңиз чалкып турар.

Уул-кызың төрөлсө кеме сынат,
Кеме сынса, суудан ким тирүү чыгат!

Уул-кызы атага ыракат го,
Ата үчүн ырахат да, түйшүк да ошо.

Уул кыздын жаманы, билбей баркын,
Ата-эненин унутар өлсө атын!

Атка тете уул-кыз болор бекен?
О, кайдан — опосуз иш, түйшүк экен!

Уул-кызга аталык — машакат иш,
Пил болуп турмуш жүгүн сүйрөп жүрүш!

Жоро-жолдош көбөйтүп күткүн дедиң,
А мейли! Бирок кайсы пайдам менин?

Акылман сөзүн ойлоп айтса керек,
Көңүл назик — эң кыйын ардактоо деп:

«Көңүлү адамдардын шише буюм,
Сынбасын, абайлагын ойло уулум.

Назигине көңүлдүн бергин эсеп.
Ысыкка эрип, суукка тоңуп кетет.

Көңүлү достун сынса — каска тете,
Душманың бир таарынса — кас жүз эсе.

Душман кылса кастыгын — жашоо кыйын,
Күчтүү болсо душманың — өмүр тыйын,

Душманың канча начар, алсыз болсо,
Баатырым, зор деп билгин аны ошончо!

Чиркей да бир жабышса күчтүү келет,
Чакканда пилди дагы бир секиртет!»

Кастыкты жакшы билген жоокер сөзү,
Өмүрүн чабыштарга берген өзү:

«Душманым кичине деп бой көтөрбө,
Коркпойм деп, сөз азабын тартып жүрбө.

Осол болбой касыңа сак бол дайыма
Душманга душман болуп дос бол, доско!»

*Акдилмиштин Өткүрмүшкө*
*айткан жообу*

Акдилмиш жооп кылып айтты аган:
«Кулак сал, көңүлгө алып эми маган.

Бул дүйнөнү кудайым төп жаратты,
Жеп, ичер тамагыңды адалдатты.

Жакын болсо эгер ким жакшы менен,
Андайдын иши, жолу мыкты экен.

Адамга пайдасы бар жанга дос бол,
Эмгек кылса элине мыкты ошол.

Бактысыз, мерез болот жалгыз кыпчак,
Өмүрүн текке жумшап өзүн кыйнайт.

Эл үчүн иштебеген — өлүк адам,
Өлүк болбой, күч барда иште абдан.

Жакшы адамдын көп болот дос-тууганы,
Таралат эл ичине атак-даңкы.

Өмүрдө каалаганга колу жетет,
А дүйнө кылган иши соон дешет.

Кырсыкка сен чалынсаң — башың саят,
Сен жетсең урмат-сыйга — бакыт табат...

Жакшылыгың арттырып жаят элге,
Жамандыгың жашырып турат жерде.

Адамдын душман гана тынчын алат,
Жакшылык, жамандыгың жайып турат.

Душманы улуп-жулуп турбаса көп,
Жакшыларга атак-даңк кайдан келмек?

Адамдын канча болсо атак-даңкы,
Ошончо артып турат кас-душманы.

Ким болсо адилеттүү, чынчыл ашкан,
Ичи тарлар көбөйөт бардык жактан.

Жакшы адамдын душманы миң-сан болот,
Наадандар өлүк сымал, душманы жок.

Билип ал: жаман көрсө кимди душман,
Ал анда- — жакшы адам мыкты чыккан.

Душман менен чабышкан атак табат,
Касы жоктор акыры унут калат!

Сөзүн ук, айткан экен баатыр адам,
Эрдик менен максатын кабылдаган:

«Миңдеген душманынан эчен-эчен,
Миң каргыш укпаган эр эркек бекен?

Кайрылып коет бекен көкжал бөрү,
Миң дөбөт чуу көтөрүп үргөн менен?»

Сен айттың, четтедим деп элден жалгыз,
Жашайм деп ушак-айың сөздөн алыс.

Айтасың ашык көрүп кайсы жанды,
Жалгызсың, айланада адам барбы?

Адам менен болот да адам деген,
Урмат-сыйга жетесиң сөзүң менен.

Оройбу сага бирөө — болгун сылык,
Жаман сөзгө — жакшы сөз айткын буруп.

Өз жүгүңдү өзүң тарт көмөк көрсөт,
Адам бол, жамандыкты жеңгин тепсеп!

Жүрөгүңдөн айдап чык кекти, өчтү,
Ачык айтып, туу туткун асыл сөздү.

Адилет адам айткан уккун кепти,
Аны үчүн атак-даңкка ошол жетти:

«Таарыныччтын бир сөзүн оозуңа алба,
Таарыныч эч кетпеген азап жанга.

Мактагын эгер бирөө сени сөксө,
Жакшы атак сага калат, ага жектөө.

Жамандыкка жакшылык кылуу милдет,
Жакшылык — адам иши, жаман — илдет!

Четтеп кетсе өзүңдөн тууган-урук,
Жакындаш, жолун тапкын өзүң чыгып.

Таарынтса, кек санабай унуткунуң,
Кечиргин, ыйык жолуң болот узун.

Күң-кулдардын күнөөсүн кечирип кой,
Кечирдиңби — сыйлай бил дал ошондой.

Өз жүгүн өзү тартсын эр азамат,
Чыдам менен күнүндү өткөр жашап!»

Бул жерде күн көрөсүң жалгыз-жалаң,
Күткөндө мындан кайсы алар пайдаң?

Көрбөйсүң жыргалын да, пайдасын да,
Алтын-күмүш албайсың акысына.

Жер ээлеп, сарай-үйдү курганың жок,
Байлык жок, байлык түгүл, балдарың жок!

Билбейсиң бийлик күчүн, эл башкараар,
Түшүнгүн, бийлик болсо атак алаар!

Жоготтуң тапканыңды жылдап, эң көп,
Аташат элден безген календер деп.

Аз нерсеге алмашса ашкан көптү,
Элден безип тентирөө андайга энчи.

Бул энчи — кыйындыктан качкандыкы,
Бар иши — ыйлап-сыктап тапкандыкы.

Каалаганга кол сермеп жеткен мыкты,
Көңүл кош олжо-сыйга болгон жакшы.

Бей-бечара кедейге жеп, ичирсе,
Кудайды көкүрөккө бекем түйсө.

Байлык келсе жүрөгү жарылбаса,
Байлык кетсе ый-муңга малынбаса.

Ойдогусун орундап, бекем тутса,
Көңүл, тилин дагы да чынчыл кылса.

Буга ылайык айтылган жакшы сөз бар,
Көңүл бур, негиздүү сөз, түшүнүп ал:

«Кандай түйшүк болсо да көтөргөн эр,
Кубаттуу, күчү ташып турса жеңер.

Эң мыктысы өзүнө катаал келер,
Миң тилеги төп болуп турса да эгер!»

*Өткөрмүштүн Акдилмишке*
*айткан жообу*

«Чын айтчы, Акдилмишим, угайын мен,
Жүрөккө кандай тилек каткан элең?

Не десем да сөзүмдү бөлдүң кесип,
Жообуңду катаал кылып, темселетип.

Оюңда эмне сөз бар айтчы мага,
Көңүлдөгү сырыңды чеччи, кана!»

*Акдилмиштин Өткөрмүшкө*
*айткан жообу*

«Айтайын,— деди Акдилмиш,— мени тыңда,
Буйруктун күчү айдап келдим мында.

Күнтууду Элик көп угуп мактоо кепти,
Чакырып кел сени деп тез жөнөттү.

Көрүүгө сени катуу эңсеп калды,
Чаптырды, менде милдет алып баруу.

Канчалык кыйылсаң да баруу керек!
Эликке бир көрүнүп келүү себеп!

Элик — бул өкүмдар да, мыкты султан,
Бүт элдин ишенчине жетип чыккан!

Элик жүзүн көргөндөр бакыт табат,
Эки дүйнө төрүндө бейиш жанат.

Элди, жерди бийлеген адам айткан,
Акыл менен бийликтин даамын таткан:

«Адилет, чынчыл бектер куттуу келет,
Кутун төгүп элине бакыт берет.

Куттуу бектин кай жерден атын уксаң,
Бакытка бөлөнөсүң, турба аттан!

Андайдын туусу калыс, адилеттик,
Адилеттен тайыса, кулайт түркүк!

Эгерде бек турбаса тартип сактап,
Кудайым, жети кабат жерди бузмак.

Бектин жүзүн көргөнгө бакыт конот,
Иши жүрүп, күнөөдөн алыс болот!»

Билесиң — мен да мына адам болдум,
Себепчиси Элик да, жөлөөр колум.

Кудай мага акыл-эс, билим берди,
Көп жакшылык иш өтөө — колдон келди.

Иштеги ийгилик да, кудай эрки,
Эл үчүн эринбестен жүк көтөрүү.

Элик сени келсин дейт калбай бүгүн,
Чогуу болуп чечсек дейт иштин түйнүн.

Чакыргын деп жиберди мени сага,
Жөнөтпө мени жалгыз, баатыр аба.

Кат жазды Элик сага өз колунан,
Окуп көр, маанисине кангын абдан!»

* * *

Чыгарып Өткөрмүшкө катты берди,
Ал ачып, көзүн албай окуп кирди.

### *Өткөрмүштүн Акдилмишке берген суроосу*

Катты окуп, узак ойлоп баш катыра;
«Элик — дейт — жакшы кабар берди мага.

«Келгин» — деп Элик мени чакырыптыр,
Жакшы сөздөр катта көп айтылыптыр.

Чоң ишеним мен үчүн мунун баары,
Не кылсам, кеңешиңди берчи дагы!»

### *Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу*

Акдилмиш айтат: «Элик сага жазган,
Эми сен катты жоопсуз калтырбасаң.

Катта өзүңдү атаптыр, ал да — урмат,
Каалаптыр бир өзүңдү, күтүп жатат.

Арзыса көңүл кимге, болсо жакын,
Оозунан түшүрбөйт да анын атын.

Окуп ал, ашык жандын айтканы бар,
Арзыгандын ак жүзү — жанга кумар:

«Сүйгөнүңдүн элеси көздөн учар,
Канчалык карасаң да канбас кумар.

Арзуу тилек көңүлдү ээлеп турса,
Ооз ачсаң сөздөрүң өзү чыгар!»

*Өткүрмүштүн Акдилмишке*
*айткан жообу*

Эмне кылсам, берсеңчи кеңешиңди!
«Айтчы,— деди Өткүрмүш,— эми өзүңдү,

Сен мага — жакын тууган, жөлөгүмсүң,
Акыл кош,— ал туугандык өз милдетиң.

Суранам, жардам бергин кеңеш айтып,
Бул иште сенин гана оюң артык!

Сен — туугансың, эми сен досум болгун,
Дос — туугандын бир кылып кошкон жолун.

Жакынсың, бар дитимди койдум сага,
Ишенем, не кылайын, айтчы мага?»

*Акдилмиштин Өткүрмүшкө*
*айткан жообу*

Акдилмиш жооп айтты: «Эмне үчүн,
Суроого мага жооп бердиресиң?

Мен сага кабарчымын Элик жактан,
Кеңештин кереги эмне менден уккан?

«Жөнөйлү» — бир гана сөз айтам сөзсүз,
«Калгының» деп айтканым мага жөнсүз!

Мага жакшы сени менен бирге жүрсөм,
Жөлөк болуп, оюмдун баарын билсең!

Билимдүү чигил[1] айткан сөздү тыңша,
Билимсиз, бой көтөрүп чектен чыкпа;

---

[1] Ошол чактагы күчтүү түрк урууларынын бири.



«Өзүмчүлдөн сураба акыл-кеңеш,
Айтканы анын сага пайда берет,

Кеңешсең, акылдашкын тууган менен,
Өз пайдасын эч качан көздөбөгөн.

Өзүмчүл, өз максатын көздөп турар,
Ал кеңеш түз жолуңдан адаштырар.

Ойдогу ишти жашырбай — элге салгын,
Ар ишти жүрөк менен тандап алгын.

Ишенгин жалгыз гана өзүңө өзүң,
Чыкпасын башкаларга, ашык сөзүң!»

Өзүңө өзүң гана кеңешчисиң,
Кереги эмне мен айтар кеп-кеңештин?

Алыстан келдим алып кетейин деп,
«Камдангын узак-жолго» — мен айтар кеп!

Эл ичинен табылчу жыргалчылык,
Бул жерден таба албайсың, билгин угуп.

Жыргал табар шаарлар, кыштак канча,
Сага айттым, каалаганың өзүң танда.

Билесиң, жалганы жок, бул сөзүмдүн,
Жакшылык каалаганым сага менин.

Эмнеге жерип кеттиң эл-жериңди?
Элге бар, элге көрсөт эмгегиңди!

Жардамдаш, ишин өтө мусулмандын,
Кудай сага бейишин берери чын.

Пейил, тилди кудайга түздөй билгин,
Кайда жүрсөң жакшылык иштей жүргүн.

Жалгыз жүрбөй, эл ичин кылгын ордо,
Элдин айбын көрбөстөн, өзүңдү оңдо!

Бул тууралуу айтылган ырда жакшы,
Маанисин эске тутуп, окуп алчы:

«Кайда жүрсөң, жакшылык болсун тилек,
Даража эмес, пейлиңди жүргүн түзөп.

Эстүү киши, өз ишин тескей жүрөт,
Адашпай ак жолунан доорон сүрөт».

Пейли ак көгөрөөр болсо кайда,
Миң кубаныч бир келээр дайым ага.

Жакшы иш — бардык жерде жакшы болот,
Жакшылыкты жасасаң бакыт конот.

Жакшылык кыл, эч кимге кылба зыян,
Кайда барсаң, чочубай шилте кадам!»

---

## 42

## ӨТКҮРМҮШ АКДИЛМИШКЕ БУЛ ДҮЙНӨНҮН КӨЙҮН АЙТАТ

«Жооп берди Өткүрмүш:— Айттыңыз сиз,—
Кулак сал сөз кезегин айталы биз.

Бул дүйнө сени чырмап алган экен,
Жакшы дейсиң, кемчилик четин көрсөң.

Таң калба, макал сөз бар жалган дебе:
«Сүйгөнүңдүн айыбы — уят эмес!»

Бул дүйнөгө сен катуу чалыныпсың,
Кемчилиги сага ак болоору чын.

Ашыктардын мындайча айтканын ук:
«Сүйгөнүңдө эч качан болбойт кынтык».

Сүйгөндүктүн белгиси, жаман ишин,
Сүйгөнүңдү осол деп түшүнбөйсүң.

Бул дүйнөнү жаныңдай көрөсүң сен,
Андыктан тозогу да — бейишке тең.

Эгер сен бул дүйнөнү туу көтөрсөң,
Мен анын миң айыбын айтып берем.

Кудайым күнөөсү үчүн адамдарга,
Бул дүйнөнү айланткан түнөк жайга.

Түнөктөн эмне издеп тапмак элең!
Бейиште табар энчиң, тилеген сен!

Кудайым колдойм десе момун кулун,
Дүнүйө эмес, ондогон басар жолун.

Көр дүнүйө кут эмес, колдун кири,
Кудай де,— бекем тутуп ишенимди.

Калк байыса — арылат каада-салты,
Кедейликте көңүлдүн таза баркы.

Күнүмдүктү көздөгөн жакшы болбойт,
Ишенимди кетирип, илдет жолдойт.

Мен кудаймын дегенди кудай көргөн,
Бүт дүйнөнү алам деп, итче өлгөн!

Бай адам кекирейме осол келет,
А кедей — жаны, дилин ишке берет.

Жылаңач төрөлгөнсүң, жылаңач сең,
Өлөсүң дүйнө жыйноо бекер экен.

Эмне үчүн калгансыйсың болуп түркүк?
Сен — конок, бу жашоодо эки күндүк!

Билесиң, төрөлгөнгө өлүм да бар,
Кезегин ажал күтүп турат даяр!

Баш баксаң бир эшиктен дагы эшик,
Ачылат, өлүм баарын кетет тизип!

Эки күндүк бейбана өмүр үчүн,
Күйдүрбө өмүрүңдү бекерге өзүң!

Бул өмүр өзгөрүлмө, жыргалы жат,
Бергенин ошол замат кайра алат.

Өлүм үчүн бек да бир, кедей да бир,
Жакшыны, жаманды да бөлбөйт эч бир.

Бирине жашоо берип, кайра анын,
Ордуна камдайт күндө башкаларын.

Ойлосоң көлөкөдөй өмүр өзү,
Куусаң — качат, а качсаң — ээрчийт сени.

Бул туўралуу жакшы сөз айтылыптыр,
Аны угуп, маанисине сен топук кыл:

«Бу дүйнө куусаң качат сыртын салып,
Сен качсаң, кайра жөнөйт ээрчип алып.

Ойлогун, бул жыргалдын арты зыян,
Бул дүйнөнүн душманы динде анык!»

Бул дүйнө — селки сымал куп жасанган;
Көрөр замат жүрөктүн тынчын алган.

Көңүл түшүп калган соң — жүзүкара,
Жакаңа чап жармашып, минет сага!

Кылыгы, кылган иши анын жаман,
Беги менен үч ай да туралбаган!

А кокус көңүлүңдү берип койсоң,
Өмүрүң тозокто өтөр ошол бойдон!

Адамга жашоодогу өмүр кымбат,
Пайдасыз ишке бербей, өткөр кылдат.

Өмүр-жашоо, жемиши жакшылыктан,
Өмүрүңдү кетирбе текке, кутман!

Бу дүйнөнүн көйүндө үч нерсе бар:
Арам, адал, үчүнчүсү орто заар.

Адалга сый, арамга — жаза,— делет,
Орто заарды салмактап көрүү керек.

Бул дүйнө бир азгырып, таштап кетет,
Ойнойт да — жүзүн буруп кыйгап өтөт.

Эркелетип семиртет, бирде жанды,
Бирде азгырып, кайгыга көмөт жанды.

Кубанычтын акыры кайгы болот.
Жакшылыктын аягы азап-тозок.

Дөөлөттүн аягында мээнет келет,
Башында азап тарткан, бакыт көрөт:

Билип ал акылмандын айткан кебин:
«Азгырыкка алданба — шоруң сенин!»

Бүгүнкү сенде байлык — кедейлигиң,
Кембагалды азыркы — бай деп билгин.

Сага ким тил тийгизсе, болбо аксым,
Кара жерге киргенде өч аласың,

Курганыңдын бардыгы урап калар,
Чогултканың акыры бүт чачылар.

Бу дүйнө узак эмес, кетет өтүп,
Алдыда келечегиң чын түбөлүк.

Бардыгы бул өмүрдө жашап өтөт,
Сага да, кача албайсыз, кезек жетет.

Эстүү жан көр дүйнөгө азгырылбайт,
Акылман келечекти бүгүн кармайт!

Өлүмүн унутпаган, шашуу билбейт,
Өлөрүн ойлой жүргөн, кекирейбейт.

Жолоочу түйшүктөнбөйт там курам деп,
Көчмөндүн ашык жүксүз болгону эп.

Жолоочусуң, бул өмүр — аялдама,
Үмүт кылып жол карап көпкө турба!

Байлыкка умтулгандык бөөдө кырсык.
Өзгөртөт кулк-мүнөздү такыр бузуп.

Календерлер байлыкка колун сунбайт,
Шакирттери жыргалга азгырылбайт.

Турмуш сага тузакчы көрүнбөгөн,
Кадам сайын тузагын камдап жүргөн.

Алаңгазар адамдын көзү тойбойт,
Торго түшүп жатса да жалкып койбойт.

Сөздү баккан бир акын айткан экен,
Акыл менен бүт баарын сезе жүргөн:

«Жем көрүнөт, көрүнбөйт тузакчысы,
Көздү алат колуктунун жасалгасы.

Ачкөздөр, эрки да жок алаңгазар,
Илинсең капкан болуп чабар катуу!»

Мисалы, эл чогулткан байлык-дүйнө,
Миң жылдап өмүрүңө жетет мүлдө.

Пайда канча, баары бир барар жериң,
Караңгы көрдүн түбү, бир бөз кепин,

Өз өмүрүң өзүңө энчи келет,
Эмне берсең өмүргө, кайра берет.

Өкүнбөгүн, бул жашоону оюн кылба,
Кызматыңа жыл, Ай, Күн күбө тура!

Өмүрдө топук кылар үч нерсе бар,
Үчөөнөн тең адамзат жыргал табар.

Биринчи — ичкен тамак, жеген ашың,
Экинчи — өмүр кошкон аял затың.

Үчүнчүсү ден соолук, тирлигиң,
Бул үчөөнүн сактоо керек бирдигин.

Бул үч нерсе — өмүргө кубанч берер,
Үч зыян бар — сен андан алыстай көр!

Ичкен-жеген — жашоого зарыл, керек,
Андан да кээде адамга зыян келет.

Үч манжадан тамакты жегин ченеп,
Ашыгы ашказанга күч келтирет!

Сиңирбесе тамакты — ич бузулат,
Ич бузулса — сыркоого жол ачылат!

Сыркоолук — ал ажалдын чабарманы,
Өлүм жаман, кутманым, куугун аны!

Да бир жыргал — кошулган аял затың,
Муздак суугa чайканып чыккандайсың!

Андан кийин төрөлөт бала-чака,
Өстүрүү уул-кызды — түйшүк таза.

Угуп ал бул жөнүндө жакшы ырды,
Айтылган аял, бала, сен тууралуу:

«Эң жыргал — жакын болуу аялыңа,
Зыяны — муздак суусун чачканы да.

Зыяны жок жыргалдар болор бекен?
Жыргалдан тапкан пайдаң ачуу тура!»

Самайбыз биз өмүрдөн дайым жыргал,
Бул жолдун буйткасы көп, күтөт куурал.

Канчалык таттуу болсо өмүр сүргөн,
Ошончолук катаал да өлүм деген!

Өмүрүңдүн душманы — үчөө делет,
Ак пейилим, жообун уккун, демек!

Бир душманың — кумарың, дагы — денең,
Эки душман бириксе чырмайт бекем.

Азезил, шайтан — болот үчүнчүсү,
Сактасын бул кырсыктан, кудай өзү!

Өз денең — жаман ишке түрткү берер,
Кырсыкка, кесепетке баштап жүрөр.

Кудай десең, качат да азезилиң,
Кумарыңды, тыя алсаң — тийет күнүң.

Өз денеңди өзүңдөн бөлө албайсың,
Ажал жетсе ажырап калары чын!

Акыл жүгүн көтөргөн адам айткан,
Акылдуу кеңешти угуп, ойлон, сактан:

«Өз денем — кайра өзүмдү кыйнап тынды —
Бирде күлкү, а бирде берет — ыйды.

Бүт дүйнөнү имер деп кысат, шыкап,
Бирде ачка, бирде ток тарттым азап.

Бирге жетсем, да бири сунат колду,
Ойлоймун ушуга эле жетсем болду.

Бул балээден кутулар күч таппадым,
Арылта көр азаптан, бир кудайым!»

Ал туура, денең — душман, улам тилеп,
Семирип кетээрлигин гана билет!

Өтө семиз байталың азоо келет,
Чабандести жыгат да, качып кетет!

Өтө семиз тайган да ууга жүрбөйт,
Аң уулоонун амалын такыр билбейт.

Карды тойсо — унутат чуркаганды,
Кеп эмес өз ээсинин кыйкырганы.

Дене да кичинекей кереметтей,
Тойдубу, керек жакка безип кетмей.

Тойгон соң, туралбайсың, умтулсаң да,
Дененин көп талабын кабыл кылба!

Тирүүлүктүн маңызы үч гана күн,
Калганы — көргөн түш да, караңгы түн.

Кечээки күн, да бири түн алдагы,
Эртеңди — элдин баары көрө алабы?

Андан өтсө санаба тирүүлүк деп,
Эстебе жашоого деп, болбогон кеп.

Аял менен катнашуу — заматтык иш,
Денедеги эркектик отту өчүрүш.

Өчүрөсүң тез эле кумар отун,
Мейли сулуу, а мейли көрксүз болсун.

Кекиртектин айласы карын камы,
Карды тойгон көздөбөйт көп пайданы,

Карын тойсо халва да, арпа да бир,
Калганы арбын калат — бербейт үзүр!

Жегениң шекер беле, халва беле,
Турасың ачка бойдон эртең эле.

Сөздү ук бир акылдуу кедей айткан,
Жүрөгү ак, көрөгөч келген абдан:

«Сен жедиң ширин тамак, казы-жалын,
Мен жедим — жалаң кебек, ичек-карын,

Бир тоюп экөөбүз тең уктап калдык,
Ушинтип өттү өмүрлөр, таң калбагын!»

Жыясың, дүйнө-мүлктү — калсаң өлүп,
Эки көз кенин менен коет көмүп!

Байсыңбы, кедейсиңби — ажал билбей,
Жашырат, көр ичине — мансап бирдей.

Болгону эки күндүк өмүрүңө,
Жанталашып арзыйсың мынча неге?

Байлыкты, дүнүйөнү дейсиң жыйсам,
А ажал сени аңдыйт жылдырбастан,

Кезегинде өмүрүң сенден качаар,
Шум ажал тамырыңды кыйып салаар.

Төрөлгөн соң өлөсүң, аргаң барбы,
Кайсы күнү өлөрүн билген барбы?.

Жаш кезекте самайбыз сакал-мурут,
Сакал чыкса — эңсейбиз илгери үмүт.

Агарса сакал-мурут — өлүм келет,
Өлүмгө дабаа болор күч жок демек!

Байлык деп отко салба өмүрүңдү,
Оорутпа зордоп, күчтөп көңүлүңдү!

Байлык деген ойлосоң шор суу келет,
Канча ичсең да канбаган суусун демек!

Адамдар ачкөз, окшоп чөлдө кумга,
Дайраны куйсаң дагы, калбайт ным да!

Тирүүлүктүн түйшүгү закымга окшош,
Жакындасаң алыстап, эч жолотпос!

Ал закым көрөр замат көздөн учат,
Артынан түшүп куусаң, алыс сызат.

Бекем кармап ким өзүн — кылса кызмат,
Бул оору жармаша албайт, алыс турат.

Азгырылып шайтанга сунба моюн,
Кумар— анын максаты, тилеги — оюн.

Өткөн өмүр токтолбой кетет ары,
Эч ким билбейт канчасы калды дагы.

Булгаба өмүрүңдү таза тургун,
Өлүмгө моюн сунуп, дуба кылгын.

Угуп ал ак пейил эр айткан сөзүн,
Ар кырсыктан тазартып туткан өзүн:

«Өткөрдүң куюндай бул түнүңдү,
Өткөрөсүң ошондой эртеңинди.

Өмүрдө көнөсүңбү, көнбөйсүңбү,
Тыныгуу аз, кыйнаба сен өзүңдү!»

Көп болду мында келдим, кырсык билбейм,
Күндөр өтүп, напсимди тыйгамын мен.

Сен мени шаар, элге чакырасың,
Напси кетсе — канткенде кутуламын?

Напси душман тараган бардык элге,
Тузагын жайып койгон бардык жерге.

Алданба, тыя жүргүн аны өзүң,
Акыл менен иш кылсаң сен жеңесиң,

Эрки бек түшүнүктүү мындай айткан,
Сөзүн ук, пейлин түзөп өзүн туткан:

«Өз денеңдин туткуну боло көрбө,
Туткун болсоң, ошого курманмын де.

Алдангандар азгырык кумарына,
Акылсыз алсыз жандар болот тура.

Напсиге эгерде ким берсе сыйын,
Андайды акылдуу деп айтуу кыйын.

Акылсыз деп айтабыз адамдарды,
Карынынын камында калгандары!»

Билими жок кишилер — жансыз өлүк,
Курсак тойсо ошону жыргал көрүп.

Бул дүйнөнүн кемтиги мына ушундай,
Түшүнгүн, айтып бердим эч жашырбай!»

---

## 43

## АКДИЛМИШ ӨТКӨРМҮШКӨ — БҮГҮН КЫЗМАТ ӨТӨӨ МЕНЕН, ЭРТЕҢКИГЕ ЭЭ БОЛУУ ЖОЛУН АЙТАТ

Айтты Акдилмиш: «Урматтуу, кутман адам!
Көңүл коюп тыңшадым жообуңду айткан.

Угуп ал бул сөзүмдү айтам ачык,
Акыл менен билимге болоор азык.

Бул дүйнөдө жоготуу, ачуу келсе,
Аны неге күчтөйсүң сен жүз эсе?

Кең дүйнөнү анчалык кылбагын тар,
Кулуна кудайымдан ырайым бар.

Азабына жараша жыргалы бар,
Күнөкөрлөр алардан сооп табар.

Азаптан корк, үмүттөн рахым де,
Сен сыйынсаң сообу — бир өзүңө.

Айыл, шаардан адамдар келип калса,
Оор жүгүн көтөрүп тоого барса,

Бүт дүйнө алар үчүн болмок өлүк,
Уланбай эл уругу, өсүп-өнүп.

Кудайым кулдарына жайды коштоп,
Куруптур, бири — бейиш, бири — тозок.

Адамзат — түйшүк тартат күнүмдүккө,
Күн өтөт алмашылып күндөн күнгө.

Тозокко — түшөт жандар кудай дебес,
Бейиш деле ачык го, жабык эмес!

Көз, кулакты жараткан эки кылып,
Турсун деп эки дүйнө көрүп, угуп.

Адамга эки колду берген эптүү,
Кармаганга бүгүндү, акыретти.

Адамга эки бутту берген тура,
Эки дүйнө такалбай басарына.

Ашкан эстүү кеменгер адам айткан,
Аны уккандар жашоодо атак тапкан:

«Акылы бар адамдар силерге айтам,
Сак болгула, абайлап ар кырсыктан!»

Эки дүйнө кудайым түзүп койду,
Келдиң бүгүн, эртеңге тарткын жолду!

Жараткан жаратыптыр адамды да,
Кумар менен напсиге тойбос кыла.

Карынга — аш, кийүүгө — кийим керек,
Түйшүк менен эмгекте өмүр сүрөт.

Тирүүнүн көр оокатсыз күнү болбойт,
Кийим кийип, курсагы тойбой койбойт!

А эгер тапкан болсоң адал дүйнө,
Кедейге энчисин бөл, алсын күндө.

Мол болбосо ичерге тамак-ашың.
Кыйналаар азап тартып кайран башың.

Кудайдан корк, а бирок кудай дегин,
Үмүтүң мээриминен үзүлбөсүн.

Ушул эки ой — милдетиң, унутпагын,
Кудай деп ак жолуңдан адашпагын.

Акылдуу адам сөзүн уккун тактап,
Нааданга ушул сөздөр акыл-насаат:

«Коркуу, үмүт — үзүлбөс эки канат,
Кармаган бул экөөнү — бакыт табат.

Кудайдын буйругун ук, күнөөкөр кул,
Азаптан мына ушул алып чыгат!»

Үмүт, коркуу — учууга эки канат,
Ар адамды асманга алып барат.

Үмүт кыл, коркпо өткөн күнөөң үчүн,
Кудайыма дитиңди бергин бүтүн.

Кул өмүрүн арнасын кызматына
Кул болгон соң кулдуктан танбасын да.

Сөздү угуп, ошого моюн сунса,
Осол болбой ой-ишин туура кылса.

Кедейсиң, тобо кылгын карап турбай.
Түшүнгүн, кедей деген күнөөгө бай.

Эл ичинде, түшүнгүн, алсыз сенсиң,
Бардык элге иш-сөздө ак дил берсин!

Мынакей, билгенимдин баарын айттым,
Кеңешти угуп, ак сөздөн баар тапкын.

Албасаң эгер кабыл — айтканымды,
Түшүндүр, мен угайын, бар сырыңды?

Узун сөздөн пайда жок айткан менен,
Маңыз сөздүн мааниси болбойт экен!»

### *Өткүрмүштүн Акдилмишке айткан жообу*

Башын мыкчып Өткүрмүш көпкө туруп,
Кайрадан коногуна жүзүн буруп:

«О, боорум,— деп баштады — мага кыйын,
Чыныгы айттың сөзүн туугандыктын.

Жакшылык мага тилеп айтып өттүң,
Теңирим тилегиңди кабыл этсин!

Байкап көрүп бул иштен, таппай турам,
Пайда жагын, баатырым эмне кылам?

Көңүлү чаппагандан адам — качат,
Көңүлсүз бүткөн ишиң кайра — азап.

Акыл менен иш кылган адам айткан,
Эл сүйүп, элге жакшы сезим тарткаң:

«Кандай ишке келсе эгер киришкин,
Эң оболу көңүл менен кеңешкин.

Адамдарга айтып берип акылдаш,
Көңүл чалса, мына ошондо жакындаш.

Баарынан өзүңө өзүң эң жакының,
Көңүл чаппас иш болсо урунбагын!

Көңүлсүз бүткөн иштен чыкпайт майнап,
Пайда эмес, зыян чыгат анда жайнап!»

Мындай ишке жүрөгүм чаппай турат,
Бул сөздөн анан кантип майнап чыгат.

Кечирип кой өзүмдү, сурайм эми,
Өз жайыма койсоңчу тийбей, мени!

Мен Эликке эч пайда бере албаймын,
Жайыма кой, эч кайда бара албаймын.

Элден качып жашагам — ушул чөлдө,
Кайра кантип артыма,барам элге?

Кудайга деп өмүрдү касам ичкем,
Эми кайтуу артыма,болбойт, ишен

Жөн кой мени, сыйынып теңириме,
Сен үчүн да дуба окуймун, эми күндө.

А кокус мени дагы көргүң келсе,
Мен барайын өзүңө, издеп келбе.

Мен куурайын, сен гүлдөп, бүрдөп өнгүн,
Эликке кызмат өтөп, убай көргүн.

Мээрман адам айткан сөздү тыңша,
Жакшылык кылган жакшы жакынына:

«Эл үчүн көңүлү оорур ачык адам,
Ишке ашат тилек-ою — ардактаган!

Ак пейилден жол жүрүп, жетем деген,
Өз тилегин чарчабай табат экен.

Адамды бийлеп алса асыл максат,
Чарчабайт, ак тилегин акыр табат!»

Айтыптыр элге жаккан адам жакшы,
Чынчылдыктан ал тапкан атак-даңкты:

«Көңүл чапса ыраак жер жакын болот,
Жакшылык көңүлүңө болсун конок.

Бир карыш Батыш, Чыгыш аралыгы,
Ишеним коштой жүрсө сени жолдоп!»

*Акдилмиштин өткүрмүшкө айткан жообу*

Жооп берди Акдилмиш: — «Айткан сөзүң,
Эшиттим, угуп тургун эми өзүң.

Өзүң бил, жете бергин тилегиңе,
Зордобойм, кир сактаба жүрөгүңө.

Сөз бүттү, жашай бергин аман-эсен,
Уят кылбай кат жазгын, ала кетем!

Элик сага кат жазган өз колунан,
Барбайсыңбы, кат жазгын, ала барам!

Анда мен жообуңду ала кетем,
Он толгонуп оюңду жазсаң экен.

Толук жазгын калтырбай, унутпагын,
Мен жөнөйүн Эликке, тетик жаным!»

---

## 44

## ӨТКҮРМҮШ ЖООП ЖАЗЫП ЖӨНӨТКӨНДҮГҮ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Жооп берди Өткүрмүш: «Тетик адам,
Керек десең кат жазып берем саган»

Сурап алып кагазды, сыя, калам,
Эликке катты жазды баштап анан,

Кудайды атап тобо кылып демденди,
Жаратканым кечирээрсиң пендеңди.

«Мен кудайга тобо кылам дилимден,
Миң мертебе ыраазымын бүгүн мен.

Ал жасады» асман-жер, Айды-Күндү,—
Күн жарыгын жана да көөдөй түндү.

Жан жаныбар жаратты миң-сан кылып,
Тирилигин улантты аш-жем сунуп,

Өзү жалгыз жаратты эки дүйнө,
Сөз менен айтуу кыйын, болот күнөө.

Ал жалгыз, бардык жерде, көрүнбөгөн,
Кездешкен оюң менен, көңүл менен.

Ал жалгыз , күчтүү жана бийик турат,
Кадырлап аалам эли тооп кылат.

Кол алдында тургандын — баарын түздү,
Мээрим менен бөпөлөп тегиз күттү.

Түн эле ушул дүйнө капкараңгы,
Эрки менен теңирим Күн жаратты.

Үстүбүзгө жаратты көк асманды,
Кошо түздү Күн, Айды, жылдыздарды.

Кара жердин үстүнөн суу агызды,
Салкын желди жүргүзүп от тамызды.

Жерди, сууну, ысык менен аптапты,
Баарын түздү, бардыгына жай тапты.

Бардыгы анын эрки: кызмат — сыймык,
Жасалма сыйынганга наалат кылдык.

Ал каалап «Бол» дегени болуп турат,
Айтканы ошол замат орундалат.

Миң алкыш кудайымдын элчисине[1]
Жол көрсөткөн дайыма пендесине.

Эликке дуба кайрып, жооп жаздым,
Дени сак жеткире көр, өзүң бачым.

Элик мага кат жазып, урмат кылды,
Аны окуп, көз ачылып, көңүл тынды.

Кубанам акыл-насаат. сөздөрүнө,
Ак сөзү баалуу сыйлык бир өзүмө.

---

[1] Курандагы Мухаммет пайгамбар туурасында айтып жатат.

Өкүмдардын өтө зор убадасы,
Курсак ток, кийим бүтүн, сыйың жакшы.

Мындай сый-урматтарды көргөн адам,
Тартынбайт ааламды алты айлангандан.

Сый көрсөм өтөбөстөн кызматыңды,
Кыйын болоор баалашым жакшылыкты.

Бирок мунун зыян жагын карагын,
Барсам сага кийин тийээр залалым.

Биринчиден — билбеймин иштин жайын,
Кызматым кыйын болоор элге дайым.

Иш кылуунун билбейин жол-жобосун,
Билбесең үрп-адатты начар кулсуң.

Экинчиден, бул дүйнө катаал экен,
Чагымынан күнөөгө батаар бекем?

Бир кудайга ишенип, сыйынамын,
Кудайым ыйманымды сактайт дайым!

Ичер тамак, киерге кийим демек,
А мага мындан бөлөк эмне керек!

Жакам бүтүн, ичээрге тамагым бар,
Буйруганы кудайдын болор даяр.

Теңирим өмүр берди, сактап келди,
Дагы да бир кудайым жөлөөр эми.

Энчиңди берген экен кудай сага,
Эмнеге мерез болсун анан мага.

Күүлү болсом, кедейлигим, байлыгым,
Бир кудайдан, кубаныч же кайгы, муң.

Тобо кылып, бактым кудай эшигин,
Эң акыркы барар жерим, чечимим!

Мейли барып босогоңдо түнөйүн,
Жашоо үчүн анда эмне тилейин?

Экөөбүз тең бир кудайдын кулубуз,
Алдында анын бирдей тагдыр, кунубуз.

Кулга кулдун бөйпөңдөшү болобу,
Кулга кайра кул болгондор оңобу!

Адамдын намыс-ары күчтүү болсо,
Кудайга кулдук урсун ал ошончо.

Дили таза бир адам жакшы айтыптыр,
Кулак алып ушуга, көңүлдү бур:

«Ачка-токко сыйынба, текке турат,
Ал ишинден акыры эмне чыгат?

Бир кудайга сыйынуу болсун адат,
Күнү-түнү сыйынган баар табат!»

Төрт өтүнүч айтайын уккун, Элик,
Дуба кылам өзүңө көңүл бөлүп;

Түбөлүк өмүр берип, өлбөс кылгын,
Жашайын жигит бойдон, карытпагын.

Ден соолугум чың кылгын, оору бербей,
Бай кылгын, кедейликти өтсөм көрбөй.

Аткарсаң төрт тилекти кулмун дайым,
Өмүрүмдү өзүңө сарп кылайын.

Өтүнчүмдү кабылдап уксаң эгер,
Кулуңмун, өмүр бою кызмат өтөөр.

Муну иштөөгө келбесе, алы-күчүң,
Айырмаң не өзүмдөн, айтчы өзүң!?

Ичээрим, кийерим да — менде даяр,
Жана да керегимди кудай табаар.

Кудайымдан жакшы атак, жаман үлүш,
Эрки анын узак өмүр, өлүм бериш.

Түшүнүп кабыл туткан — эстүү, бийик,
Башкача жолу барбы, айтчы Элик?

Бир кудайым өзүмө таяныч-жөлөк,
Бул жүктү өзүңө алып эмне керек?!

Сага өтсөм, өзүм сени коргоом керек,
Бул жерде кудай мага коргонч — көмөк!

Сен тойбосоң, тамак жок мага дагы,
А кудай өзү жебейт, менде камы.

Көңүл чөксө кыйналбайм айтамын деп,
Айттырбай ойдогуну өзү билет.

Күзөтчүсүз жашаймын, чочуу болбойт,
Бардыгынан бир кудай өзү коргойт.

Жаза бассам бир жолу кечирбейсиң,
Миң күнөөмдү кудайым кечет бүтүн.

Күнөөлүүнүн сөзүн ук таамай айткан,
Көңүл сырын апачык даана тапкан:

«О, кудайым, мээрманым, теңирим,
Бийлик кылат, сенин адил амириң!

Көңүлсүздүн сенсиң сүйөк-өбөгү,
Жардылардын сенсиң арка-жөлөгү.

Сыркоого — шыбаа өзүң, муңга — дабаа,
Кырсыкта — көмөкчүсүң, дос — жалгызга.

Кубанчым, сүйүнчүм да менде болгон,
Жараткан, бир өзүңдөн — алган олжом.

Теңиримдин алдыңда күнөөм арбын ,
А сенин мээримиңе жетпей калсын!

Кечир мени, сага оңой, күч өзүңдө,
Кыйнаганда не пайда? Кыйнай көрбө!

Күнөөкөрмүн, а артык сенде мээрим,
Байкуштардын кечиргин күнөөлөрүн!

Жазабы — татыктуумун,— жазалагын!
А кечсең — сен кененсиң, кечир баарын!

Билесиң ушул жерде мен жалгызмын,
Билемин алыс жерде сен жалгызсың,

Күнөкөрмүн, кыйналам кайгы тартып,
Сен — боорукер, жакшылык сенде артык.

Дилим ак — аманатка жаным даяр,
Таппадык башка аманат сага жарар!»

Бул дүйнө көз ирмемдей кыска, Элик,
Башталат да, тез эле кетет өтүп!

Кур кыялга алданып эмне керек,
Күнүмдүккө баш уруу эмне берет?

Карасаң: атаң, иниң баары өтөт,
Энең да, уул, бүлөң баары кетет!

Ажал жеткен өлөт да, калган тирүү,—
Кара жерди жамынат бүтсө күнү.

Бошоң болбо, чечкиндүү болгун Элик,
Өмүрүңдө жакшы атың болсун бийик.

А эгер өткөн өмүр кетсе текке,
Келечекки күнүңдү булгап өтпө.

Алгының өткөн күндүн жакшыларын,
Эртеңкиге кам көрүп даяр баргын.

Мен болсом, акыл толгоп, тапкан ак сөз,
Бул жерден сага баруу зарыл эмес!

Жүрөгүмдөн жеридим бул өмүрдү,
Ишенгеним кудайым, жок бөлүнүү.

Жайыма кой, өзүмчө өмүр сүрөйүн,
Мында сага дуба окуп жүрөйүн.

Барганымдан пайдам кандай сен үчүн,
Өзүңдү өзүң колдой билгин, кеңешим.

Мага окшоп алыс болгун адамдардан,
Мага да, сага да жок пайда андан.

Ушул жерде өткөрүп калган күндү,
Жаратканга өтөйүн милдетимди.

Жетиштүү мага баары — калганы бош,
Бул өмүр негизи жок, көңдөйгө окшош.

Өмүр өтөт токтолбой бороон болуп,
Бу дүйнөдөн түңүлдүм, эми толук.

Карыным — ток, кийим — бүтүн турушум,
Пайдасы жок жыйган байлык курусун!

Кийми бүтүн, карды ток киши айткан:
«Колунда бар киши эле өзүнчө хан!»

Ыраазы киши айтыптыр тагдырына,
Эркиндикти байлыктан тапкан тура:

«Бергенине тагдырдын карыным ток,
Кийимим — үстүмдөгү, башкасы жок.

Тирүү болсом табаармын ырыскымды,
Кудайымдан ырайым калбас токтоп!»

Кызмат кыл деп чакырса Элик мени,
Менде жок, акыл менен билим жөнү.

Эл ишине жарайт деп жүрсө эгер,
Ачык айтам, менде жок андай өнөр!

Иш тууралуу сөз болсо — начар жанмын,
Миң киши үчүн иш кылат бир тууганым.

Мени мактап, о Элик, келсе айткың,
Өзүңдү жакшы тутуп, өздөн тапкың.

Миң жакшылык кылам деп жулкунбагын,
Ак жолуңа бет буруп жакындагын.

Миңдеген мыктыларды топтоп көптөн,
Кызматына өзүнүн Элик чеккен.

Эликке менден кандай жардам болот?
Пайдасы жок ишиңдин — майнабы жок.

Суранам кыйнай көрбө мени бекер,
Жайыма кой, кыйналбай, күнүм өтөр.

Көп нерсени айтканга куштар элем,
Калганын бир тууганым айтаар кенен!»

* * *

Сөзүн бүтүп, бүктөдү катты бекем,
Инисине карматты үмүт менен,

* * *

«Баары ушу,— деди ал,— жашырбадым,
Билесиң катка эмне жазылганын.

Түшүнсүн Элик сөзгө, айт дагы да,
Жөн койсун мени мында, өз жайыма.

Элчилер жооп кабар алып барат,
Сен дагы ушул ишке койгун жарап.

Үч-Ордонун ханы айткан, жакшы түшүн,
Бүт элге насаат кылып айткан сөзүн:

«Элчи деген сөздү так айтып барат,
Сөздүн чынын жеткизип абийир табат».

Түрк ханынын сөзү да абдан жүйөө;
«Элчи чынчыл — ак сөзүн бөлбөгүлө!»

Ак сүйлөгөн элчиге өлүм болбойт,
Сөзү, тили дайыма аны колдойт.

Элчиде сөз жеткирүү милдети бар,
Ак айтса — ажал деген андан качаар!

Элчи болсо адил сөздүн устаты,
Ага сый бер, ушул сөздүн кыскасы!»

### *Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу*

Жооп берди Акдилмиш: — «Айттың сөздү,
Тыңшадым ынанымдуу эптүү кепти.

Жооп кылып катына — катты жаздың,
Бери бер ал катыңды, тапшырайын.

Бирок да эскертейин сөздү тыңда,
Өкүмдар жөн калтырбайт сени мында,

Жөнөтөт кайра мени алып кел деп,
Максаты — ордосунан орун бермек!

Кайрадан дагы мени жолго салат,
Барбасаң — капа болот, ачууланат!»

### *Өткүрмүштүн Акдилмишке айткан жообу*

Бул сөзгө Өткүрмүштүн айткан жообу:
«Жүрөктөрдү сыздатпай жөн коелу!

Ишенгин, кете албаймын ушул жайдан,
Экинчи кайра келүү — кур убараң.

Баш тарткан соң асылуу — катуу азап,
Калса сөзүң жоопсуз — өтө уят!

Сөзүн ук акылы артык бир адамдын,
Көрүптүр жакшылыкты, кордукту арбын:

«Бербегенди сураба зордук менен,
Табалбасты издебе кордук менен!

Алыс жолго камынсаң жөө чыкпагын,
Чыктыңбы — өз жүгүңдү оор дебең!»

Жөнө — деди Өткүрмүш,— жолуң алыс,
Кайра келип убара болбо, намыс!»

*Акдилмиштин Өткүрмүшкө*
*айткан жообу*

Ордунан туруп айтты Акдилмиш «Мен,
Сөз калбады, кошкунуң, эми кетем!»

* * *

Агасы Акдилмиштин узатты да,
Бардыгын баштан аяк айты ага.

Атка минип Акдилмиш кетти кайтып,
Үйүнө келип түштү, эшик ачып,

Күн кызарып жашырды жерге жүзүн,
Кара кундуз жамынды асман бүтүн.

Көмүрдөй дүйнө кара чөктү түнгө,
Көз жумулуп — уйкуда чөйрө мүлдө.

Акдилмиш жатты салган төшөгүнө,
Мемиреп уктаган соң, турган эле.

Чыгыштан жалын ойноп, боелду бел,
Келиндей жүзүн ачып ойгонду жер.

Күндүн күлгөн чарасы чыга келди,
Аалам жайнайт ачылган бермет өңдүү.

Үйдөн келип, Ордого эртең менен;
Кабыл ал деп өтүндү ал Эликтен.

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

«Өткүрмүш кандай жатат?— деди Элик,—
Баяндачы суроомо жооп берип.

Эмне дейт, оң болдубу барган ишиң,
Келеби, көрөбүзбү анын жүзүн?»

Акдилмиш катты берди, сөздү сактап,
Катты ачып, Элик аны окуду бат.

Бир кызарып, кабагы кайра ачылып,
Үшкүрүп туруп калды ойго батып.

Деди: — «Агаң суук сөздөн териптир,
Жибек берсем, тикен түйүп бериптир.

Бирок да чындык сөздөр күнөө делбейт,
Сөзү ак, чындык дайым таттуу келбейт!

Каттан башка, мага айтаар болсо сөзүң,
Түк калтырбай айтып бер эми өзүң!»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

Кабарды сөзү менен толуктады,
Чындыкты жашырган жок, айтты аны.

«Биз — деди көпкө чейин маектештик,
Бирде ал, бирде өзүм кезектештик.

Сүйлөсөм өзүм көпкө, жооп кыска,
Кыстасам — жерди карап турду кайта.

Кандай айла кылсам да — эч болбоду,
Токтосом, мурункудай бар болжолу.

Айткан сөзүн топ-толук уктуң Элик,
Ою терең, акылы андан жетик.

Ооба, чын, кокус жүрөк калса муздап,
Адамды анда кырсык калат кыстап.

Жакшы айтыптыр тартынбас баатыр адам:
«Жүрөгү муздаган жан — эрксиз абдан!

Бүт денеңе бир гана жүрөк башчы,
Башчы артынан калганы жөнөйт жалпы.

Жетем десең оюңа — тапта жүрөк,
Болбосо жүрөк байкуш калат жүдөп!»

*Эликтин Акдилмишке*
*айткан жообу*

«Ооба, — деп Акдилмишке айтты Элик, —
Адамдыгы агаңдын абдан бийик.

Сөзүн угуп, сезбесем оюн терең,
Укпасам зор билимин болмок экен.

Сөзүн уктум — көңүлүмдөн өткөздүм,
Кантсең дагы тилегиме жеткизгин.

Өз элимде менин сөзүм өтпөсө,
Баркым кайда, чакырганда келбесе!»

*Акдилмиштин Эликке айткан жообу*

Жооп кылды Акдилмиш: «Кутман Элик,
Эл ичинде бир өзүңдө зор бийлик!

Айткамын сүйлөшүүнүн акырында,
Элик кайра жиберет — келем мында.

Калтырбайт арасында сени тоонун,
Дегемин, ыгы менен айткам оюм.

«Келбегин — деген болчу ал өтүнө,
Күчтөбө мени кыйнап!» — деген эле!»

*Эликтин Акдилмишке айткан жообу*

Элик айтты: — Сөзүңө түшүнгөнмүн,
Бирок бул жаңылышуу — жакпайт кебиң.

Бир нерсе баштап койсоң, ошол замат,
Ишке ашпаса максатың жолдо калат!

Өкүмдарга оңойбу болуу — күчтүү,
Аткарылбай отурса жарлык эрки!

Өкүмдардын улуулук бир белгиси —
Аткарылып турганда айткан кеби.

Көңүлдө турган ишиң, жылбай турса,
Андайда собол бирөө — бүтүр, тынба.

Бул тилегим — өзүмдүн кесел сымал,
Табылбаса дарысы — жалмап тынар!

Угуп ырды мына бул жаттап алгып,
Ойдогу максатты бил, сен ардагым:

«Болсо да ар кеселге дабаа, дары,
Жеңил колдуу эмчиден табуу аны.

Көңүл арзып, жетпесең максатыңа,
Издеп, тапсаң сакаят адам жаны!»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

Акдилмиш айтты дагы: «Элик кутман!
Айыкпас кесел болбойт чектен чыккан.

Элик болсун дени сак, узак жашаар,
Курмандыгың болууга кулуң даяр!

Сүйлөдүм убадамды бузбай толук,
Кайгыруга себеп жок кутман улук.

Бул тууралуу сөзү бар акылмандын:
«Айтылган сөздү жерде калтырбагын!

А бирок унчукпоо да кээде пайда,
Тилимден кыйла кырсык таптым кайра.

Сүйлөбөсөң кул болор, сөзүң сага,
Сүйлөп койсоң кул кылар сени кайра.

Ойлоп сүйлө, шашылба айтар сөздү,
Орунсуз сөз аягы өкүнүчтүү!»

Ойлобогом, эстүү жан Өткүрмүштү,
Чакырсаңыз келбейт деп, укпай сөздү.

Элик күтөт, а мен го жүз миң эсе,
Жардамын күткөн элем көзүм тешe.

Ойлогом бириктирсек аракетти,
Элик үчүн жасайм деп дагы көптү.

Бирок да мен канчалык айткан менен,
Каршыгып туруп алды өтө бекем.

Керек болсо — кайрадан барам дагы!
Айтайын, көндүрөрмүн балким аны!

Элик ага жаңы кат жазып берсин,
Ал окуп, чын ынанып мага көнсүн!

*Эликтин Акдилмишке*
*берген жообу*

Элик айтты: «Кат жазып койсом колду,
Анын жообу көз жаштан ачуу болду.

Жаңы катты жазганда эмне кылам?
Кат ордуна өтөөрүм сен деп турам!»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

Айтты Акдилмиш: «Сөзүм ук, кутман Элик,
Көрсөң боло дагы бир кат жиберип.

Элчи сөзү адилет, түз болсо да,
Кат жок болсо, куру сөз болот анда.

Кат деген — таанышыңа көңүл, салам,
Далил болсо, куулукка жол калбаган!»

*Эликтин Акдилмишке*
*айткан жообу*

«Болуптур,— деди Элик,— керек десең,
Кат жазам — өз оюмду айтып берем.

Кат — кагаз, каттан майнап күтпөө керек,
Ийгилик жалаң каттан келбейт, демек!

Керек сөздү ага сен өзүң айткын,
Чакырып, келтирүүнүн жолун тапкын!»

---

## 45

## КҮНТУУДУ ЭЛИК ӨТКҮРМҮШКӨ ЭКИНЧИ КАТТЫ ЖӨНӨТКӨНДҮГҮ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Алдырып ал өзүнө кагаз-калам,
Кат жазууга киришти Элик анан.

Баштады кудай атын түйүп эске,
Жараткан, кечиримдүү бир өзү де!

«Миң-сан алкыш кубаттуу теңириме,
Мээриминен күн көрөм ушул күндө.

Теңир таза, адилет күндөй оттуу,
Жаратат жоктон барды, бардан жокту.

Акыл менен көңүлдү бирге кармап,
Башыңды ий жаратканга дитиңди арнап.

Ал дароо каалаганын ишке ашырат,
«Бол!» дегени алдына жаралат бат.

Жаралгандын баарына тирилик берди.
Ага тете жаратты өлүмдөрдү.

Кадырлуу, кадырсызды бир жаратты,
Кичине, чоңго дагы өзү башчы.

Бир да дан теңир сөзүн укпайт өзү,
Анын эркин токтотуу болбойт дечи.

Миң эсе пайгамбардын даңкы артсын,
Кудайым ак жолуна мени тартсын!

Макталсын ишенимдүү достору да,
Кудайым ошолордон мени айырба!

Оболу жүз миң алкыш айтам сага,
Ак дилден айтаарым көп сага гана.

Чын дитимден жазамын бул катымды,
Билдирчи, акылманым абалыңды!

Жибергемин кабарды иниң менен,
Оюмда чогуу болсок деген элем.

Чакырсам каалабадың, бир келбедиң,
Кол алышып, жүзүмдү бир көрбөдүң.

Катты берип, оюңду айтты иниң,
Калтырбай айтып берди баарын бүгүн.

Катыңды окуп түшүндүм сөздөрүңө,
Дагы кайра чакырамын кел өзүмө.

Балдан ширин сөздөрдү айтсам сага,
Удан ачуу жообуңду бердиң мага.

Эми дагы ойлонуп, сөзүмдү уккун,
Түшүнүүгө умтулуп талдап чыккын.

Ишенимди ээрчидиң тоо ичинде,
Ак жол кууган адамсың ушул күндө.

Жүргөнүң — элден безип, ак жол улап,
Даңкталып эл ичинде көп айтылат.



20—2190

Өзүң үчүн иштейсиң бул ишиңди,
Өзүңө зыян кылып жүрбөйсүңбү!?

Эл көзүнө көрсөтүп өтөгөн иш,
Бийик баасын жоготуп коет имиш.

Кудайга сыйынганың ыйык келет,
Жалпыга жарыялоо — уят делет!

Каалаган кулун сактайт кудай өзү,
Алардын ишин баалоо элге чеки.

Кудай кулу билбейт да өз керегин,
Ким билет — кудайымдын түшөөр эмин?

Элге келип жашагын арасында,
Билинбей көп ичинде турасың да.

Адал мал тап өзүңдү өзүң сүйүндүр,
Ачты тойгуз, тоскондорду кийиндир.

Эр адам боорукер да, жакшы жүргөн,
Эки дүйнө кем болбойт эч нерседен.

Келгенди каалабаган адамды уккун,
Акылдуу адам айткан сөздү туткун:

«Боорукердик иш менен жакшы ат тапкан,
Эки дүйнө кем болбойт бардык жактан.

Күнүмдүк оокатыңдан ашык нерсе,
Өзүңө оор жүк да басып жаткан!»

Адамдарга кызмат кыл, акылманым,
Эл кызматы — милдети жакшы адамдын!

Сен менде мусулманга кызмат кылгын,
Олуям, чакырамын бирге тургун!

Сен элге жөлөк болгун көңүл бөлүп,
Эл кызматын кылбаган — тирүү өлүк!

Адам эмес — жалаң өзүм дегендер,
Чыныгы адам — элдин камын жегендер.

Байлык, дүйнө чогултуу жайсыз өнөк,
Жакын үчүн жаныңды берүү керек.

Өзүнчө тынч жашаган — жакшы эмес,
Эл менен, бирге болуп, бирге кеңеш.

Боорукер деп кимди айтат, айтчы мага?
Жообуңуз, о акылман, болсун даана!

Баары айтат жакшы адамды боорукер деп,
Куткарган кайгы-муңдан адамды көп.

Акылдуу, билгир адам ыкка көнүп,
Айткан сөзгө назар сал, көңүл бөлүп.

Сөздөрүмө ынансаң, карап турба,
Куру жоопту койгун да, келгин мында!

Узун сөз уккан жанды зериктирер.
Акылдуу сөз аз болоор, даана тийер.

Ашык сөздү улантпа, болду эми,
Акыл-ойду аркалоо иштин жөнү!

Сөз калса дагы катта айтылбаган,
Өз иниң айтып барар баарын саган!»

* * *

Катты бүтүп, каламын таза жууду,
Кургатып сыясынан, бүктөп-бууду.

Ал катка мөөр басып, тынчып калды,
Акдилмиш сунган катты колуна алды.

Элик айтты: «Жеткиргин катты дагын,
Акдилмиш, айта баргын иштин жайын.

Колдонуп билгениңче амалыңды,
Эл ичине келтиргин сен агаңды.

Не тилесе, айтсынчы, мен билейин,
Ал келген соң аткарам бар тилегин!»

* * *

«Мейли» — деди Акдилмиш, жүрүп берди,
Ошол замат үйүнө кирип келди.

Үйгө кирип, олтуруп, ичип-жеди,
Кыйшайып жамбаштады, алып серүү.

Рум кызы жашырды жүзүн жерге,
Дүйнө жүзү жамынды кара көрпө.

Асман бетин чулгады кара бүркүт,
Бүт дүйнөгө чачылды пырлары бүт.

Төшөгүнө кыйшайды ойго батып,
Агасына сүйлөөрүн нени айтып.

Уктап кетип, ойгонсо өзү билбей,
Көзгө сайса көрүнгүс түн көмүрдөй.

Уйку качып ал турду төшөгүнөн,
Караңгы түн өңүрүн түргөн экен.

Күн чыгып алтын жүзү чачыраптыр,
Бермет нуру дүйнөнү бүт каптаптыр.

Ал туруп, багымдатты окуй салды.
Намаздан соң, кудайга дуба кылды.

Карматты атын дароо бир балага,
Токунуп, жүрүп кетти үмүт жана.

Үйгө жетпей алыстан аттан түштү
Жөө басты дуба окуп улам күчтүү.

Жакын келип акырын эшик какты,
Ошол замат агасы эшик ачты,

Капканы ачып, туура эле босогодон,
Көрүштү, кучакташып ошол бойдон.

Өткүрмүш кучакташып кирип келди,
Өбүшүп, ага төрдөн орун берди.

*Өткүрмүштүн Акдилмишке*
*берген суроосу*

Ал сурады: «Неге сен түйшүк тарттың,
Артыңа эмнеликтен кайра кайттың?

Жоопту өзүм айткан уккан элең,
Кыйнайсың неге өзүңдү, мени да сен!

Көптү билген, адамдын сөзүн уккун,
Жамандык,жакшылыкты билгени чын:

«Акылдууну билесиң бир көргөндө,
Чечендигин баалайсың сөз келгенде.

Алтын менен колонун айырмасы,
Билинет кайрак ташка бир сүргөндө!»

*Акдилмиштин Өткүрмүшкө*
*айткан жообу*

«Сага,— деди Акдилмиш — ооруйт боорум,
Ачууланып сен мага, док койбогун!

Буйругуна ээсинин кул кубанат,
Айтканын ошол замат так аткарат.

Айтканыңды жеткирдим өкүмдарга,
Маанисин бузбай айттым өзүм ага.

Ал сага кат жиберди кайра дагы,
Мынакей,— катты сунду,— алгын аны!»

*Өткүрмүштүн Акдилмишке*
*берген суроосу*

Өткүрмүш катты алып, дароо ачты,
Окуду, анан терең ойго батты.

Өзүнчө күнгүрөндү: «Себеп барбы,
Кайсыныма, өкүмдар, каарына алды?»

---

## 46

*Акдилмиш менен Өткүрмүштүн*
*экинчи маеги туурасында айтылат*

Жооп кылып Акдилмиш айтты ага:
«Эй, боорум, кулак салып, укчу мага!

Жакшылык сага Эликтин тилегени,
Жакшынын жакшылыкты тилөө жөнү.

Бул жерде баш урасың ишенимге,
Жакшылык жандап жүрсүн түбөлүккө!

Жакшы иштин — эң жакшысы элде болуу,
Өзүңө айткан элем мен ошону!

Дүйнө куту — жамандык эмес, анча,
Аны тапкан бактылуу, алда канча.

Олуясың, о дүйнө көздөп жүргөн.
Бул жолуң — жакшылыктуу, аны билем.

Бул жашоону өгөйлөп жалган дебе,
Өзүң ал, жарпын жазып бергин элге!

Жоомарт адам айтыптыр жакшы сөздү,
Аны окуп, көңүлгө түй, эстүү киши:

«Байлык деген — жакшы ишке болот көмөк,
Көп кырсыкты, ооруну ошол жеңет.

Колунда бар — билимдүү, акылдуу да,
Көп жакшылык кол сунса келет ага.

Бай адамдын тилеги ишке ашат,
Көтөрүлөт бийикке, болбойт такат.

Зыярат кылам десең — дүнүйө тап,
Аскердик атакка да жеткирет бат.

Алыш-бериш дүйнөсү болбой турса,
Андайдын ар бир иште колу кыска!»

Сен неге бул чындыкты унутасың,
Жакшы сөздү, кеңешти, кор тутасың?

Баркы жок зыяратка ким ишенет,
Жок болсо ичер тамак, кийим-кечек!

Кудай жолун табабы сыйынуудан?
Сыйынгандын жолу тар, ыйык абдан!

Миңдеген, «зыяратым бек» дегендер,
Алдастап ажал келсе шашып кетер!

Миңдеген сыйынбаган күнөөлүүлөр,
Ажал жетсе, шашылбай жолдуу кирер.

Билемин, бир кудайга жагар ишиң,
Жалынгын кечиргин деп күнөөм үчүн!

Билип болбойт сыйынуу жолун анык
Андай болсо не керек кур кыйналып!

Сыйынуу керек болсо, андай жерде,
Айтар сөзүм — калтырбай баарын өтө.

Айтканымды ойлонуп талдап көргүн,
Таразалап бардыгын, жооп бергин.

Сөздөрүмдү айтылган туура көрсөң,
Көңүл түсүм, түшүнүп уксаң экен!

Кур кыялга кул болбо, көңүл түздө,
Аралашып эл менен, жүргүн бизде».

*Өткүрмүштүн Акдилмишке*
*айткан жообу*

Өткүрмүш жооп берди: «Эсиңе алгын,
Кайгыртып тамагыма ууну салдың.

Мейли эми сөздөрүңө ынанайын,
Кызмат кылып Эликке мен барайын.

Кызмат үйүн — үрп-адат билүү керек,
Ошондо ишиң — сөзүң туура келет,

Кирип, чыгып, отуруп — туруу жайын,
Билбегенге машакат болот дайым.

Кызмат ишти билгендин уккун сөзүн,
Көптү көргөн, кызматтын тапкан көзүн:

«Бектер үчүн кызматты өтөйм десең,
Дил, көңүл-сөз дайыма туткун бекем.

Кызматтын жол жобосун үйрөнүп ал,
Билген иштин үзүрү болот бекем!»

Көп болду, мен жашаймын элден алыс,
Ишти, сөздү билбеймин, айтам калыс.

Анан мен бекке кантип кызмат кылам,
Мен үчүн эшик жабык билип турам!

Эмне үчүн күчкө салып мени кыйнайт,
Бул сөздү бирин койбой Эликке айт!»

*Акдилмиштин Өткүрмүшкө*
*айткан жообу*

«Жообуң,— деди Акдилмиш,— жооп эмес,
Акылманым, сөзүңдү чындык дебес.

Элик андай иштерге кечиримдүү:
Отурсаң, турсаң эркин, бил өзүңдү!..»

*Өткүрмүштүн Акдилмишке*
*айткан жообу*

«Жок, болбойт,— деди Өткүрмүш,— ушул сөзүң,
Урматтуум, билип турам эп келбесин!

Сага да, мага дагы жарашабы,
Жол-жобосуз туш келди бекер каңгуу?

Бийликти кармап туруу, элдин ичи,
Тартип сактоо өлкөдө бектер иши.

Бийликтерди жүргүзүү — өкүмдарда,
Адамдар баш ийишип көнгөн заңга.

Өкүмдарга, бийликке күч берилген,
Башкар деп өз элиңди акыл менен!

Эл башкарган өкүмдар жакшы айткан,
Акылы, иши менен элге жаккан:

«Бийлик кылчу адамга акыл керек,
Эл башкарчу болгону оң — баатыр жүрөк.

Анан да кызматчысы ак дил жүрсүн,
Жол-жобосун ишинин жакшы билсин.

Ошондо өкүмдардын артат күчү,
Жоосун жанчып, касынан кайтат өчү!

Эгерде тартип, заңды урмат кылсаң,
Жарашабы ага бут тосуп турсаң!»

*Акдилмиштин Өткүрмүшкө*
*айткан жообу*

«О, боорум,— деди Акдилмиш — не деген сөз?
Аракеттүү адамга — кыйын эмес!

Тартип, заңды, ишенгин жакшы билем,
Ойлонуп айтканыма кулак сал сен.

Билбегенди үйрөнүп алса болот,
Билип алсаң колуңа бакыт конот!

Бул тууралуу билерман адам айткан,
Акылсыз — анын сөзүн бек тутпаган:

«Акылдуу бойдон адам төрөлбөгөн,
Акыл, сөзү айтылаар кийин келген.

Ишти үйрөнсөң — билерман аталасың,
Иштин жүгүн тарта алат билим менен!»

*Өткүрмүштүн Акдилмишке*
*айткан жообу*

«Бул оюң,— деди Өткүрмүш,— түшүнүксүз,
Сага жагаар, а мага жакпаган иш!

Сен мени ишке кыйнап чакырасың,
Айтып берчи ишиңди кандай аның?

Түшүнөмбү же жокпу угайынчы,
Сөзүңдүн маанисине тунайынчы.

Жол-жобосун заңыңдын айтып берчи,
Тартибиңди талдайын санап көрчү!»

*Акдилмиштин Өткүрмүшкө*
*айткан жообу*

Жооп берди Акдилмиш ачык сүйлөп;
«Сенин жообуң эң туура, акыйкат кеп!

Акылдан алыс эле баскан жолуң,
Адилетке эми сен сундуң колуң.

Баарын айтам, сөзүмө төшө кулак,
Түшүнгүн айтканыма акыл улап.

Эгерде айткан сөздү билем десең,
Ашык айтпай, сөзүмдү уксаң экен!»

---

47

## АКДИЛМИШ ӨТКҮРМҮШКӨ БЕКТЕРГЕ КЫЗМАТ КЫЛУУНУН ЖОЛ-ЖОБОСУН АЙТАТ

Кызматкердин болушат эки түрү,
Көтөргөн түйшүк жүгүн күнү-түнү.

Бири болсо жашынан ишке кирет,
Экинчиси көптөн соң билек түрөт.

Бул экөөнүн талдаса бирин тартып ,
Жаштайынан кызматка киргени артык.

Мен айтайын сөзүмдү, баштап эми,
Жашынан кызмат кылуу кептин жөнү.

Орто жолдон сөз чыкса — арты кыска,
Болбосо бир бүтүндүк — калпыс иш да.

Токтоо болсоң, сөзүң да болсун даана,
Ишиң түзбү, дилиңди туура карма!

Ким кызматтын эшигин ачам десе,
Көтөрсүн кызмат жүгүн бала кезде.

Ал билсин кызмат иштин жол-жобосун,
Кирип-чыгып жүргөнү туура болсун.

Кызматка күндө таңда эрте чыкса,
Дилин, сөзүн ар дайым сылык тутса.

Ишинде болсун дайым чапчаң-дилгир,
Кулагы сак, көзү да болсун өткүр.

Кызмат кылса эгерде улууларга,
Тилин тиштеп, сөзгө сак болсун анда.

Эгерде так аткарса бала ишин,
Керектүү адам болор беги үчүн.

Бегине алар турат кирип-чыгып,
Оюн айтып, бирөөнүн арзын угуп.

Мартабасы бийиктеп анан анын,
Өкүмдары эске алат кызмат жагын.

Өз ишин так аткарган ал кызматкер,
Арыз-муңун келгендин тактап билер.

Мерген болсо дайындаар ок атарга,
Баатыр болсо тургузар түз катарга.

Көңүлү түз, а жүзү болсо жарык,
Суусун катчу идишчи кылаары анык.

Эсеп билген адамга казна кармат,
Билимдүү — жазма ишке келет карак.

Кызматкердин чак болсо түйшүктөрү,
Коркушпай, так аткарар ишин жөндүү.

Сөзүн ук, кызматкердин-ишин билген,
Тилегин ак кызматтан таап жүргөн:

«Бек алдында өзүңдү таза карма,
Ийменип жан-жагыңдан көзүңдү алба.

Токтоо, сак жана дагы болгун тыкан,
Ак жүрүп маңыз сөзгө асты барба!»

Ак иш менен ар кандай жумуш бүтөт,
А кызматкер адилет ойду түзөт.

Каалайсыңбы жакшылык — кылгын кызмат,
Кызмат кылсаң — маанайың ачык турат.

Бек алдында иштеткин кулак, көздү,
Жерди карап, так уккун ар бир сөздү.

Бутту бирге, колдорду койгун төшкө,
Сол колуңду оң колго коюуну эсте.

Босогону оң буттап аттап өткүн,
Маанисин тактап түшүн айткан сөздүн,

Арыз менен кирдиңби — тез чөк түшкүн,
Эки колду куушуруп, таалим күткүн.

Оңго да, солго дагы карабагын,
Ыйман күтүп, сөз учун билгин дайын,

Сүйлө десе — чындыкты ачык сүйлө,
Так жаса айткандарды толук күндө.

Шарап ичпе, бош жүрбө, жүргүн калыс,
Жаман иштин баарынан болгун алыс.

Укпаган бол, сөздөрдү угуп турган,
Көрбөгөн бол иштерди көрүп турган.

Көзүн тапкан ишинин — ишмер адам,
Куту артып, зор бакыт кетпейт андан.

Анын бири кол баштап жоого кирер,
Экинчиси эл баштап атка минер.

Аскербашы да бири, бири хажиб,
Окумуштуу айрымы болору анык.

Иши менен урматка жеткен адам,
Ой-тилеги, даңкты да табат андан.

Бири табат ийгилик билгирликтен,
Да бири аты чыгат иши менен.

Бири — жолдош, кеңешчи өкүмдарга,
Бири баатыр — атак даңк болот анда.

Кээси ябгу, югруш, элбек болот,[1]
Андайларга даңк келип, бакыт конот.

А эгер кызматкериң атак тапса,
Андан ашкан зор сыйлык болбойт анда.

Эгер бек кызматкерин кылса урмат,
Ага андан кайрымжысы кайтып турат.

Барктуу болсо кызматчы пайдасы анык,
Бекке да ийгиликтер келет агып.

Эгерде атак алса жаман адам,
Ар түрдүү кырсыктарды күткүн андан.

Акылдуу адам айткан сөздөрү чын:
«Жамандын көтөрбөгүн мартабасын!»

Акыл экен тыңдаса сөздүн жөнүн:
«Эй бегим, билимсизге кол бербегин!»

Акылсызга билим да бербейт пайда,
Акылсыздар журт ыркын бузат кайра.

Эгер бек жакын болсо шылуундарга,
Негизгиси кемчилик өзүндө анда.

Тийип калса нааданга бийлик эгер,
Эң биринчи ээсинин башы кетер.

А бектер көңүл бөлсүн, кулдарына,
Иш берсин чактап туруп акылына.

Кызматчыңды тандагын, мүнөзүн бил.
Билимине жараша ардактай жүр.

Кызматчы өз бегине дили ак болсун,
Ошондо анын колу сыйга толсун.

Уккунуң бектин сөзүн, бийлик кылган,
Жол-жобону так сактап, бекем турган:

---

[1] Кызмат даражалары.

«Кул делет, зор болсо да кулдун аты,
Өз бегине кызматын кылган жакшы.

Бек аты бек болсо да, канча кичик,
Моюн сунат бардык эл чөкө түшүп!

О, силер, даңк алгандар бек колунан,
Өмүр бою урматта аны абдан.

Бек менен өчөшпөгүн өр талашпа,
Сүйлөсөң, ар бир сөзүң ойло, такта!

Алар куттуу, дүйнөдө бактысы чоң,
Алар — от, өрттөп кетет сак болбосоң!

Алар — чын өз эркеси заманынын,
Кул кубансын күчүнө дайым анын!»

Көптү көргөн сынчы адам айткан жакшы,
Ал өзү ак кызматтан бакыт тапты:

«Мактанба, бектер сага жылмайганда,
Сак болуп алданбагын артын байка.

Кызматыңа кубанып бой көтөрбө,
Бектин көзү бузулса, өлдүң анда!»

Кичинеби же чоңбу, артык даңкы,
Кызматчы кызматында турган жакшы.

Бекке кызмат өтөөдө тактык керек,
Тактыгың кызматыңа болот жөлөк.

Бектер сени жакын көрсө канчалык,
Сен өзүңдү жүргүн дайым түз алып.

Бек сага мээрим төксө, коркуп тургун,
Ишенбе, өзүңдү ойлоп сак болгунуң.

Анын сөзү бирде от, бирде суу да,
Бир күлдүрүп, кайра эле салат ыйга.

Үч нерсе коркунучтуу, болбо жакын:
От менен суу — бул экөө чын душманың.

Анан да бек кыялы арстан сымал,
Эркелетип сыласаң жибектей ал.

Эрегишсең анда эле ишиң бүтөт,
Өлтүрүп, жылуу бойдон каныңды ичет.

Каары келген бегиңен — алыс болгун,
А кокус жакындасаң — курман болдуң.

Сураганда сүйлөгүн, чакырса кир,
Аралыкты так сактап, саламат жүр.

Укканыңды айтпагын дудук болуп,
Көргөнүңдү айтпагын — азиз болуп.

Сак адамдын угуп ал айткан кебин,
Кирип-чыгуу адептин билген жөнүн:

«Кир десе — анда сага сыймык, урмат,
Чык десе — каар сени күтүп турат.

Сак болуп өзүңдү өзүң кармай билгин,
Ким токтоо, аяр болсо — бийик чыгат!»

Үч нерседен алыс бол даана билип,
Биринчиси алардын ал — өжөрлүк.

Бири — ач көз, да бири — жалган айтуу,
Үчөөнүн акыры өлүм, болбойт — кайтуу.

Ушактаба, кылбагын жаманатты,
Эч нерсени жашырбас түздүк жакшы.

Адилет бол, ишиңди ак жасагын,
Өкүмдар өзү чынчыл, жагат аның.

Ордого кирип калсаң, байкай билгин,
Өзүңдү сыйлаганды сыйлай жүргүн.

Кекирейбе, өтө эле жалпаңдаба,
Абайла, кокус бирин түртүп алба.

Ордуңду таап олтур жай бергенде,
Бирөөнүн намысына тийе көрбө!

Какырынба, түкүрбө, шалпылдаба,
Эң жаманы адаттын ушулар да!

Бүрүшпөй кенен отур, алба жатып,
Каткырбагын, каткыруу болот ашык!

Тырмагыңды кемирбе, тизе ачпа,
Андайлар урмат-сыйдан кетет таза.

Сүйлөп калса өзүңдөн улуу адам,
Сөздү коюп кулак сал өзүң аган.

Туура сөздү сүйлөсөң жүзүң жарык,
Теңиң менен маек күт тандап алып.

Ичип алып ордого кирчү болбо,
Ичкилик алып барбайт жакшы жолго.

Үч нерсени дайыма бекем карма!
Болбосо башың кетет — сөзсүз анда!

Биринчи — өз бегиңдин сөзүн уккун,
Өз жаныңдай айтканын бекем туткун,

Экинчи — адилдикке өзүңдү арна,
Ак болгун, дүрбөлөңдө эстен танба.

Үчүнчүсү — ишиңди так аткаргын,
Ар кандай жаман иштен алыстагын.

Буздуңбу үчтүн бирин, ошол жетет,
Болсоң да өзүң улук, башың кетет!

Кутманым адырандап шашылбагын,
Көзүнө убактысыз катылбагын.

Эгерде калган болсоң төргө отуруп,
Киши келсе ордуңду бергин туруп.

Бек сураса бир сөздү — адеп сакта,
Айтар сөздү ардактуум көп узартпа!

Сурайбы, жооп бергин токтобой бат,
Токтосо сөздү сен да кыскартып айт.

Эгерде бек чакырса тамак-ашка,
Адеп сактап тартипти бузбай, башта.

Тамакты оң кол менен баштап алгын,
Эң алгач кудай ысмын атоо парзың.

Колуң созбо бирөөнүн тамагына,
Өз алдында ашыңды алган туура!

Бычак алып устуканды кемирбе,
Чалпылдатып ишчү ашты жей көрбө.

Аялдардай болбогун шашылбай ал,
Аялдык кылыктарды ыргытып сал.

Ток болсоң да бек ашын тартынбай ич,
Конок болуу бегинде сыймыктуу иш.

Канча түрлүү ишиңди баштасаң да,
Чын берилип иштесең чыгат пайда.

Акылмандын эң жакшы айткан сөзү,
Алтынга тете тура түшүнсө өзү:

«Бек менен басаар жолуң кошулган соң,
Бар ишти акыл менен кылганың оң.

А эгер мартабаңыз болсо бийик,
Ак дилден кызмат өтө башыңды ийип.

Бийлигиң мейли болсун аскер башы,
Бар учурда дилиң ак болгон жакшы!

Эгер сен көп аймакты алсаң басып,
Жакшылык кыл журтуңа ашып-ташып.

Эгерде увазирлик бийлик тийсе,
Ак иштеп, адилеттик жаса күндө.

Кеңешчи болуп калсаң, эстүү болгун,
Жаңылса өкүмдарың — оңдой койгун.

Ынак болсоң дилиңди таза карма,
Бакытка ороносуң өзүң анда.

Кол баштасаң аскердик катар сактап,
Кулакты, көзүңдү да кармагын сак!

А эгер хажиб болсоң — алба пара,
Жетим, жесир, байкушка жакшы кара.

А өзүң казынага болсоң башчы,
Билбегин чынчылдыктан башка жакты.

А кокус катчы болсоң өзүң анда,
Бекем болуп эч кимге сыр чыгарба!»

Кызмат кылчу мансаптар мына ушулар,
Иш кылчунун дагы да канчасы бар!

Ишчи көп жараар ордо керегине,
Төшөкчү, кушчу, ашпоз дегениңе.

Булардын баарысынан болсоң алыс,
Эмгегиң жокко чыгар, кетип намыс.

Эгер сен урмат менен бийлейм десең,
Адамдарды ар дайым баала бекем.

Улууларын урматтап кадырлагын,
Өзүңө дөөлөт конуп, ашат бактың.

Абышканын айтканын баамда бат,
Кары сөзүн капка сал, көз ачылат:

«Улууну урмат кылуу адат, адеп,
Улуу келсе урматтоо жакшы милдет.

Улууга сый көрсөтүү жашка таандык,
Улууда жашты сыйлоо кошо жүрмөк!»

Акдилмиш сөзүн бүтүп айтты: «Эсте,
Ушундай кызмат кылуу милдет бизге.

Мен айттым, сен түшүндүң, толук эми,
Кандайча кызмат өтөө сенде жөнү.

Кызмат жайы ушундай, оңой дебейм,
Эмгек менен табасың бакытты сен!

Билип ал кызмат жөнү дал ушундай,
Түшүнсөң — кызмат өтө карап турбай!»

### *Өткүрмүштүн Акдилмишке берген суроосу*

«Уктум,— деди Өткүрмүш, жооп кылып —
Айтканыңды, урматтуум, алдым билип.

Дагы бир соболум бар сураар сенден,
Суроомо ачык, даана жооп берсең.

Эликтин эгер барсам кызматына,
Эл көзүнө көрүнүп жүрөм анда.

Билүү — мага милдет да үрп-адатын,
О боорум, анда жашоо табышмак чын.

Болоормун көп адамдын арасында,
Кандайча, кантип жүрөм өзүм анда?

Сен мага анын баарын айтып бергин,
Түшүнөйүн, калтырбай сүйлө жөнүн!»

---

## 48

## АКДИЛМИШ ОРДО КЫЗМАТЧЫЛАРЫНА КАНДАЙ МАМИЛЕ КЫЛУУ КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

Акдилмиш жооп берди: «Боорум, менин,
Бардыгын айтып берүү менин жөнүм.

Сабакты сага айтам бекем карма,
Жол-жобосун үйрөнүп, билсең пайда.

Эл менен бирге жашап, тилин тапкын,
Тууган кыл, дагы бирин достой баккын.

Кандай адам болсо да ордо ичинде,
Сүйлөшүп, аралашып кир ичине.

Таба албасаң алардын көңүл жолун,
Анда өзүң жалгызсың жана корсуң.

Ишти билген адамдын айткан сөзүн,
Угуп ал, ошол тапкан иштин көзүн:

«Кимдин бекке ак болсо ой-тилеги,
Жакын болсун эл менен күндө эми.

Улуулукка кол сунуп жетем деген,
Жакын болсун кызматчы, ишчи менен.

Бектер сени канчалык жакын көрсө,
Адилеттүү баарына бол ошончо!»

Ордодо кызматкердин үч түрү бар,
Жакшылап иштин көзүн табат алар,

Бири алардын — өзүңдөн жогоркулар,
Кызмат кылган аларга — бакыт табар.

Урмат көрсөт, аткаргын айткандарын,
Даражаң көтөрүлүп турат дайым!

Билимдүү, эстүү адам жакшы айткан,
Эстүү сөзүн пайда алат бекем туткан:

«Кичүүлөр улуулардын сыйын көрөт,
Улууга кызмат кылсаң бакыт келет.

Улууларды урматта акылын ук,
Улуунун сөзүн уксаң — кутуң өнөт!»

Жакшылыктын бардыгы улуулардан,
Бакытка жетем десең — иште абдан.

Экинчиси — өзүңө теңдүү жандар,
Бөтөнгө — жат, жакынга — тууган алар.

Алар сенин катарың доорон сүрмөй,
Саламдашып, баарына болгун бирдей.

Үчүнчүсү — өзүңдөн кичүү келет,
Акыл айтып, жемелеп жолдоо керек.

Басындырып оюна салба бүлгүн,
Теңтуш болбо, ашык сөз айтпай жүргүн.

Күнөөлүүбү — жазала, кээде макта,
Жарым саат бош коюп чалчактатпа.

Айланаңда көөнү ак досуң болсун,
Көп болсо дос-тууганың, өзүң зорсуң.

Элге сенин болбосун жаман оюң,
Касы көптүн, кубанчы болот солгун.

Кичинекей кастын да зыяны көп,
Айта албайм араздашуу пайдалуу деп!

Душмандан азап чеккен адам сөзүн,
Уккан соң, күйүтүнө ишенесиң:

«Душманың бирөө болсо, залалы миң,
Досторуң миң болсо да аздай көргүн!

Душмандан эч ким пайда көргөн эмес,
Көрсө да — жеңгенден соң, аны билгин!»

Досторуң сага кубанч берсин десең,
Жакшылыкты досторго кылгын өзүң!

Курбуларга ар дайым сыйлуу болгун,
Катарыңан калтырба ордо толсун.

Наадандардан алыс бол, жакындашпа,
Наадандар ак жолуңдан бурат башка.

А эгер өз баркымды жаям десең,
Наадандан — жатыңды артык көрсөң экен.

Тобун бузбайт ар жандык — ушул чындык,
Адамдар, айбанаттар, коңуз, чымчык!

Не дегенин угуп ал белдүү киши,
Жамандык, жакшылыкты көргөн өзү:

«Чыйырчыкты мен көрдүм учуп өткөн,
Өзү да, тобу менен кап-кара экен.

Аккуулардын ичинде кара болбойт,
Ак, каралар ар башка жолу бөтөн!»

Учкан куш да өз тобун таба билет,
Адамсың, өз теңиңди тандоо керек.

Жакындыктын болот дейт эки түрү,
Дал ошондой достук да эки түрлүү.

Достук бар ажырагыс кудай сүйгөн,
Өмүр бою кыйшайбай туура жүргөн.

Дагы бирөө дос күтөт пайдасы үчүн,
Андай достук бек эмес, үзөт өзүн.

Эгер сен теңир кошкон болсоң достон,
Дос түйшүгүн тең көтөр, козголбостон.

Пайда күтпө досуңдан дароо эле,
Кудайдан тиер пайда о дүйнөдө.

А кокус досуң болсо сараң, ач көз,
Жакындабай алыста, айтпа эч сөз.

Достукту жакшы билген адам сөзү,
Бир пайдасын достуктун билген өзү:

«Досуңду ар кыл шартта сынап көргүн,
Сындан өткөн досуңа колду бергин.

Достун көөнүн дааналап билем десең,
Сынагын жаман кылык, сөзүң менен,

Билгиң келсе, досуңдун чын көңүлүн,
Жакшы көргөн буюмун сурап көргүн.

Ким ошондо кабагын бүркөбөсө,
Дал ошол анык досуң түбөлүккө!»

Ушакчыдан алыс бол, жакындаба,
Ушак сөзү өрт болот — күйбө ага.

Булагы ушак болот чыр-чатактын,
Колдон келсе ушакчынын башын алгын!

Алыс бол тилемчиден, сараңдардан,
Ач көздүктүн аягы сага душман!

Ач көздөр бир өзүнө болсо керек,
«Бир тууганым», «досум» деп айта берет.

Сураганын бербесең — душмансың сен,
Мындан мурун билбеген, эч көрбөгөн.

Дос изде өз пайдасын көздөбөгөн,
Аны тапсаң — бактылуу болосуң сен.

Дос деген — жакшылыкта, жамандыкта,
Жөлөк болуп ар дайым даяр турса.

Ал досторуң сүйсүн десең өзүңдү,
Дасторкон жай, жарык карма жүзүңдү.

Бул экөөнү туткандын — жүрөгү ак;
Жамандыкка, жакшыга тике турат.

Бул тууралуу айтыптыр эстүү киши,
Кутманым, бекем туткун накыл сөздү:

«Элди сыйла, кенен кыл тамак-ашты,
Жакшы сүйлөп, ачык тут кабак-кашты.

Ушул эки сапатың адам кылчу,
Башка жол жок, а болсо өзүң тапчы!»

Душмандын да болот го эки түрү,
Жайышкан каска торун кыйын билүү.

Бири — болсо теңирдин жолун бузган,
Ал капырлар — түбүндө диний душман.

Дагы бир каршылашың көрө албастык,
Аны туткан башкы күч, өчөш, кастык.

Чыныгы катуу касың капыр болот,
Катылса карсылдашып кыйрат, жогот.

Өч алууга умтулган адамдарды,
Өчүктүрбөй, жарашып кечир аны.

Душманыңды жумшартсаң жакын болот,
Кастык кетип — жакшылык, ырыс конот.

Касыңды дос кылуунун тилин тапкын,
Сак болуп кырсыктардан алыс качкын.

Араздашуу пайдасыз түшүн, билгин,
Түйшүктүү болбос иштен алыс жүргүн.

Досторуңду көбөйтүп, азайт касты,
Душмандыктын аягы болбойт жакшы.

Татыктуу, жакшыларды дос кылгының,
Болбосо азап болот көргөн күнүң!

Татыктууга доссуңбу — түйгүн эске:
Эки түрлүү досу бар жетет көпкө.

Алардын бири — акылдуу, асыл адам,
Жакын болуп, достукту арттыр аган.

Экинчи момун адам кудай деген,
Ал жашайт адамдык зор сапат менен.

Экөөнү тең дос кылып жакын карма,
Жакшылардан жакшылык энчи сага.

Жаман атты адамдан алыс болгун,
Андайдын дили кара, алба колун.

Жакшы адам арамдардан алыста бат,
Ак нерсеге ар кыл кир жугуп калат.

Көптү билген бир адам айткан кеңеш,
Ал акылды эске түй жаман эмес:

«Жамандан алыс болгун, кутман киши,
Жамандын дайым тийет кесепети.

Жакшы адам — жамандардан алыстап өт,
Жаман атты, ушак сөз сага да өтөт.

Көрүп калсаң нааданды — өткүн четтеп,
Жаман атты өзүңдү кылат тепсеп.

Көп көргөм өмүрүмдө жакшыларды,
Нааданга жакындашып, өспөй калды.

Нааданга дос болгон билем көптү,
Айрылып кайратынан кайгыда өттү!»

Бек турган жер — ак сарай, ордо келет,
Ушак-айың, каршылык тапкан түнөк.

Көп болот ордо ичинде чыр-чатактар,
Чыр-чатактын аягы уруш, жаңжал.

Мансабы сенден чоңдор — сени тепсейт,
Отко түртөт, артынан аттиң ай дейт.

Көрө алышпайт мансабы теңдер дагы,
Жакшы ишиңди жамандап турат баары.

Кызганышат өзүңдөн кичүүлөр да,
Ыраа көрбөйт жакшылык алар сага.

Көп болсо кызматчылар, душман да көп,
Каршылашып кай бирин курутат жеп!

Көз артпагын эч кимге, көңүлдөшүм,
Адамга адилет да, ак бол өзүң!

Ич күйдүлүк — айыкпас дартка тете,
Жай таппайсың жаныңды мыжып жесе.

Жакшылык, жамандык да теңир эрки,
Буза албас анын эркин өчөгүшүү!

Ич тардыктан деги ким пайда алат?
Ичи тарлар өлүмүн өзү табат!

Ак ишке өмүр бою ташта кадам,
Жакшылыкка жакшылык кылат адам.

Кубангандын коштогун кубанычын,
Ким кайгырса, бөлүшкөн кайгы-муңун.

Атың чыкса, атак-даңк өзү келет,
Баары сага достошуп колун берет!

О боорум, кас душманды сен көбөйтпө,
Дос, курдашты арттыргын бардык жерде!

А бирок, душман сага торун жайса,
Сен дагы ага каршы карма найза!

Сөзүн ук баатыр, эрдин жоосун жеңген,
Кас душманын жүгөндөп айдап көнгөн:

«Четтеп өт душманыңды, азгыр алдап, —
Билдирбей буктурмаңды койгун камдап.

Душманыңды күчтүү да, куу деп билгин,
Каршыңа темир тосмо камда тактап!»

Досуңдун жүгүн көтөр, көңүлүн ал,
Айткан сөздү унутпай, эсиңе сал.

Жакын досуң кас болсо — оор болоор,
Мал-мүлкүңдү алууга колун созоор.

Ички-тышкы сырыңдын баарын билет,
Байлыгыңды сапырып чачып кирет!

Каалаunion — мал мүлкүңдү чачып салат,
Кааласа — ысык жаның сууруп алат!

Өзүңдү аяп, өзүң сактап күзөтсөң,
Так ошондой досторуңду күзөт сен!

Досту табыш оңой иш, сактоо — кыйын,
Баштоо оңой чатакты, токтоо — кыйын.

Душманың болсо эгер — сактана жүр,
Душмандан кутулган аз — ошону бил!

Эки түрлүү кишиден алыс болгун,
Жакындашсаң азапта кор болосуң.

Алардын бири — ушакчы, чагымчылар,
Да бири — эки жүздүү акмак жандар.

Жана да ичкич менен дос болбогун,
Жадында бузукулук бар ошонун,

Жакындашпа өзүмчүл адам менен,
Андай достон эң жакшы алыс жүргөн!

Достугум болсун десең бекем, узак,
Сураба эч нерсени, напсиң тушап.

Жакшылыкта дайыма, жашайм десең
Адамды кемсинтпегин, тепсебе сен.

Бөтөндүн көңүлүн ал — сөз, аш менен,
Сакалынан байлайсың баарысын сен!

Жакыныңдан кутулгуң келсе анда,
Сураганын бербе да, кагып ташта!

Өмүрүм узак болсун десең өзүң,
Дасторконуң дайыма кемибесин.

Эл оозуна, келсе эгер алынгың,
Тил таба бил, жумшак сүйлөп табынгын.

Көргүң келсе элиңден урмат, сыйды,
Өзүң дагы эл менен болгун сыйлуу.

Болом десең өзүң бай — кылгын топук,
Ыраазы бол баарына, байсың толук.

Эңсеп элден мактоону алам десең,
Ишиңди, жүзүңдү да жарык тут сен!

Кишинин эң мыктысы асыл адам,
Адамдыкты эч качан унутпаган.

Киши асылын келеби, билгиң анда,
Сөзүн тыңшап, көңүлдү ачык карма.

Жакшы ырды окуп чыгып ойлоп көргүн,
Акыл менен сөзүнө маани бергин:

«Сен кимдин — ким экенин келсе билгиң,
Сөзү менен иштерин баалап көргүн.

Жакшы адамдар ак ниет, чынчыл келет,
Адамдыкты таанытуучу ушул белгиң!»

О, кутманым, нааданга жакындаба,
Чырга болот жүзүңө, ыйманыңа!

Ук сөзүн, адеп жолун жакшы билген,
Адамдын, акмактардан алыс жүргөн:

«Акмак менен кутманым, достошпогун,
Чыр-чатак, ыйкы-тыйкы табар жолуң.

Анан да ачкөз менен жакындашпа,
Ич тардыктан ал сатат керек чакта!»

Сырыңды, оюңду ачпа сен эч кимге,
Ачтыңбы — күнөө койгун сен өзүңө!

Ынтымакта эл менен болом десең,
Өз пайдаңды эч качан көздөбө сен.

Болсун десең көңүлүм дайым ачык,
Адилет бол, кырсыктар кетет качып.

Кааласаң атак-даңкың бийиктешин,
Жөнөкөй бол — бейпилдик таптың өзүң.

Эгерде болсун десең жүзүм жарык,
Жалган айтпа эч качан, уят анык.

Көтөрсө дөөлөт башын кайсы жерде,
Жөлөк болуп жеткиниң ошол жерге!

Бирөөнүн дөөлөтүнө көз артпагын,
Болбосо ууга айланат ичкен ашың.

Айтылган ар сөзүңдө болсун салмак,
Ар жообуңдан нак чындык турсун жайнап!

Ушак айтпа, сөз кылба, киши жокто,
Оорутуп, көңүлдөрдү сөзгө кошпо!

Сөз — бороон, катуу соксо көңүл калат,
Көңүлү калган адам өчүн алат.

Өзүңдөн улууларга бой көтөрбө,
Жооп кылып орой сөз айта көрбө.

Улууларга урмат-сый көрсөтө жүр,
Өзүң да кут табасың, ошону бил.

Достор менен болгунуң эриш-аркак,
Катышкын, алыш-бериш мамиле тап.

Кадырласа өзүңдү — кадырла сен,
А жек көрсө, жектегин ошого тең.

Өзүңө кандай кылса, ошондой кыл,
Эркелетсе, шаттуу сөз сүйлөсүн тил.

Жакшылыкка кыла бил жакшылыкты,
Наадaнга дал өзүндөй болгон жакшы.

Жакшы айтыптыр адатты билген адам,
Элин барктап, сыйлоодон жаңылбаган:

«Сиз» десе сени бирөө, сен да «сиз» де,
А түгүл андан жакшы сылык сүйлө.

Билип ал үнү болуп жаңырыктын,
«Сен» дейби, ага тете жооп жөндө!»

Эл ичинде эп келер мамиле ушул,
Каалайсыңбы жашоону, ушундай кыл!

Билгенимди сүйлөдүм, уктуң кепти,
Көңүлүңө түйүп ал, созбо сөздү!

*Өткүрмүштүн Акдилмишке*
*берген суроосу*

Жооп берди Өткүрмүш: «Сөзүңдү уктум,
Ак пейилим, кебиңди түшүндүм чын.

Билсем деген башканы тилегим бар,
Кутманым, эми ошону мага айта сал.

Эгер мен эл ичине калсам барып,
Эл менен карым-катнаш болоору анык.

Алар менен мамиле кантип кылам,
Көзүмдү ачып, ошону айтчы маган?»

*Акдилмиштин Өткүрмүшкө*
*айткан жообу*

«Ооба,— деп жооп берди анда Акдилмиш,—
Чын айтасың, алар да билүүчү иш.

Керек болчу сөзүңдү сураган соң.
Угуп ал, түшүндүрүп айтканым оң».

## 49

## АКДИЛМИШ ӨТКҮРМҮШКӨ КАРАЛАМАН ЭЛГЕ КЫЛЧУ МАМИЛЕНИ АЙТАТ

Караламан элдердин кулк-мүнөзү,
Тарбия, билимине тете дечи.

Караламан кедейде таалим болбойт,
Каада-салтты кадырлап ойлоп койбойт.

Аларсыз бирок бүтпөйт эч бир ишиң,
Сылык болуп, теңелбей жүргүн өзүң!

Караламан журтуңдун иши кара,
Кир кылбагын өзүңдү, кошулба ага!

Алардын кулк-мүнөзү жайсыз делет,
Өзүнө кылган иши шайкеш келет,

Бар жыргалы тойгузуу карындарын,
Курсактан башка түйшүк билбейт анын.

Көптү көргөн бир адам айткан экен,
Адам баркын дааналап мындай деген:

«Кедейдин бар түйшүгү — карын камы,
Курсагы үчүн кам көрөт анын баары.

Канча жанды курутту куу кекиртек,
О дүйнөдө от күтүп турат аны!»

Карды тойсо тилине жетпейт алы,
Тил бошонсо — эч болбойт теске салуу.

А бирок, алар менен сүйлөшө бил,
Ичир-жегиз, дайыма тил таба жүр.

Сылык сүйлөп, аяба сураганын,
Өзүң берсең алардан көп аларың.

Көп сүйлөбөй, дайыма аз сүйлөгүн,
Суусу көп билип алгын маңыз сөздүн!

Мына ук токтоо жандын ыйык сөзү,
Акыл менен ар сөзүн айткан өзү:

«Тилим бар деп ой келди сүйлөй бербе,
Айтkынын айтар сөздүн орду келсе.

Акылмандар аз сүйлөйт,— билем аны,
Ашык сөз алып келет өкүнүчкө!»

---

## 50

## ТЕГИ МЫКТЫ АДАМДАРГА КАНДАЙ МАМИЛЕ КЫЛУУ КЕРЕКТИГИ АЙТЫЛАТ

Ичинде бекке кызмат кылгандардын,
Жандар бар, сыймык ага таанышканың.

Жакындар бар ичинде пайгамбарга,
Кадырлаган аларды бактылуу да.

Аларды чын көңүлдөн кадырлагын.
Жөнөткүн белек-бечкек, олжо дагын.

Алар жакын пайгамбар үммөтүнө,
Урматта кудай үчүн болбойт күнөө.

Сыйлагын, түпкү тегин сураштырба,
Жаман сөздү айтса да каршы турба!

---

## 51

## ДААНЫШМАН, ИЛИМДҮҮ АДАМДАРГА КАНДАЙ МАМИЛЕ КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

Дагы бир адамдар бар билими мол,
Билими жалпы журтка көрсөтөт жол.

Кадырлап, сыйлуу болгун алар менен,
Азбы-көппү билимин алгының сен.

Жаман менен жакшыны билет алар,
Ак жолду ажыратып баарын табар.

Билимин алыш үчүн аракет кыл,
Ашык айтпай, белегиң жөнөтүп тур.

Алар түркүк жолунда акыйкаттын,
Билиминен күч алат шариат чын[1]

---

[1] Дин жолу деген мааниде.

Болбосо кокус булар бу дүйнөдө,
Жерде жемиш мол болуп өнбөйт эле!

Билими даанышмандын элге жарык,—
Жарык болсо түндө да жолуң анык.

Белек берип, аларды урмат кылгын,
Аш берип, ачык жүздөн күлүп тургун.

Ийменип ашык сөздү айта көрбө,
Уу болот артыкбаш сөз андай жерде.

Сый көрсөт, дасторконуң болсун ачык,
Кадыр тутуп аларды сыйла чачып.

Илимине ишенип, айтканын кыл,
Сөзүн бузуп ишине салбагын чыр.

Илими андайлардын сага керек,
Ак жолуңду адашпас айтып берет.

Алар чыны отордо — эркеч сымал,
Баштаса койду жолго алып чыгар.

Булар менен жакшы бол, ынтымак тап,
Эки дүйнө табасың кетпеген бак.

52

## ДАРЫГЕРЛЕРГЕ КАНДАЙ МАМИЛЕ КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

Адамдын түрлөрү бар, дагы канча,
Иштери, мансабы да башка-башка!

Таанып ал арасынан дарыгерди,
Айыктырат кеселден алар элди.

Ойлосоң булар сага керектүүлөр,
Буларсыз жолуң болбойт басып жүрөр.

Сопсоо туруп кээде адам ооруп калат,
А дарыгер кеселге дабаа табат.

Ooру жолдош өлүмгө, жолун туткан,
Өлүм болсо — өмүргө чексиз душман.

Дарыгерди сыйлагын, достошо жүр,
Элге керек, айтканын аткара бил.

---

53

## ЭМЧИЛЕРГЕ КАНДАЙ МАМИЛЕ КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

Дагы бар эмчи жандар — сыйкыры бар,
Жел тийгенди тууралап эмдейт алар.

Булар менен оңдогун мамилени,
Жин ооруга чакыргын келсе жөнү.

Алгың келсе эмчилердин көмөгүн,
Жакшы сыйла, кааласа бер керегин.

Дарыгерлер эмчиге ишенишпейт,
Эмчилер дарыгерди киши дешпейт.

Бирөөсү кесел жанга дары берет,
Да бири жин ооруну эмдеп көрөт.

---

54

## ТҮШ ЖОРУУЧУЛАРГА КАНДАЙ МАМИЛЕ КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

Дагы бир билгирлер бар — түш жоруучу,
Көргөн түштү так жоруп айтат ушу.

Түш көрөт уктаганда, көргөн түшүң,
Туш келет, так сүйлөсө жоруур кишиң.

Түш жоручу жоруса жакшылыкка,
Жолуң болуп, кубаныч келет сага.

Эгерде көргөн түшүң болсо жаман,
Ырымдап дүнүйө чач — сооп саган.

Түштүн дагы жолу бар, кудай тапкан,
Кур койбой кулдарына кылат аян.

Жакшы болсо көргөн түш — чоң кубаныч,
Жаман болсо — кудай деп туруу парыз.

Кембагалга тараткын күмүш теңге,
Кудай оңдоп ишиңди салат жөнгө.

Түш жоруучу сөздү так билсин десең,
Көргөн түштү дурустап айтканың жөн!

Түштү жоруп баалашат ушул жандар,
Жакшылыкты каалашат саган булар

О боорум, марттыгыңа татыйт эми,
Тууган кыл, дос болгунуң келсе жөнү.

---

55

## ЖЫЛДЫЗ САНООЧУЛАРГА КАНДАЙ МАМИЛЕ КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

Мындан башка дагы бар жылдыз санар,
Так эсепке, санакка мыкты алар.

Жыл, ай, күндүн эсебин алар билет,
Мындай эсеп эң зарыл, баалоо керек.

Билгиң келсе үйрөнгүн, татаал эсеп,
Билим жолу так эсеп жерден өтөт.

Көбөйтүүнү, бөлүүнү, бөлчөктү бил,
Татаал жолду баспасаң келбейт үзүр.

Жакшы билгин катмардын эрежесин,
Санактан тамыр чыгар билип өзүң!

Аянттын өлчөмдөрүн так чыгаргын,
Жети катар асманды, жердей айткын!

Алгебра жолдорун даана тапкын,
Евклиддин капкасын катуу каккын.

Билип ал азыр дагы, келечекте,
Багынган акыл-оюң бүт эсепке.

Кутманым, эсебиңден ката кетсе,
Эч качан иш илгери болбойт иште!

Иш баштасаң — эң алгач суроо абзел,
Жакшыбы, жаман кезби ойдон өткөр.

Түрлүү Айдын күндөрү — жакшы, жаман,
Жакшы күндү так билип башта анан.

Кары айткан иштин көзүн жакшы билген:
«Иш баштасаң, акылдаш эстүү менен!»

Ар ишиңди коштосо илим-эсеп,
Максатыңа ойдогу колуң жетет.

Бардык иштин башында илим жолу,
Билимсиздин максатка жетпейт колу.

Сура көптөн, ишенбе сен баарына,
Бир гана ишенээриң теңир тура.

Булар менен жакшылап ымала кыл,
Ашык сөзгө албастан сый болуп тур!

---

## 56

## АКЫНДАРГА КАНДАЙ МАМИЛЕ КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

Акындар бар кызматы алардын сөз,
Адамды мактайт, сөгөт тартынбай эч.

Алардын тили кылыч — миздүү өткүр,
Алардын ою ичке, чачтай жиптир.

Уккуң келсе учкул сөз, ойду көркөм,
Булардын сөзүн угуп, көңүл бөлсөң.

Алардын акыл-ою деңиз сымал,
Сөз бермети, гаухары өнүп чыгар.

Мактаса алар кимди — алат атак,
Жамандаса кимди алар — уят, азап.

Достошуп алар менен жакындагын,
Тилине илинбегин акындардын!

Мактоого татыйм десең, акылманым,
Алар менен сыйлуу бол, өзүң дайым!

Сурайбы — аябастан көрсөт сыйды,
Сактап кал уулуу сөздөн сыймыгыңды!

---

## 57

## ДЫЙКАНДАРГА КАНДАЙ МАМИЛЕ КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

Эми айтамын дыйкандар туурасында,
Эң керектүү адамдар, ишен буга.

Аралаш, мамиле түз — ушул кеңеш,
Сен болосуң кардың ток, кырсыксыз эч.

Алардан адам көрөт сый-ырахат,
Ичер суусун, жээр аш андан алат.

Тирүүлөрдү тойгузат ичкен тамак,
Колду кароо оозантар тирүүгө адат.

Сыйынан дыйкандардын четте эмессиң,
Эмгегинен алардын ичип, жейсиң.

Дос болгун алар менен — тазарасың,
Жетиштүү дайым болот алдыңда ашың.

Угуп ал кадыр-барктуу адам сөзүн,
Көп нерсени акылга түйгүн өзүң:

«Ак жол менен жүрөмүн деген киши,
Алкымын адал тутсун ошол өзү.

А эгер кылам деген такыба өзүн,
Барды кийип, болгонду танбай жесин.

Дегендер кедей болбой бай болоюн,
Бузбастан таза тутсун ишин, оюн.

Жакшы аттуу болоюн өзүм десең,
Жаман ишке кошулбай жүргүнүң сен!»

Бузуктук бардык ишти булгап салат,
Бузуктарга оң баспоо болгон адат.

Бузуктар келген кутту кууйт тура,
Май куюп жамандыктын чырагына.

Жүзү жарык түз киши жакшы айткан,
Билим менен ишинин көзүн тапкан:

«Бузуктан оолактаган жакшы болот,
Бузуктар сени кошо булгап коет.

Бузуктардан дөөлөт-бак качып турат,
Келсе да, бир түнөөрлүк кетчү конок!»

Дыйканда колу ачыктык, жоомарт сапат,
Теңир берген кенендик бүткөн адат.

Кыбыр эткен жердеги тирүү жанга,
Элге — тамак, кушка — дан, баары анда.

Булар менен баарлаш, кошула жүр,
Ачык сүйлөп, ак дилден мамиле кыл.

---

58

## СООДАГЕРЛЕРГЕ КАНДАЙ МАМИЛЕ КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

Дагы бар соодагерлер, күнү-түнү,
Максаты өз пайдасын көздөп жүрүү.

Киреше үчүн тынбастан дүйнө кезет,
Бир кудайга ишенип өмүрү өтөт.

Мамиле түз аларга, келиш-барыш,
Сураса бер, болгунуң алыш-бериш.

Керектүүлөр арзыган анда делет,
Эл издеген асылды алар берет.

Чыгыш менен Батышты өтөт басып,
Керектүүнү жеткирет сага ташып.

Түрлүү-түмөн табылбас буюмдарды,
Табасың соодагерден сен аларды.

Соодагерлер болбосо аалам кезген,
Кара кештен тонуңду кийет белең?

Келбесе Кытай жактан баалуу кербен,
Шайы, мата сен кайдан алат элең?

Жүрбөсө соодагерлер дүйнө кезип,
Кимдер көрмөк берметти койгон тизип!

Санай берсе баарысын жетбес эсеп,
Тилиң катып, санагың келбей кетет!

Соодагерлер табышат сураганды,
Достошуп, ачык карма дарбазаңды.

Ачык болуп, кабыл ал алар келсе,
Жакшы атагың таралат алыс жерге!

Ааламга ат чыгарар мына ушулар,
Жаман, жакшы атыңды жаят булар.

Азбы-көппү буюмун кылса тартуу,
Жандырмагын кубантар кылган жакшы!

Пайда-залал кай жерде — алар билет,
Аралашсаң пайдасын арттыруу эп.

Көптү көргөн адамдын айтканын ук,
Ааламды аралаган жер кыдырып:

«Жаям десең ааламга жакшы атыңды,
Сыйлагын жолоочуну, мусапырды!

Адилеттүү атыңды жаям десең,
Соодагерге ачык кол болсоң экен!

Атак алгың келеби, билгин анда,
Мусапыр, кербен келсе — сыйың камда!»

Соодагерге түздөсөң мамилени,
Атак-даңкың аралайт бүт дүйнөнү!

---

## 59

## МАЛЧЫЛАРГА КАНДАЙ МАМИЛЕ КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

Мындан башка дагы бар малчы адамдар,
Мал-жандыкка көзөмөл, башчы алар.

Булар — ак дил, такыба элден болот,
Эч адамга тийгизер залалы жок.

Кийим, тамак, ат-унаа — ошолордон,
Шамал сындуу күлүк ат ушул колдон.

Кымыз, сүт да, май, жуурат жана курут,
Шалча, кийиз, ат токум — алардан бүт.

Малчылардын бардыгы — асыл келет!
Ишенимин алардын актоо керек!

Ичир, жегиз, аларга жакын болгун,
Адилетке сен анда дос болосуң.

Сураганын бер дагы, керегиң ал,
Жалган айтуу дегенди билбейт алар.

Булардан тартип-билим талап кылба,
Бирок кенен мүнөзү, адаты да.

Аралашсаң буларга сактана жүр,
Каада, сыпаа билишпейт, ошону бил.

Жалган айтпа, ачылба, дос экен деп,
Билим болбойт Чигилде, түркөйү көп.

Тартип көргөн бир адам кеңеш берет,
Эл тааныган аралап нечен ирет:

«Билимсизди өтө эле жакын кылба,
Жакындатсаң жаман иш кылат анда!»

Акылман жан эң жакшы айткан экен,
Бардык ишти башта деп акыл менен:

«Билимсизге жолобо, алыс турсун,
Токтоо болсоң дайыма бактылуусуң.

Билимсизден ар дайым болгун ыраак,
Кулк-мүнөзү алардын начарыраак!»

Малчылардын жөн-жайы мына ушундай,
Кеңешти ук, аралашсаң, чеки кылбай.

Баарын сага жашырбай айтып бердим,
Не иштээрди сен өзүң ойлоп көргүн.

## 60

## УСТАЛАРГА КАНДАЙ МАМИЛЕ КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

Дагы бар өнөрү артык уста жандар,
Аларды өнөргө маш колу багар.

Булар дагы керектүү жандар сага,
Өзүң үчүн аларды жакын кара.

Темирчилер, өтүкчү, бычмачылар,
Боекчусу, жебечи, жаачысы бар.

Ааламда кооз буюм ушулардан,
Таң каларлык жасалга усталардан.

Санай берсе узартып созом кепти,
Маанисин өзүң ула, бүттүм сөздү.

Булар менен болгунуң карым-катнаш,
Кубандырсаң аларды кубанч качпас.

Кызматы үчүн акысын кылгын белен,
Ичир, жегиз, казаның болсун кенен.

Ошондо сага айтылбайт ушак-айың,
Атак-даңкың бөксөрбөй турат дайым.

Жакшы айтыптыр бир адам көптү билген,
Ак жүрөк, адамдарды жакшы көргөн:

«Жакшы жашоо көздөбөй,— атак көздө,
Жакшы атагың артык го тирүүлүктө.

Өзүң өлсөң артыңда атың чыгып,
Жакшы болсо атагың, жашоо кызык.

А кокус өз атыңды булгап алсаң,
Анда артык бул жашоого туулбаган!

Өмүр эмес, атыңды ыйык сакта,
Түбөлүктүү даңк болбойт мындан башка!»

---

## 61

## КЕДЕЙ-КЕМБАГАЛДАРГА КАНДАЙ МАМИЛЕ КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

Мындан башка кедейлер болот тегиз,
Көңүл бөлүп кийим бер, ичир-жегиз.

Алар сенин атыңа дуба кылар,
Эң сонун иш — дубанын пайдасы бар!

Марттыгыңдын сураба кайрымжысын,
Бейиштен кудай жайды берери чын!

* * *

Эл мааниси ушулар таанып алаар.
Сен анда, алар сенде муктажы бар.

Иши түшсө бүтүргүн ошол замат,
Баары жакын, милдеттүү болуп калат.

Өзүң пайда табасың эки дүйнө,
Атак-даңкың жайылат элге мүлдө.

---

62

## ӨЗҮНӨ АЯЛДЫ КАНТИП ТАНДОО КЕРЕКТИГИ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Аял алуу кааласаң эгер өзүң,
Жакшы танда, өтө өткүр болсун көзүң.

Теги дурус, абийирдүү, болсун ак кыз,
Уяттуу, таза, эстүү жана айыпсыз...

Ал болсун сенден башка жан көрбөгөн,
Көрсө көрсүн бир сени эркектерден.

Өзүңө чын берилип, так да болсун,
Күнөө кылбай, ар дайым ак да болсун,

Ата-теги өзүңдөн болсун төмөн!
Атактуугa күч күйөө болосуң сен!

Не дегенин угуп ал сынчы киши,
Сынчынын дайым бышык кылган иши:

«Аял алсаң, алгынын теги төмөн,
Өмүр өтөт түйшүксүз, жыргал менен.

Жүзү эмес, көңүлү сулуу болсун,
Сени дагы тазартат пейли кенен!»

Өзүң теңдүү жердин да алба кызын,
Качыра көр аялдын акылдуусун.

Жүзү эмес, көңүлү болсун сулуу,
Ак болсо аял пейли — артык сыны!

Сулууну эңсегендер, шашылбагын,
Кызыл жүзү саргаят акыр анын!

Аласыңбы аялды, билгин анда,
Төрт түрүн эске тутуп, анан карма.

Бири жүрөт бай кызга үйлөнсөм деп,
Да биринин — сулуудан көзү өтөт!

Үчүнчүсү тектүүнү самап келет,
Кекирейме адаты болуп себеп!

Төртүнчүсү эстүүнү издеп жүрөт,
Таптыбы — түбөлүккө кошот тилек.

Булардын кимиси артык — кеңеш берем,
Аласыңбы аялды — уккунуң сен.

Кулак сал, бай аялды көксөгөнүм,
Кул болуп байлык-мүлккө калба өзүң!

Андайлар ач көз болот, алкымы ачык,
Тойгузуу кыйын болор байлык ташып!

А силер, азгырылган сулууларга,
Элге күлкү, шакаба болуп калба!

Сулууларга түшөт да көптүн көзү,
Кудай колдоп напсисин тыйса дечи!

Тектүү кызды самаган кекиреймем,
Тек астына тепселип калбагын сен!

Тектүү жердин кызынын тили узун,
Катыныңа кул болуп калба өзүң.

Акылдуу кызды тапсаң карап турба,
Төрт сапаттын бардыгы болот анда!

Таптыңбы акылдууну — шашыл дароо,
Үйлөнүп ал, табылгыс бакыт ошо.

Тилегиң байлык болсо, аял жыят,
Байлык артып, бакытка үйүң тунат.

Абийирдүүбү аялың — сулуу ошо,
Аял сулуу көңүлү изги болсо.

Акылдуу, таза бекен — демек асыл,
Үч сапатты чогултуп баккан ушул.

Аялдын акылдуусун тапсаң эгер,
Төрт тарабы сапаттын болот түгөл!

А эгер акылдуунун тапсаң бирин,
Эч токтолбой, кутманым, үйлөнгүнүң!

---

## 63

## УУЛ МЕНЕН КЫЗДАРДЫ КАНДАЙ ТАРБИЯЛОО КЕРЕКТИГИ АЙТЫЛАТ

Уул, кыздуу болуп калсаң сен эгер,
Үйүңдө өстүр, жайсыз болот бөтөн жер.

Тарбиячы адам тап, пейли кенен,
Уул-кызың дени сак өсөт экен.

Билим берип, адилет тарбияла,
Эки дүйнө бактылуу болот анда.

Кыз чыгарып, келин ал куда күтүп,
Кайгы-капа билбеген байлык бүтүп.

Уулдарга үйрөткүн жакшы сапат,
Жакшы иштен бакыт да, байлык табат.

Тескеп тур, уул ишсиз — бош калбасын,
Бош болсо, текке кетер өмүрү чын.

Төрүңдө картайтпагын кызды кармап,
Кеселсиз чөгүп кетер, күйүт арбап.

Сөзүмдү ук, о кутманым, ачык айтам,
Кызы жок болгон жакшы, деги баштан!

А төрөлсө кыз бала — болсун дейли,
Көзү өтүп, көр алдында жатса мейли!

Аялды үйдө карма, болуп катаал,
Алардын маани, кейпи окшош татаал.

Бөтөнду үйгө койбо, чыгарба аял,
Бөтөнгө бузулууга аял даяр!

Көз көрбөсө — көңүлдө арзуу болбойт,
Көргөндөн соң көңүлүң тынчып койбойт.

Карабасаң жүрөгүң козголобу,
Козголбосо жүрөгүң тоз болобу!

Аялга эркек менен бербе тамак,
Бирге болсо арамдык жолго барат!

Аялдарды чыгарба үйдөн алыс,
Үйдөн чыкса оп-оңой бузуп салыш.

Аял деген — чийки эт, сакта өзүң,
А бузулса — пайдасыз аракетиң!

Аялыңды кадырла, айтканын тап,
А эшикти бөтөндөн жылчыксыз жап.

Аялдарга илгертен ишеним жок,
Көңүлү дайым жүрөт көзүн коштоп.

Күч менен өстүрүлгөн, кошмо дарак,
Мөмө бербес, берсе да арам тамак!

Нечен миң көзгө толгон берендерди,
Аялдын текебери алдап, жеңди.

Нечен эр, жүзү жарык, абийир алган,
Аялдарга алдырып, жер караган.

Нечен бир азаматтар атагы ашкан,
Тирүүлөй жерге кирген аялдардан.

Аларды кантип бузбай сактоо керек?
Теңирим, боло көргүн өзүң жөлөк!

---

## 64

## КОЛ АСТЫНДАГЫЛАРДЫ КАНДАЙЧА ТАТЫКТУУ КАРМОО КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

Кол астында элдерди жакшы карма,
Тамак-ашын, кийимин белен камда.

Жүк бергин ченеп туруп кубатына,
Бир кудай алар үчүн калыс сага.

Артык жумуш жасатып күч келтирбе,
Кудай каары тийбесин бир өзүңө.



Алар дагы кудайдын кулу болот,
Кыйнай берип, өзүңө кылба тозок!

Сен улуксуң, а баары сенден кичүү,
Кичүүсүн аяп кароо чоңдун иши.

Улук болсоң кичик тут сен өзүңдү,
Улуксуңбу сылык кыл мүнөзүңдү.

Көңүл бур акылмандын айтканына,
Кеңешин туура тутуп, ишиңди ула:

«Эгер сен эл башкарган улук болсоң,
Көңүл, сөздү эң сылык тутканың оң.

Сак болгунуң, жаңылба туура жолдон,
Кут табасың терс жолго баспай койсоң!»

Үй-жайыңды тап-таза, жакшы карма,
Дөөлөт кирер үйүңө, токтоп анда.

Кенен болсун үйүңдө тамак-ашың,
Кут, дөөлөт өзү келип коноор бачым.

Кирешеге жараша чыгаша кыл,
Чыгашаңды эсептеп, так кылып тур.

Алыш-бериш ишинде так болгунуң,
Так болсоң дайым таза басар жолуң.

А кокус кыйындык иш түшсө башка,
Жүгүңдү өзүң көтөр, бирөөгө артпа.

Мындайда жакын дос да жардам бербейт,
А жатың, шылдың кылып күлүп сүйлөйт.

Сенден дос, тууган дагы четтеп калат,
Жүрөгүң кайгы-муңдан алат жарат.

Аралаш жакын болгун жакшыларга,
Аракет кыл теңелгин сен аларга.

Пайда күтпө, байлыкты көздөбөгүн,
Өкүнүчтө өмүрдү өткөрөсүң.

Үйүңдү кашка жолго жакын курба,
Жеңдиресиң өзүңдү түйшүк, муңга.

Там курба жар башына, бай жанына,
Чептен алыс тургунуң сен дайыма.

Жакындоо бул үчөөнө жакшы эмес,
Кырсыктан кутулууга чамаң келбес!

Кошунаңды сурагын там саларда,
Суусу бар жерди изде жер алаарда.

Наадanга ымалашпай, жүргүнүң сак,
Адилетке тик карап, даңгыр жол тап.

Каниет кыл барына — өзүң бексиң,
Өмүрүң эч кайгысыз, жыргап өтсүн!

Унутпа өлүмүңдү, азгырылба,
Кудай де, акыл-эсти ачык карма.

Сөзүңдү ойлоп сүйлө, кырсык келбейт,
Бош өткөрбө өмүрдү — өкүнч жеңбейт.

Кекирейбе, болосуң жек көрүндү,
Сараң болсоң сан каргыш табат сени.

Жөнөкөй адам сөзүн жакшылап ук,
Адамдыкты ак көргүн ыйык тутуп:

«Атым чыксын жакшыраак десең анда,
Жоомарт болуп, дилиңди таза карма.

Алам десең кул кылып бардык жанды,
Белек менен байлап ал алгач аны.

Жетсин десең сен эгер төбөм көккө,
Ишиңди илим, ойго байлап иште.

Ойлосоң дүйнөгө атым жайылсын деп,
Конок күт — атың көккө чаап жетет.

Жыргал менен жашаймын десең көпкө,
Наадандыкты таштагын, кагып четке.

Эгер сен кудай жолун тутам десең,
Жаба көр ой, эшикти, жолду бекем.

Бактылуу болом десең бардык жерде,
Токтоо бол, болбос ишти баштай көрбө!»

Акылдуу адам айткан баалуу сөз бар,
Түшүнүп, оюңа түй, пайдасын ал:

«Напсиңдин талабына алдырбагын,
Алдырсаң — кетет денден башың, жаның!

Кесирлик ашкан жерде — акыл качат,
Сезбейсиң алтын башың алынганын!»

* * *

«Ушундай,— деди Акдилмиш,— кутман досум,
Кызматчыңдын жөн-жайы эсте болсун.

Мен айттым, сен тыңшадың, баарын козгоп,
Түшүнсөң, анда айтар башка сөз жок!»

*Өткүрмүштүн Акдилмишке*
*берген суроосу*

«Олуям,— деди Өткөрмүш,— уктум сөздү,
Айтканың ошол бойдон ойго жетти.

Дагы бир суроом бар айтчы мага,
Түшүндүрүп чындыкты аччы жана.

Эл менен аралашып жүрсөм демек,
Барыш-келиш мамиле кылуум керек.

Конокко чакырышып калар мени,
Мен дагы чакырууга келер жөнү.

Конокко кантип барып, кантип турам,
Чакырганга кандайча жооп кылам.

Суранам, айтып берчи, билгениңди,
Мен угуп, түшүнөйүн жөн-жөнүңдү!»

---

65

## АКДИЛМИШ ӨТКҮРМҮШКӨ КОНОККО БАРУУНУН ЖОЛ-ЖОБОСУН АЙТАТ

«Ал тууралуу айтууга — деди Акдилмиш,—
Даярмын, аны баары билүү тийиш.

Чакырылган адамдар болот түрдүү,
Ошондой түрлүү болот конок күтүү.

Үйлөнүү той, же башка болот кажет,
Сүннөт той, же төрөлгөн уул себеп.

Теңтушуң, же курдашың чакырышар,
Улуу, кичүү, ага-иниң сыйлап турар.

Чакырар өлгөндөргө, аш болгондо,
Болбосо наристеге ат койгондо.

Чакырса эгер сени жеп ичкенге,
Өзүң чеч керектигин баруу кимге.

Тууган-достор чакырып калса сени,
Даамын татып келгиниң келсе жөнү.

А кокус бөтөн адам чакырганда,
Азбы, көппү туз — даамын таткын анда.

Чакырса жакын досуң, же кошунаң,
Буйруган аш деп билгин теңир саган.

Аларга да баргының, ал — көңүлүн,
Кубанткын сен аларды, өзүң сүйүн!

Эгер сый — болсо сенин урматыңа,
Сен барып, ичип-жегин кубанчына.

А кокус — сыйлар болсо мындан бөлөк,
Көңүлүң ооруп калар, барбоо керек!

Ич түйүлүп, болбосо өтөт жана,
Жармашып кетпей калат кесел сага,

Ичкилик болгон жерде — аксым болор,
Сиңбесе чийки тамак — сыркоо конор.

Бир чымчым аш, бир тамчы суусун үчүн,
Кордобо сен өзүңдү, зордоп өзүң.

Каниеттүү адамдын айтканын ук,
Эрки менен напсисин койгон тыйып:

«Насиңди тый, баспагын жаман жолго,
Напси үчүн көр оокаттын кулу болбо!

Көп көргөм далай даңктуу азаматты,
Бардыгы кекиртектин айбын тартты.

Көргөмүн тектүүлөрдү ишин билген,
Напсисинин айынан жерге кирген.

Көрдүм байды, тойбогон кекиртеги,
Көктөн кулап кедейлик энчи эми.

Кулкунуңа кул болбо, жолуңдан кайт,
Напсиге туткун болгон, кутула албайт!»

Конокко чакырбасын сени кимдер,
Адеп күтүп, тамакты даамдай көр.

Адеп, тартип сактабас наадан адам,
Адептүүнү көргөндө болот жаман.

Улуу болсо өзүңдөн — эзелки адат,
Ашка колду кичүүлөр кийин салат.

Кудайды атап, сунгунуң оң колуңду,
Байлыгың баштан ашаар, болуп улуу.

Бирөөнүн алдындагы тамакты алба,
Өз жактан ал, өзүңдү бекем карма.

Мүлжүбө бычак менен, албагын сөөк,
Шашылба — озуп кетпе элден бөлөк!

Аябай тойсоң дагы кол сала тур,
Сени карап жешет да, сыпаалык кыл.

Оозуңа салганыңды шашпай чайна,
Ысык ашты үйлөбө — жаман анда.

Дасторкондон тамакты сүйрөп кетпе,
Сыпатыңды бузбагын бардык жерде.

Ал болот каадасыздык, каада күткүн,
Каадасыздар кор болот, сүйбөйт эч ким! —

Сыпаттуу адам кеңеш бизге айткан:
«Татыктуу урмат-сыйга сыпаа адам».

Тартип-таалим бар болсо кол узарып,
Сыпаа жандын дайыма жүзү жарык.

Жөн билбеген, адепсиз наадан менен,
Иш бүтүрүү эч качан болбойт деген!

Тамакты жеген сайын мактап алгын,
Үй ээсинде кубаныч, сүйүнч калсын.

Сен үчүн далбас уруп жасады аш,
Мээнеттин, даяр даамын кылбагын таш.

Жакшы адам сөз айтыптыр жүрөгүнөн,
Анын ою, ойлосом, чындык экен:

«Адам көөнү — эң назик айнек идиш,
Абайла, зирек кармап, сындырбай ич.

Көңүл сынса — кайрадан толбойт мындай,
Достук да, кубаныч да кетет турбай.

Чын досуңдун көңүлүн ыйык сакта,
Достук болбойт — бир жолу көңүл калса!»

Шашылба, лапылдата ашык жебе,
Ушинтип акылдуу жан айткан эле:

«Ашка соргок адамга кырсык өнөк,
Соргокту кесел өзү чырмай берет!

Кекиртегиң тыя жүр — келет кесел,
Ичкен, жеген ашыңды азайта көр!

Ден соолукту бул адат буза берет,
Эмдебесең артынан — өлүм келет!»

Дарыгер бир акылман айткан жакшы,
Анын сөзү так келип, ордун тапты:

«Кесел деген — өлүмдүн кабарчысы,
Оорунун өлүм болот коштоочусу.

Оору — азап, өлүмдүн чабарманы,
Өлүмдө өнүү барбы, жыргал кайсы?»

Адам деген атакка татуу үчүн,
Ысык менен суукту ченеп ичиң.

Табитиңе жараша тамак танда,
Сак болгун, жараксызын алып ташта!

Аштыбы, ысыктыгың суктап ич,
Сууктасаң — кайрадан ысыкка түш.

Жаштык чагың өмүрдүн ысык тушу,
Муздагын же — ансыз да каның кызуу.

Кырктан ашсаң — өмүрдүн күзү салкын,
Ашказанды ысыктап таптап алгын.

Алтымыштын чилдесин калсаң басып,
Муздакты унут, ысыкты алгын шашып!

Муздак, кургак бар жерге — ысык суулуу,
Керек да бир-бирине коштоп туруу.

Муздак менен суулууга — жокпу көңүл,
Кургак менен ысыкты — колдоно бил.

Ден үшүсө жылыткын ысык менен,
Ысыдыбы муздакка өткүнүң сен.

А сенде аралашпы ысык-суук,
Кошуп ичкин экөөнү теңдеп туруп.

Эгерде өз денеңди сактап жүрсөң,
Ден соолугуң темирдей болот бекем.

Эң мыкты дарыкердин айтканын ук,
Кеңешин кабыл алып түйшүктү унут:

«Мен сенин негизиңди айтып берем,
Кызыл-сары, кара-ак сенин денең.

Булар кас бир бирине — элдешпеген,
Бөтөндү эч батырбайт бөтөн деген.

Акылдуу өз денесин сактай жүрөт,
Жагаар тамак денеге даба берет.

Адамдын айбандардан айырмасы,
Тамагын таап ичет, болгону ушу!»

Ак чачтуу кары айткан тыңша сөздү,
Эй, уул, билип алгын айткан кепти:

«Кырк жашында бир өзүн билбеген жан,
Айырмасы жок болот анын малдан.

Илим жолун таанырбас чоркок жанбы,
Адам деп атабагын досум — аны.

Көп жашап, бирок жөнду билбегенди,
Андайды жылкы десе болот жөндүү.

Ким өткөрсө өмүрүн көөдөк бойдон,
Андайды адам дебей,— мал деген оң!»

Илгери эмчи айткан, жаңы эмес:
«Тамакты тартып жеген, кеселдебес».

Эгерде кесел менден качсын десең,
Тааныш бол «чакта» деген дары менен.

Эгерде жаным жайлуу болсун десең,
Этти же, эл кадырлап «тил»[1] деп жүргөн».

## 66

## АКДИЛМИШ ӨТКҮРМҮШКӨ КОНОККО ЧАКЫРУУНУН ЖОЛ-ЖОБОСУН АЙТАТ

Мейманды чакырсам деп калсаң өзүң.
Дайындап, көздөгүнүң иштин тезин.

Идиш-аяк, үй-жайың болсун даяр,
Тамак-аш, төшөк болсун жерге салаар.

Даамдуу болсун ашың, ичкилигиң,
Коногуң эч калтырбай баарын ичсин.

Болсо начар, мейли эле — жалгыз ичсең,
Даамсыз аш жүз жанга болбойт берсең!

Байкагын, берген ашың болсун таттуу,
Коногуң ичип-жесе сага жакшы.

Алыс-жакын, дос-тууган баарын чакыр,
Бөлбөгүн жакшы-жаман элди такыр.

Келген келсин, келбесин каалабаган,
Баарына айттың — таарыныч болбойт саган.

Таарыныч чыкса тамак, кекиртектен,
Өлгөнчө өчөгүшүү калбайт экен!

[1] Тамактын сиңимдүүсүн ич деген мааниде айтылып жатат.

Байкагын баары ичсин, тоё жешсин,
Кечиккен да тамакка тоюп кетсин.

Тамак жесе, ичимдик даяр кылгын,
Ичиштиби,— дагы бер ашып калсын.

Аш көп жерде, көп керек ичимдик да,
Жеп, ичүүнү тең кылуу — милдет сага.

Аш жеген соң болбосо ичимдиги,
Тамактын анда жеген болбойт жөнү.

Каалаганга ачкыл бер, ширени бер,
Шербет десе шербетти, бал бере көр.

Берүүнү ичимдиктен дагы кандай,
Мен эмес, билгендерден сурагын жай.

Аксакалдар тойдубу тамак-ашка,
Кичүүлөрдү тамакка сыйлап башта.

Көз салгын, тамак-ашың толук жетсин,
Тойгузгун баарын тегиз, ач кетпесин.

Тоюштубу тамакка, конокко бер,
Кургаган, жаңы жемиш, таттуу шекер.

Колдон келсе, матадан тарат белек,
Баарына бирдей кылып бөлүү керек.

Болдубу конокторуң ичип-жешип,
Эшикти ач, конокторуң калсын кетип.

Конокко чакыргандын төрт түрү бар,
Коноктун да төрт түрү болот катар.

Бири бар чакырганга дароо келет,
Бергениңди ичип-жеп кете берет.

Бирөө бар эл чакырбайт, болот камсыз,
Тамагын баш көтөрбөй ичет жалгыз.

Үчүнчүсү конокко келет шашып,
Кезегинде чакырат даамын чачып.

Төртүнчүсү чакырган жерге баспас,
Үйүндө да эшигин бөтөнгө ачпас.

Андайлар өлүк делет, тирүү дебе,
Достошом деп кыйналба бекерге эле.

Бирөөлөр бар барганды турбайт самап,
Конок келсе бар малын союп салат.

Мындайлардын артык да акыл-эси,
Мактай турган адам да мунун өзү.

Барасыңбы конокко, барбайсыңбы,
Соо болосуң чактап ич тамагыңды.

Тойбос, соргок — оорулуу, кесел келет,
Өңү купкуу, сорготук бир сөлөкөт.

Бир дарыгер айтыптыр буга мисал;
Ден соолуктун сырларын так билген ал:

«Тамак менен аласың дарттын баарын,
Дарт картайтат, кыскартат өмүр сабын.

Кекиртекти тыя алсаң — оорубайсың,
Кызыл өңүң кубартаар ашказаның!»

Адеп ушул ашка да, ичимдикке,
Конокко барасыңбы, келеби үйгө».

* * *

Баарын айттым, сөзүмдү уктуң өзүң,
Жетет деп бил ушуну, бүттү сөзүм.

Жол-жосуну дүйнөнүн мына ушундай,
Эстей жүр эл ичинде унуткарбай.

О, олуям, шооласы акыйкаттын,
Сөз маанисин ойлонуп өзүң тапкын!

---

67

## ӨТКҮРМҮШ АКДИЛМИШКЕ БУЛ ДҮЙНӨНҮН КӨЙҮН УНУТУП, БОЛГОНГО КАНИЕТ КЫЛУУНУ АЙТАТ

Жооп берди Өткүрмүш: «Уктум сени,
Айтайын жооп берип, тыңша мени.

Сөзүңдүн маанисине жеткен адам,
Тилегени дайыма келет аган.

Тириликти эл менен кылам деген,
Түшүнүп, көп нерсени билгени жөн.

Чогултса адам дүйнө түйшүк менен,
Көрбөсө көпкө үзүрүн, керек неген?

Берилсе күнүмдүккө адам өзү,
Кудайымдын жолуна зыян дечи.

Сен мына алыс жерден келдиң маган,
Сыйынуунун жолуна кылдың зыян.

Бир кишиден ушунча залал таптым,
Көпкө мени кошул деп кыйнабагын!

Айылга, шаарларга кирсем өзүм,
Киши менен болот да ишим, сөзүм.

Анан качан сыйынам? Анда мага,
Дарбазасы бейиштин жабылат да!

Жаш эмесмин, күн сайын карып барам,
Кудайга кулдук уруу — максат маган.

Максатсыз түйшүктөргө кайра кайтуу,
Жарашабы өзүмө боорум айтчы?

Билими дайра адам айткан акыл,
Кутманым, терең ойлоп болгун макул:

«Карылыкты ойлой жүр жаш убакта,
Карыларда күч аз да, мезгил кыска.

Кудай де жаш чагыңдан, күтпөйт мезгил,
Пайдасы карыганда, ошону бил.

Жашыңдан зыярат кыл, кайра жанат,
Карыган соң кайратың кетип калат.

Жигиттик кез жалындап күйүп турат,
Жалпы журтуң жан-дилден урмат кылат!

Байкуш болуп карыган адам көп го,
Жан өмүрүн өткөргөн бекер, текке!»

Тириликтин жыргалы өмүр үчүн,
Өмүр бүтсө — кереги ташка тийсин.

Чогултасың байлыкты, түйшүк менен,
Калтырасың кимге аны, өзүң өлсөң?

Сен айткандай Эликке кирдим дейли,
Досту күтүп, эл жайын билдим дейли.

Пайда кайсы? Ажал да табар олжоң,
Эки кулач бөз энчиң кокус өлсөң!

Мынчалык күйүп-бышып эмне керек,
Максат экөө — жок мүдөө андан бөлөк.

Анын бири — байлыгың арбын болсо,
Экиничиси — бийликте, сыйда жашоо.

Өлбөс болсо адамдар түбөлүктүү,
Бул экөө анда адамга керек дечи!

А бирок бул экөөнү алды өлүм,
Айтчы боорум, кереги не бул дүйнөнүн?

Куттуу жандын чырайы жаркып турат,
Байлыгы артып, ырайы балкып турат.

А эгер болсо адамдын кутсуз жолу,
Карыганда артылар арман-шору.

Өтө жакшы айтыптыр бир даанышман,
О, жигитим, пайдалуу аны уксаң:

Адамдын эң асылы — карыганча
Жамандыксыз, жакшылык дайым калса.

Адамдын бактысызы — карыса да,
Напсисинин артынан кууп турса!»

Канакей бүт ааламды жеңген күчтүү,
Темир капка сепилди курган киши[1]

Кайда дөбөт ааламды кезип чыккан,
Алп кара куш ат кылып көккө учкан?[2]

Кайда эми «Кудаймын!» деп жүргөн неме,
Теңир аны чөгөргөн көк деңизге[3].

Жер жайнаган байлыкка тойбой кайра,
Жер соргон Карынбайың азыр кайда?

---

[1] Ирандын шахы Шагдат жөнүндө айтылып жатат.
[2] Мифтик падыша Намруд жөнүндө айтылууда.
[3] Фараон (Фираун) куранда өзүн кудай деп эсептеген каарман.

Чыгыш менен Батышты баскан кайда,
Бийлигин кең тараткан бардык жайга?[1]

Жылан тилдүү кармаган таягынан,
Деңизди тең жарылткан кайда адам?[2]

Бүт айбанат, ит-кушту, курт-кумурска,
Багынтып улук болгон адам кайда?[3]

Канакей өлгөнгө жан берген киши,
Өлүмгө туткун болду акыры өзү?[4]

Кайда азыр кудай сүйгөн пайгамбары?
Бул дүйнө ансыз эми тул калдыбы!

Ушулардын баарысын өлүм алды,
Сен эмне, өлбөс болуп калгың барбы?!

Ушундай жашоо заңы, түзөп болбойт,
Жагабы же жакпайбы сурап койбойт!

Ушунча сансыз жандар кирген экен,
Кара жердин карыны тойду бекен?

Кара жердин катмарын көрсө ачып,
Канча асыл жандарды алган катып!

Канча бектер жатышат турпак болуп,
Канча билгир жоголду түпсүз соолуп.

Билип болбойт бекпи, же кул экенин,
Кедей-байбы — өлүмгө бир эсебиң.

Бой көтөрмө, нечендер оорубаган,
Жер алдында кыймылсыз жатып калган.

Канча жан кача албай жер төшөндү!
Түбөлүк тирүү калчу биз бекенби?

Адам деген — жолоочу, багыты алыс,
Улуу жолдо үй куруу болбойт калыс!

Менде жок теңириме арзуу, тилек,
Мени кой, бир кудайым болсун жөлөк!

---

[1] Александр Македонский (Искендер) жөнүндө сөз болуп жатат.
[2] Сөз Муса пайгамбар жөнүндө болуп жатат.
[3] Курандагы жан-жаныбарлардын тилин билген Сулайман (Соломон) жөнүндө болуп жатат.
[4] Бул курандагы Иса (Иусис) Пайгамбар жөнүндө.

Кул кылат адамдарды сараңдыгы,
Жетишет мага баары, укпайм аны.

Айткан сөзүн угуп ал, жетик абдан,
Бул дүйнөгө көңүлү тойгон адам:

«Каалаганым турмуштан толук алдым,
Ачкөздүк, курмандыктын кечкем баарын.

Ыргыттым күнүмдүктүн азгырыгын,
Тилек бүттү, сөзүм жок, бейпил жаным!»

Бул дүйнө — ачык талаа, билгин жана,
Эмне эксең, ошол чыгат жайнап ага.

Уругуң жакшы болсо, өнүм жакшы,
Демек сен, ашка токсуң, кийим жаңы.

Жаман эксең — түшүмү болот начар,
Оор түйшүк эртеси сени басар.

Бүгүн сен кумарыңды тыя албасаң,
Жакшылыкты көрбөйсүң сен эч качан!

Бул дүйнөнүн түйшүгүн ташта, унут,
Калсынчы туйбаган соң эстен чыгып.

Ыргытпасаң сен өзүң, ал ыргытат,
Жармашсаң өзүң ага — четтеп турат.

Биргесиңби? Эмнеге? Эмне берет?
Ал сени булгаганча — алыс жөнөт!

Муну таштап, эртеңки күнүңдү ойлон,
Табасың, бейпил тынчтык ошол жолдон.

Андан да жогорусун кылсаң максат,
Экөөнү тең ойлобой, койгун таштап!

Эки дүйнө ээ болгон жанга жүгүн,
Ошондо биригишкен эртең, бүгүн.

Ал түзгөндүн баарысын сен аласың,
Жаралганды ошондон таба аласың.

Жаралгандан коркпогун, таштоо керек,
Жаратканан корккунуң, сага жөлөк.

Жаратканга жалынбай, унутуп сен,
Жаралганга кайрылуу болот бекен?

Сыйынуунун ак жолу экөө гана:
Ким сыйынса дилинен, урмат ага.

Жарабаса жасаган аракети,
Өмүрү текке кетип, эрксиз дечи.

Жакшы ишиңди өкүмдар өзү көрөт,
Жаман болсоң уяттан жүдөйт, демек.

Ачсыңбы же токсуңбу, тынба чыдап,
Бек — жатат, а кулдары — эмгек кылат.

Чыкпаса пайда, майнап эмгегиңден,
Анда өмүрүң бапасыз өтөт экен.

Кызматчыга бул иштен пайда кайсы,
Канакей ал кызматтын ырахаты?

Ылалык бир адамдын айтканын ук,
Иш кылуунун маанисин билген толук:

«Бек кызматын аткаруу кыйын жумуш,
Көп кылсаң да, аз болот алкоо алыш.

Жагып калсаң — туткунсуң чыгалбаган,
Жакпайсыңбы — жек көрүү энчи саган.

Кызматыңа кубанба, билип алгын,
Ишиң үчүн акыры кетет башың!

Кубанат го десең сен — сөгүп турат,
Колдойт десең — кайрадан жүзүн бурат.

Билип болбойт эч качан кылыктарын,
Алып бүтпөйт ойдогу иштин баарын!»

О, уулум бул өмүрүң шамал белем,
Көлөкө го, эч качан жай билбеген.

Ал закым: бир көрүнүп, оюн курган,
Кармайм десең жолобой качып турган!

Дөөлөт кетет көрүнүп, келер замат,
Ал шашма, ишенимсиз, эскирет бат!

Керексиз бул дүйнөнүн көйү мага,
Пайдасы жок мен үчүн дөөлөтү да!

Теңиримдин аты эле — мага кубат,
Анын жолу кубаныч берип турат.

Теңир сүйсүн, калгандан пайда кайсы?
Шайтан-душман теңирге, мага дагы!

Жашоодо кубаныч да, үмүт ошо,
Калка болор таяныч, сүйүнүч ошо!

Кийгеним — кой териси, арпа-ашым,
Жетет ушу, унуткам мен башкасын.

Кудай деген бир адам айткан сөзү;
Календерче жашаптыр тоодо өзү:

«Ыраазымын, жетишет мага дечи,
Ашым — кебек, кийгеним — кой териси.

Балдан таттуу мен үчүн иче-карын,
Шайыдан артык чепкен үстүмдөгү!»

Тамак жетет иче бер жарылганча,
Бир мага тоюш үчүн жетет арпа!

Бышкан нан же, көжө ич — өмүр улап,
Баарын аймаар малдыктан болгун ыраак.

Кызыкпа тартуу, сыйга — ачуу берер,
Таттуу үчүн табаарың — казылган көр!

Таттуу тамак — кекиртек, ашказанга,
Ашказанга алдырсаң — малсың анда.

Адам сүйөт кымкап тон кийингенди,
Кутманым, жапсаң болду уят жерди!

Карынды бир тойгузсаң — эки күн да,
Бир тон кийсең, жетишет — эки жылга.

Экөө үчүн өзүмдү кулдай кылып,
Кызмат кылсам жарайбы билип туруп.

Бийик тоодон, төмөнкү түзгө чейин,
Тирүү жандар азапта кармайт өзүн.

Муң билбеген бир гана кудай өзү,
Муңдууларга кайрылар жөлөк дечи.

Багыштадым оюмду бир кудайга,
Тилегим, оюм дагы менин анда.

Биримдиги кудайдын мага маалим,
Көңүлүмдөн ишенем ага дайым.

Уйку көрбөй тилеймин жакшылыгын,
Кайдан табам, бегисиз мага аным!

Тилегим теңиримде көз ирмебей,
Ишин көрөм, жүрөмүн өзүн көрбөй,

Издеген жан уктабайт, көздөйт дайым,
Таппай калсаң тагдырга таарынбагын.

Изде тынбай — жол узак, жолдон калба,
Жетпеймин деп козголбой жатып алба.

Тилегендер эс алып жатып болбойт,
Жаткандарга жанашып бакыт конбойт.

Далбас урган тилекке кантип жетпейт?,
Далдайып жатып алган нени көксөйт!

Эң алгач өзү мага көңүл бөлдү,
Эми мен ага арнадым өмүрүмдү.

Абалы өзү мени келсе деген,
Эми мен жалгыз аны эңсеп келем.

Теңиримди ушундай кантип сүйбөйм,
Тынчтыгымды жоготуп дайым издейм?

Кайгы, кырсык келгенде теңир жөлөк,
Күнүмдүктөн куткарып коргоп келет.

Абалы өзү тапты, көргөздү жол,
Эми ага ак дилимден сунамын кол.

Ал жаратты өзүмдү, танбайм аны,
Өстүрдү, тарбиялап жолго салды.

Элди таштап ошого бойду каттым,
Ар балаадан асырап сактаары чын!

Жалгызмын, бирок өзү көкүрөктө,
Теңир аты жүрөктө, күндүз, түндө.

Теңир мага ишенич, жөлөк, калканч,
Мага тамак кээ күндө болгондо ач.

Кудай деген адамдын ук айтканын,
Кир жукпаган таптаза дили анын:

«Көңүлдөгү сырымды ачам сага,
Кыялымда бир сен деп учам сага.

Кудай менин кубанчым таянычым,
Калганынан качамын, безип сага!»

О дүйнө үчүн алгансың бу дүйнөнү,
Таштабасаң мунусун — күтпөйт тиги!

Бул дүйнөдөн жүзүңдү буруп кеткин,
О дүйнөгө ошондо колуң жетсин.

Бүгүнкүнү оюңдан чыгарбасаң,
Эртеңкини табасың кантип анан!

Бул дүйнө коркунучтуу, тамчысы — уу,
Тазалык, тунуктукту издесеңчи!

Күнүмдүктүн түйшүгүн унут бачым,
Ак жолуңду эртеңден табарың чын.

Акдилмиш бүт чындыкты билип алгын,
Билгенимди айтайын, кулак салгын!

Төрт тоскоолду талкалап таштабасаң,
Төрт ишиңди бүтпөйсүң сен эч качан.

Кумардыктын дүйнөсүн унутпасаң,
О дүйнөнүн эшиги бекем саган.

Кетпесең элди таштап өзүң алыс,
Ойлобо кудайыма болдум калыс!

Кумардыктын аркасын сындырбасаң,
Ак жолуңду таппайсың канча бассаң.

Кумардыкты оюндан алып ташта,
Ошондо кудай жолун болот тапса.

Дүйнө жай — мусулманга түнөп өтөр,
Жыргалды түнөк жайдан күтүү бекер!

Напсиңди тый, дайыма алып колго,
Мына ошондо чыгасың туура жолго.

Тек өткөрбө күнүңдү желдей сызган,
Билип кой кайра келбейт колдон чыккан.

Өмүрүң текке кетсе — күтөт тозок,
Бир өмүр колдон чыкса — башкасы жок!

Акылман айткан сөзү, ою деңиз,
Ою бийик, а өзү жөнөкөй, түз:

«Бир журттан башка журтка көчсөң анда,
Көччү жолду тандагын алдын ала.

Жолдуу болот, көчкөндө даяр адам,
Алдын ала кам көрсө өзү аган.

Шашсаң да, шашпасаң да көчүү абзел,
Көчүңдүн барар жери — караңгы көр!

Бексиңби же кулсуңбу — түшүн өзүң,
Түбөлүктүү эмессиң, күтөт өлүм.

Жашайсыңбы миң жашты, же он сегиз,
Сен өлөсүң — артыңда калтыргын из!

Байсыңбы, кедейсиңби, турбайт ылгап,
Өткөн күн, жыл жок кылат баарын аймап.

Жетсе да атак-даңкың төбөң көккө,
Кирип жатар орунуң кара жерде.

Ким өткөрсө өмүрүн пайдасы жок,
Өзүн өрттөйт, мал окшоп айласы жок!»

Денеси чың, а болсо ою арам,
Опосуз андай жашоо, көз артпа аган!

О, боорум, сен мен үчүн азап чекпе,
Өзүңө ыйла, сен эми өзүңдү эсте.

Күнүмдүктүн акыры тарткан тузак,
Азгырылба сен ага — бекем тутат.

Бүгүн сенин дөөлөтүң ашып-ташса,
Ишенбе, эртең анын жолу башка.

Өлүмүңдү унутпа, ажалга алат,
Буктурмадан чыккандай тосуп калат.

Далай эрди калтырбай өлүм жеди,
Далай байлык чачылды калбай изи!

Көрөгөч бирөө айтып эскерткен сөз,
Өлүм-балээ, анысын унутпа эч:

«Көп адамга көр оозун өлүм ачты,
Өлүмдү ойлогондо төгөм жашты.

Өкүмдарлар жок болду менменсинген,
Аскери, куралы бар, аттуу-баштуу!»

Өмүр өтөт ирмемде унутпагын,
Өткөн күндү кайрууга келбейт алың!

Бейпил күнгө алданба, учуп өтөт,
Бактыңа ишенбе өтүп кетет!

Баатырмын дегенди да ажал эңди,
Улукмун дегенди да ажал жеңди.

Өлүм бузду шаарды, кыштактарды,
Өлүм бузду ордону, сарайларды.

Жер алдында миңдеген өлүк жатат,
Тирүүлөрдү чакырып күтүп атат.

Көзүңдү ачып аларга назар салчы,
Жаткандын беги кайсы, кулу кайсы?

Карабайт өлүм сенин даражаңа,
Өлүмдү жеңген барбы айтчы кана?!

Пайгамбарды калтырбай өлүм алган,
Бул балээден кутулар барбы арган!

Бул дүйнө ишеничсиз, азап жанга,
Алдамчы, катаал жана азгырылма!

Алмашылып, улам чубап күндөр өтөт,
Жакшы-жаман, туурасы өтөт-кетет.

Тогу да, ачы дагы аман калбайт,
Бек, байы, кедейи да кутула албайт.

Жыргалың, кууралың да өтөт, демек,
Болбоско чырылдашып эмне керек?

Айтайын айткан сөзүн акылмандын,
Көңүл-сөзү төп болгон дайым анын:

«Мактанчаак аз иштерге кагат төшүн,
Көккө теңеп көтөрөт андай өзүн.

Ажал келсе андайлар мөгдүрөшүп,
Көксөсүн өлүм басаар, жаап көзүн!»

Ылымсырап сөз айттым мен өзүңө,
Кутманым көңүл бөлүп, кулак төшө!

Бул чындыкты ким таанып, баалай билсе,
Жалган дүйнө ал үчүн болбос нерсе,

Жигиттик кезим өттү, жаш эмесмин,
Кара чачым агарды, башка сезим.

Ажалды ойлонууга мезгил жетти,
Кутманым өлүм жакын, жаштык өттү.

Ажал жакын, кубаныч алыс калды,
Өлгөндөн соң башка да жумуш барбы!

Балээни өзүм сезип туруп, анан,
Эликтин кызматына кантип барам?

Эликке менден такыр жокко жардам,
Ишенсең айткан сөзгө, ушул пайдам.

Ал ойлойт мени тирүү жашайт го деп,
Мен кеткем бул дүйнөдөн — ойлошу эп.

Жаратканда кудайым адамды ушул,
Эки түйшүк — эки ишке жаратыптыр.

Бирине — бейиш, бирине — тозок берген,
Бирин тепсеп, көтөрөт бирин жерден.

Бейишти тилегенге жол көрсөттү,
Тозок жолун жашырбай айта кетти.

Өтөйм деген кулуна турат дайым,
Кудайым көмөк кылып көрөт камын!

Кудайым бир ал кулум десе болду,
Ачык болот ар дайым анын жолу.

Ал сыйынса күнү-түнү дитин ачып,
Миң түркүн жакшылыктын эшиги ачык.

Билгенимди калтырбай бул турмуштан,
Кутман досум, жашырбай айттым саган.

Акыл болоор асыл сөз сага керек,
Мына булар, чынында өткүрүрөөк:

«Акыретти издесең — түз жол мына,
А байлыктын жолдору — дайын сага.

Тагдырда жолдуу болсоң, бакыт улап,
Тилегениң баарысы келет даана!»

Башканы кантип анан тилей алам,
Тилегим жардам берүү дайым саган!

Тапшырсын Элик мени теңириме
Дуба окуюн атына анын күндө.

Түшүндүң билгенимдин баарын айттым,
Бүт уктуң, калтырбастан айта баргын.

Түшүн мага, а эгер түшүнбөсөң,
Эрте-кечпи чындыкты түшүнөрсүң.

Акылы — деңиз адам, айткан экен,
Тыңшагын, жүзүң жарык болосуң сен:

«Айткан сөзүм бүгүн сага түш болор,
Акыл тутсаң адилеттүү иш болор.

Айтканды угуп, ар сөзү эсте калсын,
Укпагандар -- бир балээге туш болор!»

Кечирсин бар күнөөмдү Элик менин,
Таарынычын жазууну ойлон өзүң.

Машакаттуу эмгегиң, жолуң алыс,
Кудайым өзү болсун сага калыс.

О, боорум оорутпачы көңүлүмдү,
Үзө көрбө достукту, соз колуңду!»

### *Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу*

Жооп кылып Акдилмиш айтты: «Ишен,
Ак жолуңду түшүндүм айтып берген.

Кулак төшөп тыңдадым айтканыңды,
Сүйлөбөйм, ак сөзүңдөн көңүл тынды.

Чындык бар, адилет бар айтканыңда,
Калгандары бүтүндөй жалган тура.

Туура айтасың, бул ишим окшойт оюн,
Моюн сундум, чындыкка кул болоюн.

Мен кеттим, тургун эми аман-эсен,
Э, адам, эки дүйнө көйүнө өткөн!

О, боорум, кудай сага кубат берсин,
Дубаңда бизди унутпай эскерерсиң.

Мен үчүн да кудайдан кылгын тилек,
Ак жолуна чыгарып болсун жөлөк!»

* * *

Сөзүн бүтүп, ордунан турду дагы,
Коштошту — үйүн көздөй багыт алды.

Атка минип үйүнө кирип келди,
Үйгө кирип, жамбаштап алды өргүү.

Тамак ичип, жайланып ойго батты,
Уккандарын оюнда тактап жатты.

Күн жүзүнө жамынды кара парда,
Дүйнө жүзү оронду караңгыга.

Рум кызы байкатпай жүзүн жапты,
Кара чачы каптады туш-туш жакты .

Бүт аалам кара кулдун өңүн кийди,
Куш учпай, баскан кадам жолун тыйды.

Даарат алып, намазын окуп бүттү,
Салдырып, төшөгүнө жата кетти.

---

[1] Түн түштү деген мааниде.

Бир аз уктап, ойгонуп баш көтөрсө,
Кыйшайыптыр Марс жылдыз карап көрсө.

Караса Үркөр ооп кеткен экен,
Чыгышка Чаян тууп өткөн экен.

Көпкө жатты көз ирмеп уктай албай,
Калтырап безгек болгон кесел жандай.

Көпкө чейин уйкусуз жатты ойлоп,
Супа салат чыгыш жак түндү козгоп.

Асман али көө сымал караңгы эле,
Жарык нуру таралды болуп жебе.

Күн чыкканда караңгы тарап кетти,
Алтын түстүү байрагын көкөлөттү.

Акдилмиш жуунган соң туруп бачым,
Билгенинче окуду багымдатын.

Көтөрүлүп Күн шашке болгон ченде,
Акдилмиш хан сарайга келип кирди.

Кирсин-деди уккан соң Элик аны,
Кол куушуруп бооруна, кирип барды.

Элик анда отур деп берди жайды,
Адеп сактап отурду ал сыпайы.

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

Аздан соң Элик өзү сөз баштады:
«Жооп берчи кутманым, сурайм дагы

Тууганың эмне деди? Ишиң кандай?
Эмне келдиң? Жаныңа кошуп албай?»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

Жооп кылып Акдилмиш айтты кепти,
Болгон сөздү, калтырбай сүйлөп өттү.

Экөөнүн ортосунда сүйлөшүүнү,
Жооп кылып Эликке айтты жөндүү.

Элик турду ойго батып камыгып,
Көздөн жашы шорголоду агылып.

### *Эликтин Акдилмишке айткан жообу*

«Сенин бооруң,— деди ал, ачык айтты,
Анын сөзү адилет, чындык жакшы.

Зордодук өзүбүздү биз өзүбүз,
Зордук менен ага да келтирдик күч.

Бул өмүр өтүп кетет, калбайт изи,
Келгени да токтобой, кетет дечи.

Түбөлүктүү күндөрүң кийин келет,
Жакшы, жаман токтобойт, өтө берет.

Түбөлүктүү дүйнөгө жеткен жакшы,
Демек ал, көп жакшылык, сыймык тапты.

Туура айтат бир бооруң, көптү билет,
Чакыруу бизге аны — өнбөс тилек.

Баарыбыз туткунубуз напсибиздин,
Бекер тура түйшүгү күнүмдүктүн!

Айтканын ук, пейли кең айкөл адам,
Акыл сөзү андайдын сабак саган:

«Напсиңди тыя албасаң,— кумар жеңет,
Азабыңа эки эсе өзүң себеп,

Напси жеңсе көңүлүң өлүп калып,
Көңүл өлсө, ишеним өчөрү анык.

Көңүлүбүз өлүкпү, туткунбуз биз,
Кумар багы чоңоюп жооноёт жүз».

Улуктук, бийиктик да, дөөлөттүү кез,
Кутманым, түбөлүктүү дайым эмес!

Турмуштун жыргалы аз, кууралы көп,
Сыркоо, каргыш жармашат жаныңды жеп.

Эң акылдуу адамдын жакшы сөзү,
Көп көрүп бул турмушту билген өзү:

«Улук болсоң кубанба мансабыңа,
Улуктардын түйшүгү арбын тура.

Кубанычтын кайгы жүрөт соңунда,
Ыракат, мээнет коштоп келет сага!»

### *Эликтин Акдилмишке берген суроосу*

Элик айтты кайрадан: «Акдилмишим!
Чакырган себебимди билгин өзүң.

Эгер андан пайданы көрөм десем,
Мынчалык сан түйшүккө түшпөйт элем!

Катуу турду, келүүгө ынабады,
Тууган, достун коюну тартпады аны.

Ашык кетпей айтыптыр чындык сөздү,
Күчкө салып мажбурлоо болбойт эми.

Эмгегиңден чыкпады эч бир майнап,
Жол азабын, көп тарттың жанды кыйнап.

Кутманым шашылбайлы, күтөлүчү,
Кандай болуп аяктайт анын иши.

Келечек күн белгисиз, караңгыда,
Нурлары жарык кылар күн чыкканда!

Мезгил өзү — тартылган жаага тете,
Жыргал, кырсык жебесин атар нече.

Бүт ишиңди кудайдын эрки деп бил,
Жоктон барың жаралат — жетсе мезгил.

Чыкпаса иштериңдин ырахаты,
Кутманым, күтө турчу шашылбачы.

Турмуш деген ушундай куусаң качат,
Таштап койсоң, чакырып жолуңду ачат.

Сабыр кылып бир азга сынайлычы,
Колубузга бир конор бакыт кушу!

Тек койгун, өзү эңсеп издеп келер,
Далай жолу толгонуп, ойлоп көрөр!»

* * *

Элик сөзүн ушинтип аяктады,
Акдилмиш сылык туруп, калтырды аны.

Мезгил учуп, күн өттү күн артынан,
Элик батат сан ойго улам-улам.

## 68

## КҮНТУУДУ ЭЛИК ӨТКҮРМҮШТҮ ҮЧҮНЧҮ ЖОЛУ ЧАКЫРТКАНЫ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Элик дагы чакырып Акдилмишти:
«Тапшырамын өзүңө ушул ишти.

Чакырыкка келбеди бир тууганың,
Тилегимди ойлогон мен таппадым.

Таштадым унуткарып ак тилекти,
Түйшүктөнтүп башка ой кыйнайт мени.

Оюмда башка максат жатат менин,
Беттешип, бир бооруңду көрсөм деймин.

Мен барамбы, болбосо ал келеби,
Бир сүйлөшүп калалы келсе жөнү.

Мейли, келип кеңешин берип кетсин,
Кайра барып өз ишин кыла берсин.

Мага пайда, а ага залал эмес,
Тазарып, күмөн иштер калбасын өч!»

*Акдилмиштин Эликке айткан жообу*

Жооп айтты Акдилмиш: «Кутман Элик,
Бул сөзүңдөн чындыкты турам көрүп!

Элик айтса — жолума камданайын,
Жүйөсүн келтирүүнүн мен табайын.

Өзүм барып сөзүңдү билдирейин,
Элик барбайт, мен аны келтирейин.

Жана дагы бир катты жазсын Элик,
Шек санабай ишенсин катты көрүп!»

*Эликтин Акдилмишке айткан жообу*

Элик айтты: «Кагаздын кереги эмне?
Каттан көрө ишенет ал өзүңө!

Чабарманга ишенбес катты берет,
Сенден артык ишеним эмне делет?

Ягма[1] беги айтканын угуп алгын,
Акыл экен сөздөрү бүтүн анын:

«Ишенимдүү элчиге, катың ашык,
Ишендиңби, кайтпагын кайра шашып.

Сөзүңдү айт, уккунуң айткандарын,
Пайдасы эмне кагазга койсоң жазып!»

Бул милдетиң сен үчүн татаал эмес
Чочугандай мынчалык катаал эмес!

Айтар сөзгө каттын жок кошумчасы,
Кат — өзүң да урматтуум асылбачы.

Мага келсе, тез эле кайра кетет,
Зордобоймун, эркине кылбайм бөгөт.

Кошумча сага айтар менин оюм,
Жөн чакыр, эч убакта зордобогун.

Эгерде өзү каалап келбейт экен,
Өзүм барып көрүшүп, кайра келем!»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

«Куп болот,— дейт Акдилмиш,— бардык тилек,
Төп болот бир кудайым болсо жөлөк.

Кызматыңды талбастан кылып берем,
Арзыган тилегиңди өтөп келем.

Турсаң болду сен өзүң аман-эсен,
Тилегиңди кудайым берсе экен!»

* * *

Тышка чыгып, аттанып үйгө келди,
Аттан түшүп, чечинип тонун илди.

Кызыл күндүн ажары, сары болду,
Бүт дүйнөнү алтынга ороп койду.

Күндүн бети боелду сары күрөң,
Асман көпкөк жамынды шейшеп менен.

---

[1] Ошол кездеги түрк уруусу.

Кабак бүркөп көк бети күүгүмдөндү,
Аалам жүзү чүмкөндү кара өңдү.

Тамак ичип, намазын окуп бүттү,
Кыйшайып төшөгүнө уктап кетти.

Булбул сайрап жаңыртты теребелди,
Ойгонуп, кайра уйкусу эч келбеди.

Уйкусуз көпкө жатып, кулак салды,
Кайрыгына булбулдун кумар канды.

Түн узарды, а уйку келбейт такыр,
Таң супасы кубантты аны азыр.

Асман ачты жакасын кара түндүн,
Чачылды бийик тоодон нуру күндүн.

Кыз ырайы жылмайып күлүп ийди,
Нуру менен ааламды мээрим сүйдү.

Жайнап турду асмандан күндүн көзү,
Жарыкка толуп чыкты аалам бети.

Туруп анан жуунуп, кийим кийип,
Намаз окуп, ойлонду илгери үмүт.

Токутуп минген атын жолго чыкты,
Бир бооруна бет алып, ою сызды.

Жетип анын жайына ээн сайда,
Аттан түшүп жакындап басты кайра.

Эшик какты, жанына токтоп туруп,
Чыга келди тууганы, үндү угуп.

*Өткүрмүштүн Акдилмишке*
*берген суроосу*

Акдилмишти көргөн соң кабак түйүп:
«Чаалыкпайсың сен неге сапар жүрүп?

Неге өзүңдү мынчалык шорго салдың,
Эмне үчүн улам-улам тынчымды алдың?

Киреличи үйгө эми, айт кебиңди,
Кайрадан мага келген иш-жөнүңдү?»

Экөө кирди. Календер уйгу-туйгу,
Таарынычын кабагы айтып турду.

*Акдилмиштин Өткүрмүшкө*
*айткан жообу*

«О, боорум, деп сүйлөдү келген киши,—
Бүркөбөй кабагыңды укчу мени.

Калтырбай толук бойдон айткандарды,
Эликке айтып бергем жөн-жайыңды.

Кулак салып бардыгын укту Элик,
Ар сөзүңө атайын маани берип.

Зордобойт Элик сени, ишенип кой,
Бирок анда туулду башка бир ой.

Жиберди мени сага бир сөз менен,
Кар жаадырып кабактан караба сен.

Ар бир иштин өз чеги, ченеми бар,
Өз ишиңди кыйратып кылба залал!

Акылдуу сөздү айткан адамды ук,
Ар нерсеге кереги калат чыгып:

«Узартпагын, ар иштин бузба чегин,
А бузулса — ал ишти өлдү дегин!

Баарынын өз ченеми, орду болот,
Орду менен бүткөн иш болбойт төгүн!»

Элик кайтты мурдагы талабынан,
Бир көрүшүп алсам дейт өзү саган.

Барасыңбы сен ага, же ал сага,
Сени көрүп сүйлөшүү муктаж ага.

Мунун сага, о боорум, залалы жок,
Кабак ачып, кайтарчы омоктуу жооп.

Элик өтө ак пейил, акылдуу бек,
Кедейлерге көрсөткөн мээрими көп!»

*Өткүрмүштүн Акдилмишке*
*айткан жообу*

Жооп берди Өткүрмүш: «Жылыйт чекем,
Мурункудан бул сөзүң жөндүү экен!

Мусулманга мусулман адам менен,
Көрүшүп сырдашышса болот деген!

Кабыл алам дилимден чакырыгын,
Бүгүн эле баруугa мен даярмын.

Билесиңби алиге барбаганды,
Максаты анын эле жардам алуу!

Эми ал туура жолду тандап алды,
Адилет жол мага да кымбат, баалуу.

Келбесин Элик мында, мен барайын,
Жол түйшүгүн ал эмес — мен алайын.

Элик деген элге баш болот, демек,
Ал үчүн урмат дагы, даңк да керек.

Ал баарын иш, сөз менен, оңго салат,
Жамандыкты четтетип, жолун табат.

Акылы терең деңиз адам сөзү,
Жөнөкөй, акылдуу да, ачык өзү:

«Сен кулсуң, сага закон бектин сөзү,
Баш ийет ага баары — улуу кичүү.

Бекти сыйлап, буйругун эки кылба,
Кул болсо да сатылып келген өзү!»

Жарлыгы Элигимдин мага ыйык,
Өзүм барам мен ага, таасим кылып.

Эми кайтып Эликке, айт сөзүмдү,
Келатат де, урматтап бир өзүңдү.

Чыгамын күн киргенде уясына,
Барамын жай даярлап койгун мага

Күндүз чыксам — адамдар мени көрөт,
Сөз кылышып, ар түрлүү жоруй берет.

Үйүңө бар күткүнүң, өзүм анан,
Уктабагын, бат эле жетип барам.

Мен барайын, экөөбүз чогуу болуп,
Эмне кылып, кантишти ойлонолук!»

*Акдилмиштин Өткүрмүшкө*
*айткан жообу*

Акдилмиш чын кубаныч жооп айтты:
«Адилетсиң, мына эми сөзүң жакшы!

Барайын мен Эликке, жетер замат,
Келериңди айтайын, ал кубанат.

Сөзүңө бекем болуп, артымдан кел,
Макулдашкан мезгилде так келе көр!»

Убаданы бекемдеп чыгышты алар,
Көңүлдөр жай, жайдары кабак-каштар.

«О боорум,— деди конок эске салып,—
Сөзгө бек бол, келериң болсун анык!

Күн көшүлүп уясына жатканда,
Дүйнө жүзү көмүр түскө батканда.

Келгин үйгө күтөмүн,— деди, — сени,
Камымды шай кылайын, көрүп эми!»

Атка минип Эликке жетип келди,
Кирүүгө уруксатты сурап көрдү.

Баарын айтты калтырбай уккан сөздү,
Сүйүнүп Элик жүзү жарк дей түштү.

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

«Эң сонун,— деди Элик,—жакшы кабар,
Сөзүңөр да силердин бирдей чыгар.

Качан келет, айтчы эми акылманым,
Кайсы жерден көрө алам аны бачым?»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

Жооп кылып Акдилмиш узатты сөз:
«Караңгы түшөр менен ал келет тез.

Келмек болду ал алгач — биздикине,
Качан десең келебиз сиздикине!»

*Эликтин Акдилмишке*
*айткан жообу*

Элик айтты: «Кыйналып көп жүгүрдүң,
Кайырымын кайтарар зор теңирим!

Бир дартымдын давасын таап бердиң,
Көкөлөдү качанкы пас көңүлүм.

Үйдө күткүн, кабарла келер менен,
Чуркатамын, чакырар жан жиберем.

Кошо келгин сен дагы камдан ылдам,
Көзүн көрүп, сүйлөшүп, тооп кылам.

Бул тууралуу акылдуу сөз айтылган,
Маңызын тааный билгин угуп андан:

«Киши көөнү эңсесе жакшылыкты,
Камчыланып үмүтүн күтөт жакшы.

Орундалса ойдогуң жүрөк эргип,
Ал тууралуу токтолот сөздү айтуу!»

* * *

«Албетте» — деп Акдилмиш айтты дагы, —
Үйгө кетти, конокко камынганы.

Күн жашынды көрүнбөй тоо артына,
Жер оронду кара түн туманына.

Көзгө сайса көрүнгүс түн да кирди,
Дүйнө жүзү жесирдин кийимин кийди.

Жан-жаныбар тынчыды, кетти уйкуга,
Жым-жырттык, ызы-чуу жок, баары уйкуда.

---

69

## ӨТКҮРМҮШТҮН АКДИЛМИШКЕ КЕЛИШИ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Белгиленген мезгилде келди Өткүрмүш,
Кучак жайып, сый менен тосту Акдилмиш.

Саламдашты, конокту колдон алып,
Экөө тең үйгө кирди катар басып.

Сый көрсөттү, тамак-аш, даам келди,
Келди деп Элигине кабар берди.

Элик угуп, кайрадан ошол замат,
Чакырды келишсин деп, күттү самап.

---

## 70

## КҮНТУУДУ ЭЛИКТИН ӨТКҮРМҮШ МЕНЕН ЖОЛУККАНЫ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Токтолбой экөө бирдей жөнөп калды,
Көрүп Элик урматтап тосуп алды.

Ийилип Элик өзү салам берди,
Календерди биринчи төргө өткөрдү.

Календерден амандык жай сурашып,
Кабыл алды аларды көңүлү ачык.

Өзүнүн катарына отургузду,
Ар тараптан көргөздү ызаат-сыйды.

«Өткүрмүш, жолуң алыс, татаал болду.
Сен мында,— түйшүк тартып жөө келдиңби?»

*Өткүрмүштүн Эликке айткан жообу*

Айтты Өткүрмүш: «О, менин ачык көзүм,
Сени көрдүм — жок болду түйшүктөрүм!

Өзүм каалап келдим го алдыңызга,
Кандай түйшүк болмокчу Элик мага?

Максатын беттеп чыккан адам үчүн,
Түйшүк жок — андай адам сезбейт жүгүн.

Акылдуу, зобололуу адам айткан,
Акыл менен ал чексиз бакыт тапкан:

«Алыс жер да эңсесең болот жакын,
Тилегиңе жетесиң анда бачым.

Көңүл менен максатка арымдаган,
Көп күттүрбөй ийгилик келет аган.

А кокус жолго чыксаң зордук кыйнап,
Көңүлсүзгө жакын жер болот ыраак!»

Жөө адамга албетте, жол түйшүктүү,
Көңүл жайда — сезбейсиң сен түйшүктү.

Элигим, ойду сага багыштагам,
Жол түйшүгү сезилсин кайдан маган!

Эгерде көңүл кимди самап калса,
Алыс жол да жапжакын болот ага!»

### *Эликтин Өткүрмүшкө берген суроосу*

«Көп суроонун ичинен,— деди Элик,—
Кайтарчы алгачкыга жооп берип.

Сен айттың, ак дилиңден өзүм келдим.
Андай болсо бир собол, жооп бергин.

Билесиң: саламдашуу — сыймык, урмат,
Саламдашсаң биринчи — жол ачылат.

Мени көрүп, бербедиң саламыңды,
Бул сыйыңдан мен куру каламынбы?»

### *Өткүрмүштүн Эликке айткан жообу*

Айтты Өткүрмүш: «Адатым, айып көрбөң,
Мен биринчи бирөөгө салам бербейм.

Салам айтуу — ден соолук тилек сөзү,
Саламдашып ден соолук каалайт дечи.

Саламдашуу — ал каалоо амандыкты,
Каалаган соң — ден соолук анда жакшы.

Бул тууралуу айтылган таамай сөз бар,
Аны угуп о, кутманым пайдасын ал:

«Амандыкты тилейбиз салам менен,
Алик алган жакшылык табат экен.

Жакшы каалоо — кырсыктан коргойт деген,
Алик алган — дени чың, болот бекем!»

Улууктар кичүүлөргө салам берет,
Башталышы оң болсо жемиш келет.

Кичүүлөр улууларын турса сыйлап,
Акыл укса өмүрү өтөт жыргап.

Улуктардын каарынан болсоң алыс,
Жакшылыкты жакындан болот табыш.

Эликке менден залал болмок беле,
Кичинемин, кичүүдө кайсы күнөө?

Элге башчы, Эликте бийлик күчтүү,
Каары келсе айтканы дароо бүтчү!

Бекке шашып, жөн адам бербейт салам,
Себебин, акылманым мурун айткам.

Эң алгач чакыргансың кызматыңа.
Пайда кылып турсун деп дайым сага.

Мен болбодум, сөзүңө көнгөнүм жок,
Бул дүйнө ырайымсыз, ишеним жок.

Аны коюп чакырдың зияратка,
Сөзүңдү угуп алдыңа келдим мына.

Алдыңда сыпаа күтүп, чочуй тургам,
Кубат алдым ачык жүз, саламыңдан.

Сүрдөнттүң, бийлеп алды коркуу мени,
Ойлогом — өткөн сөздү козгойт эми!

Эми гана ишендим толук сага,
Көрүп турам, пейлиң ак сенин мага!»

*Эликтин Өткүрмүшкө*
*айткан жообу*

Элик айтты жообун: «Эң бир жаман,
Бек болсо айткан сөзүн кармабаган!

Улукка бийлик, даңктын жок пайдасы,
Аткарылбай калса эгер убадасы.

Жалган сүйлөп, кыялы чапчаң киши,
Кайдан элге өкүмдар болсун ушу.

Башкарат анан кантип элди ошол,
Калпычы, бийлиги жок, болсо осол.

Бул тууралуу айтылган жакшы сөз бар,
«Калпычыдан жолобой бакыт качар»

Калпычылар адамдын эң жаманы.
Андан жаман убада бузгандары.

Чынчыл адам жашырбай түз сүйлөгөн,
Чынчыл алкыш кудайдан алат экен:

«Алдамчыны эркек деп айталбаймын,
Бек болсун адилеттүү, чынчыл дайым,

Эркек бузбайт эч качан убадасын,
Ушак сөзгө алданган — болот катын!»

*Өткүрмүштүн Эликке*
*айткан жообу*

Жооп берди Өткүрмүш: «Кутман Элик,
Татыктуу болдуң ушул сыйга бийик.

Кудай сенин арттырсын айбатыңды,
Күч кошуп, арбын кылсын кайратыңды!

Бектин баары — калкына кадыры бар,
Иши үлгү, сөзүнөн акыл чыгар!

Акылман айтып келген илгертеден:
«Жакшы бектин журту да түптүү экен!»

Киши сөзүн угуп ал чачы аппак,
Көп жашаган, көп көргөн дүйнө таптап:

«Пейилиңди ак туткун, элге башчы,
Бакыт — оома, бир келип, бирде каччу.

Атың калсын артыңа даңкың ушу,
Бирде — бар, бирде — жок да бакыт кушу!»

Жамандыкка барбагын өкүмдарым,
Жакшылык кыл иште да, сөздө дагын.

Улуктук, бектик дагы келет-кетет,
Урматуум, жакшылык иш көпкө жетет.

Эл үчүн жакшылык кыл, изде пайда,
Кайрымжысы миң эсе кайтат кайра.

Күндөрү өмүрүңдүн соккон шамал,
Ишенимсиз бакыт да, кетип калар!»

*Эликтин Өткүрмүшкө*
*айткан жообу*

«Акылманым,— деди Элик,— тилегим бар,
Дайыма бир өзүңдөн акыл алар.

Мен өзүм өтө ыйык ойду куугам,
Көрсөм дегем өзүңдү катарымдан.

Дайым мага кеп-кеңеш берсе дегем,
Жакшылыкка жол салып, ачык-кенен.

Мында бар — кошоматчы, жойпу, арам,
Арасынан чынчылды таппай калам.

Бектер мында талапка чапчаң келет,
Көңүлгө арасынан таппайм жөлөк.

Сарайда көп, иштеп жатат далай баш,
Арасынан камчы саптык табылбас!

Бул тууралуу жакшы ыр айтылыптыр,
Билип алгын олуям, пайда ушул:

«Кишимин» деген адам толуп жүрөт,
Пайдасы жок карасаң далай ирет.

Бир адам миң адамга татып кетет,
Бир кол кээде миң колдун күчүн берет!»

Түшүнүп ал, Өткүрмүш,— деди Элик,—
Кудай сага коюптур мээрим төгүп.

Сенин ишиң атыңа төп келет чын,
Жакшылыгын кудайым аябасын!

Кудай берген энчиңден бөлүшүп кой,
Напсим өлүп, агарсын мендеги ой!»

*Өткүрмүштүн Эликке*
*айткан жообу*

«О, бегим,— деди Өткүрмүш жооп кылып,—
Бир гана сырткы кейпим сыйларчылык.

А эгер билген болсоң ички дүйнөм,
Сөгүп-сагып жаныңдан кубаар элең.

Сөздөр бар мени олуя имиш деген,
Бирок ал — зыяратка зыян экен.

Ойлочу ушул сөздөр түпкө жетет,
Кекирейүү күн санап өсүп, өнөт!

Мен кепемди көрсөтмө кылып койдум,
Соодага мындан пайда кайдан болсун?

Адамдардын баалаба көрүнүшүн,
Терең кара, аңтаргын анын ичин.

Коондун сырты сулуу, кооз болот,
Көрүнүшү жытына көңүл толот.

А даамы болсо начар — оозго алгыс,
Эй, бугу, ыргыт аны жандан алыс!

Акылмандын көрөгөч сөзүн тыңша,
«Жүзүң эмес, ичиңиз болсун таза!»

Бардык нерсе баалуусу ичиндедир,
Ичи бошпу — андайдын көркү көмүр!»

*Эликтин Өткүрмүшкө*
*айткан жообу*

Жооп берди анда Элик: «Кутман, сылык,
Турат сыртың ичиңе тете чыгып!

Бул дүйнөдөн арылдың кечип жүктөн,
Мен арып дүйнө жүгүн артып жүрөм.

Бул дүйнөнүн мүшкүлү басып алды,
Кудайга сыйына албайм — айла барбы!

Мен тутунар бергиниң кеңешиңди,
Бакыт алып, тазалайм жүрөгүмдү!»

*Өткүрмүштүн Эликке*
*айткан жобу*

Өткүрмүш жооп берип, айтты — «Бегим,
Ийгилик жакшылыгын алып келсин.

Билими терең деңиз, уккун адам:
Кудайдын кулдарынан — мен эң жаман!

Издеп калсаң пендеден, эң жаманын,
Жамандардын жаманы менмин чыным.

Сөздөрүмдүн канчалык пайдасы бар,
Кеңешимден болобу майнап чыгаар?

Үзө элекмин кудайдан үмүтүмдү,
Кечирер жалгыз өзү бүт күнөөмдү.

Күнөөгө далай баткан адам сөзү,
Кечиргин деп жалынган кайра өзү:

«Күнөөлүү кулуң болом, бузук, жаман,
Бүт өмүрүм күнөөлүү, жүргөн-турган.

О, кудай; сен тирексиң таяп-жөлөөр,
Алкулум деп күнөөдөн куткар ылдам!»

*Эликтин Өткүрмүшкө
айткан жообу*

«О, кутманым,— деп айтты Элик жообун,—
Татыктуу, жакшылыктуу сен болосуң!

Өзүңдү элден төмөн туткан үчүн,
Эл ичинде сый табар сенин өзүң.

Сенин таза көңүлүң, сөзүң ишиң,
Кеңеш берер, насаатчы болгун кишим.

Олуясың, жакшылык — кылгандарың,
Кеңеш бергин, кубансын алсыз жаным.

Кудай акыл бериптир муюбаган,
Кутманым, ак жолумду аччы маган?

Жоомартым, кеңеш айтып, берчи жардам,
Теңирим бейишиңди берсин саган!»

---

## 71

## ӨТКӨРМҮШТҮН КҮНТУУДУ ЭЛИККЕ АЙТКАН АКЫЛ-КЕҢЕШИ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Жооп кылды Өткүрмүш; «Кутман Элик,
Кудай берсин жардамды, колун берип.

Бул дүйнө өзгөрүлмө, дайыма ач,
Карытты канчаларды өзү жапжаш.

Сендейдин баарын «сүйүп» жолго узатты,
Эми сага кол созуп жакындашты.

Анчалык жакындашпа, көңүл бербе,
Үмүт үз, бапасызга жолой көрбө!

Сен неге менден кеңеш күтүп калдың?
Замандын өз жолунан сабак алгын.

Мурун да хандар-бектер бийлик эткен,
Кайда алар, даңкы, күчү кайда кеткен?

Алар кеткен жол кайда, ойлон өзүң?
Артынан алыс эмес кетер кезиң!

Мына эми сага тийди бектин куру,
Өмүр кыска, ойлой жүр эртеңкиңи!

Ага деп көп кылдыңбы жакшылыкты?
Эми жаса — эртеңиң болот мыкты!

Өлүм келсе өкүнүч кошо келет,—
Жакшылыкка сен дайым болгун себеп.

Көптү билген бир киши кеңеш берет,
Акылдуу сөз — баасы артык, жакут, бермет:

«Өлөт баары, турбайсың тирүү бойдон,
Өзүңдү таза кармап, өлүмдү ойлон.

Ажал жетет түбүңө таанып калгын,
Өтөт өмүр, өзүңдөн үлгү калсын.

О, капарсыз жашаган кудай кулу,
Унутпа, сени тосот өлүм жолу!

Өткөргөн күндөрүңдү таразала,
Өмүр — түш, өтөт-кетет, турбайт сага!

Эгер сен жакшылыкты жасайсыңбы,
Калтырасың түбөлүк жакшы атыңды!

А эгер өмүр өтсө пайдасы жок,
Ыйлагын күнү-түнү муңдап-боздоп.

Албайсың өмүрүңдү сурап өзүң,
Айланып кайра келбейт жаштык кезиң!

Өмүрүңдү өткөрбө болбос ишке,
Өлүмүңдү алдыда келээр эсте!»

Ойло Элик, далай жылдап сага чейин,
Башкарган сенин атаң ушул элин.

Ээ болгон казынага, аскер, элге,
Жыл санап эли, жери арткан эле.

Акыры ажал жетти, өлүм алды,
Атак-даңкы пайдасыз артта калды.

Өлөрүндө атаңыз насаат берген,
Ата сөзү ар-намыс болот деген.

Бул тууралуу айтылган сөздү тыңша,
Пайдасы көп, көз болоор көрөр сага.

Ажал кыстап келгенде ата айтат,
«Күнүмдүккө күйбө уулум, тартип сактап.

Өлүм мени кармады, сени да алат,
Жакшы болгун, артыңда атың калат!»

Өлөрүндө дайыма ата-энеси,
Балдарына акыл-сөз айтат дечи.

Көрүп ал, өлүм бизди калтырбады,
Кезегинде тузактайт сени дагы!

Бул дүйнө алар үчүн азап болду,
А сага жибереби даңгыр жолду!

Баалагын тирүүлүктү, элге арна,
Бүт өмүрдү кыпындай өзүң алба.

Керектүүнү иштегин, күндөр бүтпөйт,
Аткаргын милдетиңди, өмүр күтпөйт.

Жонуңа өз элиңдин жүгүн арткын,
Сак жана ойлуу болуп, алга баскын.

Сени көздөй бой урат ач бөрүлөр,
Өкүмдар, койлоруңа сак боло көр!

Эл ичинен ач калса бири гана,
Көзүң ач, жоопкерсиң өзүң ага!

Сен бүгүн күн сыяктуу жарык чачтың,
Жарыгың башкаларга, түшсүн башчым!

Өмүр-күнүң чегине жеткен кезде,
Алар бекен бир адам сени эске?

Күнүмдүккө чабылып, өрттөнбөгүн,
Ысык чачар жалының тек кетпесин!

Улуктук, бийлик жана атак-урмат,
Шум өлүм оозун ачса, баары калат.

Адилеттүү, ак иштеп, чындык десең,
Бийлигиң козголбостон турат бекем.

Жакшы айткан билими мол улуу адам,
Сөзүн эстеп, жолуна койгун кадам:

«Бийликти чыңайм десең сен ар дайым,
Адилеттүү башкарып, тургун дайын.

А эгер бүт ааламды алам десең,
Анда деле айтаарым чынчыл бол сен!

Бекмин деп, күчтүүмүн деп — бой көтөрбө,
Туруксуз, бул дөөлөтүң урат жерге!

Ишенбе бул дүйнөнүн бактысына,
Кырсык болуп, кайра эле келет сага!»

Эй Элик, ушул ордоң, салт-сарайың,
Күнүмдүк тыным алар, конок жайың.

Бул жерди сенден мурун жай кылгандар,
Өтүштү бул дүйнөдөн канча адамдар.

Бул ордо, салт-сарайлар бүгүн — сенде,
Ойлонгун, өзүң өтсөң тийет кимге?

Билип ал ордо, сарай курба өзүң,
Күн өтөт, анда болбойт аео сезим!

Жатар жайың түбөлүк, турат күтүп,
Мына ошонун камын көр, сая түшүп!

«Бул ордо — меники!» — деп манчыркаба,
Адилетби, ушунуң, айтчы мага.

Угуп алгын айтылган адилет сөз,
Кутманым, чындык сөздө күнөө жок эч:

«Меники, бул меники», дейсиң демеп,
Ойлочу, мындай сөзүң кимге керек?

Мураскоруң келет да — «чык» дейт сени,
Анын да «меники» дээр белен сөзү!»

О, кутман! Бул дүнүйө билгин, зындан,
Таппайсың кайгы-муңдан башка мындан!

Зынданда кайдан болсун күлкү, жыргал,
Бир гана бейиште дейт андай кырдаал.

Көз ирмемдик жыргалың топук беле,
Өтүп кетер кубанычты кубанч дебе!

Токтобогон дөөлөтүң турбайт, качат,
Жыйган-терген оокатың түгөл чачат.

Өмүрүң өтөр сенин башка жайда,
Бул дүйнөнү унутуп, баргын анда!



Күнүмдүккө алданба, түбөлүк де,
Жол татаал бара турган түбөлүккө.

Кудайымдын мээрими асыл келет,
Далай сонун жакшылык өзү берет!

Эл үстүнөн колуңду узун кылды,
Тилегиңди, жолуңду оңдоп турду.

Сага тете, өзүңдөй адамдардын,
Этегиңе жыгылтты, көрчү баарын.

Сен дагы адамдарга жакшылык кыл,
Энчиңе кудай берген шүгүр деп тур.

Адилет деп теңирим сени койду,
Адилетке, чындыкка бургун ойду!

Бар ишиңди бүтүргүн акыл менен,
Напсини эмес, жүрөктү уккунуң сен.

Бардык элге тең кара, ырайым кыл,
Чоң кичине баарына адилет тур!

А эгер көрүп калсаң жамандыкты,
Токтотуп, бергин ага жаза катуу.

Акылы деңиз адам айткан таанып,
Акыл менен иштесең — жүзүң жарык:

«Бардык жерде жакшылык өнсүн десең,
Эң алгач өзүң таза болсоң экен!

Тартипсиздик болбосун элде десең,
Үлгү болуп эл камын дайым жесең.

Бектер — башчы, калган эл кайда болсо,
Бек артынан ээрчишип жүрөт кошо.

Эл бузулса — бек тескеп жолго салаар,
Бек бузулса, дабаасын кимдер табаар?

Өз ишиңди, пейлиңди жүргүн түздөп,
Эл оңолот — бийлигиң болот эң бек!

Жасайм десең дайыма жакшылыкты,
Жамандыктан алыс бол, сөзүм ушу!

Наадан болбо, алыс кач бузуктардан,
Бул экөө тең адамды уятка(р)ган.

Жамандыктан четтөөнү каалайсыңбы,
Барбагын жамандыкка сөздүн чыны!

Шарап ичпе, берилбе кумарыңа,
Экөө бирдей сормо саз, чыкпас кайра.

Адам бол ою, иши бирдей асыл,
Кеңешчиң — билим болсун, жолдош — акыл.

Пейлиңди, дилиңди таза карма,
Орундуубу ар сөзүң — зорсуң анда.

Кекирейбе, чиренбе мансабыңа,
Аскерим арбын го деп — манчыркаба.

Карачы канча баатыр, даңктууларды,
Жер жутуп, аяп койбой өлүм алды!»

Жакшы айтыптыр акылы артык адам,
Айтканын ук акыл сөз алар саган:

«Бой көтөрбө арбын деп казынаңды,
Манчыркаба — колдо деп аскер дагы!

Күчтүүмүн деп мактанган далайлары,
Андайдын жеткен эмес чымынга алы!»

Апырылба, өзүңдү кармай билгин,
Ачууң келсе токтотуп, сабыр жүргүн.

Шашылба, шашкан шайтан иши дептир,
Шашкан иштен эч качан болбойт үзүр.

Сыйлайм десең тезинен сыйла аны,
Жазаласаң шашылба, күткүн дагы.

Иште да, сөздө дагы шашылбагын,
Сабырдуулук эң баалуу — чыда дагын!

Берешен бол элиңе, тарат белек,
Бек сараңбы — жаман сөз тарап кетет.

Токтоо болуп, орой сөз оозго алба,
Оройлуктан көңүлдөр муздайт кайра.

Эл менен сүйлөшкөндө жумшак сүйлө,
Жүзүңдү ачык тутуп, эч түнөрбө.

Эл ичинен бир өзүң татыктуусуң,
Ишиң, сөзүң, мүнөзүң ачык болсун.

Жакшы болсо өз элиң түшүн аны,
Жакшылыгы өзү үчүн, болоор дагы.

Жакшы болсо бектердин кулк-мүнөзү,
Элге болор миң түркүн кубаныч энчи.

Эгер бектин мүнөзү болсо начар,
Жаманчылык күч алып, кырсык басар.

Наадан болбо, бекерге жаманатты,
Эси жокту тизгиндеп, тоскон жакшы!

Кемчилдик — ууга окшойт, ичпейт ууну,
Уу ичкендер өмүрдөн колун жууду.

Билимдүүнү өзүңө жакындаткын,
Акылын ук, бекем тут сөзүн анын.

Адилеттүү адамды, атагы алтын,
Чакырып өз жайыңа ишке салгын.

Эки жүздүү бу дүйнө кетет алдап,
Осол болбой сак болгун, жолу тайгак.

Жасанып, орой берип көңүлдү алат.
Көңүл берсең,— жүз үйрүп кетип калат.

Өлүмүңдү унутпа ойлон, тынба,
Кокусунан бастырба ажал шумга!

Уктай бербе капарсыз, уйку — душман,
Бийлигиңе мас болбо, Элик кутман!

Бүгүнкү жыргалыңа багынбагын,
Эртеңкиңе кам көргүн, ага сабын.

О дүйнөдө жыргалды узак берет,
Узак үчүн баасы да кымбат келет!

Каалайсыңбы жакшылык — адам болгун,
Түбөлүк жыргалыңа жетет колуң.

Көптү билген акылман айтканын ук,
Билими үчүн атагы болгон улук:

«Алкайм десе кудайым, чеги болбойт,
Өмүр бою ырахат берип колдойт,

Жүзүн бурса, тозоктун оту ойнойт,
Азабынан кутулар такат койбойт!»

Элик сен, эл көйүнө дарыгерсиң,
Алдыңа үмүт кылып келет элиң.

Бирлери күч-кубаттан айрылышкан,
Кээ бирин кедейликтин тору туткан.

Бири ачка, дагы бири нак жылаңач,
Айрымы кайгы басып агызат жаш.

Милдетиң ушуларга бергин дары,
Эмчи бол, жакшылыкты күтөт баары.

Элиңди арылтпасаң кырсыктардан,
Эл күйүтү болосуң өзүң жаман...

Кыяматта кудайым сенден сурайт,
Жообуңду кийин берер — азыр камдат.

Өмүр өтөт, артыңда бектик калат,
Жакшы атыңды калтыргын, тартпай азап.

Бул өмүр — жаңы айдаган эгин талаа,
Эмне эксең, ошону берет сага.

Эге көр, бул талаага — жакшылыкты,
Өмүр бою аларың болот мыкты.

Ук сөзүн эл бийлеген жакшы бектин,
Ишин билген, көңүлүн тапкан көптүн:

«Бек болом, элге башчы деген жандар!
Жөнөкөйлүк, ачыктык үйрөнүп ал.

Өкүмдарлык, бийликти эңсесе ким!
Иши менен илимди бириктирсин.

Илим менен бирдикте ишти башкар,
Билим болсо, ар иштен майнап чыгаар!

Күнүмдүк өтөр-кетер өмүр ылдам,
Жакшылыгың арттыргын, өлбөй турган.

Төрөлгөнгө өлүм бар — жашоо калат,
Жамандык, жакшылыкты айтуу адат.

Жаманга жакындашпа, залалы көп,
Жакшы иш менен атыңды калтырып кет!»

Токтоо болгун, эй Элик сак да болгун,
Азап тосот ар дайым аңкоо жолун.

Токтоолук, сактык — негиз бийлигиңе,
Ушулардан түбөлүк майнап изде.

Осол болбо, бийлигиң учуп кетет ,
Осол жандар ар дайым азапта өтөт.

Өзүңө жоо издебе, канын төкпө,
Күнөөң артат эки эсе, өлүм келсе!

Арам тамак аш болбойт, ичпе аны,
Арам ичкен — тозокто күйөт жаны.

Бардык элге жакшылык, пайда тиле,
Жамандыкты көздөбө — ал иш күнөө.

Шарап ичпе, бузуктук ишке барба,
Бул экөө бүт ордоңду бузат анда.

Туулган соң өлөбүз, жан жок өлбөс,
Атың калсын артыңда мезгил жеңбес.

Өмүр — кочуш кум сымал, турбайт агат
Жаманбы, же жакшыбы атың калат.

Өмүр сени азгырып, термей берет,
Көз ирмебей уйкуну кууш керек!

Шалаакылык уйкуга алып келет,
Уктап калган ишине бербейт эсеп.

Болбосо элдин баары мындай аңкоо,
Periштедей болушмак өмүр — жолдо!

Акылдуу адам айткан накыл сөздү,
Оку да, эсиңе түй, жакшы киши:

«Оюн-зоокко шалакы болот жакын,
Андайлар жутуп алат оң сапатын.

Байкагын өтө ашыкча уктабагын,
О, кудай, күнөөсүн кеч жаңылгандын!»

Сак жүргүн, дайым болсун көзүң өткүр,
Арка болуп элиңе мээримдүү жүр.

Бардыгы үчүн өзүңдөн алат эсеп,
Эсеби күнөө кылсаң, тозок дешет!

Эске тут акылдуу жан айткан сөзүн,
Акыл менен төп келсин бардык ишиң:

«Эй бейбаш, бой көтөрмө байкуш адам!
Сурак болот, камдангын азыртадан.

Көңүл жолун ээрчиген адам көөдөк!
Сага да жооп берчү — келет кезек.

А соргок! Кекиртектин кулу болгон,
Камдангын, кутулбайсың ушул бойдон.

Баары үчүн жооп берчү келет учур,
Жашынчу жайың барбы, качып кутул!»

Эй, Элик, колуңда бар кылыч, камчы,
Наадандарды жазалап, шилтеп калчу.

Эссиздер наадандыгын таштабаса,
Камчыны башка ойнотуп бергин жаза!

Наадангa жаза таасир болбой калса,
Алыс тур алар баскан жолдон анда!

Элик болсо бузуку — элге азап,
Жолдоочусу болбосо — ал адашат.

Жакшыларды урматтап, сый көрсөткүн,
Боорукер болуп чыгат бүтүн элиң.

Алыс болгун оюндан ушул чакта,
Жыргалыңа алданба өмүр кыска.

Адилет бол, тартипти бекем тутуп,
Бекем болсо тартибиң, бийлик бышык.

Жеткенче күч-кубатың кыл аракет,
Жаза бассаң — жалынгын кечиргин деп.

Адамдын айтканын ук, эл башкарган,
Адилеттүү ишинен атак тапкан:

«О, бегим, аянбай кыл аракетти,
Ак ишиң алга сүрөп кетсин көптү!

Жаза бассаң кечирим сурай көргүн,
Сыйынып, тобо кылгын — кудай дегин!»

Алтын, күмүш казнага жашырбагын,
Не чогултсаң элге бер, чачкын баарын!

Өзүң өлсөң байлыктан пайда канча?
Уул-кызың түгөтөр баарын чача!

Көзүң барда байлыкты чачкын кенен,
Эсептебе, өзүңө кылба белен!

Эл башкарган өкүмдар жакшы айтыптыр,
Улуу адамдын кынтыксыз ою да шыр:

«Эй, өкүмдар! Кымбатпы казна сага,
Бекер иш, сен өлгөн соң калат а да!

Күн өтөр — келер мезгил эсептешер,
Энчиңе туш келбесин кырсык бекер!

О, адам баюу жагын көздөп жүргөн,
Чачкынын байлыгыңды жетер менен!

Бапасыз бул дүйнөгө көңүл бөлбө,
Ишенбе — кетет бир күн тепсеп жерге.

Эй, адам, кубат-күчү бийлик берген,
Бийлигиңе корсойбой ойлон бекем,

Өзүмчүл ачкөздүккө көнгөн адам,
Өлсөң калар малды чач азыртан!

Ажал келсе — байлыкты кармоочу жок,
Калат малың артыңда — пайдасы жок!»

Тамагыңды чактап ич, тобо кылгын,
Аз сүйлөп, көптү үйрөнүп угуп тургун,

Камкор бол жетим-жесир, кедейлерге,
Жакшылыгың жайылып жетсин элге.

Ушакчыны өзүңө жакындатпа,
Калпычы, кытмырларды алыс карма.

Мындай жандар зыяндуу баарысынан,
Зыяндуулар түбүндө сага душман!

Ач көздөргө алданып эл башкартпа,
Гүлдүү жайды чөл кылып тынат анда!

Жакшылык кыл, күнөөдөн болгун алыс,
Кудайым бир өзүңө болот калыс!

Бүгүнкүң жана дагы келечегиң,
Түнүң дагы жемиштүү болсун сенин!

Билимдүү, калыс киши айткан дурус,
Сен үчүн жакшылыкта берчү жумуш:

«Бүгүнкү үчүн жообу — эртең сенден,
Эртеңди ойлоп, калыс бол өзүң пендем.

Токтоо болуп, сак болуп уктабагын,
Үргүлөбө, унуткун башкасын сен!»

Жашоо, диниң дайыма турат каршы,
Жолу башка, эки айры туткан жакшы.

Дин, жашоону кошом деп түйшүк тартпа,
Бирикпейт билип койгун жолу башка.

Бирин тутсаң, алыстап бири качат,
Бирге кармоо экөөнү куру азап.

Бул дүйнө жортуп жүргөн бороон, шамал.
Бир каптап буй түшүрүп, кетип калар.

Бакыт келер, баш багып дарбазаңа,
Көңүл бурсаң, жүз бурат ал башкага.

Байыйм десең — а сени кедей кылат,
Атак десең — айлантып жерге урат.

Ачкачылык жанында токчулуктун,
Дөөлөтүңдүн жанында мээнет, уккун.

Өз напсиңди тыя бил, кутман Элик,
Кумарыңа жол бербе, кармай билип,

Алар — душман, башкача мамилеси,
Жакындашсаң — жат болуп качат өзү.

Жакшылыкты жазасаң — кырсык кылат,
Ачуулансаң — алдыңа моюн сунат.

Өзүңдү ойлон, напсиңди чындап тыйсаң,
Бегиң болор — билимиң, илимиң — хан.

Бу дүйнө сенин — касың, кумар — душман,
Тузагы бар экөөнүн сага туткан.

Бакытыңа кубанып дардайбагын,
Ишенбе бул дүйнөгө, жалган аның.

Бектигиң, улуктугуң келет-кетет.
Дөөлөт оту бир күйүп, бирде өчөт.

Кутманым, жакшы сөзгө кулак салчы,
Жакшы сөздү бел тутуу болот жакшы:

«Бекмин деп чакчылырып мактанбагын,
Мактанбасаң өзүңдү сактаганың.

Бул дүйнөнүн көйүнөн алыстагын,
Кудайым берсин сага жакшылыгын!»

Иш үчүн үч түр адам тандоо керек,
Үчөөнө тең — үч мансап бергин демек.

Алардын бири кадий[1]. Элиң үчүн,
Эң калыс адам болсун ушул кишиң.

Экинчиси, эл үчүн адилеттүү,
Ыйык жан, эң такыва — халиф[2] дечи.

Үчүнчүсү увазир[3] керек киши,
Ушуга жамы журттун түшөт иши.

Үчөө тең адилеттүү болсо эгер,
Эл гүлдөп, бейпилдикте өсүп-өнөөр.

Өлкө гүлдөп, эл байып, кол узарат,
Өзүңдү атап теңирге дуба кылат.

А кокус ушул үчөө болсо начар,
Тынчтык кетип элиңди кырсык басар.

Буга мисал бир макал келтирейин,
Угуп тур аны айтып мен берейин:

«Увазир беги үчүн жолду табат,
Ал элди, бекти дагы тескеп турат.

Увазир баштап кетсе башка жолго,
Билип кой: бардык ишиң тетир кылат!»

Бул дүйнө дасторкондо даяр тамак,
Ар кимдер кезегинде келип алат.

---

[1] Сот, тергөөчү деген мааниде.
[2] Бийлик ээси.
[3] Хандын кеңешчиси, жардамчысы, иш башкаруучусу.

Бизге чейин келгендер тамактанып,
Кирипти жер алдына, тоюп алып,

Улуу тойго бизди да күтүп абдан,
Чакырышат — жөнөйбүз биз артынан.

Дагы бар курсактарда жаткан жандар,
Бизден кийин тамакка келет алар.

Бирлери күтөт бизди кетсе экен деп,
Башкасы күтөт көргө түшсө экен деп.

Бүгүн биз дасторкондо отурабыз,
Тагдыр берген тамагын канча алабыз?

Чакырат бизди көрдө жаткан жандар,
«Кеткин» деп шаштырат ичтен балдар.

Бири «кел», дагы бири «кет» деп турат,
Тынчтык жок! Эки жактан кысым кылат!

Түйшүк жок деп кубанба, кутман Элик,
Эске түй, өмүр кыска көз ирмемдик.

Арам иштен алыс бол, сактан Элик,
Пейлиңди карартат жуга берип.

Колдон келсе камкор бол, адам асыл,
Адал тамак ичүүнү бузба такыр.

Ар дайым адал тамак ичип көнгөн,
Киши айткан, адилетке камкор келген:

«Адал ичкен — күнөөгө батпай жүрөт,
Адал тамак — келечек күндү берет!»

Ким тамагын, денесин таза тутса,
Күнөө болбойт андайда эч кымынча.

Тазалыкты издесең — тамак такта,
Таза болсо тамагың, пайда — дайра.

Өзүңө эмес, пайданы элге кылгын,
Элиң көрсө пайдаңды жыргап турдуң.

Бир шаардын айтыптыр өкүмдары,
Ар кыл иште зор экен акыл-ары:

«Бек бактылуу — элине берсе бакыт,
Карды токто калкы да жатат чалкып.

Бек деген — бермети көп деңиз сымал,
Жээкте жашагандын байлыгы артык!»

Бек тоо да алтын менен күмүш берер,
Канчалык терең казса бай болот эл.

Бек болсун кең дасторкон, колу ачык,
Бүтүн эли бай болот, ырысы ашып.

Жарык чачкан күндөй бол, кутман Элик,
Эл алсын даам-ырыс сага келип.

Аманат — кудай катты, коротпогун,
Бересиң кезегиңде анын жообун!

Эй Элик, карап көрчү сен өзүңдү,
Бир өзүм деп чогулта бересиңби?

Гаухары деңиздердин түтпөс чыгар,
Түбүндөгү бермети аздык кылар.

А сен го кенди казып тереңдейсиң,
Алтын-күмүш алсаң да аз го дейсиң!

Жер астында катылган каухар таштын,
Баарысын бир сен үчүн кайдан тапсын!

Жер үстүндө өңгөндү — дандын баарын,
Тынбастан казынаңа жыйып алдың.

Учкан куш, жерде аңдар, сууда балык,
Кутулбасы торуңдан болду анык!

Кербендериң жүрүшөт дүйнө кезип,
Шайы, кундуз, кештерди келет терип!

Румдун көз тайгылткан кымкаптарын,
Бүт берсе да казыңан толбойт жарым!

Түркүн күлүк аргымагын араптын,
Аз көрүнүп акырыңа байлаттың!

Талаада, акырыңда жылкы сансыз,
Төөлөрүң, качырларың, жоргоң да жыш.

Жайытыңда сансыз кой, бадаларың,
Өзүң менен кызматчы, көп кулдарың.

Тоо ичинде топозуң санап болбойт,
Түздө уюң, өгүз, букаң жайнап оттойт.

Бугу, марал, бөкөндөр тоо кийиги,
Жей албайсың түгөтүп баарын эми!

Куландарды, жапайы эчки-теке,
Жеткирет сага кармап баатыр аке!

Түлкү, бөрү, арыстан, аюу, доңуз,
Аңга чыксаң кутулбайт сенден тегиз.

Турнабы, бир казанбы, чулдук, ак куу,
Ызгыйт жана учкан куш дагы түрлүү.

А түгүл көктө учкан бүркүт дагы,
Көк жал бөрү, өзүңдөн кутулбады!

Алгыр кушуң канаттууну учурбайт,
Жүгүргөндөр тайганыңдан кутулбайт.

Аталууну атасыз кылдың өзүң,
Энелүүнү жасайсың байкуш, жетим.

Канчалык кырсаң дагы жан-жаныбар,
Түгөнбөйт, кайра өнүп толуп турар!

Сен кырдың бир кекиртек, кардың үчүн,
Өлүм келсе калат да баары бүтүн!

Үзүп-жулкуп байлыкты жыйдың неге,
Өзүң өлсөң — үзүлөт тамыр деле!

Ач көз адам түйшүктүү дайым жакыр,
Өмүрүндө тойбогон — тойбойт такыр!

Токпейил адам айткан сөздү уккун,
Токпейилдин пейили — байлыгы чын:

«Ким ааламды башкарып алам десе,
Болбогон сөз! Андайды байсың дебе!

Кедей деп атайт бекен кембагалды?
Ач көз бай — накыл кедей, же жалганбы!

Ач көзгө байлыктын да пайдасы жок,
О жоомарт, сараңдарды койчу оңдоп!

Ач көзгө сансыз байлык аздык кылат,
Барга канаат кылгандар бакыт табат.

Сараңдар бай болсо да, дайым ачка,
Бир тоеру топурак өлгөн чакта!»

Көргөн, билген нерсемди айттым, Элик,
Укканымды сайрадым толук төгүп.

Айтканымды калтырбай уктуң өзүң,
Ачылар нак түшүнсөң көңүл, көзүң.

Кабыл алсаң сөзүмдү анда пайда,
Албайсыңбы — жүгүң оор болот кайра.

Билимдүү адам айткан тыңша сөздү,
Кабыл алсаң пайдасы тийет дечи:

«Адамдар муктаж келет насаат сөзгө,
Насаат уккан улантып жетет көпкө.

А кокус уккан адам түшүнбөсө,
Жөн койгун, күйөм десе күйсүн өрткө!»

*Эликтин Өткүрмүшкө*
*айткан жообу*

«О, кутман,— деди Элик көзүн жаштап,-
Айткан сөзүң кажетсиз, чындык аппак.

Көзүң ачык, сен баскан таза жолуң,
Бек болсом да мен азыр, кыйноодомун.

Көз ачылды, түшүндүм баарысына,
Отко салып өзүмдү койгом тура.

Жалган жолдо адашып жүргөн экем.
Даана жолго чыгардың өзүмдү сен.

Дуба кылчы эми Өткүрмүш мен үчүн,
Бир кудайым берсин дагы жемишин!»

*Өткүрмүштүн Эликке*
*айткан жообу*

Жооп кылып Өткүрмүш айтты: «О, бек,
Кудай берип жардамды, тилекке жет!

Акыл менен ачууну баса билгин,
Алдырат ачуусуна алсыз кишиң.

Сени азгырган кумарың, напсиң болот,
Андай болсоң жүгөндөйт, сени тороп.

Кары дүйнө чырмаган кумарына,
Далай бекти өртүнө салган тура!

Карытты сен өңдөнгөн далайларды,
Түбөлүк сени койбос, айла барбы.

Алар кетип, азыр сен тактыдасың,
Керегиңе кам көргүн, күтпөй бачым!

Өлүмүңдү унутпа, ойлон Элик,
Шаштырар артта күнүң кирип келип.

Ким экениң унутпа, Элик кутман,
Унутсаң ой жүгүрткүн кайра баштан.

Бул экөөнү унутуп койгон адам,
Ак жолунан адашып болот жаман.

Өзүн билген акылман жакшы айткан,
Акыл менен напсисин бекем туткан:

«Өлүмүңдү унутпа, ажал күтөт,
Сен өзүңдү унутпа, баркың кетет.

Жаралгансың, уруктан, чакчырылба,
Көкүрөгүң көтөрбө — токтот, жетет!»

Буктурмада көрүнбөй өлүм тосот,
Чыккан соң угуп койбойт турсаң боздоп!

Тирүүдө болбосо да кетпес өчүң,
Ойлоо өзү өлүмдү — оор сезим.

Жетишет өлүм жүзүн эске салуу,
Чирикти, жансыз тарпты кепке алуу!

Дагы канча салмактуу түйшүк болот.
Өлүм келсе айлантып сени тороп!

Мына ушуну ойлогон эстүү адам,
Тамак ичип, тынч алып уктайт кайдан.

Акылдуу бир адамдын сөзү сабак,
Билими, токтоолугу бийик адат:

«Көңүлүң ак, максатың кымбат десең,
Күнүмдүктөн түңүлүп, жолобо сен.

Бул дүйнө жыланы көп, түпсүз зындан,
Аны таштап, адилет жайга камдан!

Акыры көз жумулса жатар жериң,
Кара жердин алдыдыр, ак пейилим,

Бул дүйнө — терең зындан, түпсүз кудук,
Кайгы, түйшүк, балээлер алган толуп.

Зындандан кандай топук табат дейсиң,
Кандай тилек, кайырым күттүң өзүң?

Бир чымчым топуракты — чач калтырбай,
Түбөлүк, улуу нерсе изде такай!

Бул түтүн, коюу чаңдан жогору бол,
Түбөлүккө көз артып, издегин жол.»

Сен канча жашасаң да — мейли миң жыл,
Ажал табат акыры, чындык ушул!

Өмүрүң сенин канча узун болсо,
Жарат арбып, азабың көп ошончо.

Жашасаң да өмүрдө миң-сан жылдар,
Орундалбас тилегиң баары катар!

Ук кутман, адам айткан сөзү терең,
Жараланган тагдырдын огу менен:

«Миң жылдап тилек менен жашасаң да,
Тилекке толук жетүү жок адамда.

Көптү көксөп кыялын — ээрчигендер,
Жетпес ойду кубалап өлөт анда!»

Сөз асылы эмес да көптүгүндө,
Пайдасы жок унчукпай уга берсе.

Чоң пайдасы түшүнүп айткан сөзгө,
Акылынан нак пайда табат билсе!

Мен айттым, айтканымды уктуң өзүң,
Жакшы ишке багыштап үйрөнөрсүң.

Тилим турбай, сайрады, тынбай жаны,
Сөз түгөнбөй, түгөнду айтаар маани.

Кудай сенден жардамын аябасын,
Жакшылыкты издесең тапкын бачым!

Теңир берсин тилеген тилегиңди,
Дуба кылгын унутпай Элик мени!»

* * *

Сөзүн бүтүп туруугa умтулганда,
«Отур» деп кармап калды Элик кайра.

Дасторконго жайнатты, түркүн тамак,
Даам тат дейт мен ичкен ашка карап!

Өткүрмүш алдында ашка колун сунду,
Көп жебей, ооз тийип топук кылды.

Дасторкондон кол тартып башка албады,
Кудайдын атын атап, бата арнады.

Өткүрмүш аттанууга бетин бурду,
Элик өзү узатып урмат кылды.

Өткүрмүш тышка чыкты, коштоп аны,
Узатып бирге чыкты Элик дагы.

Тышка чыгып экөө тең коштошушту,
Элик кирип, кайгырып ичтен сызды.

Конок эми аттанды өз жайына,
Колун өптү иниси, катарында.

Инисин кала бер деп айтты Өткүрмүш,
Коштошуп үйгө келди кайра Акдилмиш.

Кайра келип, көңүлү тынчый албай,
Кайгырды, кайгырганда уйку кайда?

Чыгыштан күн акырын шыкаалады,
Дүйнө агарып, аккуунун түсүн алды.

Күн тууду, кенен жазып көкүрөгүн,
Бүт аалам жаркырады ачып өңүн.

Дүйнө жарык, жүзүндөй периштенин,
Асман чачты ажайып атыр желин.

Акдилмиш туруп, сууга жүзүн чайды,
Жыйналып, дуба кылып колун жайды.

Тонун кийип атына минип алып,
Ордого багыт алды, үйү калып.

Ордого дароо жетти, ошол замат,
Элик аны чакыртып жанына алат.

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

Өткүрмүштү анан ал суроого өттү:
«Качан турду, чоң конок качан кетти?

Акдилмишим,— деди ал, буюрбасын,
Эми бүт уу болду го ичкен ашым.

Не кылам мындан ары, кантем эми,
Ийилген бел кайрадан түзөлөбү?

Бектик эмне! Мага оор салмагы анын,
Көңүл калып, кайгырып кыйналамын!

Аскери жок болбойт да эл башкаруу,
Бир бек үчүн эң кыйын так аткаруу.

Аскер үчүн, албетте, байлык керек,
Байлыксыз аскер топтой алат белек!»

Аскер баштап көнгөн эр акыл айткан;
Бийликти да колунда жакшы туткан:

«Бектин күчү — казына, аскер келет,
Эки тирек бек болсо бийлик да бек.

Бул эки күч бар болсо, бек дагы бар,
Жок болсо ушул экөө таажы кетет!»

Аскер баксаң киреше арбын керек,
Мал, дүнүйө күч менен өзү келет.

Менде бирөө — ийин дагы, моюн дагы,
Оор го мынча жүгүн элдин алуу?

Албетте, мусапыр да күнүн көрөт,
Өлүм дагы баарыга бирдей келет!»

---

72

## АКДИЛМИШ ЭЛИККЕ ЭЛ БАШКАРУУНУН ЖОЛ-ЖОБОСУН АЙТАТ

Жооп кылды Акдилмиш: «Кут, бак конуп,
Бардык ишиң оңолсун жолуң болуп!

Жаман сөздү эзели оозуңа алба,
Акылманым жамандык болот анда.

Бектигиңди сен сурап алган жоксуң,
Теңир буйруп берген соң, жолдуу болсун

Кадырлап бир өзүңө бектик берди,
Шүгүр дегин ушуга, кутман билги.

Көңүлүңдү ак тутуп, кудай дегин,
Элиңе адилеттүү жашоо бергин.

Ачуу келсе кармагын акыл менен,
Напсиң келсе арбагын билим менен.

Тарбиячы адамдын акылын ук,
Напсисин билим менен жүргөн тыйып.

«Түзсүңбү — сындыр кумар кыр аркасын,
Жолуң түз, эч убакта бузулбайсың.

Бек болуп, көр напсиге алдырбагын,
Болбосо ишенимден кур каласың!»

О, Элик, мынча неге алсырайсың,
Ак жол үчүн алп тоодой кубатың чың!

Мынчалык кайгы муңга неге баттың,
Эмне үчүн бул дөөлөттөн келет качкың?

Аскер күчтүү колуңда, казынаң мол,
Акыл менен билимиң өбөлгө зор!

Аскериңе казнадан дүнүйө бөл,
Андан соң ойдогуңду бүткөрө бер!

Айтыптыр душманына каардуу жан,
Алтынга каршы турбайт эч бир душман:

«Согушта жеңиш колдо болсун десең,
Аскериңди марытып, мактай бил сен.

Баарын бер да, буйрукту кошо бергин,
Тилегениң төп болот, аны билсең!»

Аскер көп күт, баарына бергин белек,
Керек кезде аскериң жанын берет.

Аскер менен душманды талкалагын,
Кудайдан кубат тиле — ошол камың.

Капыр үчүн аскерди даяр карма,
Капыр өлсө, бат эле чыгат кайра.

Жайын бузуп, буддасын кошо сындыр,
Жамаат түзүп, жана да мечит курдур.

Кызын күң, уулдарын кул кылгының.
Байлыгына казнаңды толтургунуң.

Мусулман кыл, шариат жолун ачкын,
Атың чыгып, урмат-даңк ашып-ташсын.

Мусулманга колуңду көтөрбөгүн,
Мындайды жакшы көрбөйт Көк теңирим.

Мусулманга мусулман тууган келет,
Тууган менен чырдашпай жардам берет.

Калың элге камкор бол, жардам кылгын,
Атыңды атап ар дайым дуба кылсын.

Кубанчыңды кур койбой кудай берер,
Эки дүйнө эшиги ачык келер!»

*Эликтин Акдилмишке*
*айткан жообу*

«Эң жакшы, — деди Элик — ушул сабак,
Колдон келсе ушундай кылам талап!

Жетүүнүн буга канча жолдору бар,
Жардам берчи, көрсөтчү кандай алар?

Элди тескеп, өлкөнү башкаруу эп,
Ички-тышкы иштерди жөндөш керек.

Ишенимдүү адамды баалап, сыйлап,
Ишенимсиз жан болсо жазалоо бат.

Чыңдоо керек өлкөнү эң биринчи,
А дегенде жоготуп ичкиликти.

Калкка берүү эң жакшы, бекем заңды,
Тазалап эл ичинен, калп, жалганды.

Башкаруунун оң жолун билбейм өзүм,
Ишке иштер уланып, жумбайм көзүм!»

### *Акдилмиштин Эликке айткан жообу*

«Карап турба, о бегим,— деди Акдилмиш,—
Айтканыңды аткарып жасагын иш.

Кылар ишти эмнеге созуу керек?
Кечиктирсең — мезгилиң өтүп кетет!

Бүгүн калса бир ишиң, эртеңге күч,
Иш көбөйсө үйүлөт, кыйын бүтүш!

Эртеңкиге калтырбай бүгүн жогот,
Эртең ишти бүтүрүү кыйын болот.

Бардык ишти дит менен анык аткар,
Эртең сени өз элиң алкаар, мактаар.

Баары менен жакшы бол, жаманга кас,
Колуңду таза карма, күнөө калбас.

Чынчыл, түз, адилеттин жолун жолдо,
Кыйшык, жалган алпарбайт жакшы жолго.

Өжөр гана өз ишин билбей жүрөт,
Бузуп алып, артынан оңдоп кирет.

Наадандарга жолобо — бузуп тынат,
Чынчыл менен бир болсоң, түзөп турат.

Тыңша сөзүн ак пейил, чынчыл жандын,
Көңүлү түз, тили ачык болгон анын:

«Жаманга жакындаба, чынчыл, түз бол,
Жалганчыга бардыңбы — жалганчы ошол.

Жаман адат кырсыкты алып келет,
Чынчылдарга жакындап, адилет бол!»

Болбосо колдо аскериң, тынчтык болбойт,
Аскер сени калкалап жоодон коргойт.

Аскер күчтөп, аларга олжо тарат.
Байлык бергин кедейге, ачка — тамак.

Кызматчылар жүгүрүшөт үмүт менен,
Кетип калат чыгышса ишенимден.

Алдыңда кызматчылар түрлүү келет,
Ар бирине ар башка кароо керек.

Жакшы көрөт — бири анын, сыйлаганды,
Сый көрсөтүп, кубанткын анда аны.

Дагы бири олжону жакшы көрөт,
Аяба байлык андан — жанын берет!

Үчүнчүдө олжо да, даңк да тилек,
Андайды ат-тон берип, мактоо керек.

А эгер баатыр болсо, күмүш бергин,
Кылыч алып жооңду жеңип берсин.

Билими, илими бар акылманды,
Жоомарт болуп сый тартып кадырлачы.

Жаман зулум, көөдөктү көтөрбөгүн,
Жол бербегин чоң кырсык табат элиң.

Мактанчаакка башкадай олжо бербе,
Андайлардан азап-шор келет элге!

Билип алгын маанисин асыл сөздүн:
«Байып кетсе зор көрөт жаман өзүн».

О кутман, эси жокту байытпагын,
Байыган соң, пейилин бузат анын.

Жакшынын эгер болсо колу кыска.
Ийилер анын бели муктаждыкка.

Жакшыны эгер кокус кайгы басса,
Жаман болот айласыз, жакшы адам да.

Жамандарды жазалап, оң жолго сал,
Жакшыларды көтөргүн — оңолот ал.

Ишенимдүү, изгини ишке чеккин,
Абийирсизди жолотпо, алыс кетсин.

Кимден пайда, кимдердин жок пайдасы,
Айрый билгин акылман адам кайсы?

Билип ал кимдер жакшы, жаман көрөт,
Жакшыга — өз, каска — өрт болуу керек.

Өзүңдөн бөлүнгөндү жинин кагып,
Жакындатпа ишиңе, каарыңа алып.

Чын, жалганды кошпостон таанып билгин,
Жарактуу, жараксызды айрып жүргүн.

Бир ишти тапшырбагын эки жанга,
Тапшырдыңбы, ал ишиң жылбайт алга.

Аткара алчу адамга тапшыр ишти,
Ишти билбес адамда шылтоо күчтүү.

Кошоматчы-шашмага иш бербегин,
Тандап бергин адамдын жөндөмдөрүн.

Өзүңө, элиңе да камкор болуп,
Бирөөдөн жардам күтпө, аның кордук.

Талап кылба өзүңө элден байлык,
Адат алып кетесиң өзүң айнып!

Жакшылык сага кылса — кайтар толук,
Пайдасызды жолотпо — катаал болуп.

Акыреттүү адамды баалай билгин.
Ар дайым иш тапшырып кармай жүргүн.

Сен аткарар кызматтар мына ушулар,
Аткарсаң өлкөң бүтүн гүлдөп турар.

Бакыт тапкын өзүңдүн даңкың артат.
Урмат кылып артыңдан атыңды айтат.

Эл байып, бийлик бекийт мындан дагы,
Карк кылып толтура бер казынаңды.

Атактуу адам айткан тыңша сөздү,
Даңкы, сөзү төп келген дайым жакшы:

«Кайсы жерде бек болсо адилеттүү,
Ал элдин байлыгы мол, ачык күнү.

Эл байлыгы бекке да байлык болот,
Экөөнө тең керек камкор болуу!»

Кыштак, шаарды арылткын уурулардан,
Кербен жолун коргогун бекем абдан.

Өлкө ичинен жоготкун козголоңду,
Тоноо, талоо тазарсын тыштан болчу.

Жаза берип түзөгүн жамандарды,
Кынтык ишке катуу күч болот дары.

Зынданга сал бузукту, акылсызды,
Оңдой турган аларды жолуң ушу.

Эл ичинде адамдар түрлүү келет,
Айрып тааны — ошондо пайда берет.

Арасында илимдүү, даанышман бар,
Илимдүүлүк — бакыттын жолун табар.

Сен аларды ардактап, сөзүн аткар,
Шариаттын жолун тут, көңүлгө ал.

Аларга акы төлөп, тамак-аш бер,
Түйшүк билбей жашасын, камкордук көр.

Алар күндө арттырып улам күчүн,
Наадандарды оң жолго үйрөтүшсүн.

Булардан башка дагы мухтасиб[1] бар,
Кубаттуу, күчтүү колдуу болсун алар.

Алар — бузук, бейбашты жолго салат,
Жалпы журт, мечиттерди күзөткө алат,

Алдыңда дагы да бар кызматчылар,
Тескебесең — терс жолго качып турар.

Жүк көтөрбөс аларың, алар жүгү,
Мойнуңа бир өзүңдүн бүт илинүү.

Булардан башка дагы жалпы журт бар,
Адилет, тартип түзүп, колуңа ал.

Жалпы журттун, билип кой үч түрү бар,
Бардыгын кошуп койсоң чатак чыгаар.

Бири — байлар колунда байлыгы бар,
Эл ичинде — кубаттуу келет алар.

Дагы бири болушат орто чарба,
Теңтайлашуу бай менен болсун кайда.

Булардан соң — болушат кембагалдар,
Бардыгынан буларды камкорго ал.

Орто адамга байлардын жүгүн артпа,
Бузулуп, болор ишти тартат артка.

Орто жүгүн көтөртпө кембагалга,
Алы жетпей, жыгылып өлөт анда.

---

[1] Өлкөдө тартипти, заңды көзөмөлдөөчү адам.

Кембагалды көтөрсөң — орто болор,
Ортолорго — кадимки байлык конор.

Орто болгон кедейден кирише бар,
Байып кетсе Элик да байлык табар.

Эл бактылуу, өлкө бай өмүр сүрөөр,
Калың эл бир өзүңө өмүр тилээр.

Үч-Ордонун ханынын айтканын ук,
Жакшы атыңды калтыруу болсун ыйык:

«Артында ким калтырса жакшы атак,
Калың эл дайым жүрөт атын атап!

Эл кимди, өлсө дагы эстеп жүрсө,
Ал үчүн бир өмүрү миңге тете.

Сен жерде тирүүсүңбү, өлүк көрдө.
Жакшы атың жашап калсын дайым элде.

Сен өлөсүң, артыңда атың калсын,
Калган атың түбөлүк өмүр тапсын!»

Билип ал, эл алдында үч парзың бар,
Кармоо болбойт күч менен, аткарып кал.

Биринчиси — эң таза болсун күмүш,
Казганда тазалыктан болот бул иш.

Экинчиси — заң бергин элге адилет.
Бири-бирин эзбесин эл тебелеп.

Үчүнчүсү — жолдорду коопсуз кыл,
Каракчы, талоончуну тек тыйып тур.

Мына ошондо өтөйсүң милдетиңди,
Анан кийин сурай бер жалпы элиңди.

Бийлик берген өзүңдө үч укук бар,
Не сурарды элиңден түшүнүп ал.

Элиңдин бир милдети — жарлыгыңды,
Ыйык тутуп, ар бирин так аткаруу.

Экинчиси — так төлөө казына акы,
Учурунан өткөзбөй турса жакшы.

Үчүнчүсү; жек көрүп душманыңды,
Жакшылап урмат кылуу досторуңду.

Эгер сен өз милдетиң так аткарсаң,
Анда болот элиңден талап кылсаң.

Чыкпас болсун бек өзү ушул жолдон,
Кол алдында эли да жолдуу болгон.

Эл көрсө өз бегинин жакшылыгын,
Чыгарат бир ооздон атак-даңкын.

О, Элик, энчи болсо, мындай бакыт,
Эки дүйнө өзүңө жыргал ачык!

Мындан башка дагы бар илимдүүлөр,
Элге түрлүү, ар кандай билим берер.

Дагы да муктасиб бар. Эл аралап,
Жамандыктан эл ичин таза кылат.

Соодагерлер көздөсүн аманатын,
Уздар болсо кооз буюм көп жазасын.

Дыйкандар жери менен алек болсун,
Малчынын мал-салына жайыт толсун.

Сага кызмат кылуучу аскериң бар.
Милдети — душманыңды талкан кылар.

Таратып аскерге олжо, ардактай жүр,
Башка ишке жумшабастан сак кармай бил.

Эрдигине жараша энчи кошкун,
Ар жоокериң күчтүү да, бай да болсун.

Кас душманга тап болсун курал-жарак,
Каска — өлүм, досторго болсун канат.

Бардык жагың ошондо гүлдөп турар,
Бардык ишиң тептегиз орундалар!

Эки дүйнө өзүңө кубанч берет,
Эч түйшүксүз, кудай деп жашоо керек!

Мына ушу сопулук-такыва бол,
Каалаганга жеткирер ушул ак жол.

Туура жүрсөң теңирим мээрим салат,
Элге кылба, кыянат тике карап.

Пейли жакшым айтылган ук кеңешти,
Бул мисал чын далилдин өзү эмеспи:

«Козголбос чындык сымал көктө асман,
Өзгөрбөйт жемиш, чөптөр жерде бышкан.

Сен дагы адилет бол кыйшайбастан,
Чынчыл адам адилет жолун тапкан!»

Билгенимди мен сага айттым Элик,
Жабыкты, ачыкты да айттым бөлүп.

Эки дүйнө тең татыйт айткан сөздөр,
Ал тууралу айтылды далай кептер.

Жакшы атпы, же жашоонун жыргалыбы,
Танда өзүң бүгүндү же эртеңдиби!

Канчалык чогултсаң да байлык кетет!
Жакшы атыңды ойлогун — өмүр өтөт!

Бул тууралуу айтылган жакшы сөз бар,
Мааниси үндөш келген сөзгө төп ал:

«Өзүм өлсөм, артымда атым калсын,
Тирүүлүгүм калса эгер жакшы атым.

Жакшылык кыл, калтыргын жакшы атак,
Жашап турат түбөлүк атак-даңкым!»

* * *

Уккан жоопко кубанды Элик абдан,
Жүзү жаркып, көңүлдөн шаттык тапкан.

*Эликтин Акдилмишке*
*айткан жообу*

Акдилмишти алкады көп сөз менен:
«Билгениңди эң жакшы айтып бердиң.

Буюрса көктө Теңир мындан ары,
Сен айткан акыл менен иш кылалы.

Өзүңдөй жардамчыны берген кудай,
Тилегимди берер дейм да бир курдай.

Керегиңди кудайым сага берген,
Жардамыңды мага да көп бердиң сен.

Мындан ары чыныгы көңүлүңдөн,
Көмөгүңдү аябай берсең экен!

Мен сага ишенемин, өзүм өңдүү,
Жашырба эми менден кеңешиңди.

Ушул күн мага күндөй жарык берди,
Жакшылыкты жүрөгүм сенден көрдү.

Көңүлү түз адамдын ук айтканын,
Сөзү, иши төп чыккан дайым анын:

«Ишенимдүү адамың — күзгү сымал,
Ким караса — өз жүзүн көрүп турар.

Жакшы адам — күзгү да көргөндөргө,
Аны карап пейлиңди оңдо, түздө!

Кимдин көөнү өзүңө жакын болсо,
Ишен дагы, жакында ага ошончо.

Кеңеш сура, керекте ишенгенден,
Айтканына жараша иште да сен!»

* * *

Жооп кылып Акдилмиш «Макул» деди,
Нур чачып жайнап турду анын өңү.

Ошондо Элик тынчып, сөзүн бүттү,
Акдилмиш тез козголуп жолго түштү.

Тынчтык билбей иштеди анан Элик,
Өз элинин, жеринин камын көрүп.

Наданды алыстатып, жакшыларды,
Көтөрүп, наам берип жанына алды.

Өлкө гүлдөп, эл-журту жыргап калды,
Алмашты Күн, Ай, жылдар улам жаңы.

Эл бактына өнүктү өмүр гүлдөп,
Кубанычка чулганды жер менен көк.

Анбады олжону Акдилмиштен,
Ишенимди көрсөттү бардык иштен.

Акдилмиш күн өткөрдү кыйла, нечен,
Сүйрөдү мезгил жүгүн, түйшүк менен,

Артын карап көрдү кылган иштерин,
Өчкөн оттой жигиттик чак кеткенин.

Көңүлү куйкаланып, жүрөктү эзген,
Арылууну эңседи оор жүктөн.

---

## 73

## АКДИЛМИШТИН ӨТКӨН ӨМҮРГӨ КЕЙИП, ТОБО КЫЛЫШЫ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

«Жашаптырмын,— деди ал,— максаты жок,
Өтүптүр кайран өмүр шамалга окшоп!

Күч да кайтып, алы жок колум менен,
Өзүмө таяк менен жардам берем!»

Ал кейиди: «Токтолбой күндөр өтөт,
Өмүр бүтүп, алдыда ажал күтөт!

Өмүрүмдү жептирмин мал катары,
Малдай жашап — билбепмин максат табуу.

Өткөрүпмүн өмүрдү ойноп-күлүп,
Болуптур бар билгеним бекерчилик!

Жигиттигим өтүптүр талаа менен,
Өкүнөм жаштык кезим бошко кеткен.

Төрүмдөн көрүм жакын, өлүм мына,
Ажалга дабаа барбы, айла канча!

Боз ала болду чачым шумкар сымал,
Куураган чөпкө окшоду байкуш сакал.

Отуз эки тишим да чирип эми,
Бермет тизген жип турат үзүлгөнү.

Көрөр эле көздөрүм күндүк жерди,
Карайлап, карыш жерим күүгүмдөндү.

Алыс жерди укчу эле сак кулагым,
Бүгүн мен дүлөй болуп жаңсап калдым.

Кузгундай кара эле кайран башым,
Аккуу конуп төбөмө, өттү жашым.

Өлүм жакын, кудайга жалынайын,
Күнөөм үчүн кечирим мен сурайын.

Артка кетчү арымым ылдам кетер,
О кудай, күнөөм болсо кечире көр.

Жараксыз кыялымды таштадым мен,
Көңүлүмдө кынтыкты куусаң экен!»

Суроого кечиримди даяр эле —
Кудайдан эгер өзү кылса күнөө.

«Жок болбойт,— деп ойлоду, шашпоо керек,
Шашкан — шайтан, ал жаңы күнөө берет.

Эң алгач бул тууралуу кеңешейин,
Күнөөдөн арылуунун жолун, жөнүн.

Ар бир ишти кеңешип баштоо керек,
Кеңешти укпаганга кырсык келет.

Сөзү таамай адамдан айтылган кеп:
«Бардык ишке кеп-кеңеш — дары келет».

Кеңешсең — кеңеше көр жакыныңа,
Бардык иш кеңеш менен бүтөт тура.

Кеңеш менен ар адам жолун түзөйт,
Кеңешпеген адамда кырсык күчөйт.

Барайын тууганыма көрүшкөнү,
Эң керек мага анын кеңеш сөзү.

Жактырабы — аткарам ойдогуну,
Жактырбайбы — кеңешин билсем болду.

Адам билбейт маанисин өз ишинин,
Сүйлөшүп, кеңешин ук жат кишинин.

Кеңешкенден кеңейет акыл-оюң.
Кеңешке билим кошсо андан сонун!

Угуп ал кеңешчинин айткан сөзүн,
Кеңеш уксаң, алгалайт сенин ишиң:

«Ишиң барбы — кеңешкин иш жөнүндө,
Сөз укпаган адамды досум дебе.

Кеңеш алып, ишиңди анан башта,
Тилекке жетүү үчүн алга жөнө!»

Кечте жатып, таңында эрте турду,
Аттын башын ордону карай бурду.

Жол сурап, көрүшүүнү самап калды,
Урмат кылып, Элик тез кабыл алды.

*Акдилмиштин Эликке*
*берген суроосу*

Кайрылды өкүмдарга суроо менен:
«Оюм бар тууганымды көрсөм деген.

Барайын өзүңүздөн болсо уруксат,
Сүйлөшүп бүтөр замат, кайтамын бат!»

*Эликтин Акдилмишке*
*айткан жообу*

«Барсаң бар — деди Элик,— акылманым,
Менден салам өзүнө айта баргын.

Унутпай мага арнап дуба кылсын,
Бир кудайга сыйынып дайым турсун,

Теңиримден кубатты сурап алсын,
Жараткан бар күнөөмдү кечип салсын!»

* * *

«Болуптур!» деп Акдилмиш туруп кетти,
Үйгө жетип, кең жайды көкүрөктү.

Бүтүн дүйнө алтындын өңүн алды,
Күн бети кызыл жакут жалтылдады.

Асман түйүп кабагын, күүгүмдөндү,
Адамдарды аз-аздан уйку жеңди.

Намаз окуп, ал жатты төшөгүнө,
Көзүн жумуп, чөмүлдү ой көлүнө.

Көз илинип, ойгонду чочуп кайра,
Ойлоду күн чыкты го алда кайда.

Төшөк салып уктады эч кыймылсыз,
Чочуп кетип ойгонсо,— айлана тынч.

Ошол бойдон жолобой уйку качты,
Ойго батып кыймылсыз тыптынч жатты.

Кара куш[1] көрсө чыгып Чыгыш жактан,
Жалындай канат менен көктү жапкан.

Тайгандын топ жылдызы жылт-жулт сонун,
Тараза жылдыз көктө чийди жолун.

Кыргоол куш көтөрүлдү улам бийик,
Жан алгыч жаркылдады отсуз күйүп[2]

Чыгыштан күн баш бакты көтөрүлүп,
Кара жерге ак нурун чачып ийип.

Бүт ааламга ал жарык нурун чачты,
Асман бети жалындан кызгылт тартты.

Бүт дүйнө жылмайгансып жайнай түштү,
Кайгы качып, кубаныч болду күчтүү.

Кайра туруп жуунду, намаз өтөп,
Атын токуп, жөнөдү тоо этектеп.

Чаап келип, акырын эшик какты,
Тууганы туруп келип эшик ачты.

Салам айтты ийилип Акдилмиш да,
Алик алды эң сыпаа Өткүрмүш да.

Кол кармашып экөбү үйгө кирди,
Сөзгө сөздөр уланып сүйлөшүлдү.

*Өткүрмүштүн Акдилмишке*
*берген суроосу*

«О, боорум,— деп сурады,— айтчы мага,
Көрүшкөнбүз, өттү го бир ай гана.

Көрүп турам, көңүлүң кайгы баскан,
Кызыл жүзүң саргайып өңүң азган?

Кандай кайгы ичиңди эзип турат,
Ачылып, бар сырыңды айтсаңчы бат!»

*Акдилмиштин Өткүрмүшкө*
*айткан жообу*

Жооп берди Акдилмиш: «Кутман боорум,
Тагдырдын огу менен оору болдум.

---

[1] Юпитер жылдызы.
[2] Эртең мененки асмандын түсүн салыштырып жатат.

Жакшы тагдыр жолдосо үгүт, насаат,
Өлгөн жүрөк тирилет кайра жашап!

Уйкуда элем эң катуу козголбогон,
Тагдыр мени ойготуп, үгүттөгөн.

Жүрөк сезип, кулагым угуп калды,
Адашып жүргөн жаным оңго салды.

Өмүр өтүп, салмактуу алган жүгүм,
Ар күнөөдөн арылсам деймин бүгүн.

Эл үчүн сарыптадым өмүрүмдү
Кудайыма бурбапмын көңүлүмдү!

Күнүмдүк тирилик деп өмүр сүрдүм,
Өмүр өтсө — калат да, тирчилигиң.

Өмүр үчүн ааламды алсам дедим,
Өмүр өттү, талаага кетти эмгегим!

Мынакей, бүгүнкү күн өтөт-кетет,
Алдыда келчү түндө эмне күтөт?

Куураган көк чөп болду башта чачым,
Шумкардай бопбоз болду сакал, башым.

Эртеңимди ойлонуу мага кажет,
Эртең үчүн кыйналдым азапты жеп!

Айтмакчы, бул тууралуу жакшы сөз бар,
Акылдуум мен айтайын көңүлгө ал:

«Өмүр өттү, өкүнөм өткөн күнгө,
А дагы канча өмүр калды менде?

Жигиттик күндөр өттү келбей күүгө,
Калган күндү арнаймын ак жүрүүгө!»

Алдыңда келер күндү ойло деген,
Акылмандын ак сөзүн уккан элем.

Бүгүн мен бир кудайга моюн сунам,
Сообу, бир күн тиер күтүп турам.

Максатсыз жашаптырмын, көр тамак деп,
Ачкачылык карынды кармашы эп!

Семирипмин жей берип ар нерсени,
Арыктоонун кезеги келди эми.

Жыргалда, токчулукта уктай бергем,
Ойгондум, турчу кезек келген экен.

Каршылашып таапмын көп душманды,
Жардам берип кубантам эми аларды.

Эл-журтка иште, сөздө катаал экем,
Даярмын кечиримди суроого мен.

О, кутман элге бекер кысым кылдым,
Болбогон манчыркоону жоюп, тындым.

Мен байкуш — кудайынан качып күндө,
Күнөөгө, ыпыласка баттым мүлдө.

Кайрылайын мен эми келме кылып,
Кечиримди сурайын моюн сунуп.

Өлгөнүмчө бузбаймын убадамды,
Өлгөндөн соң баары бир билбейм аны!

Билимдүү адам айткан сөздү тыңша,
Эй таш боор, акыл болот баары сага:

«Тирүү кезде сыйынган, зорлоп жанды,
Өлгөндөн соң — баарысы артта калды.

Сыйынгын мүмкүн болсо тирүү кезде,
Жакандан бек муунтар өлүм келсе!

Моюн сун күч-кубаттуу жаш кезиңде,
Карыган соң каруу-күч калбайт сенде!

Тирүүлүктү баалагын, кудай дегин!
Өлөрүңдү унутпоо парзың сенин.

Ойлонгун — ажал сени арбаганча,
Ажал келсе, алыпсаң пайда канча!»

Ушул ойлор жай бербей сага келдим,
Жашырбай жакшы ойлонуп кеңеш бергин.

Караан тутуп келип турам мен сага,
Боордошум, эмне кылам айт мага!

## 74

## ӨТКҮРМҮШТҮН АКДИЛМИШКЕ БЕРГЕН КЕҢЕШИ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

«О боорум,— деди Өткүрмүш жооп кылып,—
Айта турган кеңешти алгын угуп.

Ой-тилегиң көздөгөн өтө бийик,
Кудайым жөлөк болсун көңүлү ийип!

Бир гана түшүнгөнүң аздык кылат,
Көп нерсе билүү, иштөө башкы талап.

Эң алгачкы белгини ойго салгын,
Ар бир ишти так билип, колго алгын!

Азыр сага ордодо болуу абзел,
А мага ылайыктуу мына ушул жер.

Сенден журтуң жакшылык, пайда көрөт,
Пайда кетсе, чыр-чатак, уруш келет.

Элик берди сага күч эл башкарар,
Ишиң арбын, элиңден алкоо алар.

Эл байып, өлкө күчү ашып-ташты,
Эл ичинде атагың орун тапты.

Угуп ал айткан сөзүн жоомарт адам,
Жакшылык — жакшы сапат адам саган:

«Ишенгин, ошол гана адам делет,
Ким элге байлык жана бакыт берет!

Эл үчүн пайдасы жок — адам кору,
Элге кызмат кылгандан — ырыс келет!»

Чын көңүлүңдөн ниети болсо жакшы,
Ал анда ойлогонун толук тапты.

Ниети жакшы адамдан жакшылык бар,
Ишке ашпаган ою да эсте калар!

Тартип болсо, эл болот жайчылыкта,
Элик да, элиң дагы сүйөт анда.

Жакшы заң, катуу тартип болсо элде,
Бузуку, куйту, жаман болбойт эле.

Булардын баарын таштап кетсең андан,
Өкүнөсүң, бардыгы болот жаман!

Тартип менен таалимди бузуп койсоң,
Өлкө кыйрап, анда эле болот ойрон.

Ордуңа начар жанды алып келер,
Азабын, артык шорун элиң көрөр.

Эссиз адам терс жолго элди бурат,
Жаман иш ынтымакты бузуп тынат.

Муну сенден кудайым эртең сурайт,
Күнөөңдөн атагың да куткаралбайт.

Жаман жүрбө, бузуку ишке барба,
Жамандарды көкүтүп бузуп алба.

Угуп ал көңүлү түз адам сөзүн,
Жакшы кеңеш жемишин сага берсин:

«Жамандарга кошулба, тартип өссүн,
Бузук менен кырсыктын жолун кескин.

Жакшы иш кылып, чыңдагын тартип чегин,
Эки дүйнө ачылат жолуң сенин!»

Кудай сага ишиңде болсун жөлөк,
Ак жолуң жакшылыкка алып келет.

Жакшы ишиңди бузасың эмне үчүн,
Жалаасына каларсың бекер өзүң.

Элге зыян, күч келсе сага зыян,
Кандай пайда табам деп келдиң маган?

Андан көрө кутманым айтам сөздү,
Улам-улам кайталап айткан кепти.

Өмүрүмдө күтпөдүм байлык, дөөлөт,
Издебедим жашоодон эч бир сөөлөт.

Эл менен байланыш жок катышпадым,
Бектерге жүгүнгөн жок байкуш башым.

Көргөнүм жок дүйнөнүн байлыктарын,
Адамдын же жакшысын, же жаманын.

Өзүм каалап келгемин ушул жакка,
Ташташым бул ишимди болбойт мага!

Адамга алтын-күмүш кармабаган,
Аралашса бузулуп болот жаман.

Кытайдан келе жаткан сарттар[1] башы,
Айтканын ук, ааламды көргөн жакшы:

«Өмүр бою жарыбас кедей адам,
Байып кетсе кыялы болот жаман.

Байыса кедей киши кырсык басат,
Өткөн күнүн унутуп аксымданат.

Бактысыздын колуна тийсе бакыт,
Бузулат, элди калат каргыш басып.

А кокус жамандарга тийсе бийлик,
Өз элин эрксиз кууруп, болот шүмшүк!»

Сен көрдүң байлыкты да, бийликти да,
А бирок бой көтөрүү чоочун сага.

Көзүң тоюп, көңүлүң бузулбады,
Элик менен эң мыкты доссуң дагы.

Мунун баарын өзүңө кудай берди,
Жакшы жашоо, жаркыган көңүлдөрдү!»

## 75

## АДИЛЕТКЕ — АДИЛЕТТИК АДАМГЕРЧИЛИККЕ — АДАМГЕРЧИЛИК КЫЛУУ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

«Бул болсо,— жашообуздун бир тарабы,
Ачайын экинчисин, уккун аны.

Көзүң көрбөй, буздуңбу пейилиңди,
Кандай парда жашырат бул ишиңди?

Билерсиң, алат тура миң-сан мактоо,
Адам үчүн ар иши адал болсо.

Бул дүйнөнү башкарат — билебиз заң,
Ал өзү адамгердик, карап турсаң.

[1] Соодагерлер башы, кербен башы деп жатат.

Жакшылыкка жакшылык кылуу керек,
Бир иш кылсаң — он эсе кайрып берет.

Азамат уулу болсо ким атанын,
Бардык камы эл үчүн болот анын.

А эгер энеси анын болсо бузук,
Тапкан уулу элге жут, жарып-бузуп.

Сен Эликтин жакшылыгын унутпа,
Дайыма көрүп жүрөт камын сага.

Акылдуусуң, билгирсиң, көпкө жеттиң,
Элик сага эшигин ачты көптүн.

Сени сыйлап, көтөрдү атагыңды,
Жоомарттыгың өзүңдү даңктуу кылды.

Унуттуңбу, жакшылыгын сен эми,
Татыктуу жооп берер кезиң келди.

О, боорум, сөздү кесе айттым белем,
Жүрөгүңдү кайгыга чулгаба сен!

Адилет сөз, көбүнчө ачуу келет,
Ага чыдап түшүнсөң, пайда берет.

Туура сөз сага айтса, таарынбагын,
Ачык сөздүн өзөгү чындык дайым.

Бул тууралуу мындай сөз айткым келет,
Кулак төшө, кутманым акыл берет:

«Чындык ачуу болсо да чыдоо керек,
Чындык сөздөн өзүңө пайда келет.

Бетке айтылган сөздөрдө заар болбойт,
Андан ашкан асыл сөз кайсы·делет?»

Көз жумганда өз атаң, кичине элең,
Чоңойбодуң бир болуп атаң менен.

Элик сени колго алып бапестеди,
Маалим болду ушундан адам жөнү.

Кул-күңүң да, кең талаа үйүр жылкы,
Эликтин эрки менен сага тийди.

Жетиштиң сан байлыкка, бак-дөөлөткө,
Жайылды атак-даңкың, узак, көпкө.

Ойлочу, эми сага жарашабы,
Душман болуп өзүнө, аны тануу?

Тийерде ага пайдаң — кетип калуу,
Тете эмеспи сыздатып кеткенге аны.

Эликтин сыйы сага чексиз эле,
Кезеги го, ага тете акы төлөө!

Бардык элдер өзүңдү алкап жүрөт,
Эл ичинде атыңды зор деп билет.

Жакшы адамдын оозунан айтылган кеп,
Чыныгы адам дайыма боорукер деп:

«О, кутман, боло көргүн кишиликтүү,
Киши болчу адамдын жолу ушу!

Адам үчүн дайыма адамдык кыл,
Адам деген атагың болот күчтүү!»

Элик сага март эле миң эселеп,
Андан артык эмгегин кайруу керек!

Жакшы адамдар боорукер, жолдуу болор,
Эл кишиси, аталар адам ошол!

Түшүнбөгөн, билбеген кичине элең,
Жөлөп-таяп бакытты Элик берген.

Ага сен аябагын жан-дилиңди,
Тыным албай, кызмат кыл күнү-түнү.

Жакшылыкка кайтаргын жакшылыкты,
Кудай сага кур койбой берер кутту!

Ук сөздү, чын көңүлдөн оюн айткан,
Адамдыкты жогору койгон адам:

«Тузун таткан адамдын кылгын ишин,
Жакшылыгы артылып тийери чын.

Акылдуу актайт дайым жеген нанын,
Аябайт керек болсо жалгыз башын!»

Тилегениң ишке ашса, жолуң таза,
Жакшылыкка жакшылык ишти жаза!

Кийгениң көз тайгылткан парча, дечи,
Көрө албастын токтойбу ушак сөзү.

Эми сен Элигимдин атын чыгар,
Душман көрүп моюнун сунуп турар.

Миңдеген мансап олжо энчиледиң,
Букадай жоон тартты мойнуң сенин!

Элик үчүн жумшагын күч-кубатты,
Элиң тилээр кудайдан узак жашты.

Сен байсың, түркүн дүйнө турат колдо,
Алдыңа токуп миндиң арап жорго.

Бул байлыкты иштетип, Эликке арна,
Ою орундап, ачылсын жүзү анда.

Отурсун Элик такта көңүлү жай,
Душманы башын ийсин тик карабай!

Элик сага зор бийлик, сөздү берди,
Жакса да, жакпаса да эл баш ийди.

Ушун үчүн ага сен өмүр тиле,
Дөөлөткө ээ болосуң өзүң көпкө.

Адамдын асылдары жакшылыктуу,
Түбөлүк атак-даңкты алчу ушу.

Арапта так айтылган жакшы сөз бар,
Жакшы адамды таанууну сен билип ал:

«Адамды баалоо керек иши менен,
Адам иши өзүнө жараша экен.

Иши жакшы адамдын өзү жакшы,
Иши бузук адамды бузук деген»

Пейли Эликтин бузулса өзүң оңдо,
Жаман иштен калкалап, дайым колдо.

Жакшылыктын баарына — Элик башчы,
Четте калбай жанаша турган жакшы!

Мага ишенип, кеңешти сурап келдиң,
Билгенимдин баарысын айтып бердим.

Билгениңди айтканга салыштыргын,
Керегиңдей ишиңди улаштыргын!»

### *Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу*

«О, боорум,— деди Акдилмиш көңүлүнөн,
Айтканыңдай баарысын улай берем.

Сөздөрүңдүн бардыгын туура айттың,
Чечилбес түйүнүмдүн учун таптым.

Бул сөздөр мен түшүнбөс туман эле,
Үртүгүн анын ачтың, сен өзүмө.

Калтырдым болгон арзуу, тилегимди,
Кудайым жөлөк кылам бир өзүңдү.

Теңирим көңүлүмдү ачык кылсын,
Көөнүмдөн жамандыкты кууп турсун.

Жардам кылып, батаңды бергин мага,
Эстей жүр, ишенгеним өзүң гана!»

* * *

Ал туруп, сөзүн бүтүп, кош айтышты,
Атын токуп, алыскы жолго чыкты.

Үйүнө келип түштү, малдаш урду,
Тамак жеп, суусун ичип, тыным кылды.

Асман бүркөп кабагын, жаап калды,
Үстүнө жесир аял киймин салды.

Жайгансыды алтын күн чачын, көргүн,
Дүйнө жүзү кундуздун алды өңүн.

Салдырды да төшөгүн, жатты эс алып,
Татты уйкуга чөмүлдү уктап калып.

Ойгонуп, ошол замат көзүн ачты,
Кыз күлкүсүн кең асман төгүп жатты.

Күн көтөрүп кабагын, нурун чачты,
Бүт дүйнө аккуу болуп канат какты.

Акдилмиш туруп келди, орунунан,
Жуунуп, намаз окуп, тамактанган.

Атын минип ордого кайра барды,
Төркү жайдан Эликти таап алды.

### *Эликтин Акдилмишке*
### *берген суроосу*

Элик сурайт: «Өткүрмүш кандай экен,
Дени чың, жалгыз жаны эсен бекен?

Дуба кылып ал мени алабы эске,
Кылган дуба кырсыктан сактайт көпкө.

Сыйынуудан адамзат сооп алат,
Сыйынган жан бейиштин жолун табат!

Болбосо жакшы дуба бул ааламда,
Жамандыктар күч алып, кетмек анда!»

### *Акдилмиштин Эликке*
### *айткан жообу*

«Туура айтасың,— деп айтты анда Акдилмиш,—
Эң туура, эң акылдуу жасалды иш.

Боорум, эми элетте өзү жалгыз,
Биз үчүн дуба кылат, муңда алсыз.

Бизден ашкан күнөөлүү адам барбы?
Биз күнөөлүү, түйшүгүн тигил алды!

Элик үчүн тынбастан дуба кылат!
Эт жүрөгү бүтүндөй актан турат!

Мындан ашкан адилет адам кайда?
Өзүң таштап, биз үчүн издейт пайда!

Элигим, бизден ашкан осол ким дээр,
Текке кеткен өмүрдү берет кимдер!

Жыргал күнгө семирип жүрө бердик,
Көз ачылбай оюндан күн өткөрдүк.

Денебизди жем кылар курт-кумурска,
Өкүнүчтөн башка жок жаның чыкса!

Угуп ал акылдуунун айткан сөзүн,
Ишиңе ушул кеңеш, негиз дегин:

«Жылан, курттун жемисиң — семирбе көп,
Эртең кетер коноксуң элирбе көп.

Өмүрүң түш сыяктуу, өтөт-кетет,
Ага далил — чууруган күндөр эсеп!»

*Эликтин Акдилмишке*
*айткан жообу*

«Акылманым,— деди Элик,— түшүндүрчү,
Кантип өзүн ар дайым кармайт киши?

Сенден артык беделдүү жок адамым,
Сага ишенем, мен сага ынанамын.

Мен жатам ордо ичинде, эч капарсыз,
Иш деген ойдон чыккан менден алыс.

Көзүм да, кулагым да — сен өзүңсүң,
Жакпай калса сен оңдоп иштей бергин.

Керек болсо жардамым — кабар кылгын,
Ылажысын ишиңдин мен табармын.

А кокус кызматкерлер чатак салса,
Жайыма кой, сен менин тынчымды алба!

Элге зулум адамдар болбосун эч,
Жаман өлүп, жашасын ак, акыл, эс!

Эл байып, өлкө гүлдөп турсун дайым,
Тирек болуп даң салып мен турайын!»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

Акдилмиш жооп кылып айтты: «Бегим,
Кудай болсун жөлөгүң, бир өзүңүн!»

Тилегим, оюм дагы мына ошондо,
Теңирим ак жолумду ачкан болсо!

Элик дайым бактылуу жашай берсин,
Эмгек, түйшүк дайыма мага келсин!

Курман болсун өзүңө жалгыз жаным,
Бейпилдикте өмүр сүр, өкүмдарым!

Бирок сага бир гана өтүнүч бар,
Ак пейилден кубанып аткарып сал.

Билесиң го, бек тутса кимди жакын,
Ушак кылып эл айтар анын атын.

Канчалык мени жакын, өз кылбагын,
Кабагың карыш түшөр уксаң — чагым.

Кулак сал айкөл баатыр айткан сөзүн,
Кабыл алып кеңешин, туура дечи:

«Эт сымал — адам көөнү, бат бузулат,
Кутманым, аны ыйык сактоо максат.

Кулак салбас болсоң да чагым сөзгө,
Ишенесиң кээде сен ушак кепке.

Бек канчалык акылдуу болсо дагы,
Ушак укса, залалы басат аны.

Жүрөк — бек да, мүчөлөр — элге татыйт,
Ара сөзгө бир үшүп, бирде ысыйт.

Кишинин денесинде төрт душман бар[1].
Бири — ойнотсо, да бири — капа кылар.

Бири — шашса, да бири сабыр кылат,
Бири — күлсө, да бири ыйлаттырат.

Кубанарда — кайрадан көңүл чөгөт,
Кырсык күтсөң, сүйүнтүп кубанч келет!»

Кутман Элик, чынында ойлоймун мен:
Ушакчылар жаман да жолбун иттен!

Көңүл ооруп, тескери буруласың,
Жакпай калар андайда ак кызматым.

Өзүңдөн сурай турган бир тилегим;
Ушак айтса үстүмдөн сурай көргүн.

Түбүнө жете билип, так сурагын,
Тактап алгын уккандан анын баарын.

Чагымчынын өзүн да тактап сура,
Чын, төгүнүн анықта абдан туура.

Көптү көргөн татыктуу адам айткан:
«Баарын ук, бирок болбойт көңүлгө алган!»

Бул тууралуу дагы да жакшы сөз бар,
Кутманым, аны иште колдонуп ал:

[1] Байыркы Чыгыш медицинасында адамдын денесине төрт түрлүү суюктук: кызыл-кан, сары-өт, кара-ириң, ак-какырык бар, алардын тең салмактыгы бузулса адам көңүлү чөгөт, ооруга чалдыгат дешкен.

«Баарын угуп, алганың керектүүсүн,
Өзүңдөн сүрүп ташта керексизин!

Баарын угуп, ажырат жалган, чынын,
Чынчылды ал да, кууп сал калпычысын.

Калпычылар дүйнөнү бузуп тынат,
Өкүмдар, чынчылдарды тап, жакындат!»

*Эликтин Акдилмишке*
*айткан жообу*

Элик айтты: «О кутман, акыл тапчу,
Керегиң, тилегиң да сенин жакшы!

Сага берген кудайым жакшы сапат,
Мүнөзүң, сөзүң, даңкың — элден ашат.

Кантип болсун өзүңдө жаман жорук,
Адамдын сүттөн сиңген каның болуп.

Чагым кылган үстүңөн адамдарды,
Душман дей бер ошону мага дагы.

Мейли алар көп айттыбы, аз айттыбы,
Угайын кулак салып кантип аны!

Кантип болсун өлкөнүн өкүмдары,
Жакшы менен жаманды билбей калуу?

Бек болобу, эркине эл баш ийген,
Чындык менен жалганды — так билбеген?

Бийликте тура алабы кара зулум,
Ишенбесе адамга айтчу чынын?

Жетеби максатына — жасаган заң,
Чындык менен жалганды билбес адам?

Сен белексиң, кудайым мага берген,
Чечилбес түйүндөрдү чечкенсиң сен!

Дайыма кызматты так аткарасың,
Акыңды ак өтөгөн асыл жансың.

Мен эми ак кызматың кайтарайын,
Насип буйруп тагдырың болсун жаркын!

Жакшы адамдын айтканын угуп көргүн,
Чындыгын мактап келген сөзү элдин:

«Адамдардын ичинен жакшы дейбиз,
Ак пейил, кишиликтүү жанды сөзсүз.

Жооп кайтар адамга адам болуп,
Жоомарт адам атактуу, биз билебиз!»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

Жооп берди Акдилмиш: «Кутман Элик,
Бактың артып, бийлигиң болсун бийик!

Эки дүйнө жыргалын кудай берсин,
Ой-тилегиң, үмүтүң өсүп-өнсүн.

Көктө теңир өзүңө көмөк болсун,
Тагдыр буйруп тилегиң кабыл келсин!

Ак пейил, ак көңүлдүү такыва адам!
Узак өмүр, бак-таалай тилейм саган!

Өзүңдөн көп жакшылык насип болду,
Тамак, кийим, байлык, даңк, атак конду.

Кызматыңа арнадым көңүлүмдү.
Кудайым аман кылсын өмүрүңдү.

О, Элик,— дейт Акдилмиш сөзүн улап,
Жакшы атыңды кудайым жайып турат.

Кудай берген бакытты сакта ыйык,
Көңүлүңдү таза тут, напсиң тыйып!

Бектигимди түбөлүк сактайм десең,
Төрт милдетти өтөгүн бек тутуп сен.

Биринчи — ойдо сөздү таамай айткын,
Экинчи — заңдын жолун бекем баккын.

Үчүнчү — жоомарт болгун, ишке шайлан,
Элге камкор, боорукер болгун абдан.

Төртүнчү — баатыр болгун тартынбаган,
Башын ийип, душманың келсин саган.

Эгер бек аткарбаса бул төрт ишти,
Анда өлкө чачынды, бүлүк түштү!

Ушулар — бек адамдын шам жылдызы,
Ушулар — өкүмдардын ыйык куту.

Бузулбай, жүрө көргүн ак жол менен,
Жол ушул ата-бабаң салып кеткен.

Бурулсаң ушул жолдон — ишиң начар,
Кармап турган бийлигиң колдон качар.

Кадырлай жүр адамдын үч түрлүүсүн,
Мен айтайын баамдап, баала өзүң.

Бири — баатыр, мүнөзү келет чапчаң,
Кылыч менен элине пайда тапкан.

Экинчиси — кеңешер акылмандар,
Сөзүн угуп, керектүү таалимин ал.

Үчүнчүсү — жазгычтар, эсеп кылат,
Киреше, чыгашаңды жазып турат.

Буларды баалай билип, сыйла дайым,
Ынтымакта көздөй жүр пайда жагын.

Ошондо бардык ишиң орундалат,
Элиң арбып, аймагың канат жаят.

Атың тарап, аласың улуу даңкты,
Ак жүзүңдү көрсөк дээр аалам калкы!

Акылман насаат сөзүн айтып кеткен:
«Адам өлөт, жакшы аты өлбөйт экен!»

Кандай жакшы калтырган жакшы атыңды,
Өзү өлсө да, артыңда калат аты!

Өлбөс да тирүү кезде атак алган,
Жатса да жерде чирип алда качан.

Өмүр эмес,— өзүңө атак сура,
Жакшы ат менен жалтанбай өмүр ула.

Карачы, өмүр кайсы, жакшы кайсы,
Айтчы мага аларда маани кайсы?

Өмүрүңдүн мааниси — адал ишиң,
Өмүрүң арналсынчы — жакшы иш үчүн.

Жакшылардын жүрөгү өмүргө бай,
Наадандар тирүү туруп — өлүк жандай!

Өмүр өтөт, жарабайт, чекти койгон,
Жакшы иштер жашай берет, жакшы бойдон.

Бейпай дүйнө өзүңдөн бурса жүзүн,
Жакшылыкты жасай бер, өзүң үчүн!

Алданба күнүмдүккө, кутман Элик,
Бапа кылбас башынан мунуң өлүк!

Бул дүйнөнүн мааниси кыйды, бузук,
Аягына баш урсаң, кетет учуп!

Оюнуна кошулба, алыс туруп,
Аралашсаң чырмайт да чыккыс кылып.

Китепте жазылыптыр эң жакшы сөз,
Акылдуум, аны сактап, үйрөнгүн тез:

«Бул дүйнөнүн кызматы — оюн, күлкү,
Эмне чыгат оюндан, алыс жүрчү!

Сен кулусуң, аткар жолун теңиримдин,
Болбосо буруп кетер — турмуш күчү!»

Кутман Элик, мына ушул билгендерим,
Ич, тышын эч койбостон айтып бердим.

Айтканга ишен, ынангын ушул сөзгө,
Ишенбесең, төп келер жолуңду изде!»

*Эликтин Акдилмишке
айткан жообу*

Элик айтты: «Суранам ак дилимден,
Кудай мага көмөгүн берсе экен.

Издеймин теңиримден ишке жөлөк,
Баарын айтып, жашырба менден демек,

Бардык ишке көз болуп карап тургун,
Кулак, көздү сак кармап жумуш кылгын.

Ал жеткенди менсиз да аткара бер,
Калган ишке мен бармын көмөк берер!»

* * *

Ачык айтып баарысын, токтоду Элик,
Акдилмиш көтөрүлдү, боюн керип.

Атка минип, тез эле келди үйүнө,
Тонун чечип, кыйшайды аз, кичине.

Чырм эткен соң, шап этип атка минип,
Ордого кайра келди, ишке кирип.

Андан ары Акдилмиш көп иштеди,
Тик туруп, өз милдетин так өтөдү.

Эл бейпил, өлкө гүлдөп өсө берди,
Элик узак, түйшүксүз бийлеп келди.

Ар тараптан алкоолор жаап турду,
Атак-даңкын түбөлүк өчпөс кылды.

Жакшы ойлор, элге жаккан жакшы заңы,
Илгертеден бийликтин пайдубалы!

Ушундай каарман бек бийлеп турса,
Кырсыксыз эли дагы, өлкөсү да.

Эли болсо эмгекчил, пейили түз,
Өкүмдары бактылуу аткарат иш.

Теңирим берди бекке бийлик бакты,
Бек жакшыбы, эли да бүт ыраазы!

Эли бузук болсо эгер, беги бузук,
Эки бузук бириксе — баары кыйшык.

Эл жакшыбы, анда эле бек да жакшы,
Бек жакшыбы — анда өлкө бакыт тапты!

* * *

Арадан күндөр, айлар, жылдар өттү,
Эл байып, аалам гүлдөп, жыргал жетти.

Туман тарап, дүйнөгө жарык келди,
Кынтык иштин баарысы тез түзөлдү,

Шүгүр — деди анда Элик теңирине,
Дуба кылды, алкоо сөз амирине.

## 76

## ӨТКҮРМҮШ ООРУП КАЛЫП АКДИЛМИШТИ ЧАКЫРТКАНЫ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Күндөрдүн бир түнүндө тынчтык тилеп,
Акдилмиш камынды эле жатайын деп.

Аңгыча дарбазадан уу-чуу укту,
Кызматчысын жумшады, билчи, чыкчы.

*Кызматчысынын Акдилмишке айткан жообу*

Кызматчы кайра келип: «Бирөө турат,
Кабар берем, киргиз деп талап кылат!»

*Акдилмиштин кызматчысына берген суроосу*

Дагы айтты: «Кайра барып сурап келчи,
Ким экен, кабары эмне, айтып берчи!»

*Кызматчынын чабарманга берген суроосу*

Кызматчы кайра чыгып суроо берди:
«Не деген кабарың бар айтчы деги?»

*Чабармандын кызматчыга айткан жообу*

Ал айтты: «Азыр келдим Өткүрмүштөн,
Тууганына саламын айтып кетем!»

*Кызматчысынын Акдилмишке айткан жообу*

Кызматчы кайра келип айтып кирди,
Тууганыңан шашылыш кабар келди.

*Акдилмиштин чабарманга берген суроосу*

Ал туруп, кирсин деген белги берди,
Ийилип, салам айтып кирип келди.

«Кайдан келдиң,— Акдилмиш сурады шар,—
Мага кандай шашылыш кабарың бар?»

*Чабармандын Акдилмишке айткан жообу*

«Келдим сага,— деди ал,— Өткүрмүштөн,
Суранып, сени ылдам келсин деген!

Ал жатат төшөгүндө, катуу кесел,
Кутманым, жетүү үчүн шашыла көр!»

*Акдилмиштин чабарманга*
*айткан жообу*

«Токто,— деди Акдилмиш,— кылчы сабыр,
Тамак ичкин, чыгабыз чогуу азыр.

*Чабармандын Акдилмишке*
*айткан жообу*

«Жок,— деди,— өтө катуу сыркоо агаң,
Тез барайын ал-жайы эң бир жаман.

Азыр эле аттанам, убакыт жок,
Артымдан келе бериң, турбай токтоп!»

* * *

Дарбазадан бурулду кайра артка,
Акдилмиш аң-таң болду, мындай шартка!

Үйгө кирди капалуу, муңга батып,
Кубанычы чачылды, кайгы басып.

Жатып көрсө уйкусу келбей койду,
Жай албай, жалгыз түнү жылдай болду.

Укташ үчүн кыйналат көзүн жумуп,
Уйку келбейт тап-такыр кычаш кылып.

Баш көтөрүп, олтурду төшөгүндө,
Таң жакындайт, шооласы көтөрүлө.

Гүлзардан булбул мукам сайрап ийди,
Көңүлүнө кооптук, түйшүк кирди.

* * *

Атка минип, шашылды ою айдап,
Бир боорун кучактады, өптү аймап.

Караса бир тууганы араң жатат,
Чепкенин жерге салып, жеңин жастап.

*Акдилмиштин Өткүрмүшкө*
*берген суроосу*

Ал сурады: «Не болгон кутман боорум,
Сени көрүп, мен өтө капа болдум!»

### *Өткүрмүштүн Акдилмишке айткан жообу*

«О боорум,— деп сүйлөдү,— аргам барбы,
Мен өлөм,— ажал мени чырмап алды.

Өлөрүмдө жүзүңдү көрсөм дедим,
Кокустан көрбөйм го деп кайгы жедим!»

### *Акдилмиштин Өткүрмүшкө айткан жообу*

О боорум,— деди Акдилмиш жооп кылып,—
Тирүү менен бир жүрөт оору, кырсык.

Жаман сөздү сүйлөбө, ооруйт көңүл,
Оору, кесел — биз кылган күнөө деп бил.

Көптү билген бир адам туура айткан,
Билим менен көңүлүн улайт адам:

«Кесел деген — биз кылган күнөө дечи,
Көрдүң беле күнөөсүз таза киши?

Кесел менен — күнөөлөр чыгып кетет,
Күнөө кетсе — сакаят адам өзү!»

Азбы, көпбү, ар адам күнөө кылат,
Күнөөсүз, сүттөй таза чанда чыгат!

Кесел кетет, сакайып айыгасың,
Даба болуп — күнөөдөн арыласың!

Сен неге жаман сөздү сүйлөп кирдиң,
Өлүм күтүп турганын кайдан билдиң?»

### *Өткүрмүштүн Акдилмишке айткан жообу*

«Айтайын,— деди Өткүрмүш, анын жөнүн,
Аят кылды теңирим, бир түш көрдүм.

Бул чындык уктап жатсам түшкө кирди,
Жакында өлүп тынам — болду белги.

Тагдырда жаман, жакшы боло калса,
Теңирим түшүндө айтат кулдарына!»

*Акдилмиштин Өткүрмүшкө*
*айткан жообу*

«Бул сөздү да,— деп айтты анда Акдилмиш,—
Айтып туруп чынында, болбогон иш!

Ар кеселден адамдар өлүшсө тез,
Тирүү адам арада калмак эмес.

Адамды оору-сыктоо кыйнай берет,
Оору эмес, өлүмдү да адам жеңет!

Уктаганда түш көрүү көнүмүш иш,
Жакшылыкка жорулат ар көргөн түш».

---

## 77

## АКДИЛМИШ ӨТКҮРМҮШКӨ ТҮШ ЖОРУУ ТУУРАСЫНДА АЙТАТ

«Илимде көп нерсени билүү керек,
Ошондо түш жорууну даана билет.

Илимде түш жоруунун жолу түркүн,
Кутманым баарын баамдап, жакшы билгин.

Түшүңдү билимсизге жорутпагын,
Кечиктирбей билгенге айткын дайым.

Кечээ көргөн түш болсо — жөнү башка,
Азыр көргөн түшүңдүн — шарты накта.

Көргөн түштүн — көп болот белгилери,
Билүү үчүн аларды, түшүн эми.

Көргөн түштү туш келди жоруй бербейт,
Көрүнгөнгө айтуу да — туура келбейт.

Кесир кылба, бул түш деп, ашык сүйлөп,
Түштүн дагы түшүнөр жолдору көп.

Жоруба өзүң түштү, же жорусаң,
Илим менен келтирип такта абдан.

Көргөн түшүң туш келет жоругандан,
Жорулбаган түш болсо — анда жаман.

Акылы деңиз адам айткан сөзү,
Билип алсаң — пайдасы тиет дечи:

«Түштү түшүн, ойлонуп бардык жагын,
Акыл менен айлантып анан тапкын!

Түштү кандай жорусаң ошол келет,
Жоруба жамандыкка, кетет бактың!»

Көрөсүң тамак-ашты кээде түштө,
Жаман болот арам аш түшкө кирсе,

Жыл маалынын кирсе эгер түркүн кези.
Дене-бойдо ширелер жүргөндүгү.

Жаш бала жазды көрсө уктаганда,
Же жерди гүлдөп турган эрте жазда.

Демек каны кеткен да ашып-ташып,
Койгон жакшы канынын жолун ачып.

Жигит көрсө түшүндө саратан жай,
Саргыч-кызгылт боектуу жерди аябай.

Анда өтү көбөйгөн денесинде,
Жолун таап, чыгарыш керек мүлдө.

Күздү көрсө түшүндө токтоо адам,
Саргайган жайыттарды ээн калган.

Демек, анын күр оту күчөп кеткен,
Дары менен азайтуу керек тезден.

А кары түштө көрсө ызгаар кышты,
Же карды, же күрткүнү, көпкөк муздуу.

Какырыгы каптаган көкүрөгүн,
Ысыкта, дары-дармек кошо бергин.

Кээде түшкө — туш келди нерсе кирет,
Аларды жорутпастан таштоо керек.

Жатканда, ойго батып уктаганда,
Ойгонсо түшүң түшпөйт эске кайра.

Түштөр бар шайтан өзү түртүп турар,
Аны көрсөң — суугa түш, жуунуп ал.

Түшүңдө өзүң тынбай иштеп жүрсөң.
Жорубагын максатка жетпейсиң сен.

Ажыратып жорууга түштү демек,
Мол акыл, жана терең билим керек.

Түш жоруган акылман айткан экен,
Түш жоруган акылдуу болгону жөн:

«Билбей туруп түшүңдү жоруй көрбө,
Жакшы жоруу, туш келет дешет элде.

Түшүңдө капалансаң, кубанасың,
Кубансаң — муң-капага түштүм мен де!»

Түш жоруунун көп болот айырмасы,
Кутманым, баарын толук билген жакшы.

Түшү башка элдердин карапайым,
А бектердин түшү да башка дайым.

Түшкө кирсе кубаныч, оюн, күлкү,
Сени күтөт кайгыруу аны билчи.

Ыйладыңбы түшүңдө, сен билип ал,
Кубаныч кучагыңа батпай калар.

Кээде болот, жакшы түш сен көрөсүң,
Жакшылыгы — сага эмес, бирөө үчүн.

Түштүн баарын адамга карап жоруйт,
Ийгилик көп болгондо, түш да чууруйт.

Кээде бир түш бирөөгө бийлик берет,
А башкага ал түштөн кырсык келет.

О боорум, мунун баарын билүү керек,
Ошондо жорулган түш маани берет.

Көргөн түшүң сен мага айтып берсең,
Билишимче жоруюн тууралап мен!»

---

## 78

## ӨТКҮРМҮШ АКДИЛМИШКЕ КАНДАЙ ТҮШ КӨРГӨНҮН АЙТЫП БЕРЕТ

Айтып кирди Өткүрмүш тактап сөзүн:
«Мен айтайын — сен аны туура түшүн.

Шаты көрдүм, тепкичи элүү экен,
Бийик болчу, жаңылбайм жазы десем.

Көтөрүлдүм шатыга чыктым тынбай,
Чокусуна бир нече тепкич бардай.

Чокусунан бир атчан суусун сунду,
Баарын ичтим, суусунум канып турду.

Андан соң көтөрүлүп көккө жеттим,
Дайным чыкпай асманга сиңип кеттим!»

---

## 79

## АКДИЛМИШ ӨТКҮРМҮШТҮН ТҮШҮН КАНДАЙЧА ЖОРУУ КЕРЕКТИГИН АЙТАТ

Жооп берди Акдилмиш: «Ушул түшүң,
Эң сонун, жолдуу экен өзүң үчүн!

Кандайча жаман ойго дитиң барды,
Жоруш керек түшүңдү кайра жаңы!

Учкандыгың көкөлөп — атак делет,
Бийик учсаң, атагың бийик келет.

Бийик учсаң — болосуң дөөлөткө бай,
Атак даңкың артылат нечен курдай,

Шаты бийик — а сенин бактың бийик,
Айтылар улуулугуң, элиң сүйүп,

Бул тууралуу айтылган нак сөз ушу,
Түштүн сырын жакшы айткан түш жоручу:

«Шаты көрсө түшүңдө — урмат, атак,
Ар тепкичи урматка жакындатат!

Канчалык бийик чыкса, абийири артып,
Бакыт да, байлык жана урмат табат!»

Идиштен колго алып — сууну ичсең,
Өмүрүң сенин узун болот экен.

Көкөлөп көккө сиңип учуп кетсең,
Теңирим бар тилегиң берет экен!»

---

## 80

## ӨТКҮРМҮШ ОШОЛ ЭЛЕ ТҮШТҮН БАШКАЧА ЖОРУЛУШУН АЙТАТ

Айтты Өткүрмүш: — Белгиси бар — Түшүмдүн,
Жорулушу андай эмес, түшүнгүн.

Ушуну сен түшүңдө көргөн болсоң,
Сен айткандай бардыгы жорулмак оң.

Сен көздөйсүң жыргалын бу дүйнөнүн,
Бүткүл оюң, максатың ошол сенин.

Мен болсом күнүмдүктөн кеткем мүлдө,
Мында турам, машакат, көр түйшүктө.

Жорубадың түшүмдү толук мага,
Угуп ал мен жоруюн эми сага!

Бийик келген шатыны — көргөндүгүм,
Ал менин сүрүп келген өмүр-күнүм.

Чыккандыгым шатынын кылда учуна,
Өмүр-жолдун түгөнүп, бүткөнү да.

Эң башынан жолуккан жалгыз атчан,
Анда алып сунулган сууну жуткам.

Мына ошол, бийиктеги атчан өзү,
Жетим кылар, атасыз белги дечи.

Ал бузуп жаралганды талкан кылат,
Тирүүлөрдүн өмүрүн кыйып турат!

Идиштеги сууну бүт ичкенимди,
Өмүр дедиң эң узун мага келчү.

Сен айткандай суу деген өмүр болот,
Жармын ичип, жарымы калса толот.

Жарымын ичкен болсом ошол суунун,
Калмак дечи алдыда жарты өмүрүм.

Толук ичтим мен сууну идиштеги,
Эсен-соо өмүр сүргүн өзүң эми.

Билимдүү, эстүү айткан сөздү тыңда,
Чындык бар түшүндүрөр баарын мында:

«Сен ичсең идиштеги суунун жармын,
Жарты өмүрүң алдыда калганы чын.

А эгер баарын ичсең — жаман аның,
Жол бүттү, көр түбүнө түшөт жаның!»

Түшүмдө өзүм бийик учуп чыктым,
Дайынсыз көк асманга түпсүз життим.

Ал учкан жан, бийиктеп денден кетип,
Кайтып келбес жайына кеткени өтүп.

Кудай мага түшүмдө белги берди,
Өлүмүңө даяр бол, баатыр деди!

Көргөн түштүн мааниси мына ушундай,
Башкача эмес аны сен жоругандай!

Жооткотуп көтөрдүң көңүлүмдү,
Куба албайсың туш келген өлүмүмдү.

Карап көрчү, о кутман, өлүм жойпу,
Канча жерди дөбөлөп казып койду!

Канча сарай, ордону, шаарларды,
Өлүм бузуп, уранды орду калды.

Канча баатыр тайманбас өкүмдарды,
Өлүм койбой, өкүртүп көргө салды.

Канча байлык, чогулган дүнүйөнү,
Өлүм чачып, табылгыс жерге көмдү!

Таң калба, туулган соң — өлүм да бар,
Тирүүлөрдүн бардыгын ажал алар.

Таң калгын, аны унуткан адамдарга,
Өлөм дебей, жаман сөз айткан жанга!

Ар бир адам түшүнөт өлөр маалын,
Чырмаган уйкусуна жетпейт алың!

Өлүм ак, кутулууга чама жок да,
Өлгөндөн соң не болом — аны айтпа!

Бар тилегим, эми ушул ойлогонум,
Теңирим, о дүйнөдө сунсун колун!

Болгонго топук кылып күн өткөрдүм,
Күнүм бүттү, алдыда жакын түнүм!

Билбедим ич тардыкты, байлыгым жок,
Жол бербедим напсиме айрымга окшоп.

Өз жүгүмдү бүгүнчө тартып келдим,
Тиледим эми анын жеңилдешин.

Не дегенин угуп ал насаатчы адам.
Кеңешин бүт берүүдөн тартынбаган:

«Азайтууну күнөөңдү көздөп күн-түн,
Басар жолуң ичке кыл, байкап билгин.

Бүгүнкүнү бүтүрүп эртеңди ойлон,
Күнүмдүктү көздөбөй туура жүргүн!»

Дагы айтты; угуп ал боорум өзүң,
Мен өлөрмүн, артымдан сен келесиң.

Сага айттым, кыттай ойду көңүлдөгү,
Мен өлгөн соң унутпай жүргүн эми!

Тирүү кезде таянчың болдум өзүм,
Өзүм өлсөм, калсынчы насаат сөзүм!»

---

## 81

## ӨТКҮРМҮШТҮН АКДИЛМИШКЕ КАЛТЫРГАН КЕРЭЭЗИ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

«Туура жолдон адашпа, кутман боорум,
Өмүрүңдү болбоско коротпогун.

Түз болуп, ак жолуңдан адашпагын,
Кудай десең максатты сен табасың.

Тирүүлөрдүн баарына боорукер бол,
Сөздө, иште ак болуп, түзөгүн жол.

Кыйшайбастан өтөй бер милдетиңди,
Токтоо болуп, кармай бил сен өзүңдү.

Өлүмдү эстеп, даяр бол ага өзүң,
А өзүңдө төп болсун токтоо сезим.

Ач көз болуп дүйнөгө көзүңдү артпа,
Дүйнө калар, үмүтүң тийип ташка.

Өз энчиңди көтөрүп кудай дегин,
Камын көргүн өлгөнчө тууган элдин.

Түз сүйлөп, чынчыл болгун, мээрим чачып,
Жалганчыны эл сүйбөйт алысташып.

Ачык жүз, жылуу сөздүү, мээримдүү бол,
Ошондо тагдыр берер бакытты мол!

Жөнөкөй бол, пейлиңди көнен карма,
Айбын ачпа бирөөнүн эл алдында.

Напсиңди тыя бил да, ачууну бас,
Өзүңдү бузук жолдон алыстат, кач.

Өзүң эмес, элиңдин камын көргүн,
Бирөө эмес, сен өзүң иштеп көңгүн.

Байлыкты, көп буюмду жыя бербе,
Кутманым, кубандырып бергин элге.

Жакшы адам күйүмдүү, белдүү келет,
Бирөө үчүн аянбай жанын берет.

Бул тууралуу белгилүү адам айткан,
Билими, акылы да толук абдан:

«Элге пайда тийгизген — жоомарт киши,
Боорукер, жалпы элге — улук өзү.

Адамдыктын белгиси эки нерсе:
Боорукердик, жоомарттык — ушул экөө.

Бул экөөнөн чынында акыл артык,
Акыл жолу адамга берет бакыт.

Жоомартбы, эл оозунан мактоо алган?
Жакыны үчүн жардамга даяр турган!

Жоомарттык — эмес күмүш таратууда,
Аябоо канын-жанын марттык мына!

Колу ачык, жоомарт болсо бардык жанга,
Эл дагы сыйын кылат ага анда.

Эки нерсе — улуулук мисал алсак,
Бири байлык, а бири алда максат.

Бул экөөнү тең кармап миң жашагын,
Өлүм келсе — таштайсың анан баарын.

Бек бийлиги куралат эл ишинен,
Бекемдиги тизгинден — үзөнгүдөн!

Бирок элден бак-дөөлөт чанда табат,
Тапкан кезде — бек өзү карып калат!»

Күнүмдүксүң, даңкың да убактылуу,
Ажал келсе айтылбай калат баары.

Көчмөн адам өзүнө ордо курбайт,
Жолоочу айлап, жылдап жолдо турбайт.

О боорум, сен да билгин, күнүң бүтөт,
Ашык күлбөй, абайлап жүргөнүң эп.

Бу дүйнө өтүп кетет, жолу менен,
Өлөрсүң, а мөөнөтүн билбейсиң сен.

Тырмагынан ажалдын ким кутулат,
Бейпил жүрүп, акыры ал тутулат.

Бул дүйнө — жеген ашың, кол сунгандар,
Санап көрчү, санагың жетпей калар!

Напсиңди тый, берилбе кумарыңа,
Алыс болуп ушактан, сөз чыгарба.

Жакшы адамдын калтырган насаатын ук,
Кабыл туткан ар дайым билбейт кырсык:

«Эңсегенин ээрчиген — жыргал табат,
Жыргал арты кууралга алып барат.

Ширинге — ачуу, балга — уу боло келген,
Көтөрүлгөн — жыгылат, учкан кулайт!»

Кыз кыялдуу бул дүйнө туругу жок,
Кармалбагын, кутманым, туткун окшоп!

Сендейлердин далайын тузактаган,
Далай бекти билгизбей жалмап тынган!

Артыңдан колун созуп калган чыгар,
Осол болбой, кутманым, көңүлгө ал!

Алганыңды тим койбой тартып алат,
Тапканыңды калтырбай чачып салат.

Канча күлсөң, ошончо салат ыйга,
Эмне курсаң талкалап бузат кайра.

Бузук кылык, бир дагы иш кылбайт оң,
Ачык күйбөйт, а бирок түтүнү чоң!

Көркү менен көзүңдү алдап алат,
Жакындасаң — бутуңа кишен салат,

Аселине азгырып, уу ичирет,
Бакыт деген алдамчы жүз миң ирет!

Акылдуунун асылы айткан кеп бул,
Дөөлөттүүм, аны тыңшап тыянак кыл:

«Бул дүйнөгө берилип боюңду урба,
Кармаласың каарына өзүң анда!»

Жакшы айтыптыр бул ойду эстүү адам,
Көптү билген, билимдүү, акылман жан:

«Келчү, кетчү дүйнөгө алданбагын,
Кошоматчы, ойт берме кылыгы анын.

Көлөкөдөй ойлосоң дөөлөт, багың,
Таңдан кечке бир жерде турбайт аның!»

О кутман, билим, ою кенен дайра,
Динге ишенгин, бүгүндү көңүлгө алба.

Жыргалыңа ишенбе, байлыктан кач,
Кудай деп, теңириме көөнүңдү ач.

Бакыт сенин башыңды айлантпасын,
Ойгонсоң — нөшөр болуп агар жашың.

Угуп ал айткан оюн өкүм бектин,
Ар дайым ойлоп айткан ар бир сөзүн:

«Дөөлөтүнө эсирген маска тете,
Көргө түшсө көз жашын төгөр нече.

Бийлигине эсирип аксымданган,
Жер алдында азабын тартар абдан.

Эсирген байлык, бакыт, жаштыгына,
Аракечтен ал жаман алда канча.

Ичимдикке мас болгон жатып алат,
Уктап турса, мастыгы тарап калат.

Дөөлөтүнө мас болгон оңго баспайт,
Өлгөнүнчө уйкудан көзүн ачпайт!»

Сен кулсуңбу — бектерге теңелбегин,
Кулдугуң кыл, каргаша чакырба өзүң.

Тирүүлүк көрөр күнүң узак эмес,
Улуулук түбөлүктүү мансап эмес.

Миң жылдар жашасаң да өлүмүң ак,
Улап жүргөн жибиң да үзүлөт бат!

Ылайыктуу ушуга жакшы сөз бар,
Кабак түйбөй, көңүлгө бек түйүп ал:

«Бардык жыргал, байлыкты алсаң дагын,
Өлбөстүн мүрөк суусун татсаң баарын.

Созгон колуң асманга жетсе дагы,
Төбөң көккө тийсе да, жерде жайың!»

Ак көңүлдөн айтылды сөзүм сага,
Жашырам сенден нени, айтчы мага!

Бул дүйнөдө байлыгын кимдер сүйбөйт,
Жыргал, сүйүү отуна кимдер күйбөйт!

Бирок сен напсиңди тый, өзүмдү айтсам,
Жапкамын дарбазасын алда качан!

Шум дүйнө кудай атын унут кылат,
Жалпы элди жакшы жолдон бузуп тынат.

Ошондуктан эстүүлөр качат, безип,
Жүрүшөт туругу жок, дүйнө кезип.

Үңкүрдү жай кылышат каңгырашып,
Чөп-чар жеп, жамгыр суусун ичет ташып.

Кайсы бири чөлдөрдө сандалышат,
Кайгы чегип, кудайлап күйүп-бышат.

Да бири шөмтүрөшүп, бүкүрөйүп,
Жер кезет, кайыр сурап, жашын төгүп.

Кай бири ач болсо да даам татпайт,
Кай бири — эс алышпайт, такыр жатпайт.

Көзү ачылган кишилер мына ушинтет,
Биз жүрөбүз бей капар, уйку тепсеп.

О боорум, күнүмдүктөн алыстап жүр,
Бул дүйнө бүт — сеники, башы — сен бил!

Напси менен пейилиңди тыйгын бекем,
Адамдын зор белгиси ушул экен.

Бул экөө алпты дагы алсыз кылат,
Колго түшсөң, кор кылып мойсоп тынат.

Көр оозунда жатамын, колуң берчи,
Барар жолуң ушул да, камың көрчү!

Наадандарга жолобо, боорукер бол,
Эки дүйнө эзилип жүрчү ошол.

Көңүлү басмырт жандын айткан сөзү,
Өлүмгө даяр туткан өзүн-өзү:

«О, баатыр, наадандарга катаал болгун,
Жаман болбо — жамандык — уу деп койгун.

Өкүмдарсың, эл башчысы, элдин шамы,
Өлүм келсе бузулаар жашоо тамы!

Сен дагы «мен-мен» деген мактанчаагым,
Даяр бол көрдү карай учар жаның!

Эй, ач көз, дүнүйөгө кул болгондор,
Ойлогун, өлүм турат сундуруп кол!»

О боорум, кайгы менен өлүп барам,
Эки нерсе жүрөктү эзет жаман.

Биринчи кудайымдын кулу өлмөк,
Экинчи — теңир үчүн кылбайм эмгек.

Бүгүн, эртең көз жумуп кете берсем,
Дуба кылып өзүмө жүрсөң экен.

О, боорум дуба кылсаң мени эсте,
Арт жагымдан келерсиң жолуң бүтсө.

Мынакей көрдүң менин абалымды,
Бул — сабак, камдай жүргүн ылаажыңды!

Ажал келди, кайгыда өтүп барам,
Алыс эмес, даяр бол сен да аган.

Ажырармын өзүңдөн кайгы түнөп,
Көрүшөбүз кай жерден, теңир билет!

Өлөрүндө бир адам айткан экен,
Койгулап жерге башын бекем-бекем:

«Өлүп барам кайгыда, көзүм соолуп,
Жыргалым, кууралым да бирдей болуп.

Өлгөндөн соң жол жатат, эки башка,
Кайда алпарат, билалбайм башым ооруп?»

«О боорум,— деп айтты ал,— ыйлабагын,
Мен үчүн өз жаныңды кыйнабагын.

Боздой бербе, жаш төгүп, кайгырба да,
Ойлонуп, дуба кылгын кайра-кайра.

Ыйлай бербе, токтоо болуп эсти жый,
Бул кудайдын кылган иши, сөздү тый!

Камын эми, кайра айланып үйгө бар,
Көп кайгырып, көңүлүңдү кылба тар.

Керектүү сөздөрүмдү айтып бердим,
Көңүл түзүм, унутпай жүрө көргүн!

Эликке менден салам айта баргын,
А балким, акыркысы болор аным!»

*Акдилмиштин Өткүрмүшкө
айткан жообу*

Акдилмиш боору ооруп айткан экен:
«Сени мен кантип жалгыз таштап кетем?

Кеселиң күч, жатасың өзүң жалгыз,
Кандай күндө каласың жалгыз байкуш?»

*Өткүрмүштүн Акдилмишке
айткан жообу*

«Кете бергин — деп айтты ага Өткүрмүш,—
Мен үчүн кам жебегин, болбогон иш?

Кудайымдын аты эле — мага жолдош,
Теңирим жалгыз мени таштап койбос.

Кудай кимди кам көрүп, эсине алса,
Кур койбой, бар жардамын берет ага.

Жакшы айтыптыр түз сүйлөп көнгөн адам,
Көптү көрүп, көп билип жаңылбаган:

«Кудай кимден жардамын аябаса,
Эки дүйнө бак-таалай берет ага.

Кимге кудай мээримин төгүп койсо,
Эки дүйнө оң жолдуу болот ошо.

Эгер кимден теңирим бурса жүзүн,
Ач бөрү, жолбун ит да көрөр күнүң!»

О боорум, токтотолу эми сөздү,
Жөнө эми, коштошолу аарчы көздү!»

* * *

Акдилмиш кучактады Өткүрмүштү,
Өпкүлөп, боздоп ыйлап, жашын төктү.

Шолоктоп, баш көтөрбөй чыгып кетти,
Атын токуп, үйүнө бурду бетти.

Аттан түшүп үйүнө кирди ойлуу,
Кайгы мыкчып жүрөгүн, тынбай койду.

Адам деген канчалык муңдуу келет,
Кубанчы аз, кайгыны чексиз көрөт.

Тилеги ишке ашса, ойноп-күлөр,
Кайгы келсе — чыдабай ыйлап ийер.

Сүйгөнүнө жеткендер шайыр-шатман,
Ажырашуу туш болот кайгы баскан.

Кубантса аны бирде жолугушуу,
Чөгөрүп, ыйга салат ажырашуу.

Ажырашып кеткендей азап барбы?
Деңизден тереӊ болот анда кайгы.

Тирүүлөр ажырашса — жолугушар,
Кайрадан көрүшүүнүн жолдору бар.

Баарынан эң катаалы — өлүм болот,
Өлүм алса, канткенде орду толот.

Ажырашуу же кыска, узак келет,
Өлүм болсо — түбөлүк айрып, бөлөт!

Окуп ал бул тууралуу чыккан ырды,
Саптарында маани көп каткан сырды:

«Шум ажал — бөлүнүүнүн эң катаалы,
Ажырашсаң жашыңды төккүн дагы.

Тирүү менен бөлүнсөң үмүт калат,
Өлгөн менен жолукпайт — күтпө аны!»

* * *

Акдилмиш эс алган соң тамактанып,
Намазын окуп кирди тура калып.

Күн жашырды маанайын жер артына,
Күүгүмдөнүп асман да калды мына.

Төшөгүнө кыйшайды. Уйку келбейт,
Көз ирмелбейт, санааны кайгы термейт.

Буркурап жашын төгүп чыкты сыртка,
Капкараңгы, көмүрдөй бүт айлана.

Кайра кирип үйүнө жамбаштады,
Толгонуп, кайгы-санаа басты аны.

Рум кызы жашырды аппак жүзүн,
Караңгыда мелтирейт аалам бүтүн.

Уйку келбей карасаң кең асманды,
Үркөр жылдыз капталга оогон жаңы.

Көпкө турду асманга көз жиберип,
Айлана түн, караңгы, аалам өлүк.

Кыйшайып көз ирмеди, чочуп кайра,
Көз жиберди мелтиреп кең асманга.

Чыгыш жактан кара куш учуп чыгып,
Өрттүү отун бийиктен чачты туруп.

Жетиген көтөрүптүр башын бийик,
Тайган жылдыз шылкыят мойнун ийип.

Жол төшөптүр Эгиздер жерди карай,
Күн шооласы чачылды жерге тарай.

Ал туруп жүзүн чайды, Кийип бачым,
Намаз окуп, өтөдү ак кызматын.

Дүйнө жүзү алтындын өңүн алды,
Жердин бети кызарып нурга жанды.

Кийинди да, атына минип алып,
Дароо эле ордого жетти барып.

Ал чапкылап ордого жетер менен,
Чакырып Элик өзү — кирсин деген.

Акдилмиш кирер замат, Элик көрдү,
Кайгы басып, чүнчүткөн купкуу өңдүү.

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

Элик сурайт: «Кутманым, алың кандай?
Көрүп турам, кебетең сыркоо жандай.

Кандай кайгы башыңа түштү бүгүн,
Кабагыңдан көрөмүн кайгы жүгүн.

Кызыл бетиң кубарып каны качкан,
Кандай тагдыр бозортту, ошону айтсаң?

Бул жашоодо бакыттан кур эмессиң,
Атакка, дөөлөткө да өзүң ээсиң.

Тагдыр сенден бурулуп качкан эмес,
Ай, Күнүң дайым ачык, бүркөлбөй эч.

Сени көрүп кабакты түйгөн жокмун,
Сени эч качан жактырбай жүргөн жокмун.

Ким сени кайгы менен муңга салды,
Эмне болду?— мага айтар жообуң барбы?

Бул кандайча кайгылуу көрүнүшүң,
Билгим келет, шылкыйдың эмне үчүн?

Эгер сен кайгы, муңга батып турсаң,
Кубанып, көңүл ачам өзүм кайдан?»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

Жооп кылып Акдилмиш айтты баарын,
Бир тууганы начарлап, ооруганын.

Кандай барып ал жерге көрүшкөнүн,
Кесел жандын багыштап айткан кебин.

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

Көңүлү ооруп Эликтин, жашын төктү,
«Аттиң,— дейт,— кыйналган го эстүү киши!

Теңир колдоп, сактасын анын жанын,
Кубат кирип денине тепсин канын!

Жана сурайт: — Ахвалы анын кандай?
Кантип кеттиң ал жерден, калып калбай?

Ким карап, ким кеселдин камын көрөт?
Жалгыз кантип оору жан жата берет?

Неге өзүң калган жоксуң кесел менен,
Калтырдың аны кимге ишенип сен?»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

Акдилмиш жооп берди: «Пейли кенен,
Ушул сөздү мен ага айткан элем.

Айткан сөздү ал угуп ынабады,
Көп айтып көндүрө албай койдум аны!»

*Эликтин Акдилмишке*
*айткан жообу*

Элик айтты: «Бир кудай болсун жөлөк,
Дабаа жок сакайышка андан бөлөк.

Акылы, көңүлү да теңир менен,
Кудайым кур калтырбас эч нерседен.

Баарынан кечип кеткен кулдун өзү,
Кудай деген пейли үчүн күчтүү дечи.

Теңир сактап, кырсыктан жардам берет,
Атагы артып, тилеги кабыл келет.

Сөздү ук бул тууралуу жакшы айтылган,
Көңүлгө түй, жакшылык келет саган:

«Жаратканга жалынып, көргүн камың,
Көңүлдө, сөздө ага жакындагын.

Ошондо кудай берет тилегиңди,
Шайтандабай — кудайга арна баарын!»

Түшүнгүнүң — дейт Элик,— Акдилмишим,
Азап чегип өзүңдү кыйнаба өзүң?

Ал адам — мыкты адам эл мактаган,
Өлсө да кудай жөлөк болот аган.

Бизди да эртең күтөт ошол тагдыр,
Не иш кылдык, айтарга жооп бардыр!?

Биздин жаштык акылсыз бошко кетти,
Көңүл, ойлор биздеги — кеңкелестүү.

Өткөн өмүр көргөн түштөй, жок эми,
Кандай өттү? Бир өзүңдө себеби!

Калган күндөр талаага кетпесе экен,
Көр напсиге кул болуп өтпөсө экен!

Качсаң дагы, баары бир өлүм табат,
Кайгыртып, муңга салып өчүн алат.

Мындан ары ишиңди туура иште,
Элиңди, кулдарыңды жолго түздө.

Мени сактап осолдон ачык болгун,
Теңир сага туш кылсын ыйык жолун!

Түшүнчү, жакшы адамдын айткан сөзүн,
Адамзатты ардактап сүйгөн кишиң:

«Жакшылыкка жакшылык кыла келген,
Карачы, кудайымдын жолу кенен.

Зулум болсоң, зыян да бир өзүңө,
Жаман ишке-жамандык — жооп бирөө!

А өзүң жаман ишке жакын болсоң,
Иштей бер — боздогон ый табар олжоң!»

### *Акдилмиштин Эликке айткан жообу*

«Кутман Элик, эгер сен,— дейт Акдилмиш,—
Мындан ары ишенип тапшырсаң иш.

Элиңе дөөлөт берер бекийт заңың,
Бийликте, кудай колдоп жыргар жаның.

Жыргалы үчүн дайыма өкүмдардын,
Дене, жанды берүүгө мен даярмын!

Адам мыкты артында даңкы менен,
Кудайым жакшы атагын сактаса экен!

Көз ирмемде ажалың турат даяр,
Алдырба капарың жок, болор залал!

Акылмандын сөзү бар таамай айткан,
Ал сөздөн асыл чындык, маани тапкам:

«Көрүнбөс ажал сунат ач тырмагын,
Көз артат адамдарга дайым аның.

Жаман да, жакшы дагы — көргө кирет,
Күнүң бүтсө, кармалбай учат жаның!»

*Эликтин Акдилмишке*
*айткан жообу*

Элик айтты: «Жүрөйүн кудайым деп,
Бийлик, тартип сактоого болсун көмөк».

Ушу менен токтотту сөзүн Элик,
А, Акдилмиш шарт турду жөнөй берип.

Арадан дагы өттү бир нече күн,
Акдилмиш алып жүрдү кайгы жүгүн.

Боорун эстеп муң менен баш көтөрбөйт,
Бүкчөйүп, өңү куп-куу азабын жейт,

Чыдабады көтөргөн кайгысына,
Кайрадан барсам деди бир бооруна.

Ордого, кайгы басып кайра келди,
Чакырды Элик өзү, анда кирди.

*Акдилмиштин Эликке*
*берген суроосу*

Ал сурады Эликтен: «Болсо уруксат,
Бир боорума барсам дейм кайрадан бат.

Көрөйүн, кесел жаны не болду экен,
Тирүүбү, кырсыктан тыш эсен бекен?»

*Эликтин Акдилмишке*
*айткан жообу*

«Бул сөзүң,— дейт өкүмдар,— абдан туура,
Жанында бол, туугандык — милдетиң да.

Жөнө эми, мени дагы сурады де,
Көмөк бол ооруганда, ою сенде».

* * *

«Макул!» — деди Акдилмиш, сөзү бүттү,
Эс алууга үйүнө келип түштү.

Жол алдында тамактан ичип-жеди,
Жөнөдү бир бооруна, сыздап көөнү.

Жарым жолду кыйналып жөө басты,
Жетип келип акырын эшик какты.

## 82

## ӨТКҮРМҮШТҮН ШАКИРТИ АКДИЛМИШКЕ ӨТКҮРМҮШТҮН ӨЛҮМҮН УГУЗАТ

Эшик ачты келгенге шакирт — адам,
Учурашып, жаш төктү өзү анан.

«О, боорум,— деген сөздү араң айтты,—
Кудайым сага берсин күч-кубатты.

Эсен-соо, бейпилдикте көп жашагын,
А бизди таштап кетти бир тууганың.

Ыйлаба, кайгыга бек болуу керек,
Тирүүлөрдүн баарына — өлүм келет.

Төрөлгөн соң өлүм бар, ажал табар,
Мейли бек, мейли кул бол, же пайгамбар.

Баарыбызды шум өлүм күтүп турат,
Тырмагынан ажалдын ким кутулат!»

* * *

Кабарды угуп Акдилмиш боздоп ийди,
Бир боорунан айрылып оттой күйдү.

## 83

## ӨТКҮРМҮШТҮН ШАКИРТИ АКДИЛМИШКЕ КАНТИП КӨҢҮЛ АЙТКАНЫ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

«Кайгырбачы,— деп айтты шакирт адам,
Буйругуна кудайдын жок да дабаң.

Күнү бүтсө ар кимге келет өлүм,
Ал өлдү, суу түгөнсө сен да өлөсүң.

Эмне пайда жаш төгүп ыйлаганда?
Тирилип албайт беле баары анда.

Тирүүлөргө өмүрдү теңир берет,
Кези келсе кайра алып коет, демек!

Алганын ошол бойдон кайрып бербейт,
Сағабы же магабы — өлүм бир дейт!

Мүрзөсүнө бооруңдун барып кеткин,
Маркумга эч болбосо дубаң жетсин!»

## 84

## АКДИЛМИШ ӨТКҮРМҮШТҮН ӨЛҮМҮНӨ КАЙГЫРЫШЫ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Боорунун мүрзөсүнө кулап түштү,
Кара жерди кучактап жашын төктү.

«О, боорум, кайгырганым көрсөң боло,
Бир карайын козголуп келсең боло!

Жүзүңдү бир көрсөм деп дагы келсем,
Жер астына жашынып кетипсиң сен!

Бир боорум кайгы басты, кантип эми,
Күн көрөм? Өзүм жалгыз, көрбөй сени?

Түшүмбү же болбосо өңүмдөбү?
Сыйпалап таппай турам — эми сени!»

## 85

## ЭЛИКТИН АКДИЛМИШКЕ КӨҢҮЛ АЙТКАНЫ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

Кабарды угуп сарайдан келди Элик,
Көңүл айтып, жубатты демди берип.

«Көзүңдү аччы, Акдилмиш,— деди Элик,—
Куран оку — өлгөндүн камын көрүп.

Жалгасын бир кудайым, Өткүрмүштүн,
Кылган күнөө — кылмышы болсо кечсин!

Бул кайгыңа теңирим болсун жөлөк,
Кудай дегин, өзүңө күнөө келет.

Эшик жабык, үстүңө кирген жан жок,
Качыпсың элден-журттан кеп, сөздөн жок.

Жарашпайт, бул кылыгың сендей жанга,
Акыл токтот, ыйлоодон болбойт арга.

Зордогон бирөө барбы айтчы мага,
Капа кылды ким сени, ачык айт да.

Кудайдын буйругу да — жашырды жер,
Бооруң кетти, эми өз камыңды көр!

Буркурап ыйлагандан пайда барбы?
Кой эми, андан алар энчиң кайсы!

Турган — кулайт, төрөлгөн акыры өлөт,
Жүргөн тынат, берген алат, боло берет.

Бир бооруңдун өлүмү сага сабак,
Сабыр кыл, сабырдуулар жыргал табат,

Өлүк көрүп, узаткан тирүү жандар,
Өлүм жайын баамдап сабак алар!

Кулак сал айтат имиш өлгөн адам:
«Мен өлдүм, ушул энчи келет саган!»

Бул тууралуу ырды оку, ою терең,
Акыл менен маанисин туйсаң экен:

«Сенден мурун өлгөндөр миң-сан чыгат,
«Мына, мени кара» деп сабак кылат.

Биз өткөрдүк өмүрдү ойноп-күлүп,
Биз өлдүк — сени кезек күтүп турат!»

Элик сурайт: «Өткүрмүш кантип өлдү?
Билгениңди сен мага айтып берчи!»

*Акдилмиштин Эликке
айткан жообу*

Эликке айтты көргөнүн, билгендерин,
Өлөрүндө калтырган насаат кебин.

Кумурасын, таягын алып келип,
Эликке эстеликке сунду берип.

«Мына ушу — деди ал,— калтырганы,
Эч нерсеси жок болчу башка дагы.

Калтырды Элик сага мунун бирин,
Жакшы болсун бүгүнкүң, келер күнүң!»

*Эликтин Акдилмишке*
*айткан жообу*

Элик алды таягын: «Ушуну алам,
Бакыт берсин өмүрдө таяк маган.

Кумураны сен алгын, бооруңду эсте,
Колго карма кайгырып турган кезде!»

Акдилмиш кумураны алып өптү,
Токтото албай кайгысын, жашын төктү.

«Ойлоп көрсөк,— дейт Элик,— эң бир терең,
Экөөбүзгө бул белек — насаат экен!

Күнүмдүккө алданбай так жашады,
Айтылып кала берди жакшы атагы.

Угуп ал жакшы адамдын айткан сөзүн,
Так аткарган ойлонуп бардык ишин:

«Байлыкты көп чогултсаң, артып калбайт,
Аз болсо, жетишинче улап жалгайт.

Бир кубанчка дүйнөдө миң кайгы бар,
Ар бир адам өз жүгүн тартып барар.

Өлгөндөн соң байлыктан пайда барбы?
Өзүң эмес, баарысы жатка калды!»

Бир бооруң күнүмдүктү көздөбөдү,
Тытык кийип, ылгабай арпа жеди.

Эл катары жашады өмүр сүрүп,
Байлык жыйбай, өткөрдү жайдак жүрүп!

Күнү-түнү сыйынды, милдет өтөп,
Өзүн кыйнап, эл жүгүн жеңилдетет.

Ишин өтөп, ал өзүн сактай алды,
Биз болсок тузактабыз, кыйнап жанды!»

* * *

Миңдеген кеңеш берди Элик дагы,
Жүрөгүндө түшүнүп айтты аны.

Кайрылып ордосуна кайта келди,
Кайгы жүгү оордоп кыйнай берди,

Акдилмиш да көп күнү аза күттү,
Кайгы азайып, жеңилдеп сергий түштү.

Кайгы кетип, кайрадан ишин кылды,
Ичип, жеп, ойноп-күлдү, көңүл тынды.

Эң жакшы айткан экен эл баштаар эр,
Башкарып билим менен журтту күтөр:

«Канчалык кайгы-азапты тартсаң дагы,
Алмаштырат күлкү-шат кайра аны.

Кылымдардан кылымга өтүп келет,
Жаман, жакшы баарына — мезгил дары!»

Акдилмиштин кургады аккан жашы,
Кайрадан милдет — ишин өтөйт жакшы.

Жанталашып, аябай бардык күчүн,
Күнү-түнү тынбастан кылды ишин.

*Эликтин Акдилмишке*
*берген суроосу*

Бир жолу Акдилмишти чакыртты Элик:
Түшүндүр дейт иш жөнүн айтып берип:

«Айтып бер, элдин кандай акыбалы?
Кандай күн, кандай алда жатат баары?

Кулак да, көз да сенсиң өзүм үчүн,
Дарбазасын ача бер бардык иштин.

Узак болду кайгырып күткөн азаң,
Ишиң кандай, кириштиң кайра качан?»

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

«О, бек,— деди Акдилмиш,— элиң жашап,
Тилегиңди тилешип жакшы жатат.

. . . . . . . . . . . . . . . . . .

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

. . . . . . . . . . . . . . . . . .

Соргок, ушак, ач көздүк жана бузук,
Жакшы иштерди чиритет такыр бузуп.

Ким ачкөздүк, ушактан болсо алыс,
Жаман ишке жолобой, ошол калыс.

Ким напсисин тыя алса бекем болуп,
Ачуусун токтото алса камап коюп,

Ошол адам акылдуу, билимдүү да,
Даанышмандык эң жакын болот ага.

Акылдуунун айтканы конуп турат,
Адилет, чынчыл, жоомарт болуп турат.

Жаман иштен андайлар алыс болот,
Жамандыкка эч качан койбойт жолоп!

*Эликтин Акдилмишке*
*айткан жообу*

Элик айтты: «Адилет сүйлөп сөздү,
Өзүң да, сөзүң дагы сенин эптүү!

. . . . . . . . . . . . . . . . . .

*Акдилмиштин Эликке*
*айткан жообу*

Күнөкөр адамзаттын дене, бою,
Эң керек аны эрк менен тыйып коюу.

Адам канча денесин ардактаса,
Ошончолук ал өзүн кыйнайт тура.

Ак жүрөк адам айткан сөздү тыңша,
Денең үчүн дарыдай сөздөр мына:

«Сен кимге жумшак болсоң, күткүн залал,
Күн сайын кырсык күчөп басат алар.

Сен кимди эркелетсең, ошондон корк,
Далай жолу ыйлатып отко салар!»

Үч нерседе семиздик зыян экен:
Семиз куш, семиз тайган, семиз денең.

Үчөөнү таптоо үчүн тыкат карма,
Ашык кетсе артылат залал анда.

Табында жок куш менен — аң алабы?
Семиз тайган — кийикке тиш салабы?

Семиз дене төө сымал очорулуп,
Качкан олжоң карматпайт колдон чыгып.

Тапталбаса салган куш колуң толбойт,
Семиз болсо тайганың олжо болбойт.

А өзүң козголо албас төөдөй болсоң,
Азап менен тозок да тапкан олжоң!

Ток жүрүшөт колунда жок жакырлар,
Барына азыр — байдан артык асылдар.

Тое жеп, денесин тек жапса болду,
Ак кызматын аткарат, бузбай ойду.

А бакыт, байлык, бийлик жана мансап,
Ишке тоскоол, иритип көптү бузат.

Кекирейме тааныбайт теңирин да,
Оң жол менен түз басуу болбойт анда.

Өлгөндөн соң бай да бир, кедей да бир,
Энчиси эки кулач — кепинидир.

Кедей өлсө арылат азабынан,
Бай өлгөндө — арманы артат улам.

Бир сөз бар жакшы айтылган бул тууралуу,
Сен өзүңө пайда тап угуп аны:

«Бай адамдын өлүмү — чыккыс тузак,
Бечаранын өлүмү — жыргал сымак.

Кедей өлсө шорунан арылганы,
Бай өлүмү муунтуп өзүн кысат!»

*Эликтин Акдилмишке*
*айткан сөзү*

Кайрадан Элик сүйлөйт: «Билип алсаң,
Бул дүйнө — уюгундай жылан, чаян,

Адал тамак чанда да арбыйт уусу,
Жакшы сөз аз, эң арбын ызы-чуусу.

Акылдуугa дөөлөттүн жолу жабык,
Билимдүү да талабын таппас анык.

Наадан үчүн бул дүйнө болду бейиш;
Каалашыңча ойно, күл, жаша, жеп-ич!

Акылдууга бул дүйнө — чычырканак,
Алам десе — канатып, чукуйт, саят.

Даанышманга бул өмүр — уулуу идиш,
Ууртадыбы — бат эле кетет ал-күч.

Кечкен үйдөн, байлыктан олуя да,
Элден бөтөн сыйынган алыс жайда.

Таза эмеспис күнөөнүн тузагынан,
Кудайым сактай көрсүн азабынан!»

*Акдилмиштин эликке*
*айткан жообу*

Жооп кылып Акдилмиш айтты: «— Бул сөз,
Ак чындык, адилеттүү, акылдуу сөз.

Бул дүйнөнүн мааниси ушул тура,
Ажыдаардай түрү да, мүнөзү да.

Өстүрүп чоңойтот да ушул арам,
Чыркыратып жеп коет өзү анан!

Карап көрсөң ааламдын түзүлүшүн,
Көңүл чөгүп бир жолу кетет күчүң.

Бул жашоо бабалардан калган белек,
Уругу муундарда өсүп, өнөт.

Ошондон адам чексиз өнүп калды,
Сан жеткис адам саны, өкүмдары.

Бири акылдуу, да бири — баатыр келип,
Башкасы — кара аскадай кекирейип.

Да биринин көзү ачык, акыл, эстүү,
Да бири — дөдөй, макоо, жалкоо өзү.

Жаралган кандай мыкты пайгамбарлар,
Түз жолго салып келген элди алар!

Бири кыска, бири узак жашап көптү,
Бирин даңкы асманга көкөлөттү.

Кайсы бири таарынып, тагдырына,
Жоолашышып, жебе атат душманына.

Окуп-түшүн бул ырдын маани-сырын,
Пайдаң үчүн жакшылап үйрөнгүнүң:

«Миң жашап көптү көргөн болсоң кары,
Жүз эсе курчаса да тагдыр камы.

Баары бир ажал кетет көргө соруп,
Муңканып өлөрүңдө турсаң дагы!»

Канча мыкты, акылдуу адам заты,
Тилесе да узакка жашабады!

Билинбей бары, жогу канча жатат,
Жер алдында жок болуп жетпей санак!

Канча түрлүү жан болду ойлоп көрсөң,
Баарын жеди кара жер, тойбос экен!

Ээлери ордолордун, сарайлардын,
Жай кылышты канчасы жердин алдын!

Уктайт бекен кыймылсыз, үнсүз жаны,
Ким билет — бактылуубу, кайгыдабы?

Эми алар, колунда жок бечаралар,
Ашы жок, кийими жок илип алар!

Кайгы-муңда жалдырап жатат алсыз,
Миңдеген тилектери калды алыс.

Бул жашоону кудайым берди бизге,
Жарабас аны бекер өткөрүшкө.

Жардамын аябасын теңир дагы,
Милдетиң, о кутманым, ак жол салуу!»

* * *

Сөз улады Акдилмиш мактоо менен:
«Узак жашап, бактылуу болсоң экен!

Бул аалам калбаса экен сенсиз, жетим,
Кудай берип тукумуң өнүп-өссүн!

Кандай тилек тилесең орундалсын,
Бир кудайым өзүңө эшик ачсын!

Дагы канча көп болсо тилегиңиз,
Теңирим кабыл кылсын баарын тегиз!

Кубанычың көбөйүп, арта берсин,
Бакыт менен шаттыгың кабат келсин!

Аттиңай, сендей асыл азаматтар,
Чиришип өлгөндөн соң жерде жатар!..

Табийгаттын жолуна амал барбы,
Теңирим өз тартибин куруп салды!

Сен өңдүүлөр өлсө да жашай берет,
Жакшы иштери жоголбой өсүп, өнөт.

Өлөсүңбү, же узак жашайсыңбы,
Жакшы сөзүң артыңда жашап калды.

Досту арбытып, касыңды жогот ары,
Өлкөң өсүп, аймагы артсын дагы!»

* * *

Сөзүн бүтүп, жер өптү, өйдө турду,
Атка минип үйүнө жүзүн бурду.

Аттан түшүп, үйүнө келер замат,
Жеп, ичип — эс алууга бир аз жатат.

Эртең менен кайрадан ишке кирди,
Өзү иштеп, кеңеш-кебин айтып жүрдү.

Көңүл, тилин түз кармап, пейлин алды,
Бузулганды түзөтүп жолго салды.

Аалам гүлдөп, эл-журту алкап жатты,
Күндөр өттү бактылуу жана шарттуу!

Алар өтүп, артында аты калды,
Андан ашкан дүйнөдө урмат барбы!

Бул жандардын кылыгын, көрсөң эми,
Билбейсиң жөн адамбы, периштеби?!

Алар өткөн мурунку замандарда,
Энчиси бүгүнкү элдин эмне анда?

Эгер бизди аташып адам десе,
Анда алар чын периште жанга тете.

Аларды, алар кылган ишти билсең,
Улуу бакыт, зор мурас табасың сен!

Акылдуу — түшүнөр да, билген — билер,
Баары өлөт, дүйнө чексиз өмүр сүрөр!

Өткөрбөй өмүрүңдү бошко бекер,
Сыйынгын, кызматың жок андан өтөр!

Ушунда бар сен үчүн улуу сабак,
Өлгөн өлөт, өрнөгү сага калат.

Карачы ордо, сарай турат көктөп,
Өлгөндөр өзү менен ала кетпейт!

А канча ордолорду, шаарларды,
Мезгил соруп, ураңды орду калды!

Гүлдөп турган канча көп айыл-кыштак,
Жок болду, түбү менен өлүм жалмап!

Шаар, кыштак, ордолор калар сага,
Жакшы сабак сөз калса жетет мага!

Атактуу аскербашы, жеңгер кана?
Аскер калды, өзү өлүп жер алдында.

Элим аз деп ыйлаган ач көз кайда?
Көп эл алды, өзү өлдү, кимге пайда!

Зордукчуга бир калыс тагдыр өзү,
Эки кулач көр болду алган энчи!

Кайда өзү канын төккөн мусулмандын?
Күчү кана? Жай кылды жердин алдын!

Азыр кайда өз элин эзген адам?
Жер алдында, кара жер конуш аган!

Бүт дүйнөнү багынткан жеңгер кайда?
Дүйнө турат, а алар жер алдында!

Кайда өзү мал-мүлктөрдүн жыйган баарын?
Эки кулач бөз болду — энчиси анын!

Кайда азыр жаңы жерлер алам деген?
Алган жери көр болду — өлөр менен!

Бул дүйнөнүн мааниси ушул экен,
Ачылат бардык эшик, көңүл бөлсөң.

Анда кубанч — кайгы да, бакыт-кырсык,
Ойногону — өлүмү, жыргал — түйшүк.

Башка келген жүгүңө ыраазы бол,
А жүгүң — жаман болоор, жакшы болоор

Таалим берчү адамдын айтканын ук,
Чыдам менен жүгүңдү көтөрүп чык:

«Дөөлөт келсе кубанып топук кылгын!
Мээнет келсе сабыр кыл, бекем тургун!

Сабыр кылсаң акыры келет бакыт,
Эрктүүлөрдүн дөөлөтү толо куржун!»

Назар салчы заманга, акылманым,
Өзгөрүп, башкача го мүнөзү анын!

Акылдуулар мукурап алсыз болду,
Билимдүүлөр тыйылып, тилсиз болду.

Эл ичинде зулумдар арбын болду,
Момундардын мойнуна түйшүк конду.

Шарап ичип, саткандар адамдыкты,
Жакшы аталып, баатыр деп аты чыкты.

Бузук ишти кылгандар, делип адам,
Ичпегендин бир аты болду саран!

Намаз окуп, сыйынып жүргөн киши,
Жек көрүнүп кор болду кылган иши.

Адал аз да, арам иш күчөп кетти,
Арамдар көңүлүнө көөдөн септи.

Адалдын аты калып, өздөрү жок,
Арамдык басып кетти ченеми жок.

Арамды арамдык деп айткан барбы?
Көрдүңбү адалдыкка көчкөн жанды?

Дили ак, адилеттүү адам гана,
Тик карап ачык барчу кызматына?

Арамдыктан көңүлдөр кирдеп бүттү,
Адал деген айтчы дос, кайда кетти?

Бул тууралу айтылган жакшы сөз бар,
Көңүл буруп, ойлонуп түшүнүп ал:

«Көңүлүм кара болду арамдыктан,
Жүздөн бирин билимдин кайдан табам!

Дене боюм, напсим да моюн бербейт,
Өзүмдү тыя албаймын, напсим жаман!»

Бул ааламдын тартиби өзгөрүлдү,
Адам көөнү — тилинен тең бөлүндү.

Адамда адал эмес, арам күчтүү,
Тапчы адамды татыктуу, ишенимдүү!

Ишеним жок адамга, эки жүздүү,
Көбөйдү, кимге айтасың ишенимди.

Тууганынан тууганы алыс болду,
Арасында достордун ыр-чыр толду.

Кичүүдө адеп, улуунун — билими сеп,
Акылдуу аз, ааламда наадандар көп.

Жакындардын баары пулга сатылды,
Адал адам таппай жаным ачынды!

Аманат бар, а аны туткан барбы?
Насыйкат бар, а бирок уккан барбы?

Жакшылыкка жакшылык кылган барбы?
Жамандыкты жактырбай тыйган барбы?

Соодагерлер тутушпайт аманатын,
Кунардуулар угушпайт насыйкатын.

Билимдүүлөр айта албайт туура сөзүн,
Уяты жок аялдар жаппайт жүзүн.

Адилеттер азайды, көп алдамчы,
Кудай деген жоголуп, көп жалганчы!

Адам эми болушту кул акчага,
Күмүш болсо колуңда жорго сага.

Мурун мечит аз эле, сыйынган көп,
Азыр мечит көбөйдү, сыйынган жок.

Акылдуу адам айткан сөздү тыңша,
Көңүл коюп түшүнгүн, сабак сага:

«Адилет, чынчыл кайда?— айтчы мага,
Ак жүргөндөр көрсөтчү кайда, кана?

Жамандыктар жер жүзүн каптап кетти,
Ким таң калат мындайга? — айтчы мага!»

Мусулмандар чыр-чатак өзү менен,
Капыр үчүн — бул жыргал, сонун экен!

Мусулмандын таланды дүйнө-малы,
Бириктирер араңды кимдер калды?

Таң атканча ызы-чуу бутпарастык,
Илим, куран кайда азыр? — таппай калдык!

Тил жумшарып, көңүлдөр болду мерез,
Абийир кайда арадан таппайсың эч.

Уулу эми атасына башчы болду,
Уул — бек, а атага — кулдун орду!

Кысымда өмүр калып, кырсык артты,
Ач көздүккө жол кенен, абийир качты!

Жетим менен жесирди коргойт кимдер,
Таң калыштуу зымырайт ушул күндөр!

Жакшы айткан бир адам баарын көргөн,
Бүт түшүнүп жана да көптү билген:

«Бул дүйнө баш-аламан, тартип кетти,
Жамандан кысым көрүп, жакшы чөктү.

Билген билер, акылдуу түшүнөт го,
Бул дүйнө оңолбогон жолго өттү!»

Уул-кызда атаны урматтоо жок,
«Аксакал» деген сөзү — сөгүү окшоп.

Заң начарлап, көбөйдү тартип бузуу,
Ак, караны эч болбойт ажыратуу.

Бул болбосун жышааны кыяматтын,
Кабар келсе, алаамат болору чын.

Теңир бизди ыймандан кетирбесин,
Бузук, кырсык, балээден сактай көрсүн.

* * *

Төрт жүз жана алтымыш экинчи жыл,
Жазып бүткөм, тизмектеп ишти ушул,

Акыл-ойдун баарын сөзгө түшүрдүм,
Окурманым окуп өзүң түшүнгүн!

Канча башка болсо да жорук, жолуң,
Туура жерин пайдалан жетсе оюң,

Айтылгандар өмүр да, теңир жолу,
Адашпаган — акыры жетет колу!

Күнүмдүкпү күткөнүң, ушул тура,
Акыретпи эңсээриң — ал да мына!

Кубат берет, кудайга кулдугум де,
Үчүнчү жок,— экинин бирин тиле.

О кудай, билесиң го кандай ойдо,
Баштаганды бул ишти алып колго.

Атак-даңкты оюмда көздөбөдүм,
Жат, жакынга — жакшылык издегемин.

Окуп калса өзүмдү эстээр дегем,
Атымды атап дуба окуп коер бекен.

Жазган элем чоң тилек, үмүт менен,
Окуган жан эскерер мени дегем.

Тилим сайрап, колдорум жаза берди,
Өлүмдөн сактап болбойт колду, тилди!

Тилге, колго эстелик — ушул китеп,
Калтырдым, акылманым, бир сага деп.

Тирүүлөр! Окуганда мени унутпа,
Жер алдында мен кирип жатканымпа!

* * *

Түбөлүк, муңсуз теңир, улуксуң **сен**,
Сактай көргүн муңу көп кулуңмун мен!

Мен кулуңмун, алдыңда күнөөм көптүр,
Боорукер бол, күнөөмдү өзүң кечир!

Мен — кулуң, сен теңирсиң, кул деген кул,
Сен — эге, өкүмдарсың, эгелик кыл.

Мен — кулмун, сен пиримсиң, болсо эгер,
Кеңдик кылып, күнөөмдү кечире көр!

Жараткан кечире көр сен аларды,
Батыш, чыгыш жердеген момундарды!

Күнөкөрмүн, турмуш бүтүн күнөө,
Кечир мени, ак көңүл өзүң эле!

Жыпардуу жер абага атыр чачар,
Чириктерден таркалат сасык шамал.

Үмүтүм сен, тилекке — көмөкчүсүң,
Суранам, таштай көрбө бизди өзүң!

Күнөөлүү кулуң менмин, көп кылмышы,
Ишенгин теңиримсиң, мээрим кылчы!

Жамандан жаман чыгат зыяны бар,
Жакшынын баары жакшы, танбайт алар!

Колдой көргүн дайыма момундарды,
Күнөөм үчүн кечиргин мени дагы!

Пайгамбарга өзүмдөн салам дечи,
Акыйкатка, ак жолго болгон элчи!

Анын төрт шакиртине менден салам,
Жеткизе көр, кудайым, өзүң аган!»

I

## ӨТКӨН ЖАШТЫККА КАЙГЫРЫП КАРЫЛЫК ТУУРАСЫНДА АЙТАТ

Жигит кезим булуттай учуп өттү,
Өмүр дагы шамалдай өтүп кетти.

Жаштык кезим, ойлосом ичим жалын,
Кармай албай өзүңдү, качыргамын!

Жакын келчи жаштыгым, азга кайра,
Ардактайм алаканда, ак шайыда.

Кайдасың, асыл жаштык, кайда калдың?
Изиңди, карааныңды көрө албадым!

Жигиттикке туш келген жыргалдарды,
Кийин бербейт бул өмүр, айтты баары!

Жаштык кайрат, балалык оюндарым,
Эми таппайм барында баалабадым!

Пайдасы эмне, баркы жок карылыктын?
Жаш күндөрдү талаага жоготупмун!

Жигиттик кез, ойлонсом ичим күйөт,
Алып кеттиң көркүмдү, таппайм издеп!

Убагында кан тамган нурлуу жүзүм,
Эми минтип саргайып турган кезим.

Кундуздай кара чачты кыроо басты,
Толгон айдай курагым кайда качты?

Жаздай элем жаңы ачкан түркүн гүлдүү,
Гүл күбүлүп, күзгү жел чачып ийди!

Кайың сымал шыңга элем, жебедей түз,
Ийилип жаа болдум, кетти ал-күч.

Өмүрүмдү өткөрдүм оюн менен,
Кайгырып, кандуу жашым эми төгөм.

Балалык жок жигиттик учуп өттү,
Бошко кетип өмүрүм көңүл чөктү.

Жеп, ичтим эч ойлонбой, мал сыяктуу,
Чаңыттым напсим үчүн салып уу-чуу.

Тапка келген шумкардай атылганмын,
Алгыр куштай жулкунчу аргымагым.

Дос-курдашка ар дайым сүйкүм жанмын,
Душманымды түшүндө чочутканмын.

Азыр мен баарын сөгүп, тилдеп турам,
Күнөөсүздү күнөөлөп, байкуш кылам!

Кас душман жеңгенсип манчыркадым,
Кара аскадай калдайып бой салбадым.

Эми мына ойгонгон ичкич жандай,
Турамын өз күнөөмдү көтөрө албай.

Кудай калып, эл үчүн кызмат кылдым,
Күнүмдүктүн артынан кууптурмун.

Тилек, кыял артынан кууп келдим,
Кутурган бөрү сымал улуй бердим.

Эл туткундап, дүйнөсүн зордоп алдым,
Кыйнадым, уруп-согуп, таарынткамын!

Сураса бул күнөөмдү эмне деймин?
Жооп барбы? Шылкыйып туруп бердим!

Менден ашкан дүйнөдө наадан барбы?
Жаш өмүрүм оюнда, жайсыз калды!

Бакыт таппайм, а азап өтсө экен тез,
Кайгыга үч бүктөлүп кыйналган кез.

Болсом дагы Хосров, Кайсар, Шаддад,
Шаддад сымак бейиштей өстүрсөм бак[1].

Же дүйнөнү багынтсам Искендердей,
Же жашасам Ной сымал өлүм билбей[2].

Болсо дагы Хайдардай нар кескеним,
Үрүстөмдөй атагым болсо менин[3].

Иса сымал чыксам да учуп көккө,
Нуширвандай адил заң курсам көккө[4].

Болсом да Карынбайдай чириген бай,
Курсам да темир шаар — көркөмдүү жай.

Пайдасы эмне? Бардыгы жок болот да,
Алар энчим эки кез кепин тура!

Жылаңач төрөлгөмүн, кетем кайра,
Ошол бойдон, даңкыңдан эмне пайда!

Өткөн өмүр, өттү го бороон болуп,
Басынттым өзүмдү ага берип толук.

Кайда мүнөз жашоого кошо келген?
Кандай жерге үрөндү эктим экен?

Эмне эксем — ошону оруп алам,
Эмнени орсом — ошого канаат кылам!

Жаштык өттү, карганча жашадым мен,
Айткан сөзгө мен өзүм жооп берем.

Жатпагын, тобо кылгын теңириңе,
Күн-түнү күнөөмдү кеч деп тиле!

Жылан курттар, денемди тойлоор бүтүн,
Жаралды экем мен неге ушун үчүн?

Эй уйкучу, ойгонгун, ыйла боздоп;
Кудай де, энчиң ансыз болот тозок!

---

[1] Хосров — Хосров Парвия (590—628-жылдар) Сасаниддерден чыккан Ирандын шахы, Кайсар-Румдун падышасынын жалпылашкан образы, шаддад — бейиш багы.

[2] Искендер — Александр Македонский, Ной — курандагы өлбөс адам, кээде Нух дейт.

[3] Хайдар-Али — пайгамбардын наамы, Үрүстөм — Фирдоусинин «Шах — Намесиндеги» баатыр.

[4] Нуширван — Ирандын шахы.

Жаштык кетип, карылык кучактады,
Жыргал өттү, түз жолдун калды камы.

Канча жанды шум ажал салды торго,
Ким элем мени аяп жөн коерго!

О, жараткан, көзүмдү ачсаң экен,
Күнөөлөп сыртка түртпө тазамын мен!

Өзүңсүң чын боорукер, кечиримдүү,
Күнөөмдү кеч, мен акман! ишенимдүү!

31—2190

## II

## МЕЗГИЛДИН КАТААЛДЫГЫ ЖАНА ДОСТОРДУН МЕРЕЗДИГИ ТУУРАСЫНДА АЙТЫЛАТ

6565 Төгөрөктүн төрт бурчун кезип, жөнөп,
Ишенимдүү, жан барбы тапкым келет.

Адамдык азайды го, жолу кайда?
Тапсам эле — бир карап тартам кайра!

Баарын таптым, таппадым чыныгы адам,
Аппак жүзүн бир карайм эгер тапсам!

Бул дүйнө эки жүздүү, ишеним — аз,
Кимде калды адамдык айтчы, бир аз?

Эгер тапсам адамды ишенимдүү,
Көзүмдү албай көтөрүп жүрөйүнчү!

6570 Жакшы адамды көрбөсө менин көзүм,
Кийик болуп жашайын тоодо өзүм.

Тамагым чөп, суусунум жамгыр болсун,
Кум дөбөдө жатайын куур тончон.

Дубанадай жер кесип жолобоюн,
Элден безип, жашоодон жоголоюн.

А болбосо — жашоону унутайын,
Бороон болуп, же суудай агылайын!

О, теңир бузуктукка болдум туткун,
Жаным тартуу, жакшы дос бери чыккын!

6575 «Адам» — деген жаңырык, орду толбойт,
Кайда кетти? Изин да таап болбойт!

Ишенимдүү адам жок, таппай келем,
Мерез жанга көңүлдү кантип берем.

Жакын кылып кимдерди көздөй тутсам,
Душман чыкты бардыгы, эмне кылам?!

Кимди сүйүп, жанымдай көргөндөрүм,
Азап кылды өзүмө, эмне дейин!

Адам артык жакшына сөзү менен,
Ою арамды, аланы, кантип сүйөм!

Эми кимди өзүмө эш кылайын,
Кимге ишенип, кимдерди дос кылайын?

Кимге ишенип, муңумду айтам кимге?
Кайгыга чөмүлтөрмүн, баарын мүлдө!

Көңүл калды туугандан толбой орду,
Бир бооруң жат, кастан да жаман болду.

Айтышат, антка ишен, шертке ишен,
Шерт сөзүнө эми ким көнөр экен!

Тузду, даамды актаган барбы адам?
Алтын, күмүш, каухарга бөлөп салам!

Кырсыгыңды бөлүшөр кошуна ким?
Баарын берип үйүмдөн мен кетейин!

Ишенер жан-дүйнөмдү достор кайда?
Бек кылып кул болоюн мен аларга.

Дос таппадым, жалгызмын азыр дагы,
Оюм оор, кубанам тапсам аны.

Эл бузулду, унутуп үрп-адатын,
Кандай күнгө туш болдум, айтчы бачым?

Жинди болуп, акылдан адаштымбы?
Түшүнсөм дейм, мен өзүм айтканымды!

Кумар кыстап, мээ байкуш айныдыбы?
Же элеспи, бир көргөн түшпү ушу?

Же мени калды бекен кырсык басып,
Же тетири иш кылдым бекер шашып?

Кайда адамдар алкоого татый турган?
Туу көтөрүп мактоого жаным курман!

Алар түзсө адептүү тартип-заңды,
Иш оңолуп, кубанчым артмак дагы!

Болбосо жаңы заң бер, элиң тутсун,
Жакшылар төргө өтүп, жаман чыксын!

Жакшы адат, жакшы заң — унут калды,
Эл бузулду, жакшы жан деги барбы!

Өткөн жандар атактуу салтты билген,
Билбептирмин, чыныгы периште экен!

Алар өттү, мен калдым булар менен,
Кандай кылсам, не ишке жарар экем?

Канчалык сүйлөсөң да сөз үзүлбөйт,
Жетишет ушул эле, токтосун кеп!

Мындан башка үлүштү табалбадым,
Элден, журттан, шаардан алыстайын!

Атымды укпай, өзүмдү көрүшпөсүн,
Сөзүм бүттү, мени издеп, күтүшпөсүн!

Чаян чагат, ит тиштеп, чиркей сорот,
Кайсынысын токтотуп, уруп болот!

Туш келип наадандарга ыйлап турам,
Күн-түнү жүгүм тартып түйшүк кылам.

Азап менен кырсыктар алыс кетип,
Осолдуктар жоголсун четтеп өтүп!

Жараткан пайгамбарды көрсөтө көр,
Төрт шакиртин көрүүгө көмөгүң бер!

## III

## БУЛ КИТЕПТИ ЖАРАТУУЧУ ЖУСУП, УЛУУ ХАЖИБ ӨЗҮНӨ НАСААТ АЙТАТ

Билим алсаң урмат-сый алып келет,
Билим сага — акыл-ой, кубат берет!

Билимсиз жүрөк, тилдин пайдасы жок,
Билим өнөр, өмүргө суудай керек.

Канча билсең — ошончо үйрөн, оку,
Билимдүү тилегине дайым жетет.

Билимине мактанган билимсиздир,
Билгеним аз дегендер — көпкө кетет!

Билим деңиз түбү да, чеги да жок,
Канча сузсаң азайбайт, толо берет!

Билимдүүлөр ой термеп көңүлү суз,
Билимсиздер каткырып күлүп жүрөт.

Билим ал, киши болгун багып сезим,
Болбосо мал атанган наадан делет!

Билимдүү түйшүктөнүп ойлоп жүрөт,
Билимсиз — ой жүгүртпөй ойноп-күлөт.

Акылдуу ой терметип турган жерде,
Акылсыз аркар сымал оттоп кетет.

Акылдуу ойго батып, ишин бүтөт,
Акылсыз — жара бузуп, аттап өтөт!

Акылман кишендесиң, айла керек,
Акылсызды тузактап, бошон демек!

* * *

Билим үчүн кол создум тынбай өзүм,
Сөздү сөзгө кынадым кошуп сезим.

Кийик эле түрк сөзү тоодо жүргөн,
Үйрөттүм, үйүр кылдым анын өзүн.

Сылап-сыйпай бакканда жоошуп калды,
Бирок али унутпайт азоо кезин.

Чарчабастан жыйнадым сөздүн кутун,
Аңкытты анан сөздөр жыпар жытын.

Сөздү айттым адилет, кээде катуу,
Акылдуулар баалашат сөздүн чынын.

Окурмандар өзүмө таарынбасын,
Ашык кетсе сураймын мен кечирим.

Сөз чынынан бузулбайт, баалай жүргүн,
Калп-чынды, ак-караны айра билгин!

* * *

Төрт жүз жана алтымыш экинчи эле,
Бүткөн жылым, тизмектеп сөздү эми.

Он сегиз ай ичинде жазып бүттүм,
Терип сөздүн асылын келсе жөнү!

Сөзүм бүттү, жасадым гүлзар жайды,
Жыпар жытын ааламга чачсын деги!

Ким сөздү түгөтүптүр айткан менен,
Сөз булагы соолубас күнү-түнү!

О, Жусуп, жалаң чындык сөздү сүйлө,
Калпыс сөздү катып сал, бузат сени!

Көп сүйлөдүң, көп сөздө маани болбойт,
Ашык сөздөн бат калат адам көөнү!

Опосу жок бул дүйнө, азгырылба,
Алыс болгун, акылдуу айткан кеби!

Күнүмдүктүн көйүнө батып калдың,
Үзүп таштап, тазарткын пейилиңди!

Бул дүйнөгө ишенбе, берилбегин,
Тобо кыл, кудайга бер көңүлүңдү!

* * *

Жалган дүйнө кайгыртты канча жанды,
Ак жолунан канчаны адаштырды.

Эми сага жылмаңдап жабыштыбы?
Алданбай азгырыкка, куугун аны!

Канча бек менменсиген мыктыларды,
Жалдыратып кайгыртып өлүм алды!

Кайран жаштык! Майнапсыз өтүп кетти,
Өмүр бүтүп, өлөрүм жакын калды.

Миң жыл жаша, акыры ажал алат,
Ала кеткен байлыгын адам барбы?

О, кудай бир өзүңө кулдук урам,
Көзүмдү ачып, күнөөдөн куткар жанды!

Мен кулуңмун уятсыз, күнөөсү көп,
Бир өзүңдөн жакшылык күтөм дагы!

Күнөө кылдым, өзүңдөн алыстадым,
Кечире көр, байкуш жан далбастады.

Эмнеге ишенди экен алсыз жаным?
Таянчың не? Билдирчи назарыңды?

Жолуң түзөп, туурала жоругуңду,
Эки дүйнө аласың төрдөн сыйды.

Бул дүйнө ишенимсиз, кубанчы аз,
Аны таштап ак жолдон изде чынды.

Тил, напсини тый дагы, уктабачы,
Укпай, көрбөй дүйнөдөн алыстачы!

Кудайым момундарды жалгай көргүн,
Мээримиңде бир сенин жашоо наркы.

Пайгамбарым миң алкыш дайым алсын,
Андан соң урматталсын төрт шакирти!

## МАЗМУНУ

Кут билгиси билик . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3
Квиетизмден[1] — гуманизмге . . . . . . . . . . . . . . . . 13

I

Жараткан кудайдын урматына, анын улуулугу да, даңкы да арта берсин! . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 47

2

Пайгамбардын жакшы сапаттары тууралында, анын ырайымы арта берсин! . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 50

3

Пайгамбардын төрт шакиртинин сапаттары тууралында, кудайым аларга ырайымын түшүрсүн! . . . . . . . . . . . 51

4

Арстан хандын небереси Али-Хасандын уулу, акыйкат менен диндин таянычы, улуу жеңгер, ашкан айкөл, ардактуу улуу өкүмдар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 53

5

Асман курунун он эки белгиси менен жети планетасы тууралында . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 57

6

Адам баласынын эң жакшы сапаттары — билими менен акылында экендиги баяндалат . . . . . . . . . . . . . . . . 58

7

Тилдин асыл сапаттары жана пайда-зыяны тууралында баяндалат . 59

8

Китеп ээси кечирим сурайт . . . . . . . . . . . . . . . 61

9

Жакшы иштердин сонун сапаттары жана пайдасы тууралында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 64

10

Окуу менен билимдин пайдасы жана өзгөчөлүктөрү баяндалат . . . 67

11

Бул китептин атынын берилиши жана карылык тууурасында баяндалат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 72

12

Баяндын башкы каарманы, жеткен адилет Күнтууду Элик тууурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . 76

13

Айтолдунун Күнтуудуга кызматка өткөндүгү тууурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 80

14

Айтолдунун Күнтууду Эликтин алдына келиши тууурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 87

15

Айтолдунун өзү Дөөлөт экендиги тууурасында айтылат . . . . . . 90

16

Айтолду Эликке Дөөлөттүн сапаттары тууурасында айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 92

17

Күнтууду Элик Айтолдуга адилеттин сапаттары тууурасында айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 100

18

Күнтууду Элик Айтолдуга адилеттин сапатынын мааниси тууурасында айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 102

19

Айтолду Эликке тилдин жакшы сапаттары жана сөздүн пайдасы тууурасында айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 113

20

Куттун кубулмалыгы менен дөөлөттүн туруксуздугу тууурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 119

21

Айтолду уулу Акдилмишке акыл-насаатын айтат . . . . . . . 127

22

Айтолду улуу Акдилмишке айткан насааттары тууурасында баяндалат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 134

23

Айтолдунун Күнтууду Эликке жазып калтырган керээзи туурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . 138

24

Күнтууду Элик Акдилмишти өзүнө чакыртканы тууралуу айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 151

25

Акдилмиштин Эликке киргендеги туурасында айтылат . . . . . 153

26

Акдилмиштин Күнтууду Эликке кызматка киргендиги туурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 154

27

Акдилмиш Эликке акылдын маанисин айтат . . . . . . . . . 170

28

Бектикке ылайыктуу Бектин кандай болушу керектиги туурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 176

29

Акдилмиш Эликке Увазирликке жарактуу адамдын кандай болушу керектигин айтат . . . . . . . . . . . . . . . . 192

30

Акдилмиш Эликке аскербашы кандай болушу керектигин айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 197

31

Акдилмиш Эликке улуу хажибдик кызматка кимдер татыктуу экендигин айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 207

32

Акдилмиш Эликке кандай киши ордо башы боло ала тургандыгын айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 213

33

Акдилмиш Эликке элчиликке барчу адам кандай болорлугун айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 217

34

Акдилмиш Эликке катчы кандай болушу керектигин айтат . . . . 223

35

Акдилмиш Эликке казанчы милдетин аткарчу адам кандай болушу керектигин айтат . . . . . . . . . . . . . . . . 228

36

Акдилмиш Эликке башкы ашпозчу кандай адам болушу керектигин айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 233

37

Акдилмиш Эликке суусун башы адам кандай болушу керектигин айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 236

38

Акдилмиш Эликке бектер кызматчыларына кандай болушу керектигин айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 241

39

Күнтууду Элик Өткүрмүшкө кат жазып, аны кантип жөнөткөнү туурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . 256

40

Акдилмиштин Өткүрмүшкө аттанганы туурасында айтылат . . . . 263

41

Өткүрмүш менен Акдилмиштин маеги туурасында баяндалат . . . 265

42

Өткүрмүш Акдилмишке бул дүйнөнүн көйүн айтат . . . . . . 279

43

Акдилмиш Өткүрмүшкө — бүгүн кызмат өтөө менен, эртеңге ээ болуу жолун айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . 287

44

Өткүрмүш жооп жазып жөнөткүндүгү туурасында айтылат . . . 291

45

Күнтууду Элик Өткүрмүшкө экинчи катты жөнөткөндүгү туурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 303

46

Акдилмиш менен Өткүрмүштүн экинчи маеги туурасында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 309

47

Акдилмиш Өткүрмүшкө бектерге кызмат кылуунун жол-жобосун айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 313

48

Акдилмиш ордо кызматчыларына кандай мамиле кылуу керектигин айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 322

49

Акдилмиш Өткүрмүшкө караламан элге кылчу мамилени айтат . . . 332

50

Теги мыкта адамдарга кандай мамиле кылуу керектегин айтат . . . 333

51

Даанышман, илимдүү адамдарга кандай мамиле керектегин айтат. . 333

52

Дарыгерлерге кандай мамиле керектигин айтат . . . . . . . . . 334

53

Эмчилерге кандай мамиле керектигин айтат . . . . . . . . . . 335

54

Түш жоруучуларга кандай мамиле керектигин айтат . . . . . . 355

55

Жылдыз саноочуларга кандай мамиле керектигин айтат . . . . . 336

56

Акындарга кандай мамиле керектигин айтат . . . . . . . . . . 337

57

Дыйкандарга кандай мамиле керектигин айтат . . . . . . . . . 338

58

Соодагерлерге кандай мамиле керектигин айтат . . . . . . . . 339

59

Малчыларга кандай мамиле керектигин айтат . . . . . . . . . 340

60

Усталарга кандай мамиле керектигин айтат . . . . . . . . . . 341

61

Кедей — кембагалдарга кандай мамиле керектигин айтат . . . . . 342

62

Өзүнө аялды кантип тандоо керектиги туурасында айтылат . . . . 343

63

Уул менен кыздарды кандай тарбиялоо керектиги айтылат . . . . 345

64

Кол астындагыларды кандайча татыктуу кармоо керектигин айтат . . 346

65

Акдилмиш Өткүрмүшкө конокко баруунун жол-жобосун айтат . . . 350

66

Акдилмиш Өткүрмүшкө конокко чакыруунун жол-жобосун айтат . . 355

67

Өткүрмүш Акдилмишке бул дүйнөнүн көйүн унутуп, болгонго каниет кылууну айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . 357

68

Күнтууду Элик Өткүрмүштү үчүнчү жолу чакыртканы тууралуу айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 374

69

Өткүрмүштүн Акдилмишке келиши тууралуу айтылат . . . . . 380

70

Күнтууду Эликтин Өткүрмүш менен жолукканы тууралуу айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 381

71

Өткүрмүштүн Күнтууду Эликке акыл-кеңеши тууралуу айтылат . 387

72

Акдилмиш Эликке эл башкаруунун жол-жобосун айтат . . . . . 408

73

Акдилмиштин өткөн өмүргө кейип, тобо кылышы тууралуу айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 419

74

Өткүрмүштүн Акдилмишке берген кеңеши тууралуу айтылат . . 425

75

Адилетке — адилеттик, адамкерчиликке — адамкерчилик кылуу тууралуу айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . 427

76

Өткүрмүш ооруп калып Акдилмишти чакыртканы тууралуу айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 440

77

Акдилмиш Өткүрмүшкө түш жоруу тууралуу айтат . . . . . 443

78

Өткүрмүш Акдилмишке кандай түш көргөнүн айтып берет . . . . 445

79

Акдилмиш Өткүрмүштүн түшүн кандайча жоруу керектигин айтат . . 446

80

Өткүрмүш ошол эле түштүн башкача жорулушун айтат . . . . 447

81

Өткүрмүш Акдилмишке калтырган керээзи тууралуу айтылат . . 449

82

Өткүрмүштүн шакирти Акдилмишке Өткүрмүштүн өлүмүн угузат . . 462

83

Өткүрмүштүн шакирти Акдилмишке кантип көңүл айтканы тууралында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 462

84

Акдилмиш Өткүрмүштүн өлүмүнө кайгырышы тууралында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 463

85

Эликтин Акдилмишке көңүл айтканы тууралында айтылат . . . . 463

I

Өткөн жаштыкка кайгырып, карылык тууралында айтылат . . . . 478

II

Мезгилдин катаалдыгы жана достордун мерездиги тууралында айтылат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 482

III

Бул китепти жаратуучу Жусуп, Улуу Хажиб өзүнө насаат айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 484

Көркөм адабий басылыш

Баласагын Жусуп
КУТТУУ БИЛИМ
(Дастан)

2-басылышы

Байыркы түрк тилинен которгон *Козубеков Төлөгөн*

Редактору *Б. Акишев*
Сүрөтчүсү *А. Акматов*
Сүрөт редактору *А. И. Ерошенко*
Техн. редактору *Ж. А. Искакова*
Корректорлору *Ш. Саадатова, Ж. Байсеркеева*

Теруүгө 20.08.91 берилди. Басууга 6.10.92 кол коюлду. Офсеттик кагаз. Жөнөкөй жаңы ариби, түстүү ыкма менен басылды. Форматы 60×90 1/16. 31,0 физ. басма табак, 31,0 шарттуу басма табак, 24,7 учёттук табак. Тиражы 10 000. Заказ № 2190. Келишим баада.

«НИК» фирмасы. Москва ш., Бирюзов көч., үй 8.

Кыргыз Республикасынын басма сөз жана маалымат министрлиги.
Кыргыз Республикасынын 50 жылдыгы атындагы
Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Бишкек, 5, Т. Суванбердиев көчөсү, 102.